К61РГ
У-48

С. УЛУГ-ЗОДА

# ГҮЛДӨГӨН ЖЕР

С. УЛУГ-ЗОДА

# ОБНОВЛЕННАЯ ЗЕМЛЯ



РОМАН

КИРГИЗСКОЕ ГОСУДАРСТВЕННОЕ ИЗДАТЕЛЬСТВО
*Фрунзе* ☆ *1954*

С. УЛУГ-ЗОДА

# ГҮЛДӨГӨН ЖЕР



РОМАН

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ
*Фрунзе* ☆ *1954*

кырг
Ч-48

397312

Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Киргизской ССР

## *Биринчи глава*

«Ситораи Сурх» колхозунун председатели Хажиумар карыя, Сталинабаддан келүүчү автобусту чыдамдуулук менен күтүп, райондун борборундагы чайханада отурат. Анын улуу кызы Шодигүл ошол автобус менен келүүгө тийиш эле.

Чынын айтканда, Хажиумар мында ошол гана иш боюнча келген эмес. Зарыл иши болбогондо, ал колхоздун жүк ташуучу машинасын жыйырма километр жерге бекер айдап келбеген болоор эле. Мамлекетке өткөргөн пахта үчүн тиешелүү болгон акыркы тонна буудайды так ошол күнү райондук «Заготзернодон» алуу керек болучу. Райондун борборуна барууга тийиш болгондон кийин, кызын тосуп алса эмне болмок эле?

Сталинабаддан келүүчү автобус эмне үчүндүр күндөгүсүнөн кечикти, кыязы күзгү жаан-чачын себеп болуп жаткан көрүнөт. Жаанга суу болбос үчүн, Хажиумар чайханага кирүүгө аргасыз болду.

Базарга жакын жердеги, автобус токтоочу аянтта эл быкылдап турар эле. Мына ошол аянттагы чайханада ар дайым адам көп боло турган, ал эми бүгүнкү жаан-чачындуу күндө андан бетер көп. Чарпаяда мандаш уруп, тажиктер менен өзбектер топ-топ болуп отурушат. Алар чай ичишип, тамак жешип, шашпай гана аңгемелешет. Алардын баары дээрлик бири-бирин жакшы таанышат. Чыгыш элдери сыяктуу чарпаяда мандаш уруп отурууну билбегендер, ресторандагыдай болуп, столдордо отурушту.

Эпилдеген чыйрак самоварчы, ак тасмалын мойнунан түшүрбөй, отургандарга чай ташып жүрөт.

Бөлмөнүн ичи ысып, самовардан чыккан көмүрдүн иси жыттанып турат. Адамдардын кажы-кужусу менен кошо, радио аркылуу «Тахир жана Зухра» операсынан ария аткарылып жатты. Тарамыштуу колдорун тизесине коюп, Хажиумар терезенин түбүндөгү чарпаяда жалгыз отурат. Жазы маңдай сары жүзү, маңдайындагы бырыштары, буурул тарткан сакалы, аны байыркы адабияттагы чыгыш акылмандарына окшош кылып көрсөтөт.

Чыдамы кеткен Хажиумар кайра-кайра терезенин түбүнө келип, тердеген терезени ала чапанынын жеңи менен жакшылап сүртөт да, көчө жактан көзүн албай, кандайдыр бир кызык нерсени көрүүгө ишенген эмедей тигиле карайт. Бирок көчөдөн эч нерсе көрүнбөйт. Күн жаап турат. Туман баскан түптүз таш жолдун учу-кыйры көрүнбөйт. Күндүн бүркөгүнөнбү, адамдын аягы үзүлбөгөн жолдо кыбыр эткен жан жок. Анда-санда гана жаандын суусун жара кечкен автомобилдер, же үстү бризент менен жабылган жүк ташуучу машиналар, же арабалар өтүп жатты. Сол жакта базардын катар-катар тизилген майда дүкөндөрү турат. Сатуучулар да, сатып алуучулар да көрүнбөйт—бүгүн базар күнү эмес,—бир нече ит гана базардын таштандыларын шимшилеп, аянтта жүрөт. Таш жолдун оң жак четинде үч терезелүү, эшигинин алдында айбанчасы бар, түз бурчтуу автобус станциясынын кичинекей гана кызыл имараты турат. Станциянын арт жагынан жалбырактары небак түшкөн, карганын уясы менен толгон кара жыгачтар көрүнөт. Анын ары жагында нан заводунун трубалары көкөлөйт.

Кимдир-бирөөнүн алаканы анын ийнин басып калды. Хажиумар жалт карап, өзүнүн эски курбусу Юнусбайды, «Навобод» деген коңшу колхоздун председателин көрдү. Ал мойну жоон, сакалы чала алынган, аттын жалындай кылчык муруттуу, улгайып калган киши болучу.

— Саламатпы, Хажиумар! Сен да мындасыңбы? Менин билишимче, сен ары-бери жүргөндү жакшы көрчү эмес элең го.

— Иш болуп калды, анын үстүнө Сталинабаддан Шодигүл келмек эле, ошону күтүп отурам. А сен эмне, тойго баруучудай жасанып алгансың?— деп сурады Хажиумар, Юнусбай чепкенин чечкен кезде.



Шаардыктардыкындай бешмант кийген, бийик такалуу өтүгүн жалтырата тазалаган Юнусбай, чынында да тойго баруучу кишидей жасанган эле.

— Менин да ишим болуп калды. Сталинабадга бара жатам,—деп отургандардын баары уксун дегендей катуу жооп берди да, Юнусбай Хажиумардын жанына отура кетти.— Ошентип Шодигүл Сталинабадга кеткен дечи? Ким менен кеткенин суроого болобу?

— Өзү эле,—деген жоопту берди Хажиумар.

Юнусбай айланасындагыларга карап алып, акырын сөзүн улантты:

— Шаарга жалгыз өзүн жибергениң кандай?

— Сен билсең керек, баягы Зулфия деген карындашым ооруп калыптыр. Өзүм болсо бара албадым, а менин Шарафатым автобуска түшкөндөн алиге чейин коркот, ошентип Шодигүлдү жиберүүгө туура келди.

Юнусбай Хажиумарга ыктай отуруп, шыбырап мындай деди:

— Кечиресиң, бирок мен антпес элем.

Хажиумар таң калгандай башын жогору көтөрдү да:

— Эмне үчүн? Шодигүл чоңоюп калды. Качанга чейин үйдө отурмак эле?

— Шаарда кимдер менен таанышып алаарын сен кайдан билесиң? Чоңоюп калган кызды жалгыз коё берүү болбогон иш. Кеп болуп, ушакка калат.

Күңүрт гудок алардын сөзүн бөлдү.

Баткак болгон кызыл автобус станцияга келгени терезеден даана көрүнүп турду.

Чайханада отургандардын көбү тышка чыгышты. Алардын артынан Хажиумар менен Юнусбай да чыкты.

Кара жыгачтардын башында отурган каргалар автобустан чочуп, асманга учуп чыгышты да, конууга жер издегенсип, аянттын үстүнөн какылдап учуп, айласы кеткенден кийин кайра аркайган жалбыраксыз бакка конушту.

Автобустан түшкөндөр кобурашып, колдору менен жаңдашып, чемодандарын, түйүнчөктөрүн, корзиналарын көтөрүшүп, аянт аркылуу келе жатышты. Топу кийип, анын үстүнөн гүлдүү жоолук салынган жаш кыз арт жактагылардын арасында келе жатат.

Анын катарында, колуна анчалык чоң эмес чемодандарды көтөргөн, кара пальто, ак тумак кийген узун бойлуу

жаш жигит келетат. Сакалын таптаза алдырган бети, татынакай кылып койдурган кичинекей кара муруту, анын өзүнө өзү ишенген адам экендигин көрсөткөнсүйт, колундагы чемодандарды жеңил кармашы, алардын анчалык оор эмес экендигин далилдегендей.

Кыз жанындагы жигитти таштап, Хажиумардын жанына келип, жаш баладай атасынын көкүрөгүнө башын коюп ыгырылды. Айланасына карап алып, уяла түштү да, боюн түзөп, басып келген Юнусбайга ийилип салам берди.

— А тиги сени менен бирге келген ким?—деп сурады Юнусбай үнүн чыгарып, көзүн шилтеп, анчалык алыс эмес жерде колуна чемодан кармап, жылмайып турган жигитти көрсөтүп.

Кыз дагы да уяла түштү. Анын бышкан алчадай кара көздөрүн кирпиктери басып калгандай болду. Шодигүлдү сулуу деп айтууга болбойт, бирок анын ажардуу жүзү, айрыкча көзү адамды өзүнө тарткандыктан, көргөн адам жылмая карабай коё албайт.

— А мен силерди тааныш экен дегенимчи!—деп атасына кайрылып, Юнусбайдын суроосуна жооп берди.— Бул жолдош Нурали Баратов, «Коммунизм» колхозунан.

— Мен сиздин атаңызды жакшы тааныйм, бирок сизди, кечириңиз, таанабайт экемин,—деди Хажиумар Нуралиге колун берип.

Чемодандарын жерге коюп, эки колун тен сунуп, ийменгендей чалдын туурулган колдорун катуу кысты.

— Жолдош Нурали фронтто болгон. Андан кийин парторгдардын курсунда окуптур,—деп Шодигүл Нурали үчүн жооп бере салды.

— Сен анын баарын кайдан билип жүрөсүң!—деп Юнусбай шек алгандай кызга карап, жигитке кабагын салды.

— Биз бирге келбедикпи,—деди Шодигүл таң калгансып.

Юнусбай Хажиумарга алая карап: «Көрдүңбү, мен сага айтпадым беле. Жалгыз коё берүүнүн кереги жок болучу!» дегенсиди.

Шодигүл эч нерсеге түшүнбөгөн киши болгону менен, тиги жаш жигит, беркилер аны жактырбай тургандыгын байкай койду.



— Биз мында эмне үчүн суу болуп турабыз, жүргүлө чайханага кирели,—деди да, Нуралиге бурулуп, кызынын чемоданын алгысы келди.

— Мен алып барам, Хажи ата, бара бериңиз,—деди Нурали чемоданды бербей.

Нурали менен Юнусбайдын алдына түшүп, Хажиумар кызы менен бирге чайхананы көздөй басты.

— Сен эмне үчүн жэжең жөнүндө мага айтып бербейсиң? Ден соолугу кандай экен? —деп сурады Хажиумар.

— О, атаке, эжем абдан жакшы болуп калыптыр. Берген белегиңе чоң ракмат айтты, баарына салам айтып кой деди.

Бул учурда Юнусбай Нуралинин колунан Шодигүлдүн чемоданын ала койду да, аны ийнине көтөрүп жатып:

— Ракмат. Эми убара болбой эле кой,—деди.

Анын бул кылыгын: «Уйгактай илээшпе, эми сенин керегиң жок!»—деп түшүнүүгө болот эле.

«Бул эмне мага тийишет?»—деп ойлоду Нурали, тигинин жактырбай турганын байкап.

Чайханага киргенден кийин Юнусбай менен Хажиумар мурдагысындай эле айрым чарпаяга отурушту. Шодигүл атасынын жанына отурду. Самоварчы аларга чай, нан жана таттуу нерселерди алып келди. Нурали чай ичип отурган өзүнүн айылдашынын жанына келип отурду. Кызыл топу кийген шайыр жигит жергиликтүү газетаны окуп отурат.

— Сталинабадда кандай? Аба ырайы ушундай эле жаманбы?—деп сурады ал Нурали менен амандашып жатып.

— Биз бери чыкканда күн чайттай ачык болучу, жарым жолго келгенде күн бүркөлүп, ачуусу жаман адамдан бетер кабагын бүркөй баштады,—деди Нурали Юнусбайга тигиле карап.

Анын кыйытып айткан сөзүнө түшүнө коюп, Юнусбай кабагын чытыды. Ал өч алмакчы болду. Бир аздан кийин ал Нуралиге кайрылып:

— Сиз «Коммунизм» колхозунда иштечү элеңиз го?—деп сурады.

— Ооба,— деп жооп берди Нурали.

— Дагы эле звеновойсузбу?

— Ооба, анын эмнесин сурап калдыңыз?

— Анча деле узап кете албапсыз го,—деп бырс этип күлүп койду Юнусбай.—Жүүнүңүз бош болсо керек... Сиз менен бирге фронтто болгон жолдошторуңуз, небак эле начальник, председатель болуп кетишти.

— Ар түрдүү председателдер болот эмеспи. Алардын ичинде небак эле звеновойлукка өткөрө тургандары да бар! —деп кесе сүйлөдү Нурали.

Юнусбайдын мойнунан бери кызарып кетти.

— Сизди бүгүнкү газетага абдан катырыптыр го Юнус-аке?—деп берки жигит колундагы газетаны сунуп, сөзгө аралаша кетти. Кыязы айылдашына тил тийгизгендикке ачуусу келди көрүнөт.

— Билем... Окугамын!—деп Юнусбай колун шилтеди.

— Мында сиз, пахтага караганда жашылчага көп көңүл бургандыгыңыз айтылыптыр,—деп сөзүн улантты жаш жигит, тартынбастан.

— Баарын тең элден жакшы билем деген, газетанын кээ бир акылман сөрөйлөрү бар! Адамга жашылчанын кереги жок бекен?

— Керек! Бирок биздин жерде эң алды менен пахта өстүрүүгө тийишпиз.

— Билдим, сиз да ошол акылман сөрөйлөрдөн болсоңуз керек. Жаш кезимде сизге окшогон акыл айтуучу кишим болгондо, мен карыган кезимде абдан акыл-эстүү болуп калмак экемин.

— Азыр деле кеч эмес!—деп Нурали сөзгө аралаша кетти.

Өзүнүн айткан сөздөрү орунсуз шылдыңга айланып бара жатканын байкаган Юнусбай, тултуюп ордунан туруп, коштошо баштады.

— Кайда барасың? Автобус дагы бир сааттан кийин жөнөйтко!—деп аны токтотууга аракет кылды Хажиумар.

Юнусбай желеткесинин чөнтөгүнөн узун чынжырлуу чоң саатын сууруп чыгып, циферблатына жакшылап карабастан эле, анын күмүш капкагын тарс эттире жаап, кайра салды.

— Жок, убакыт болуп калды. Магазинге кирип, жолго аны-муну алуум керек,—деди ал, саатын кайра чөнтөгүнө салып жатып.

Эшикти тарс жаап, Юнусбай чыгып кетти.

Хажиумар бир аз унчукпай тургандан кийин, жаштарга кайрылып:



Силер аны таарынтып койдуңар көрүнөт.— Юнус— жакшы, ак ниет адам... Биздин ар бирибизде кемчилик бар. Карыя адамдарды сыйлаш керек,—деди.

— Туура айтасыз,—деди Нурали,—бирок өзү да тийишип сүйлөгөндү коюуга тийиш. Мына, сизди эле мисалга ала коёлу. Сизге жаман сөз айтууга эч кимдин оозу барбайт.

Хажиумар көзүн жумуп, аргасыздан эриндерине пайда болгон жылмаюунун белгисин көрсөтпөөгө тырышып, эки бармагы менен сакалын сылап калды.

Хажиумар отурган терезенин түбүнө келген жүк ташуучу машина терезени далдаалап калды.

— Биздин Халил келди. Тур кетели!—деди Хажиумар, кызына кайрылып, берки балдар менен коштошуп жатып.

Нурали Шодигүлдүн чемоданын алып, аларды ээрчий чыкты.

— Жүр биз менен кет, жолубуз бир го,—деди Хажиумар.

— Ракмат. Менин бул жерде буйдала турган иштерим бар!—деп жооп берди Нурали, чалдын кичи пейилдик менен гана айтып койгонуна түшүнүп.

Нуралинин бирге кетүүгө макул болбогондугуна ичинен ыраазы болгон Хажиумар, сөзүн кайталабастан кабинага отурду. Баратов Шодигүлдү машинага чыгарып, буудай салган мешоктун үстүнө отургузду. Ал атасынын сары чепкенине оронуп алды. Чепкендин ичинен анын күлүңдөгөн капкара көздөрү гана көрүнүп турат.

— Жакшы калыңыз!—деди кыз башын ийкеп.

Машина көрүнбөй кеткиче Нурали чайхананын эшигинин алдында турду.

### *Экинчи глава*

Хажиумардын тилин албай калып калган Нуралиде конуп калуудан башка арга жок болучу. Ал гостиницадан номер алып, эртең менен ат жибергиле деп колхозуна телефон урду.

Убакыт эрте болгондуктан Нурали ары-бери басып келмекчи болду. Өзүнүн туулуп өскөн жерине кайтып келгендиктенби, же башка бир себеп мененби, бала кезинен

бери тааныш көчө азыркыдай болуп эч качан жакшы көрүнгөн эмес.

Жамгыр басылып, күн ачылып кетти. Кенен жана түз көчөдө электр жарыгы күйө баштады. Асфалтталган ичке тротуарда сейилдеп жүргөн кишилер абдан көп. Мында келген көп сандагач колхозчулар, ансыз эле эли көп шаарчаны көркүнө чыгаргандай. Таш жолго килейген кара жыгачтардын жана клёндун көлөкөсү түшүп, тротуарды бойлоп бак-даракгуу бир кабат кирпич үйлөр катар тизилип турат. Көчөнүн эки жагынан тен аккан ылай суудa жалбырактар калкып жүрөт. Өзүнөн кичүү болсо да, өзү менен бирге өсүп келе жаткан бул бактуу шаарды Нурали абдан жакшы көрө турган. Мындан он беш жыл мурда, он эки жашар Нурали көчмөн ата-энеси менен бирге биринчи жолу Вахшка келгенде, бул шаарчанын ордунан чаңдаган кыштакты көргөн; эки гана чоң үй—райком менен райисполкомдун имараты жер кепелерден бөтөнчө бөлүнүп турууучу.

Нуралинин үй-бүлөсү жакшылап орношуп алгандан кийин, жумасына эки жолу келип—комсомолдун слётуна жана кеңешмесине катышып, базарда болуп, көп учурларда жолдоштору менен бирге келип жаңы фильм, же сталинабаддык артисттердин концертин көрүп кетүүчү.

Азыр кеч күз болгондуктан, көк-жашыл түрүн небак жоготкон шаарча, башкача болуп көрүнүшү мүмкүн эле. Мындагы ар бир ташты тааныган Нуралиге шаарча мурдагысынан жакшы болуп калгансыды. Мурда мына бул парктын айланасында эски дубал турар эле, анын ордуна бышык кирпичтен сонун дубал курулуптур. А бул бурчта кичинекей үй турууучу, азыр ал жерге абдан сонун универмаг салынган. Арыкка эки жагы темир менен тосулган көпүрө салынып, эки кабат Маданият үйүнүн маңдайы көгүш сыр менен сырдалган.

Туура жактагы көчөлөрдүн бирине бурулуп, жалбырактары түшүп калган күзгү бактардын арасынан орун алган, электр жарыгы ачык күйгөн, райком партиянын аппак имаратына жакын жердеги кең аянтка чыкты.

Нурали райкомго кирип—колхозго берилүүчү тапшырма болсо, ала кетмекчи болду.

Кабыл алуу бөлмөсүндө отурган мурдатан тааныш арыкчырай, саргыч чач секретарь-машинистка, кызыл свитер кийип, шакылдатып машина басып жаткан экен.



— А Баратов!—деди ал ишин токтотпостон.—Качан келдиңиз?

— Бүгүн эле келип түштүк, Шурочка.

— Петр Николаевич сизди эки жолу сурады.

— А киши өзүндөбү?

— Жок, ооруп үйүндө жатат. Келе турган болсо, үйгө келсин деген. Барып жолугуңуз.

— Азыр кеч болуп калды го. Уят. Анын үстүнө өзү ооруп жатса.

— Кеч дейсизби? Сиз эмне, Петр Николаевичти билбейсизби? Ал үчүн эч качан кеч эмес. Азыр эле бара коюңуз. Анын сизге бере турган маанилүү тапшырмасы бар көрүнөт. А кишинин үйүн билесизби?

— Билем,—деп жооп берди Нурали. Ал Боровиковдун үйүндө бир нече жолу болгон.

Райком партиянын секретары Петр Николаевич Боровиковду Нурали көптөн бери, кичинекей чагынан биле турган. Ал кезде Боровиков МТСтин саясий бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп, «Коммунизм» колхозуна көп келүүчү. Кээде ал, чымыр, күнгө күйгөн, кара чачы ак шапкесинен чыгып турган Володя деген уулун ала келүүчү. Атасы колхоздун активдери менен кеңешме өткөргөнчө, же пахта талаасын көрүп чыкканча, уулу колхозчулардын балдары менен ойноп жүрө берүүчү. А кечинде болсо Боровиков чоң бассейнге барып бир-эки саат балык кармай турган. Мындай бассейндерде балык болбойт, алардын мында келип калышына да, Боровиков өзү себеп болгон: ал жазында эле, Вахш өзөнүнөн кармалган майда чабактарды алып келип ушул бассейнге коё берген. Жай менен күздүн ичинде ал балыктар чоңоюп, өсүп жана көбөйүп, кайра Боровиковдун кайырмагына илинип, аны таң калтыра турган. Балыкты кармоо Боровиковдун өзү үчүн анчалык кызык эмес болуу керек: кармаган балыктарын тегеректеп турган балдарга кармата салып, өзү баса берүүчү... Нурали Боровиковду фронттон да көргөн, анын кайырмак салып балык кармап, колхозчулардын балдары менен кажылдашып отурганын Нурали көп эскерүүчү.

Нурали фронтко барганда Боровиков саясий бөлүмдүн начальниги болуп иштеген артиллериялык бригадага туш келип калат.

Ал экөө тең Курскинин алдында жарадар болушуп, бир госпиталда жатып, жердеш катарында бат эле дос болуп кетишет. Боровиков аны менен көп учурларда тажикче сүйлөшөт: Тажикстанда он жыл иштеп, тажик тилин жакшы билүүчү. Согуш бүткөндөн кийин, өзү биринчи колхозду негиздеген Тажикстанга—Вахшка кайтып бармакчы болуп жүрөт.

Нуралинин ок тийген жери бат эле айыгып, кайра фронтко кетет, бутунда осколканын сыныгы калган Боровиков терең тылга кетүүгө арагасыз болот.

Алар согуштан кийин кайра кезигишет. Ордендер жана медалдар менен сыйланган Нурали, өткөн жайда Вахшка кайтып келип, Боровиковдун партиянын райондук комитетинин секретары болуп иштеп жатканын угат.

Боровиков райкомдон көп алыс эмес жерде туруучу. Эшикти, кыска кыркылган чачына ак кирип калган, анын аялы Галина Андреевна ачты. Ал каадасынча мейманды жакшы тосуп алып, татынакай кылып жасалгаланган, анчалык чоң эмес, тамак иче турган бөлмөгө ээрчитип кирди. Үйдүн дубалында Галина Андреевнанын сүйүктүү жазуучулары Лев Толстойдун, Горькийдин жана Чернышевскийдин портреттери илинип турат, алар Нуралиге карап тургансыйт (ал орто мектепте орус адабиятынан сабак берүүчү). Экинчи дубалда чолок көкүлдүү жаш баланын айнекке салынган портрети турат.

Ал, Нурали бала кезинде ойноп жүргөн Володя болучу. Анын курман болгондугу жөнүндө Боровиков Нуралиге госпиталда эле айткан.

Тамак иче турган үйдөн кабинетке кирүүчү эшикти бир аз ачып, Галина Андреевна мындай деди:

— Петя, Баратов келди,—деди да, бери бурулуп акырын гана мындай деп шыбырады:—Сиз аны көп чарчатпаңыз. Азыр анын температурасы бар.

— Анын айтканын укпай эле кой, таптаза эле турам! Кире бер!—деген басыңкы, киркиреген үн чыкты бөлмөдөн. — А сиз ардактуу Галина Андреевна, күбүрөп-шыбырагандан көрө, бизге бир коюу чай кайнатып лимон менен берсеңиз жакшы болор эле.

— А мүмкүн алча вареньеси менен ичип жүрбөгүлө? —деп сурады аялы.



— Варенье менен берсеңиз да болот! Мен баарына макулмун.

Нурали кабинетке кирди. Боровиков тахтада жамбаштап отурат. Анын сол буту оролуп коюлган.

Мештин жанында жаткан узун кара кулак ак машке, Нуралинин жанына чуркап келип жыттай баштады. Өз киши экенин билген ит, аны кубаттагандай чоң куйругун шыйпаңдатып, эркелегендей болду да, кайра барып ордуна жатты.

— Ошентип келип калдым дечи?—деди Боровиков, Нуралиге арык, түктүү колун сунуп.— Муну кара, мурут койдурган экенсиң да.

— Курска баргандардын баарынын муруту бар экен, —деди Нурали уялыңкырап.

— Сен алардан калышкың келбеген го! Болуптур, түшүңүктүү, отур.

— Эмнеңиз ооруп жатат?—деп сурады Нурали, отуруп жатып.

— Эч нерсе эмес. Болбогон эле бир тумоо. Бут дагы да тынчымды алып жатат... Кандай, курска барганыңа ыраазысыңбы?

— Абдан ыраазымын, Петр Николаевич. Мени жибергениңизге чоң ракмат. Мөөнөтү гана азыраак экен. Окуунун даамын эми гана татып келе жатканда—бүтүп калбадыбы!

— Эч нерсе эмес, бир-эки жыл иштесең, сени эки же үч жылдык партиялык мектепке жиберебиз.

— Анда абдан жакшы болоор эле, Петр Николаевич, жибериңиз, өтүнөм!—деп Нурали кубана түштү.—Мен да, ошону ойлодум эле: Келирки жылы партиялык мектепке жибериңиз!

— Ал сенин иштешиңе жараша болот,—деп жылмайып койду Боровиков.—Партиялык мектепте окууга бару үчүн, жакшылап иштөө керек.

— Аны билем.

— Силерди Ленинабад областына экскурсияга барып келди деп уктум го? Айтып берчи?

Нурали Ленинабаддык миллионер колхоздордун иши жөнүндө өтө толкуган түрдө айтып берди.

— Мен биздин «Коммунизмди» эң бай, эң алдыңкы колхоз деп эсептеген элем, азыр билдим: начар эле колхоз экен, — деп бүтүрдү сөзүн.

Боровиков, Галина Андреевна алып келген чайга варенье салып ичип, канжасын соруп, Нуралинин сөзүн бөлбөстөн угуп отурду. Жаш колхозчунун толкундап сүйлөгөн сөзү ага жагып калды көрүнөт. Бирок кээде жылмайып, жигиттин айрым сөздөрүнө наразы болгонсуду. Анда Нурали өзүнүн түшүнүгүн мындай сөздөр менен жеңилдетип отурду: «Мүмкүн, мен башкача түшүнгөн чыгармын, ошентсе да...» кээде кайра толкундап: «Петр Николаевич, ишенип коюңуз, чынында ошондой, өз көзүм менен көрдүм».

Нурали өзүнүн толкундаган аңгемесин аяктагандан кийин:

— Абдан жакшы, — деди Боровиков достуктун белгисин көрсөтүп.

— Барып бир катар жаңылыктарды көрүп келипсин, ал сенин ишиңе жардам берет... — Бир аз унчукпай туруп, эстүүлүк менен мындай деп кошумчалады: — Сен жөнүндө биз мындай жыйынтыкка келдик.

— Кандай, Петр Николаевич? — деп сурады Нурали таңданып.

— Сен «Навобод» колхозу жөнүндө уктуң беле?

Сөздүн башка жакка бурулганынан жана миллионер — колхоздордон «Навобод» колхозуна өткөнүнөн улам, Нурали ойлоно түштү.

— Бүгүн газетада жүргөн колхоз эмеспи?

— Ооба, ошол.

— Колхоздун өзүн көп жакшы билбейм, бирок анын председатели менен бүгүн чайханада тааныштым.

— Юнусбай мененби? Кана, сенин пикириң кандай?

— Мен аны менен урушуп кете жаздадым.

— Аны мененби? Эмне үчүн?

Нурали башын жерге салды.

— Ал өзү абдан бой көтөргөн неме көрүнөт.

— Ырас, андай кемчилиги бар. Жакында эле биз райкомдо анын колхозунун ишин карадык. Ал ак ниет, ишмер киши, мурда мыкты бригадир болучу, а председатель катары начар. Эң башкысы, керек маселени таштап коёт. Партиялык-комсомолдук группанын жетекчиси катарында эч иш кылбайт... Жакында алар бир аялды партияга алышты, азыр анда үч коммунист бар; уставга ылайык анда азыр баштапкы уюмду түзүүгө болот. Ошентип, биз сени ошого парторг кылып жибермекчи болдук.



— Мениби? «Навободгобу?»

— Ооба. Барасынбы?

— Бу... кандай? Эмне үчүн мен барышым керек? Бүгүнкү газетага караганда, ал абдан артта калган колхоз!

— Алдыңкы колхоз болсо, сени жибербейт элек... Сен өзүң фронтто болгон кишисиң—начар участкага кимдерди жибергенин билесиң го? Ишенимдүү боецтерди жиберет. Сен буга азыр эле жооп берегой деп отурган жерим жок. Бир-эки күн ойлонуп көр.

Нурали ордунан туруп, коштошуп жатып мындай деди:

— Кандай экенине түшүнбөдүм. Эмне үчүн «Навободго»?

Галина Андреевна аны үйдөн чыгарып койду.

— Районго келген сайын кирип туруңуз, — деди аял коштошуп жатып. Нурали анын күйөөсүнүн фронттон берки жолдошу эле, ошондуктан аял андай кишилерди абдан жакшы көрө турган.

Түн ортосу болуп калган. Толкундаган Нурали, жолго карабастан, ээн көчө менен келе жатты.

Эмне үчүн мени «Навободго» жиберет? — деген ойго келди ал. Эмне үчүн мен барышым керек? Жок, макул эмесмин. Мен Боровиковдун өзүнө мындай дешим керек: «Мен өз колхозумда калууну каалайм, мен аны ленинабаддык колхоздордон кем эмес даражага жеткирүүнү билемин». «Навобод» деген эмне? Начар колхоз. Күрпү тооктой болгон неме менен алышып жүрө турган алым жок. Анын үстүнө Нуралинин карып калган энеси, жаш кызы бар. Ырас, ал себеп эмес. Аларды «Навободго» ала кетсең да болот, дешет. Ошентип Нуралиге башка бир пикир пайда боло калды—ал аянтка келип токтой калып—эгер аны «Навободдон» башка, жакшы колхозго жибере турган болсо, анда ал үй-бүлөсү жөнүндө, өз колхозунда калтыруу жөнүндө ооз ачпас эле. Демек, маселе анда эмес. Анан эмнеде? Тынч жашоодобу? Ошондой болуп отурат. «Мен тартипке салынган өзүмдүн колхозумда калам, а «Навободго» башка бирөө барсын дейинби? Мени эмне үчүн курска жиберишти?»

Өзүнүн номерине келип, төшөгүнө жатканга чейин, Нурали өзү менен өзү алек болуп келди. Бирок уктай албады. Өзү менен өзү алек болуу улана берди. Ким жеңери айдан-ачык көрүнүп калды. Жок, ал ушул күнгө чейин тынч жашоого аракет кылып көргөн киши эмес. Андай



397312
Центральная научная БИБЛИОТЕКА Академии наук Киргизской ССР

болсо эмне үчүн макулдугун бербейт? Азыр ага «Навободдо» иштөө кызык көрүнүп калды. Биринчиден жаңы жер. Экинчиден—өзүм билип иштейм. Мүмкүн «Навободго» баргандан кийин, анын оюндагы иштердин баары турмушка ашырылар? Боровиков эмне деди эле? «Начар участкага—ишенимдүү боец жиберилет». «Ишенген боеци» дем алууну каалашы кандай? Жок андай болбойт. Ошентип Нурали макулдук бере турганына көзү жетти.

### *Үчүнчү глава*

Эртең мененки саат алты ченде, Нуралини алып кетүү үчүн анын агасы Мирза-Хамдам келди. Уялаштар гостиницадан чыгышып, өзүлөрү тамактанып, аттарын тыныктыруу үчүн чайханага барышты. Андан кийин алар жолго чыгышты.

Түнкүсүн жер тоңуп, кургап калгандыктан, кечээкиге караганда, бүгүн таш жолдо жүргүнчүлөр көп. «Газиктер» жана жүк ташуучу машиналар тез-тез кезигип турду; пахта жүктөгөн машиналар менен арабалар биринин артынан бири чубап өтүп жатты; мойнун жогору көтөргөн төөлөр чайпалып, илкий басып баратышат.

Алыскы Ак тоодон жаңы көтөрүлгөн күз күнүнүн нуру жерди али жакшы жылыта элек болучу. Күн салкын, аба таза. Таш жол, пахта талаалары, алардын арасындагы бөлөрди, арыктын кырларындагы топурактарды—баарын кыроо басып калган. Ушундай учурда аба жутуу кандай сонун. Канча саат жол жүрсөң да чарчабас элең.

Көптөн бери көрбөгөн үйүнө кайтып келе жаткан Нуралинин кубанычы койнуна батпайт.

Дөбөлөрдүн, бактардын, камыштардын нары жагынан, улам жаңы кыштак көрүнүп—андагы жер тамдар жана аппак болгон ак үйлөр даана көрүнө калып жатты. Гозопаялары гана калган пахта талааларында уйлар, музоолор жайылып жүрөт. Ачык талаанын ар кайсы жеринен тоңдурма айдаган, же гозопаяларды жыйнаган тракторлор көрүнөт. Телеграф сымдарында карды салаңдаган таранчылар дем алып отурат. Кадимки күзгү көрүнүш. Абдан тааныш, абдан жагымдуу. Нурали: «Тажикстандын өрөөндөрү жана кыштактары жазында гана сонун деп бекер айтышат» деген ойго келди.



Уялаштар катар бастырып келе жатышты. Нуралиге абдан окшош, бирок андан толмоч келген, тегерек кара сакалдуу Мирза-Хамдам бригадада сугатчы жана үй ээси болучу. Мирза шашпастан инисине быйыл аялы экөө эмгек күндөрүнө канча ала турганын, тамчы тамбасын үчүн кампанын төбөсүн шыбаганын, уюу үчүн кыштык чөптү жана күнжараны камдап алганын айтып келе жатты. Мирза андан башка, уйкананын жанына отун сарайын сала тургандыгын айтты.

«Навободдо» иштей турган иштерин ойлоп келе жаткан Нурали, анын сөзүнө кулак салган жок.

Атты абдан жакшы көргөн жана атта жакшы жүргөн Нурали, өзү жакшы көргөн Шабранг деген кара айгырынын мойнунан жана соорусунан сылап коёт.

Мирза-Хамдамдын аты менен катар басуудан уялыңкыраган Шабранг, ар дайым өзүнүн коңшусуна карап, окуранат. Ал ар бир минутада ала качып жөнөөгө даяр эле, бирок Нуралинин карулуу колу, анын оозун тартып келет.

Шабрангды Нурали Бабасаид деген чалдан алган, ал мындай болгон.

Бабасаид көп убакка чейин «Коммунизм» колхозунун председатели болуп турган. Карып калгандыгына байланыштуу, аны жакында эле өндүрүштөн бошотушту. Ал саяпкер киши катары белгилүү болучу. Мындан бир нече жылдар мурда, ал өзүнүн досуна — Көкташ жылкы заводунун директоруна барат. Директор аны ээрчитип жүрүп, завод менен тааныштырат. Азыр Нурали минип келе жаткан айгыр, анда төрт айлык кулун болучу; ал аландап, араң басып жүргөн экен, Бабасаиддин тажрыйбалуу көзү анын күлүк боло тургандыгын биле коёт. Чал өзүнүн досунан кулунду сатууну сурайт.

— Бул ылаң, муну көпкө чейин дарылоо керек, — деди директор.

— Эч нерсе эмес, өзүм айыктырып алам.

— Кулун заводдун китебине катталып калган да.

— Эгер бербей турган болсоң, мен сага аябай таарынам.

Директор чалды аяды да, кулунду ага сатып жиберди. Бабасаид кулунду өз колхозуна алып келип, өзүнчө дарылады эле, айыгып кетти. Ал ага Шабранг деген ат койду. Эки жылдан кийин ал, абдан сонун жана жакшы ат болуп калды. Ат спортун жакшы көргөндөрдүн көздөрү түшүп,

канча сурасан да, алып мага бергин дешип чалдын жанын
коюшпады. Бирок Бабасаид аттын салмагындай алтын
берсенер да, сатпаймын деген жоопту айтты.

1943-үнчү жылы өзүнүн досу, Бабасаиддин жалгыз
уулу Давран менен бирге фронтко кеткен Нурали, үч жыл-
дан кийин жалгыз өзү келди: Давран согушта курман бол-
ду. Келген эле күнү Нурали досунун ата-энесиникинде бо-
луп, эгерде силер макул болсоңор, ыйык согушта курман
болгон уулуңардын ордуна уул болоюн деди.

Кечинде айылдаштары Нуралинин үйүнө чогулушуп,
аман-эсен кайтып келиши менен куттукташты. Шабрангды
жетелеген Бабасаид дарбазадан кирип келди. Анын арты-
нан Бабасаиддин кемпири—Саадат байбиче да кирди.

— Кымбаттуу туугандар, — деди Бабасаид, — бул ат-
ты мен өз уулума арнап жүрдүм эле, бирок ал кайтып
келген жок. Ал өзүнүн жаш өмүрүн биздин кымбаттуу ро-
динабыз үчүн берди. Нурали! Сен анын эң жакшы көргөн
жолдошу элең! Силер бирге өсүп, бирге окуп, бирге салгы-
лаштыңар. Сенин көкүрөгүңдөгү ордендер—сенин душман
менен тартынбастан салгылашканыңа күбө болуп турат.
Мен жана Саадат апаң сени өз уулубуздан кем көрбөйбүз.
Мына, бул атты ал, муну мен Давраныма да, ушинтип бер-
мек элем.

Нурали акырын басып келип, карыяны кыса кучак-
тады.

— Ата, Саадат-апа, силерге чоң ракмат!—деди Нура-
ли.— Мен силерди өз ата-энемдей сүйөмүн, кызматыңар-
ды кыламын, өз balaңар боломун.

... Таш жол менен он беш километрдей жүргөндөн ки-
йин, эки бир тууган оңго бурулушуп—колхозго бара турган
кара жолго түштү. Жолду бойлоп эки жагына топурак
жыйылган арык кетет: анын эки бетине тең жаш тут жы-
гачтары тигилген, алардын көлөкөсү жолдун таманына тү-
шүп турат, аттар алардын ала таргыл көлөкөсүнө чалын-
гандай көрүнөт. Кыштакка эки километрдей калган кезде,
үйүнө тез жетүүнү эңсеп келаткан Нурали атынын оозун
коё берип, камчысын көтөрдү; Шабранг алга умтулуп, тас-
кактаган бойдон алып жөнөдү. Нуралинин чемоданын
өңөрүп келе жаткан Мирза-Хамдам өз атынын оозун коё
берди. Беш минут убакыт өтпөй эле, Нурали кыштакка
жетип барды, дагы бир минуттан кийин, ал Мирза-Хам-
дамга көрүнбөй калды.



«Коммунизм» колхозунун кыштагы, райондогу эң жак-
шы кыштактардын бири болучу. Анын кенен көчөлөрү
кыштактын бир четинен экинчи четине чейин созулуп жа-
та турган; көчөлөрдү тар көчөлөр кесип өтүүчү. Сым ка-
рагайларга электр сымы тартылып, күндүзү да, лампоч-
калар күйүп турат. Кыштактын дал ортосунда, эки кабат
кылейген имарат—он жылдык мектеп. Баратовдордун үйү
мектептин катарында болучу.

Өз үйүнө жакындап келген Нурали, тааныш ырды ыр-
даган аялдын назик үнүн укту: «Келчи бери көлөкөндө
уктайын...»

Нурали үйдө патефон ырдап жатканын биле койду.
Жипке кир жайып жүргөн, жапжаш, кара каш аял—
Нуралинин жеңеси Хайринисо аны биринчи болуп көрдү.
Хайринисо быйыл да, өзүнүн звеносу менен колхоз боюн-
ча көп түшүм алды деген сөздү Нуралиге агасы жолдо ке-
ле жатып эле айтып койгон.

— Зеби-Зебижан! Атаң келди! — деп кыйкырып жи-
берди аял.

Кичинекей кыз чуркап чыгып, атасын көздөй жөнөдү;
анын калошу бутунан ыргып кетти. Атын бат эле мамыга
байлай салып, Нурали кызын колуна алды да, чопулда-
тып өпкүлөп жиберди. Зеби кичинекей колдору менен ата-
сынын мойнунан кучактап алды. Небересинин артынан
короого кирген Мастура кемпир, Нуралини кучактап
калды.

— Кудая шүгүр, уулум келди. Сени келер бекен деп.
жолдон көзүмдү алган жокмун!

Алар үйгө киришти. Бөлмөнүн дубалына туш кийиз
тартылган. Сол жак дубалынын текчесинде мистен жасал-
ган суу ташыгыч чоң кумган, башка текчелерде ар түрдүү
идиштер турат, темир капталган сандыктын үстүндө таты-
накай кылып жыйылган, ар түстүү жууркандар турат. Көк
сыр менен сырдалган бөлмөнүн дубалында эркектин
жана аялдын кийимдери илинген илгич. Бөлмөнүн
ортосунда, көк жана сары жолдуу жибек жууркандар ме-
нен жабылган сандал. Чынын айтканда, плита жакшы
жылыткан бөлмөгө сандал орнотуунун деле кереги жок бо-
лучу.

— Окууга барганыңа ыраазысыңбы, кулунум? Эжен-
кинде болдуңбу? Бала-бакыралары, Фатимажан, Юсуф-
жан, Садыкжандардын дендери сакпы? —деп сурап жат-

ты Мастура байбиче, Нуралинин жанына отуруп алып, жаш баладай анын ийнинен, аркасынан сылап.

— Бары жакшы турушат, эне. Баарыпын дендери соо, сизди абдан сагынышкан көрүнөт, салам айтышты.

Көп узабай эле, Мирза-Хамдам да кирип келди. Баары сандалды тегеректей отурушту.

— Эне, сиздин кызыңыз жана неберелериңиз, сизге белек берип жиберишти.

Нурали өзүнүн чемоданынан жаңгак, бадам, нан жана жипке тизилген өрүктүн данектерин алып, сандалдын үстүнө коё баштады.

— О-о! Буларга менин тишим өтмөк беле,—деди Мастура башын чайкап.—Эч нерсе эмес, Зебим жейт.

Зебиге Исфарадагы эжеси бөтөнчө белектерди жибериптир: көк баркыттан пальто, жибек көйнөк, ыштан жана сайма топу.

— Ай, ай, абдан жакшы, кооз турбайбы! — деди Мастура белектерди көрүп жатып. — Зебижан, баркыт пальтоң менен жибек көйнөгүңдү мага берчи, а сен топусун ал.

— Сиз кыз белеңиз? — деп каткылыктап күлүп жиберди Зеби. — Атама айтсаңыз, сизге башкасын сатып берет.

— Мен алып койгомун. Мынакей, көрчү кызым! — деп Нурали чемоданынан көйнөктүк чыт, калош жана маасы алып чыкты. Андан кийин ошондой эле көйнөктүк чыт, ошондой эле калош, маасы, андан башка эркектерге чапан чыга турган кара сатин, эки жүн байпак алып чыкты.

— Муну кимге алдың?— деп сурады Мастура.

— Саадат апам менен Бабасаидге алдым.

Мастура жактырбагандай мурдун чүйрүдү да, эч нерсе айткан жок; уулунун асыранды ата-энесин жактырбаганы байкалып турду.

Короо жактан кандайдыр бир эркектин үнү чыкты:

— Үйдө ким бар? Эмне үчүн чалды эч кимиңер тосуп албайсыңар?

Нурали анын Бабасаид экенин үнүнөн тааный коюп, чуркап чыкты.

— Сенин келгениңди балдар көрүптүр. Алар мага чуркап келишип: «Чоң ата! Нурали аке келди!» — деп билдиришти.

Ушул сөздү айтып бүтүп, бели бир аз бүкүрөйүп калган, колунда таягы бар чал, Нуралини ээрчип бөлмөгө кирди.



— Отура бергиле. Мен эмне, Меккеден келдим беле?— деди Бабасаид, таягын дубалга жөлөй коюп.

Бабасаидге сандалдын ардактуу жеринен орун беришти. Анын узун сакалы агарып калган, узун кирпиктери көзүн басып тургандай. Биринчи көргөн киши аны ачуулу деп айтса да болот, бирок Бабасаид жылмая турган болсо — анын кашы жогору көтөрүлүп, балбылдаган көзү даана көрүнүп, анын абдан ак көңүл киши экенин байкоого болот эле.

Нурали өзүнүн аңгемесин кыскача айтып, андан кийин Боровиков менен болгон аңгемеси жөнүндө сүйлөй баштады.

«Навобод» колхозуна барууга энеси менен агасы каршы боло тургандыгын Нурали билген. Атасынын алдында отурган кичинкей Зеби эмне жөнүндө сөз болуп жатканына түшүнбөсө да, ага ыктай түштү.

— Мен макул болом, — деди Нурали.

— Сен согушта жүргөндө үч жыл күттүм уулум. Эми сен, мени, кызыңды, туулуп өскөн жериңди таштап кеткиң келип турабы, — деп бакылдап коё берди энеси, уулу бар болгону жыйырма алты километр жердеги «Навободго» эмес, жердин түбүнө кетип бара жаткансып ачууланды ал.

Нуралинин сөзүн жана анын энесинин наараzы болгонун унчукпай угуп отурган Бабасаид сөзгө аралаша кетти.

— Сиз туулуп өскөн жер жөнүндө кеп салып отурасыз, — деп сөзүн баштады ал, Мастурага карабастан. — Мунун, — деп сөөмөйү менен Нуралини көрсөтүп, туулуп өскөн жери «Коммунизм» колхозу гана эмес, а бүткүл Совет өлкөсү. Буга түшүнүү керек. — Чал бир аз унчукпай калды да, анан жылмая түшүп, сөзүн улантты: — Сиз андай деп айта аласыз: сиз деле мага окшогон карып калган кишисиз. Бирок сиздикиндей пикирден чыга албаган жаш адамдар да бар. Базар күнү Коргон-Төбөдө Дарбазалык бир таанышыма жолугуп калдым. Алар тоо арасында турушат, өздөрүнүн колхозу бар, бирок жери аз. Тоо арасындагы жер да, жер болчу беле?! Эгин айдаганы менен эмненин түшүмү. Мен андан «Эмне үчүн силер Вахшка, же башка бир өрөөнгө көчүп келбейсиңер?» — деп сурадым. «Өзүбүздүн туулуп өскөн жерибизди таштап кантип кетебиз»—дейт. Мен андан: «Вахш же Гиссар силерге туулган жер эмеспи?» — деп сурадым. Унчуккан жок. Андай сөздүн небак эскиргенине түшүнбөйт экен. Акылдуу

адамдар мындай деше турган: «Искендер жөнүндөгү сөздөр эскирип бүттү, сен жаны сөз тап...» Илгери биздин тажиктер тууган жерим деп, өзүнүн кыштагын, энеси төрөп, киндиги кесилген жерди гана айтыша турган. Өз кыштагынан узаса болду — башка жерде, башка элде жүргөндөй болуп, баары чоочун көрүнүчү. Эгерде: «Сенин родинаң кайда?» — деп сурай турган болсо, анда: Косатараш, же Илякдара кыштагы деп жооп берүүчү. А чоң сүйлөгүсү келгендер: менин родинам Дарваз, Матча, же Каратигин дешчү. Андай убактар да өткөн. Адам кайсы гана жерге барбасын, баары жат болучу. Суу балачанынын, жер түкүнчөнүкү болучу. Таманынын астындагы жер да башканыкы эле. Азыр башка убак. Бүт СССР — биздин Родинабыз. Мына, Нурали Москвада жана башка шаарларда болуп көрдү, — бул өзүн эч качан бөтөн жерде болдум деп сезген жок го? Менин Давранымдын бейити Украинада жатат — мен аны бөтөн жер деп айта аламбы? Жок. Эгер биз ушул күнгө чейин өзүбүздүн кыштакта отуруп алып: «Биз ушул жерде туулганбыз, биздин киндигибиз ушул жерде кесилген» — дей турган болсок, анда Вахш баягы эле чөл бойдон кала бермек, ичке булалуу пахта да, Сталин атындагы канал да, биздин колхоз да болбойт эле. Биздин Родинабыз—СССР. Ал өзү бир чоң бак—өзүңдүн чатырыңды сүйгөн жериңе тиге бер, эч кандай айырмасы жок.

## *Төртүнчү глава*

Боровиковдон, «Навобод» колхозу боюнча райкомдун уполномочени деген документти алып, Нурали эртеси эле өзү иштей турган жерге бармакчы болду.

Жерде эки элидей биринчи кар жатат.

Нурали атканадан Шабрангды алып чыгып, токуй баштады. Кимдир-бирөө дарбазаны какты.

— Карагылачы, дарбазаны каккан ким болду экен, — деди аны узатууга чыккан Хайринисо.

Хайринисо дарбазаны ачып, атчан турган участкалык агроном Каримовду көрдү. Ал Нуралинин эски досу эле.

— Саламатпы, Хайринисо! Мына бул катты Нуралиге берип коюңуз — деди да, Каримов ага үч бүктөлгөн казды берди.



Агрономдун сөзүн угуп калган Нурали кыйкырып жиберди:

— Хайринисо, албаңыз, албаңыз, ал барфи!

Кеч болуп калган эле,— кат Хайринисонун колунда, Каримов болсо, атын камчыланып, чапкан бойдон кетип калды.

Эмне кыларын билбеген Хайринисо, дарбаза алдында туруп калды.

— Ой, куу, ой митаам! — деди аял башын чайкап. — Колума кармата салып качып жөнөгөнүн карачы. А мен бүгүн биринчи кар жааганын, анан бүгүн... унутуп калган турбаймынбы...

— ... Эч кимден кат, кагаз алууга болбойт, ким кат алып келе турган болсо, анын өзүн кармап алыш керек, — деди күлүп Нурали. — Келе катты, мага бериңизчи.

Ал чын эле барфи экен, ыр менен жазылган барфинин автору биринчи кардын жаашынын урматына өзүнүн жолдоштору үчүн тамак даярдоону талап кылып, кандай тамак даярдап коюуну көрсөтө жазган. Барфидеги ыр, Нурали бала чагынан бери билген ыр менен башталган.

Себелеп, себелеп кар жааса эрибеген,
Даяр бол конокко, кечинде мен келем...

— Эч нерсе эмес, азыр мен аны кууп жетем,— деп женесин жубаткандай сүйлөдү, Нурали, — мен да, ошо жакка барам.

Күн бүркөк болгону менен, анчалык суук эмес эле, арыктагы суу тоңгон эмес, карды жиреп, кардарып агып жатат. Жалгыз аяк жолдон аттын изи даана көрүнүп турат. Көп узабай эле алиги атчан көрүндү. Артынан кууп келе жаткан кишини көрүп, Каримов чаап жөнөдү. Ал өзүн атка жакшы жүрөм деп эсептегени менен анчалык жакшы жүрө алчу эмес, атка бош отуруп, колдору салпактайт.

Атчандардын ортосундагы аралык бат эле кыскара түштү. Беш минут өтпөй Нуралинин кара айгыры тигини кууп өттү. Нурали атынын башын кайра тартты да, чапкан бойдон келип, анын шапкесин жулуп алды.

— Колго түштүңбү, досум!—деп кыйкырды ал, катуу күлүп атынын башын тартып. — Кана, эми сен сый бере турган болуп калдың го!

— Айла барбы, эптеп кутулаарбыз, — деди каткырып Каримов, Нуралидеи шапкесин алып жатып.

Алар катар бастырып келе жатышты.

— Кандай барып келдиң? Эмне кызык көрдүң? — деп баштады Каримов.

— Кызыктар абдан көп, — деп жооп берди Нурали. — Дагы бир жолукканда айтып берем. Азыр мен шашылыш түрдө «Навободго» бара жатам.

— «Навободго» дейсиңби? Эмнеге?

— Мени ошол жерге райкомдун уполномочени кылып дайындашты.

— Ошондой дечи! Райкомдун уполномочени дейсиңби? — деп таң калды Каримов. Анан мындай деп кошумчалады:—Айтып коёюн алардын иши көп жакшы эмес. Сен абдан убара болосуң, айрыкча Юнусбай менен. Абдан түнт киши, анын үстүнө бой көтөргөн неме.

— Мен жакында эле чайханада бирге болдум. Эмне үчүндүр ал өзү эле мага тийише баштады, эгерде Хажиумар болбосо...

— Хажиумар анда эмнеге барыптыр?

— Өзүнүн кызын тосуп барыптыр. Мен анын кызы менен Сталинабаддан бирге келгенмин... Сен ал кызды билесиңби?

— Кантип билбейин, колхоздун менин участкамда иштеген звенолорунун эң мыктысы ошол да. Ал Таги Чинардагы мектепте окуп жүргөндөн бери билем. Абдан тентек кыз эле... Жакшы ээ, чынынды айтчы?

— Мм... билбейм... Мүмкүн.

Каримов ага сөөмөйү менен кезеп койду.

— Байка балам! Аны менен Юнусбайдын аялынын иниси, кадимки бузуку Мусаев сүйлөшүп жүрөт. Ал да «сулуулардан». Менимче ошонун колуктусу го дейм.

— Мейли болуптур, — деди да, Нурали бул сөз мага кызык эмес дегенсиди.—Сен оңго буруласың, мен түз кетишим керек. Кош бол. Конок болуп кел!

Жалгыз келаткан Нурали, «Навободго» барганда кандай жүрүү керек экенин ойлоно баштады.

«Колхоз начар; чарбалык иши да начар болушу керек: председатели да начар, — деп ойлоду ал. — Демек алды менен жетекчилик кылууну жакшыртып, тартипти чыңдоо керек. Ырас, биринчи күндөрдөн баштап эле өзүмдү талапты катуу койгон киши кылып көрсөтүүм керек».



Мына ушундай пикир менен Нурали «Навободго» келди.

Жолдун боюндагы талаадан Нурали келбети келишкен, бир жоон-жолпу колхозчуну көрдү. Ал эки өгүз сүйрөгөн соко менен гозопаяны айдап жүрүптүр. Анын артынан ээрчий жүргөн төрт колхозчу түбү менен омкорулуп калган гозопаяны бир четке чогултуп жатышат.

Колхозчулардын тушуна келгенде, Нурали алар жакка бура тартты.

— Иш илгери болсун!—деп катуу кыйкырып жиберди ал, анын бул адат катарында айтыла турган сөзү, беркилерге буйрук катарында угулду.

Колхозчулар ага бурулуп:

— Андай болсун! — дешти, ойноктогон жакшы атка минген жаш жигитке таңдана карашып.

— Силер «Навободдонсуңарбы»?

— Ооба.

— Гозопаяны эмне үчүн трактор менен айдабайсынар? — деп сурады Нурали кериле сүйлөп.

— Бизде ишиңиз болбосун, сый жигит! Жолуңуз менен кете бериңиз! — деп күркүрөп койду алиги жоон-жолпу колхозчу, атчанга кайрылбай туруп.

Нурали сөз таппай, бастырып кетти.

Бай «Коммунизм» кыштагына караганда, «Навобод» кыштагы Нуралиге бечара кыштак болуп көрүндү. Көчөлөрү баткак, үстү жапырайган жалпак там үйлөр, камыш тоскон короодон араң эле көрүнөт. Көчөдө кыбыраган жан жок. Кыштактын жарымына барганда, Нурали эски чапан кийген, бутунда кончтуу калошу бар бир балага жолукту. Узун таягы менен чапканда, куйругун шыйпаңдатып ыкшала баскан уйларды айдаган бала, баткактан бутун араң сууруп басат. Баланын артында үрпөйгөн чунак кулак ит ээрчип баратат. Нуралини көрө коюп, ит чуркап келди да, арсылдап үрүп калды.

Колхоздун башкармасы турган үй, башка үйлөрдөн сырты акталгандыгы жана черепица менен жабылгандыгы менен гана айырмалуу болуп турат. Ал үйдүн төбөсүнөн чыгып турган темир кернейден коюу көк түтүн бурап жатат. Аба жакшы тартпагандыктан түтүн уюп жаткандай көрүнөт.

Нурали атынан түшүп, ошол жердеги тут жыгачына байлай салды да, үйгө кирди.

Ал кирип барган бөлмөнүн ичи, чоюн мешке жагылган тезек жыттанат. Бөлмөнүн төр жагында Ленин менен Сталиндин портреттери илинип турат. Түбүндөгү столдо коoз айнек тагынган, улгайып калган киши олтурат. Топусу кулагына түшкөн. Башын төмөн салып, оң колу менен счёт кагып, сол колу менен цифрага толгон кагазды басып алган.

Нурали аны менен учурашып, мындай деп сурады:

— Председатель мындабы?

— Сталинабадга кеткен. Анын ордуна бригадир Мухамедnияз калган.

Счетовод, иштен туурулган колун мешке кактап отурган кара сакал колхозчуну көрсөттү.

— Мен райкомдун уполномочени болом,—деп Нурали сакалдуу колхозчуга өзүнүн күбөлүк катын көрсөттү.

Ал киши ордунан турду да, шырымалын ондоп коюп, шашпай столдун жанына келип, күбөлүк катты көңүл коюп окуй баштады.

— А сиз жолдош Баратов, райкомдо жакындан бери гана иштеп калсаңыз керек?—деп сурады Мухамеднияз күбөлүк катты төрт бүктөп Нуралиге кайтарып берип жатып.

— Мен, анда иштебейм. Мен «Коммунизм» колхозунун звеновоюмун,— деп жооп берди Нурали.—Айтыңызчы, эмне үчүн силердин колхоз гозопаяны жыйнабайт? Мен талаадан бир нече гана адамды көрдүм.

— Убактысы жеткенде жыйнап алабыз,—деген жоопту кайтарды шашпастан, жанагы сакалдуу бригадир.

— Убакыт жетти! Талааны тоңдурма айдоого жана кышкы сугатка өз убагында даярдоо керек. Убактыны өткөрүп койсоңор—келечекте түшүм кем болот.

Жаш уполномочендин айткан сөздөрү эски пахтачыга өөн учурады. Мухамеднияз счетоводго карап, бир аз жылмайып койду. Нурали аны байкап калды.

— Силердин колхозчулар кандай иште иштеп жатышат?—деп сурады ачуусун араң токтотуп отурган Нурали.

— Тегирмендин арыгын чаап жатышат.

— Гозопаяны жыйнабай туруп, тегирмен куруп киргенэкенсиңер да! Убактыны тапкан экенсиңер! Гозопаяны айдоодо эмне үчүн трактор иштебейт?

— Трактор алууга биздин кезегибиз келе элек!—деп жооп бере салды счетовод, бригадир орой сөз айтып, уполномочендин ачуусуна тийип албасын дегенсип.



— Андай болсо, бардык адамды биринчи кезекте гозопаяны жыйноого чыгарып, кетмен менен тамырын омкорууга киришүү керек!—деп кесе айтты Нурали бригадирге.—Убакты өтүп жатат, а силер бул жерде камырабай гана мешке жылынып отурасыңар.

Мухамеднияз жооп бербестен контордон чыгып кетти. а счетовод чотун кага баштады.

Нурали эмне кыларын билбей калды.

Көңүлдүү, шайдоот келген бир жаш жигит аны кыйынчылыктан куткарып алды. Өзүнүн үйүнө киргендей, эшикти тарс ачып кирип келип, чоочун кишинин отурганын көрө коюп, эмне кыларын билбей, салам да айткан жок.

— Саламатсызбы,—деп Нурали ага колун сунду эле, ал андан бетер уялып калды. — Сиздин ысмыңыз ким?

— Менинби? Хакимжан,— деп араң айтты жигит.

— Жашыңыз канчада?

— Менинби? Он алтыда.

— Сиз колхоздун мүчөсүсүзбү?

— Ананчы!

— Качан киргенсиз?

— Ким? Менби? Мен ушул жерде туулганмын.

— Демек туулган күндөн баштап колхозчу экенсиз да?—деп сурады Нурали кекээрлегендей.

Хакимжан кызарып кетти.

— А сиздин канча эмгек күнүңүз бар?

— Менинби? Билбейм. Менин эмгек күндөрүмдү атамдын эмгек күнүнө кошуп жазат.

— Гм... Хоп... Колхоздо сизге окшогондор көппү?

— Мен өңдөгөндөрбү?

— Ооба, ушул күнгө чейин колхозго мүчө кылып алынбаган жаштарды айтам.

— Бар,—деп жооп берди да, Хакимжан бармактары менен санай баштады.—Махмуд... Хатам... Навруз...—Калгандарын өз ичинен санап чыгып мындай деди:—Он чакты болот го.

— Хоп... А кыздарчы?

— Кыздарбы? Ооба, кыздар да бар.

Бул суроону токтотуу үчүн, счетовод сөзгө аралаша кетти.

— Сен эмне келдиң?— деп сурады ал жигиттен, көз айнегинин төбө жагынан карап.

— Мага, Сайфиддинов аке, ыр китеби керек эле...— Эсиңиздеби, сиз мага кызыл тыштуу ыр китебин берем дебедиңиз беле,—деп кубана түштү чоочун кишинин суроосунан кутулганына сүйүнгөн жигит.

— Жоготпойсуңбу?

— Ким, менби? Коюңузчу!

Сайфиддинов столунан тажик ырларынын кызыл тыштуу жыйнагын алып чыгып, Хакимжанга берди. Ал ага алкыш айтты да, эшикти акырын ачып чыгып кетти.

Нурали дагы счетовод менен калды.

— Бу силерде тартип кандай? Он алтыга чыккан балдар колхоздун мүчөсү эмес, иши жок бекер басып жүрүшөт,—деди Нурали тынчтыкты бузуп.

— Бекер жүргөн эч ким жок. Баары иштейт,— деди Сайфиддинов.

— Бирок алар колхоздун мүчөлүгүнө алына элек го. Сиз счетовод болгондон кийин, бул ишти билишиңиз керек.

— Баары менин колумдан келбейт жолдош Баратов.

Жарым сааттай убакыт өттү, а бригадир Мухамеднияз кайра келген жок.

— Мага бригадирди таап бериңизчи,—деди Нурали.

Сайфиддинов көп көңүлдөнбөй ордунан туруп, аны кыштактын четиндеги Жуйборго алып келди. Жыйырмадай колхозчулар Жуйбордон суу чыгаруу үчүн арык казып жатышкан экен. Мухамеднияз ошолордун жанында жүрүптүр. Чапанынын этегин куруна түрүп коюп, ал кетмен менен арык казып жаткан экен.

— Манияз-аке, бул эмне кылганыңыз? Сиз экөөбүз колхозчуларды гозопая жыйноого алып чыгалы деп сүйлөшпөдүк беле?

— Жолдош, сиз айттыңызбы, болду. Аныңызга ракмат! Биз бүгүн арык казабыз,—деп көңүлсүз гана жооп берди бригадир ишин улантып жатып.

Мындай жооптон кийин эмне кыларын билбей калган Нурали бир аз унучкпай турду да, кетип калды. Ал өзүн абдан уят болгондой сезди. Бул анын «Навободго» биринчи жолу келгенде көрүп отурганы!

«Мен буларга баарын жакшы сөз менен гана түшүндүрдүм көрүнөт,—деп ойлоду ал.—Эмне үчүн мага мындай мамиле кылышат? Булар деле председателине окшогон немелер экен»,—деп Нурали өзүн-өзү жубатууга аракет кылды.



*Бешинчи глава*

Эртеси эртең менен Нурали райкомго кетти.

Боровиков аны үйүндө кабыл алды. Нуралинин капа болгону анын өңүнөн көрүнүп турса керек. Галина Андреевна аны менен оозгу бөлмөдө учурашып:

— Сиз бир нерсеге капа болгонсуз го?—деп сурады.

— Петр Николаевич менен акылдашайын деп келдим.

Аял аны күйөөсүнүн үстүнө киргизди да, сыркоонун жанына отургуч коюп берип, өзү оолагыраак отурду.

— Кана, «Навободдо» болдуңбу?—деп сурады Боровиков.

— Болдум.

— Иштери кандай экен?

Нурали анда барып келгенин айтты. Анда «тартипке», «райкомдун уполномоченине баш ийбеген», анын көрсөтмөлөрүн аткарбаган Мухамедниязга наараазы болгонун түшүндүрдү.

Боровиков бар болгону эки гана жолу Нуралинин сөзүн бөлдү. Биринчи жолу, эки өгүз кошуп алып гозопая айдап жүргөн жоон-жолпу колхозчу жөнүндө айтканда, Боровиков акырын гана мындай деди:

— Звеновой Хашим-Корвон деген ошол. Мына ошол киши менен сүйлөшүү керек эле.

Экинчи жолу—Нурали конторудон унчукпай чыгып кетип, колхозчуларды гозопая жыйноого чыгарбай койгон Мухамеднияз жөнүндө айтканда, Боровиков мындай деди:

— Анын ордунда болсом, мен да ошентер элем.

— Бирок ал...—деп мукактана түштү Нурали.

— Айта бер,—деп Боровиков анын сөзүн бөлдү.

— Мен баарын айтып бүттүм, Петр Николаевич. Мындан ары... чынын айтсам... эмне кылаарымды билбей калдым... Бастыра бердим.

Ал Галина Андреевнага бир карап алды да, а кишинин боору ооруп турганын байкап, ичинен ыраазы болду.

Боровиков мурутун чыйратып, унчукпай отурду.

Маанилүү сөз баштала турганын сезе койгон Галина Андреевна, аларга жолтоо кылбас үчүн, ордунан туруп акырын чыгып кетти.

— Сен өзүң мамиле кыла билбепсиң,—деди катуу сүйлөп Боровиков.—Биз сени башкар, же гозопая жыйна деп жиберген эмеспиз. Биз сени андагы адамдар менен таа-

нышсын, алардын ишенимине жетишүүгө аракеттенип көрсүн, аларга жолдоштук жардамын көрсөтсүн деп жибергенбиз. А сен эч нерсесин билбей туруп, күпүлдөп коё берипсиң. Анын ким экенин билбей туруп, жалгыз гозопая айдап жатканына жете түшүнбөй туруп, Хашим-Корвонго да тийише кетипсин. Ошондуктан жаңкыдай жооп алып отурасың. Сени сөгүп коё бербегени жакшы болуптур.

Нурали уялганына чыдабай, жерге кирип кете жаздады.

— Эми эмне кылуу керек?—деп сурады ал үнүн акырын чыгарып.

Боровиков башын көтөрүп, акырын жылмайып койду.

— Өзүңдүн колхозуңа телефон ур. Райондо жүрөмүн де. Мен айткан сөздөр жөнүндө жакшылап ойлон да, эртең менен мага кире кет.

Нурали коштошуп алып, чыгып кетти.

— Эми эмне болот?—деп сурады Галина Андреевна күйөөсүнүн үстүнө кирип келип.—Уят болуп калган го?

— Анда коркунучтуу эч нерсе жок, оңдойбуз,—деп жооп берди Боровиков ойлоно түшүп.—Катуу кетиптир. Жаш эмеспи. Тажрыйбасы жок. Ал а дегенде эле баарын колго ала коём десе керек, ордунан чыккан жок.

— Ошентип эми ал, «Навободго» парторг болбой калабы?

— Эмне үчүн болбойт? Ал абдан жакшы жигит... Бул иште мен да күнөөлүмүн: жибердин алдында жакшылап инструктаж берсем болмок экен. Сенин эмне жаның кейийт?

— Боорум ооруйт. Абдан капа болуп чыкты.

— Эч нерсе эмес... Баары жайында болот... МТСке телефон уруп, директорду чакыргын да, мени менен сүйлөштүр.

Галина Андреевна телефон уруп, директорду телефонго чакырып, трубканы күйөөсүнө берди.

— Жолдош Хусаинов,—деди Боровиков трубканы колуна алып—сенин графигиң боюнча тракторлор гозопая айдоо үчүн «Навободго»—качан барат? Жыйырма алтысындабы?.. Угуп тур, ага эртерээк жиберүү керек, эртең, эң болбогондо бүрсүгүнү жиберүү керек... Ооба... Башка иштериңе жолтоо кылбай турган болсо, жиберип кой... «Навобод» арттагы колхоз, ага жардам берүү керек. Андан



башка дагы бир иш бар, жолукканда айтып берем. Ошентип мүмкүн дечи? Абдан жакшы, ракмат.

Ал трубканы койду да, аялына мындай деди:

— Баары жайында. Сенин Нуралиң эртең «Навободго» олжо менен барат, кара аргымагы менен эмес, болот атка минип барат.

Эртеси эртең менен Нурали райкомдун секретарына кабагын салып, капаланып келди.

Ал келгенде Боровиков столдо отурган экен. Анын буту жууркан менен оролгон. Кагаздарды карап отурат. Галина Андреевна анын жанында окуучуларынын дептерин текшерип жатыптыр.

— Саламат, саламат!—деди Боровиков. Ал кагаз салган папканы бир жакка алып койду да, Нуралиге карап, жылмайды. — Кана, кандай уктадың? Начарбы? Эч нерсе эмес, анын сага пайдасынан башка зыяны жок. Сени менен сүйлөшкөндөн кийин, жеңилдеп калыпмын. А түгүл бүгүн басып да көрдүм,—деп тамашалай сүйлөдү да, учуна резина урулган таякка жөлөнүп басып көрдү.—Кана, түнү бою кандай жакшы нерсе ойлоп таптың? Сен отурбайсыңбы, эмне турасың?

— Эч нерсе ойлоп тапканым жок,—деп жооп берди кабагын чытып, Нурали.—Мага өз колхозума барып, мурдагы эле ишимди иштөөгө руксат бериңиз.

— А райкомдун чечимин кантебиз? Биз өзүбүздүн чечимибизди күндө жаңыртып отура албайбыз... Кеп мындай,—деди Боровиков, башка үн менен,—сен мындай оюңду ташта... Ленин айткан сөздөр эсиңде болсун: «Кемчиликтерден үйрөнүү керек...» Сен азыр МТСка баргын, Хусаинов сага трактор бригадасын берет—ал жөнүндө мен аны менен сүйлөштүм,—машиналарды алып, «Навободго» баргын... гозопаяларды айдат!

Алгачкы минутада Нурали эмне кыларын билбей кара көзүн алайта ачып, бир Боровиковго, бир жылмая карап отурган Галина Андреевнага карап тура берди. Андан кийин кубангандай, тумагын жерге бир уруп, Боровиковдун колун алып силке баштады.

— Петр Николаевич! Бул кандай болуп кетти?—деди ал.—Мен эми алардын баарын ишке чыгарам... Өзүм да, күнү-түнү дебей иштеймин...

— Мунуң да бекер!—деп Боровиков аны жоошутту.—Жетекчи антип алдастаганда болбойт... анын токтоо, жакшы адам экенине баарынын көзү жетүүгө тийиш. Ал эң алды менен уюштуруучу болууга тийиш, анын башы иштөөгө тийиш. Эң башкы маселе жакшы адамдар менен мамиле кыла билүү керек. Қана, кош бол, ишиң ийгиликтүү болсун!

Эки трактор күркүрөп «Навободдун» көчөсүнө кирип келди. Алардын алдында Шабрангды минип, Нурали келе жатат.

Башкарманын эшигинин алдында шаардан жаңы гана келген, колхоздун председатели Юнусбай, Мухамедният, счетовод жана эки колхозчу турат.

— Тракторлорду кайда алып бара жатасыз?—деп сурады таң калгандай Юнусбай, учурашкандан кийин.

— Силерге келдим!—деп жооп берди көңүлдүү Нурали.

— Бизгеби? Ырас болуптур! Биз дагы бир жумадан кийин келет деп ойлодук эле.

— Силердин гозопаяны айдасын деп, Боровиков мөөнөтүнөн мурда жибертти.

— Куру сөз эмес, иш деп мына ушуну айтат!—деди Мухамедният.—Мына эми сүйлөшө турган сөз толуп жатат.

Чейрек сааттан кийин гозопаяларды омкоргучтарын сүйрөгөн «Универсалдар» колхоздун кар басып калган талаасындагы гозопая аянтын аңтара баштады.

Юнусбай Нуралини колхоздун башкармасынын конторуна чакырып кирди.

Колхоздун председателинин кабинети, өткөн жолу Нурали Мухамедният менен сүйлөшкөн, чоюн меш турган бөлмөдөн бир кыйла кенен жана таза эле. Кабинетте артык баш мебель жок—жөнөкөй гана жазуу столу, дермантин менен капталган диван жана ага окшош стулдар. Полу тактай, сырдалган. Бурчтагы этажеркада—Сталиндин гипстен жасалган бюсту турат.

— Мына, биз дагы да жолугушуп отурабыз!—деди Юнусбай мейманды диванга отургузуп, оор денеси менен өзү да, ага жанаша отуруп жатып.—Биздин биринчи жолку таанышуубуз, анчалык жакшы болгон жок... Сиз рай-



ком тарабынан биздин колхозго бекитилген уполномочен болосузбу? Абдан жакшы... Биргелешип иштеп көрөлү, кандай дейсиз?

Кабинетке, бир колуна оролуу дасторкон, бир колуна ак чайнек көтөргөн бригадир Мухамедният кирип келди. Дасторконду столдун үстүнө жая салды. Дасторкондун ичинде: нан, чынылар, кант, жаңгак жана мисте бар экен. Алгачкы жолу куюлган чайды Мухамедният Нуралиге сунду.

«Өткөн жолу мени менен сүйлөшкүсү да келген эмес эле»,—деген ойго келди Нурали.

— Трактор бригадасын алып келгениңиз абдан жакшы болбодубу! Бул жардамыңызга чоң ракмат,—деди Юнусбай.

Нурали да, сыйга-сый менен жооп берип жатты.

— Кандай дейсиз раис, гозопая жыйноону бүгүн эле баштайлыбы, же эртең менен киришелиби?

«Мурда күнү бул мындай сүйлөшкөн жок эле го»,—деген ойго келди өз иретинде Мухамедният.

— Бүгүн эле баштаганыбыз оң го,—деди Юнусбай.

— Мен да ошондой деп ойлоймун, убакытты өткөрбөй баштоо керек,—деп кубана түштү Нурали.

Председатель бригадирге: элди ишке чыгаргыла деп буйрук берди.

Председателдин жанында дагы бир аз отургандан кийин Нурали ордунан туруп, аны менен коштошуп, гозопая жыйноо кандай жүрүп жатканын көрүүгө бара тургандыгын айтты.

Көчөдөн ага илгичи жок боз шинель кийген, оң жеңи кыймылсыз салаңдаган жаш жигит кошулду. Бул башкарманын секретары жана колхоздун комсоргу Рахим эле, өзүнүн иши боюнча биринчи бригаданын участкасына бара жаткан.

— Сиз фронтто болдуңуз беле?—деп сурады Нурали.

— Ооба. А сизчи?

— Мен да болгонмун. Кел таанышып коёлу.

Алар кол алышып көрүштү. Нурали Рахимден колхоздун иши, анын өзү жөнүндө сурай баштады. Көрсө ал, комсорг болуп жакында эле шайланыптыр, анын өзү жөнүндө айткандары, колхоздун азырынча начар иштеп жаткан комсомол уюмунун ишине караганда, Нуралиге алда канчалык кызык болуп көрүндү.

Рахим фронтко он сегиз жашында кеткен, Орёлдун, Великие Лукинин, Смоленскинин, Минскинин, Варшаваның алдында согушуп, төрт жолу жарадар болуп, кырк бешинчи жылдын башында оң колунан ажырап келген. Өндүрүштө иштөөгө жарамсыз. А дегенде ага агитациялык иш тапшырылды, андан кийин сол колу менен жазууга жарап калган кезде, башкармага секретарь кылып алышты.

Кыштактан көп алыс эмес жерде, тракторлор гозопаяны омкоруп жүрөт. Хашим-Корвон кечегисиндей эле, жолдун боюнда эки өгүзүн кошуп алып, жер айдап жатат. Анын нарыраак жагында бир нече колхозчулар жана колхозчу аялдар кетмен менен гозопаяларды омкоруп жүрүшөт. Нуралини көрө коюп, Хашим-Корвон алдынан утурлай басты.

— Тракторлорду сиз алып келдиңизби?—деди ал жылмая күлүп. Нуралинин колун кыса кармап көрүшүп жатып.—Абдан жакшы. Анда кечирип коюнуз, мен сизге эмне үчүн трактор менен айдабай өгүз кошуп алып айдап жүргөнүмдү түшүндүргөн жокмун. Өзүңүз көрүп турасыз, участканын өзү кичине, трактордун бурулушу кыйын, ошондуктан гозопаяны өгүз кош менен айдап, кетмен менен чаап таштоого туура келип отурат. Мен сизге түшүндүргөн жокмун, ошонуң үчүн сиз билбесеңиз керек.

«Мен муну кантип билбей калдым экен»—деп Нурали ызалуу ойго кетти. Бул мени талаа жумушуна таптакыр түшүнбөгөн кандайдыр бир кызматчы деп ойлосо керек». Ошентип Нурали Хашим-Корвондун жаңылышкандыгын ушул эле жерде көрсөткүсү келди.

Нурали Хашим-Корвон экөө участканын тиги жактагы экинчи бөлүгүндө кетмен менен иштеп жаткан адамдардын жанына барып, чарчагандыктанбы, же өзү эле ошондой кашаң немеби, араң эле колу кыймылдаган жапалдаш бойлуу бир кишини байкады.

—Балким сиз бир аз дем аларсыз, кетмениңизди бересизби?—деди ага Нурали.

Колхозчу ооз ачпастан макул болду.

— Болуптур, сиз бир аз жылынып алыңыз! — деди ал чапанынын жеңи менен бетиндеги терин сүртүп жатып.

Нурали кетменди салмактап көрүп, бутун талтайта түшүп ишке киришти. Кетменди катуу шилтеп, батыра чаап,



гозопаяны алып ыргытып жатты. Бороздун бир жагына үч мертебе кетмен чаап, анан экинчи жагына өттү. Кетмен менен чаап алып ыргытып, гозопаяны буту менен кошо шилтеп отурду. Гозопаяны чогултууга тийиш болгон колхозчу аялдар ишсиз калышты, анткени Нурали алардын ишин өзү аткарып жаткан.

— Бу кандай?—деди кетмендин ээси, жалгыз өзү бир нече киши үчүн иштеп жатат? Жардамчылары бекер карап калды го? Жок, мен буга макул эмесмин. Кетменди бери бериңиз.

Кыштакка кайтып келе жаткан кезде:

— Сиз мындай иштегенди кайдан үйрөнгөнсүз?—деп сурады Хашим-Корвон, Нуралиден ийменгенсип.

— Өзүбүздүн колхоздон. Силердин колхозчулар да алардан кем иштөөгө тийиш эмес, деп ойлоймун,—деген жоопту айтты. Нурали жана Хашим-Корвон сыяктуу пахтачынын мактаганына ыраазы болуп калды.

Үйдүн бурчундагы столдун үстүндө кызыл абажуру бар электр лампасы күйүп турат. Анын мала кызыл жарыгы дубалдагы туш кийизди, текчедеги мис кумураны, баланын кроватын араң эле жарык кылат.

Мастура байбиче килемге салынган төшөгүнүн үстүндө отурат, анын жанында чоң энесинин тизесине колун арта салып, небереси уктап жатат. Кемпир кичинекей кызга кубана карап, анын энесин эсине түшүрдү. Зеби Нуралиге караганда энесине абдан окшош: өңү энесинин өңүндөй чырайлуу, оозу кипкичине, каштары ичке жана узун... Сановбар, Нурали фронтто жүргөн кезде эле каза болгон. Мастура келинин абдан жакшы көрүүчү. Сановбар бахча огород бригадасынын табелчиси жана комсомол уюмунун агитатору болучу, ал иштеп келгенден кийин да Мастурага эч нерсе иштетпестен, баарын өзү иштей турган. Дени соо, жаш келин, кетмен чаап, пахта терип да жүрдү, бирок чарчаганды билүүчү эмес. Коңшулары Мастурага абдан жакшы келиниң бар деп суктаныша турган. Ошентип жүрүп ал бир күнү каза болду. Келиниме көз тийип өлдү дегенди Мастура эмгиче айтып, оозунан түшүрбөйт. Бир күнү Сановбар өзүнүн курбулары менен бирге коңшулаш колхозго пахта терүүгө жардамга барышты. Кеч күз, күн суук. Аялдар ал колхоздо үч күн болушту. Үйгө келгенден кийин Сановбар башы ооругандыгын айтты. Мастура ага төшөк салып, жаткызып койду.

Келиндин курбулары Мастурага: Сановбар баарыбыздан эрте туруп, пахтанын башындагы кыроо кете электе, таң эми гана агарган кезде—башкалардан эки саат мурда пахта тере баштачу деп айтышты... Сановбар төшөктө бир гана сутка жатты. Анын көзү тумандап, баш оорусу күчөй берди... Мастура Сановбардын каза болгонуна ушул күнгө чейин ишенбейт. Нурали менен Мирза-Хамдамдан жашырып, жума сайын май токоч бышырып, бейитине алып барат жана кээде балдарынан жашырып, үйгө шам жагат... (балдары муну эч качан жактырбас эле). Нурали Сановбарды эч качан кеп кылуучу эмес, эгер бирөөлөр кеп кыла турган болсо, кабагы бүркөлүп, кашы салаңдап түшө калуучу.

Нуралинин согуштан келишин күткөн Сановбар, ага топу тигип койгон. Нурали аны башына кийбейт, курдашынан калган эң кымбат белек катарында сандыкка катып койгон.

Нуралинин армиядан бошоп келгенине бир жарым жыл болуп калды. Мастура менен Мирза-Хамдам да, ага бул жөнүндө сөз айта элек. Андай сөздү айтууга убакыт жетип калган: Нурали, сен кайсы убакка чейин бойдок жүрөсүң?—деш керек эле.

«Көзүмдүн тирүү кезинде Нуралини үйлөндүрүш керек, — деп ойлой турган Мастура.— Өнөрүм калган жок, өлөрүм калды. Энелик карыздан кутулбай коюу жакшы эмес... Сановбардай колукту табуу чынында кыйын, ошентсе да, бизде жакшы кыздар жок дейсиңби? Бирок мына бу кичинекей кызым, өгөй эненин колунда калганы гана жаман!.. Нурали, мүмкүн, ошол үчүн үйлөнбөй жүргөндүр?»

Өгөй эне! Өгөй эне деген эмне экенин Мастура биле турган. Анын энеси тогуз жашында каза болгон. Атасы башка аял алган. Мастура атасы алган кийинки аялдан жылуу сөз угуп көргөн киши эмес. Кийими кир, жумадан-жумага чейин башы жуулбаган... Үйдөгү иштен колу бошочу эмес... Уруучу... Жастанган жастыгы көз жашы менен жуула турган... Ал кандай азаптуу күн эле! Эске түшүрүүнүн өзү кыйын.. Он бешке чыкканда Мастураны күйөөгө беришет. Ата-энесинен ажыраган анын күйөөсү Бараттын да алакандай жери жок. Атасынан калган жарым танап жүзүмдүгүн Мастуранын калыңы үчүн сатып жиберген. Ал кезде бир канча айга жалданып кетип, Мас-



тура бирөөлөрдүн жүнүн жана пахтасын ийрип оокат кылуучу. Барат ак көңүл, жакшы адам болгон. Мастура ал жөнүндө эч кандай жаман сөз айта албайт... Андан кийин башка мезгил, башкача жашоо башталат. Алар колхозго кирип, Барат башка бирөөнүн кызматын кылганды. Мастура бирөөлөрдүн жибин ийиргенди коёт. Вахшка көчүп келгенден үч жыл өткөн соң Барат дүйнөдөн кайтат, ошентип эки баланы: Мирза-Хамдам менен Нуралини адам кылып чоңойтуу Мастуранын мойнуна жүктөлөт... Өгөй эне! Жок. Мастура тирүү кезинде Зебини өзү багып чоңойтот. Эгер Зеби бой тарткыча өзү өлүп кала турган болсо, анда кызды келини Хайринисого калтырат. Хайринисо абдан асыл аял, анын үстүнө Зебини жанындай жакшы көрөт... Мүмкүн, Нурали Зебини өз кызынан кем көрбөй турган аял алаар?..

Мастуранын оюн дарбазанын кагылышы менен Арсландын арсылдап үргөнү бөлүп кетти. Андан кийин Мастурага «бу ким!», деген үн, кычырап ачылган дарбазанын добушу, аттын дүбүртү, Арсландын эркелегени угулду.

Бир мүнөттан кийин бөлмөгө Нурали кирип келди.

— Жата элексиңерби, эне?

— Мен сени күтүп отурдум.

— Зебини эмне үчүн өз кроватына жаткырган эмессиз?—деп сурады Нурали.

— Мени менен кажылдашып жатып, уктап калды.

Нурали Зебини акырын алып, кроватына жаткырды да, жуурканын жаап, туш-тушун кымтып койду. Анан өтүгүн чечип, килемдин үстүнө отура кетти.

— Курсагың ач го—деймʼ? Жылыта коёюн.

— Кереги жок, «Навободдон» тамак ичип келдим.— Нуралинин үнү көңүлдүү чыгып, көңүлү ток экенин көрсөткөндөй болду.

—«Навободдо» иштер кандай? Жактыбы?

— Жаман эмес. Иш оңунда болгону турат көрүнөт.

— Кудая шүгүр... Сен чарчагандырсың уулум? Жатып уктайсыңбы?

— Жок, силер менен бир аз отура турайынчы. Уйку канатко, түн узун эмеспи.

Бирге отурушуп, аркы-беркини сүйлөштү. Анан Мастура акырын мындай деп баштады:

— Мен көптөн бери сени менен сүйлөшөйүн деп жүрдүм эле... Бетме-бет отуруп... чын жүрөктөн... өзүң жөнүн-

дө сүйлөшмөкмүн... Сенин андай сөздү жактырбай тургаңыңды билем. А сүйлөшүү керек уулум, керек. Мен болсо карыдым, аз гана жашар күнүм калды. Мен өлсөм жалгыз өзүң каласың... каралашар кишиң жок. Аялың жок, сени менен Зебиге ким карайт. Көзүмдүн тирүү кезинде кудай алдында жана ага-тууганддардын алдында мен өз карызымдан кутулуум керек, сага аял алып берейин. Сени бир жолу үйлөндүрдүм, кубандык, бирок, кара көзүбүздү кашайтып, ардактуу келин балам каза болду, анын жаткан жери жайлуу болсун... Аялсыз жашоо кыйын. Эгер кааласаң, мен сага колукту издейин, болбосо өзүң тандап ал. Мүмкүн, болжолдоп жүргөнүң бар чыгар уулум? Анда айт, мен куда түшөйүн... Көзүмдүн тирүү кезинде, колуктуңду үйүмө киргизип, энелик сөзүмдү айтып, Зебижанды колуна тапшыргым келет. Ойлонуп көрчү уулум.

Мастура унчукпай калды. Энеси сүйлөп бүткөнгө чейин Нурали караңгы терезеден көзүн албай, бир жакшы нерсени эсине түшүргөндөй, анда-санда жылмая калып, кайра бат эле мостоё түшүп отурду.

— Мен тууралу камкордук кылганыңыз үчүн чоң ракмат эне,—деди ал.—Бирок... азырынча коё туралы. Мүмкүн... кийинчерээк...

— Өзүң бил уулум,—деди бир аздан кийин Мастура. —Менин тилимди алсаң, бул иштн кечиктирүүгө болбойт.

Нурали жооп кайтарган жок. Ал терезеден көзүн албастан кыймылсыз отурду. Анан энеси менен коштошуп, төшөгүнө жата кетти.

Мастура ыраазы болбой калды. Айтылган сөздөрдүн баары натыйжасыз аякталды.

### *Алтынчы глава*

Күн Ак Тоонун нары жагына эңкейип, анын нуру суук түшүп келе жаткан кеч күздөгү күндүн нуруна окшоп, горизонтту кызыл түскө боёду.

Колхозчулар жана колхозчу аялдар иштен үйлөрүнө кайтып келе жатышат. Алар топ-топ болуп, кээ бирлери ийнине кетменин салып келет. Алдыда келе жаткан бир топ аялдар ырдап баратышат; арт жакта келе жаткан эркектер куудул Сарымсактын сөзүнөн улам каткырып күлүшөт. Бою бөтөнчө бийик, муруту барыныкынан узун Хашим-Корвон баарынан катуу күлүп калат.



Кажы-кужуга, күлкүгө жана ырга кошулуп, дүркүрөгөн мотордун дабышы чыгат. Арт жагына кайрылып караган адамдар, келе жаткан «газикти» көрүштү. Бир тобу токтой калышты. Жакындай бергенде машина акырын жүрүп калды. Шофердин жанында райкомдун секретары отурган.

Таягына салмагын сала Боровиков машинадан түштү. Анын катарында отурган ит, секирип түшөйүн деди эле, кожоюнунун үнүн угуп, кабинада кала берди. Ит эмне кылаарын билбей тыбырчылап, куйругун шыйпаңдатып, кыңшылай берди, бирок Боровиков ийниндеги мылтыгын алып, анын жанына койгондо, аңсыз ууга барбай турганына түшүнгөн ит тынч жатып калды.

Колхозчулар Боровиковдун колун кош колдоп кармашып, кезек менен учурашып жатышты.

Боровиков алар менен кошо басты. Көп узабай эле алды жакта күтүп турган аялдар да, ага кошула кетишти. Колхозчулардын көпчүлүгүн Боровиков жакшы таанычу жана аттарын да билүүчү.

— Аялыңдын алы кандай Сарымсак? Жакшы болуп кеттиби?—деп сурады ал сакалсыз куудулдан.

— Өлгүсү келди эле, кайра айнып калды окшойт. Доктор болбой коюптур!— деп жооп берди Сарымсак.

— А сен кандайсың, Шараф? Үйүңдү куруп бүттүңбү?

— Жок, куруп боло элекмин, председатель тактай бербей жатат.

— Бербей жатат?.. А сен башкарманын өзүнө арыз бербейсиңби. А сенин ишиң кандай Зубайда? Окуп жатасыңбы?— деп Боровиков, тоголок келген бетин чечектин тагы баскан жапжаш татынакай келинге кайрылды.

— Убактым жетпей жатат, жолдош Боровиков.

— Убактыны табуу керек, табуу керек Зубайда... Кана, сенде мелдеш кандай жүрүп жатат? Райкомдун бюросунда берген убадаңды аткарып жатасыңбы?

— Жок, Петр Николаевич, болбой жатат,—деди Зубайда. Бул учурда ал, Хашим-Корвонго бир карап алды да, анын абайлап сүйлө деген белгисине көңүл бурбай, сөзүн улантты: — Мына, Хашимди эле мисалга ала коёюн, менин звеном менен мелдеш десем болбой койду.

— Болбой койду? Эмне үчүн? — деп сурады Боровиков.

— Анткени мени аял деп тоотпосо керек!

— Зубайданын айтканы туурабы? — деп Боровиков, Хашим-Корвонго кайрылды.

— Туура айтат,—деди Хашим-Корвон, тигинин ачык айтып салганынан уялгандай...— Сиз өзүңүз айтыңызчы, жолдош Боровиков,— деп ал акчылана баштады,— муну менен мелдештим эмне, мелдешпедим эмне? Менин звеном утуп алса — эл: «Аялдардын звеносун утуп алганына мурдун көтөрүп калыптыр!» — дебейби. Эгер Зубайда утуп ала турган болсо — анда: «Уятың барбы, Хашим-Корвон, кимдерге уттурдуң—аялдаргабы!»—дешет.

Тургандардын көбү күлүп жиберишти.

— Көрдүңбү, сенин айткандарыңа күлүп жатышат,— деп башын чайкады Боровиков.—Эх, Корвон, сенин өзүң жакшы кишисиң, жакшы иштейсиң, а башыңда болсо ушул күнгө чейин куранын окуп молдо отурат. Аялдарды адам катары көрбөйсүң. А сен өзүң коммунистсиң го!

Боровиков, Юнусбай менен Нуралини башкармадан тапты. Ал алар менен парторгду шайлоо боюнча өтө турган партиялык чогулушту даярдоо жөнүндө сүйлөштү.

Көп узабай эле, конторго Хашим-Корвон келип кирди. Бүгүн райкомдун секретары менен болгон ангемеден кийин бул жерде отурууга болобу, же болбойбу деп коомайланган Хашим скамейканын бурч жак четине барып отурду.

— Парторг кылып кимди шайлайбыз?—деп сурады Юнусбай. «Навободгө» Нуралини парторг кылып дайындоо жөнүндөгү райкомдун чечиминен анын кабары жок эле. Навободдуктар, Нурали бир аз күнү болуп кайра кетсе керек деп жүрүшкөн.

— Аны силерден суроо керек. Парторгду силер өз ичиңерден шайлоого тийишсиңер,— деди Боровиков, Нурали менен тиктеше түшүп. Андан кийин Юнусбайга мындай деди:— Мүмкүн сени шайлап жүрбөйлү?

— Өзүм председатель болсом, өзүм парторг болсом— жакшы болбойт, уят го!—деди Юнусбай.

— Аның туура, мүмкүн Зубайданы шайлап жүрбөйлү?— деп сурады Боровиков.

— Менимче ага оор болот: аны жакында эле партиянын мүчөлүгүнө алдык,— деди коомайланып Юнусбай.



— Анда силерде Хашим-Корвон эле калды!—деп Боровиков Хашим-Корвонго жылмая карады.

— Коюңузчу! — деп Хашим-Корвон тетири карап кетти.— Мен парторг боло аламбы? Мен көп нерселерди үйрөнүүм керек... Эгер Баратов биздин уюмда болсо жакшы болоор эле...

— Андай болсо, Баратовду деле сурап көргүлө. Мүмкүн бул силердин колхозго келүүгө макулдугун берер.

— Биз суроого даярбыз, бирок макул болбойтко... Мунун колхозу бай, а биздин колхоз болсо али начар,—деп Хашим-Корвон өтүнгөнсүп, Нуралиге карады.

— Биз деле анчалык начар эмеспиз! — деди Юнусбай ыза болгонсуп.

— А силер сурап көргүлө! Райком силер менен макул болот,— деди Боровиков.

Дал ушул учурда кара сакал Мухамеднияз кирип келди. Акырын гана Боровиков менен учурашып, оолагыраак барып отурду.

— И, эмне дейсиң, Манияз?— деп Юнусбай ага кайрылды.

Бригадир жер карап унчуккан жок.

— Эмне унчукпайсың, тарынып калгансыңбы?

Мухамеднияз чапанын кумтулап, эки колун бооруна алып башын жерге салды.

— Менин бир суроом бар,—деди ал акырында.—Жолдош Боровиковдун мында отурганы жакшы болду... Айтылачы: эгерде бригадир партияда жок болсо, а звеновой коммунист болсо, звеновой бригадирге баш ийүүгө тийишпи, же жокпу?

— Баш ийбегендечи.— деп жооп берди Боровиков.— Эмне болду? Анын эмнесин сурап калдың?

— Мен... менин бригадамда күзгү айдоо жүрүп жатат... Айдоо бүткөндөн кийин кышкы сугатка киришебиз. А Хашим-Корвон бүгүн менден сурабастан өз звеносунун жерине суу коё бериптир... Мен мындан эмне үчүн мындай кыласың деп сурасам? Ал: «мен коммунистмин, эмне кылаарымды өзүм билем»— дейт.

— Калп, мен антип айткан эмесмин,—деди Хашим-Корвон. Мен мындай гана дегенмин: жолдош Боровиков мага партиялык билетти тапшырып жатканда, ар бир гектар жерден элүү центнерден түшүм алууга убада бергемин...

— Сен Хашим, нанды көбүрөөк жеп, калпты азыраак айт,— деп Мухамеднияз анын сөзүн бөлдү.— Сен дагы мындай дедиң: «Жолдош Сталин, партияда барлар, партияда жокторго жол көрсөтүшү тийиш деп айткан».

— Ананчы! Андай эмес деп турасыңбы? Тескерисинче дейсиңби?—деп сурай кетти Хашим-Корвон.

— Азырынча сен мага жол көрсөтө элексиң,— деди ачуулана бригадир.— Мен сага эч нерсени таңуулаган жерим жок, бирок мындай деп айта алам: бригададагы эмгек тартибин бузбагын. Ага көнбөсөң, бригаданы ала кой, мен бүгүндөн баштап бригадир болбой эле коёюн.

— Токтой турчу, Манияз. Эмне үчүн мага мунуңарды айткан жоксуңар?— деп сурады, чырдын Боровиковдун көзүнчө чыгып отурганына наараазы болгон Юнусбай.

— Мен сага айтайын деп келип отурам.

Боровиков эмне дээр экен дегендей, баары унчукпай калышты. Өзүнүн айыптуу экенин сезген Хашим-Корвон жалдырап Боровиковдон көзүн алган жок.

— Бу кандай Хашим, бүгүн сага экинчи жолу эскертүүгө туура келип отурат. Сенин бу кылганың туура эмес, ойлогонуң да туура эмес.

— Мен, жолдош Боровиков, сизге берген убадамды аткарайын дегенден башка эч нерсе кылганым жок.

— Сен мага өзүмдүн гана звеном жөнүндө ойлоймун деп убада берген эмессиң,— деди Боровиков.— Андай убаданы мен сенден албайт болчумун. Көрсө сен коммунист катарында өзүңдүн милдетиңе түшүнбөпсүң. Сен өзүңдүн гана звеноңдун ийгилиги жөнүндө эмес, бригаданын, колхоздун ийгилиги жөнүндө кам көрүшүң керек...

Боровиков ордунан туруп, китеп жыйылып турган этажеркага басып келди да, андан бир китеп алып, барактап тин ачып, Хашим-Корвондун жанына келди.

— Мына, Корвон, мына бул китепти алгын да, үйүңө барып кечинде жолдош Сталиндин сүйлөгөн сөзүн бүт окуп чыккын.— Боровиков сөөмөйү менен мындай деген заголовканы көрсөттү: «Ударник-колхозчулардын Бүткүл Союздук Биринчи съездинде сүйлөгөн сөзү». Сен муну мурда окудуң беле?

— Ооба, бирок... көп болду... агитатор айткан...

— Сен муну унутуп калсаң керек. Жакшылап окуп чык, анан экөөбүз сүйлөшөбүз. Силер да, жолдоштор окуп чыккыла,—деди ал Юнусбай менен Нуралиге кайрылып.—



Бул сөздү кез-кезде окуп туруунун пайдасы бар. Айрыкча көкүрөгүн көтөргөндөргө абдан пайдалуу.— Боровиков Юнусбайга карады. Ал эч нерсени байкабаган киши болуп калды.—Силердин саясий кружогуңардын биринчи темасы ушул болсун.

«Ох! Жакшы болбой калды! Абдан жаман болду!»— деди Хашим-Корвон, үйүнө кайтып келе жатып, өзүнө өзү күбүрөп. Ал учурашкан кишилерге араң жооп берип, башын жерге салып, жай гана басып келе жатты. «Эми Мухамеднияз, райкомдун секретары мени кандай тилдегенин элдин баарына жаят. Мухамедниязга: «Сен партияда жоксуң, мен партияда бармын»— деп кайдан айта койдум эле? Айтпай эле койсомчу... Ох, жакшы болбой калды!»

Хашим-Корвонду колхоздогулар көптү көргөн, көптү билген, жакшы иштеген адам катарында кадырлаша турган. Колхоздо биринчи болуп ага жаңы үй берип, а түгүл анын аял алышына көмөктөшкөн: кырк биринчи жылга чейин Хашимдин аялы жок болучу, өзүнүн үйү да жок эле, келечектеги кайнатасы Хасан чалдыкында туруучу. Эгер андан: «Хашим, сен качан үйлөнөсүң?»— деп сурай турган болсо, анда ал: «Үйүм жок, аялды кайда алып келем»— дечү. Эгер: «Эмне үчүн үй салбайсың?»— деп сураса ал: «Аялым жок болсо, мага үйдүн эмне кереги бар?»— дей турган. Жаш кезинде Хашим-Корвон өзүнүн айлындагы Бутабай дегенде малай жүргөн. Хашим анын кызы Зинатка ашык болуп калыптыр деп айтышчу. Бутабай аны менен мындай келишим түзөт: «Менин койлорумду беш жыл катары менен бекер багып берсең, мен сага кызым Зинатты берем». Хашим макул болуп, беш жыл катары менен анын коюн кайтарат, бирок Бутабай өзүнүн убадасын танып, кызын башка бирөөгө берип жиберет. Хашим ал селодон кетип калат да, таптакыр үйлөнбөскө убада кылат.

Мунун чындык, же калп экенин эч ким билген эмес, ал эми Хашимдин өзүнөн сурай турган болсо, бул сөздүн чын, же калп экенин айтпайт. «Корвон» деген атка ал, Коргон-Төбө артелинде кербенчи болуп иштеп, товар жүктөгөн төөлөрдү Тажикстандын алыскы райондоруна жеткирип жүргөндө конгон. Ал небак таштап койгон болсо да, «Корвонбашы» деген аты ушул күнгө чейин сакталып, барган сайын узун сөздү кыскартып, аны эл «Корвон» деп кеткен.

Отуз биринчи жылы өзүнүн бир жердештери менен

— Сен Хашим, нанды көбүрөөк жеп, калпты азыраак айт,— деп Мухамеднияз анын сөзүн бөлдү.— Сен дагы мындай дедиң: «Жолдош Сталин, партияда барлар, партияда жокторго жол көрсөтүшү тийиш деп айткан».

— Ананчы! Андай эмес деп турасыңбы? Тескерисинче дейсиңби?—деп сурай кетти Хашим-Қорвон.

— Азырынча сен мага жол көрсөтө элексиң,— деди ачуулана бригадир.— Мен сага эч нерсени таңуулаган жерим жок, бирок мындай деп айта алам: бригададагы эмгек тартибин бузбагын. Ага көнбөсөң, бригаданы ала кой, мен бүгүндөн баштап бригадир болбой эле коёюн.

— Токтой турчу, Манияз. Эмне үчүн мага мунуңарды айткан жоксуңар?— деп сурады, чырдын Боровиковдун көзүнчө чыгып отурганына наараазы болгон Юнусбай.

— Мен сага айтайын деп келип отурам.

Боровиков эмне дээр экен дегендей, баары үнчүкпай калышты. Өзүнүн айыптуу экенин сезген Хашим-Қорвон жалдырап Боровиковдон көзүн алган жок.

— Бу кандай Хашим, бүгүн сага экинчи жолу эскертүүгө туура келип отурат. Сенин бу кылганың туура эмес, ойлогонуң да туура эмес.

— Мен, жолдош Боровиков, сизге берген убадамды аткарайын дегенден башка эч нерсе кылганым жок.

— Сен мага өзүмдүн гана звеном жөнүндө ойлоймун деп убада берген эмессиң,— деди Боровиков.— Андай убаданы мен сенден албайт болчумун. Көрсө сен коммунист катарында өзүңдүн милдетиңе түшүнбөпсүң. Сен өзүңдүн гана звенондун ийгилиги жөнүндө эмес, бригаданын, колхоздун ийгилиги жөнүндө кам көрүшүң керек...

Боровиков ордунан туруп, китеп жыйылып турган этажеркага басып келди да, андан бир китеп алып, барактап бетин ачып, Хашим-Қорвондун жанына келди.

— Мына, Қорвон, мына бул китепти алгын да, үйүңө барып кечинде жолдош Сталиндин сүйлөгөн сөзүн бүт окуп чыккын.— Боровиков сөөмөйү менен мындай деген заголовканы көрсөттү: «Ударник-колхозчулардын Бүткүл союздук Биринчи съездинде сүйлөгөн сөзү». Сен муну мурда окудуң беле?

— Ооба, бирок... көп болду... агитатор айткан...

— Сен муну унутуп калсаң керек. Жакшылап окуп чык, анан экөөбүз сүйлөшөбүз. Силер да, жолдоштор окуп чыккыла,—деди ал Юнусбай менен Нуралиге кайрылып.—



Бул сөздү кез-кезде окуп туруунун пайдасы бар. Айрыкча көкүрөгүн көтөргөндөргө абдан пайдалуу.— Боровиков Юнусбайга карады. Ал эч нерсени байкабаган киши болуп калды.—Силердин саясий кружогуңардын биринчи темасы ушул болсун.

«Ох! Жакшы болбой калды! Абдан жаман болду!»— деди Хашим-Қорвон, үйүнө кайтып келе жатып, өзүнө өзү күбүрөп. Ал учурашкан кишилерге араң жооп берип, башын жерге салып, жай гана басып келе жатты. «Эми Мухамеднияз, райкомдун секретары мени кандай тилдегенин элдин баарына жаят. Мухамеднизга: «Сен партияда жоксуң, мен партияда бармын»— деп кайдан айта койдум эле? Айтпай эле койсомчу... Ох, жакшы болбой калды!»

Хашим-Қорвонду колхоздогулар көптү көргөн, көптү билген, жакшы иштеген адам катарында кадырлаша турган. Қолхоздо биринчи болуп ага жаны үй берип, а түгүл анын аял алышына көмөктөшкөн: кырк биринчи жылга чейин Хашимдин аялы жок болучу, өзүнүн үйү да жок эле, келечектеги кайнатасы Хасан чалдыкында турууучу. Эгер андан: «Хашим, сен качан үйлөнөсүң?»— деп сурай турган болсо, анда ал: «Үйүм жок, аялды кайда алып келем»— дечү. Эгер: «Эмне үчүн үй салбайсың?»— деп сураса ал: «Аялым жок болсо, мага үйдүн эмне кереги бар?»— дей турган. Жаш кезинде Хашим-Қорвон өзүнүн айлындагы Бутабай дегенде малай жүргөн. Хашим анын кызы Зинатка ашык болуп калыптыр деп айтышчу. Бутабай аны менен мындай келишим түзөт: «Менин койлорумду беш жыл катары менен бекер багып берсең, мен сага кызым Зинатты берем». Хашим макул болуп, беш жыл катары менен анын коюн кайтарат, бирок Бутабай өзүнүн убадасын танып, кызын башка бирөөгө берип жиберет. Хашим ал селодон кетип калат да, таптакыр үйлөнбөскө убада кылат.

Мунун чындык, же калп экенин эч ким билген эмес, ал эми Хашимдин өзүнөн сурай турган болсо, бул сөздүн чын, же калп экенин айтпайт. «Қорвон» деген атка ал, Қоргон-Төбө артелинде кербенчи болуп иштеп, товар жүктөгөн төөлөрдү Тажикстандын алыскы райондоруна жеткирип жүргөндө конгон. Ал небак таштап койгон болсо да, «Қорвонбашы» деген аты ушул күнгө чейин сакталып, барган сайын узун сөздү кыскартып, аны эл «Қорвон» деп кеткен.

Отуз биринчи жылы өзүнүн бир жердештери менен

бирге Вахшка көчүп келгенде, «Навобод» артелинин председатели аны колхозго киргин дейт.

— Кереги жок,— деп жооп берет Хашим-Корвон.

— Сен эмне кылмаксың?

— Бир аз жер алып, шалы айдаймын.

— Биздин колхоздо деле шалы айдай турган жер бар.

— Жер бергиле, шалы айдаймын, бирок мага: «Колхозго кир» дегениңерди койгула.

— Ошондой дечи!

— Өзүм жалгыз айдаймын, үрөн гана бергиле. Түшүмдүн жартысы силердики—жартысы меники болот.

Артелдин ошол кездеги председатели Эгемберди бул укмуштуу сунушту кабыл алып, Хашим-Корвонго шалы айдай турган эки гектар жер бөлүп, үрөнүн кошо берет. Артелдин мүчөсү болуп эсептелбеген Хашим-Корвон өзү айдап, өзү басат; күзүндө өзүнө тиешелүү бөлүгүн алып, базарга сатып, акчасын куруна түйгөн бойдон дайынсыз жок болуп кетет. Кийинчерээк анын Вахшстройдо иштеп жүргөнү угулат.

Курулушта ал үч жылдай иштеп — Сталин атындагы каналды казууга катышып, мыкты кетменчи катарында макталып, Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланат; андан темир жолдорду жана таш жолдорду курууга катышат. Отуз төртүнчү жылы ал кайра «Навободго» келет. Анын турмушундагы өзгөрүштөргө адамдар таң калышат: мурда ал унчукпаган түнт адам эле, азыр көңүлдүү, кишиликтүү адам болуп, а түгүл орусча сүйлөгөндү да үйрөнүп алыптыр.

Көп узабай эле ал, колхозго мүчө кылып алууну сурап, арыз берет. Аны кабыл алышат.

Колхоз тарабынан ага берилген огороддун жарымына кырк түп анар көчөтүн тигет. Согуштун мезгилинде, кырк экинчи жылы анын анарлары болуп көрбөгөндөй түшүм берет. Хашим-Корвондун кампасында жети миң даана анар бар эле. Базарда анардын ар бири беш сом болучу, «Хашимдын» анарына ооз ачпастан алты сом төлөп алып жатышты.

— Анарларың чирип кетет Хашимбай, колхозго сат,— дейт артелдин председатели.

— Чирибейт, аке!—деп жооп берет Хашим-Корвон. —Кайда сатарды билебиз. Ал өзүнүн каалаган жерине барат!



Бир нече күндөн кийин Хашим-Корвон председателден машина сурап алып, бардык анарын ага салып, военкомат аркылуу эч акысыз госпиталга өткөрүп берет. Жарадар болгон жоокерлер үчүн анардын ширеси өтө мыкты дары болорун ал жакшы биле турган. Хашим жогорку даражадагы командирлердин колу коюлган ардак грамотасын алат.

Хасан чалдын кызы менен коңшулаш туруу, Хашим-Корвонду нике жөнүндөгү маселеге моюн сунуп, макул болууга алып келди. Колхоз Хасият экөөнө жакшы үй берди. Жаңы үйгө көчүп барары менен Хашим баарыдан мурда ардак грамотасын анын дубалына илип койду. Ал аны дубалдан мындан эки жыл мурда гана биринчи жолу алды: анткени партияга өтүү жөнүндөгү арызга кошо тиркөө керек эле.

Хашим-Корвон үйүнө келсе, Зубайда анын аялы менен сүйлөшүп отурган экен. Хасият менен Зубайда көптөн бери жакын жолдош, анын үстүнө экөө бир звенодо иштешет. Зубайда ар дайым кечкурун Хасиятка келип, түн ортосуна чейин ошондо отура турган. Алар сайма сайып, же китеп окушчу. Азыр алар керосин лампанын жарыгы түшүп турган сандалда отурушат. Зубайданын алдында беттери ачылган чоң китеп — «Дохунда» деген чоң роман жатат. Бул китепти комсорг Рахим жакында райондук китепканадан алып келген. Алды менен өзү окуп чыгып, андан кийин Зубайдага берген. Кыязы ага роман жагып калса керек.

Эгер аялынын үстүндө Зубайда отурганда келип кала турган болсо, Хашим-Корвон үйгө кирбестен жолдошторунун бирөөнүн үйүнө, же чалдардын—аялынын ата-энесинин бөлмөсүнө барып отуруп алучу. Партиялык чогулуштарда Зубайда Хашим-Корвонду дайыма сынга алып, анын аз окугандыгын, ошонун үчүн аны жактырбагандыгын айта турган. Бирок бүгүн Хашим алардын үстүнө кирип келип, сандалга отура кетти.

Кабагын салып, өтө манчыркап кыймылдаганын мындай койгондо да, бүгүнкү кылыгынан улам Хасият ага кандайдыр бир нерсе болгонун байкай койду.

— Ганижан, сага эмне болду? Кайда болдуң?—деди. Хасият чарчы бойлуу, көздөрү бажырайган, үнү баланы-

кындай ичке аял эле. Тажиктердин салты боюнча ал күйөөсүн, баласынын атын айтып чакыра турган: сегиз жашар Ганижан биринчи күйөөсүнөн калган бала болучу.

— Контордо болдум.—Хашим-Корвон койнунан Боровиков берген китепти сууруп чыгып, сандалдын үстүнө койду.

Зубайда кетмекчи болду эле, Хашим-Корвон эмнегедир аны таң калтыра мындай деди:

— Бир аз отура туруңуз, Зубайда. Сизде анча-мынча ишим бар. Боровиков мына бул сөздү окуп чыгууну тапшырды.—Хашим-Корвон өзү алып келген китептин бетин ачып, Зубайдага сунду.

— Ким окусун деди?

— Баарыбыз окуйбуз. Мен, Баратов, председатель. Окуп туруп, кружокто талкуулап чыккыла дейт. Мына бул... жолдош Сталиндин сөзүн. Сиз окуңуз, а мен... Хасият экөөбүз угуп отуралы.

Зубайда эң эле кыраатына келтирип окуп берди. Ал мындай окуганды өз бригадасында агитатор болуп жүрүп үйрөнгөн болучу.

Сталиндин сөзүн окуп отуруп, ал акырындык менен толкундап, көздөрү оттой жанып, кара торусунан келген чаар жүзү улам өзгөрүп турду; өзүнүн сөзүн сүйлөп жаткан кишиден бетер, кээде, үнүн ачуу чыгарып, кээде какшыктагандай сүйлөп, кээде үнүн ак көңүл адамдай чыгарып жатты. Хашим-Корвон Зубайдадан көзүн албай карап отурду. Хасият болсо, бүгүн күйөөсү тиги келинге ушундай мамиле кылганына ыраазы болуп отурду.

Хашим баарын угууга, баарын эсинде калтырууга аракет кылат. Ар бир сөздү көз алдына келтирип отурду. «Колхоздордун жолу бирден бир туура жол» деген сүйлөмдү окуганда анын көз алдына өзүнүн катышуусу менен курулуп бүткөн Коргон-Төбө—Сталинабад шоссе жолу элестей кетти. «Байлар», «кулактар», «эксплуататорлор» деген сөздөрдү укканда өзүнүн мурдагы кожоюну—чоң сакал Бутабай көз алдына келе калды. «Ак ниет эмгекчил» деген сөз кетменин колунан түшүрбөй, талыкпастан иштеген куудул Сарымсакты элестетсе, «жалкоо» деген сөз колхоз талаасына караганда өзүнүн участкасында жаны калбай иштеген, анчалык дале жалкоо эмес, өзүнүн коңшусу Исматка байланыштуудай болуп угулду.



Зубайда: «Партияда жок колхозчуларга большевиктик менен мамиле кылган коммунисттер бар. Бирок өзүнүн партияда бар экендиги менен бой көтөргөндөр да бар...» деген сөздү окуганда Хашим-Корвон ордунан обдулуп койду. Сталиндин: «... кээде, партияда жокторго мурдун чүйүргөн, азыркы жаш партиялуулар... большевикти... мактанчаактык эмес, кичи пейилдүүлүк көркүнө чыгара тургандыгын эстеринде тутуулары керек» деген сөздү укканда Хашим чыдай албай сөзгө аралашып кетти.

— Мына ушул жерин дагы бир сыйра окуп бериңизчи,— деп сурады Зубайдадан.

Ал окуп берди да, бир аз токтой калып, суроолу көз менен Хашим-Корвонго карады.

— Абдан жакшы айтылыптыр! — деди, бир аз ойлонуп туруп, — Боровиковдун: — «Корвон, жолдош Сталиндин ушул сөзүн абдан көңүл коюп окуп чыккын!»—деген сөзүнө эми түшүндүм.

— Ал эмне үчүн сизге андай деп айтты?— деп сурады Зубайда.

— Эмне үчүн дейсизби? Анткени... мен жолдош Сталин айткандай—иштебей отурбаймынбы. Дагы окуңузчу, эмне деди экен...

### *Жетинчи глава*

«Навободдо» биринчи жолу партиялык отчёттук-шайлоо чогулушу өткөрүлүп жатты.

Колхоздун партиялык-комсомолдук группасынын иши жөнүндө Юнусбайдын докладын угуп, Нурали кызыл материал менен жабылган узун столдун четинде толкундап отурат. «Навободдун» иши менен жакшы таанышып чыккан Нурали абдан капа болду. Начар колхоз, анын бөлүнбөс фондусунда элүү миңден ашык акча болуп көргөн эмес! Ленинабадга барып келгенден кийин кубаттуу, маданияттуу миллионер колхоз кылуу жөнүндө Нуралиде пайда болгон план мындай абалда кантип ишке ашсын. Ал азыр Боровиковго макулдугун берип койгонуна капа болуп отурат.

Коммунисттер менен комсомолецтердин чогулуштарын өткөргөндүктөрү жөнүндө узак сүйлөп жаткан Юнусбайдын сөзү анын кулагына кирген жери жок. Столдун ортосуна коюлган керосин лампа партиялык кабинетти араң

эле жарык кылып турат. Бурчта турган чоюн меште от күйүп жатат. Сторож Гаиб ага кертилген отундан салып коюп отурат.

Юнусбай терезе пардасы жок жалгыз терезеге далысын салып сүйлөп жатат, анын катарында докладды ыкласы менен угуп Зубайда отурат. Тыш караңгы жана суук; кар жаап турат, лапылдап түшүп жаткан кар үйдөгү лампанын, тышка түшкөн жарыгы менен даана көрүнөт. Нурали отурган узун столдун экинчи четинде чыканагы менен таянып, Боровиков отурат. Бул кичинекей партиялык уюмда өтө турган чогулушка ал, башка бир инструкторун жиберсе деле болмок, бирок өзү келди: райондо «Навобод» өндүү бир катар артта калган колхоздор бар эле, а Боровиков алар менен өзү гана иштечү. Бөлмөнүн эң четиндеги, меш турган бурчта, чогулушка катышкан беш кишинин бири Хашим-Корвон отурат. Ал бурч абдан караңгы болучу, эгерде ал жерге меште күйүп жаткан оттун жарыгы түшпөгөн болсо, Корвонду көрүү кыйын эле.

Юнусбай өзүнүн докладын бүтүрүп, ордуна отурду.

— Ким сүйлөйт?— деп ал отургандарга кайрылды. Эч ким жооп берген жок. Юнусбай өзүнүн сөзүн дагы бир жолу кайталады. Чыгып сүйлөй турган киши болбоду.

«Юнусбайдын мактай турган жери жок экендиги, ал эми аны сынга алуудан коркуп жатышкандыгы көрүнүп турат!»—деген ойго келди Нурали, Зубайда менен Хашим-Корвонго карап:

— Мүмкүн сен сүйлөп жүрбө, Зубайда?—деп Боровиков сөзгө аралаша кетти.

Зубайда акырын ордунан турду.

— Өзүнүн докладында Юнус-аке социалисттик мелдеш жөнүндө абдан аз токтолду, — деп баштады ал, сүрдөп сүйлөй албай, мойнундагы кызыл шурусун кармалап. — Ошентсе да, бул маселе жөнүндө жакшылап сүйлөшүүбүз керек. Эгерде биздин колхоздо мелдеш жакшы уюштурулган болсо, башкача айтканда, бригада менен бригаданын, звено менен звенонун ортосунда мелдеш жакшылап уюштурулган болсо, анда колхоз башка колхоздордон калыша койбос эле. Жалпысынан алганда...—ал сүрдөй түшүп, кайратына келди,—бетке айтуу керек, Юнусбай-аке бул ишке жаман жетекчилик кылып келди.

«Жок, бул анчалык деле уялчаак көрүнбөйт! Азамат!» —деген ойго келди Нурали.



— Таптакыр жетекчилик кылган жок деп айтууга болот!— деп кошумчалады Зубайда.

Мындай болорун күтпөгөн Юнусбай, башын көтөрүп, колдорун жайып, мындай деди:

— Баарына тең эле мен айыптуу турбаймынбы!

Боровиков ага алая бир карап алды.

— Тынч отур. Сынды көтөрө билүү керек.

— Дагы айта кетейин дегеним,—деп сөзүн улантты, Боровиковдун сөзүнөн улам кайратына келе түшкөн Зубайда,—Юнус-аке капа болбосун. Эмне үчүн кээ бир аялдар... жетекчилердин аялдары... колхоздо иштешпейт? Менимче бул туура эмес. Башкаларга антип үлгү көрсөтүү болбойт.

— Сен кимди айтып жатасың? — деп сурады Юнусбай.

— Мен эч кимди айтып жаткан жерим жок, сиздин аялыңыз жөнүндө айтып отурам, Юнусбай-аке!— деп кесе сүйлөдү Зубайда.— Дагы бир топ иштебей жүргөн аялдар бар. Жолдош Сталин эмне деген? Аялдар, дейт жолдош Сталин, колхоздо иштөө менен гана эркектер менен бирдей укукка ээ болот. Эгер эмгек кылбай турган болсо, алар кантип эркектер менен тең укуктуу боло алышат? —деп сөзүн бүтүрүп отура кетти Зубайда.

— Туура айтат! — деди бурчта отурган Хашим-Корвон.

— Бул сөздү жолдош Сталин колхозчулардын съездинде сүйлөгөн.

Боровиков башын көтөрүп жылмайып койду.

— Көрүп турам, ал сөздү окуп алгансың го?

— Зубайда окуду, мен угуп отурдум,—деди Хашим-Корвон үнүн акырын чыгарып. Андан кийин үнүн көтөрүп:— Жолдош Сталин абдан жакшы айтыптыр... абдан туура айтыптыр... Ал мындай дейт: силерден, башкача айтканда бизден, колхозчулардан — бир гана нерсе талап кылынат, ал ак ниеттүүлүк менен эмгек кылуу, калганынын баары ишке ашты — советтик бийлик ишке ашты, ал колхоздорго жардам берет, жакшы жер, суу бар, машиналар-тракторлор бар... Өз колхозуңду сүйүп, аны сактооң керек, дейт. Анан мындай дейт: социализм эмгекти сүйөт, жалкоолорду сүйбөйт!

— Силердин колхоздо жолдош Сталин айткандай иштер жүрүп жатабы?— деп сурады Боровиков.

— Андай болбой жатат,— деп жооп берди, Хашим-Корвон ордунан туруп жатып. — Мына, мен колхозчулардын өзүлөрүнүн огороддорун эле мисалга ала коёюн. Текшерсеңиз, өзүңүз деле көрөсүз, жолдош Боровиков, биздин колхозчулардын көпчүлүгүнүн элүү, алтымыш сотыхдан огороду бар. Четинен эле Исматты ала коёлу. Эмне үчүн ал пахтада начар иштейт? Мен айтып берейин. Анткени, анын жетимиш сотыхга жакын огороду бар. Андай кишилер үчүн өзүнүн участкасы кымбат—а пахта болсо, кудайга тапшырылган.

— Андай участкалардан, артык жерди кесип алуу керек, — деп Зубайда Хашим-Корвондун сөзүн кубаттай кетти.

— Ошондой дечи,— деди ойлоно түшүп, Боровиков. Анан Нуралиге кайрылып:— Кана, сен бирдеме айтасыңбы?—деп сурады.

Нурали ордунан турду. Навободдуктар ага карап калышты. «Уполномочен» алардын колхозу жөнүндө эмне айтаар экен?

Зубайда менен Хашим-Корвон чыгып сүйлөгөндөн кийин, Нуралинин көңүлү көтөрүлө түштү: мына ушул кишилерге таянып иштөө керек.

— Мен мындай маселеге токтолгум келет,— деп баштады сөзүн ал шашпастан.— «Навобод» жогорку түшүм алууга жетишип, алдыңкы колхоздордон боло алабы? Менимче бул абдан оор... а түгүл мүмкүн да эмес. Силер эмне үчүн деп сураарсыңар? Анткени, «Навобод»—кичине колхоз, абдан кичине колхоз деп айтууга болот. Пахтадан жогорку түшүм алуу үчүн машина, алдыңкы катардагы агротехника керек экендиги—баарыбызга белгилүү. «Навободдун» кичинекей талааларында аларды кантип пайдаланууга болот?—деп Нурали пикирин топтогонсуп, токтой калды.

Юнусбай токтоно албай, калтырап мындай деди:

— Сиздин оюңузча эмне кылуу керек?

— Колхоз талаасын карап көргүлөчү,— деп сөзүн улантты Нурали, Юнусбайдын суроосуна жооп бербестен.— Андан эмнени көрүүгө болот? Мында бир участка, тигинде бир участка, алардын кээ бирлери абдан кичине, трактор бурула турган жери жок. Карыш жылгандан кийин кайра бурулууга туура келет — анын ар жагы же башка участканын жери, же башка колхоздун чеги. Тим



эле адамдын күлкүсү келе турган. Лябиджудеги «Навобод» менен «Ситораи Сурх» колхозунун участкаларынын ортосунан «Рохи Нав» колхозунун участкасы орун алган, ал жерди сугаруу үчүн үчөө үч арык казган. Ушундай жерде трактор кантип иштей алат? Иштемек турсун, үч арыктын ортосунда «бийлөөгө» болбойт. Эгер ал бир участка боло турган болсо, үч арыктын ордуна бир гана арык керек болоор эле.

— Кана, сиз эмне айтмакчысыз?— деп Юнусбай дагы анын сөзүн бөлдү.

— Мен коңшулаш колхоздордун бирөө менен кошулуу керек, дегенди айткым келип турат! — деди Нурали.

— О, хо, ошондой деңиз!— деп жактырбагандай башын чайкады Юнусбай.

— Чынында, Петр Николаевич,— деп сөзүн улантты Нурали, Боровиковго кайрылып, — «Навобод», «Рохи Нав» менен, же болбосо «Ситораи Сурх» колхозу менен бириксе эмне болот? Андай болсо, бир чоң жана бай колхоз болоор эле. Чоң колхоз болсо, бардык ишти ийгиликтүү түрдө жүргүзүүгө болот. Сонун чарба курулуштарын, жаңы үйлөрдү, клубдарды куруута болот. Электрдин кереги барбы? Сөзсүз керек. Кичинекей колхоз булардын баарын кайсы каражаты менен курат? Каражаты да, күчү да жетпейт. Жетимиш гектар пахта, анын начар түшүмү, бөлүнбөс фондудагы элүү миң сом менен көп алыска кете албайт.

Нурали отурду.—Жым-жырт, эч ким үнчүккан жок, сторож Гаиб тынчтыкты бузду.

— Оозуңа май жигит! Сенин сөзүң абдан туура!

Зубайда каткырып күлүп жиберди.

— Туура сөз, бирок ишке ашпай турган маселе,— деди ишене сүйлөп Юнусбай.— «Рохи Нав» биригүүгө макул болбойт.

— Эмне үчүн?— деп сурады Нурали.

— Анткени алар бизден бай.

— Биригүүнүн аларга да пайдалуу экендигин рохинавлыктарга түшүндүрүү керек.

— Алардын председатели Ахмеджанга түшүндүрүп көргүлө.

— А «Ситораи Сурх» кандай? Алар да, макул болбойбу?—деп сурады Зубайда.

— Алар макул болгону менен да, аларга кошулууга болбойт. Лябиджуй тилкеси тоскоолдук кылат.

— Биригүүнү сиз өзүңүз каалайсызбы?— деп сурады Нурали тигиле карап.

— Менин калааганым аздык кылат, кептин баары коншуларда,—деди тайсалдай сүйлөп Юнусбай.

Нурали дагы бирдеме дейин деди эле, Боровиков токтотуп койду.

— Сен маанилүү маселени көтөрүп отурасың—деди ал чөнтөгүнөн канжасын алып, ага баштыктагы тамекисинен толтуруп жатып.— Бирок азырынча аны коё туралы. — Боровиков бир аз унчукпай туруп, анан мындай деп кошумчалады: — Рохинавдыктар менен сүйлөшүп, бир пикирге келгиле, а биз силердин демилгеңерди колдойбуз. Азыр биз, силердин жана партиялык уюм эртеңден баштап иштей турган кезектеги ачык жана зарыл маселелер жөнүндө сүйлөшөлү. Ал кандай иштер экенин талдап көрөлү.—Боровиков ширенке күйгүзүп, канжасын тартты да, мындай деп сөзүн улантты:—Иш абдан көп, бирок тартынбастан алга жылдыра турган эң башкысын бөлүп алып, бардык ишти ошонун багыты боюнча жүргүзүү керек. Алжазга даярдык көрүү, келечектин түшүмү жөнүндө камкордук кылуу. Сен бул жерде Юнусбай, жашылча сатуудан мынча киреше алдык деп, мактанып кеттиң. Эгер билсең сенин кемчилигиң ошол. Сен жана сен башкарган колхоздун башкармасы, пахтага караганда, пияз, сабиз, коон жөнүндө көп аракет кылышты. Мына ошондуктан пахта тапшыруу ишин үзгүлтүккө учуратып салдыңар. Бул, мамлекетке каршы практикадан баш тартуу керек. Силердин партиялык уюмдун алдында турган биринчи милдет мына ушундай жолдоштор. Бул жерде ушул күнгө чейин өкүм сүрүп келген мамлекетке каршы практикадан биротала баш тартуу керек. Силердин колхоз пахта эгүүчү колхоз. Анын илгери жылышы пахта менен гана чечилет... Сенин Юнусбай, соодагерчилик мүнөзүңдү коммунисттер туура сынга алып отурушат. Сен өзгөрүүгө тийишсиң. Эгер өзгөрө албай турган болсоң, колхозчулар сенин ордуңа башка председатель шайлап алышат. Жетекчилердин аялдары иштебейт. Колхозчуларга берилген участкалар абдан көп. Бул болбогон иш. Айыл чарба артелинин уставы бузулган. Экинчи милдет жолдош коммунисттер: айыл чарба артелинин уставын бузуу фактларын жоюу,



андай кемчиликтерди жоюу менен мындан ары андай фактларды болтурбоо үчүн катуу контролдук кылуу зарыл. Сен, Баратов: колхоз кичине, тигини, муну аткара албайт дейсиң. Мен сени менен макул боло албайм. Эгерде сен мындан ары да, ушундай пикирде кала бере турган болсоң, бул жерде жакшы иштей албайсыңбы деп коркуп турам. Колхоз өзү кичине болгону менен чарбачылык жана маданий жактан жогорулаштын ондон бир мүмкүндүгүн да пайдалана элек. Ошол мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга жардам берсин үчүн силер бүгүн партиялык уюмду түзүп отурасыңар... Бирок эсиңерде болсун, партиялык уюм, ал колхоздун башкармасы эмес, ал анын ишине киришүүгө жана ал үчүн иштөөгө тийиш да эмес. Силер ага активдүү жардам көрсөтүп, акыл кошуп, башкарманын көз жаздымында калган иштерди көрсөтүп, кетирген каталарын оңдоого жардам берип гана турасыңар. Силер элди башкарбайсыңар, элди колхоздун башкармасы жана анын председатели башкарат; партиялык уюм — колхозчулардын жана колхозчу аялдардын досу, алар жөнүндө камкордук кыла билген эң жакын окутуучусу жана кеңеш берүүчүсү. Партиялык уюм колхозчуларды ишке эстүүлүк жана ак ниеттүүлүк менен мамиле кыла билген, тартиптүү адамдар кылып тарбиялоого милдеттүү... Мен бүгүн силер менен мына ушуларды сүйлөшмөкмүн... Эми жолдоштор, парторг шайлоо маселесине өтөлү. Райком жолдош Баратовду сунуш кылат. Эгерде силер аны шайлай турган болсоңор, анда ал силердин колхозго көчүп келет. Баратов согуштарга активдүү катышкан, активдүү адам, биз аны колхоз парторгдарынын курсуна жиберген элек. Азыр окууну бүтүп келди. Менимче бул колхозду чың жана алдыңкы колхоз кылууга жардам бере алат го деп ойлоймун.

Парторг шайланды.

— Кана, орун куттуу болсун, — деди Боровиков, Нуралинин колун кысып, «эсеп комиссиясы», башкача айтканда Зубайда жашыруун добуштун натыйжасын угузгандан кийин.

— Ракмат. Партиянын жана менин жаңы досторумдун ишеничин актоо үчүн күчүмдү аябаймын.

— Силердин «Навободдогу» коммунисттердин саны анчалык көп эмес, — деди Боровиков коштошоордун алдында,—бирок биргелешип, бардык күчүңөрдү жумшап,

большевиктерче иштей турган болсоңор, чоң ишти аткара аласыңар.

Жаңы шайланган парторг бир нече күндөн кийин «Навободго» көчүп келип, счетовод Сайфиддиновдун үйүнө кирди. Башкарма аны пахта бригадасына звеневой кылып дайындады.

### *Сегизинчи глава*

Колхоздун парторгдарынын семинары күндүзгү саат экиде аяктады. Райкомдон бир аз узай бергенде, Нуралини өзүнүн иши боюнча «Коммунизм» колхозуна көп келе турган, инженер-гидротехник Наби-Зада токтотту. Жакында ал райондук суу чарба бөлүмүнүн начальниги болуп дайындалган.

— Саламатсызбы, жолдош Баратов. — Инженер өзүнүн кыздардыкындай назик колун Нуралиге сунду. — Сиздин баягы даңктуу атыңыз кайда?

— Бүгүн өргүп турат.

— Мында келгениңизге көп болдубу? Эмне иш менен келдиңиз эле?

Нуралинин чайханага барып, жүк ташуучу машинаны күтө тургандыгын угуп, Наби-Зада мындай деди:

— Менин машинам менен жетип алыңыз. — Ал магазиндин жанында турган «газикти» көрсөттү.

Машинанын ичинен Нуралиден көзүн албай тиктеген кичинекей кара көз кыздын башы чыкты. Кыздын жанында кара пальто кийип, боз жүн жоолук салынып, анын алдынан топусу чыгып турган жаш бийкеч отурат. Ал да, Нуралиден көзүн албай жылмайып койду.

— Шодигүл сиздин коңшуңуз эмеспи. Сизди тааныштырып коюунун кереги жок го деймн, — деди Нуралинин Шодигүлгө ийилип салам бергенин көргөн инженер, — жакшы болду, бирге кеткиле.

Инженердин сунушун кубаныч менен кабыл алган Нурали, эгерде машина келип калса, башка машинага түшүп кетти деп шоферге эскертип коюуну бирөөгө тапшыруу үчүн, чайханага чуркап кетти.

Тез эле кайра келип, Нурали машинанын жанына барды. Шодигүл башын жерге салып, Нуралинин байкашынча эч кандай зарылдыгы жок болсо да, жоолугун оңдоп салынып, кызды тизесине отургузду.



— Наби-Зада сиздин туугандар экенин мен билген эмесмин, — деди ал. — Мында келгениңизге көп болдубу?

— Мен иш боюнча келдим эле. Анан эжемдикине кире кетүүнү туура таптым.

— Иш боюнчабы? Бирдеме сатып алганы келсеңиз керек?

— Ананчы. Аялдар шаарга эмнеге келчү эле? Анымуну сатып алганы гана келишет эмеспи! — деп жооп берди кыз тарынгандай.

Нурали колун көкүрөгүнө алып, жылмая түшүп, мындай деди:

— Кечиресиз. Балким, бир маанилүү иш менен келген чыгарсыз, анда эч кандай күмөн жок.

Дал ушул учурда колуна бир топ таңыктарды кармаган Наби-Зада магазинден чыга келди. Куттүрүп койгонум үчүн кечирип койгула, деди да, колундагы таңыктарды машинага салды.

— Мына Нихол, бу сага жана сенин бир тууганыңа — женең менен агайыңдан белек.

— Ушунчалык көп алуунун эмне кереги бар? — деди Шодигүл, кыйыта сүйлөп.

Наби-Зада эркелетип, кыздын колунан сылады.

— Нихол, биздикине келип тур.

— Жалгыз өзүм кантип келем, атам болсо силердикине келгенде мени ала келбейт, — деген жоопту айтты кыз.

— А сен Шодигүл менен келип тур.

Нурали эригип отурган жаш шофердин жанына отурду.

Шаар анчалык чоң болбогондуктан машина акыркы үйдүн алдынан өтүп, таш жолго чыккан кезде, Нурали өзүнүн жанындагы кыздан:

— Районго эмне жумуштап келдиңиз эле? — деп сурады.

— Карагай жыгачтарын алганы келгемин, — деди кыз, көтөрүлө сүйлөп.

— Карагай жыгачтарын?! Кандай карагай?

Карагай жыгачтары жетишпегендиктен курулушу токтоп калган колхоз клубун Ленин күндөрүнө чейин өз күчтөрү менен куруп бүтүрүүгө «Ситораи Сурхтун» жаштары чечим кылганын Шодигүл айтып берди. «Сага комсомолдук биринчи тапшырма — райлесхозго баргын да, мате-

риал беришин талап кылгын» деп комсорг жиберген бо-
лучу, — деди Шодигүл. Ошентип ал, райондук токой чарба башкармасына келип, комсомолдук уюмдун чогулушунун чечимин көрсөтүп, мынча карагай жыгачтарын бергиле деп талап кылат. Карагай жыгачтары Россиядан үч-төрт жумадан кийин келет деп айтты начальник. Анын бул жообу Шодигүлдү канааттандырган жок, ошондуктан ал эгер карагай жыгачына наряд бербей турган болсо, начальниктин кабинетинен чыкпай тургандыгын айтты.

— А сиз Хажиумардын кызысызбы? — деп сурады начальник.

— Ооба. Анын эмнесин сурап калдыңыз?

— Мен сизди кичинекей кыз кезиңизден бери билем. Чоңойгондон кийин мага ушундай жаман мамиле кылат деп ойлогон эмес элем, ал кезде. Ай-ай-ай!

— Шодигүл уяла түштү.

— Кечиресиз. Бизге карагай жыгачтары абдан керек болуп жатат.

— Жакшы, жакшы, — деди жылмайып начальник.— Барыңыз да, атаңызга менден салам айтып, мындай деңиз, эгер андай болсо мен силерге жергиликтүү жыгачтардан таап берейин.

— Жергиликтүү жыгачтар кыңыр-кыйшык жана бутактуу келет. Андан кантип үй салууга болот?

— Менимче сиз, тактай боюнча адис болсоңуз керек дейм! — деп күлүп жиберди начальник. — Эч нерсе эмес, карындаш, жакшы архитектор жетекчилик кылса, дворец куруууга жарай турган жыгачтарды берем.

Ал Шодигүлдү маңдайынан сылап, ордер жазып берди.

Шодигүлдүн кубанычы ичине батпай, кабинеттен чуркап чыкты. Атасы анча-мынча жардам бергени менен, ал өзүнө берилген комсомолдук биринчи тапшырманы абийирдүүлүк менен аткарды.

«Газик» таш жол менен зымырап бара жатты. Жолдун эки жагындагы ар кайсы жеринде кар жаткан талаа жерге салынган ала көлдөлөңдөй болуп көрүнөт.

— Ырас, бул жерде карагай жыгачтарын алуу кыйын, — деди Нурали талаадан көзүн албай келе жатып.— Бул жер Россия эмес да. Россияда карагай ондогон, жүздөгөн километр жерде созулуп жатат. Анан кандай карагай дебейсиңби! Анын башын карайм деген кишинин калпагы башынан түшүп кетет.



— Сиз Россияны жакшы билесизби?

— Ооба. Көп жеринде болдум.

— А Москвада болдуңуз беле?

— Москвада да, болгомун.

Бетме-бет отуруп сүйлөшүү үчүн, Нурали Шодигүл жакка бурулду.

— Институтка кирүү үчүн кандай даярдык көрүп жатасыз?

— Менин институтка кирүүгө даярданып жатканымды кайдан билесиз? — деп сурады Шодигүл.

— Сиз өзүңүз айтпадыңыз беле. Унутуп калдыңызбы?

— Ошондойбу! Автобуста келе жатып айткан сөздөрүмдүн баарын эсиңизде сактап калган турбайсызбы?

— Демек ал айткандарыңыздын баары калп турбайбы? — деп Нурали ага тарынгансып, терезеден көзүн албай карап калды.

Шодигүл алдында үргүлөп уктап келе жаткан кызды, тизесине жакшылап отургузду да, чечкиндүүлүк менен мындай деди:

— Жок, ал чындык. Мен окууга барам, — деп башын жерге салды, — кандай гана болбосун барып окуймун.

Нурали бул сөздөн кыздын ата-энеси институтка жибербей жатса керек, дегендей мааниини түшүндү. Андай учурлар көп кезиге турган.

Ал кызга кайрылды да, жакын кишисине сүйлөп жаткансып:

— Бул жөнүндө сиз эч кимдин тилин албаңыз Шодигүл. Мүмкүн кээ бирлери нааразы болоор, эч нерсе эмес, кийин түшүнүшөт, өздөрү да макул болушат.

Машина жолдун кошулган жерине келип токтоду. «Навобсдго» баруучу жол сол жакка бурула турган. Нурали машинадан түшүп, коштошо баштады.

— Каалсаңыз, биз сизди «Навобсдго» чейин жеткирип коёлу? — деди Шодигүл.

Нурали ракмат айтып, макул болгон жок. Ал Сталинабаддын автобусунан Шодигүл экөө түшкөн күнү, Юнусбай кандай мамиле кылганын эсине түшүрдү.

— Жакын эле калды. Жөө эле басып кетем.

Шодигүл анын макул болбогон себебине түшүндү көрүнөт, кайталап сураган жок. Ал ыраазы болгон эмедей, бир карап алды да, кечирим сурап:

— Биз жакка келип туруңуз. Азыр жакын коңшу болуп калдык го.

— Ракмат. Атаңызга салам айтып коюңуз... Саламат бол, Никол! — Кичинекей кыз башын Шодигүлдүн төшүнө коюп, уктап жатканын байкабаган Нурали ага колун сунду.

— Бул менин Зебиме окшош экен,— деди Нурали, Шодигүлдүн көзүнө дагы бир жолу тигиле карап.

Машина алга кетип бара жатканы менен Шодигүлдүн көңүлү артка, Нуралиге бурулуп калды.

«Бул иште эч кимдин тилин албаңыз»,— деп ал Нуралинин сөзүн кайталай берди. Өзүнүн сырдашы Тураб менен болгон аңгеме да, анын эсине түштү. Ал күлүп, тамаша кылганды жакшы көрөт, бирок маанилүү маселелер боюнча пикир алмашууга болбойт. Бир күнү ага Шодигүл: окууга баргым келет десе, ал каткырып күлүп, мындай деген болучу: «Эмне үчүн? Баары эле окумуштуу болуп кетсе пахтаны ким терет?». Анын акушерка Верадан орус тили боюнча сабак окуп жүргөнүн угуп, күлүп мындай деген: «Сенин андан башка кыла турган ишиң жокпу?». Нурали антип эч качан айтпайт!.. Анын көз карашычы, бирдеме айтсаң абдан көңүл коюп угканычы. Тарбиясы жакшы киши: өткөн жолу Сталинабаддан келе жатканда да, бүгүн да, башка эркектер сыяктуу көзүңө тигиле карабайт, маанисиз, жаман сөздөрдү айткан жок. Ах, эмне үчүн Тураб мындай эмес? Көрсө, Нуралинин кызы бар турбайбы?.. Ал кимди сүйөт болду экен? Мүмкүн колуктусу бар чыгар?

Эртең мененки саат тогуз болучу. Нурали конторго келип председателди күтүп отурган. Рахим менен Сайфиддинов өз столдорунда отурушат. Бөлмөгө Тураб Мусаев кирип келди. Отургандар менен араң эле учурашып, олдоксондук менен мындай деди:

— Председатель барбы?

— Жок. Келе элек,— деди олдоксондук менен счетовод, жумушу көп кишидей башын көтөрбөй отуруп.

— Ал кайда?

— Сиз билбесеңиз, биз кайдан билебиз, жакын турасыңар го.

Мурда бир нече жолу көргөнүнө карабастан, Нурали Турабды дагы бир сыйра карап алды. Каримов туура айтат, Мусаев чынында «сулуу» жигит, кайсы аял болбосун жактырбай койбойт,— бою келишкен, ыктуу, сүрөткө тартып койгондой татынакай муруту бар. Анын жүзүнөн жаңыдан көөп келе жаткан, эч нерсени көзүнө илбеген жаш жигиттин белгиси көрүнүп турат.

— А мен бүгүн үйүмө түнөгөн жокмун!— деди мактана сүйлөп.— Кечээ «Маданият» колхозуна тойго барып, конуп калгамын. Анын үстүнө абдан ичип коюпмун! Той өтө жакшы болду, көкбөрү тарттык. Көкбөрү кандай болду дебейсиңби! Мен улакты үч жолу алып келдим.

— А сенин тоюң качан болот?— деп сурады счетовод шылдың кылгансып.

— Меникиби? Жакында! — деди тышка чыгып бара жатып Мусаев.

Сол колу менен бирдеме жазып отурган Рахимдин жанынан өтүп бара жатып, Тураб анын кызыл топусунун астынан чыгып турган кара чачынан тартып койду.—Кандай жолдош секретарь? Сызгылап кагазды булгагандан башка эмне билесиң?

— Жүр, нары! — деди ачууланып Рахим.

Мусаев чыгып кеткенден кийин, билбеген киши болуп Нурали счетоводдон сурады:

— Тураб той бергени жүрөбү?

— Ооба. Хажиумардын кызын алат имиш,— деп жооп берди Сайфиддинов.

Нурали өзүн бирөө жүрөккө сайгандай боло түштү.

— Шодигүлгө үйлөнөт бекен? — деп дагы сурады ал, сыр алдырбай сүйлөөгө аракет кылып.

— Жөн эле мактанып жүрсө керек. Андай жакшы кыз, ушундай жалкоого кантип тийсин!— деп сөзгө аралаша кетти Рахим.

— Ар бир кыздын өз кыялы болот,— деди счетовод.

— Ал чыны менен эле улакты жакшы тартабы?— деди өзүн араң токтотуп Нурали.

Анын көңүлүндө кандай кызгануу жана чочуу, бул коркунучтуу оюндун үстүндө аны менен беттешүүгө аракет кылуу бар экендигин счетовод менен Рахим билген жок. Бар болгону эки гана жолу көргөн кыздын алдыда турган тоюн, ушундай оор кабыл алуу, Нуралинин өзү үчүн да, күтүлбөгөн сыр эле.

— Мүмкүн ал көкбөрүнү жакшы тартаар, бирок өзүнүн фермасы боюнча берген отчетун абдан чаташтырып

салгандыктан, араң оңдолду; же ал бухгалтериядан эч балаа билбейт, же барып турган шум!

— Чынында шектүү неме!— деп өзүнүн сөзүн кошо салды Рахим.— Биздин председателдин жакын тууганы экендигинен пайдаланып, эч жерде иштебей жүрөт...

Күтүлбөгөн жерден бөлмөгө Шодигүл кирип келди.

Ал Нуралини карап жылмайып койду, бирок ал акырын гана башын ийкеп койгондуктан, томсоро түштү.

— Сиз председателге келсеңиз керек?— деп сурады Нурали.— Ал али келе элек. Күтө туруңуз.

— Мен шашып,— деди ал эмне кылаарын билбей. жыгач жөнүндө кире калдым эле.

— Эмне жыгач?— деп сурады Нурали, эчтеме билбегенсип, терезени карап.

— Эсиңиздедир, мен сизге айтпадым беле... бизге жыгач берген... — деп шашкалактап сөзүп улантты Шодигүл. —Бирок алып келүүгө унаа жок болуп жатат... Мен Юнусбай акеден жүк ташуучу машинасын сурайын деп келдим эле... эки эле күнгө. Бензинин өзүбүз табабыз.

— Ал председателдин иши. Кечиресиз.— Нурали башын ийип, Юнусбайдын кабинетине кирип кетти.

Мойнуна орогон жоолугун оңдоп, Шодигүл терезенин түбүнөн өтүп кеткенин көрүп калды. Ал арыктан өтө турган көпүрөнү көздөй басты. Анын артынан Мусаев кетип бара жатты.

«Булар убадалашып алышса керек... Шодигүл буга атайын жолугайын деп келген көрүнөт»,— деген ойго келди Нурали.

Нуралинин шек алуусунда бир катар чындык бар эле. Тураб менен Шодигүлдүн жолугушу бекеринен келип чыккан эмес. Мусаев мындай жолугушууну көптөн бери күткөн болучу. Шодигүлдүн «Навободдун» конторуна киргенин көрүп, кайра тартканда жолунан чыгуу үчүн Мусаев бактын арасына жашынып калган.

— Шодигүл! Бир аз токтой туруңузчу! Айтайын деген бирооз сөзүм бар эле!— деп Мусаев аны токтотту.

— Сиз мага эмне жаңылык айтмаксыз? Мен баарын укканмын, — деп жооп берди Шодигүл.—Анан мени элдин көзүнчө эмнеге токтотосуз? Эл көрсүн деп турасызбы? Ошондой го?

Мусаев жакын басып келди.



Түшүнөсүзбү? Төрт жылдан бери! Өтө эле катуу болбосоңуз... Мен сизди сүйөм. Мен мындан ары күтө албайм.

— Мени сизге тиймек болуптур деп, сизге ким айтып жүрөт?

Шодигүлдүн үнүнөн ачуулангандык билинип турду.

— Ал эмне дегениңиз—ким айтмак эле? Баары айтып жүрөт... Ага-туугандар, ата-энелер айтып жүрүшөт?—деди Мусаев.

— Жөнү жок эле мактана бербей, алды менен сурасаңыз боло, — деп кесе сүйлөп салды Шодигүл. — Эч кимге турмушка чыкпаймын деп, мен сизге жыйырма жолу айтканмын. Мен окууга барам.

Шодигүл кетейин деди эле, Мусаев анын жолун тосуп:

— Токтой туруңуз! А окууга жалгыз барасызбы?

Шодигүл таң калгандай ага карап калды.

— Мен алиги сиз айтып жаткан окууга бирге барам деп бирөө убада берген чыгар деп жатам?

— Түшүнбөдүм.

— Мисалга алсак... Баратов. Сиз бир жолу аны менен Сталинабаддан бирге келипсиз го... Мен баарын билем!—деди Мусаев коркуткандай.

Шодигүл унчукпай аны түртүп жиберди да, артына кайрылбай көпүрөдөн өтүп кетти.

### *Тогузунчу глава*

Дем алыш күндөрү Нурали үйүнө келип туруучу. Ага-туугандары үчүн бул өзүнчө бир чоң майрам эле. Кичинекей Зеби көтөргүн деп атасынын жанында так секирип, акмалап турар эле; сулуу Хайринисо жакшы кийимдерин кийип, ордендерин тагынып, Нурали абдан жакшы көргөн мантууну анын алдына коюп, мейман кылуучу. Мирза-Хамдам үйгө жаңыдан сатып алган нерселерин айтып, анын жанынан чыкчу эмес, баарына ыраазы болуп магдыраган Мастура байбиче унчукпай отуруучу: үй-бүлө бүт ушул жерде; телегейи тегиз болсун үчүн бир гана колукту керек эле. Ар күнү кечинде анын энеси уулунун кулагына куюп, колукту жөнүндө айта бере турган. Хайринисо кемпирге кошулуп алып, колуктуга ылайык бардык

кыздарды санап чыгуучу. Бардык колуктулардын бири да мага жакпайт деп, Нурали күлүп кутулуучу.

— Эгерде баары жакпаса, алардын бирөө жагып калганы ошол, — деди Хайринисо жылмайып.

Ким экенин ачык билбесе да, Хайринисо жоромолдоп тапты көрүнөт. Шодигүлдүн жакында Мусаевге турмушка чыга тургандыгы жөнүндөгү кабар, алардын жолугушканын Нуралинин терезеден өз көзү менен көрүшү—мына ушулардын баары жөнүндө Нурали көп ойлоно турган болду. Эмне үчүн Шодигүл Мусаев жөнүндө мага эч нерсе айтпайт? Окууга барам дегени эмнеси?.. Демек айткан сөздөрүнүн баары «келжиреген» сөз экен да? Эмне үчүн аны мага айтты? Эмне үчүн кеңеш сурайт?.. Эмне үчүн теше тиктейт?... Ошентип, Нуралинин өзүнө-өзү ачуусу келе баштады: «Чынын айтканда менин анда эмне ишим бар? Турмушка чыгабы — чыкса чыга койсун! Мага баары бир эмеспи?». Көрсө ага баары бир эмес экен. Нурали аны чын эле сүйүп калганын жана эч кандай Турабды билбей тургандыгын түшүндү... Нурали бетке айта тургандардан эле. Бардык туюк маселе, шектенүү жана башкалардын баары ага оорудан жаман таасир кылды. Мындай учурларда ал, бетке чапкандай качырып сала берүүчү.

Бир жолу Нурали «Навободго» дем алыштын эртеси күнү келди. Аба ырайы абдан жакшы болуучу: сыдырым жел согуп, күн чайттай ачык. «Ситораи Сурх» колхозу алаканга салгандай көрүнүп турат. Эмне үчүндүр Нурали катуу чечим кабыл алды. Ал азыр гана ага барып өзүнүн оюндагыны айтат. «Болсо-болсун, болбосо-койсун».

«Ситораи Сурх» колхозунун кыштагы «Коммунизм» сыяктуу бай эмес, бирок анда: жолу жакшы, үйлөрү сонун, арыктары таза—анын үстүнө колхозго ишти билген киши жетекчилик кылат, деген сөз бар эле.

Нурали Хажиумардын үйү кайсы жерде экенин билүүчү эмес, билген күндө да, ал анын үйүнө барбайт. Кадырлуу председателдин үйүнө чакыртпай кирип баргыдай ал, Хажиумар менен абдан тааныш да киши эмес. Оңтойлуу учурга ишенген Нурали Шабрангни минип, акырын бастырып көчө менен келе жатты. Чынында анын оюу ишке ашты. Узун бойлуу, арык чырай Хажиумар көчө бойлоп аны көздөй келе жаткан. Нурали аны



көрө коюп, алдынан сакалдуу киши чыкканда, жаштар кыла турган адат боюнча атынан секирип түшүп, алдынан утурлай басты. Салам айтышып, аманчылыктарын сурашты. Бир кезде Нурали чайханада ал тууралу айткан жагымдуу сөздөр кылт этип эсине түшө калды да, Хажиумар аны чын ыкласы менен үйүнө чакырды.

Бир аз алга баскандан кийин Нурали элдин кажылдаган добушун укту. Курулуп бүтө элек чоң үйдүн жанына топтолгон уландар менен кыздар эки-экиден болуп жоон карагайларды таарып жатышкан экен. Орто бойлуу сары чач киши, аларга кандайдыр-бир көрсөтмө берип жүрөт.

— Бул жолдош Просветов!— деди Хажиумар.— Бул ушундай асыл киши, клубдун курулушуна жетекчилик кылууга макул болду.

— Салям... салям! — деп тажикче сүйлөп Просветов башын ийкеди.

Иштеп жүргөндөрдүн ичинен Нурали Шодигүлдү көрдү. Ал атасынын жанына барды.

— Кызым, биздин мейман менен амандашпайсыңбы? Сен бул жигитти тааныйсыңбы?—деди атасы.

— Саламатсызбы, жолдош Баратов! — деди Шодигүл ичке үн менен.

Нуралини акыркы күндөрдө кыйнап жүргөн бардык пикирди, ачык күндүн алдындагы эски тумандай кууп чыгууга ушул эле жетишет эле.

Хажиумардын үйү анчалык алыс эмес болучу. Аппак кылып акталган чоң бөлмө, илинип турган туш кийиз, тамдын бооруңдагы текчелер чайнек-пиала, табактарга жык толгон, жерге түркмөн килемдери салынган, жибек жууркандар жыйылып, жастыктар үстүнө коюлган, эки терезенин ортосундагы чоң күзгү — мына ушулардын баары Хажиумардын үй-бүлөсүнүн абдан оокаттуу экенине күбө болгондой.

Үй ээси менен мейман сандалдын жанындагы килемге отурушту. Хажиумардын суроолоруна жооп берүү менен бирге Нурали эшик жактан көзүн алган жок. Анткени Шодигүл бат эле келем деген болучу.

Акыры эшик ачылды. Бирок, башка бир жаш колхозчу кирип келип, Хажиумар менен Просветовду контордо жыгач усталар күтүп турганын айтты.

— Жалгыз таштап кетти деп капа болбоңуз. … азыр эле кайта келем,— деп Хажиумар ордунан турду.

— Мен деле кетейинчи.

— Жок, жок, отура турунуз! «Навободго» бирге барабыз.

Хажиумар менен Просветов алиги колхозчунун артынан чыгышты.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин, короодон Шодигүлдүн үнү угулду; ал балдар менен сүйлөшүп жатат. Анан Шодигүл кирип келди да, колун бооруна алып, мындай деди:

— Эриккен жоксузбу? Атам азыр келет!

Ал босогодон аттап өтпөстөн, кайра чыгып кетти...

Көп узабай эле, жаңы халат, такасы жапыс, жалтыраган кара туфли кийип, кайра кирди да, дагы «салам» берди (тажиктердин адаты боюнча үйдөгү мейманга, бөлмөгө кирген сайын салам беришет). Шодигүл туфлийин босогого чечип, сандалдын үстүнө дасторкон жайып, отура кетти.

Чайнек жана чыны көтөрүп, анын артынан энеси кирди. Чайнек менен чыныларды дасторкондун үстүнө коюп, ал Нуралини көп жактыра бербегендей учураштыда, баштан аяк карап чыкты. Мейман ага анча деле жага бербеди көрүнөт. Текчеден тегерек патнос алып, кызына акырая карап чыгып кетти. Эки бөлмөнүн ортосундагы ашканада идиш-аяктын калдыраганы, Нуралиге кадимкидей угулуп турду.

— Шодигүл, энеңизге убара болбой эле кой деп айтыңызчы. Эч нерсенин кереги жок. Атаңыз келсе эле кетем.

— Анчалык эмне шаштыңыз? Анда капа болобуз.

— Мен бүгүн жөн эле, капысынан кирип калдым... Атайылап мейманга келемин. Энеңизди убара кылбай эле коюңузчу.

Алар жалгыз калгандыктарына ийбаа кылгансып, унчукпай калышты. Шодигүлдүн турмушка чыга тургандыгын билүүнү чыдамсыздык менен күтүп отурганы менен Нурали батынып сурай алган жок. Ал кыйытып айтмакчы болду.

— Эмне жаңылык бар?— деп сурады ал.— Орус тилин үйрөнүп жатасызбы? Окуудан айный элексизби?

— Жок, — деп чечкиндүү жооп берди Шодигүл.

— Ата-энеңиз эмне дешет?



— Мен сиз айткандай кылайын деп турам. Эч кимдин тилин албаймын,— деди.

— Аныңыз жакшы. Бирок мен... сизди жакында ата-энеңиздин үйүнөн алып кетишет экен деп уктум... Чынбы?

— Анысы чын, бирок ал эч качан ордунан чыкпайт.

Кыз кечирим сурап, ордунан турду да, бөлмөдөн чыгып кетти, бир минутадай убакыт өткөндөн кийин кайра кирип, текчеден бирдеме издей баштады.

— Сиздин атаңыз кечикти го, мен кетейин,— деди Нурали, мында калууну абдан каалап тургандыгына карабастан. Үй ээси болбосо, тажиктин үйүндө аялдар менен көпкө отурууга болбойт.

Мыкта илинип турган чепкенин алмак болуп, басып келди.

— Үй ээсинен руксат албай туруп, мейман кишинин кетип калышы болобу? — деп жылмайып койду Шодигүл.

— Үй ээси жок болгондуктан, мен сизден руксат сурап турам.

— А мен сизге руксат берген жокмун,—деди Шодигүл тамашаламыш болуп.

— Бирок мени «Навободдо» күтүп калышат го.

Нурали чепкенин алмак болуп колун сунду.

— Жок, мен сизди кетирбейм, — деп Шодигүл ага артын салып, бир колу менен чепкендин четинен кармады. Экөө тең чепкенди кармап, бир топко унчукпай турушту.

— Шодигүл, — деди Нурали үнүн өзгөртө сүйлөп, — мен сизди көрүүгө кумар элем... Менин келип калышымдын себеби да ошол.

Кыз жооп бербестен, башын жерге салып калды.

Хажиумар келгенде алар эч нерсени билмексен болуп моймоюп гана сандалда отурушкан. Нурали Хажиумардын өңүнөн кандайдыр бир белгини байкады. «Менин кетип калбаганыма нааразы болуп турса керек»,— деген ойго келди Нурали. Кечигип келгени үчүн сабыры суз, кечирим сурап, Хажиумар тамактан ала отуруңуз демиш болду, бирок убактысынын жок экендигин шылтоолоп, Нурали ордунан турду.

— Андай болсо, «Навободго» бирге баралы—менин да ишим бар,— деди Хажиумар.

Чалдын жөө барууга даярданып жатканын көрүп, Нурали өзүнүн Шабрангин эргиси келди. Хажиумар макул болгон жок. Нурали атын жетелеп алып, Хажиумарды ээрчий басты.

Күн көтөрүлүп калган. Кургак чөптү аралай басуу кандай сонун. Нурали бала кезиндегидей үн чыгарып ырдап, күлүп, таранчыларды чочутуп учургусу келди. Ал азыр Хажиумарды абдан жакшы көрүп калды—анткени чал Шодигүлдүн атасы эмеспи...

Жанында бара жаткан жигиттин жүрөгү алып учуп жатканына Хажиумар көңүл бурган жок. Ал боло турган согуш талаасын байкап турган командирдей, талаага көз артып келе жатты. Ал кээде токтой калып, жердин айдоого кандай даярдалганын көрүп, же айдалган жерге келип, анын тереңдигин өлчөп көрөт; кээ бир участкаларга, бул жерди кайра айдоо керек деген белгилерди коюп жатты.

— Мына бул жерди көрдүңбү?—деп ал Нуралиге «Навобод» жана «Ситораи Сурх» колхоздорунун чегин бөлүп турган тилкени көрсөттү. — Мунун бизге да, силерге да пайдасы жок болуп турат. Бул жер болбогондо, Юнус экөөбүз колхозубузду кошуп жиберет элек. Мен бул жерди «Эгемдин буту» деп койгомун.

— Ал эмне дегендикке жатат?— деп сурады Нурали кызыга.

— Мындан көп жылдар мурда — мен «Навободдо» тургамын — биздин Эгемберди деген председателибиз бар эле, биз аны жөн эле Эгем деп коюучубуз. Тарбиясы начар, адамгерчиликти билбеген киши эле. Жоон топ кишинин ичинде огурса, эч бир айбыкпастан, бутун отургандардын ортосуна суна салучу. Дасторкон жайылып турса да, бутун аны жээктете суна берүүчү. Ошентип бул жерди көргөн сайын Эгем эсиме түшөт. Юнус экөөбүз маңдай-тескей отурсак, Эгем бутун сунуп койгондой көрүнүп турат.

Нурали күлүп жиберди.

— Мына ушул жер үчүн биздин талаа,— деп сөзүн улантты Хажиумар, оң жактагы созулуп жаткан жер тилкесин көрсөтүп,— өмүрү тракторду көрө элек.

Ошентип алар «Навобод» колхозунун участкасына кандай келгенин билбей калышты. Анын чыгыш жак чегин, жээги суунун деңгээлинен эки метрдей көтөрүлүп турган Жуйбор суусу ажыратып турууучу. Юнусбай ушул жерге



көлмө куруп, узундугу төрт жүз метр келген арык казып, ал жерге тегирмен жана шалы актоочу акжубаз курмакчы болгон. Ал, Нурали биринчи жолу келген күнү бригадир Мухамедннияз менен уруша кете жаздаган арык болучу. Азыр талаанын баары гозопаядан тазаланып, күзгү даярдык иштеринин баары бүтүп, пайдасы жок экендигине карабастан, Нурали ал курулушка каршы болбой калган. Председателдин бул аракети колхоздо башкы маселе болуп эсептелген пахтадан алагды кылып, ошол эле арзан ооват табууга алып бара тургандыгын жакшы билген.

Иштеп жаткан колхозчулардын жанына келген Хажиумар менен Нурали, кетмен менен арык казып жаткан бир топ колхозчуларды көрүштү. Юнусбай да ушул жерде жүрүптүр. Хажиумардын келе жатканын көрүп, анын алдынан чыкты да, жаңы эле кыйылган туттун дүмүрүнө отуруунун өтүнду.

Өзүнүн курбусунун бул келишинен улам, Юнусбай, Хажиумардын бекеринен келбегенин, атайын бир иш менен келгенин баамдады.

Аңгеме каадасынча ага-туугандардын ден соолугун суроо, аба ырайынын жакшы болуп турушу жана келечектеги жакшы түшүмдүн көрүнүшү жөнүндө болуп жатты.

Кичи пейилдик менен айтылган сөздөр бүткөндөн кийин, Хажиумар иш жүзүндөгү маселеге өттү.

— Курулушту качан бүтөм деп турасың? — деп сурады ал.

— Өзүң көрүп турасың, иш кызуу жүрүп жатат,— деп жооп берди Юнусбай колу менен колхозчулар иштеп, арык казып жаткан жерди көрсөтүп. — Жазга чейин бүтүп калабыз го деп турам. Сиз кандай дейсиз жолдош Баратов, бүтүрө алабызбы? — деп ал Нуралиге кайрылды.

Нурали укмаксан болду. Ал оолак отуруп, туттун бутагын бычак менен жонуп жаткан. Хажиумардын көзүнчө ал, председатель менен кажылдашкысы келген жок.

— Тегирмен жөнүндө сураганым, анын тагдыры мени да кызыктырып отурат... Тегирменди жана акжубазды куруу ишине мени да, кошууңду өтүнөм. Алардын бизге да кереги бар. Биргелешип курсак кандай болор экен. Чыгымдын жартысын биздин колхоз өз мойнуна алат, ал эми күч керек болсо мен эртең эле жиберем. Баарын тең көрөлү. Биз дайыма эле биргелешип иш кылуучу элек го.

жооп берген жок.

— Анындын жөнү бар... Чынын айтсам, мындай суншту уккамын. Канткен менен экөөбүз эски доспуз, ошондуктан башкалардан көрө сенин биригишип иштешин он.

— Демек, макулсунбу? — деди да, — кубана түшкөн Хажиумар Юнусбайга ыктай отурду.

— Алды менен жакшылап келишип алалы.

— Мен айттым го, бардык ишти тен иштейли, — деп өзүнүн сөзүн кайталады Хажиумар.

— А кирешесин кантебиз?

— Кирешесин да тен көрөбүз.

— Мен бул ишти ошол киреше үчүн баштап отурам, — деди Юнусбай — тегирменге келген эгиндин ондон бирин, анын ээси ала тургандыгын билбейсиңби?.. Бул ченебеген көп киреше... Менин колхозум эмне үчүн аны сенин колхозун менен бөлүштүрүүгө тийиш? Сен менин досумсуң, бирок иш, иш менен болуш керек.

Хажиумар сакалын сыйпап, Юнусбайга кайрылды.

— Андай болсо, курулушка катышканыбыз үчүн бизге эмне тиет?— деп сурады ал.

— Эгининерди акысыз салдырып алып турсаңар болбодубу, — деди Юнусбай ага карабай туруп. Анан мындай деп кошумчалады: — Канча болсо да мейли, а түгүл кезексиз болсун. Мен макулмун.

Хажиумар ордунан ыргып турду.

— Буларды сен кантип уялбай айтып отурасың?

— Эмнеси уят? Мени кошуп ал деп сураган өзүң, мен шартын айтып отурам. Мен өз колхозумдун пайдасы жөнүндө ойлоого тийишминби, же жокпу?

— Канча жылдан бери дос болуп келсем да, сенин ким экениңди жакшы билбептирмин. Көрсө сен ушундай киши экенсиң да! Уятсыз Юнус! Сени менен байланышпай калайын! Болду!

Мына ушул сөздөрдү айтып болуп, Хажиумар өз курбусунун жанынан ылдамдай басып кетти.

Нуралинин колундагы туттун бутагы түшүп калды. Ал жаман көзү менен Юнусбайга карады.

— Кудай өзүң кечир! — деди Юнусбай, Хажиумар көрүнбөй калгандан кийин. — Ага эмне болду? Эмнеге тарынды?



тесе, ал эми кирешени болсо бир гана колхоз алса, кандай болот! Сиз кол кабыш кылышып иштөө дегенди түшүнбөйт экенсиз, Юнус-аке. Андай иш жекелердин гана колунан келет.

Ал ордунан турду да, Хажиумардын артынан кетти.

Бул мындан он жети жыл мурда болгон иш. Анда Хажиумар менен Юнусбай түндүктө, Сыр-Дарыянын боюндагы, алыскы Хисорак кыштагында турушучу. Алардын турмушу абдан оор эле. Ал кыштактын жери аз, колдо бар жерге суу жетпегендиктен түшүмү начар боло турган. Кыштактагылардын көбү, өлбөс оокатын издеп кетип да калышкан. Хажиумар менен Юнусбай бир нече жолу ошондой ойго келишкен, бирок кайда барарын билбеген, анын үстүнө үй-бүлөлөрүн таштап кетүүнү кыйышкан жок.

Кыштакта колхоз уюштурула баштайт. Колхоз жөнүндө ар түрдүү ушактар тарап жатты. Дигер окугандан кийин молдо мындай деди: «Колхоз деген — капырлардын кыла турган иши, мусулманмын дегендер ага кирүүгө тиниш эмес. Колхозго кирсең, жериң, малың гана эмес, казаның, идиш-аягың, а түгүл жууркан-төшөгүң да ортого салынат. Энчиңе тие турган бир сындырым нан, мусулмандын оозуна тийгенче жети таразага тартылып, жети китепке жазылат».

Молдонун тилин алып, колхозго кирбей койгондор да болгон. Хажиумар менен Юнусбай да колхозго кирбей күтүп жүрүштү.

Дал ушул учурда Хисоракга бир киши келип, дыйкандарды Вахшка чакырат. Анын айтканынын жөнү бар. Кадыр аке деген киши болучу, Хисорактын адамдары анын айткан сөзүнө көңүл коюп угушту.

Вахш абдан чоң өзөн, ошондуктан ал кандай чөлдү болбосун, сууга кандырып, көйкөлгөн жашыл талаага айландырат! — деди келген киши. — Адамдар Вахштын суусун чаңкаган чөлгө чыгаруу үчүн жүздөгөн жылдар бою аракет кылып келишкен, бирок алардын колунан келген эмес, а биздин жумушчу-дыйкан бийлигибиз Вахштын суусун толуп жаткан жерлерге чыгарып отурат. Азыр ал жерге ондогон кетмен чаба билген адамдар көрк киргизип

жатышат. Мен өзүм да дыйкан кишимин, Вахшка көчүп барганыма эки жыл болуп калды, силердин көчүп барышынарды сураймын. Ал жерде силерди, өзүңөр өмүрүнөрдө көрбөгөн пахтанын мол түшүмү күтүп турат. Биздин өкмөтүбүз көчүп келгендерге ссуда, машина, үрөн, деги баарын берип жатат...

Ал Вахшка бара тургандарды каттай баштады.

Хажиумар менен Юнусбай да, Кадыр-акеге барып катталып коюшту. Катталганы менен көчүшкөн жок. Аларды коңшусу — Абдурахим бай айнытып койду. Дигер окугандан кийин аларды мечиттин алдынан кезиктирип, бай мындай дейт:

— Вахшта силерге эмне бар? Бөтөн жерге барып байыган кишини көрдүңөр беле? Алиги Кадыр-аке дегенге акча берип алдап, Вахшты мактатып отурат, ага ишенбей эле койгула. Мен жакында эле, базар күнү, Хоженттен өткөн жылы Вахшка көчүп барып, кайра качып келген бир таанышыма жолуктум. Ал анда камыш менен саздан башка эч нерсе жок дейт, күндүзү күндөн, түнү чиркейден баш калкалар жер жок экен. Андан көрө Кадыр-акеңерге барып мындай дегиле: тизмеден өчүрсүн. Биз силер менен Коконго эгин айдайбыз. Үрөндүн жарымын, эки өгүздү мен берейин, үрөндүн жарымын өзүңөр таап, иштешин силер иштегиле; түшүмдүн жартысы меники, жартысы силердики болсун.

Юнусбай менен Хажиумар ары ойлоп — бери ойлоп, акылдашып, эртеси Абдурахимге келишип, макул экендиктерин айтышты.

Жазды жаздата, жайды жайлата алар Кокондун мээ кайнаткан ысыгында иштешти. Жер айдашты, эгишти, сугарышты, эгинди таранчыдан коргошту, орушту, басышты, баары бүтүп, Абдурахим өзүнүн энчисин алгандан кийин, Юнусбай менен Хажиумарга куржундун бир көзүнө толбогон буудай тийди. Куржундарын көтөрүп алышып, үйлөрүнө кайтышты. Куржундун бир көзү бош, ал эми эгин баккандардын жүрөгү кайгыга толду.

Күз келди. Бак-дарактардын жалбырактары менен бирге Юнусбай менен Хажиумардын өңдөрү да саргара баштады. Жүгөрү нанга карды тойбогон алар, эмне кыларын билбей ойго батышты.

Жазында Вахшка кеткен жердештеринин бирөө-жарымы үй бүлөлөрүн алганы келсе, кээ бирөөлөрү ага-



туугандарына учурашканы келип жатышты. Алардын баарынын кийгени жаны жибек чапан, буттарында кымбат баалуу хром өтүк, курунда бир нече миңдеген сом акча. Алардын бири — Сарымсак, белиндеги курун көрсөтүп:

— Мына бул жагымда, энесинен башка эч ким көрбөгөн эки кыздын калыңына жете турган акча бар, а бул жагымда бир кыштактын элин бүт чакырып, үч күнү той берүүгө жете турган акча жатат, — деди.

Хажиумар менен Юнусбай Вахш жөнүндө ойлоно баштышты. Акыры алар чечимге келишти. Казанга бышырган катырмаларын белдерине түйүп алышып, жолго чыгышты.

Сталинабадга келишип, төрт дөңгөлөктүү араба жалдап алышып, Вахшка жол тартышты. Ал кезде аякка темир жол да, таш жол да, а түгүл Вахшка салынган көпүрө да жок болучу. Вахштын жээгине чейинки араба жол, күнгө күйгөн чөл, таштуу адырларды аралап бара турган, өзөндүн жээгинен Коргон-Төбөгө чейин саз менен камыштарды аралап баручу.

Эки күндөн кийин жолоочулар барууучу жерине келишти. Ал жер Сарыкамыш деп атала турган. Алар ал жерден, жергиликтүү элдерге жана көчүп келгендерге таандык отузга жакын камыш алачыкты, бир нече картаң тут жыгачтарын, кулактары кесилген, кабааган чоң иттерди гана көрүштү.

Бирок жер асыл эле. Ленинабаддан, Оро-Төбөдөн жана башка жерлерден көчүп келгендер пахта айдашып, бакча өстүрүшүп, огороддорунан: чоң бадырандай келген сабиздин, чоңдугу алмадай болгон пияздардын, салмагы жарым пуд келген ашкабактардын мол түшүмүн алып жатышты.

Көчүп келгендердин баары эле колхозго кире коюшкан жок; алардын кээ бирлери жаңы жерге көчүп келгенден кийин өзүнүн жеке чарбасын тартипке салууга аракет кылып көрүштү, бирок турмуштары анчалык жакшы эмес эле.

Хажиумар менен Юнусбай да, азырынча колхозго кирбей эле коё туралы деп чечим кылышты, анткени алар Вахштын жагаарын, же жакпасын, үй-бүлөнү алып келүүгө болоорун, же болбосун билгилери келди. Алар жер кепе казып алышып, ошондо тура баштышты. Казанга катырма бышырып, сорпо же атала жасаганда чыныга куюп ичише турган, анткени, табактары да, кашыктары да жок болучу. Коңшулаш колхозго барып, пахтантеришип,

акча таап жүрүштү. Пахта тазалоочу завод, терип келген ар бир килограмм пахтага бир килограмм ун берүүчү, а түгүл үч килограмм корекке бир килограмм — ун бере турган. Мындай иштеп табуу менен жашоого болот эле, бирок үй-бүлөнү алып келүүнүн эч бир кажаты жок. Үй-бүлөсүз туруунун эмне кызыкчылыгы бар! Айрыкча кыштын узун түнүндө караңгы жер кепеде отурсаң, таңдын атмагы кыйын. Хажиумар кайгылуу ыр ырдап, дутар чала турган. Юнусбайдын ырга да, музыкага да шыгы жок болучу. Ал бүлбүлдөп күйгөн лампанын жарыгынан көзүн албай, көп акча жыйнап, Хисоракка барып, соода кылууну ойлой турган. Тапкан акчасын, тамтыгы кетип жыртылган, кирдеген, жамалбаган жери жок чапанынын арасына тигип коюучу; анын өңү оңуп кеткен топусунун бир кездеги ак саймасын киринен ажыратуу кыйын эле.

Жаз келди. Мындан ары кандай туруу маселесин чечүү керек эле. Достордун эки гана мүмкүндүгү бар: же колхозго кирүү керек эле, же өзүлөрүнчө чарба курушу керек болучу. Өткөн күздөгүдөй жана кыштагыдай жашоо алардын эч кимисине жакпай калды. Хажиумар жеке чарбанын оордугунан коркту. Мамлекеттин колхоздорго карыз акча, үрөн, курулуш материалдарын, жердин жакшысын, айыл чарба машиналарын берип жатканын өз көзү менен көрдү. А жеке чарбаларга аны ким берет?

Юнусбай да, эмне кыларын билбей калды.

Мына ушул күндөрдө алар баягы Вахшка келгиле деп чакырып барган Кадыр-акени көрүштү.

Сарыкамыш айылдык совети дыйкандардын чогулушун чакырды. Чогулуш кылейген чоң туттун түбүндө өтүп жатты. Кадыр Вахштагы курулуш жөнүндө доклад жасады. Ал Сарыкамыштан алыс эмес жерде, миңдеген жумушчулар жана адистер, машиналардын жана «балбандардын» (экскаватордун) жардамы менен чоң канал куруп жаткандыгын айтты. Ал канал боюнча Вахштын суусу чөлгө барып, колхоздор менен совхоздордун миңдеген гектар жерлерин сугарат; Вахш өрөөнү гүлдөй баштайт. Жер айдап оокат кылгандар жакырчылыктан, жардылыктан, жалгыздыктан, жардамсыздыктан биротоло кол үзөт. Колхозго кирбегендер, же өзүнүн кыштагына кайтып кетүүнү ойлогондор уттурушат.

Кадыр ушундай жакшы, чындыкка ишендире сүйлөгөндүктөн, Юнусбай өз пикиринен адашып, эки ойлуу бо-



луп калды. «Мүмкүн, мына бул Кадыр-акенин айтып жаткандары туура чыгар, колхозго кирсем, минтип каңгырап жүргөндөн көрө, тез байып жүрбөйүн?»

— Сен кандай деп ойлойсуң, Хажиумар?—деп сурады ал өзүнүн курбусунан.

— Кой, колхозго кирүү керек. Азыркыдан жаман болбойт,—деген жоопту айтты Хажиумар.

Дал ушул күндөрдө Канибадамдан, Аштадан, Оро Төбөдөн отузга жакын көчмөндөр келишти. Кадыр-аке аларга колхоз уюштурууга жардам берди. Хажиумар менен Юнусбай биринчи болуп ошол колхозго киришти.

Колхозго «Навобод» деген ат коюшту. Бул атты ага Кадыр койгон.

— Силер бул жерди гүлдөтүүчүлөр болосуңар,—деди ал колхозчуларга,—ошондуктан силер өзүңөрдүн колхозуңарды «Навобод» деп атасаңар («Гүлдөгөн жер») дурус болот.

Бир жыл өткөндөн кийин Хажиумар менен Юнусбай жаңы жерде абдан оокаттуу болуп кетишти, ошондуктан үй-бүлөлөрүн алып келмекчи болушту.

Бир топ убакыт өткөндөн кийин Сарыкамышка мурдагы бай Абдурахим да келди. Ал бир топ көчмөндөр менен бирге көчүп келип «Ситораи Сурх» («Кызыл жылдыз») деген коңшулаш колхозго кирди. Ал көчүп келгенден кийин эки колхоздо тең бир катар шумдуктуу иштер башталды: бир туруп кампадагы эгин жоголсо, бир туруп пахтанын чигитине курт түшүп, колхоздун аттарын жана өгүздөрүн ууру алып, кээде бир эле түндүн ичинде эмерегин көтөрүп алып бир нече түтүн адамдар кача баштады; райкомго же райисполкомго колхоздордун председателдеринин үстүнөн, аларды ушактаган жашыруун арыздар түшпөй турган ай да болбоду.

Бир күнү Хажиумар өзүнүн уюн базарга алып жөнөдү. Базардан Абдурахим жолугуп, сенин уюңду сатып алам деди. Бирок Абдурахимдин акчасы жетпей калат; акчасынын жарымын төлөп, жарымын үйүңө өзүм алып барып берем деди.

Эртеси ал Хажиумардын үйүнө келди, бирок акчасын алып келген жок.

— Каалсаң акчаңдын ордуна семирткич берейин? Сен аны менен өз участкаңды семиртип, андан мол түшүм аласың, — деди ал.

Хажиумар тан калды: Абдурахим семирткичти кайдан алып жүрөт? Аны мамлекет колхоздор менен совхоздорго гана берүүчү эмес беле.

Ойлоно түшүп ал мындай деди:

— Бүгүн кечинде алып келип бер.

Кечке жуук Хажиумар Юнусбай менен колхоздун башкармасынын секретары жаш жигит Азимжанды чакырып алды.

— Мен бүгүн ууру кармаймын. Силер мага күбө болуп бергиле,—деди ал.

Алар көпкө чейин күтүштү. Караңгы кире баштады. Хажиумардын меймандары эми кетели деп жатканда, бирөө каалганы кагып калды. Үчөө тен корооо чуркап чыгышты. Колуна чырак кармаган Хажиумар эшикти ачып, кап жүктөгөн эшекти корооо киргизди, анын артынан кожоюну кирди.

— Мына алып келдим. Туура беш пуд,—деди Абдурахим.

— Түшүр.

Абдурахим эшектин үстүндөгү капты алып жерге койду.

— Юнусбай, Азимжан, бери келгиле!—деп кыйкырды Хажиумар. Алар басып келишти.—Муну таанысыңарбы?—деди Хажиумар чырак менен Абдурахимдин бетин жарык кылып.

— Кантип таанбайын? Коконддо жүрүп муну абдан таанып калгамын,—деди Юнусбай.

— Бул менин уюмду сатып алган,—деди Хажиумар,—акчасынын жарымын накта берген, калган акча үчүн мына бул жер семирткичти алып келиптир. Жер семирткич мамлекетке же колхозго таандык экенин өзүңөр билесиңер. Абдурахим муну кайдан алды дейсиңер? Сөзсүз уурдап алган.

— Эй, сен бекер айтпа!—деп кыйкырып жиберди Абдурахим.— Мен ууру эмесмин. Мен муну бир кишиден сатып алдым.

— Кимден сатып алсаң да, уурдап алынган неме,—деп жооп берди Хажиумар.—Азимжан! Акты жазгын, биз кол коёлу.

Башкарманын секретары акты жазуу үчүн үйгө кирип кетти. Абдурахим эшегин бир тээп, качмакчы болду. Юнусбай анын жолун тосуп:



— Токто! Кайда барасың? — деп кыйкырды.

Абдурахим Юнусбайды түртүп жиберди. Хажиумар жардамга келип экөөлөп анын эки колун артына байлап салышты.

Ал жалынып жалбарып:

— Бир жерденбиз го, нанды да, тузду да, бирге жештик эле го, Хажиумар, кудай өмүрүңдү узак кылсын, мени коё бер!.. Мен айыптуу эмесмин, чиедей жаш балдарым бар. Сообума калгыла, менин шорумду кайнатпагыла...—деди.

— Сен колхоздун шорун кайнатсаң эч нерсе эмес экен да?—деди Хажиумар.—Күнөөң болбосо эмне коркосуң?—Текшерип көрүп, күнөөлүү кишини табышат.

Акты түзүштү. Абдурахимди кармап калышты.

Тергөө убагында Абдурахимдин корооснан орого көмүп салган жүздөгөн килограмм селитра жана суперфосфат табышты. Аны соттошту. Сотто Абдурахимдин жалгыз эмес экендиги аныкталды: коңшулаш колхоздордо, ошонун ичинде «Навободдо» мурдагы кулактардын тукумунан турган, өз кишилери бар экен. Алар колхозго зыянкечтик кылып турушкан. Аларды да, соттошуп, жоопко тартышты.

Кийинчерээк Хажиумар артелдин председатели менен уруша кетип «Ситораи Сурх» колхозуна көчүп кетет, а Юнусбай, «Навободдо» кала берет.

Жылдар өтүп жатты. Пахтанын түшүмү жыл сайын жогорулай берди. Камыш өскөн жерлер азайып—айдала турган жерлер көбөйө баштады; эски тут жыгачтары акырындык менен алманын, өрүктүн, алмуруттун, шабдаалынын көк бутактары менен көмүлүп көрүнбөй кала берди; жаңы сугат каналдарынын жээктерине көк чөптөр өсө баштады. Азыр мында көчүп келүүчүлөр, араба менен эмес, поезд, пароход, машиналарга түшүп келише турган болуп калды...

Өткөн жылдын жазынан баштап, Юнусбай жакшы бригадир катарында «Навобод» колхозунун председателдигине шайланган.

Согуш жылдарынын ичинде «Навободдо» пахтанын түшүмү төмөндөп, колхоз начарлай баштады. Жаңы председатель кыйынчылыктардын үстүнөн чыкты: малга чөп жетпей, өгүздөр жана аттар арыктап кетти. Мына ушул учурда Юнусбай өзүнүн коңшусуна — «Ситораи Сурх» колхозуна кайрылды.

— Иш оцунан чыкпай кыйналып турганда колун сунган дос гана дос деп аталат,—деди ал бир нече жылдан бери председатель болуп иштеп келе жаткан Хажиумарга келип. — Мага жардам бер.

Хажиумар ооз ачтырбай «колун суна салды»—«Навобод» колхозуна карызга, эки тонна буудай жана жарым тонна арпа берди. Андан башка ал, Юнусбайга май тарта турган жубаз кургун деген кеңешин айтты.

Май тарта турган жубаз күн сайын төрт баш күнжара жана сегиз литр май иштеп чыгарат. Малга күнжара бергендиктен алар тез оңолуп, чыгарылган май колхозчулардын тамагына керектелип жатты.

Бүгүн «Навободдон» өзүнүн «Ситораи Сурхуна» келе жаткан Хажиумар мына ушулардын баарын эсине түшүрдү. Тегирменди жана шалы актагыч акжубазды бирге куруп бирге пайдалануудан Юнусбайдын баш тартышын, анын акылсыздык менен койгон «шартын» жактырбаган Хажиумар карыя тарынып калды. Ал кошуп албагандыгы үчүн тарынган жок; чынын айтканда анын колхозу ансыз кемсинип калбайт. Ал өзүнүн кылган жакшылыктарын Юнусбайдын унутуп калганына, өзүнүн керт башын ойлоп, достукту билбегендигине капа болду.

Үйүнө келип, Хажиумар көмөрөсүнөн түшүп жатып алып, башын чапаны менен чүмкөдү.

Ал ошентип кечке, аялы келип тамак ичүүгө чакырганга чейин ошол бойдон жата берди. Тамак ичүүдөн баш тартты да, аялына мындай деди:

— Эгер Юнусбайдан бирөө келип, Шодигүлдүн тоюу жөнүндө сурай турган болсо, той болбойт дегин. Шодигүл али жаш. Турмушка чыгуу азыр эрте.

Аялы алаканын жайып:

— Я-алла! сизге эмне болгон? Шодигүл экөөңөр сүйлөшүп алгансыңар го! Анысы да бүгүн мага, Турабыңа турмушка чыкпаймын деп калыптыр.

— Абдан туура кылат! — деди Хажиумар чапанынан башын чыгарып.—Мен да, Юнус менен куда-сөөк болгум келбейт.

— Ал эмнеси экен! — деп чочуп кетти Шарофатхола. — Биз убада берип койбодук беле... Убада бар. Убаданы бузууга болобу?



— Сен Юнустун ким экенин билбейсиң... Болду, анысөз кылып кереги жок. Уйкум келип турат. — Ал чапанын дагы чүмкөп алды.

Аялы Хажиумар ооруп калган экен деген ойго келип, акырын басып чыгып кетти.

«Кудай аман койсун, эртең жакшы болуп калаар!» — деген ойго келди аялы, шам намазын окуп бүткөндөн кийин.

### *Онунчу глава*

Участкалык агроном Каримов Нуралини мейманга чакырды.

— Сен мени утуп алганыңды унутуп калгансың го дейм!— деп эске салды ал, тамашалап.

Нурали күлүп, ошол эле күнү кечинде барууга убада берди.

Каримов «Навободдон» көп алыс эмес Таги Чинор деген жерде туруучу.

Таги Чинор — Сарыкамыш кыштактык Советинин территориясынын ортосунан дээрлик орун алган, анча чоң эмес дөбөдө турат. Ал дөбөдө үч чоң чынар, чынардын түбүндө булак суу бар. Мындан бир нече жылдар мурда бул жерге кыштак Советинин жаңы имараты курулган, андан кийин—он жылдык мектеп, андан соң—клуб, медпункт үчүн имарат, райторгдун магазини, мугалимдер жана кызматчылар үчүн үй курулган. Ошентип бул сарыкамыштык он бир колхоздун административдик жана маданий борбору болуп калган.

Нурали келсе курбусу иштеп отурган экен: анын столунун үстүндө китептери, ар түрдүү сүрөттөр, карандаштар жайылып жатыптыр. Ошол эле жерде микроскоп, текчеде топурактар менен минералдык семирткичтердин үлгүлөрү турат. Бөлмөнүн ичине тамекинин түтүнү толуп кетиптир. Экинчи бөлмөдөн баланын ыйлаган үнү угулуп турат.

— Ушундай түтүнгө кантип чыдап отурасың? Терезени ачып койчу,— деди Нурали.

— Азыр желдете коёбуз. Түтүндүн адамга зыяны көп, бирок андан шек алуунун зыяны андан да көп, — деп тамашалады Каримов.

ре баштады.

— Эмне иш кылып жатасың? — деп сурады столго отуруп жатып Нурали.

— Абдан кызык иштин үстүндө отурам—пахтаны көчүрүп тигүү маселесин чечип жатам, — деген жоопту айтты Каримов маңдайына түшүп турган чачып силкип коюп. Мындай кыймылды ал дайыма кылганына карабастан, чачтары кайра-кайра маңдайына түшө берё турган.

— Пахтаны көчүрүп тигүү маселесин чечип жатам дейсиңби?— деп дагы сурады Нурали, таң калгандай сүрөттөргө карап.

— Ооба. Менимче бул мааниси чоң проблема.

— Менин байкашымча, сен пахтаны азырынча кагаздын үстүндө гана көчүрүп тигип коюпсуң го?— деп күлүп жиберди Нурали, жаш гозонун тамыры менен кошо тартылган кагазды кайра-кайра карап.

— Жаңыласың курбум, кагазга тартылган нерсенин баары талаада иштелип көргөн иштин натыйжалары. Мен азыр сага бир катар нерселерди көрсөтөйүн... Болду го деймˀ Суук тийгизип алып жүрбөйлү? — деп Каримов терезе жакты көрсөттү, тигинин каршы эмес экенин байкап, жаап да койду.

Ал тышка чыгып, жана ошол эле замат колуна көп бутактуу, эбегейсиз көп бош косектери бар бир түп гозону көтөрүп кайра кирди.

— Мына, көрдүңбү!— деди Каримов дубалга жөлөп, столдун үстүнө коюп жатып. — Мына бул гозо «Тажикстан Сурх» колхозунун бир участкасында өскөн, андан кийин бул менин кеңешим боюнча, түшүмдү кем берген башка участкага көчүрүп тигилген болучу. Косектерин санап көрөсүңбү? Эки жүз төрт, а мунусунда эки жүз тогуз косек бар.

— Эки жүз тогуз? — деп сурады Нурали таң калгандай.

— Таң калбай эле кой: бул гозолор түшүмдү көп бере турган участкадан алынган.

— Эки жүз тогуз косек-ээ? Бул, демек ар бир түп гозодон үч жүз грамм пахта алат дегендикке жатат да! Эгерде бардык пахта аянты ушундай боло турган болсо, ар гектар жерден канчадан түшүм алууга болот?

— Эки жүз элүү центнерге жакын түшүм алынат.



нер бизде рекорддук түшүм болуп эсептелет!

— Эмне үчүн мүмкүн эмес? Биз ошого бара жатпайбызбы. Ырас, азырынча мындай шактаган гозолор аз. Бирок буларды адам өстүрүп отурбайбы! Демек гектарынан эки жүз центнер пахта алуу деген жөнөкөй фантазия эмес!

— Ариф, бери карачы, бизди ушундай түшүм алууга үйрөтпөйсүңбү! Андай болбосо да, ошонун жартысынчалык түшүм алсак эле болду.

Нурали ордунан тура калып, кайра отурду.

— Сен жакшылап ойлонуп көр, андан кийин мына ушундай гозону кантип өстүрүүгө боло тургандыгын бизге айтып бер.

Каримовдун шамдагай, кичинекей аялы Зарифа чай алып келди.

— Советтик агротехника жылбай өз ордунда туруп калган жери жок, — деп сөзүн баштады Каримов чыныга чай куюп, чоң ак нанды сындырып жатып.— Биз, сен гана эмес, бардык адам ойлогон жогорку түшүмдү көздөй кадам шилтеп бара жатабыз... Биздин жердей асыл жер барбы досум! — Ал Нуралини далыга чаап койду эле, анын колундагы чай төгүлүп кете жаздады.

Ушул жоопту айтып, агроном өзү иштеп жаткан кандидаттык диссертациясы жөнүндө айта баштады. Бул диссертациядан кабары бар Нурали аңгеме узакка созулат экен го деп отурганда, кимдир-бирөө эшик кагып, Нурали «Ситораи Сурх» колхозунда таанышкан Просветов кирип келди.

— Сени ушул жерден тапканым ырас болбодубу, — деди ал Нуралиге кайрылып. Биринчи жолугушканда эле, Нуралинин фронтовик экенин билип алган, мурдагы сапёр Просветов аны менен «сен» деп сүйлөшүп калган. — Жарым сааттан кийин экөөң тең мага келгиле, — деди да, анан тамашалап мындай деп кошумчалады: — Эскертип коёюн, аны-муну деген шылтоо болбосун.

— Биз шылтоо издеген жерибиз жок. Бирок айтып койгун, кандай себеп менен сен бизди чакырып калдың? — деп сурады Каримов.

— Бүгүн Веранын туулган күнү.

— Анан мурдараак эскертип коюуң го? Барганда да...

— Белеги жок келсеңер деле боло берет, — деп анын сөзүн Просветов бөлө кетти. — Кыскасы жарым сааттан кийин күтөм. Зарифа да келсин, түшүндүңбү.

Просветов чыгып кетти.

— Барыш керек, — деди Каримов. — Барфи менен агрономияны эмкиге калтыралы.

«Навободдо» анчалык көп болбосо да, Нурали Просветовдун аялы комсомолка Вера жөнүндө көп уккан. Ал медпунктта өзүнүн акушеркалык милдетинен башка фельдшердин жана медсестранын милдетин да аткаруучу. Сарыкамыштын он бир колхозунда, ал айына эң кеминде бир жолу болбогон үй жок эле. Аңдагылар, айрыкча аялдар аны абдан жакшы көрүшүп, «Веричка» деп чакырыша турган.

Медпункт жети бөлмөлүү бир катар үйдөн орун алган. Анын төртөө дарылоочу бөлмө эле, калган үчөөндө медициналык кызматкерлер турушчу.

Көчөгө чыгаары менен эле, Каримов менен Нурали алыстан, медпункттан чыгып жаткан музыканын үнүн угушту.

Просветов аларды эшик алдынан тосуп алып, эки лампа жагылып, татынакай жасалгаланган бөлмөгө алып кирди, бул бөлмөгө салтанаттын урматы үчүн эки лампа жагылган көрүнөт. Меймандарынын баары келишкен. Шодигүлдүн келе тургандыгын уккан Нурали ичинен кубанып отурду. Меймандардын баары тааныш: арык чырай, чап жаак, орто жашап калган, көздөрү бажырайган—орто мектептин директору Султанов жана анын аялы — кызыл жүздүү мугалима Жамийла, географиядан сабак бере турган жаш мугалим Юсупов. Келбети келишкен, жибек кофта кийген, саргыч чачтуу аял патефон коюп отурат — ал врач Зинаида Лобанова эле. Санитарка Мария печканын жанында чебелектеп жүрөт. Веранын өзү али жок. Бөлмөнүн ортосундагы столдо ар түрдүү тамактар жана вино куйган бутылкалар турат.

— А Вера кайда? — деп сурады Каримов колундагы оролуу нерсесин столдун четине коюп жатып.

— Ал «Ситораи Сурхка» кеткен. Азыр келет, — деп жооп берди Просветов.

«Ал Шодигүлдү ээрчитип келген кеткени го»—деген ойго келди да, Нурали чыдамсыздык менен эшик жакты улам-улам карай берди.



— Тамеки чекпейлиби, Баратов?— деп Нуралинин жанына отуруп, чөнтөгүнөн тамекисин алып чыгып ага сунду Просветов.

Тамекинин түтүнүнө араң чыдаган Нурали папиростон алды.

— Бул тамеки тартпайт эмеспи! Ашык болуп калган адамдан бетер, эмне кылаарын билбей отурат,— деп Каримов күлүп жиберди.

Нурали кызарып-татарып, колундагы папиросту ушалай берди.

Акыры коридор жактан кимдир-бирөөнүн табышы чыкты. Эшик шарт ачылып, орто бойлуу, толмочунан келген, жыйырма бештерге барып калган, шамдагай жана шайдоот, жаш аял кирип келди. Ал Вера эле. Анын артынан тартынгандай болуп, Шодигүл кирди. Вера келгенден кийин көңүлдүү боло түштү. Нурали менен учурашып, ал мындай деди:

— Жолдош Баратов болосузбу? Абдан жакшы.

Анан Каримовга кайрылып:

— А Зарифа кана?

— Азыр келет. Баласын уктатканы калды.

— Столго отургула, кымбаттуу меймандар!— деди ордунан туруп Просветов.

Меймандар отурушту: столдун бир жагына мектептин директору, анын аялы жана Шодигүл, экинчи жагына Нурали, Каримов жана Лобанова отурду. Жаш мугалим Юсупов Шодигүлдүн жанына отурду. Юсуповдун Шодигүлдөн көзүн албай отурганын Нурали байкап калды. «Кандай уяты жок неме»,— деген ойго келди Нурали ачууланып.

Шодигүл жеңи кең, гүлдүү жибек көйнөк кийип келиптир; анын үстүнөн белин кынаган жашыл баркыттан кемсал кийип алган; мойнуна тагынган шурусу абдан жарашып турат; кулагында сонун сөйкө. Столго отургандан кийин, Шодигүл менен Нурали бир эки жолу тиктешип алды. «Мен сиз менен сырдашып сүйлөшөөр элем, бирок бул жерде уят болорун көрүп турасыз»,— деген пикир Шодигүлдүн көзүнөн эле көрүнүп турат.

Акыры Зарифа да келди. Күйөөсү Лобанованын жанында отурганын көрүп, тигиле карады да, ичинен сызып, Веранын чакыруусу боюнча, анын жанына келип отурду.

Шодигүл менен Жамийла алып келген дасторконду ача башташты. Биринчисинде табакка салган пало жана бир көйнөктүк ак жибек бар экен; экинчисинде нан жана самса.

Мектептин директору орус тилиндеги «Восток» деген китептин тышы алтын тамга менен жазылган бир томун алып келиптир:

Мында тажик элинин улуу классиктеринин чыгармалары басылган.

Зарифа халатынын ичинен жаңы сайма топу алып чыгып, Веранын алдына койду.

Каримов Верага мындай деди:

— Менин белегимде чен жок. Василий! Сен бир мык жана балка таап берчи?— деп ал Просветовго кайрылды.

— Курулушта иштеген кишиде андай нерселер болбой койчу беле? Менин куралым ошол деп айтууга да болот,— деп тамашалады Просветов.— Анын сага эмне кереги бар?

— Артык баш суроону коюп, алып келсеңчи.

Просветов анын колуна балка менен мыкты салтанаттуу түрдө тапшыргандан кийин, жанагы оролгон нерсенин ичинен эбегейсиз чоң патир нанды алып чыкты.

— Мына! Бул нак буудайдын унунан жасалган,—деди ал. Анан ордунан туруп, нанды дубалга кага башташы. Бардыгы тең ага таң калып карап турушту.

Нанды дубалга кагып бүтүп, ал мындай деп «түшүндүрдү»:

— Бул биздин тажиктердин «талисманы». Бул, бакыт жолобогон жерге бакыт алып келет; ал бакыт бар жерде, мисалы бул үйдө бакытты коруп турат.

Баары тең күлүп жиберишти.

Андан кийин бакалдарды толтурушуп, мындай учурда боло турган тостту көтөрүшүп, ичип, жей башташты. Лобанова, Шодигүл менен Зарифаны, жок дегенде бир рюмкадан ичип койгула деп өтүнүп жатты.

Юсупов бокалды алып, Шодигүлгө акырын мындай деди:

— Сиздин ден соолугуңуз үчүн!

Муну байкап калган Лобанова, сөөмөйү менен аны кезеп койду.



Шодигүл эмне дээрин билбей, айыптуу кишиче Нуралиге карады. Андан кийин мектептин директору Султанов «улут республикаларынын алыскы бурчтарында иштөө менен элге маданиятты ала келген орус аялдары, орус кыздары үчүн» ичүүнү сунуш кылды.

Вера анын сөзүн жактырган жок.

— Мен бул тостко маакул эмесмин,—деди ал Султанов ордуна отургандан кийин.— Ушул жерди кантип алыскы бурч деп айтууга болот? Советтер Союзунун кайсы гана жеринде иштебейлик, баары биздин родинабыз. Воронежде, же Вахшта иштегенибиздин кандай айырмасы бар? Маданиятты алып келгендер дейсиз! Бизди совет мамлекети ошол үчүн окуткан да...

Бокалын колуна алып, ордунан тура калган Каримов Веранын сөзүн бөлдү.

— Талашты коёлучу Вера, орус адамдары үчүн ичип жиберели!— деп баштады ал, маңдайына түшүп турган чачын кайра силкип коюп. Менин, кымбаттуу достор, андай тостту сунуш кылууга толук укугум бар. Андай укук сенде да Нурали, Султановдо да, Шодигүлдө да, баарыңарда бар. Мен он төрт жашыма чейин кат тааныган эмесмин. Өгөй атам менен өз энеме көрүнбөй качып келип, үч жолу окуй баштадым жана үч жолу кеттим: өгөй атам караңгы киши болгондуктан, окууга жибербей, китептеримди өрттөп жиберди. Андан кийин биз Вахшка көчүп келдик. Окугум келип, үйдөн качып кеттим. Кировабаддан чыгып төрт күн жүргөндөн кийин, жүрбөй калдым: ачка болуп алым куруп, бутум шишип кетти. Уялыдан көп алыс эмес жердеги зооканын түбүнө келип жатып, уктап кетиптирмин. Көзүмдү ачсам, жанымда бир кызыл аскер жигит турат. (Бул отуз биринчи жылы болгон окуя, анда кызыл аскерлер тоода качып жүргөн Ибрагим-бектин баш кесер басмачыларын куугунтуктап жүргөн кез). Кызыл аскер менден: «Сен ким болосуң бала?»— деп сурады. Мен орусча бир нече гана сөз билүчүмүн. Ага мындай дедим: «Сталинабад мектеп» — деп жооп бердим. Ал мага нан берди да, учкаштырып алды. Жолдугата башым айланып, этим ысып араң келе жаттым. Көк ташка келгенде, кызыл аскер бала бир орус аялды таап, мени ошого берди. Аял доктор экен. Ал мени ооруканага жаткырып, дарылай баштады: көрсө мага чечек чыгыптыр. Айыккандан кийин мени өз үйүнө алып

келип, бир айдай багып, «уулум» дей турган болду. Андан кийин мага жаңы көйнөк, шым кийгизип, Сталинабадга алып келди да, интернатка орноштуруп койду. Мен окуй баштадым. Мына ошентип менин жаңы жолум, орус кызыл аскеринен башталып, орус профессоруна чейин келди. Мен агроном болуп, Вахшка кайтып келдим... Кана достор, орус адамы үчүн ичип жиберели!

— Менин да, тост көтөргүм келип турат,— деди Вера. Каримовдун айткан сөздөрү аны толкундата кетти көрүнөт.— Мен Тажикстан үчүн, анын адамдары үчүн, анын маданияты үчүн, анын пахтасы үчүн, анын... анын азыркы, келечектеги гүлдөшү үчүн ичүүнү сунуш кыламын!

Бөлмөнүн ичин бокалдардын шыңгыраган назик үндөрү жаңыртып жатты. Баары тең тамак жеп жатышты, а Просветов болсо жаңы бутылканын оозун ача баштады.

— Коногум, өз үйүндү ойлой отур деген кеп бар достор, — деди ал күлүп, бокалдарды толтуруп жатып.—Азыр биздин Сарыкамыштын гүлдөшү үчүн, бул жерде, билесиңерби эмне экенин?— электрдин тезирээк пайда болушу үчүн ичип жиберели! Ооба, ооба, жолдоштор, электр. Бул сөз сага тиешелүү жолдош Баратов!— Просветов өзүнүн коңшусуна кайрылды.— Сен муну көрчү! Ал ордунан туруп, терезенин түбүнө келип, анын пардасын ачты. Караңгыда, алыстан жаркыраган от көрүндү.—«Авангард» колхозунда күйүп жаткан жарыкты көргүлөчү! Он эки километр жерден кадимкидей көрүнүп турат. Ал эми бизде болсо... Сенин «Навободунду» эле ала коёлу. Ал кайда? Эмне үчүндүр көрүнбөйтко. Мындагы колхоздор эмне үчүн электростанция курушпайт?— деп ал Нурали менен Каримовго кайрылды.

— Курабыз,— деди Нурали, Просветов менен бокалын кагыштырып жатып.— Бир жылдан кийин бизде да, «Авангарддагыдай», андан да жакшы станция болот. Вахш өрөөнү бүт, бүткүл республика электр жарыгына бөлөнөт.— Ал өзүнүн бокалын бошотуп жиберди.

Каримов столду такылдатты:

— Трибунадагы Вера. Дагы сүйлөгүсү келип калыптыр.

— Мен тажиктерде мындай деген макал бар деп укттум: «Ар ким өзү жөнүндө ойлойт, а көсөө — сакал жөнүндө ойлойт»,— имиш деп баштады Вера.— Менин «са-



калым» төрөөт үйү болуп турат. Билесизби,— деп ал Нуралиге кайрылды,— төрөөт үйү абдан зарыл нерсе. Биз Зина экөөбүз айтып жүрүп, тилибиз тешилди. Оозу менен баары эле маакул, а иш жүзүнө келгенде эч нерсе жок. Алар мындай дешет: төрөөт үйүн куруу жана аны тейлөө, бир колхоздун колунан келбейт. Мейли, андай болсо, биргелешип курушсун. Анысынан да эч нерсе чыккан жок: бир колхоз экинчисине шылтайт, анысы — үчүнчүсүнө шылтайт, а үчүнчүсү мындай дейт: «Менин коңшум бизден бай, анын үстүнө адамдары да көп, ошол эле курсун».

— Бул айткандарыңдын баарынын жөнү бар сөз Вера,— деп сөзгө аралаша кетти Каримов,—бирок бүгүн иш жөнүндөгү маселени талкуулабай коё туралы. Андан көрө патефонду койгулачы!

— Абдан жакшы болот. Ошентип таң аткыча бийлейли!

— «Дунайдын толкундары» деген вальсты коюшту. Каримов аялына бир карап алды да, Лобановага келип бийге чакырды. Жеңил жана эркин айлануу менен аял, акырын үн салып жүрөт. Шодигүл таңдана, бийлеп жаткандарга карап отурду: ал өзү жакшы көргөн вальстын кандай бийлене турганын сейрек көрүүчү.

Нурали Просветовдун жанына келди.

— Сен «Ситораи Сурхтун» клубун курууга жардам берип жатпайсыңбы?

— Ооба, мына бул жаш кыз атасы экөө, мени чакырып келишти. — Просветов Шодигүлгө карады.

— Сенин адистигиң ошолбу?

— Мунун колунан келбеген иш жок,— деп күйөөсү үчүн Вера жооп бере салды.— Жыгач уста, радиотехник, электромонтёр — кыскасы колунан келбеген иши жок.

— Дагы бирөөнү унутуп калдың: акушерканын ассистентимин,— деди күлүп Просветов.

— Абдан жакшы. Сен өзүң биз үчүн табылбаган киши турбайсыңбы. Курулуштарды бирге курабыз.

— Эмне курмакпыз? Тегирменден башка, эч нерсе кура турган түрүңөр жок го.

— Азырынча ошону куруп жатабыз. Жакында кандай курулуш баштаганыбызды көрүп турасың!

Патефондун пластинкасын алмаштырып коюшту. Вальстын ордуна тажиктин ырдап-бийлей турган плас-

тинкасы коюлду. Зарифа алып келген топуну кийип алып Вера бийлей баштады. Көрүп отургандар музыкага карай алакандарын чаап отурушту.

— Муну «Вахштын толкундары» — дейт! деп кыйкырып жиберди Каримов.

— Эки үч айланып келип, Вера Зарифанын жанына келди да, бир тизеси менен тура калып, мойнун кыймылдатып, каштарын кагып, колдорун солкулдатып, аны бийге чакырды. Зарифа отурган бойдон жооп берип жатты. Андан кийин ордунан туруп, айланды. Өзүнүн бийинде ал, бир туруп саймачыны, күзгүнүн жанында турган кызды, пахта терип жаткандын туурай берди. Турмушка чыкканга чейин ал райондук музакалдык-драмалык театрында ойноп, зор келечеги бар экенин көрсөткөн болучу. Турмушка чыккандан кийин сахнага чыкканды койгон. Андан кийин балалуу болуп, мына ошону менен үйдөн чыга албай калды.

Зарифа Шодигүлдү да бийге чыгарды. Кыз макул болбой, Жамийлага жабышып жатты. Ал эркектердин көзүнчө бийлеп көргөн эмес. Зарифа болбой жатып, күч менен бөлмөнүн ортосуна чыгарды. Шодигүл бетин жаап алып, бир айланды да, ордуна барып отурду.

Барган сайын көңүл көтөрүлүп, дуулдай башташты.

Патефон басылгандан кийин, Просветов жоон үнү менен «Кечки рейдде» деген ырды баштады эле, ага Лобанова, Вера, Нурали кошула кетишти.

Эмне үчүндүр Вера ырды токтотту.

— Достор, жакында жаңы жыл. Баарыбыз чогулуп ёлка уюштурбайлыбы?

— Ёлка?— деп таң калды Лобанова.— Аны кайдан алабыз? Бул жерде тал менен туттан башка эч нерсе өспөйт. Менимче алардан ёлка кылууга болбойт.

— Арчадан жасасак кантет?— деген сунушту киргизди Просветов.— Ёлканы арчадан эле жасайбыз.

Талаш-тартыштар башталды: арчаны тоодан кантип алып келүү керек, анан ёлка жасоонун кереги барбы, же жокпу. Нурали да сөзгө аралаша кетти:

— Менимче бул абдан жакшы пикир, бирок мен ёлканы биздин «Навободдо» өткөрсөкпү деп турам — балдардыкын да, ошол жерге уюштуруу керекко. Арчаны алып келебиз, анын кыйынчылыгы жок. Расходун колхоз өз мойнуна алат, мен председателди көндүрөм. Бул тажик



кыштагындагы биринчи ёлка болот. Балдар үчүн жаңы, көңүлдүү майрам болот.

— Мен маакулмун! мен өзүм...— деп Вера сөзүн баштап келе жатканда терезени бирөө кагып, анын сөзүн бөлүп кетти.

Просветов терезенин түбүнө келип, анын пардасын ачты. Лампанын бүлбүлдөп күйгөн жарыгы менен терезенин нары жагындагы кишинин өңү, айнекке жабышып калгандай болуп көрүндү.

— Бу ким?

— Бул менмин, Сабырмын, «Маданият» колхозунан келдим,— деген эркек кишинин үнү чыкты.— Верочка үйдөбү?

— Толготуп жаткан аялдан келсе керек,— деди Вера. — Вася, барып эшикти аччы.

Просветов тышка чыкты. Оозгу үйдөн толкундаган эркектин үнү угулду:

— Здрасти. Верычка үйдөбү? Менин аялым кыйналып жатат... Төрөй турган. Эки ат алып келдим. Тез барыш керек.

— Макул, бир аз toktoй тур,— деди Просветов.

Вера пальтосун кие баштады.

— Вася, менин аны-мунумду чогулта салчы,— деди ал кирип келген Просветовго, терезеде турган кичинекей чемоданды көрсөтүп. Анан кечирим сурагандай меймандарга жылмая карап:— Кечиресиздер,— деди.

— Вера, сен мында кал, мен барып келейин,— деди Лобанова.

— Коюңуз! Сабырдын аялы «менин кишим». Бул анын биринчи төрөөгү. Меймандарга Зина каралашып турат. Мүмкүн, анын оорусу катуу чыгаар, сен болсоң гинеколог эмессиң да.

Просветов керектүү дарыларды жана куралдарды бат эле жыйнаштыра салып, ак халаты менен кошо кичинекей чемоданга салды.

Чемоданды бир колуна алып, экинчи колу менен пальтосунун топчуларын түймөлөнүп, Вера бөлмөдөн чыгып кетти. Меймандар аны узатып чыгышты. Коридордо колуна камчы кармаган, узун бойлуу колхозчу күтүп турган экен.

— Веричка, бол, менин аялым...

— Жарайт, Сабыр. Сен коркпо... Биз бат эле.

Короонун ичи карангы эле. Просветов кол фонарды күйгүзүп алып чыккыча күтүүгө туура келди. Үйдүн бурчунан имериле берген жердеги бакта, эки ат байланып турган. Вера күйөөсүнүн жардамы менен аттардын бирине минди да, Лобанованын колундагы чемоданын алды; Сабыр экинчи атка минди. Караңгыда алар бат эле көрүнбөй калышты.

— Абайлап бастыр Вера! Абдан катуу кетпе! Жыгыласың!— деп кыйкырды Просветов.

Дал ушул учурда Нурали убактыдан пайдаланып, жалгыз турган Шодигүлдүн жанына келди.

— Биздеги ёлкага келиңиз, келбей койбоңуз,— деп шыбырады ал Шодигүлгө. — Келесизби?

— Ооба,— деп жооп берди ал да, акырын гана.

### *Он биринчи глава*

Шодигүл жаңы жылды чыдамсыздык менен күттү. Ал ёлкага барып балдардын көңүлүн көтөрүп келсем болду деп, өзүн-өзү ишендирип алган. Анын үстүнө Нуралиге убада берип койгондон кийин барбай коюу жакшы эмес.

Бирок атасы, «Навободгo» баруучу болбогун деп койгон, аны кантет? Юнусбай таарынтып койгондон кийин, чал ал колхоз менен да, анын председатели менен да эч байланышкысы келбей калган. Энеси да атасынын сөзүн сүйлөдү. Анын өзүнчө бир себеби бар боло турган: Таги Чинордогу Веранын мүчөлүнө барган күнү Шодигүл түнкү саат бирге карап калганда араң келген. Бул Шарофатхоланын кыжырын келтирбей койгон жок, анын үстүнө кызы чоочун эркектердин көзүнчө бийлегенин угуп, абдан ачууланды.

— Атаң туура айтат, «Навободдо» сага эмне бар! Эч кайда барбайсың! — деди Шарофатхола.

— Баары бир барам! — деди Шодигүл чечкиндүү добуш менен.

Кызы ата-энесинин тилин албай, «алардын сөзүн укпай» коюу Хажиумардын үйүндө болуп көргөн окуя эмес.

— А мен сага руксат бербейм! Тилимди албай көрчү!— деп коркутту Хажиумар.



Шодигүл өмүрүндө биринчи жолу ата-энесинин тилин албады. Ал ар дайым алардын тилин ала турган. Бирок бул сапар аны эч ким токтото алган жок.

Кечке жуук балдарды ээрчитип, акырын көчөгө чыкты да, «Навободду» көздөй жөнөдү.

Алар счетовод Сайфиддиновдун үйүнүн жанынан өтүп бара жаткан кезде, жеңил машина жетип келди. Машинадан Нурали менен кичинекей кызын жетелеген жаш аял чыкты.

— Саламатсызбы, Шодигүл. — Нурали кубана колун кысты.— Келгенинизге чоң ракмат. Таанышып койгула, бул менин жеңем Хайринисо, а бул менин кызым Зеби.

Шодигүл менен Хайринисо колдорун ийиндерине коюшуп учурашты. Андан кийин Шодигүл эңкейип, Зебини көтөрүп, бооруна кысты. Хайринисо бирдемеден шек алган кишиче Нуралиге карады. Ал бир аз кызара түштү. Хайринисо жылмайышын бир аз жашыргандай, Нихолдун маңдайынан сылады. Зебини коё берип, Шодигүл балбылдаган көзү менен Хайринисо менен Нуралиге тигиле карап, ёлка жөнүндө сөз баштады. Алар сүйлөшүп жаткан учурда, Нихол Зебинин жанына келип, экөө тең көпкө чейин үнчүгүшпай бирине бири тиктеп турушту, а оң жашар шайдоот Сангин небак эле кабинанын ичине кирип, шофердин жанына отуруп алып, кайра-кайра сигнал берип жатты.

— Ёлкага азырынча эрте,— деди Нурали.— Балким сиз, Шодигүл, Хайринисо менен бирге биздин үйгө кирип чыгууга макул болорсуз? А мени кечиресиз, чайханага барышым керек, андагы иштерим бүтө элек.

Аялдар жана балдар үйгө киришти.

Меймандардын келишине кубанган Сайфиддиновдун аялы Марзия, алардын алдына жаны көрпөчө салды.

Көз байланып калган кезде Сайфиддинов келип, убакыт болуп калганын айтты. Жоош жана салмактуу Сайфиддинов, чайханада эмне болуп жатканын төкпөй-чачпай айтып берди.

— Арча эмес, кипарис! Нан урсун, анык кипарис! Алиги Просветовдун колунан келбеген иш жок. Баарын кылып жүргөн ошол.

Кернейдин жана дойранын бийик үнүн уккан балдар, караңгы көчөгө түшүп алып чуркаган бойдон кеткендиктен, Хайринисо менен Шодигүл алардын артынан араң эле жете басып келе жатышты. Чайхананын алдындагы аянт-

та чоң от күйүп жатат. Анын жарыгы айланасында отурган эркектердин, аялдардын жүзүн, ар түрдүү чаар-ала кийимдерин, топуларын, көйнөктөрүн, жогору көтөрүлүп кыйкырып жаткан кернейди жарык кылып турат. Чайхананын ачык турган эшигинен, андагы балдар көрүнөт. Чайхананын ортосунда келишкен бийик көк кипарис, үйдүн шыбына тийип турат. «Ак кар» баскан бутактарына көп сандаган шамдар жагылган; ал жаңыдан гана кардуу тоодан келгендей андагы «ак карлар» жерге себелеп түшө баштады.

Арчага укмуштуу жемиштердин өңгөнү балдарды бөтөнчө таң калтырды: анда жаңгак, алмурут, алма, бехи, анар, жүзүм өскөн.

Сангин ёлканын жанына чуркап барып, аны кармап көрөйүн деди эле, кимдир-бирөө колго бир чапты. Сангин ал баланы бир салып эчтеме көрбөгөн кишидей ёлкадагы пахтадан бир үзүм алды да, эшиктин алдында турган Шодигүлдүн жанына келип:

— Кар эмес эле, пахта экен!— деди.

Шодигүл балага жооп берген жок, эжесинен эч жооп укпай турганына көзү жеткен бала анын жанынан басып кетти. Айланасындагы балдарды, ёлканы байкабаган киши болуп, Шодигүл чайхананын бурчунда Вера менен сүйлөшүп турган Нуралиден көзүн албады. Акыры ал Шодигүл жакка кайрылып, аны көрө коюп бир кадам басты. «Бул жер мен үчүн кандай жакшы,—деди ал өзүнө өзү.—Абдан жакшы! Мейли, үйгө барганда урушса, уруша берсин, коркпойм». Шодигүл ёлканын жанына келди. Улгайган адамдар дубалга такай коюлган чарпаяда отурушат. Юнусбай да, бригадирлери да, ушул жерде экен. Хашим-Корвондун узун бою баарынан бөлөкчө болуп көрүнөт.

Өзүнчө бир топ болуп отурган музыканттар дутар чертип, керней тартып, тамбур ойноп, чоор тартып жатышты.

Балдар көрбөгөн ёлкасын көрүп бүткөндөн кийин, башкарып жүргөн — Вера менен Жамийла балдар менен кыздарды тегерете тизип, кол кармашып, ёлканы айланып ырдагыла дешти, а тажиктин эл күүлөрүн жакшы билген Сайфиддинов музыка ойноп бермек болду. Ырдын обону баарыга белгилүү болучу. Ошондуктан көп узабай эле, балдарга чоңдор да кошула кетишти.

Ыр күтүлбөгөн жерден, фанера менен тосулган тосмонун нары жагынан Аяз Атанын чыга калышы менен ток-



тоду. Анын үстүндө аңтарасынан кийген тон, башында пахтадан жасалган чалма. Сакалы, мурутту жана каштары да пахтадан жасалган.

Бул кызык чалдын эмне иш кылаарына көбү түшүнбөсө да, балдар таң калган шоокум менен тосуп алышты. Нурали мунун «Бобои Зимистан»—башкача айтканда «Аяз Ата» экенин түшүндүрүп берди.

— Бобои Зимистан! Бобои Зимистан!.. —деп чуулдашып, балдар Аяз Атаны тегеректеп алышты.

Балдар баарынан да, анын сакалына кызыга карашып, Просветовдун бети көрүнгөнгө чейин аны жула беришти. Бул залда отургандардын баарын күлдүрүп, эл дуу дей түштү. Баарынан Хашим катуу каткырды—ал бакырайган көзүнөн жаш чыкканча күлдү.

Таанылып калган Аяз Ата фанера менен тосулган жердин нары жагына кетүүгө аргасыз болду.

— Орус эли абдан ачык-жайдары эл го, туурабы?—деди Юнусбай Хашимге.—Биздин балдарга абдан жакшы болду. Мындан ары ар жылы уюштуралы!

Нурали Хайринисо менен Шодигүл отурган аялдардын тобуна келди.

— Жакшы бекен? Келгениңер ырас болуптурбу?—деп ал жеңесинен сурады да, Шодигүлгө тиктеди.

Суроо өзүнө берилип жатканын байкаган Шодигүл:

— Эң эле сонун!—деп жооп берди.

Нурали аны акырын колдон алды. Шодигүл колун тартып алган жок...

Вера балдарды ойнотуп, бийлете баштады, оюн Аяз Ата чыгып белек таратып бере баштаганга чейин улантылды; бул сапар Аяз Ата Каримов болгон эле: ал кагаз баштыкка салынган конфет, печенье жана кургатылган жемиштер болучу. Балдар өзүнө тиешелүү энчисин алып бүткүчө уу-чуу, убарагерчилик, тарынуулар, күлкү-тамашалар болуп өттү.

Кичинекей Зеби тополоңдун ичинде өзүнө тийген энчисин жоготуп коюп катуу чыр салгандыктан, ага жаңысын берүүгө туура келди.

Тамашанын кызыгына баткан балдарды чайханадан алып чыгып кете албай, алардын ата-энелери көп убара болушуп, ёлка жакында кайра болот деп, убада берүүгө, эптеп көндүрүүгө бир топ убактыларын кетиришти.

Ҫиндиси менен иинсин ээрчиткен Шодигүл үйүнө абдан кеч кайтты.

Эшик кагылганда Шарофатхола чыгып Нихолду колуна алды да, эч сөз айтпастан кайра кирип кетти.

Нихол шаша сүйлөп, толкундап энесине ёлка жөнүндө, Зебинин кандай жыгылгандыгы жөнүндө жана экинчи жолу чыккан Бобои Зимистандын аларга белек бергендиги жөнүндө баштан-аяк айтып жатканын Шодигүл угуп турду. Энесинин артынан «аялдар бөлмөсүнө» Шодигүл менен Сангин кирди. Шодигүлгө энеси бир ооз сөз айтпаганын байкаган бала, бир энесине, бир эжесине карады. Шодигүл да, унчукпаганы менен чочуп турду. Нихол кагаз баштыгынан белектерин алып чыгып, энесине көрсөтүп, дагы бир азга ёлка жөнүндөгү ангемесин айта берди, бирок энесинин капа болуп отурганын, анын сөзүнө кулак салбаганын байкап, ал да унчукпай калды. Өзүнө жана балдарга төшөк салып, Шодигүл жатмакчы болду эле, энесинин жанды кашайтып көгөрүп унчукпай отуруп алганына чыдабай мындай деди:

— Сиз мага бекер ачууланып жатасыз. Мен өзүм үчүн эмес, мына бул балдар үчүн барып келдим...— Айтканыңызда эч бир чындык жок. Шодигүл көз жашын энесине көрсөткүсү келбей тескери карап кетти.— Булардын абдан жакшы дем алып келгенин көрбөй турасызбы?

Кызына аркасын салып, төшөгүндө отурган энеси унчуккан жок. Бир аздан кийин бышактап ыйлай баштаганы угулду.

Шодигүл жанына келип, анын мойнунан кучактады.

— Сиз эмнеге ыйлайсыз?.. Мен эмне, жаман иш кылдымбы? Анда кечирип коюңуз, мен сизди капа кылгым келбейт.

Шарофатхола жеңи менен көз жашын сүртүп мындай деди:

— Атаңдын көзүнө көрүнбөй коё тур. Жок дегенде эртеңге чейин көрүнбөгүн.

Эртең менен атасы кеткиче Шодигүл «аялдар бөлмөсүнөн» чыккан жок. Атасы кабагын карыш салып унчукпады, а түгүл эркелеп алдына отура калып, ёлка жөнүндө төкпөй-чачпай айтып берген Нихолду да, эркелетип койгон жок.

Тамагын ичкенден кийин Хажиумар, «Пахтакор» деген коңшулаш колхоздун председатели Жураев менен жо-



лугушуу үчүн чайханага кетти. Чайханада да, кечээ «Навободдо» өткөн ёлка жөнүндө сөз болуп жаткан. Эл аны уюштурган Вера, Нурали жана башкаларды мактап жатышты. Хажиумар унчукпай угуп отурду.

— Силердин колхоздон балдар барган жок беле?—деп сурады андан Жураев.

Хажиумар жооп берген жок.

— Биздин раис Юнусбай менен араздашып калган, ошондуктан балдарга «Навободго» барууга руксат берген жок,—деп ал үчүн жаш колхозчу жооп бере салды.

Анын сөзүнөн жинди-чалды шылдыңдай сүйлөгөнү даана билинип турду.

— Чын элеби?—деп таң калды Жураев.

— Таптакыр андай эмес,— деп жооп берди Хажиумар, өзүнүн айыптуулугун сезгендей.—Биздин айыл менен «Навободдун» аралыгы бир топ бар. Мен балдарды анчалык алыс жерге жиберүүдөн чочудум,—деди Хажиумар, өз ичинен уялганы менен.

— Мүмкүн ёлканы өз колхозуңузда уюштурганы жүргөндүрсүз? Менин да, ошондой деген оюм бар,—деди Жураев.

— О, жакшы! Болот!—деп кубана түштү Хажиумар, сор абалдан кутулуунун айласы табылгандай болуп.

— Андай болсо сиз мени кечирип коюңуз,—деди кубана түшкөн жаш колхозчу.

Эртең менен кигеге караганда, Хажиумар үйүнө көңүлдүү кайтты. Ойлобой кылган ишинен, Хажиумар ката кетирип коё жаздады.

«Шодигүл жаман иш кылдыбы? —деп сурады ал өзүнөн өзү.

— Мен эмне үчүн ага мынчалык ачууландым. Жаш кезимде мен деле чалдардын тилин албай койчу элем го».

Өзүнүн жаш кезиндегилерин эске салып, боюн түзөп, тез-тез басып, ичинен күңкүлдөп бирдемени ырдай баштады—ал бүткүл Хисоракдеги мыкты дутарчы жана ырчы деп бекеринен аталган эмес да.

Үйгө кирип келип, Хажиумар аялына мындай деп буюрду:

— Шодигүлдү чакырып келчи!

Анын катуу айтканынан улам, чочулаган Шарофатхола жалдырап күйөөсүнө карап, кызын жактап бирдеме

айткысы келди эле, батына албады да, анын буйругун аткарганы чыгып кетти.

— Сиз мени чакырдынызбы ата? — деп сурады Шодигүл босогого тура калып.

Хажиумар жооп берген жок. Шарофатхола арачалачу кишиге окшоп, кызынын жанына тура калды.

— «Навободдогу» кече жакшы өттүбү?—деп Хажиумар, кызына карабастан, каардана сурады.

— Ооба... Балдар үчүн абдан жакшы болду,—деп акырын гана жооп берди кызы.

— Хо-оп!—деп созолонуп койду да, аялы менен кызы жакты карап, эркинен тышкары жылмайды.—Силер эмне мамыдан бетер катып калдыңар?

Энеси кызы менен тиктеше түштү. Алар эмне болоруна түшүнбөй, аргасыздан жылмайып коюштү. Хажиумар да, бажырая жылмайды. Өзүнүн бала-бакырасын ушунчалык коркутканына өзү да ыраазы болгонсуду.

— Кеп мындай Шодигүл! — деп ал акыры кызына кайрылды. —Өзүңдүн курбуларыңа барып мындай дегин: биздин колхоздо да так ошондой майрам өткөрүшсүн.

Шодигүл күтүп турган жок. Жаш жейрендей бурулуп, аткан октой учуп, үйдөн чыгып кетти.

### *Он экинчи глава*

Түн ортосу оол кеткен. Парткабинетте Нурали менен Юнусбайдан башка, Хашим-Корвон, бригадир, Мухамеднияз, Зубайда, Мусаев, Сайфиддинов жана Рахим отурган. Алар каадасынча Сталинабаддан бериле турган радио берүүлөрдү укканы чогулушкан. Радио берүүлөр бүткөндөн кийин Нурали батарея менен иштеген радиоприёмникти сууруп салып, Юнусбайга кайрылып мындай деди:

— Раис, биз Ахмеджанга качан барабыз?

Председателге күтүлбөгөн жерден берилген бул суроо, отургандардын баарынын көңүлүн бурбай койгон жок. Орундарынан туруп үйлөрүнө кетмекчи болгон Мухамеднияз менен Сайфиддинов да, кайра орундарына отурушту.

Нурали бул суроону Юнусбайга биринчи ирет берип отурган жери жок, ал ар кандай себептерди таап жооп бербей келген: «Ойлонуу керек», «Эмнеге шашабыз»,



«Жок» деп айтууга батына албайт, анткени колхозчулар Нурали жакта болучу.

— Баруугa болот... — деп шашпай гана жооп берди да, башындагы топусун алып, чаңын черте баштады. Эмне кыларын билбей калган кезде ал ар дайым ушинте турган. — Бирок андан эч нерсе чыкпайт, пайдасы да жок. Рохинавдыктар кошулууга макул боло койбойт.

— Эмне үчүн? — деп Зубайда сөзгө аралаша кетти.

— Анын пайдасы жок деп коюшат.

— Кандай жооп берерин, алдын-ала болжоп айтуунун эмне кереги бар? — деген Хашим-Корвондун жоон үнү чыкты — бурчтагы чоюн меш жактан. Хашим-Корвон парткабинетке кайсы убакта келбесин, стулун мештин жанына коюп ала турган.

— Сен аңырандабагын Хашим, — деди председатель көтөрүлө сүйлөп. Мында башкарманын мүчөлөрү жана парторг отурат. Алды менен булардын эмне айтканын ук.

— Эмне үчүн мен угуп гана отурушум керек? Менин айтууга акым жокпу?—деп тарына сүйлөдү Хашим-Корвон.

Юнусбай кабагын сала ал жакка карап, бирдеме деп айтайын деди эле, эмне үчүндүр кайра ойлонуп калды.

— «Рохи Навга» барып сүйлөшүп келүү керек. Биздин эмнебиз кетти? Кернейчи—кернейин артык баш үйлөп койгондон эч нерсе болбойт»,—деди Мухамеднияз.

— «Рохи Нав» менен кошулуу биз үчүн пайдалуу болооруна Мухамеднияз, сен ишенесиңби?— деп председатель ага кайрылды, ачуусу келе сүйлөгөнүн жашыра албай: Нуралини коштой чапкан карт бригадирге Юнусбайдын ачуусу келди.

— Менимче пайдалуу,—деп жооп берди тигил.— Контордо отургандар азайып, талаада иштеген кишилер көбөйөт; эмгек күндүн наркы жогорулайт. Анан адам көп жерде иш жакшы жүрөт.

— Чоң колхозду башкаруу кыйын экенин билесиңби: ар кандай кыйынчылыктар жана келишпөөчүлүктөр боло турганын билесиңби?

— Аны ким билет, мүмкүн келишпөөчүлүктөр да болоор. Ошентсе да, чоң колхоздор жакшы эле иштеп жатышат го. Алардын иши жаман эмес.

— Кошулуу жөнүндө Манияз-ака абдан туура айтты.—Хашимдин жанында отурган Нурали столдун жаны-

на келди.—А менин мындай дегим келип турат: жер участ-каларын бириктирүүдөн көп пайда табабыз! Биз Каримов жана Сайфиддинов болуп эсептеп көрдүк, эгерде үч колхоз кошулуп, алардын чек араларындагы пайдаланылбай жаткан жерлерди пайдаланып, арыктарды азайта турган болсок, анда айдоо аянты дагы кырк гектарга көбөйөт экен. Андан башка айдоо жерлеринин токсон тогуз проценти трактор менен айдалмакчы.

Ушул убакка чейин унчукпай бурчта отурган Мусаев сөзгө аралаша кетти.

— Сиздин жана Мухамеднияздын сөзү мүмкүн туура чыгар,—деп Нуралинин сөзүн жактай сүйлөдү,—бирок силер бир нерсени эсиңерден чыгарып коюп жатасыңар: биздин колхоздогулардын баары ар кошкон элден турат, бир колхоздо ынтымак менен иштеше албайт. Алардын ортосунда келишпөөчүлүктөр көп болот. Урук-тугандык башталат. Ошентип иш бузулат.

— Урук-тугандык дегенинди кандай түшүнүүгө болот?—деп кабагын чытыды Рахим.

Баары таң калгандай Мусаевге карашты. Кимдин эмне айтарын алды менен билген Юнусбай гана былк этпей отурду.

— Биздин колхоздогулардын көпчүлүгү Хисоракдан, «Рохи Навдагылардын» көпчүлүгү—Кувадан, «Ситораи Сурхтагылардын»көпчүлүгү—Орто-төбөлүктөр экенин сен билбейсиңби, — деп Мусаев Рахимге көтөрүлө сүйлөдү. Бир колхозго биригип көрчү—ар кимиси ар жакка тартып, айланды кетирсин.

— Сенин айткан сөздөрүңдүн бирөөнүн да орду жок, — деп ачуулана кетти Рахим. — Эгерде сен колхоздорду бириктирүүгө каршы болсоң, буйтактатпай эле каршымын дегин, а колхозчулардын үстүнөн ушак айтканыңды кой. Урук-тугандык менен колхозчулар эмес, иштен качып жүргөн адамдар башын оорутат. Түшүндүңбү?

— Сен эмне көкүрөгүңдү көтөрөсүң?—деп жооп берди көтөрүлө сүйлөп Мусаев.

— А сен өзүңдүн оюңдагыны бирөөлөргө түртө салбагын!—деди ачууланып ордунан тура калган Рахим.

— Рахим, сен ачууңду токтотуп отур,—деп аны токтотту да, Нурали Мусаевге кайрылды. Силер натуура талкуулап жатасыңар. Ар жерде турган адамдар өз ара кар-



шылашып жүргөнүн мен ушул күнгө чейин көрө элекмин. Мисалы, «Коммунизм» колхозуна Ленинабаддан, Канибадамдан, Алты-Арыктан, Орто-Төбөдөн, Ферганадан көчүп келгендер бар, алардын өз ара чатакташып жүргөнүн эч ким көрө элек. Тескерисинче, алардын баары бир үй-бүлөдөгүдөй ынтымактуу турушат.

— Мындай талаштардын эмне кереги бар? Бул жерде заседание өткөрүп жаткан жерибиз жок. Биз радио укканы келгенбиз. Анын үстүнө түн ооп баратат, үйгө кайталык!—деди Юнусбай кетүүнүн белгисин берип, топусун башына кийип.

Жолдугата Рахим өзүнүн жини келгенин, Нуралинин кулагына куюп келе жатты.

— «Колхозчулар келише албайт имиш!» Айтканын карасаң! Анын оюндагысын мен билип турам. Колхоздорду кошуп жиберсе, мага ферма артпай калат деп коркуп жүрсө керек. Токто түлкү,бекер жеп жүргөн колхоздун нанын мурдуңдан чыгарбасам, мен Рахим болбой калайын!.. Кечирип кой Нурали, эмне үчүн Мусаевди ушул күнгө чейин фермада кармап турганына түшүнбөй койдум? Эмне үчүн аны бошотууну талап кылбайсың? Председателдин тугандары болуп туруп, ферманы башкарат. Бул уставга ылайык эмес. Мен муну чогулушта айткамын, эч нерсе чыккан жок.

— Мен баарын билем Рахим. Жакында бул иштин баарын тартипке салабыз,—деди Нурали колун анын ийнине салып. Анан мындай деп сурады:—Комсомолецтердин саясий окуусу кандай? Ойлонуп көрдүңбү?

— Ойлонуп көрдүм,—деп жооп берди Рахим ачуусу тарагансып. — План түзүп койдум, эртең көрсөтөм. Кээ бир темалар боюнча докладчиктерди кайдан чакырарыбызды билбейм. Мисалы, согуштан кийинки төртүнчү беш жылдыкты алалы.

— Аны мен өз мойнума алайын,—деди Нурали.—Мен «Коммунизмде»ошол тема боюнча сабак өткөрдүм. Анан сен докладчиктер жөнүндө кыйналбай эле кой, Зубайда менен Юнусбайды да пайдаланууга болот. Болуптур, эртең планыңды алып кел.

— Сөзсүз келем... Жакшы жатыңыз, Нурали-аке Анан алиги Мусаевди... Ал жөнүндө ойлонуп көрчү, аке! — деди Рахим өзүнүн үйүнүн дарбазасын ачып жатып.

Юнусбай менен Мусаев башкармадан элден кийин чыгышты. Түн суук жана жарык болучу. Толук тийген ай көчөнү, үйлөрдүн чатырын, дубалдарды жана көгүш тарткан дарактарды жарык кылып турат. Аба ушундай таза болгондуктан алыска кеткен жол, анын жээктерине тигилген дарактар, анын нары жагындагы көгүш горизонтто мунарыктаган тоо кыркалары даана көрүнүп турат. Үйлөрдүн, дубалдардын жана дарактардын көлөкөсү сүрөт тарткандай болуп, кардын үстүнө түшөт. Кыштак уйкунун кучагына кирген. Айлана жым-жырт, алыстан, кыштактын чет жагынан гана үргөн иттердин үнү угулуп турат.

Алар көпкө чейин унчукпай келе жатышты. Биринчи болуп Мусаев сөз баштады.

— Колхоздорду кошууну, Баратовдун эмне үчүн талап кылып жатканын сиз билип турсаңыз керек?—деп сурады Мусаев, сууктан улам тонунун жакасын көтөрүп жатып.

— Эмне үчүн?—деп Юнусбай кабагын салды.

— Ал өзүн председатель кылат деп жүрсө керек.

— Колхоздун председатели дайындалбайт, аны артелдин мүчөлөрү шайлайт.

— Ээй, сиз эч нерсеге түшүнбөйт экенсиз! Кимдин ким экенин билбейсиз. Жел жүрбөсө, бактын башы кыймылдабайт эмеспи. Колхоздор бириге баштаган күнү эле, председателди кайра шайлоо жөнүндөгү маселе козголот. Кимди шайлоо керек? Сөзсүз Баратов шайланмак. Аны райондогулар жакшы көрүшөт... Ал абдан активдүү неме... Ошентип ал шайланат, а сиз талаада кала бересиз... Ушуну да түшүнбөйсүзбү?

— Жөнү жок келжиребе,—деп анын сөзүн бөлдү Юнусбай.—Менин да эмгегим бар.

Мусаевдин, Баратов ирилишкен колхоздун председатели болгусу келип жүрөт деген сөзү, Юнусбай үчүн күтүлбөгөн маселе эмес эле. Эгер андай болбой турган болсо, анда Баратов эмне үчүн колхоздордун биригишин Юнусбайдан талап кылат?— деген ойго келди Юнусбай түн ичинде, уктай албай ары-бери оonалактап. «Мейли анын сунушу иш жүзүнө ашып, коңшулаш-колхоздор менен биригип алуу «Навободго» жакшы болду дейлик. Андай боло турган болсо, эмне үчүн Баратов партияда бар жана партияда жок колхозчулар менен акылдашат? Жок, мында кандайдыр-бир жашыруун сыр бар».



Мына ушул кечтен кийин Нурали менен Юнусбайдын арасы көп жакшы болбой калды.

Бир күнү Нурали Юнусбайдын кабинетинде отуруп, ирилешкен колхоз кандай ийгиликтерге жетише тургандыгын айта баштаган кезде, ал аны кагып койду.

— Ооба, ырас. Ал колхоздун председатели сиз болсоңуз андан да жакшы болот.

— Бул сөз аркылуу сиз эмне деп айтмакчысыз?—деди сактангандай Нурали.

— Колхоздорду ирилештирип алып, өзүңүз ага председатель болгуңуз келип турат го, билдик,— деп айтып жиберди чыдамсыз Юнусбай.

Нурали ордунан туруп, гимнастёркасын оңдоп, токтоолук кылууга аракеттенип, мындай деди:

— Демек, мен ошондой ач көз экемин да, ошондой деп ойлоп турасыз го?

— Менин андай оюм жок, бирок... коммунист коммунист менен сүйлөшкөндөй сүйлөшөлүчү. Сиз чынында председатель болгуңуз келет, ыраспы?

— Калп, ушак!—деп кыйкырып жиберди Нурали.

Юнусбай шашкалактап, эмне дээрин билбей, мындай деп күңкүлдөдү:

— Анда болуптур... Менин... андай оюм жок!.. Мен ал сөздү жөн эле... достук менен айтып калдым.

— Өзүңүздүн досуңуздан шек санап, арамдык ойлосоңуз, анда жакшы дос экенсиз!— деп кесе сүйлөдү Нурали.

— Артыбыздан ушак айтып жүрсө, анда айланаңыздагы кишилериңиз абдан жакшы экен!.. Менин председатель болоюн деген оюм бар экендиги жөнүндө, мен сизге бир ооз сөз айтайын: мени председатель кылып шайлаган күнү да, макул болбой тургандыгымды билип коюңуз.

— Сиз менин сөзүмдү чын көрбөңүз,—деди Юнусбай басаңдап.—Мен сабатсыз кишимин, кээде болбогон сөздү айтып коём... Сиз мени кечирип коюңуз. Ишенсеңиз, бириккенди мен деле жакшы көрүп турам, бирок коңшуларыбыз макул болбой коёбу деп корком. Каалasaңыз «Рохи Навга», Ахмеджанга азыр деле барып келели?

Юнусбай ат багарды чакырып, өзүнө жана Нуралиге ат токууну тапшырды.

— Бул жер көп деле алыс эмес. Жөө барып келүүгө деле болот,—деди Нурали.

— Антсе да болот. Бирок эсинизде болсун, биз жеке киши эмеспиз. Биз атайын өкүлбүз деп айтсак да болот. Өз баркыбызды кетиргенибиз болбойт.

Терезеден карап турган Ахмеджан навободдуктарды алыстан тааныды. Алар акырын бастырып келе жатышкан. Ал аялына үйдүн ичин жыйнаштырып тартипке салууну, үчөө үч башка убактыны көрсөткөн сааттарды жыйнаштырып коюуну тапшырды.

Ахмеджан абдан тыкан, үнөмдүү жана эсеп менен оокат кылган адам деп эсептелүүчү, анткен менен анын эсеп менен кылган оокаты майда, үнөмчүлдүгү битирликке айланып кете турган. Ал абдан катуу жетекчи эле; жай күндөрү пахта талаасын күн сайын кыдырып, анын ар бир катарына чейин карап чыгуучу, эгерде пахтанын түбүнөн бир түп отоо чөп таба турган болсо, звенодон бригадирге чейин барып жемелечү.

Ахмеджан ичи-тышы бирдей киши. Апарык, бели бүкүр, ар дайым сары көз айнек тагынган, ал өзүнүн жаштыгына карабастан, бетине бырыш кирип, бели бүкүрөйүп калган кемпирге окшош болучу.

Ахмеджан чыканагы сүрүлүп калган булгаары пальтосун, капкара каракүл шапкесин кийип, меймандарды тосуп алмакчы болуп, короодон чыкты.

Учурашып, Нуралинин колун каадасынан көбүрөөк кармап, көз айнегинин нары жагындагы кылыйган көзүн алайта ачып, жумуп, өмүрүндө көрбөгөн кишисин жакшылап абайлоого аракет кылган немеден бетер карап, Юнусбайдан мындай деп сурады:

— Бу сенин парторгунбу?

— Ооба.

— Кана, кымбаттуу меймандар, үйгө кирип чыккыла, — деди Ахмеджан ийиле түшүп, сол колун бооруна алып, оң колу менен үйгө киргиле дегендей белги берди.

Үйгө кирип, көрпөчөнүн үстүнө отургандан кийин ким сөз баштаар экен дегенсишип, көпкө чейин бирин-бири күтүп, унчукпай отурушту.

— Биз сага бир жумуш менен келип калдык,—деп баштады Юнусбай, биринчиликти Нурали өзүнө бергенине көзү жетип.



— Колхоздорду бириктирүү жөнүндөгү маселе менен келсеңер керек деймн?—деп сурады Ахмеджан.

— Сен аны кайдан угуп жүрөсүң?—деп таң калды Юнусбай.

Ахмеджан жооп бербестен, пальтосунун чөнтөгүнөн акырын гана чакчасын алып чыкты да, тоголоктошкон наспайынан эптүүлүк менен эрдине салып, Нуралиден көзүн албай карап калды.

Коңшуларында кандай иштер болуп жатканын атаандаштык менен байкап турган Ахмеджан, «Навобод» колхозундагы биригүү пикирин жана ал иштеги Нуралинин ролу жөнүндө мурда эле уккан болучу. Андан көзүн албай карап отурушунун себеби да ошол эле. Бирок Нуралинин өңү баштагысынан эч канчалык өзгөргөн жок.

— Кана, айтпкылачы, биригүү жөнүндөгү ойду кайдан чыгарып жүрөсүңөр?—деп Нуралиден эч нерсе чыкпай тургандыгына көзү жеткен Ахмеджан Юнусбайга кайрылды.

Юнусбай биригүүнүн пайдасы жөнүндөгү пикирди ак ниеттүүлүк жана адилеттүүлүк менен Нуралиден артык кылып айтып берди. Ал биригүү жөнүндөгү пикир Нуралиден эмес, өзүнөн келип чыкканын билдиргиси келди. Эски адамдар жаштардын сунушуна көп ишене бербейт. Андан көрө Ахмеджан бул пикир Юнусбайдын өзүнөн чыккан экен деп ойлосун. Чалдар өз-ара оңой эле эпке келе коюшат. Бирок «көптү көргөн» Ахмеджанды алдоо кыйын. Эч кандай жаңылыкты кошпой сүйлөгөн Юнусбайдын сөзүн араң эле угуп отурган Ахмеджан, дагы Нуралиге карады.

— А жаштар эмне дээр экен?—деп ал Нуралиге кайрылды, аны сөзгө кошууга аракет кылып, анткени «адамдын сөзүн угуп, сырын бил» деген кеп бар эмеспи.

— Юнус-аке баарын айтып берди,—деген жоопту айтты Нурали.

Айласы кеткен Ахмеджан оозундагы наспайды түкүрүп, чоң бет аарчысы менен эрдин сүрттү.

— А силерде жалпы чогулуштун чечими барбы?—деп сурады ал.

— Азырынча жок,—деп жооп берди да, Юнусбай буларды кошумчалады: чечимди болсо кабыл алабыз. Баары макул. Бирок биз биригүүгө силердин макул экениңерди билгибиз келет?

— Мен азыр эч нерсе айта албайм. Жалпы чогулуштун чечимине жараша болот.

— Өзүн кандай дейсиң?

Менин макул болушумдун, же болбой коюшумдун эч кандай мааниси жок,—деп жооп берүүдөн тайсалдады Ахмеджан. Өзүңөрдүн жалпы чогулушуңардын чечимин алып келгиле. Биз карап көрөбүз.

«Рохи Нав» колхозунун мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу навободдуктардын чечими алынгандан бир жума өткөндөн кийин чакырылды.

Нурали ал чогулушка катыша алган жок, бул күнү ал парторгдардын семинарына катышуу үчүн районго кеткен, ал анда «ВКП(б) тарыхынын кыскача курсунун» үчүнчү главасы боюнча доклад кылууга тийиш болучу. Чынында бул өзүнчө бир экзамен эле, ошондуктан ал бардык экзамендердин алдындагыдай эле толкундап турган. Канчалык жакшы даярданганы менен, ага жаман болуп чыга тургандай көрүндү.

Бирок «экзамен» абдан жакшы өттү, ага катышып отурган Боровиков Нуралини мактап да койду.

— Кана биригүү маселеси эмне болуп жатат?—деп сурады райкомдун секретары.

— Баары жакшы, Петр Николаевич! Чогулуш өткөрө турган эле жери калды!— деп жооп берди. Навободдуктардын чакыруусун «Рохи Нав» кабыл алып, биригүү маселеси ишке аша тургандыгына Нуралинин көзү жеткен болучу.

— Абдан жакшы! Силердин «тоюңарга» барам.

Нурали райкомдон абдан кеч кайтты.

Шабрангасын колхоздун ат сарайына калтырып, үйүнө кирбестен председателге барды.

— Кандай Юнус-аке? «Рохи Навда» болдуңузбу? — деп сурады ал кирип келээри менен.

— Отуруңуз,—деди Юнусбай жооп берүүнүн ордуна.

Председателдин түнөргөн кабагы, чарчаган кишинин үнүндөй добушу жакшылыктын белгиси эмес эле.

— Иш ордунан чыккан жок,—деди Юнусбай.—Сексен эки кишим макул болуп кол көтөрдү, сексен алты киши каршы чыкты.

Нуралинин кубанычы көздөн кайым болду. Капа болуп камчысы менен өтүгүн чапкылай баштады.



— Кантип андай болду экен? Эмне үчүн?

— Эмгек күндөн чыкты. Силерде эмгек күнгө аз төлөйт дешет. «Бириге турган болсок, биздин эмгек күнүбүздү кемитип коёсуңар» дейт. Анан кой фермасы жөнүндө да сөз болду: алардын артелинин мүчөлөрүнүн ар бирине үчтөн кой туура келет экен, а биздики болсо араң экиден.

— Райондон киши болдубу?

— Райисполкомдун айыл чарба бөлүмүнөн бирөө болду. Ал жакшы эле түшүндүрүп айтты. Зубайда экөөбүз да жакшы эле айттык... Ахмеджаның кудай урган неме турбайбы. Же бар дебейт, же жок дебейт. Колхоздук демократия өзү билет дейт! Чогулуш өзү чечсин деп отуруп алса болобу... Мен сизге «Рохи Нав» макул болбойт десем, ишенбей койбодуңузбу.

Нурали Юнусбайдан бурулуп, очоктогу отко карады.

— Хо-о-о-оп,—деди ал.—Мындай болот деп ойлогон эмес элем!..

— Капа болуунун кереги жок,—деди Юнусбай.—«Рохи Нав» болбой куруп калсын! Кошулбай деле оокат кылууга болот. Чын чынына келгенде, биздин «Навобод» деле жаман эмес. «Навобод» кедей колхоз дегенине мен макул боло албайм. Кедей колхоз дегени эмнеси? Мисалы, Эшматтын эки чапаны болсо, Ташматтыкы үчөө, Ташматтын, Эшматтан бай экенинде талаш жок, чын чынына келгенде Эшмат анчалык деле кедей эмес—эки чапан анын өзүнө толук жетет. Үчүнчү чапаны болсо жакшы болоор эле, бирок анысы жок деле оокат кылууга болот. Биздин деле ар кимибиздин чапаныбыз, наныбыз, үстүбүздө үйүбүз бар. Жетишпей өп-чап болуп жаткан жиребиз жок. Бир-эки жыл өткөндөн кийин биз дагы миллионер болобуз.

Нурали жылмайып койду.

— Жок, Юнус-аке, иш чапанда, же бир сындырым нанда эмес. Бир сындырым нан үчүн кам көрүүдөн капкачан кутулганбыз. Азыр сөз маданияттуу турмушту куруу жөнүндө болуп жатат, ал үчүн бизге электричество, машина, маданият Үйү керек. Булардын баары кичинекей колхоз үчүн кыйын болот. Сиз туура айтасыз, Навободдуктардын эч кандай муктаждыктары жок. Бирок көпчүлүк колхозчулардын турган үйлөрүн караңызчы: чалмадан салган, терезеси жок, алды жер үйдө турушат. Кампасы толтура

эгини болгону менен, жерге жатышат, казанга суу жылытып, айына бир жолу киринишет. Киши уялат экен, жада калса мончобуз жок. Колхозчулар өзүнө жаңы үй куруп алышаар эле, бирок биз ага кирпич да, тактай да, айнек да бере албайбыз, а өзүлөрү кантип алышат. Советтик адамдын ушундай жашашы мүмкүнбү?

— А сиз Боровиковдун айтканын унутуп койгон турбайсызбы? Кичинекей колхоз да, көп ишти бүтүрүүгө жарайт деген,— деп Юнусбай куулана Нуралиге карады.

— Мен жакшы жана маданияттуу турмушту ирилешкен колхоздо гана курууга болот деп жаткан жерим жок; кичинекей колхоз деле көп ишти бүтүрөт. Бирок башкы маселе эмнеде? Чоң колхоздо тракторлорду жана машиналарды кеңири пайдаланууга болот. Анда пахтанын түшүмү да көбөйөт, колхоздун иши да жеңилдейт.

Нурали сүйлөп бүткүчө Юнусбай күлдү чийип, укмуштуу түр салып отурду. Акырында ал мындай деди:

— Мени агитациялабай эле кой, аны өзүм деле билем. Эгер «Рохи Нав» биздин сунушубузду кабыл албаса эмне кылабыз? Бизде азыр бир гана мүмкүндүк калып отурат: бир-эки жылдан кийин түшүм алуу жагынан «Рохи Навга» теңелип, бир аз байып, анан дагы бир жолу сунуш кылуубуз керек.

## *Он үчүнчү глава*

Нурали Юнусбайдыкынан саат он бирде келип төшөгүнө жатты.

Бирок уктай алган жок. Анын оюу бир жерден кеткен жок — «Рохи Навдагы» иштин ордунан чыкпагандыгы кыйын болду. Нуралинин алдын-ала Боровиковго мактанып койгону андан бетер кыйнады.

Ал туруп төшөгүнө отурду, анан ордунан туруп, чапанын желбегей жамынып, бутуна памирдиктердикиндей кызыл кыюусу бар узун ак байпак кийип, килемдин үстү менен шыбыш алдырбай акырын баса баштады. Айлана жым-жырт, баары уктап калган. Арсылдап үргөн иттердин үнү менен сааттын чыкылдап каккан түндүн тынчын алгансыйт. Бөлмөнүн ичи барган сайын суук баштады. Нурали мештин жанына келип, отун жакты. Өчүп бара жаткан от жалындап күйө баштады да, бөлмөгө жарык берди.



«Башкача кылсак кандай болор экен: алды менен чек арадагы жерди пайдаланып «Навобод» менен «Ситораи Сурх» экөөнү кошсок кантет?.. Чек арадагы жерди кантип жок кылуу керек?

Нурали былк этпестен бир жерде турду да, анан чапанын чечип, кийинип тышка чыкты.

Түн караңгы, нымдуу шамал согуп турат. Асманды булут баскан. Нымдуу шамал — жаздын жакындап келе жатышынын белгиси, Нурали шапкесин кармап турууга аргасыз болду. Колхоздун башкармасынын эшиги ичинен илинүү экен, Нурали аны какты.

— Бу ким?— деп сурады уйкулуу көзү менен сторож.

— Бу мен! Ачыңыз, Гаиб-аке!

Карыянын жөтөлгөнү, күш-быш эткени угулуп, акырын эшик ачылды.

— Түн ичинде эмне кылып жүрөсүз? Же аялы жок уктай албай койдуңузбу? Хе-хе-хе! Сен эмес мен да... кээде жалгыз жата албайм.

Чалга жооп бербестен, Нурали парткабинетке кирди да, лампа жагып, шкафын ачып, андан толгон кагазды алып чыгып, столдун үстүнө жайып таштады. Анын алдында «Навобод» колхозунун планынын көчүрмөсү жатат: ал көп бурчтуу болуп келип, чыгыш жагы Жуйборго барып бүтөт. «Навободдун» түштүк жагында «Ситораи Сурх» колхозунун жери жатат, анын чыгыш жагы да, Жуйборго барып такалат. Мына ушул эки колхоздун жерлеринин ортосунан «Рохи Нав» колхозунун анчалык көп эмес тилкеси орун алган, бул Хажиумар айткан «Эгамдын буту» эле. Анын узунун жана туурасын масштабдык сызгыч менен өлчөп алып, Нурали эсептөөгө киришти.

— Он беш гектар, он беш гектар! — деп өзүнчө күңкүлдөп жатты ал. Босогого туруп алып чочугандай парторгго карап турган Гаиб чалга карап да койбоду.

«Бул өзү ичпеген неме болуш керек—анысын көрө албадым, бирок жүрүш-турушу көп жакшы эмес,— деген ойго келди Гаиб. Караңгыда келип алып, күңкүлдөп отурганын кара».

— Он беш гектар жерди кайдан алуу керек? Кайдан? — деп кыйкырып жибере жаздады Нурали, чалды чочутуп..

— Жолдош Баратов! Балким сиз, чай ичип жүрбөңүз? Же башка бирдеме каалап турасызбы?— деп сурады чал

Нуралини «эсине келтирүүгө» аракет кылып.-- Ысык чай турат... Балким, табыңыз жоктур.

Нурали чалга карады да, каткырып күлүп жиберди.

— Болуптур, «жок» деп айта албайм го! Тамак болсо жакшы болоор эле, түштөн бери эч нерсе иче элекмин.

Гаиб чай кайнаткыча, Нурали кереги тийип калабы деп шкафына катып койгон бир чыны мейизди алып чыкты.

— Мен сизди коркутуп койдум го дейм, Гаиб-аке? Сиз мени жинди болгон неме го деп ойлосоңуз керек?.. Кана отуруңуз... Чай ичип отуруп бир сүйлөшөлүчү. Мүмкүн сиз мага жардам берерсиз. Ушул жердик болгондон кийин, бардыгын таанышсыз... Мен бир маселени ойлодум эле, кандай кылаарымды билбей турам.

Мейиз салган ысык чайды чалга сунуп жатып Нурали өзүнүн «бөтөн жер» жөнүндөгү планын айтып берди.

— Бактылуу болуп, зоболоң көтөрүлсүн уулум!— деди чал Нуралинин сөзүн угуп болгондон кийин. Анан ысык чайдан тердеген бетин жана буурул тарткан мурутун чапанынын этеги менен сүртүп койду.— Абдан жакшы маселе. Совет бийлиги бейкутчулукту, кеңчиликти сүйөт. Бирок менин сага айта турган сөзүм бар уулум. Мындай оор ишти жалгыз өзүң ишке ашыра албайсың. Сен бул ишке чалдарды да тарткын. Алардын ичинде эстүүлөрү да бар. Эмненин жаман экенин, эмненин жакшы экенин билишет. Аларды ардактап сыйлоо керек. Мисалы, Хажиумарды алсак, абдан акылдуу киши. Сен алды менен ошону колго ал. Ал эми алиги жер жөнүндө болсо — Ахмеджан аны силерге берсин, а силер анын ордуна «Рохи Навга» жакын жердеги участкадан бергиле. Ошентсеңер эч ким нааразы болбойт, баары ыраазы болушат. Мына ушундай уулум!.

Чал менен жигит чайнектеги чайдын баарын ичип бүткөнгө чейин аңгемелешти. Шашпай сүйлөгөн Гаибдин сөзүн угуп отуруп, Нуралинин үйгө кеткиси келбей калды.

Чал менен болгон аңгеме Нуралини тынчытты. Колхоздорду кошуу, колдон келе турган маселе өңдөнүп калды.

«Биринчи маселе,— Юнусбай менен Хажиумарды жараштыруу керек»— деген ойго келди Нурали кабинетиндеги дивандын үстүндө жатып.



Эртең менен Нурали тура калып эле терезеге карады. Шамал басылып калган экен. Күндүн нуру кадимкидей чачырап, ала-таргыл болуп жаткан жерден буу чыга баштады.

Нурали короого чыгып, чапанын, көйнөгүн чечип, ар миядан калган адаты боюнча эрип жаткан кар менен белине чейин жуунуп, белине байланган жоолугу менен этин сүрттү.

— «Намаз» окуган киши мына ушундай жуунууга тийиш!— деп кыйкырды конторго келген Юнусбай.

«Эң алды менен Юнусбайды жана Хажиумарды жараштыруу керек»,— деп эскерди Нурали председатель менен учурашып жатып.

— Кабинетте отуруп кезектеги иштер жөнүндө сүйлөшүштү, бирок кечээги маселе жөнүндө эч нерсе айтылган жок.— Нурали Хажиумар жөнүндө кыйытып айтып көрдү.

— Чал көптөн бери көрүнбөдү го! Кандай, чатагыңар дагы эле бүтө элекпи?— деп сурады Нурали.

— Аны менен чатакташкан эч ким жок. Эмне үчүн таарынып калганын билбей койдум?

Юнусбайдын сөзүнө караганда Хажиумар менен болгон чатагына өзү да ыраазы эместей көрүндү.

— Менин силердин ортоңорго түшүшүм жаштык болот го,— деп баштады Нурали сөзмөрлүккө салып,— сиз капа болбоңуз, мен мындай дээр элем: Хажиумардын ордунда болсом, мен деле таарынат болучумун. Сиз туура кылган жоксуз. Сиз андан кечирим суроого тийиш элеңиз.

— Ошентээр элем, — деп жооп берди Юнусбай, — бирок ага кантип жолугуу керек? Мен анын сырын билем — керсейип алып өлүп баратса биринчи болуп кол бербейт.

— Чалды тарынткан өзүңүз, ошондуктан биринчи кадамды өзүңүз шилтөөгө тийишсиз.

Юнусбай башындагы топусун алып, андагы саймаларды карай баштады.

— Сиздин айткан сөзүңүздүн жөнү бар... Бүгүн тоодогу биздин фермага барып келейин. Анын жүрөгүндөгү кирин алып таштоонун айласын ойлоп көрөйүнчү.

Иштин жартысы бүттү—Юнусбай жарашууга макул болду. Эмки сөз Хажиумардын өзүндө калды.

Нурали ошол эле замат Хажиумарга бармак болду. Юнусбай өзү жарашууга макул болуп отургандан кийин,

анын анчалык деле зарылдыгы жок эле. Нурали ушундай кылганым оң болот го деген чечимге келди, анын үстүнө... Шодигүлдү көрбөгөнүнө бир жумадан ашып кеткен... Кеп мына ушунда. Мында эч кандай жаман маселе жок го? Нурали бир гана нерседен коркту: Шодигүл бир жакка кетип калса кантем... Жок, баары жайында. Шодигүл атасынын жанында, килемдин үстүндө отурган экен, Нурали бөлмөгө кирип келээри менен анын жоодураган көзүн көрө койду.

— Сиз мага, Хажи, ата, «Эгамдын бутунун» тарыхын айтып бердиңиз эле. Анын баары эсимде,— деди Нурали килемдин үстүнө отуруп жатып. Тили Хажиумар менен сүйлөшүп жатса, көзү Шодигүл менен сүйлөшүп жатты. Менимче, биздин колхоздордун биригишине жолтоо болбосун үчүн, ал «бутту» мындай алып таштасак жакшы болоор эле... Мен Юнусбай менен сүйлөшүп көрдүм, а киши каршы эмес.

— Ошондой дечи! Каршы эмеспи? Шегим бар, —деген жоопту айтты Хажиумар кабагын салып.

— Сиз дагы эле ага ачууланып жүрөсүзбү? Бул иште мен сиз жактамын, ал туура кылган жок. Жакшы эмес. Качанка чейин ушинтип жүрмөк элеңер? «Ачуу шайтан, акыл дос» деген кеп бар эмеспи.

Нурали суроолу көз менен Шодигүлгө карады: «Сиз менин айтканыма макулсузбу?» дегенсиди. Бирок Шодигүл эмнегедир нааразы болгондой, тескери карап кетти.

Хажиумар Нуралиге эч кандай жооп берген жок. Анын кабагы мурдагысындай эле салыңкы.

— Сиз аны менен сүйлөшүп көрдүңүзбү?—деп сурады ал акыры Нуралиге карабастан.

— Сизди капа кылганына Юнусбай өкүнүп отурат,—деп жооп бере салды Нурали. Анткени азыр анын оюнда: Шодигүл мага эмне үчүн тарынып калган, деген пикир өкүм сүрүп калган болучу.

— Өкүнүп дейсизби?— деп сурады Хажиумар, бир аз ага бурулуп.— Анысын мен байкай албадым.

— Ырас, абдан өкүнүп калыптыр,— деп аныктай сүйлөдү Нурали.— Менимче ал сизден кечирим суроого даяр көрүнөт.

Хажиумардын кабагы ачыла түштү.

— Шегим бар, шегим бар,— деди ал.



Нурали коштошо баштады. Шодигүл кайдыгер киши менен коштошкондой, башын ийкеп койду.

Жолдугата Нурали анын башын ийкеп коюшун кайра-кайра эсине түшүрүп келе жатты. Бөлмөгө киргенде анын жоодураган көзү Нуралиге карабагандай көрүндү... Ёлка күнү да, эч нерсе болгон жок беле? Мүмкүн ал Шодигүлгө бир аз гана жагып калган чыгаар—анын эмнеси бар экен. Мейли, Нурали ага таңылмак беле... Бирок ал айтууга гана оңой. Шодигүл колуна тийбей тургандыгын билсе, ал жашай алабы? Балким, аны кандай таарынтып алганын өзү билбей калган чыгаар? Нурали оңой менен ката кетире коюучу эмес эле: кирип келгенде Шодигүл жакшы эле кубангансып калган... Үйүнө жеткиче Нурали ушуларды ойлоп келе жатты.

Шодигүлдүн мынчалык суз карашы, Хажиумар менен Юнусбайды жараштырам деген пикирге байланыштуу экени Нуралинин оюна кирип чыккан жок. Ал экөөнүн ортосундагы келишпестик Шодигүл менен Турабдын никелешүүсүнө жолтоо болгонун, өз оюна терең батып алган Нурали унутуп койгон. Кыздын көңүлүндө дал ошол пикир болгондуктан, Нуралинин көңүлү башкада экен деген жыйынтыкка келди. Эски досторду жараштыруу үчүн Нуралинин кылып жүргөн аракетин Шодигүл мына ушундай түшүндү. Ошентип, Нуралинин көңүлү бузулган экен деген ойго баткан Шодигүл таң аткыча ыйлап чыкты.

«Навобод» жана «Ситораи Сурх» колхоздорунун кой фермасы Сарыкамыштан кырк километр жердеги Тавакчи деген тоо арасында болучу.

Андан кайтып келген Юнусбай, Тавакчиден көп алыс эмес жердеги совхоздон алты үймөк чөп сатып алганын Нуралиге айтып отурду. Үч үймөгүн өз фермабызга жеткирдим, калган үч үймөгүн «Ситораи Сурхтун» фермасына бердим.

— Сиз каршы эмессизби?— деп Юнусбай өзүнө-өзү ыраазы болгондой, мурутун чыйратып койду.

— Жарашуу үчүн андан артык шылтоонун кереги жок!— деди Нурали кубанып.

— Квитанциясын өзүм жеткирип берейин. Ал мени менен сөзгө келбей коё албайт. Иш жөнүндө сүйлөшөм.

Юнусбай өзүнүн ойлоп тапкан акылына абдан ыраазы болгонсуду.

«Навободдун» председатели кирип келген кезде Хажиумар кабинетинде жалгыз отурган.

— Ассалоому-алейкум — деди акырын гана Юнусбай.

Хажиумар анын саламына андан да акырын жооп берди:

— Алейкум-ассалоом. — Бирок отур деген жок.

Юнусбай чөнтөгүнөн бүктөлгөн кагазды сууруп чыгып Хажиумардын алдына таштады.

— Мен Тавакчиге барып келдим. Совхоздон алты үймөк чөп сатып алып, үчөөнү сенин фермаңа бердим... Акчасын биздин счётко которуп койсоң да болот.

Хажиумар таң калгандай совхоздун счётун жана старший чабандын распискасын алды. Анан Юнусбайга карабай туруп мындай деп сурады:

— Эмне, чабандар сенден чөп сурадыбы?

— Жок. Өзүм эле. Сенин фермаң кышкы чөп менен камсыз кылынбаганын билем да.

Хажиумар калем сапты алып, счёттун жогорку четине жай гана бирдеме деп жаза баштады. Жазып бүтүп счётко расписканы бекитип, столдун четин көздөй түртүп койду.

— Акчасын нак алсаң да болот.

Юнусбай кагазды алды.

— Сен эмне, ракмат деп да айткың келбей турабы?.. Же мен сенин завхозуң, болбосо ферма башчың белем?

— Болуптур... ракмат... менден ошол сөздү угууга кумар болсоң айтып деле коёюн. Юнусбай акырын басып эшикти көздөй жөнөдү, босогого барып токтоп, кайрылып Хажиумарга карап, бир аз турду да:

— Хажиумар! Эгерде сен... мага чының менен эле тарынып... кечирим бербей турган болсоң... кетем. Катуу таарынбаган болсоң... анда мен, сенден кечирим сурогго даярмын. Билдиңби! Тегирмениң да, акжувазың да, жети кат жер түбүнө кирип кетсин! Экөөбүздүн достугубуз, туугандыгыбыз, миң тегирменге татыбайбы? Биздин достукту баалап болобу?— деп Юнусбай Хажиумардын жанына басып келди.— Кечир Хажиумар, кел эми жарашып алалы.

Хажиумар башын көтөрбөстөн колун сунду, бирок колу Юнусбайдын колуна тиери менен ордунан ыргып турду. Экөө кучакташа кетти.



— Отур!— деди Хажиумар, Юнусбайга көрсөтпөй көз жашын сүртүп жатып.

Юнусбайдын көзүнөн да жаш чыгып кетти...

Нурали темирди кызуусунда согуп калмакчы болду. Кечинде үчөө тең «Ситораи Сурхтун» чайханасында отурушту. Жердин планын алдына жайып коюп, түшүндүрүп жаткан Нуралинин сөзүн эки председатель тең көңүл коюп угуп отурушту.

— Алиги мен айткан жер мына!

— Ооба, Юнус экөөбүздү бөлүп турган «Эгамдын буту» ушул,—деп Хажиумар өзүнүн досуна жакындагы наарызылыктарды эскерткенсип, жылмайып койду.

— Бир «бутту» биз алып таштадык,— деп Юнусбай да жылмайып койду.

— Мына муну да, алып салууга болобу?— деп сурады Нурали.— Андай болгондо «Навобод» менен «Ситораи Сурх» абдан оңой биригер эле.

— Кантип?— деп сурады Юнусбай.

— Алмашуу керек!— деди Нурали, долбоорунун ийгиликке ээ болгонуна өз ичинен кубанып.— Аны биздин участкалардын бирине, алып айтсак, менин звеномдун, же Зубайданын звеносунун участкасына алмашуубуз керек. Алардын аянты бипбирдей — экөө тең он беш гектардан. Түшүм берүү жагынан да бирдей деп айтсак болот. Актыда «Рохи Навдын» участкасынын аты гана өзгөрөт, ал эми жеринин аянты болсо, мурдагысындай эле кала берет.

— «Рохи Нав» макул болбойт го деп турам,— деди шек алгандай Юнусбай.— Алардыи жери түшүмдү абдан көп берет.

— Андай болсо райнго кайрылуу керек! Алмашкын деп «Рохи Навга» өзүлөрү айтсын,— деди Нурали.

— Уят болот го, — деди Юнусбай. — Рохинавдыктар бизди алардын үстүнөн даттанып жүргөндөй көрүшөт. Эгерде бул ишти баштай турган болсок, «Рохи Нав» менен өзүбүз жакшылап сүйлөшүүбүз керек.

Бул учурда председатель өз үйүнө дасторкон алып келүү үчүн жиберген жаш самоварчы, дасторконго орогон палоо алып келди.

— Келгиле, а дегенде палоону жеп алалы, андан кийин иштин жайын сүйлөшөбүз!— деди Хажиумар.

Иш жөнүндөгү сөз башталгандан кийин, аны палоо токтото алчу беле. Тамак үстүндө эки дос Нуралинин су-

нушун талкуулап жатышты. Ал абдан татаал сунуш эле. «Кернейчи артык баш үйлөп койсо эч нерсе болбойт» деген эрежени жетекчиликке алган председателдер, иштин ийгилигине көздөрү жетпесе да, Ахмеджан менен сүйлөшүп болушту. Ким билсин, мүмкүн рохинавдыктар алмашууга макул болоор? Сүйлөшүп көрүү керек.

### *Он төртүнчү глава*

Ахмеджанга экөө эмес, үч делегат — Нурали, Юнусбай жана Хажиумар жөнөдү. Азыр ал өткөндөгүдөй үйүндө эмес, колхоздун башкармасында, өзүнүн кабинетинде кабыл алды. Кабинетке чаар-ала жапкыч менен капталып, кызыл жыгачтан жасалган мебелдер коюлган. Председателдин кочкул кызыл сукно менен жабылган столу бөлмөнүн ортосунда турат. Бөлмөнүн полу сырдалган. Бул кымбат баалуу буюмдардын баары мында кокусунан коюлгандай көрүнөт.

Ахмеджан аларга отургула деди да, өзү барып баарынан мурда столуна отура кетти.

«Уятсыз, Хажиумар чалдан мурда отура калганын кара!» — деген ойго келди Нурали.

Хажиумар менен Юнусбай председателдин столуна такай отурушту, а Нурали болсо бурчтагы диванга барып отурду.

— Келип калыпсыздар!

Бул сөз көтөрүлө жана көңүлсүз айтылгандыктан, иш жөнүндөгү маселе боюнча боло турган сөздүн алдындагы достук мамилеге эч бир окшогон жок. Бардыгы унчукпай калышты. Сөздү биринчи болуп Юнусбай баштады.

— Биз сага баягы иш боюнча келип калдык,—деди ал Ахмеджанга.

— Ал кайсы иш? Кошулуу жөнүндөгүбү?— деп сурады Ахмеджан.

Хажиумар сүйлөсүн дегендей кылып, Юнусбай унчуккан жок, ал да сүйлөбөдү.

— Ооба, биздин колхоздорду кошуу маселесин чечүү үчүн келдик,— деп жооп берди Юнусбай.

— Биз ал маселе жөнүндө сүйлөшпөдүк беле... Же башка жаңылыгыңар барбы?



— Мен сени «Навобод» менен биригүүдөн баш тартыптыр деп уктум го...— деди акырын гана Хажиумар.

— Мен эмес, жалпы чогулуш макул болгон жок,— деди Ахмеджан.

— А биз Юнус экөөбүз биригели деп турабыз,— деп сөзүн улантты Хажиумар.

— Койчу?— деп жылмайып койду Ахмеджан, сары тиштерин көрсөтө.— Болуптур, кошулгула. Бирок кандай болоор экен? Силердин колхозуңардын ортосунда менин да жерим бар го?

— Биз ошол маселе боюнча сүйлөшкөнү келдик Ахмеджан. Сен бизге жардам берүүгө тийишсиң.

— Менби? Мен силерге кантип жардам берем?

— Сен туура айтасың: биздин эки колхоздун ортосуна сенин Лябиджуюң кирип калыптыр. Биз сенден ошол жериңди алгын деп сураганы келдик· Андай болгондо Юнус экөөбүздүн чек арабыз бир болуп калат.

Ахмеджан энкейип эрдиндеги насмайын жерде турган түкүргүчкө түкүрүп таштады да, бет оромолун алып, эрдин сүрттү.

— Кызык экенсиңер. Лябиджуйду мен кантип алып кетем? Ал каалаган жериңе коё койгудай буюм эмес, жер го. Мүмкүн, силер аны сатсын деп турган чыгарсыңар?

— Жок, сен аны сата албайсың: жерди сатууга болбойт. Биз Лябиджуйду «Навободдун» же «Ситораи Сурхтун» өз колхозуңа чектеш участкасына алмашууңду сурап отурабыз.

Ахмеджан кабагын салды.

— Бери карачы Ахмеджан, — деди Хажиумар, — Юнус экөөбүз биригели деп турганда, сен бизге жолтоо болбогун. Ак көңүл коңшу экениңди көрсөт.

Ахмеджан эч жооп бербестен, терезенин түбүнө келди да, мындай деп кыйкырды:

— Эй, Азам! Бери кирчи!

Кабинетке узун бойлуу, арык чырай, ийнине орок жана аркан салган, эски чапан кийген, кырктарга барып калган киши кирди.

Орогу менен аркандын бурчка коё коюп, меймандардын ар бири менен учурашып чыкты.

— Сен кайда бараттың эле?— деп сурады Ахмеджан.

— Камышка. Короомун бир жери кулап калыптыр. Камыш менен бекитейин деп турам,— деди да Азам отура кетти.
— Лябиджуйдун кожоюну ушул киши,— деп Ахмеджан кирип келген адамды көрсөттү.— Лябиджуй ушу кишинин бригадасына кирет. Сурап көргүлөчү, өзү эмне дээр экен. Азам! Бу кишилер Лябиджуйду башка бир участкага алмашууну сурап келишиптир, өз колхоздорун бириктирмек болушуптур. Сен кандай дейсиң? Лябиджуйду берүүгө макулсуңбу?
—Бригадир билсе,— деп жооп берди Азам кабагын сала,— Лябиджуйду эч кимге бербеймин. Лябиджуйга семирткич ташып жүрүп аркам жооруган.
— Сен анын ордуна ошончолук жер аласың да! Кандай айырмасы бар?— деди Юнусбай ага кайрылып.
— Айырмасы абдан чоң,— деп жооп берди Азам.— Лябиджуй түшүмдү абдан көп бере турган участка, анын жери жакшы иштелип, сонун түзөтүлгөн. Силер эптеп эле аны алууга келгенсиңер го,—деп кошумчалады ал ачуулanып.— А кошулабыз дегениңер жөн эле бир шылтоо болсо керек.
Юнусбай көзүн алайтып Азамга карады. Хажиумар Юнусбайдын тизесин укуп: кой, өзүңдүн абийириңди кетирип алба, дегендей кылды да, өзү Азамга мындай деди:
— Жок, андай шылтообуз жок. Биз эки колхозду кошуп, бир чоң колхоз кылалы деп турабыз.
— Лябиджуй силердин колуңарга өтсө — бузуп коёсунар, — деди Азам — Силердин «Ситораи Сурхдун» адамдары эч нерсе эмес, а бул «Навободдун» адамдары — иштегенди билишпейт, кайран эмгегим бекер талаага кетет.
— Азам, сен бери карачы!— деп Юнусбай ачуулана кетти,— сен биздин «Навободдуктарды» жамандабагын. Лябиджуюңду алмашпайсыңбы — алмашпа, жериңди башыңа ур!
— Сиз ачууланбаңыз, раис,— деди Азам,— ал сөздү мен гана айтып жүргөн жерим жок. Навободдуктар жалкоо, иштегенди билишпейт деп, коңшуларыңдын баары айтып жүрөт.
—Аны айтып жүргөн ким?— деп кыйкырды Юнусбай.
— Анын сөзүн укпай эле кой, Юнус, эч кимибиз антип айткан эмеспиз,— деди анын ачуусун тыйгысы келген Ахмеджан. Юнусбай буркан-шаркан түштү.



— Муну чакырган өзүң— деп Азамды көрсөттү ал, Ахмеджанга,— анын сөзүн укпай эле кой деп коёт? Сен мени уят кылгың келген экен да!— деп Юнусбай ордунан тура калды. Анын мойну кызарып кетти.— Ушак таратып, бирөөнү жамандайсыңар! Бир-эки центнер көп түшүм алганыңар менен бизди жамандоого акыңар жок. Токтоп тур, Ахмеджан, сен да бир күнү колго түшөрсүң!
Нурали да ордунан турду.
— Ачууланбаңыз раис,— деди ал Юнусбайга. Андан кийин Азамга кайрылып, мындай деди:— Навободдуктар силерден кем иштеген жери жок. Аларды жалкоо деген киши калп, ал сөзгө ишенип жүргөн киши акмак! Жүргүлө,— деди ал өзүнүн жолдошторуна кайрылып,— булар менен кажылдашып отуруунун кереги жок.
Хажиумар да ордунан турду.
— Бери карагылачы, Хажиумар... Юнусбай!— деп селее түштү Ахмеджан. — Силер бекер эле тарындыңар!
— Койчу,— деп Юнусбай ага колун шилтеп койду.— Сени менен сүйлөшө турган сөзүбүз калган жок. Көп сөз— эшекке артык баш жүк болот деген кеп бар!

Алар бат эле кыштактан узап кетишти. Эң алдында таскактатып Хажиумар, анын артында салмактуу Юнусбай баратат. Нурали эң артында. Шабрангга бул жүрүш жаккан жок көрүнөт; анын ачуусу келип, ооздугун кемирип, ойноктоп оозун бербей келе жатат. Анын оозун тартып, Нурали абдан убара болду.
Түнкүсүн тоңуп калган жер эрип калган. Аттардын буттары тайгаланып келе жатты. Күн бирде асмандагы кара булуттун арасына кирип, бирде кайра чыгып, анчалык ачык жарык бербеди.
Кыштакка кире бериштеги эки жолдун айрылышына келип, Хажиумар токтой калды. Анын жолдоштору да токтоду.
— Биз ойлогондой болуп чыккан жок,— деди чал.
— Бекер эле барыпбыз. Ал мактанчаактын колунан эмне келет?— деди тарынып калган Юнусбай.— Жалкоолор! Биз жалкоо турбайбызбы! Муну карасаң!
— Ойлобой айта салды да. Аны көңүлгө алып кереги жок,— деди Хажиумар.— Көрсө... Ахмеджан жакшы адам эмес тура.

— Эми эмне кылабыз?— деп сурады Нурали.
— Эч нерсе эмес. Болбогон ишке асылып эмне кылабыз,— деп жооп берди Юнусбай.
Хажиумар макул дегендей башын ийкеди.
— Токтой туралы,—деди ал,—мүмкүн рохинавдыктар акылына келишээр... Ахмеджан менен сүйлөшкөндөн эч нерсе чыкпайт...
Коштошуп алып, ал өз колхозуна кетти. Юнусбай менен Нурали алиги жердин түштүк чек арасы менен өтүп, Жуйборуга алып баруучу жалгыз аяк жолго түштү.
Юнусбай бир топко чейин унчукпай келе жатты.
— Бери карачы, Баратов, — деп баштады Юнусбай, — колума кетмен кармаганыма кырк беш жыл болду, ушул күнгө чейин мага бирөө: «сен жалкоосун» деп айтып көргөн эмес. Тиги акмактын мени жалкоо деп айтууга кантип оозу барды! Бир-эки чапанды мурун жырткан кишиге кантип ошентип айтат! Токтоп тур, мен ага кимдин жалкоо экенин көрсөтөмүн! Эки центнер түшүмдү көп алганына мурдун көтөрүп калган тура! Болуптур! Быйыл сени кууп өтпөсөм, Юнус деген атым өчсүн! Кана, жолдош Баратов, белди бекем байлап, бир иштеп көрөлүчү. Ар гектар жерден отуз центнер түшүм алабыз! Мына ошондо кимибиз мурда келип «салам» айтаар экенбиз!
Нурали бүгүн Юнусбайды абдан жактырып калды, айрыкча рохинавдыктарды «кууп жетип, андан өтүп кетүү керек» деген чечкиндүүлүгү ага жага бербей калды.

### *Он бешинчи глава*

Бир кезде бир нече жумурка бердим эле, эми акчасын төлө деп, коншусу коңшусунан сураптыр дегенге ким ишенет? Ишенүү кыйын. Хашим-Корвон туулуп-өскөнү деги андайды көргөн эмес.
Ошондой болсо да, ал ошондой жорукту өз башынан өткөрдү.
Ал Жуйборунун жээгинен тегирмен үчүн керели-кечке арык казды. Караса, зайбы нан жаап, самса бышырып жатыптыр, бирок коломтодо от, казанда аш жок. Албетте, токоч да, самса да жакшы оокат дечи, бирок шорпо, же дагы ошол сыяктуу бирдеме болсо, андан да жакшы болор эле.



— Эчтеме бышырган жоксуңбу?— деп сурады ал зайбынан, ыраазы болбогонсуп.
Тандырдын илебинен кызарып-татарган Хасият тандырга колун салды да, буусу чыккан бир токочту алып чыгып, жалпак себетке таштады.
— Колум бош эмес. Көрбөй турасыңбы?
Хашим-Корвон зайбынын жанына келди да, себетке үңүлө карады.
— Мынча эмне көп бышыргансың? Эмне, конок келмек беле?
— Исмат-акеникине тойго барам.
Кетмен сакал Исмат Хашим-Корвондун коңшусу эле. Камыш кармалган жапыс дубал экөөнүн короосун бөлүп туруучу.
— А сени чакырыштыбы?
— Чакырыша элек. Чакырышат. Дасторконду түзүгүрөөк алпарайын дедим эле.
— Эмесе, мага самса берчи. Өлгөндөй ачка болдум.
— Бөлмөгө кирип, Хашим-Корвон карапа кумгандан колун жууп, сүлгүгө сүрттү да, сандалдын жанына келип отурду. Хасият кай бири үч бурчталып бүктөлгөн, кай бири төрт бурч болуп, сүйрү бүктөлгөн, жумуртка, ашкабак, калемпир жыттанган бир топ самса алып келип койду.
Калган самсаны ал токоч менен бирге патнуска салып, дасторконго ороду да, коңшу аял кыйкырып өзү чакырар бекен, же чакырып кел деп бирөөнү жиберер бекен деп күтүп отурду.
Жарым саат, бир саат өттү — эч ким чакырган жок, тойго эч ким чакырып келген да жок. Хасият камыш дубалдын тешигинен шыкаалап карады да, коңшусунун короосуна дасторкон көтөрүп, биринен сала бири кирип жаткан адамдарды көрдү. Хасият капа боло баштады. Чын эле аны унутуп коюштубу?
Күн тоодон небак эңкейип, иңир кире баштады, а коңшуларынан эч ким келген жок. Хашим-Корвон Зубайда таштап кеткен «Дохунда» деген китепти алып, окуй баштады.
Хасият улам үйүнөн чыгып, улам кирип, тынчы кетти. Күйөөсү экөөнү кыштактагылардын кимиси тойго чакырбай койгонун билбейт.
— Капаланба. Бир жолу тойго барбай калсаң, эчтеке болбос! Конок чакырсаң, аларды сен да чакырба! —деди Хашим-Корвон.

Аңгыча болбой Исматтын чоң баш баласы кирип келди. Хасият сүйүнүп кетти.

— Шакиржан, бизди чакырып келдиңби?

Бала улагага тык токтоп, жер карап, мурдун шор тартып:

— Биздикинен эки жумуртка алгансыңар. Атам: жумуртканы кайра берсин, же акчасын төлөсүн!— деди.

— Эмне? Кандай жумуртка?

— Бала айтканын кайта айтты. Хашим-Корвон менен Хасият эмне дээрин билбей, селдее түшүштү. Коншу, эки жумуртка үчүн акча суратып жибергенин кара! Бул эмне деген кеп? Исмат, зайбы экөө кантип ушундай бети жоктук кылышат?

Беш сом берип, Хашим-Корвон баланы үйүнө жөнөттү.

— Хашим-аке, үйдөсүзбү!? деген бирөөнүн үнү угулду короодон.

Нуралинин үнүн Хашим биле койду.

— Үйдө... Үйдөмүн! Келиңиз, кириңиз.

Мейман күтпөгөн жерден, кеч келсе да, Хашим, айрыкча Хасият анын келгенине абдан кубанды. Алар жакын көргөн бирөө келип, ушундай учурда көңүлүбүздү жубатаар бекен деп кыжаалат болуп отурушкан эле.

— Эмне үчүн тойго барбадыңар?—деп сурады Нурали, үйдүн ээлери менен амандашып жатып.

— Бизди чакырган жок,— деди Хашим-Корвон, сандалдын жанынан мейманга орун көрсөтүп.

— Силерди эмне үчүн чакырган жок?

— Ким билет,— деди Хасият.— А сиз эмне үчүн тойго барган жоксуз?

— Мен дал ошол жерден келатам. Бир аз отуруп, кетип калдым. Силерди көрө кетейин деп кирдим.

Короодон дагы дабыш угулду да, бөлмөгө Зубайда кирип келди.

— Амансыздарбы, Хасият, сен эмне үйдө отурасың? Эмне, тойго барган жоксуңбу?

— Чакырышкан жок... Отур.

— Рахмат, азыр кетем. Карасам, меймандардын арасында жоксуң.Барып билейинчи дедим.

Чындыгында Зубайда, аерге Нуралинин киргенин көрүп, келген эле. Бир кыйладан бери ага көңүлү түшүп жүргөнүн өзүнө-өзү айтууга даабай, Нурали болгон жерде болууга тырышып жүрдү.



— Отуруңуз, Зубайда,— деди Нурали, анан күлүп:— Кана, жалпы отуруп сүрүштүрөлүчү, эмне үчүн Хашим-Корвондун үй-бүлөсүн тойго чакырышкан жок.

Зубайда сыңар тизелеп килемге отурду. Хасият тойго алпарам деп белендеп койгон дасторконун алып келип, сандалдын үстүнө жайды. Анан, Исмат суратып жиберген акчанын жөнүн айтып берди.

— Эмне себептен алардын бизге тарынганын билбейм, бир кудайга белгилүү! — деп Хасият сөзүн бүтүрдү.

— Анын себебин мен билип турам,— деди Зубайда Хашим-Корвонго кайрылып.— Партиянын чогулушунда Исматты сынга алрбадыңыз беле. Эсиңиздеби? Исматтын чарбагы чоң, ошондуктан колхоз үчүн жаны ачыбайт дегенсиз.

— Ооба, айткамын. Бирок Исмат аны кайдан билди?

— Жанагы кароолчу Гаибдан. Бир күнү кечинде правленияга кирсем, Исматты Гаиб тилдеп жатыптыр. «Сен эмне чарбагыңа жаныңы үреп, колхоздо жаман иштейсиң? Коммунисттердин чогулушунда тиги Хашим-Корвон сени туура сынга алды...» Чалды мен токтотуп койгом... Партиянын жабык чогулушуна аны киргизүү керек эмес эле.

— Мунуңуз туура,— деп макул болду Нурали.

— Баса, Исматтын тарына турган дагы бир себеби бар,— деп эстей койду Хашим-Корвон.— Анын кылган жоругун уксаңар, бооруңар катып күлөсүңөр. Айтып берейинби? Каалайсыңарбы?

— Койчу кереги жок,— деп кийлигише кетти Хасият, анын эмне жөнүндө айтмакчы болгонун биле коюп.

— Жок, айтмайынча тынбайм!— деди Хашим, айтайын деген аңгемесине өзү алдан күлүмсүрөп.— Бир эшегим бар болучу. Эшек абдан макоо, өжөр айбан экенин билесиңер го. Ал Исматтын чарбагына кынык алып алса болобу. Эшектин өнөктүн таштатуу үчүн, кылбаганым калбады. Алыс кетпесин деп тушап да көрдүм, коншумдун жүгөрүсүнө киргенде, аябай сабаган учурум да болду. Эч айла болгон жок. Кичине эле байкабай калсам, Исматтын участогуна кирип кетет. Сыягы, жакшы көрүп калган окшойт... Албетте, анын жоругу Исматка жаккан жок. Акыры Исмат эмне кылды дебейсиңерби?

Хашим бырс күлүп жиберди. Аңгеменин акыры эмне менен бүтөрүн биле элек жатып, Нурали ага карап күлүп койду.

— Эмне кылганын угуп турсаңар, —деди Хашим, сөзүн улантып.

— Эшектин куйругун дал түбүнөн керте чаап салыптыр!— Сөзүнүн ушул жерине келгенде Хашим чыдай албай, каткырып жиберди, таштуу жол менен арабада тоңкулдата катуу кетип бараткансып, ыкшый каткырганынан залкайган денеси солкулдай баштады.

— Ой! Боорум эзилип калды койчу!—деп жалына баштады Зубайда, эки тизесине башып коюп алып.

— Баарынан да эшекти айтсаң, — деди Хашим, сөзүн узартып.

— Ал мени көрө коюп, бирөө каракташ жаткан эмече, жанынын бадыгынча өкүрдү: И-а-а! И-а-а!»

Каткырып күлүү бөлмөнү жаңыртты.

— Албетте, ким колдуу болгонун ошо замат эле билдим, — деди Хашим, көзүнүн жашын аарчып. — Бирок эмне кылмак элем? Кетменими алып, талаага жөнөдүм. Карасам, бир топ бала мени көздөй жүгүрүп келатат. Колдорунда көтөргөн бир таяк бар. Каткырышат. «Алдагынар эмне?» — деп сурадым. «Исматтын огородунда ойноп жүрүп, таап алдык, эшектин куйругу экен». «А-а, айбың ачылдыбы, досум!» дедим ичимен. Балдардан куйрукту алдым да, илгерилеп бастым. Исмат жолугуп калды. Амандаштык... Билмексен болдум. Сүйлөшүп турганда, калп эле капысынан: «Сен биерден менин эшегимди көргөн жоксуңбу? — деп сурадым. — «Жок, көргөн жокмун!» — деди. «Билесиңби, эшекке кырсык болду? Кайдагы бир акмак куйругун керте чаап салыптыр!» — дедим.

— «Хах-ха! —деди Исмат, бирок күлбөй томсоруп, тескери карады. Аңгыча болбой, колхозчулар келип калышты. Эмне туралуу сүйлөшүп жатасынар деп сурашты. Эмне болгонун түгөл айтып бердим. Күлүп калышты. «Эмне эшегиңдин куйругун издеп жүрөсүңбү?» — дешти. «Таап алдым!» — «Кай жерден?» — «Мына бул Исматтын огородунда жатыптыр!» Исмат муштумун кезеп: «Калп айтасың!» деп мага жулунду. «Эмнеге калп айтмак элем? Күбөлөрүм бар. Мындай иш үчүн сени судга берип, көп акча кестирип алсам да болор эле. Болуптур эми, коңшу эмеспизби, ишти чатаксыз бүтүрөлү. Тирүү турган эшектин куйругун уурдап алдың, сага абдан керек көрүнөт. Болуптур, бу куйрукту сага элдин көзүнчө бекер берейин... Өңүнө да абдан жарашат, мойнуңа тагынып ал!»



Хашим абдан келиштирип, бети-башын кубултуп сүйлөдү эле, угуп отургандар көпкө дейре күлкүсүн тыя албай, боору катып калды.

— Кожо Насириддиндин өзү экенсиз! — деди Нурали, Хашимди далыга чапкылап.

Нурали ордунан туруп, кетмекчи болду.

Үй ээсинен озунуп Зубайда мындай деди:

— Биз менен дагы бирпас отура туруңуз!

Ордунан турган Нурали, китеп тизилген текченин жанына барып токтоду.

— А колхоздорду бириктирүү эмне болду? — деп Зубайда, «азыр кетем» дегенин унутуп коюп, жаңы темага кирип кетти. — Эми ал маселени козгобой, ошо бойдон тим коёбузбу?

Бир жери ооругансып, Нурали бети-башын жыйрып алды.

— Менимче, райкомго, райисполкомго баруу керек. Ахмеджанды акылына киргизишсин.

— Туура айтат, — деп Хашим-Корвон биринчи жолу Зубайданын сөзүн кубаттады. — Айдоо аянтын кеңитүү жөнүндө да ошерде сүйлөшүү керек.

— Айдоо аянтын кеңейтүү? — деп сурады Нурали таңдана.

— Туура... Тегирмендин арыгын кечетен бери кайра каза баштадык. Билесиңер го, арык ээн тааланы көздөй кетет. Ойлонуп көрдүм: ээн талаага жеткире дагы эки-үч километр казсак, жакшы болор эле ...Эмне экен? Азыр кыш, жумуш анча көп эмес, эмне үчүн бизге ушул ишке киришүүгө болбойт? Жазында кырк гектар жаңы жер айдаар элек.

— Правление менен раис ага көнбөйт, — деди Зубайда. — Чыгымы, убарасы көп деп коркушат.

— А, биз, партия уюму, биерде эмне кылып отурабыз?—деп каршы чыкты Хашим-Корвон. Правлениеге түшүндүрүп, көндүрүүгүбүз керек. Чыгым! Албетте, чыгым аз болбойт, бирок каражат табууга болот: эң эле болбогондо, ферманын койлорунан анча-мынча сатуу керек.

— Жаман пикир эмес, — деди Нурали, өз ичинен: «Рас эле! Колхоздорду бириктирүү жөнүнөн азырынча эч теме чыккан жок, жаңы жерлерди өздөштүрүү жөнүндө ойлоо керек»,— деди.

Нурали жана анын звеносунун мүчөлөрү жаңы участокко жер семирткич: арыктардын таманындагы агындыларды, эски дубалдардын топурагын ташып жатышты. Жумуш абдан оор эле. Түшкү дем алышта Нурали эч кайда барбай, ошердеги даракты көлөкөсүнө эс алганы кыйшая калды. Аны бригадир Мухамедннияз ойготту: председателдин буйругу боюнча арык казуу үчүн эки киши берүү керек эле.

Нурали унчукпай ордунан туруп, Жуйборуга келди.

— Демек, кайра тегирменге киришкен экенсиңер го?—деди ал мыскылдагансып, арык казган кишилерге кандайдыр буйрук берип жаткан Юнусбайга.

— Көп алам деп карыз бергенче, аз болсо да накта алган жакшы!—деп Юнусбай кыртышы сүйбөй жооп кайтарды. Ошо күнү анын сиркеси суу көтөрбөй турган эле: ар дайым кайдагы бир ыгы жок долбоор менен ар ишке жөнү жок кыпчыла берген, тегирмен менен күрүч актагычты салдыруу ордуна, алтындай көп убактыны текке кетирип курулай убара кылган ушу Нуралинин тилине кирдим деп, ал өзүнө-өзү ыза болуп турган.

Нурали унчукпай алга өттү да, ээн талаа жакты карай баштады.

— Мынча эмне кунт коюп карап калгансыз? — деп сурады. Катуу айтып койгон айбын жуумакчы болуп, Нуралинин жанына келген Юнусбай:

— Кече мага Хашим-Корвон менен Зубайда бир сөз айтты эле, ошону ойлонуп турам... Бизде, раис, жер аз! Орто эсеп менен алганда колхозчуга бир гектардан туура келет! Пахтаны аз эгебиз. Көбүрөөк эгүүгө мүмкүндүгүбүз бар.

— Кандай мүмкүндүгүбүз бар?

— Мына бу арыгыңызды Жуйборунун ары жагындагы, тетиги ээн талаага жеткире казса болор эле. Топурактагы шорду суу жууп кетмек. Анан бир-эки жолу айдап, семирткич төксө — эгүү үчүн кырк гектарга жакын жер кошулат болучу.

— Ал иш бизге канчага түшөт?

— Албетте, расход аз болбойт, бирок каражат табууга болот. Көп болсо, элүү-жүз кой сатарбыз,—деп, Нурали Хашим-Корвондун сунушун кайталады.

— Каналды эмне менен казабыз? Колубуз мененби? Кол менен казууга бир жыл керек.



— Район экскаватор жиберет.

— Сандалдын жанында отуруп, санаа менен баюу—оңой. Бирок «үйдөгү сөз базарда өтпөйт».

— «Таранчыдан корксоң—таруу экпе!»—деп, Нурали макал менен кайра какты.

Бирине-бири наразы болуп, алар арыкты бойлой басты да, тегирмен салына турган жерге келип токтошту.

— Адистер менен акылдашсак, жакшы болор эле,—деди Нурали.

— Акылдашып эмне кереги бар?

— Байламта боло турган жер туура тандалганбы, арыкты туура чыгарып жатабызбы,—билиш керек да.

— Мен өзүм адисмин,—деди Юнусбай ачууланып.—Адистердин эмне кереги бар? Долбоор кылымыш, смета түзүмүш болуп, бизди чыгым кылып тим болот!

— Аката болуп калсачы, же плотинаны суу алып кетсечи? Анда эмне кыласыз?

Юнусбай көзүн жүлжүйтүп, кабагын чытып, Нуралиге карады.

Анан жай бурулуп, Нуралиден оолактай баштады. Нурали анын артынан ээрчий басты.

— Атаганат, сизге окшогон асаатчыга жашыраак кезимде жолукпапмын: картайганда акылдуурак болмок экемин,—деди Юнусбай кекээрлеп.

— Сиз муну мурун да айткансыз,—деди Нурали, кайнап келаткан кыжырын зорго токтотуп,—бирок, кечиресиз, бул сөзүңүздө кенедей акыл болсо буюрбасын.

— Менде эмнеңиз бар?—деп чаңырды Юнусбай, токтой калып, ээрчий баскан кишиге бурулуп.—Биерге келгениңизге бир күн боло элек, а мен мында он беш жылдан бери иштейм! Түшүндүңүзбү? Биерде кожоюндук кылып, мага акыл үйрөтүү үчүн сизге али эрте.—Ал дагы алга түшүп басты.—Кызык киши экен! Парторг болсоңуз, партия ишин жүргүзүңүз, а мага жол көрсөтпөңүз. Бош арабага чегилген өкүм атча эмне эле ала качасыз?

— Билесизби, — деп Нурали зызырына түштү. — Атаганат, таскактай албай жатпайымбы, арабага сизге окшогон,—«чобур» менен деп жибере жаздап,—ат менен кошо чегилип калыпмын. Сиз шашпай, илкип баскыңыз келет. Жок, андай болбойт! Сиздин «арабаныз» башка «арабалардан» күнчүлүк артта калды, мындан ары да улам кала берет!.. Менде эмнеңиз бар дейсиз? Мен сизди колхоздун

коммунисттери, партия айткан акылга кунт койсо экен дейм. Тилегеним эле ушул!

Алар Юнусбайдын үйүнүн жанына келди. Председатель унчукпай, эшигин ачты да, Нуралини киргин дегенге жарабай, өзү кирип кетти.

### *Он алтынчы глава*

Талаш-тартыштын негизги себебин жоюп, такыр күтпөгөн жерден экөөн элдештирген бир окуя болбосо, Юнусбай менен Нуралинин ортосундагы чатактын канчага созулары белгисиз эле.

Февраль айында Тажикстанда демейдегисинче күн ачык, жылуу болуп турганда, правлениеге орношкон үйдүн жанына үстү жабык, шаардык бир кара машина келип токтоду. Машинанын келгенин биринчи көргөн счетовод Сайфиддинов болду. Терезенин түбүндөгү, үстү додо-додо кагаз үйүлгөн столго отуруп алып, ал тийиштүү ишин иштебей, тажик акындарынын жыйнагынан дептерине ыр көчүрүп жаткан.

Эшиктеш бөлмөдө—председателдин кабинетинде—оң колу жок Рахим гимнастёркасынын бош жеңин койнуна тыгып коюп, кызыл полотного ак боёк менен: «Социалисттик мелдеш—ийгиликтин негизи!» деген ураанды сол колу менен жазып жаткан эле.

Гаиб карыя анын иштегенинен көзүн албай, «Жакшы! Жакшы!» деп күбүрөдү.

— Бу жеңил машина менен ким келмек эле?—деп ой жүгүрттү счетовод, даанарак көрүү үчүн көз айнегин оңдоп.

Баарынын колунда портфели бар үч киши, биринен сала бири машинадан чыкты.

«Текшерүүчүлөр кейиптенет,—деп ойлоду Сайфиддинов. А менин кассам тартипке салына элек!»

Келгендер конторага кирди...Алардын экөөн Сайфиддинов тааный турган. Бири—инженер Наби-Зода, экинчиси—булгаары күрмө, бийик така өтүк кийген, залкайган эркек—анын орун басары, гидротехник Велейко эле. Үчүнчүсүн— алтын көз айнек кийген, келбеттүү, улгайган кишини—Сайфиддинов эч качан көргөн эмес.

— Сиздерге ким керек эле?—деп ыр көчүрүп жазган дептерин колу менен далдалай коюп, счетовод мукактана түштү.



— Председатель же парторг,—деди көз айнекчен киши.

— Кечиресиздер! Председатель менен парторг азыр жок. Жумушта. Чакырып келсин, киши жиберейинби?

— Тим эле коюнуз,— деди Наби-Зода.— Азырынча участогуңарды карап чыгалы. Жолдош инженер Коргон-Төбөдөн,—деп Наби-Зода көз айнекчен кишини тааныштырды. — Силер мында жер каздырып жатасыңарбы?

Жүрөк заада болуп турган Сайфиддинов: и, текшерүүчү эмес экен! — деп бир аз эс ала түштү.

— А-а, борбордон келген инженерби! Сыягы, арык жөнүнөн келгенсиңер го?

— Жалаң эле арык жөнүнөн эмес. Участокту карап чыгалы, жол көрсөтө турган киши кошуп бере аласызбы?

— Мен барайын, — деди Рахим эски солдат шинелин желбегей жамынып, келген кишилер менен бирге правлениеден чыкты. Кыштактын уңкул-чуңкул, арабанын изи түшкөн жолу менен теңселе зорго жылып, машина кыштактан чыкты. Рахим жол көрсөтүп, шофер менен жанаша отурду.

Аптыкканы деле басыла элек счетовод, шашыла-бушула Гаибди атка мингизип, Юнусбай менен Нуралиге чаптырды, өзү столуна кайта отуруп, ыр жазылган дептерин столдун ящигине салды да, додо болуп үйүлүп жаткан квитанцияларды, распискаларды, дагы башка акча документтерин бухгалтерия китептерине далбастап жаза баштады.

Буларга арыктын эмне кереги бар? — деп ойлоду ал, китептерди энкейип карап жатып. — Арык үчүн кече раис менен парторг ары-бери айтышып калды эле, эми бул инженерлер келип отурат! Буларсыз да жумуштан көп эме жок.

Юнусбай менен Нурали конторго бирге кирди.

Сайфиддиновдун айтканын уккан соң, алар кабинетке кирип, каалганы жаап алышты. Нурали бурчка, Юнусбай андан окчунураак, терезенин түбүнө отурду.

— Жанагыларды сиз чакырдыңыз беле? — деп сурады Юнусбай.—Мени ыза кылайын дегенсиз го?

— Мен эч кимди чакырган эмесмин! — деп Нурали томсоро жооп кайтарды да, экөө тең унчукпай калды.

— Келатышат! — деп, сөз баштады Юнусбай терезенин жанынан туруп, жыйналышка катышкандар отурчу

столдун ары жагындагы председателдин ордуна отуруп жатып.

Келгендер кабинетке кирди.

— Васильев, «Сельэлекторунун» башкы инженери,— деп аты-жөнүн айтып, алтын көз айнекчен киши Юнусбай менен Нуралиге кол берди.

— Саломалейкум! — деп, Наби-Зода Нурали менен кол кармашып амандашты. — И, кандай бая күнү Шодигүл үйүнүзгө жеткизип койдубу?

Юнусбай дагы эмне дээр экен деп кулагын түрдү да, кызарып кеткен парторгго шектенгенсип карады.

— Ооба, — деген сөз Нуралинин оозунан зорго чыкты, бир аздан кийин, атайы официалдуу кыяз менен: — Биерге кай жумуш менен келдиниздер, жолдоштор? — деп сурады.

— Электростанция салуу үчүн жер тандаганы келдик, — деп жооп берди Васильев.

— Электростанциябы?

— Ооба, — деп Наби-Зода ырастап сүйлөдү. — А жөнүндө сиз билбейсизби?.. Баса, биерде иштегенинизге көп боло элек эмеспи, билбей тургандырсыз... Кеп мындай, Юнус-аке, сиз билерсиз, ушул жерге колхоз аралык электростанция салынсын деп согуштан мурун эле чечим болгон. Станциянын долбоору түзүлүп, бекитилген болучу, бирок согуштун кесепетинен токтотуп коюуга туура келген. Эми ошол маселе кайра козголду. Бу—биринчиси. А экинчиден, жолдош Боровиков силердин колхозунарга баратканыбызды билип, жанагы силер казып жаткан «каналды» (Наби-Зода күлүмсүрөп койду) көрө келгиле деп сурады. Каналынарды азыр эле көрүп келдик. Чынын айтайын, жолдоштор, ишинердин мазасы жок. Плотина үчүн тандалган жер жарабайт: топурагы начар, суу көп келген күнү эле, плотинаны чамындыдан бетер агызып кетет да, эмгегинер бекер өлөт.

— Баса, суу жөнүндө, — деп Велейко инженердин сөзүн бөлүп кетти.— Силерде суусун кандыра турган таза суу жокпу? Жолдогу арыктардын суусу ушунчалык ылай экен, аны ичмек түгүл, радиаторго куюу да опурталдуу.

Гаиб, ичүүгө жарагыдай, бир чайнек суу алып келди.

— Жакшы суу экен, — деп мактап койду Велейко, эрдин аарчып жатып. — Ракмат!



— Эмне үчүн силер плотинаны жалгыз өзүнөр курмакчы болосунар? — деп инженер Васильев Юнусбайга кайрылды. — Плотинаны жанагы баштаган жеринерден өйдө көчүрүүгө туура келет. Тандаган жеринер жарабайт деп, силерге Наби-Зода айтпадыбы. Анын үстүнө, плотинаны таш менен цементтен куруу керек. Мен болжолдоп эсептеп көрдүм:.плотина үчүн силерге жыйырма вагон чамасында таш, он беш тоннадай цемент керек болот. Бул ишти жалгыз өзүнөр баштоонун кажаты барбы — ойлоп көргүлөчү? Балким, гидростанцияны кура баштаганча, күтө турганынар жакшыраак болор? Анда, келечектеги каналдын нугу менен, кеңирек, терецирек казса, силердин арыгынардын да пайдасы тийиши мүмкүн. Анда каналды силер жалгыз казбай, башка колхоздор менен бирге казасынар. Кол менен эмес, экскаватор менен казасынар.

Юнусбай калтаарып калды. Башындагы топусун алып, эмне кылаарын билбей, желкесиндеги үрпүйгөн чачын сылай берди.

— Электр станциясы... албетте, жакшы... Абдан жакшы... Аны түшүнөбүз, — деп баштады ал, мукактанып. — Бирок ал качан болор экен? Станция бүткөнчө, көп убакыт өтөткө. А бизге тегирмен керек, күрүч актагыч керек эле. Бизге ансыз кыйын! — Топусун кийип, тынараак сүйлөй баштады: — Эмесе мындай кылалы: силер өзүнөрдүкүн кура бергиле, а биз өзүбүздүкүн бүтүрө берели, керек болгондо, биз өзүбүздүн арыгыбызды кеңейтербиз — ошондо силерге да даяр каналдын пайдасы тиет.

— Биз силерди кыстабайбыз. Каалаганынардай кылгыла, — деди инженер Васильев, көз айнегин оңдоп. — Бирок таш менен цементсиз плотина курууга болбойт.

— Айтыңызчы, жолдош Наби-Зода, биздин арыкты Жийборуну бойлото төмөн созуп, бош жаткан жерге суу чыгарууга болобу? — деп сурады Нурали.

— Эмне үчүн болбосун? Албетте, болот, бирок андай кылуу үчүн мыкты байламта жасап, көлмө түзүү керек. А жөнүндө айрыкча сүйлөшөрбүз. Жакшылап ойлоп, долбоор иштөө керек... Бул сөздү экинчи жолкуга калтыралы. Азыр бизде убакыт жок—Жуйборуга коншулаш колхоздордун аймагындагы нугун карап чыгуубуз керек. Кошкула. Айып көрбөгүлө, шашып жатабыз!

Инженерлер коштошо баштады.

— Районго барганыңызда, мага келиңиз, эски тааныш-пыз го, — деп Наби-Зода Нуралиге кайрылды, Велейко, Васильев менен машинага отуруп жатып.

Инженерлерди узатып коюп, Юнусбай менен Нурали кабинетке кайра келишти.

— Көрдүңүзбү, Юнус-ака, экөөбүз бекер эле чатак-ташкан экенбиз... — деп Нурали сөз баштамак болду эле, Юнусбай сөзгө конок бербей бөлүп кетти.

— Экөөбүздү чатакташты деп ким айтты? Болбогон кеп! — деди ал күтпөгөн жерден.

Өзүбүз плотина салдырабыз деген аракети оордунан чыкпай калганы ага инженерлердин сөзүнөн ачык болду. Бу инженерлер иштин жайын билчүдөй сыяктанды. Алар менен талашуунун пайдасы да, кажаты да жок.

— Андай болсо, эң жакшы! — деп кубанып кетти Нурали. — Демек, эми жаңы ишке ынтымактуу киришет экенбиз да... Кандай сонун: жакында өз электростанциябыз болот! Өзүбүздүн электрибиз болот! «Авангарддыкынан» кем болбойт! Ойсуратып иштей алабыз! Ар бир үйдө — лампочка...

Кыштакты жарык кылабыз, кинотеатр салабыз, радио орнотобуз.

— Капкайдагыны ойлоп табууга сиз устасыз! — деп Юнусбай анын сөзүн бөлүп жиберди, бир нерсенин камын ойлонгондой ары-бери басып. — А мен бүйрө кишимин! Андан көрө айтыңызчы: плотина үчүн таш менен цементти кайдан алууга болот? Ташты тоодон ташуу керек... алыс, кыйын. А цементтичи? Азыр, бардык жерде курулуш жүрүп жатканда, цемент табуу оңой эмес.

— Табабыз, раис! — деп көңүлдүү айтты Нурали. — Баарын табабыз!

### *Он жетинчи глава*

Салт минилүчү асыл тукум ат ээсинин көңүлү кандай экенин ар дайым сезип турат дешет. Эгерде ушул сөз чын боло турган болсо, демейдеги каадасынча Шабранга чунаңдабай, тынч жүгөндөткөнүнө, басмайыл тартканда туйлабай туруп бергенине караганда, короодон көчөгө атырыла чыгып, камчы салдырбай таскактаганына караганда, бүгүн кожоюнунун көңүлү жайында экен деп, үзүл-кесил айтууга болот эле.



Чындыгында да ошондой эле. Бүгүн Нурали үчүн кубанычтуу күн. Биринчиден, Юнусбай менен жарашты, аны менен чатакташканы жанына батып жүргөн эле. Каны кызуу, кала берсе бир аз кербездик жагы да бар Нуралинин ачуусу ошо замат эле таркап, жарашканы өзү биринчи болуп баруугa дайым даяр турган. Экинчиден, Хашим-Корвондун сунушун кубаттаган инженерлердин күтпөгөн жерден колдошу, электростанция куруу перспективасы ишим оңунан чыкпай койду деп соңгу убакта шагы сынып жүргөн Нуралиге дем берди.

Албетте, алдыда кыйынчылык аз эмес: кадимкидей плотина куруу үчүн кайдандыр таш менен цемент табуу керек, ошол оор ишке катышкыла деп коңшулаш колхоздорду көндүрүү керек, «тилке», колхоздорду бириктирүү жөнүндөгү маселени бир жаңсыл кылуу керек... О, керек нерседен көп эме жок! Алдагы жол тептегиз деп Нурали такыр ойлобойт. Бирок эмне үчүн ушул кичинекей ийгиликке кубанууга болбойт, өзүнөн кем кызыкпаган кишилерге, ошол эле Хажиумарга кичинекей ийгиликтер жөнүндө сүйлөп берүүгө болбойт, мындан ары эмне кылабыз деп, аны менен акылдашууга эмне үчүн болбойт.

Мына эми Нурали ага баратат. Рас, анчалык ашыга турган деле эчтеме жок. Бирок Хажиумардыкына баратканда эмнегедир анын жүрөгү эргийт, жол эң эле узун, Шабранга илкиген кашаң сыяктанып көрүнөт.

Өзүнө өтө жакын учураган ушул үйдөн баягыда ыза болуп кеткени азыр Нуралинин оюна да келген жок. Анын эси-дарты эле: бул узак жол качан бүтөт, Шодигүлдү качан көрөр экенмин дегенде болду.

Тезирек жетсем экен деп чыдай албай, Нурали камчысын көтөрүп, Шабрангага көрсөтүп койду. Нурали жөн эле опузалап жатканынан Шабранга шек санаган жок, бирок ошондой болсо да ылдамдап, үстүндөгү ээси, камгактан жеңил боло түшкөнсүп, зыркырап катуу жөнөдү.

Нурали Хажиумардын үйүнө жеткенде, кеч кирейин деп калган. Үзөңгүсүн кере теминген бойдон өйдө обдулуп, Нурали бийик дубалдан аша короону карады. Серенин жанында Шодигүл сокуга бирдеме жанчып, а серенин астында эки бала теке-маңдай чөгөлөп, чүкө ойноп отурган экен.

Шодигүлдү бери каратайын деп, Нурали бир тоголок кургак чопону камчы сабы менен дубалдан кулата түрттү.

Шодигүл кылчайып, Нуралини көрө койду да, билбегей эле дегенсип балдарга карады. Бирок балдар (бирөө — анын Сангин деген кичине иниси, бирөө— коңшуларынын баласы эле) оюнга кызыкканынан, эчтекени байкаган жок: Кыз сок билегин сокунун ичине коюп, акырын дубалдын түбүнө басып келди.

— Шодигүл! Сизге айта турган сөзүм өтө көп. Бирок биерде эмес... бизге эч ким жолто кылбагандай болсун. Күн сайын, саат сайын сизди ойлойм. Билесизби, кээде сиз үчүн мен жат болуп кеткендей сыяктанам... Андай болушу мүмкүн эмеско? Чынбы?

Шодигүл араң угулгандай кылып:

— Чын, — деди.

— Анда эмне үчүн эшикке чыгарып койгонго да жараганыңыз жок? Эмне кылып көөнүңүздү калтырдым?

— Билбейм... А жөнүндө кийин сүйлөшөрбүз.

— Андай болсо качан көрүшөбүз?

— Чын айтам, билбейм. — Шодигүл балдарга дагы кылчайып карады. — Макул. Эртең медпунктта болом... Эртең менен, саат он ченде.

— Медпункттабы? Бирок аерде...

— Сиз мени жеткирип коёсуз, — деп шыбырады Шодигүл, анын оюн түшүнө коюп, анан үнүн бийик чыгарып: — Ата, мейман келди, — деди.

Нурали атын мамыга байлап жатканда, Хажиумар босогодон көрүндү.

— Салям! Көптөн бери эмне көрүнбөйсүз? — деди абышка каадасынча ачык чырай менен.

— Иш көп, Хажи-аке, кызык иштер бар, азыр айтып берем, — деди Нурали, анын артынан кирип үйгө баратып.

Аңгыча болбой, үйгө Шарофатхола менен Шодигүл кирди.

Хажиумар Шодигүлгө эркелеткендей карады.

— Эмнегедир, кызым ирeңиң азып калыптыр. Оокастап жүрөсүңбү?

— Аз уктайт, ошондуктан ирeңи начар! — деп Шарофатхола сөзгө аралаша кетти. — Түн ичинде китеп окуй турган бир өнөкөт таап алды. Вера бир китеп бериптир, Шодигүл ошону окуйт да жатат, анысы аз келгенсип дагы сайма саят. Ошон үчүн өңүнөн азып жүрөт.



Аялдар бөлмөдөн чыгып кетишти да, чай ичүү үчүн нан-пан, жемиш-мемиштерин көтөрүп, бир аздан кийин кайра келишти.

Баары сандалды тегерете төшөлгөн килемге отурушту. Шарофатхола чоң ак чайнектен пиялаларга чай куйду: дасторкондун үстүндө токоч, жаңгак, мейиз, мисте, өрүк.

— Кызык, иштер бар дейсизби? — деп сурады Хажиумар.

— Ооба, раис, зор иштер башталганы жатат, — деп баштады Нурали, кара мурутун жоолугу менен аарчып.

Нуралинин сөзүн Хажиумар кунт коюп укту. Нурали айтып келген кабар аны абдан толкундатканы байкалып турду: чокчо сакалын ал демейдегисинен көбүрөөк сылай берди.

Нуралинин сөзүнө Шодигүл да кулак салып отурду. Бирок анын көңүлү башка нерсе менен алек экени байкалып турду: качан кетер экен деп күткөнсүп, энесине ал улам-улам карай берди. Адептүүлүк талап кылышынча отуруп, Шарофатхола бир аздан кийин ордунан турду да, бөлмөдөн чыгып кетти. Шодигүл да ордунан турду, бирок энесинин артынан чыкпай, короону караган терезени көздөй бутунуң учу менен басты, бирдеме жөнүндө элире талашып жаткан балдардын чаңкылдаган үнү ошол терезеден угулуп турган эле.

Шодигүл оң колунун сөөмөйү менен балдарды зекип, Нуралинин терезе жакта илинип турган чепкенин сол колу менен кармалай баштады. Жонун салып отурган атасына жалт карап, Шодигүл жеңинин ичинен кагазга оролгон бирдемени чепкендин чөнтөгүнө сала койду. Балдардын кыйкырганы небак токтоп калса да, кайтадан сөөмөйү менен зекимиш болду.

Шодигүлдүн эмне кылганын байкап отурган Нурали толкундаганынан сүйлөй албай калды.

— Жакшы кабар алып келген экенсиз,—деди Хажиумар.— Демек, электростанция курат экенбиз да? Түзүк! Бу жөнүндө мен да киришип көрдүм эле, менин эмгегим текке кетпегенин укканыма азыр кубанып отурам... Плотина жөнүндөгү пикириңиз мага жагат... Бирок эмне үчүн жер анчалык аз? Эмне үчүн жалгыз гана «Навобод» колхозу үчүн? Эгерде арыкты кеңейтип, плотинаны бийик кылып кура турган болсок, суу башка колхоздорго да жетишет. Коңшулаш «Рохи-Нав», «Калинин», «Дмитров» кол-

хоздору да, менин оюмча, катышат. Өз колхозум үчүн кепил боло алам. Бирок, бир гана шарт бар: эгерде бизге жардам берип, экскаватор жиберишсе болгону. Жалаң кетмен менен көп иш бүтүрө албайбыз.

— Демек, Ахмеджан менен дагы сүйлөшүү керек экен да? — деди ойлонгонсуп Нурали. — Андан эчтеке чыкпайт.

— Башкалар баштаганда, ал четте калмак беле. Коңшуларыман калбайын деп Ахмеджан өзү суранат: ыңгайлуу ишке келгенде анын сезими абдан күчтүү. Колхоздорду бириктирүүгө ал макул болгон эмес, себеби: ал иштн өзү үчүн ыңгайсыз деи эсептеген болучу.

Хажиумар колхоздордун председателдерин чогултуп, сүйлөшсөк жакшы болор эле деп сөз баштады.

Бирок Нурали анын сөзүн уккан жок. Анын эси-дартынын баары эле бир нерседе болду: өзүнүн чепкенинин чөнтөгүнө Шодигүл жашырын салган кагаздын ичинде эмне бар экенин тезирек билгиси келди. Сыягы, өтө маанилүү нерсе болуш керек...

Хажиумарга бир канча жалпы сөз айтып, Нурали коштошо баштады.

Шодигүлдүн кагазга ороп салганы Нуралинин көкүрөгүн чоктон бетер ысытты, ошондой болсо да кыштактын четиндеги ээн жерге чыкканча Нурали аны ачып кароого батына алган жок. Эми, ээн талаага чыкканда, Нурали калтыраган колдору менен кагазды ачты да, эркектер кур ордуна курчануучу жашыл жибек жоолукту көрө койду. Жоолуктун четине кызыл, сары жибек менен төрт сап ыр саймаланып жазылган экен. Батып бараткан күндүн алтындай нуру алдында Нурали төмөндөгүдөй ырды окуду:

> Жан курбум, үйүнө сенин жеталбайм,
> Эгер барсам, кайра кайтып кеталбайм.
> Арманым жок ак жүзүндү бир көрсөм,
> Кайыл болом—азап чегип, тек өлсөм.

Эми таштуу жолдо такасын тарсылдатып, чымын-куюн болуп, жүгүрүүнүн кажаты жок экендигин, былтыркыдан калган кураган чөптү анда-санда ирмеп коюп, таш жолдун боюндагы бир таман жумшак жол менен жай басып отурууга мүмкүн экендигин, Шабранга тизгини бош коюлганда эле биле койду. Эми кожоюнуна тез жүрүүнүн эч кандай кыжалаты жок. Кожоюну ээрде термелип, бирдеме жөнүндө созолонуп ырдап келатты...



Экинчи күнү таң саардан туруп, Нурали жакшы кырынып, кийинди да, саат он ченде Таги Чинорго жетип барды.

Медпунктка кирип, Шодигүлдү күтүп, Веранын жанында бир саат отурду.

Бирок саат он бир болду, Шодигүл келген жок.

Шодигүл жөнүндө Верадан тике суроого батынбай, Нурали, алыстан баштады:

— Окуучуңуз кандай? А кишиге дале орус тилин окутуп жүрөсүзбү?

— Ооба, бирок кээде окубай да калабыз,—деди Вера.

— Сабакты жакшы билеби?

— Жаман эмес. Жакында Чеховдун бир кичирек томун бердим эле. Адегенде Шодигүл аны көп көңүлдөнбөй окуду. Калыбы эми кызыгына кире баштаса керек—абдан берилип, кала берсе түндө да окуйт. Бүгүн саат ондо ал мага келиш керек эле, бирок ушу убакка чейин эмнегедир жок.

Нурали Веранынкында дагы кала алган жок. Ансыз да Вера ага суз карайт. Коштошуп, Нурали Шодигүлдү жолдон жолуктурам го деген ниет менен «Ситораи Сурхту» көздөй жөнөдү. Бирок Шодигүл көрүнбөдү. Нурали ындыны сууй түшсө да, үмүтүн үзгөн жок. «Бир жумушу болуп келалбай калган го» — деп ойлоду Нурали, кайра бурулуп.

Верага экинчи жолу баруудан ал ийменди. «Ситораи Сурх» менен Тагы Чинордун ортосундагы жолдо ал түшкү тамакка чейин ары-бери басып жүрдү. Шодигүл ошо бойдон келген жок.

Нурали бир аз ыза боло түштү: балким, мени шылдың кылгандыр? Бирок ал ошол замат эле бул оюн таштады. Жок, Шодигүл андай кыз эмес. Бирдеме болгон го. Бир каргаша болсо керек.

### *Он сегизинчи глава*

Нурали таап айткан экен. Ошо күнү эле кечинде Шодигүлгө бир каргаша болду.

— Сен эмне үчүн сайманды таштап койдуң? Бүтүрдүң беле?—деп сурады энеси, Шодигүл төшөгүнө жатканда.

— Ооба... бүткөм,—деп Шодигүл ийменип жооп берди.

— Кандай болду экен, көрсөтчү!

— Ий, эне, уйкум келип турат... Эртең көрсөтөрмүн.
Калп айтканды билбеген Шодигүл өзүн айыптуу киши-дей сезди.
— Жоолукту кайда койдуң эле, айтчы, өзүм эле көрөйүн,—деди Шарофатхола, кызымын бир сыры бар го деп, шектенип.
— Жоолук менде жок!—деп Шодигүл чорт айтып, бетин жастыкка басып, ыйлап жиберди.
— Анан кайда?
Шодигүл унчуккан жок.
— Сен аны бирөөгө белек кылып бергенсиң го?.. Эмне унчукпайсың? Баратовго бердиң беле?
Жооп берүүнүн ордуна Шодигүл дагы катуурак ыйлай баштады.
Жоолук Баратовго берилгендигинде эч кандай шек жок болучу...
Кызым менен Нуралинин ортосунда бир балакет бар го деп энеси көптөн бери шектенип жүрсө да, бул жорук анын төбө чачын тик тургузду.
— Уятсыз!—деп Шарофатхола эки тизесине эки муштумун коюп алып, чаңыра баштады.—Бу эмне кылганың? Сен өзүңдү да, бизди да уят кылдың. Эми күйөөңдүн бетин кантип карайсың? Юнусбай анын зайыбы эми эмне дейт? Айтчы, шерменде, Баратов менен каерде жолугушуп жүрөсүң? Аны менен ашыктык жөнүндө эмне сүйлөшүп жүрөсүң? Сүйлө дейм! Атаңдын камчысы менен кызылдай сойбосом, мени кудай урсун!
— Аны менен эчтеме сүйлөшкөнүм жок! — деп, Шодигүл шолоктоп ыйлай берди.
— Жараткан кудай!—деп жалбара баштады Шарофатхола.— Мени эмне үчүн мынчалык жазаладың? Бу эмне деген маскарачылык? Эримдин тилин алып, картайганда паранжымы таштап, башка эркектерге жүзүмдү көрсөткөн үчүн ушуну көрмөк экемин! А сен шашпа!—деп ал кызына кайра кайрылды.—Эркектер менен көрүшкөнү барганды мен сага көрсөтөрмүн! Бүгүнтөн баштап сени үйдөн карыш жылдырбайм! Качаанак эчкиден бетер аркандап коём!
Шарофатхола ачуусун тыйбай, катуу чаңыра баштады эле, ошол бөлмөдө уктап жаткан Нихол ыйлап ойгонду.
— Атаңа баарын айтам! Атаң акылыңа келтирет!—деп энеси коркутту...
Хажиумар үйүнө абдан кеч келди. Кызынын жоругу жөнүндө зайбынын буркан-шаркан түшүп айткан сөзүн угуп, Шодигүл менен эртең сүйлөшөм деди.
Хажиумар а дегенде аялынын сөзүнөн төбө чачы тик турду. Бирок төшөккө жаткандан кийин, ал жай-баракат ойлоно баштады. «Мында таң калгыдай эмне бар? Жаш кыз, жаш жигит, бир кыйла акылдуу жигит... Кыздын кызыкканы—тоодон батып бараткан күндүн нурундай: тез бүтөт. Албетте, кызым жакшы кылбаптыр... Ушак башталышы мүмкүн... бирок Баратов аркы-беркини билген киши, белек жөнүндө эч кимге айтпас, жоолукту кайта берер. Кызымдын бул жоругу балалык экендигин ал түшүнүүгө тийиш. Шодигүлгө үйлөнөт экемин деп, ал чын ойлоого тийиш эмес. Зайыбы өлгөн, кызы бар киши!.. Бирок, бир жагынан Шарофаттыкы туура: Шодигүлдү күйөөгө эртерээк бериш керек. Ырас эле тезирек узатыш керек. Кыздын барбайм дегени да кеппи... Албетте, адегенде керяктык кылат, — күйөөгө чыкканча кыздардын баары ошентет. Мына бул Шарофатымды алып көрүүгө болот... Адегенде мени дегеле көрөйүн деген көзү жок болучу. Эрди-катын болдук—баары жайланышып кетти».
Ушул ой Хаджиумардын көңүлүн жубатты да, уктап кетти.
Эртесинде ал зайыбына тойго белендене баштагын,—деди да, алиги иш жөнүндө кызы менен өзү сүйлөшүүгө батынган жок.
Той жөнүндө эринин айтканына Шарофатхола сүйүндү да, Шодигүлгө такыр башкача мамиле кыла баштады—эркелетип, көңүлчөөк болуп кетти, Баратов абдан жаман киши, Мусаев бир чети акылдуу, бир чети сулуу жигит, Мусаев Шодигүлдү сүйүп, төрт жылдан бери күтүп жүрөт деп сүйлөгөндөн чарчаган жок.
Тойдо кийиле турган көйнөктөрүн энеси сандыктан алып чыгып, Шодигүлгө өлчөй баштады.
Тажиктердин үй-бүлөсүндө күйөөгө берүү жөнүндө атасы кызы менен, кызы атасы менен сүйлөшүүгө руксат жок. Бирок Шодигүл бул эски адатка каршы чыкмакчы болду. Энеси үйдө жок убакты акмалап туруп, ал Хажиумар кагаз аңтарып жаткан чоң бөлмөгө кирди.
— Ата!—деди ал, башын жерге салып.—Мен Турабга тийгим келбейт.
Ал атам чаңыратко деп күткөн эле. Бирок Хажиумар эркелеткенсип кызынан:

— Эмне үчүн тийгиң келбейт, кызым? — деп сурады.
Шодигүл башканы сүйөм деп атасына кантип айтат эле. Ошондуктан ал:

— Окугум келет,—деди.

— Тойдон кийин окусаң да болот... Турабды окууга жиберген деп Юнусту өзүм көндүрөм.

Шодигүл унчукпай калды.

— Кайгырба, Шодигүл,—деп Хажиумар сөзүн улантты. — Кулак салчы. Биз энең—экөөбүз—кызыбызды жаман кишиге бермек белек. Биз сенин бак-таалайлуу болгонуңу көргүбүз келет. Акылыңды жый, өзүңү да, бизди да капа кылба... Берген убадамды буздурба. Юнуска мен небак убада берип койгом... Берген убадамды бузганымы билишсе, эл эмне дейт. Ушу күнгө чейин эч ким, эч качан алдамчы, калпычы деп мени айткан эмес. Эми, садагасы кызым, элге ошентип сөз кылдыргың келеби?

Шодигүл эрдин кесе тиштеп, анда-санда гана: «тийбейм» дей берди. Хаджиумар кабагын салып, кызына томсоро карап:

— Эгерде атаңдын сөзүн жерге таштасаң, сен менин кызым эмессиң. Менин маскара болгонумду эч ким билбей турган, убадасын бузду деп мени жемелей турган, эч ким жок ыраакы жерге каңгып кетүүгө аргасыз болом. Бар, бара бер.

Шодигүл ыйлаган бойдон бөлмөдөн чыгып кетти.

Эми эмне кылуу керек? Жардам сурап комсомолдогу курбу-курдаштарына кайрылса—анда ата-энесинен кол үзгөн болор эле. Ага жардам бере турган бир гана киши бар... Бирок Шодигүлгө анын азыр кандай мамиле кыларын ким билсин? Сени сүйөм деп кыздын эркекке биринчи айтышы келишпеген иш го... Бирок, Нурали башкача киши... Жок Шодигүл сүйгөн кишисине чыгат. Нурали аны мурдагысындай сүйсө эле болгону, анда Шодигүл бардыгына чыдайт.

### *Он тогузунчу глава*

Быйыл жаз жаан-чачынсыз болуп, эрте келди. Жазгы жамгыр али башталa элек. Күн ачык тийгени менен, анчалык жылуу эмес. Арыктардын жээктеринде, дөңсөөлөрдө саргарып өткөн жылдын чөптөрү жатат. Айрым жерлерде тракторлор пахта айдап жүрөт.



Соңку күндөрдө Боровиковдун машинасы кичине шаарга түн ичинде гана келе турган болду. Эскилиги жеткен «газик» жанынын бардыгынча тырышат: өңгүл-дөңгүл канжыга жолдордо өкүлдөп, биринчи тездик менен да ар кандай машина чыга албас өр жерлерге чыгуу, «газикке» оңой эмес. Кээде «газик» деми кыстыгып, токтоп калат, бирок шофер Рахмат машинаны ачып, бирдемесин бурап, майлап койсо эле — «газик» кайра жүрүп кетет. Боровиков андай учурларда: «Ушул примусту таштай турган убакыт болду!»—деп ойлонгону менен, үйүнө келгенде а жөнүндө унутуп коёт. Ошентип бардыгы мурдагы бойдон кала берчү болду. Саал-паал ремонттоп, жолдо жабышкан баткак-чаңын жууп койсо «газик» кайра эле район боюнча колхоздон-колхозго кете берет.

Эмгек Кызыл Туу орденин бермейинче мен муну таштабайм,—деп тамаша кыла турган далай түйшүк тартып кыйналганы менен өзүнүн «примусуна» мээрими түшкөн Рахмат:

Ошенткени менен «газик» узак сапар чекчү эмес. Көп токтоп, кээде көпкө чейин токтоп тура берчү эле.

Тааныш машинаны көргөндө бригадирлер, звеновойлор, карапайым колхозчулар жолго жүгүрүп чыгышат. Боровиковдун кичине дептерчесинин барактарына улам жаңы нерселер жазылат. Ал дептерчеде эмнелер гана жок: унутпоо үчүн жазгандары, парторгдун кыскача отчёттору, жумушчулардын контролдук цифралары, социалисттик мелдештин жыйынтыктары, колхозчулардын даттануулары, алдыңкылар менен артта калгандардын аттары жана дагы ушул сыяктуулар бар.

«Навобод» колхозунун участогун аралап, Боровиков жолдун боюнда колдорун жаңсап, бир деме жөнүндө талашып жаткан эки кишини көрө койду. Соко чиркелген трактор, жүрбөсө да мотору иштеп, жанагылардын жанындагы талаада турган эле. Талашып жаткандардын бирөө кара чапан, топу, кончу узун өтүк кийген—Нурали экенин Боровиков тааный койду. Кийимине караганда экинчиси тракторчуга окшоду.

Боровиков бети-башын жыйрып, таягына салмагын салa таянып, машинадан чыкты, анын буту кайра ооруп жүргөн эле.

— Бу кандай кыйкырык, мушташканыңар көрүнбөйтко?—деп, ал талашып жаткандардын жанына келди.

— Мына бу, Петр Никалаевич,—деп тракторчу сүйлөй баштады,—мына бу жолдош,—деп ал Нуралини көрсөттү,—менин жумушумду кабыл албай жатат. Тайыз айдапсың дейт. Деги бу эмне деген кеп?

— Эми эмне кылмакчысың?— деп сурады Боровиков андан.

— Кайра айдайм.

— Анда эмне үчүн даттанасың?

— Кантип даттанбайм! Көрүнгөн звеновой эле кычаштык кыла берсе, нормаман чыгып кетишим мүмкүн го.

— Мүмкүн — деп тилектеш болгонсуп, Боровиков башын ийкеди. — Демек, бир гана арга бар: адегенде эле ойдогудай терең айдоо керек.

Боровиков четке чыгып, тери тонунун этеги менен оору бутун жаап, дөңгө отурду. Ойдуң жерлерде уруктап көбөйгөн жазгы, ачыгып калган чиркейлерди түтүн менен кубалап, канжасын тарта баштады.

— Кош, Нурали, ишиң кандай?—Ал колу менен жаңдап, Нуралини жанаша отургун деди.—Эмнегедир сен бизге аз келүчү болдуң? Иш планыңды алып, мага келем дедиң эле—эмне үчүн келген жоксуң? Эмне, бирөөгө ашык болдуңбу?—деп, Боровиков өзүнүн мактешип отурган кишисинин жооруна тийгенин билбей, тамаша кыла баштады.

Нурали кулагына чейин кызарып кетти. Чын эле соңку күндөрдө анын эси-дарты Шодигүлдө болгон эле. Медпунктта көрүшөлү деп коюп келген жок, эч жерден көрүнбөйт. Шодигүлдүн дени-карды соо экенин Нурали биле турган, бирок эмне үчүн алдап койгонун түшүнө алган жок. Нурали өзү барайын деди, бирок намыстанды.

— Планым жанымда, — деди Нурали, уялганын жашырууга тырышып. — Жакында сизге бармакчы элем. Мына! — деп асынма сумкасынан бүктөлгөн бир барак кагазды алып чыгып, Боровиковго берди.

— Түзүк... Саясий окуу... Агитаторлордун семинары... Социалдык мелдешти уюштуруу... Аялдардын арасында тарбия ишин жүргүзүү... Жаштар менен иштөө... — деп Боровиков планды карап жатып, кобурай берди. — Куду эле Вахабовдун планындай го. Андан көчүрүп алып жүрбөгүн? — деп ал Нуралиге мыскылдагансып карады.

Вахабов «Коммунизм» колхозунун партбюросунун секретары эле.



— Вахабов экөөбүз анда планды бирге түзгөнбүз да,— деп Нурали тарынгансып калды.

— Демек, «Навободго» алдыңкы тажрыйбаны көчүрүп жаткан экенсиң го? Болуптур, анын жаман эмес. Бирок Вахабовдо жумушту уюмдун көп мүчөлөрү аткарат. А сенде кандай? Ар бир пункттын тушуна сенин гана фамилияң жазылыптыр. А Зубайда кайда? А Хашим-Корвон? А Юнусбайдын өзүчү? Иштин баарын жалгыз өзүң бүтүрүп, алар сага кол чаап карап отурушат экен да? Кыйынын кара? Жок, минткениң жарабайт, Нурали. Бардык коммунисттер иштөөгө тийиш.

— Билесиз го, Петр Николаевич, алардын али тажрыйбасы жок.

— Алар үчүн сен иштесең, эч кандай тажрыйбасы болбойт. Тажрыйба бара-бара жыйылат. Иштесе—тажрыйбада пайда болот. Жаш бала сыяктанып, алпештебей, сен аларга жардам берүүң керек.

Ушул жемени угуп жатканы менен, Нурали башка жөнүндө ойлоду. Мына эми Боровиков колхоздорду ирилештирүү жөнүндө сүйлөйт да, өзүнүн мактангany үчүн Нуралиге кызарууга туура келет. Чын эле Боровиков ошол жөнүндө сүйлөй баштады. Нурали толкунданып, иштин кандай болгону жөнүндө чалды-куйду сүйлөдү да, эми тил угам го деп беленденип калды.

Бирок, Боровиков анын сөзүн угуп, көпкө чейин унчуккан жок, анан бир аз ойлонуп туруп:

— Ырас... Экөөбүз орустун: «Кечүүсүн билбедиң, сууга кирбегин» деген жакшы ылакабын унутуп коюппуз... Болуптур, эчтеке эмес, электростанциянын курулушу ишке жардам берет.

«Бар айтары ушубу?» — деп ойлоду Нурали. Райкомдун секретары урушпай тим болгонуна, Нурали бир аз таарынып калды. Балким Нуралиге Боровиков өз билгенин кылсын деп койгондур?

Андай болгон себеби: ошондон бир нече күн мурун Курган-Төбө обкомунун бюросунун заседаниесинде Сарыкамыштагы майда колхоздорду бириктирүү ишин үзгүлтүккө учураткандыгы, алдыңкы активисттердин демилгесин колдобогондугу үчүн, ушундай өтө керектүү маселени колхоздун парторгуна ишенип берип коюп, парторгго жардам көрсөтпөгөнү үчүн Боровиков катуу тил уккан эле. Сынды Боровиков туура деп тапкан. Бирок ошол эле

заседаниеде, ал колхоз аралык гидростанцияны куруу га киришүү керек деп айткан болучу. Даярдык жумуштарын токтоосуз жүргүзүү жөнүндө «Сельэлектро» конторасына буйрук берилсин деп сураган. Бул Сарыкамыш колхоздорун бириктирүү үчүн жеңил жана тезирек болот деген эле.

Өзүнүн пландары жөнүндө Нуралиге ал эчтеме айтпай, жөн гана:

— Инженерлер силерде болдубу? Эмне дешти? — деп сурады.

Дагы эле тарыхчы жазыла элек Нурали инженерлердин келип-кеткени жөнүндө көп көңүлдөнбөй сүйлөй баштап, Хашим-Корвондун сунушу жөнүндө эскерте кетти.

— Болуптур, жакшы пикир экен, — деп Боровиков көңүлдөнүп сүйлөй баштады. — Корвон азамат! А сен коммунисттеримин даярдыгы жок дейсиң. Сен кишилерге аз ишенесиң, аларга көңүл бурбайсың.

«Акыры тил уктум, бирок башка иш үчүн!» — деп ойлоду Нурали.

— Ырас, Корвон азамат, — деп Боровиков коштошуп жатып дагы кайталады да, машинасын көздөй басты.

Боровиковдун залкайган оор денеси зорго батып, «газик» майыша түшүп, шестернялары качыр-кучур дей түштү да, тийиштүү тездигин алып, узун жолун дагы созо баштады деп Рахмат айткандай, жолго түштү.

Бир нече күн өткөндөн кийин беш колхоздун правлениесинин кошмо жыйналышында Жуйборудагы өзүнүн изилдөөлөрүнүн натыйжасы жөнүндө Наби-Зода айтып берди. Жуйборунун сол жээгинде айдалбай бош жаткан бир миң гектар жерди сугарууга жеткидей, беш колхоздун каналын казуу боюнча түзүлгөн долбоор жана болжол расход сметасы менен тааныштырып чыкты.

Февраль айынын 20-нчы числолорунда «Навободго» экскаватор жиберилди да, канал курулушу башталды.

### *Жыйырманчы глава*

Хажиумар бүшүркөп чочуп жүргөн окуя каргашалуу бир күнү жүзөгө ашты.

Ал мындай болду. Счетовод Сайфиддиновдун зайыбы Нуралинин жуулган ич кийимин салып жатып, анын чемоданынын түбүнөн бир топу, бир жашыл жоолук таап алды.



Топуну Нурали өзүнүн өлгөн зайбынан калган эстелик катарында сактап жүргөнүн Марзия билучү эле. Бирок жоолук кайдан келди? Ал жоолукту ушунчалык ким коздоп саймалады? Жоолукту жарыкка салып карап, ырын окуп чыкты,— кайдадыр алыста жүргөн, сүйгөн кишисин сагынганы жөнүндө айтылган ыр экен; ошондуктан Марзия бул жоолук да раматылык Сановрдан калган белек болсо керек деп ойлоду. Бирок бир аз туруп ал шектене баштады: жоолук эң эле жаңы, саймасы да жакында эле сайылган экен. Жок бул белек кандайдыр бир аялдан же кыздан болуу керек. Ай-ай-ай! Ушундай олуттуу, токтолуп калган киши — бирок мунусу...

Марзиянын ар нерсеге кызыгып, билгиси келгендигинде дабаа жок эле. «Бул белекти ага ким бергенин таппай койбойм», — деди ал жоолукту мурунку ордуна кайра салып.

Ыңгайлуу учур көп узабай келип жетти. Эки күн өткөндөн кийин Нуралиге Хайринисо келди. Эки жумадан бери келбеген атасын сагынган Зебини Нуралиге алып келди. Нурали үйүндө жок эле. Зубайда өзүнүн курбулары Хасият менен күлкүчү Мунираны ээрчитип бир аздан кийин Марзияга келди. «Коммунизм» колхозунун атагы чыккан звеновоою менен алар көптөн бери таанышкысы келип жүргөн. Адегенде сөз шыр кете алган жок. Хайринисо көкүрөгүн көтөрүп, мактангандай отурду, анткени навободдуктарга жаккан жок. Курбулардын эң өткүрү Зубайда акырында мейман аялдан мындай деп сурамакчы болду:

— Айтыңызчы, кымбаттуу Хайринисо, өткөн жылы сизди ар гектардан 60 центнерден түшүп алышты дегени чынбы?

— Алтымыш эмес, алтымыш беш! — деп Хайринисо таарынгансып калды.— Силер эмне газета окубайсыңарбы? А жөнүндө бүткүл область билет.

— Кечиресиз, унутуп калыпмын... Сиз ага кантип жетиштиңиз?

— А силердики канча? — деп Хайринисо суроого жооп бербей, жылмайып күлүп койду.

— Бизби? Бардыгы болуп 42 центнерден.

— Кырк экиби? — деп Хайринисо кордогонсуп кайталады.

Эми Зубайда биротоло таарынды.

— Кааласаңыз, мен сиз менен мелдешейинби? — деп Зубайда кызуулук кылды.

— Сиз — мени мененби? — деп Хайринисо таныркагансып кашын керип койду. — Алды менен жок дегенде 50 центнерден алыңыз, ошондо сүйлөшөрбүз.

— Жетимиш центнерден мелдещели! — деп Зубайда чаңырып жиберди, куйкасы дагы курушуп.

Хайринисо таңыркагансып өзү менен «теңтайлашмакчы» болгон аялга карады.

— Ошондой де! Кырк эки центнерден сиз жетимиш центнерге секирет экенсиз да! Менимче, ардактуу курбум, мунуңуз көөдөктүк болот. Милдеттенме алуу — оңой иш эмес.

— Мени саясий сабатка үйрөтпөй эле коюңуз. Аны мен сизден кем билбейм!—деп Зубайданын ачуусу келе түштү.

Талашып жаткандарды эмне болор экен деп байкап отурган Зеби, Зубайданын акыркы сөзүн укканда, Хайринисого атырыла жүгүрүп келди да, коркунучтуу бирдеме боло тургансып жеңесин кучактай калды.

Иш чатакка айланды. Саал жерден чатак башталышы мүмкүн эле Зубайданы жеңинен тарткылап, Хасият анын кулагына:

— Кой, ал мейман эмеспи! — деди.

«Сөздүн тизгинин башка жакка буруу үчүн» Марзия күтпөгөн жерден:

— Ардактуу Хайринисо, билесизби, сиздин кайниңиз ашык болуп калыптыр? — деди.

Хайринисо корккон эмече Зебиге карады.

— Бар, Зебижан, балдар менен ойно, — деп кызды терезенин ары жагында чурулдап ойноп жаткан балдарга жиберди.

Марзиянын ойлоп тапканы туура чыкты. Чатак ошол замат басылды да, аялдар Марзияга тандана караштты.

— Ашык болуптурбу? Мына жаңылык!

— Кимге?

— Болбогон кеп! — деп Зубайда нааразы болгондой жооп кайтарды да, кызарып кетти.

— Өз көзүм менен көрбөсөм, мен да ишенбейт болчумун, — деди Марзия, чатакты токтотконуна маашыр болуп.

— Сиңдим, сиз эмне көрдүңүз? — деп анча-мынча тамаша кылганды жакшы көргөн Муниранын толкундаганынан деми да кыстыга түштү.



— Мурда күнү Нуралинин кийимин чемоданга салып жатсам, чемодандын түбүндө саймаланган жашыл жоолук бар экен. Мурда андай жоолук жок болучу... Балким ал жоолукту Баратовго сиз бергендирсиз, ардактуу Хайринисо?

— Мен ага эчтеме берген эмесмин, — деп Хайринисо дүмөктөнгөнсүп жооп кайтарды.

— Анда ким берет?

— Анын эмнесине таң каласынар — курчанчу жоолуктур. Ар эркекте эле жоолук бар да! — деп Зубайда болуша кетти.

— Жо-о-ок, бөтөнчө жоолук экен, ырды сайма менен сайыптыр.

— Ырбы? Сиңдим, кана бизге көрсөтчү аны! — деп жалынгансып Мунира үй ээсинин колун кармай калды. — Атаганат, абдан кызык экен!

— Уятко? Ал мени андып жүрөт деп ойлошу мүмкүн.

— Бардыгына мен жооп берейин, — деди Хайринисо, билгиси келгенине чыдай албай.

Калп эле кыйылымыш болуп, Марзия макул болду да, Нуралинин бөлмөсүнө кирип кетип, бир аздан кийин жоолукту алып чыкты. Аялдар жоолукту жабыла карай башташты. Жоолукка сайма менен жазылган ырды Мунира угуза окуп берди.

— Жакшы ыр экен! — деди Хайринисо.

— Эң эле кылдат сайылган сайма экен! Сталинабадга көрсөтмөгө жиберсе да боло турган. Ашык болгон кишинин колу мына ушундай иштейт! — деп Хасият кубанып кетти. — Бирок бул сайманы ким сайды?

— Ий, курбулар! Өткөн жумада сайма саят элем деп бир кыз менден жибек жип сурады эле. Дал ушул жиптин өңүндөй жип болучу. — Кубанганынан Мунира ордунан ыргып турду.

— А жипти сенден ким сурады эле?

— Кайсы кыз?

Баары жабыла сүйлөдү. Бул окуя өзүн такыр кызыктырбагансып, Зубайда гана унчуккан жок.

Ката жиберип койгонун түшүнө салып, Мунира тилин тиштеп калды.

— Билбейм... Эсимде жок! — деп ал тана баштады.

— Деги айтсаң, кандай неме эле? Бою кандай? Кийими кандай? Аты кайсы тамга менен башталат? Биздин кол-

хоздонбу, же башка колхоздонбу? — деп, аялдар Мунираны шаштыра башташты.

— Макул, макул айтайын, бирок эч кимге оозубуздан чыгарбайбыз деп убада бергиле.

— Деги эч кимге айтпайлы! — деп Марзия убада берди.

— «Ситораи Сурх» колхозунан. Бирок ким экенин — өлтүрсөңөр да айтпайм.

— Калыбы, Шодигүл го, силер бири-бириңерге каттатып жүрбөйсүңөрбү деп, Хасият биле койду.

Бөлмөнү жаңырткан добуш кайра башталды.

— Ырас эле ошобу? Садагасы Мунира, айтчы, кудай жалгагыр, бары бир билип койдук.

Мунира бетин жоолугу менен далдалап:

— Эчтеке айтпайм, — деп кайра кайталады.

Бирок ким экени жоопто улам ачык болду.

«Эмне экен, Шодигүл жакшы кыз. Эмне үчүн ал Нуралиге жакпайт? Анда менин эмне ишим бар?» — деп ойлоду Марзиядан чыгып, үйүнө келаткан Зубайда. Бирок эмнегедир Зубайданын ыйлагысы келди. Нике кыйдыргандан бир жыл өткөндөн кийин өзү кууп чыгарган араккеч күйөөсүн ызаланып эсине түшүрдү. Эри райпищепромдун агенти болуп иштеп, бир нече жума бою жоголуп кете турган, үйүнө келгенде зайбы менен урушуп, өңүң чаар, сулуу эмессиң деп шылдыңдачу. Кийин жанагы Нурали келип калды.... Зубайдага анын деле жакпаган жери болбоду: сүйлөгөнү да, атта жүргөнү да жакты. Зубайданын кандай мамиле кылганын Нурали байкадыбы? Зубайда ал эч качан байкабаса экен деп тиледи. Эми, ыр менен сайма сайылган жоолукту көргөндө, Зубайдага Нуралинин эчтекени байкабаганы абдан жагып калды...

«Жанагы мактанчаак Хайринисого пахта өстүргөндү көрсөтөрмүн» деп Зубайда Нурали менен байланыштырган нерсени жүрөгүнө терең катты.

Зубайданын звеносу «Навобод» колхозунда 3 жылдан бери ичке булалуу пахтанын түшүмүн эң көп берип келди. Кээ бир колхозчулар: Зубайда түшүмдү көп алып жүргөн себеби: башкарма менен бригадир аны колдойт, минералдуу жер семирткичтерди анын звеносуна дайыма биринчи кезекте берет, анын үстүнө жердин жакшысын да Зубай-



дага бериште деп сөз кылды. Башкалары, калысыраактары, Зубайданын мол түшүм алганы анын эмгекти жакшы көрүп, жан-дили менен иштегенинин натыйжасы дешти. Дагы башкалары Зубайда агротехникалык китептерди окуп, ошол китептерде жазылган эрежеге жараша иштейт деп сүйлөштү. Бирок эң жаман көргөндөрү да Зубайданын жакшы пахтачы экендигин таңа алышкан жок.

Пахта айдалган жерин Зубайда жанындай сүйүп, бакканын баласын баккан энеге салыштырууга болор эле. Зубайда жөнүндө «ар бир түп пахтаны жүз айланып чыгат» деп сөз кылыша турган. Мында апыртылган деле эч нерсе жок эле: күн сайын таң саардан Зубайда пахтанын өскөнүн өлчөп, семирткич салынган чаканы көтөрүп бороздорду кыдырат: «чабал өскөн пахтаны» тамактандырат: ийилген бутактарын акырын түзөтүп коёт. Оорулуу баланы караган врач сыяктуу, пахтанын ар бир бутагын колу менен кармалап, күн тийбеген жагын күнгө каратат; оорунун жышанасы жокпу, зыянкеч түшкөнүн-түшпөгөнүн карап чыгат; отоо чөптүн чыкканын көрсө, чыны менен кайгырып капа болот. Өзүнүн звеносунун мүчөлөрүнөн да, ошондой ынтаа коюп иштөөнү талап кылат.

Хайринисо ага: «өңүң чаар, сулуу эмес экенсиң, сени эч ким албайт» деп айтса, эч теке эмес эле.«Жетимиш центнер берүү сенин колуңдан келбейт» деп айтканы аны абдан ыза кылды.

Эртеси Зубайда талаага өзүнүн звеносун чогултуп алып:

— Курбуларым, эмки биздин милдеттенмебиз гектарынан 50 центнер эмес, 70 центнер алуу!

Жашырын сырды, айрыкча башка бирөөнүн сырын жашыруу өтө кыйын. «Навобод» колхозундагылардын теңи болгон аялдар Шодигүл менен Нуралинин ортосундагы «сүйүү жөнүндөгү» кабарды кечке жетпей бүт угушту.

Бул ушак Юнусбайга эртеси эле жетти.

Ачуусу келген Юнусбай ошо замат эле Хажиумарга жөнөдү.

Юнусбайдан кем капа болбогону менен, keксе чал эчтеме билмексен болду. Кызынын жана бүткүл үй-бүлөсүнүн абийирине кара жабылмак эле.

— Мен ал жөнүндө билдим,— деп Хажиумар калп эле камырабаган кишиче сүйлөдү,—сени менен өзүм сүйлө-

шөйүн дедим эле... Ушак айтканды элдин жакшы көргөнүнө таң калам. Бу жөн эле кыздын эси жоктук кылып, эркелик кылганы. Сен мени билесиң го! Эгерде бир олуттуураак иш болсо, өзүм чара көрөт элем. Бирок бул ушакты токтотуу үчүн Шодигүл менен Турабды тезирек үйлөндүрүш керек. Зайыбыма тойго даярдангын дедим. Жоолук жөнүндө болсо, сенден сураганым, Баратов менен сүйлөш. Ал ак ниет киши, биздин ал-жайыбызды түшүнөт да, албетте, жоолукту кайра берет! Сен капа болбо. Мындай жаңжалды экөөбүз нечен жолу башыбыздан өткөрбөдүк беле!

Юнусбай көңүлү тынчып үйүнө кетти, бирок Хажиумардын санаасы тынган жок. Келген мейманды узатып коюп, чал башын кармап, сандалдын жанында көпкө чейин отурду.

Берген белеги жөнүндө бардык эл билгенин укканда, Шодигүл абдан капа болду. Кыз кезинде бетине көө жагылганына ата-энеси маскара болгонуна көзү жетти. Шодигүл үйүнөн эч кайда чыккан жок, анын маскара болгону жөнүндө билбеген киши, күлбөгөн жан калбагандай болуп көрүндү. Атасынан жашырынып «аялдар бөлмөсүнөн» чыккан жок: атасынын бетин кароого батынбады.

Нурали жөнүндө энсесе да, Шодигүл аны менен жолугушуудан ийменди. «Нурали бир нерсени ойлоп табат. Кантип эле бир айласын таппасын»—деп өзүн өзү жубатты. Нурали аны сүйөт да «Күн сайын, саат сайын мен сиз жөнүндө ойлойм...» Нуралинин ушинтип айткан сөзүн эсине түшүргөндө, Шодигүлдүн көңүлүндөгү кири бүт унутулуп калат.

Бирок энеси жоолук жөнүндө Нурали өзү айтыптыр деди. Жоолук жөнүндө Шарофатхола «Навобод» колхозуна барганда Юнусбайдын зайыбынан уккан эле. Шодигүлдүн сүйүп берген белеги деп Нурали өзү мактанып жүрүптүр дешет. Баратов деген мына ушундай киши турбайбы!

Шарофатхола колунан келишинче апыртып айткан сөзү менен Шодигүлгө кандай сокку урганын ачык билди. Кызынын өңүн, көзүн көргөндө анысына ачык түшүндү.

Шодигүл түнү бою уктабай, Нуралиге эмне болгонун түшүнүүгө тырышып, абдан кыйналды. Ал Нурали менен жолугушкан кездерин биринен сала бирин көз алдынан өткөзүп чыкты. Мына Нурали экөө Сталинабадда автобуска бирге отурду. Нурали ызат кылып, аны алдан киргизди. Экөө жанаша отуруп, сөз өзүнөн өзү чыгып, сүйлөшө кетишти. Адеп көргөндө эле, Нурали ага небактан бери тааныш кишидей болуп көрүндү. Сени сүйөм деп Нурали ага качан айтты эле? Баягы Веранынкындагы кечеде айтты беле? Ооба, ошондо айтса керек эле. Эмне деп айтты эле? Сизден абдан өтүнөм, ёлкага келбей койбонуз. Келесизби? Анын айткан ар бир сөзү Шодигүлдүн эсинде. Анан Нурали аны колхозго чейин узатып келип, колун акырын сылай кармап койбоду беле. Шодигүл аны менен коштошкусу келбегендиги биринчи келишпестик эле.

Нуралинин шагы сынып, кайгырып кеткенин Шодигүл көргөн болучу. Шодигүл аны абдан аяган, жанагы жаман пикир—ага жоолук берүү—ошондо келип чыккан. Ырас, мына ушунун баары ушундай болгон. Кантип эле кара ниет болсун? Жок, андай болушу мүмкүн эмес... Ушак... Андай болушу мүмкүн эмес? Анда жоолук жөнүндө кайдан билишти? Албетте, албетте, ал өзү айтты. Жоолук жөнүндө «Навободдо» энеме айтышкан турбайбы!.. Эмне кылуу керек? Кантип жашоо керек?

Бул арада тойго даярдануу кызуу жүрүп жатты. Көңүлүндө Шодигүл тойго да кайыл болду. Тураб болсо болсун—баары бир эмеспи?

— Мен районго барам!—деди Мусаев, Юнусбайдын кабинетине эртен менен кирип.
— Эмне үчүн?
— Сурабаңыз, кийин билерсиз.
— Сен эмне, руксат сураганы келдиңби?
— Ооба.
— Районго эмне үчүн баратканыңы билбей, сага кандайча руксат берем?
— Райкомго арыз жаздым.
— Көрсөтчү.

Тураб төрт бүктөлгөн бир барак кагазды койнунан алып чыгып, столдун үстүнө койду. Арыз райкомдун секретары Боровиковдун атына жазылыптыр.

« Баратов өзү парторг болуп туруп, «Ситораи Сурх» колхозундагы Шодигүл Умарова деген менин закондуу колуктумду азгырды...—деп айтылган экен арызда.—Советтик үй-бүлөнү бузган ушундай кишиге катуу жаза берип, партиялык жоопкерчиликке тартууңарды сурайм...»

Кагазды окуп чыгып, Юнусбай улутуна кыржүйгөн майлуу желкесин тырмап койду.

— Акмак болбосоң, мунун баарын элге жарыя кылганыңды кой!—деди да, Юнусбай асыранды баласынын арызын тытып салды.—Бар. Баратов менен мен өзүм сүйлөшөм. Андан көрө фермада жакшыраак иште. Сенин ишиңе эл наразы болуп жүрөт, ошондой сөздү угуу мага жакшы бекен?

— Анын баарын айтып, мени жамандап жүргөн ошо Баратов,—деп ызырынып, Тураб эшикти тарс жаап, кабинеттен чыгып кетти.

Конторада Нурали ага башын иер-ийбес амандашып, председателдин кабинетине кирип кетти.

Мусаев Нуралини күтүп отуруп, аны менен өзүнчө сүйлөшмөкчү болду... Кабинеттин эшиги бир аз ачык эле, кабинетте сүйлөнгөн сөздөр Мусаевга угулуп турду.

Улам убакыт өткөн сайын бизге кишилер жетишпейт. Ушу жөнүндө ойлодуңуз беле, раис?

— Жазында Вахшка тоодон көчүрүлгөн кишилер келет. Биз өзүбүзгө 10—15 үй-бүлө алабыз деп Юнусбай ашыга сүйлөп, ушуну менен сөз бүттү дегендей ышаарат кылды.

Парторгдун бирдеме жөнүндө эскерткенин Юнусбай жактырууучу эмес: ошондой учурларда Нурали ага акыл үйрөтүп жаткандай сыяктана турган, анын үстүнө Юнусбай аны менен жумушка жарагыдай кишилер жөнүндө эмес, Шодигүлдүн белеги жөнүндө сүйлөшмөкчү болгон эле.

— Тоодон көчүрүлгөн кишилер келер-келбеси али белгисиз,—деп председателдин кандай кыязда сүйлөгөнүнө көнүп калган Нурали жооп кайтарды. —Болгон күндө да биздин колхозго киши бербейт.

— Эмне үчүн?

— Көчүп келгендерди район үйлөрү бар, турмуш-шарты жакшы колхоздорго берет. Юнус-ака, өзүбүздүн жумушчу кишилерибизди жакшыраак пайдалануу жөнүндө ойлообуз керек. Биздин колхоздо жатып ичер жалкоолор көп.

Мусаев кулагын түрүп калды.

— Мисал үчүн ферманын башчысын алалы. Көп иштегени көрүнбөйт, бирок эмгек күндү жакшы алат. Таарынбаңыз, Юнус-ака Мусаевди фермадан бошотуу керек деп сизге көптөн айтайын деп жүрдүм эле. Өзүңүз председа-



телсиз, зайыбыңыздын иниси ферманын башчысы. Бу жакшы эмес... Устав боюнча мындай кылууга болбойт...

Мусаев эшикти аңырайта ачып, кабинетке кирип келди.

— Сиздин сөзүңүздү уктум,—деп ал Нуралиге кайрылды да: «Мен сени кармадым, эми эмне дээр экенсиң?» деген эмече тике карады. Бирок Нурали такыр ийменбей, камырабай жай жооп берди:

— Калыбы, сизге каалганын ары жагынан жаман угулгандыр, айткан сөзүмү дагы айтып берейин. Фермага сиз жаман жетекчилик кыласыз, ишиңиздин натыйжасы жок, анын үстүнө председателдин жакыныcсыз. Устав боюнча сиз фермага башчы боло албайсыз. Сизди иштен небак түшүрүш керек эле.

— Түзүк, түзүк.—Мусаевдин көзү кутурган эмениникиндей кызара түштү.—Адегенде сиз менин колуктумду тартып алдыңыз,—деп ал деми кыстыга сүйлөдү,—эми менин өзүмдү иштен алгыңыз келет! Анан эки колхозду кошуп туруп, өзүңүз председатель болгуңуз келет! Жакшы ойлоп тапкан эмес экенсиз, жолдош парторг.

Юнусбай ыраазы болбогон эмече Турабга карады. Ал бирдеме айтмак болду эле, Нурали озунуп:

— Кетиңиз бул жерден!—деп чаңырып жиберди.

— Минтүүгө сиздин акыңыз жок...

— Жогол!—деп опузалап, Нурали ордунан тура калды.

— Кет, Тураб!—деди Юнусбай, өзүнүн асыранды баласын жактабаганын Нуралиге көрсөткүсү келип.

Мусаев макул болуп, бирдеме деп кобурап, чыгып кетти.

Кабинетте жым-жырт боло түштү. Нурали муштумун түйүп, энтигип турду.

— Анын сөзүн көңүлүңүзгө албай эле коюңуз. Анын жазасын өзүм берем,—деди Юнусбай.

Ал бирпас ойлонуп калды. Белек жөнүндөгү сөздү кийинкиге калтырсамбы? Бирок ойлоно түшүп белек жөнүндө азыр сүйлөгөнүм ыңгайлуу гана эмес, абдан орундуу болор деп тапты. Акыр-аягы, обу жок өктүм жаш жигитке муздак сууну башына куюп, акылына келтирүү керек, акыл айтып, кийлигишпеген иши жок. Юнусбай да «акыл көчөсүнөн» аралап өткөнүн билсин.

— Баратов, мен достук иретинде сизден бир иш жөнүндө сураштырайын дедим эле,—деп, ал бир топ унчукпай тургандан кийин сөз баштады.—Бул экөөбүздүн ортобузда эле калсын.

— Эмне жөнүндө эле, Юнус-ака?—деп Нурали отурду.
— Турабдын Шодигүл жөнүндө айткан сөзүндө чындык барбы, айтыңызчы?
— Демек, анын колуктусун менин тартып алмакчы болгонум чынбы деп айткыңыз келеби?
— Жок, мен андай дегим келбейт. Шодигүл экөөнөрдүн ортоңордо деги бирдеме барбы? Эгерде каалабасаңыз, мага эчтеме айтпай эле коюңуз.
— Эмне үчүн мени менен бул сөздү баштадыңыз?
— Шодигүл сизге ашык болуп, жоолук бериптир деген ушак айтылып жүрөт.
Жаманатты болгон киши өзү жөнүндө айтылган ушакты эң акырында уккан учур көп болот эмеспи.
— Бу жөнүндө сиз менен сүйлөшүүнүн кажети жок деп эсептейм. Нуралинин эриндери титирей түштү.
— Ал сиздин ишиңиз, бирок мына бу... Хажиумар мени менен сүйлөштү... Ал мага Шодигүл эси жоктук кылып ошентиптир, анда эч кандай... жамандык ой деле жок дейт... Эми кыз өзү айнып, алган белегин кайта берсин деп сурады деди... Бул айтканым Хажиумардын сөзү...
Нурали эрдин кесе тиштеп, анан:
— Макул... Эгерде кыздын сураганы чын болсо, кайра берейин, — деди.

### *Жыйырма биринчи глава*

Нурали менен Шодигүлгө катар урулган сокку ушундай болду. Бирок Нурали Шодигүлдөн улуу, чечкиндүүрөөк эле. Адегенде ал жоолукту кайра берсин деп Шодигүл өзү сураганына ишенди. Бирок ал адегенде гана ошентип ойлоду. «Эгерде жоолукту кайра берсин деп Шодигүл өзү каалаcа да, ал суроосун мага башка жол менен билдирүүсү керек эле.» Ошондуктан Нурали Шодигүл жоолукту кайра бергин деп өзүмө айтканда гана, берейин деп чечти. Ырас, кандай гана болбосун Нурали аны менен көрүшүү керек. Бу жагынан Вера ага жардам бериши мүмкүн.
Нурали медпунктка келгенде караңгы түшүп калган эле.
Вера менен Просветов аны демейдегисинче кубанып тосушту, бирок алардын ирeңинде кандайдыр дүмөк бар сыяктанды.



Каададагыча эрди-катындардын эсен-соолугу жөнүндө кыскача сураштырып, Нурали бир аз ийменип сөз баштады:
— Албетте, Баратов мынча эмне кеч келди деп таң калгандырсыздар?
Нурали Вера жана анын күйөөсү менен жакында эле таанышса да, эмнегедир аларга ишенүүгө боло тургандыгына адегенде эле шектенген жок.
Жакын досторуна сүйлөгөн сыяктуу, Просветовдорго Нурали Шодигүл менен болгон мамилесинин тарыхын сүйлөп берди, анан Шодигүл менен жалгыз көрүшө албагандыгын айтты.
— Кандай болбогон иш!—деп Просветов ачууланды. Ушу болбогон үрп-адат, салт менен чын эле сиз эсептешесизби? Бул деги...—деп Просветов сөзүн бүтүрбөй колун шилтеп койду.
— Мындай үрп-адаттар мени сизден кем кыжырлантпайт, — деди Нурали, — бирок, сен кол шилтеген сыяктуу, кол шилтөөгө болбойт. Жалпы иш жапа чегиши мүмкүн. Юнусбай менен Хажиумар сыяктуу кишилер менен эсептешүүгө туура келет.
— Албетте, Васянын айтканы туура эмес, бирок, менимче, сиз өтө уяңдык кыласыз, —деп Вера бир аз ойлоно калды да, кайра дагы:—эгерде кааласаңыз, Шодигүл менен сүйлөшөйүн?—деди.
Нурали алкыш айтып, Веранын колун кысты.
Эртесинде, Шарофатхола сыяктуу, эски салтты таштаган аял менен кандайча сүйлөшүү керек экенин күйөөсү менен акылдашкандан кийин. Вера Хажиумардын үйүнө барды. Шарофатхола менен Шодигүл экөө тең үйүндө эле. Шодигүл Веранын эмне үчүн келгенин түшүнгөнсүп, анын келгенине кубанды.
— Отуруңуз, жакшы келипсиз!—деп Шодигүл кубана-кубана көрпөчө салды.
— Рахмат! «Рохи Навга» шашып бараттым эле, сени көрө кетейинчи деп кирдим... Сага эмне болгон? Эмне үчүн окуганы келбейсиң? Ооруп жүрөсүңбү?.. Саламатсызбы!—деп Вера бөлмөгө кирген Шарофатхола менен амандашты.
Шодигүлдүн энеси Веранын амандашканына көңүл кош жооп кайтарды.
— Шодигүл барбайт! Шодигүлдүн жумушу бар! — деп чала билген тили менен Шарофатхола орусча сүй-

лөдү, экөөнүн сөзүн ал эшиктен угуп тургандай сыяктанды.

Просветовдордукунда болгон кечеден кийин Шодигүлдүн Вера менен достошконун ал жактырбай, кызын ага араң жиберип жүргөн эле.

— Минтип айтпаңыз,—деп сылык, бирок тартынбай жооп кайтарды Вера.—Сиздин кызыңыз абдан зээндүү, окушу керек... Орустун тилин жакшы билүүгө тийиш. Райондон биздин мектепке инспектор келет. Шодигүл ага жакшы окуганын көрсөтүү керек... Ошентип кечинде биздикине келесиңби?—деп Вера окуучусу менен коштошуп жатып, каяша болбогондой кыяз менен сүйлөдү.

Каалганын жанына келгенде Вера Шодигүлдүн колун дагы кысып, кулагына шыбырады:

— Келбей койбо, сага айта турган сөзүм бар.

Кеч киргенче Шодигүлдүн эки көзү төрт болду.

Шодигүлдүн шашыла кийинип жатканын көрүп, энеси сурданып:

— Сен колуктусуң, эч кайда чыкпайсың,—деди.

— Мен кичине бала эмесмин, бөрү жебейт!—деп энесине ачуулана жооп берип, бөлмөдөн жүгүрүп чыгып кетти.

— Мени менен ушинтип сүйлөшкөнүңү атаң айтам!—деп Шарофатхола кызынын артынан кыйкырып калды.

Шодигүл дөңдөн көрүнгөндө Вера медпункттын жанында санитарка менен сүйлөшүп турган эле. Вера анын алдынан чыгып, бөлмөсүнө ээрчитип кирди.

— Кош, сүйлөчү,—деди Вера Шодигүлдү тактага жанаша отургузуп, кучактап.

Шодигүл башын жерге салып, ийниндеги чоң жоолуктун чачысын кармалай баштады.

— Эмне жөнүндө?

— Эмне, сүйлөй турган сөзүң жокпу?

— Калыбы, бардыгы жөнүндө билесиң го?

— Сени Турабга чыкканы жатат дейби?

Шодигүл жооп кайтарбай, башын төмөн салды.

— Демек, ага чыгууга макулсуң го?

Шодигүл башын дагы төмөнүрөк ийди.

— Шодигүл, сени мага келип-кетчи деген себебим: Баратовдун суроо боюнча сени менен анча-мында сүйлөшөйүн дедим эле...



Шодигүл селт этип, башын көтөрө койду.

— Эгерде сен Мусаевге тийүүгө макул болсоң, анда... Биздин сүйлөшө турган эч сөзүбүз жок. Сени бекер эле убара кылган экемин.

— Жо-жок. Сен аны көрдүңбү? Ал эмне деди?

— Жоолукту өзүмө кайра берсин дегени чын бекен, ошону билип бергин деди.

Шодигүл кызарып кетти.

— Бекер кылган экемин деп айныганы ырас бекен, ошону сенден сурагын деди.

— Жо-жок!—деп Шодигүл элире сүйлөдү.—Антип ким айтыптыр?

— Юнусбай.

— Жо-жок, калп сөз.

— Чынбы, калппы—сен Мусаевге чыгууга макул болгондон кийин анын эч кандай баркы жок.

Шодигүл дагы жер тиктеп калды.

— Ал эмне үчүн менин белегиме мактанып, элдин баарына жайып жүрөт?—деп үнү калчылдап, Шодигүл зорго сурады.

— Баратов ошондой жаман ишке барат деп чын эле ишенип жүрөсүңбү?

Вера бул окуянын кандай болгонун Шодигүлгө бүт айтып берди.

Шодигүл башын жерден көтөрбөй, жоолугунун чачысын бирде өрүп, бирде жаза берди. Анан Верага жалт карады, көзүнүн жашы кылгыра түштү.

— Мен Мусаевге чыккым келбейт... Бирок кандай кыларымы билбейм, — деп Шодигүл акырын ыйлап сүйлөй баштады.—Эгерде жок десем, чоң жаңжал болот... Атам менен энем бизди маскара кыласың, биз бул жерден кетебиз дешет. Энем менен атамды абдан жакшы көрөм...

Вера ага жакыныраак отуруп, колун сылай баштады.

— Садагасы, сен эмне үчүн мурун мага эчтеке айтканың жок? Макул десең, ата-энең менен мен сүйлөшүп көрөйүн.

— Жо-жок. Антпегин.

— Эмне үчүн?

— Атам менен энем: «Сен биздин үстүбүздөн даттанып барыпсың! Биздин үй-бүлөнү маскара кылдың» дешет.

— Андай болсо, кыштак Совети аркылуу киришүү керек.

— Койй! Кыштак Совети алыс, ата-энем менен бир үйдө турам.
— Сен жанжалдан коркуп, зордукка кыңк этпей баш ийип жатасың. Шодигүл, ойлонуп көр! Эгерде артта калган башка бир кыз ушинтсе, жөнү башка эле... Сен комсомолкасың! Сен күрөшүүгө тийишсиң.
— Ата-энеме каршы күрөшөйүнбү? Ошентүүгө болобу? Алар эмне, менин душманым беле? Алар мени тууп-өстүргөн, ардактуу кишилер.
— Тууп-өстүргөн имиш! Алар сени жат кишилерден жаман кылып жатпайбы. Сен алардын өзүнө каршы күрөшпө. Алар үчүн күрөш.
Шодигүл түшүнбөгөн кишиче Верага карады.
— Ооба, ооба, ошолор үчүн күрөш!—деди Вера сөзүн кайталап. — Алардын кемчилигине каршы күрөш; аларга эски калдыктардан, жаңылыштардан кутулуу үчүн жардам бер. Ошентсен өзүң үчүн да күрөшкөн болосуң... Ата-энең менен өзүң сүйлөштүңбү?
— Сүйлөштүм. Энем түшүнбөйт, а атам... Мындай иш жөнүндө кыз атасы менен сүйлөшүү кыйын.
— «Мындай иш» дегениң эмне жөнүндө?
— Күйөөгө тийүү, сүйүү жөнүндө... Сүйлөшүүгө болбойт...
— Ошондой де! Кулак салчы, Шодигүл,—деди Вера бир аз унчукпай туруп.—Биз үй-бүлөдөгү эски калдыктарга, аялдарды кемсинткен, аялдардын баркын, укугун тепсеген, эски салттарга каршы күрөшүү керек деп чогулуштарда көп сүйлөйбүз. Андай сөздөрдү сен көп уктуң, кол чаап, куттуктаган да чыгарсың. Туурабы? Бирок сен эски салттар башкаларда болот, а сенде, силердин үй-бүлөңөрдө болбойт деп ойлогонсуң го. Көрсө, андай салт силерде да бар. Атүгүл, андай салт сенин өзүңдө да бар экен. Сенден сурап жатам: эмне үчүн макул болдуң? Эмне үчүн күрөшпөйсүң? Же сен башкаларга өрнөк көрсөтө аласыңбы, өзүңдө күч болбогондон кийин башкаларга жардам бересинби? Айтчы, андай иш колунан келеби? Жок. Кааласаң мен сага достук иретинде акыл айтайын... Орундатасыңбы? Эгер кааласаң, менин айткан акылымы орундатуу кыйын эмес.
— Колуман келсе, орундатайын.
— Колуңан келет!—деп Вера ишенгендей айтты.— Сөз сен тууралу эмес, кыйын абалга түшкөн башка бир кыз



жөнүндө болуп жатат деп эсепте, ошол кыздын ата-энеси менен сүйлөшкүн деп комсомолдун райондук комитети сени жиберди дегин. Эчтекеден коркпой, жашырып-жаппай, каада, салтты таштап коюп, атаң менен ушинтип сүйлөш. Алардын намысына тийип, аларды кордоо, кемсинтүү же опузалоонун сага кереги жок! Сен аларга түшүндүр, уялткын. Эзилген, запкы жеген кыз эмес, акыл-эстүү, күчтүү кыз экенини алардын көзүнө көрсөт. Менин айтканыма түшүндүңбү?
— Түшүндүм,—деди акырын Шодигүл.
— Орундатасыңбы?
Шодигүл унчуккан жок. Вера кайра сурады:
— Орундатасыңбы?
— Орундатам — деп Шодигүл кесе жооп берди.

Ошо күнү эле кечинде ата-энеси менен сүйлөшүүгө бел сенип, Шодигүл үйүнө келди.
Шодигүлдү энеси кубана тосуп чыкты:
— Кел тезирек, кызым, муну карачы, сага көйнөктүк кездеме алып келди,чыптама тиккени баркыт жиберишиптир! Карачы!
Килемдин үстүндө гүлү кооз, чымкый көк креп-дешин, ушул жерде токулган гүлдүү жибек, дагы бир чыптамалык көк баркыт жаткан эле.
— Булардын мага кереги жок,—деп Шодигүл бурулуп кетти.
— Садагасы кызым, минтип айтпа. Деги карап көрчү, кандай кооз! Тиктирип кийгениңден кийин курбуларыңдын баары суктанышат. Назокат жеңене айтайын, камзолдун четин алтын менен саймалап берсин. Сен ашкан ырыстуу колукту болосуң, күнүм...
Шарофатхола жөн эле ырдаган эмедей сүйлөштү, кубанганынан жүрөгү алып учту, анткени кызын күйөөгө берет эмеспи!
Атасы келди. Шарофатхола кечки тамакты белендей баштады. Хажиумардын көңүлү жайында эле; эркелеп тизесинде отурган, чулдурап сүйлөгөн Нихолдон: «сен жеңи сүйөсүңбү?» деп сурады.—«Сүйөм»—деп жооп кайтарып, Нихол жеңесин сүйгөнүн көрсөткөнү Шодигүлгө жүгүрүп барды. «Сенин жеңең жакшы, ыраспы?» деп атасы дагы

сурады. Улуу кызын эркелетип, жакшы көргөнүн Хажиумар анда-санда гана байката турган, бирок өзү көрсөтпөй, Нихол аркылуу көрсөтүүчү.

Кечинде бардык үй-бүлөсү менен дасторконду айлана отуруп, тамак ичип, көңүлү жайланып турганда атасы башынан өткөргөн кызык окуяларды, же күлкүлүү эл жомокторун айтып, балдарын эркелетип тамаша кылчу эле, ошондой кечелерди Шодигүл жаш чагынан жакшы көрө турган. Бирок бу жолу үй-бүлөсүнүн таалайлуу болгонсуган сүрөтү Шодигүлдүн кыжырын келтирди. Шодигүл алардын арасында бул үйгө зордук менен келген колукту сыяктуу отурду. Ата-энесине өзүнүн айныбас пикирин айтуу женил болсун үчүн, Шодигүл ийменбей, жайбаракат отурууга тырышты. Бирок Шодигүл ошо күнү кечинде батына албай ата-энеси менен сүйлөшө алган жок.

Жатарда Шодигүл коркоктук кылганы үчүн өзүн өзү тилдеп, эртең сөзсүз айтам деп өзүнө убада берди. Бирок, таң атып, эртең мененки тамакты ичкенден кийин да, Шодигүл сөздү эмнеден баштайын деп ойлонгондун үстүнө ойлоно берди. Бул арада атасы ишине кетип, энеси үй тиричилиги менен алек боло баштады. Тойдо кийиле турган кийимдерди бычып тигүүдө Шарофатхолага жардам бере турган аялдар келди. Шодигүл ыза болгонунан эрдин кесе тиштеп, өзүнүн уяңдыгын каргады. Кайда барып батарын билбей, ал кабагын салып, үйдө аркы-терки басып жүрдү. Ошентип бир саат убакыт өттү. Короодон шаңкылдаган шайыр үндөр, күлкү угулду. Шодигүлдүн курбулары—сөзмөр, ойноктогон Каромат менен уялчак Зулайхо бөлмөгө кирип келишти. Каромат ошо замат эле Шодигүлдү кучактай калды:

— Жумуртка басып аткан тооктон бетер дайыма эле үйдө отурасыңбы? Минткениң эрте, садагасы! Кыш чыга элек. Тур, барып көкбөрү тарткан кишилерди көрөлү.

— Кайдагыны ойлоп тапкансың, кайдагы көкбөрү? — деп Шарофатхола сөзгө кийлигише кетти. — Шодигүлгө барууга болбойт, ал...

— Барууга болот жеңе,—деп Каромат анын сөзүн бөлүп кетти.— Колукту кыз курбулары менен эч кайда барбасын, көңүл ачпасын деп кайда айтылган экен? Дал тескерисинче! Жүр, Шодигүл!



Колхоздун уюштурулганына 15 жыл толгонуна арнап, «Рохи Нав» колхозу көкбөрү берген эле. Бул мелдешти өткөрүү үчүн баягы канал алпармакчы болгон Жуйборунун нары жагындагы бош жерди тандашкан болучу.

Курбулары менен Шодигүл мелдеш болчу жерге келгенде, тамаша баштала элек эле. Ээн талаанын ортосунан бир топ атчан киши көрүндү. Ал жерде, көргөнү келгендер —эркектер, аялдар, балдар турушат. Көргөнү келген эркектердин кай бирөөлөрү да аттуу экен. Тамаша качан башталат деп күтүп турган кишилер сүйлөшүп, тамашалашып, күлүп жатышыптыр. Миң-сандаган добуштардын арасынан Шодигүл бир эркектин тааныш үнүн уга койду. Экөө акыркы жолу көрүшкөндө кийип келген чепкенин кийип, Нурали атчан, Шодигүлдөрдүн нары жагында турган эле. Нуралинин жанында Каримов деген агроном да атчан жүрөт. Алар эмне жөнүндөдүр демеленип сүйлөшүп жатты. Шодигүл: «Ага көңүлдүү. Мен тууралу ойлоп да койбойт» деп ичи күйдү. Анан, Нурали менен Каримов сөз талаша кетишти. Алардын айрым сөздөрү гана Шодигүлдүн кулагына угулду.

— Мунун эмнеси жаман? Бул эски улут оюну, — деп Нурали жолдошун ишендирүүгө тырышкандай сүйлөдү.

— Сенин ордунда болсом, мен минттирбес элем. Парторг экениңи унутпа, — деп Каримов жооп кайтарды.

Аңгыча болбой, Нурали менен Шодигүлдүн көзү бирбирине урунуп калды. Нуралинин өңү жаркырай түштү. Вера ага баарын айтканын Шодигүл түшүнө койду.

Мелдешке катышкандардын баары шашкалактап калышты. Нурали менен Каримов да бир жакка бастырып кетишти, Шодигүл аларды көрбөй калды.

Ээн талаанын ортосундагы узун дөңдүн ар жагынан бир киши көрүндү. Ал ийнине салып, бир кара нерсени көтөрүп келаткан эле. Талаанын орто ченине келгенде, ал көтөрүп келатканын жерге таштады да, анысы башы кесилген эчки экенин баары көрө коюшту.

Талаада атын ойноктотуп жүргөн жигиттердин бири топтон бөлүнүп чыкты да, чапкылаган бойдон эчки жаткан жерге барды. Жанына жеткенде ал жигит, коён алган бүркүт сыңары, жерден эчкини эңип алды. Чаап барып, эчкини шап эңип алганына караганда, карап тургандарды таң калтыргысы келгени байкалып турду. Чын эле турган-

дардын көбү ага: «Офарин!»[1] деп кыйкырды. Эчкини өңөрүп алып, талааны айландыра чапкылап, талаанын ортосуна кайра келди да, мурда белгиленген жерге таштап, өзү четке чыга берди. Ошентип, ал тамашаны баштады.

Атчан жигиттер эчки жаткан жерди көздөй туш-тараптан жабалактап чабышты. Алды-артын карабай, көкбөрү тартуу башталды.

Нечен жүз аттардын буттарынын арасынан эчкини зорго көрүүгө болот. Эчкинин жанына чукул келген аттар тыбырчылап, үстүндөгү жигиттерге бой бербейт. Эңкейип жатып, эчкини бирөө эңип алса, башка бирөө келип шап жабышат да, эчки кайра жерге түшүп кетет.

Бир далай кармашкандан кийин көбү четке чыга беришти. Эми 30—40 ашык көкбөрүчү кишилер калды.

Эчки жерге түшкөндө көкбөрүчүлөрдүн кыйкырганы, аттарын чүчүлөп теминген табышы угулат. Аңгыча болбой, карап тургандар кыйкырып чурулдай башташты. Эчкинин тегерегинде көпкө чейин топтошуп жаткан көкбөрүчүлөр бир тарапты көздөй андаалап, чубалып чапкылап калышты.

Кимдир-бирөө эчкини жулуп алып качкандай болду. Ошол таалайлуу киши ким болду экен? Адегенде ал кишини таануу кыйын болду. Атынын жалын көздөй эңкейип, топту жарып бир жигит бөлүнүп чыкты.

— Ой,ой, жыга койдуруп кетишпегей эле! Баары ошого жабылды!—деген сөз Шодигүлдүн оозунан чыгып кетти.

Кароматт Шодигүлгө бирдеме билген эмече карады.

— Коркпой эле кой, ал мындай топтун далайын көргөн.

— Ким болду экен?

— Мына кызык! Күйөөңдү таанып байсыңбы? Ал Тураб эмеспи,—деп Зулайхо күлүп жооп кайтарды.

Жанында турган кыздар да күлүп калды.

Ушул арада Мусаев менен анын жанындагылар тике эле кишилерди көздөй аттын оозун коё берди. Эл жапырылып, туш-тушка кача баштады, алар бекер эле корккон экен. Мусаев карап тургандарга жетпей, атынын башын солго бурду. Чууруган эл самсаалап анын артынан түштү.

[1] Баракелде!



Мусаев дале эчкини көтөрө албай, жер менен сүйрөп баратты: туш-тушунан койгулаган аттардын бутунун астынан эчкини көтөрүп алуу ага өтө кыйын болду. Эчкини Мусаевден анда-санда жулуп алган кишилер да болду, бирок анткен киши да эчкини өйдө көтөрүп ала алган жок, чапкылап келаткан көкбөрүчүлөрдүн улам бири жулуп алам деп, эчкини улам жерге түшүрүп жиберип жатты.

Карап турган кишилердин дал жанына кайра келип, көкбөрүчүлөр эчкинин үстүнө дагы үймөлөктөп калышты. Тартыш бир нече минутага созулду. Анан карап тургандар, аттардын бутунун арасынан кара чачтуу бирөөнүн башын көрдү. Ал башын жоолук менен байлап алган экен. Жигит камчысын тиштеп, кара аттан жерге жете салаңдап, эчкини эңип алмак болду. Карап тургандардын арасынан:

— Нурали!..Нурали!..—деп чуулдаган добуш чыкты.

— Анын колу эчкиге бир нече жолу тийди, бирок Шабранганы жөөлөткөн бир нече ат аны улам нары түрттү да, жигиттин колу салаңдап кала берди. Бир колу менен тизгинин жыя тартып, Нурали атын зорго токтотуп, тырмышып жатып эчкини алдыңкы буттан эңип алды. Эңери менен ал атын теминди эле, Шабранга топту жарып, жөөлөп чыга баштады.

Нурали ээрге мыктап отуруп, эчкини көтөрдү да, кыйкырып, атынын оозун коё берди. Топтошкон элдин арасынан чурулдаган добуш чыкты:

— Көп жаша!

— Баракелди, кайран туйгун!

— Бек карма, Нурали, коё бербе!

Эчкини ээрине бекем басып алып, Нурали талааны айландыра чаап жөнөдү. Анын өңү кызарып, көзү балбылдап, камчысын тиштеген күрүчтөй аппак тиштери кара мурутунун арасынан көрүнүп турду.

«Душманга кол салганда да, ушундай болгондур»,—деп ойлоду Шодигүл, Нуралиден көзүн албай. Нурали чекесин байлаган жоолук, баягы жашыл жибек жоолук экенин Шодигүл эми ачык көрө алат эле. Шодигүл ошол жоолук баягыда өзү белек кылып берген жоолук болгой эле деп тиледи. Шодигүл ошо замат Мусаевди да көрө койду. Мусаев башкалардын баарынан озуп, Нуралиге куйрук улаш келатты. Өзү үчүн Мусаев жек көрүмчү,

Нурали эң ардактуу экеиии Шодигүл эми ачык түшүндү. Тураб менен тагдырлаш болуп, кошулууга аз жерден калганын ойлогондо Шодигүлдүн төбө чачы тик турду. Нурали жеңсе экен деп, Шодигүл жан-дили менен тиледи. Шодигүл Шабрангага канат боло калып, аны дагы ылдамыраак жүгүрткүсү келди. Анын тилегин орундаткансып, Шабранга дагы катуу зымырады, ар минута сайын улам алыстап калып жаткан Мусаев, дагы башка көкбөрүчүлөр Нуралиге караандабай калды. Чекке жеткенде Нурали эчкини жерге таштап, атынан түштү да, аны куттуктап топтошкон кишилердин арасына кирип кетти. Көкбөрү улам кызып, катышкан кишилер улам көбөйсө да, ошол минутадан тартып Шодигүл тамашаны көргүсү келген жок.

Көкбөрү тарткан жерден кетип бараткан Вераны жана анын күйөөсүн көрүп, Шодигүл курбуларына үйгө кетүүм керек деди да, Просветовдорго жете барды.

Ал сырын жашырбай айта турган бирден-бир аял жалгыз гана Вера эле.

— Кандайдыр бир таанышы менен сүйлөшүп, Просветов буйдалып калды. Шодигүл менен Вера алга кете бериште.

— Кош, кандай?—деп, экөө жалгыз калганда, Вера шашылып сурады.

— Вера, мен аны көргүм келет,—деди Шодигүл, тартынбай.

— Эмне экен, көрүшө бер,—деп Вера сүйүнүп кетти, бирок ошону менен катар Шодигүлдүн тартынбай айткан ушул сөздөрүнө бир аз таң калды.

— Бирок кантип, кай жерде? Сен ага айтсаң...

— Эмне деп айтайын?

— «Шодигүл сени көргүсү келет» дегин... Жок, антип айтпа...—Бизге келсин деп айткын... Жок, антип айтууга да болбойт...

Вера каткырып калды.

— Мен ага: «Шодигүл сизди көргүсү келет», анан «жок, сени көргүсү келбейт» дейин; анан дагы «сиз алардын үйүнө барыңыз», анан дагы: «жок, кереги жок экен»,—деп айтайын.

— Кандай десең, андай де, бирок мага аны көрсөтсөң эле болгону.

— Андай болсо эртең экөөбүз «Навободго» баралы, Баратов комсомол чогулушунда доклад кылат.





«Навободдун» чоң көчөсүнөн балдардын:

> Бай чечекей биз тердик,
> Үйгө алып биз кирдик.
> Амансыңбы байчечекей!—

деген үндөрү угулду.

Кичине көчөдөн бурулуп, Вера менен Шодигүл майда балдар, кыздар тегеректеп алган Нурали менен Сайфиддиновду көрө коюшту. Балдар колдоруна ак гүл кармап турушкан экен.

— Оо, байчечекей экен!—деп Вера колуна кичинекей гүл кармап, ойноктоп турган жаш кызга жүгүрүп барды.— Кайдан алдың?

— Муну мен Жуйборунун ар жагынан терип келдим,—деди Нурали. — Жаз келатат, жаз болуп калды! Ыраспы Шодигүл?

Нуралинин үнүнүн назиктиги, дилгирлиги Шодигүлдү таң калтырды, жаздын жышаанасы болгон гүл жөнүндөгү жаш кезинен билген ырды балдар менен кошо ырдагысы келди.

— Кала берсе, биздин катуу баш счетовод да, чыдап тура алган жок,—деп Нурали күлүп калды. — Анын булбулдай сайраганын уккандырсыңар? Кыскасын айтканда, жаз келди достор.

— Нурали-ака!—деп кыйкырган Рахимдин үнү бурчтан угулду.— Сиз кайдасыз? Баары чогулуп, күтүп отурушат!

— Баса, ырас эле кечигип калган турбаймбы,—деп, Нурали шашкалактап, саатын карады. — Кечиресиздер. Силерди чогулуштан көрөрмүн? деп ал Верага айтса да, Шодигүлгө карады.

— Шодигүл, жүргүн,—деди Вера, Нурали менен Рахим кеткенден кийин.

— Жок, болбойт!

— Уятко. Андан көрө мен сени күтө турайын...

— Өзүң бил. Барбасаң, мени Зубайданыкында күтүп отургун.

Зубайданыкында Шодигүл бир сааттан ашык отурду. Вера келгенде, карангы болуп калган эле.

— Каяка барабыз?— деп сурады Шодигүл көчөгө чыкканда.

— Үйгө, — деп Вера жооп берди.

— А тигичи? Мен аны...— Шодигүл сөзүн бүтүрбөй, токтоп калды.
— Билбейм,— деп Вера күлүп койду.— Чогулушка өзүң барбай койбодуңбу? Өзүңөн көргүн. Жүр ылдамыраак, кеч болуп калды.
Шодигүлгө унчукпай, анын артынан басып отуруудан башка эттеке калган жок.
Кыштактан чыга бериштеги бурулуш жолдон Нурали алдынан чыкты.
— Баратов го? — деп Вера таң калды. — Бизден кантип озуп кеттиңиз?
— Эски чалгынчынын амалы да,— деп Нурали тамаша кылды.
Анын амалы огороддорду аралап, алардын алдынан чыккандыгында эле.
— Шодигүл,—деп, Вера калп эле көңүл коштой сүйлөдү,— бизди жеткирип кой деп Баратовду сурадым эле, түн болуп калбадыбы. Сен каршы болбойсуңбу?
— Каршы эмесмин, узатып койсун,— деди Шодигүл акырын.
Шодигүлдүн өңү жайнай түшкөнү караңгыда көрүнгөн жок.
Үчөө бирге басып отурду.
Чайттай ачык асманда ай акырын сызып баратты. Сыдырым жел согуп турду. Кыштактан бүлбүлдөгөн от көрүнүп, иттердин абалап үргөнү угулат.
Жээгинде саксайган төрт тал өскөн Жуйборудагы көпүрөдөн өтө бериш жерге келгенде, алар артынан тездеп баскан табыш угушту.
— Салоомалейкум!.. Кечиресиздер,— деп Мусаев энтиге сүйлөдү. Аларды алыстан кууп жеткени байкалып турду.— Мен «Ситораи Сурхка» конокко баратам. Силер менен жолум бирге окшойтко?
Ага эч ким жооп кайтарган жок. Ал Нуралиге олурая бир карап алды. Эч ким сүйлөбөй, жым-жырт болуп турганда, Вера сөз баштады:
— Сиз, калыбы шашып бараткансыз го? А биздин ашыга турган жөнүбүз жок.
— Мен да шашкан жерим жок,—деди да, Мусаев оң жакка чыгып, Шодигүл менен жанаша басты.
— Кап, сиз менен кыштакта көрүшкөн эмес экенбиз, —деп Вера ага кайрылды.—Эгерде сиздин «Ситораи



Сурхка» бара турганыңызды билсем, бизди узатып кой деп Баратовдон сурабайт элем. Бул кишини бекер эле убара кылган экемин.
— Эттеке эмес, эки эскорт ишеничтүүрөк болот,— деп, Нурали шылдыңдап сүйлөдү.
— Экскорт?— деп сурады Мусаев.— Ал эмне деген сөз? Түшүнгөн жокмун.
— Экскорт эмес, эскорт. Ал аскердик кароол деген сөз,— деп түшүндүрдү Вера.
— Кароолчу ким? Баратовбу? Мындан коргонуш керек. Ха-ха!— деп, таап айттым го деген эмече, Мусаев күлүп калды. Бирок жанындагылар унчуккан жок, анын тамашакөйлүк жөндөмү жөнүндө беркилердин шеги бардай көрүндү.
Таги Чинорго бурулган жерге жеткенде, алар токтоп калышты.
— Ушерде Шодигүл жана Нурали менен коштошуп, Вера үйгө кетем го деп ойлоду эле. Бирок азыр ал-абал өзгөрүп кетти: Мусаев келип жабышты. Аларды Мусаевден бөлүп кетиш үчүн Шодигүлгө Вера үйүнө Таги Чинор аркылуу баргын деди. Антип айланып баруу алыс эле; бирок үйүнө чейин жеткирип коюшса, Нурали менен Шодигүлгө Вера ракмат айтат. Вера мына ушундай кылсам, Мусаев калып калатко деп күткөн эле.
Шодигүл менен Нурали биз да ошондой деп ойлодук эле деди.
Вера Мусаевге кайрылып:
— Сиз «Ситораи Сурхка» барат турбайсызбы? Кошуңуз,—Вера Мусаевге колун сунду.
— Жок, эмне үчүн антесиз? Мен да силерди узатып барам,—деди Мусаев.— Биерге чейин бирге келдик эле, эми эмне үчүн коштошобуз? Ха-ха, мунуңуз жакшы эмес!
Мусаев такыр эттеме болбогон эмече, алар менен кошо басып отурду.
Таги Чинорго жеткенде, Шодигүл Верага: мен сиздикине барам, бир аз отургум келет, анан Просветовду үйүмө жеткирип кой дейм да, деди.
— Таги Чинорго келгенге жараша мен Каримовду көрө кетейин,—деп Нурали аялдар менен бирге басмакчы болду эле, Мусаев аны токтото койду.
— Баратов, бир аз токтой туруңуз, сизде бир жумушум бар эле.

Жолдун четине чыгып, аялдар узаганча күтүп туруп, Мусаев табалаган эмече:

— Хош, оңунан чыкпадыбы?—деди.

— Эмне оңунан чыккан жок?

— Сен Шодигүлдү жеткирмекчи эмес белең? Мени эмне түшүнбөйт дейсиңби?

Экөө бетме-бет тура калышты. Мусаевдин бетине айдын жарыгы түшүп, анын ызырынып, көзүн жүлжүйтүп турганын ачык көрсөттү. Анын кыязы, Нуралиге «сен» деп сүйлөгөнү ниетинин жаман экендигин аныктады.

— Менде эмне жумушуңуз бар?

— Бери карачы, Нурали, мен сага акыркы жолу айтайын: Шодигүлгө жолобо. Эгерде жолой турган болсоң, өз убалың өзүңө. Сенин бул кылык-жоругуна мындан ары чыдай албайм. Түшүндүңбү? Сенин парторг экениңе, же Боровиковдун кишиси экендигиңе карабайм. Колхозду былгытып, элдин баарынын башын айландырганың жетишет...

— Болду!— деп, Нурали анын сөзүн бөлүп кетти.— Мен сиз менен сүйлөшкүм келбейт.

— Сүйлөшкүң келеби, келбейби, аны менен менин ишим жок, эскертип коёюн,— деп Мусаев эңкейип сол бутундагы өтүгүнүн кончун бүктөдү эле, чоң канжардын сабы жарк эте түштү.—Көрдүңбү? Муну мен чымчык союу үчүн алып жүргөн жерим жок.

Анын мунусу чегинен ашкан иш эле. Нурали:

— Боз баш!— деп кесе айтты.

Мусаев эңкее калып, Нуралини көздөй бир кадам шилтеди.

— Ал боз башың ким экен? Менби?—деп, Мусаев коркуткан эмедей сурады.

— Бул сен эмне обу жок чоёктойсуң?! — деп чаңырып, Мусаев оң колу менен Нуралини жакадан алды.

Нурали аны көкүрөккө катуу түрттү. Мусаев жыгылып кала жаздады.

Ачуусу келип айыгышкан Мусаев өтүгүнүн кончунан канжарды сууруп чыкмакчы болду эле, Нурали анын сунган колун шап кармай калды. Жолдун боюна өскөн кургак чөптө бир аз кармашуу болду. Нурали канжарды жулуп алды. Мусаев жоошуй түшүп, ордунан туруп, жерге түшкөн топусун алып кийди.

— Эх, сиз!.. Сиз үчүн мен уялып жатам. Мунуңузду



алыңыз да, үйүңүзгө барыңыз!— деп Нурали канжарды жерге таштап, басып кетти. Таги Чинорго барууучу жол менен өргө чыга бергенде, Нурали өзүн көздөй келаткан Вера менен Шодигүлдү көрдү.

— Акыры келди!— деп Вера кубанып кетти.— Баятадан бери кайда жүрдүңүз? Шодигүл экөөбүздүн тынчыбыз кете баштады эле.

— Мусаев менен... анча-мынча сүйлөшүп калдык,— деп Нурали күлүмсүрөп койду.

— Мен сизди үйүмө чакырбайм. Шодигүлдү узатып коюңуз. Просветов үйдө жок, а Шодигүл болсо шашып жатат... Кошуңуз! Капа болбо,— деп Вера Шодигүлгө шыбырады, — эненe биз Зубайданыкында отуруп калдык деп кой.

Шодигүл жүгүрчүдөй шыпылдап, тез басты. Жалгыз аяк жол менен экөө төмөн түшүп, эки кыштактын ортосундагы кара жолго чыкканда, Шодигүл:

— Мындан ары узатпай эле коюңуз, өзүм эле кетейин,—деди.

— Сиз мени эмне үчүн кубалайсыз? Же экөөбүздүн бири-бирибизге айта турган сөзүбүз жокпу? Баягыдан бери бир кылым өткөндөй болду...

Шодигүл бир аз акырындап, Нурали аны менен жанаша басты.

Айдын күмүштөй жаркыраган нуру талааны бөлөп турду; алыстан «Ситораи Сурхтун» бүлбүлдөгөн оттору көрүндү; жолдун бир жеринен арабанын калдыраган дабышы угулду; алыстан бирөөнүн созолонуп ырдаган үнү чыкты. Алды жактан атчан кишинин сөлөкөтү көрүндү.

— Бизди көрбөсүн, жолдон чыга берели,— деп шыбырады Шодигүл.

Шодигүл жолдон чыгып, жакын жерде карарып турган кара жыгачты көздөй басты. Нурали анын артынан ээрчиди.

Атчан киши өтүп кетти, берки экөө унчукпай тура беришти. Кара жыгачтын узун көлөкөсү арыкты бойлой түшүп турду. Шодигүл айдын нуруна тийген нуруна карады.

Анан Нурали Шодигүлдүн колун кармап, коё берген жок. Нурали: сиздин алдыңызда айыптуумун, кечирип коёсуз деп сөз баштады. Шодигүлгө анын айткандарынын анчалык баркы жоктой көрүндү. Түнү бою кирпик какпай, төшөктө айласы кетип жаткан күндөр небак өтүп

кеткендей, а балким, такыр болбогондой сыяктанды. Экөөнүн бетме-бет кол кармашып турганы, айдын тан каларлык нуру түшүп, жанаша жерден шарпылдап суу агып жатат.

Нурали Шодигүлдөн Тураб жөнүндө сураганда Шодигүл, болор-болбос суроо берген балага жооп бергендей, жооп кайтарды.

— Жаным, мен Тураб дегенди билбеймин,— деп ал Нуралиге күлүмсүрөдү. Анан: — мен макул болгон эмесмин жана эч качан макул болбойм,— деп үзүл-кесил айтты.

Шодигүл нечен күндөрдөн бери биринчи жолу көңүлү жайлангандай боло түштү. Ал ушу күнгө чейин ата-энесине айталбай келгенин эми айта тургандыгына, тийиштүү сөз таба тургандыгына шектенген жок.

Нурали эңкейип, анын чачына эрдин тийгизди.

— Мындан ары сени сүйгөнүмдү такыр жашыргым келбейт; Хаджи-акеге, энеңе барып, сени менен бирге өмүр сүрөм... Сени сүйөм деп айтам!

— Жок... Азырынча айтпа,— деп Шодигүл анын сөзүн бөлүп кетти.

Нурали анын колун акырын сылай баштады.

— Деги кандай кылабыз, Шодигүл? Алар тойго беленденип жатышат, а биз...

— Эми айтпай койбойм,— деп Шодигүл башын көтөрдү.— Атам менен, энем менен сүйлөшөм. Ушу күнгө чейин айткан эмесмин, эми айтам...

«Ситораи Сурх» кыштагындагы оттор өчө баштады.

— Ий, кеч болуп калган турбайбы! Кетиш керек, жаным.

Жолдо баратып Шодигүл:

— Сенин мыкты көкбөрүчү экениңи билген эмес элем. Укмуштай болду! Сен үчүн абдан корктум. Абдан коркунучтуу, жапайы оюн экен. Мындан ары көкбөрү тартууга катышпайм деп убада бергин.

— Убада бердим. Эгер сага жакпаса, мындан кийин тартпайм. Сага жакпаган нерсени өмүрүмдө кылбайм.

Шодигүл анын колун кармап, жаагына акырын бетин басып:

— Улакты жанагыга бербегениң деги жакшы болду. Эми ал: «Мен биринчи улакчымын» деп мактанганын коёт, — деди.



Алар жолдун бурулушуна жеткенде арт жактан жүк ташуучу машинанын күрүлдөгөн дабышы угулду. Шодигүл адегенде чочуп кетип, колун тартып алды да, жолдун боюна өскөн талдарды көздөй бара жатып токтоп калды.

— Э мейли, көрсө көрө беришсин,—деди Шодигүл, атайы угушсун дегенсип.

Машинанын үстүндө эч ким жок экен. Кабинканын ичинен Халилдин бети көрүндү. Шодигүлгө ал күлүмсүрөп бараткандай туюлду.

Нурали Шодигүлдү кучактап туруп, оозунан өөп алды.

— Кой, жаным, болбойт, кереги жок!— деди Шодигүл, боюн акырын тартып.

Нурали аны улам көкүрөгүнө катуу кысып, кулагына шыбырады:

— Сени, Шодигүл, жанымдан да артык сүйөм. Сага эң жакын, эч качан убадасын бузбаган дос болууга тырышам. Сени сүйөм деп айтчы. Өз оозуңдан уккум келет. Айтчы...

— Мен баягыда эле... Сталинабадда биринчи жолу көргөндө...—деди Шодигүл акырын.

Анан Шодигүл Нуралинин колун ийнинен акырын алып, жакын жерлерден көрүнгөн талдарды, кайдадыр алыска созулуп кеткен жолду өмүр бою унутпай эстей жүргүсү келгенсип, ынта коюп карай баштады.

Кыяктагы бир алыскы колхозго шашып бараткансыган трактордун тырылдаганы жолдо кечигип калган кишинин ыры менен, кыштактагы иттердин үргөнү, Таги Чинордогу радиодон угулган музыканын дабышы, арыктагы суунун шырылдап акканы менен кошулуп кетти. Ачык асманда жылдыздар жымыңдап, Шодигүлгө эч качан мындай жарык тийбегендей болуп көрүндү.

Шодигүл үйүнө түнкү саат 12 ге жакындаганда келди. Атасы менен энеси уктай элек эле. Алар чоң бөлмөдө кызын күтүп отурушкан сыяктанды. Шодигүл бөлмөгө кирип, ата-энеси менен акырын амандашты. Алар Шодигүлгө жооп кайтарган жок. Энеси ага жат кызга карагандай карады. Хажиумар тегерек жаздыкка жанбаштап, үргүлөп отургандай көрүндү.

— Али уктай элексиңерби? Мени күткөнсүздөр го? Кечиресиздер, — деп Шодигүл камырабай айтты эле, эне-

си чочуп кетти.—Вера экөөбүз «Навобод» колхозуна барып, Зубайданыкында отуруп калдык.

Шодигүл, чарчаган кишидей, килемдин четине отурду.

— Зубайдага эмне үчүн бардың эле?

— Жумуш бар болучу.

Атасы үргүлөгөн эмес, бирок аларга караган да жок.

Шодигүл калп айтканды билчү эмес, бирок сөз баштоого да даяр эмес эле. Сөз баштап түшүндүрүү оңой болбосун, дагы сезди.

— Зубайдада эмне жумушуң бар эле?— деп энеси кайра дагы сурады.

— Жөнүнчө эле... бир жумуш бар эле,— деп, Шодигүл тике карабай жооп кайтарды.

Шарофатхола: «сен эмне унчукпайсың?» дегенсип, эрине карады. Бирок эри сөздүн ага тиешеси жоксунуп, көзүн чала жумуп, жата берди.

Шарофатхола кызына кылчайып:

— Жалгыз өзүң келдиңби?— деди.

Шодигүл бир аз жылып, ата-энесине капталын салып отурду.

— Жок, жалгыз келгеним жок. Мени Баратов узатып келди.

Энеси селдейип калды. Атасы көзүн ачып, башын көтөрдү.

Энеси эси-учун зорго жыйып:

— Эмне дедиң? Баратов узатып келдиби?— деп сурады.

— Ооба,— деди Шодигүл.

Шодигүл атасына көзүнүн кыры менен карады. Атасынын кабагы бүркөө эле.

— Барып уктагыла,— деп, атасы үнүн катуу чыгарбай, буйрук бергенсип айтты. Кызын көзү менен көрсөтүп, дагы:—эмне үчүн өзүн жана бизди маскара кылып жүргөнүн мага эртең түшүндүрөт.

— Жок,— деп Шарофатхола чаңырып жиберди,— жок, бул азыр айтып берсин! Менин кызым түн ичинде жат эркектер менен, анысы аз келгенсип жакында тою болгону жатканда жүргөнү эмнеси! Мындай маскарачылыкка ким чыдайт? Мен кантип...

— Макул, эне, түшүндүрүп берейин,— деп Шодигүл энесинин буркан-шаркан түшкөн сөзүн бузуп жиберди.



Энеси таңыркап, унчукпай калды. Бир аз токтоп туруп, Шодигүл атасына кайрылды:

— Адептүүлүккө жатпаса да, ошол иш жөнүндө сиздин алдыңызда айтууга аргасыз болдум; акыр-аягы, орой көз чарай отуруп, бир жаңсыл кылуубуз керек, мен жаш эмесмин.

— Карачы, дагы адептүүлүк жөнүндө сүйлөйт!— деп энеси чаңыра баштады.— Кудай өзү эле кечирсин! Адептүүлүктүн баарын буздуң! Өлчөң курусун, дагы ак сакал атаңа акыл үйрөткүң келет...

— Токтой тур, Шарофат, айтып бүтсүн!— деди Хаджиумар зайыбына.

— Менин сөзүмү угуп туруңуз,— деди Шодигүл энесине,— анан адептүүлүк жөнүндө канча айтсаңыз да болот.

— Кана, кана, айтчы. Жанагы доктор аял менен акылдуу Баратов сага эмне үйрөттү экен, угалычы.

— Жакшы кишилерди сиз эмне үчүн жамандайсыз?

— Тезирек сүйлө, сени менен буерде таң аткыча отура турган алым жок!— деп атасы кызына бакырды.

— Сиз мага «түшүндүр» дединиз. Эми мен сизге түшүндүрөйүн. Силер мени зордуктап Мусаевге бермекчи болосуңар. Эч качан андай болбойт. Мусаев мага жакпайт, мен ага тийбейм. Биз совет заманында жашап отурабыз, мени зордуктоого эч кимдин акысы жок. Мен сизди, ата, жакшы көрүп, кадырлайм, сизди капа кылуу менин кабыргама батат, бирок жакшыраак ойлоп көрсөңүз, өзүңүздүн бу кылганыныздын жакшы эмес, эскичилик экендигине көзүңүз жетет, ошондо сиз өзүңүз: «Биз жаңылыппыз, кызыбыздын айтканы туура экен» дээрсиз,— деп Шодигүл делөөрө сүйлөп, ордунан туруп, эшикти көздөй басты.— Мен башка кишини сүйөм, Мусаевге барбайм, сөздүн бүткөн жери ушу,— деп, эшиктен чыгып баратып, катуу айтты.

— Токто,— деп атасы кызын токтотту.— Отур.

Шодигүл отурду.

— Муну сага үйрөтүп жүргөн жанагы Баратов го? — деп атасы кызын көздөй обдулду. Хажиумардын уйкусу небак ачылып, каржайган мойнундагы күрөө тамырлары көөп, көздөрү жулжуйүп, жутуп жиберчүдөй болуп кетти. Ал аз ачуулана турган, бирок ачуусу бир келгенде өзүнөзү токтото алчу эмес.

Шодигүлгө коркунучтуу болду. Атасы аны менен эч качан минтип сүйлөшчү эмес.

— Мага эч ким үйрөткөн жок, өзүм эле... ойлодум.

— Мен сага эмне дедим эле?

— Эмне айттыңыз эле?.. Качан?..

— Качан айтканымы сен эсиңде тутууң керек! Мен сага эмне айттым эле?—деп Хажиумар дагы кайталады.— Сен атаңдын эмне айтканын унутуучу болдуңбу? Сен... уятсыз!

Каары катуу келгендиктен, эмне кылганын өзү да билбей, Шодигүлдү урмакчы болуп чайнекти көтөрдү. Коркуп кеткен Шарофатхола кызына:

— Кет! Кет!— деп кыйкырды.

Шодигүл купкуу болуп бөлмөдөн чыкты. Эмне кыларын билбей, ал ашкананын ортосуна барып токтоду.

— Унуткан имиш! — деген атасынын үнү угулуп турду. Атасынын сөзүн унутканды мен сага көрсөтөрмүн! «Зордуктайсыңар! Эскичилдик кыласыңар!» дейт. Анын акыл үйрөткөнүн кара! Сени, шайтандын кызы, кыздын абийири эмне экенин түшүнбөсөң, зордуктап күйөөгө бериш керек. Эл алдында ак сакалымы сен үчүн маскара кылгыдай, али акылдан ажырай элекмин. Сүйүп калган имиш — кимди? — жанагы баласы бар, зайыбы өлгөн эмениби! Бу кудай урган кызда эч кандай намыс жок, өзүн-өзү кадырлоо деген жок!.. Сен кызыңа айткын, — деп атасы энесине кайрылды, — жанагы Баратов менен дагы бир жолуга турган болсо, же а жөнүндө ооз ачып сөз айтса, шыйрагын балта менен керте чаап таштайм! А жанагы Баратов деген шумшукко уялгын, күйөөсү бар кызды тооруганыңды койгун деп өзүм айтам.

...Ошо түнү Хажиумар такыр уктаган жок. Анын ачуусун келтирип, көбүрөөк ыза кылган нерсе—анын эскертип айтканын Шодигүлдүн унутуп койгону болду. Ал ошондо өз убадамды бузсам, бул жерде жашай албайм деп кызына айтпады беле. Ошол сөз Шодигүлдүн эсинде болсо, балким, Хажиумар кызы менен анчалык катуу сүйлөшпөс беле.

Эртесинде Юнусбай менен жолугушуп, Хажиумар ага:

— Парторгуңа айтып кой, акылына келсин; баскан кадамын санай жүрсүн деп айткын,— деди.



Чал башка эч нерсе деген жок, бирок Юнусбай бардыгын түшүндү. Юнусбайга акыл үйрөткүсү келген жанагы мактанчаак жигитке ал Хажиумардын айткандарын төкпөй-чачпай айтып бергүгө тырышты.

### *Жыйырма үчүнчү глава*

Бирге канал курмакчы болгон колхоздордун председателдери Юнусбайды курулушка башчы болгун деп сураштты. Ушундай ишенимге ээ болгонуна төбөсү көккө жеткен Юнусбай, адегенде ишке кызуу киришти. Бирок каналдагы жумуш жакшы жүрбөй, барган сайын анын көксөсү сууй берди. «Рохи Нав» колхозу менен Калинин атындагы колхоз ар түрдүү шылтоо менен экскаваторго төлөө үчүн өздөрүнүн бере турган үлүшүн убактысында беришкен жок да, экскаватор станциясы машинаны башка участокко жиберүүгө аргасыз болду. Юнусбай акыр-аягы сарамжалсыз коңшуларын акча төлөтөм деп көп убара болду. Экскаваторду каналга кайра алып келишти. Ага чейин да жаан-чачындын кесепетинен иш токтоп калган учурлар да болду. Убакыт күтүп турган жок. Каналды май айына чейин бүтүрүш керек эле. Узундугу 3 километрге жакын каналды экскаватор менен казыш үчүн, эки жарым ай керек эле. Жаз келди, бирок каналдын үчтөн бири гана зорго казылды.

Плотина курулушунда андан да көп кыйынчылыктар болду. Таш, цемент жетишкен жок. Юнусбай райпотребсоюздан эптеп-септеп эки тонна цемент алды; Сталинабаддан цемент такыр келген жок. Ташты «Навобод», «Рохи Нав» жана «Ситораи Сурх» колхоздорунун жүк ташуучу 3 машинасы тоодон таш ташууга зорго үлгүрүштү.

Бирок срогуна чейин болбосо да, жаздын акырына чейин каналды бүтүрөбүз го деп, Юнусбай үмүтүн үзгөн жок.

Бүгүн анын шалпысын түшүргөн дагы бир окуя болду. Ал «Рохи Нав» колхозу таш ташуу үчүн өзүнүн «ЗИС» машинасын жибербей койгонун укту; «Ситораи Сурхтун» эски машинасы бузулуп, капиталдык ремонттон кийин гана иштей ала турган болду. «Навободдун» машинасы да кыйратып иштечүлөрдөн эмес эле.

Кечинде үйүнө келип, Юнусбай күйгөнүнө чыдай албай, вино ичип, лампасын жагып, кийизге отурду да, эми мындан ары эмне кылуу керек деп ойлоно баштады. Ойлонгон сайын, анын ачуусу келе берди.

Короодон баскан дабыш угулду. Каалга ачылды да, Хашим-Корвондун лакыйган денеси көрүндү.

Юнусбай көп көңүлдөнбөй турду да, көңүл кош алик алып, отургун деп ага орун көрсөттү.

— Мен азыр эле райондон келдим,—деди Хашим-Корвон отуруп жатып. Билесиңби эмне, раис? Эртең эле беш тонна цемент алууга мүмкүнчүлүк бар!

— Кандайча?— деп, Юнусбай көңүл кош сурады.

Хашим-Корвон: буюм-тайым алайын деп районго бардым эле, чайханага чай ичкени кирип, аерден бир топ жолдошторуму көрүп сүйлөшүп калдым. Ошол арада цемент салынган эки машина чайханага келип токтоду. Цементти каяктан-каякка алып барасыңар деп шоферлерден сурадым. Көрсө, кандайдыр бир курулуш үчүн цементти Сталинабаддан жиберишкен экен; бирок накладной кагазы ката жазылыптыр деп, прораб цементти албай коюптур. Шоферлер чайханага түнөп, эртең Сталинабадга кайра кетишет экен.

— Раис, эртең менен эрте районго барып, шоферлер менен сүйлөш: балким, алар бизге цементти сатышар?— деп Хашим-Корвон сөзүн бүтүрдү.

— Сен, көп жашагыр, башканын ишине кийлигишпе. Өзүм билем.

— Өзүң билсең, ушу күнгө чейин эмне үчүн цемент тапканың жок?— деп Хашим-Корвон таарынгандай сурады.

— Сенин ишиң эмес. Түшүндүңбү? Сенден сураган эч ким жок,— деп жооп кайтарды.

Хашим-Корвон ордунан туруп, эшикти көздөй басты. Бөлмөдөн чыгып бара жатып:

— Бу кылганың туура эмес, раис. Жакшы ниет менен айтылган сөзгө мындай мамиле кылсаң, сенин ишиңен эчтеке чыкпайт!— деди.

Юнусбай колун башына жастанып, кийизге кайра жатты.

Чейрек саат өтө электе, Нурали келип кирди.

— Саламатсызбы!

Юнусбай туруп отурду...



— Отуруңуз,— деп ал алик албай, жактырбаган кишиче, орун көрсөттү.

— Эмне үчүн сиз Хашим-Корвондун сунушун четке кактыңыз?—деп сурады Нурали. Кийиздин четине отуруп жатып.— Бекер кыласыз. Пайдалуу ишти айтып жатат.

— Э, койсоңузчу!— деп Юнусбай, парторгго барып даттанган экен го дегенсип Хашим-Корвонго ачуусу келип, колун көңүл кош шилтеп койду.— Мындан ары бу каналыңа кийлигишпейм. Эмне үчүн мен бардыгын жалгыз бүтүрүүм керек? Башка раистер да бар го.

— Кандайча?— деп Нурали таң калды.— Сизди башчы кылып шайлашты эле го!

— Иштегим келбейт, бүткөнү ушу. Башка бирөөнү башчы кылып шайлап алышсын. Мейли ошо эле Ахмеджанды шайлашса да болот.

— Мунуңуз келишпеген иш, Юнус-ака, партиянын жолуна ылайык келбейт.— Сиз...

— Жайыма коюңузчу, көп жашагыр!— деп ал Нуралинин сөзүн шашыла бузуп жиберди.— Тапшырма берип жүрүп, мени тажаттыңыз. «Партиянын жолуна ылайык келбейт, партиянын жолуна ылайык келет имиш»! Мага уставды үйрөткөндөй мен эмне партияга жаңы кириптирминби? Сиз дайым эле партиялык жөнүндө сүйлөйсүз, а өзүңүз...

Юнусбай сөзүн бүтүрбөй токтоп калды.

— «Өзүңүз» дегениңиз эмне?— деп сурады Нурали.

— Жаңжалды кайра баштабайлы,— деди Юнусбай.

— Кандай жаңжал? Айтыңыз, чындыкты уксам таарынбайм.

— Унчукпаганыбыз жакшы болор,— деп, Юнусбай табышмактап айтты.

Нурали эмне дээр экен дегенсип сактана түштү.

— Айтыңыз, Юнус-ака, жеткире сүйлөнбөгөн сөздү жаман көрөм,—деди ал олуттуу түрдө.

— Хажиумар менен сүйлөшсөңүз жакшырак болор,— деп, Юнусбай ага жооп кайтарды.

— Хажиумар мененби? Эмне жөнүндө?

— Аны менен сүйлөшө турган сөзүңүз жокпу?

Нуралинин кыжыры келе түштү.

— Жашынмак ойногонду токтотолу, Юнус-ака. Бала эмеспиз. Эмне айтмакчы болосуз?— деп ал сурдана сурады.

— Көздөрүбү? Атың жаңы туулган, али көзү ачыла элек,— деп Хашим сөз таба койду.— Бери алып келчи, мен көзүн ачып берейин,—деп ал чамындыны шилекейледи да, чөнтөгүнөн сыя карандаш алып чыгып, «аттын» тумшугуна эки төгөрөк чийип койду.—Мына бүттү! Ме! Жакында велосипед сатып берем.

Хашим-Корвон эңкейип баласынын маңдайынан өптү да, чыгып кетти.

Шоферлер токтогон чайханага ал түн ичинде барды. Таң атары менен самоорчу төшөк салып берген тектирчеден ыргып турду да, шоферлер эч кайда кетпей, катуу уктап жатканын көрүп, столдун жанында шашпай күтүп отурду. Уйкусу ачыла элек самоорчу отун алып келип, самовар койду.

Бир аздан кийин шоферлер ойгонду да, чайхананын короосуна барып чала-була жуунуп, тамак ичкени отурушту. Хашим алардын жанына келип отурду. Шоферлердин бирөө—кейпи жумушчу сыяктанган, бети түлөгөн орто жашап калган орус эле, экинчиси — узун бойлуу, эки далысы жууш жаш тажик. Хашим-Корвон цементти Сталинабадга кайта алып кеткенден көрө, «Навобод» колхозуна сатып кеткенийер түзүгүрөөк болот деп далилдеди.

— А сен кимсиң? Председателсиңби?— деп сураштышоферлер.

— Жок, звеновоймун,— деп жооп берди Хашим.

Шоферлердин башчысы тилге келбеген доюр киши экен.

— Сен тамаша кылып жатасыңбы? Бу мамлекеттин мүлкү, дайындалган гана жерине барууга тийиш.

— Биз цементтин акысын төлөйлү, потребсоюз сизге ракмат айтат.

— Жок, болбойт.

Бул сөздөн пайда чыкпай турганына көзү жетип, Хашим башкача аракет кылмакчы болду. Ал шоферлерди бир аз күтө тургула деп коюп, өзү почтага жүгүрүп барды да, райисполкомдун председатели Жалаловдун үйүнө телефон урду.

— Бу ким?—деген ачуулу добуш угулду. Телефондун трубкасынан Хашимге.— Эмне? Хашим Садыков? Кайдагы Садыков?

Хашим өзүнүн ким экенин, кандай иш боюнча телефон менен сүйлөшүп жатканын шашыла айтып берди.



— А, Хашим-Корвонсуңбу? Аманбы! Сен мынча эмне чебеленесиң?

— Мени раис жиберди. Шоферлер азыр кеткени жатат, цементти кайра Сталинабадга алып кете турган.

— Эч кайда кетпейт! Аларга айтып кой, буйрукту күтүп турушсун. Бир сааттан кийин алар менен райисполкомго кел.

Хашим менен жаш шофер айтылган убакытта райисполкомго келди. Берки шофер машиналарды кайтарып, чайхананын жанында калды.

Кочкор тумшук, кара мурутуна чала-була ак кирген Жалалов, жайбаракат кыймылдап, талаада эгин эккен дыйкандан көрө, бир аз карыган сайын семире баштаганы менен, тоолук жоокерге көбүрөөк окшош эле. Маңдайындагы кашкайып бүткөн тагы анын ушул окшоштугун дагы даанарак көрсөттү. Граждандык согуштун жылдарында ал кызыл таякчандардын начальниги болгон. Ат менен кылычты советтик мекемелердеги тынчтык иштери менен небак алмаштырса да, партизандарга начальник болгон кебетесин али жогото элек эле. Бир аз каны кызуу болгондугунан анча-мынча коркушканы менен, Жалаловду кол астында иштеген кишилер жакшы көрө турган.

— Силерге цементти кайра алып кетүүгө ким руксат берди?— деп Жалалов Хашим-Корвон менен бирге кабинетке кирип келген шоферден мостоюп сурады.— Эмне үчүн исполкомго кайрылган жоксуңар? Эмне райондун кожоюну жок бекен?— деди ал, Хашимге кайрылып:— азыр мен борбор менен телефон аркылуу сүйлөштүм. Цементти бу жерге бекер алып келгени чын экен. Кандайдыр бир жаңылыштык болгон окшойт. Бу бюрократтарды кара жер албады! Цементти биздин потребсоюзга өткөрүп бергиле,— деп шоферге буйрук берди.—А сен Корвон азыр жүгүрүп барып, наряд ал. Ишеним катың барбы?

Хашим-Корвон уялып кетти: «Мени кудай атып, эмне үчүн калп айттым экен? Эми эптеп-септеп кутулуп чык, Корвон!»

— Менин ишеним катым жок, өзүмчө эле келгем,— деп өкүнгөн эмече сүйлөдү.—Раис: «башканын ишине кийлигишпе» дейт. А мен өзүмчө эле келдим. Цемент бекер кетип жатпайбы!

Жалалов кетменчи баатырга, анын лүкүйгөн кебетесине кызыкккансып карады.

— Азаматсың, Корвон,—деп райисполкомдун председатели жакын кишиче сүйлөдү.—Келгениң жакшы болуп тур, сенин мындай эпчил экениңи мен билчү эмес элем. Болуптур, эртең келип, цементти алып кетерсиң.

— Ракмат.

— Эчтеке эмес,—деп Жалалов мыйыгынан күлдү да:—канал оңунан чыкпай жатабы? Билем, эчтеке эмес, жардам беребиз. Эми силерде Мурадова бар. Ал ишти тартипке салат. Юнусбайга айтып кой, мага келип кетсин. Кош, саламат бол!— деди.

Хашим-Корвон автобуска түшүп, өзүнүн колхозун көздөй жөнөдү да, беш километр узагандан кийин цементтин баасын билбегени эсине түштү. Анын үстүнө, ал Юнусбайдын столунун үстүнө нарядды ыргытып таштагысы келген эле... «Нарядды ишеним каты жок эле бергиле деп эптеп көндүрөйүн». Шофердин кабинкасын муштагылап, автобусту шоссе жолдун ортосуна токтотту да, шофер менен пассажирлерди таң калтырып, секирип түштү.

Колхозго ал жолдон окусунан жолуккан машинага түшүп келди да, колуна нарядды кармап, Юнусбайдын кабинетине кирди.

— Мына көрдүңбү?— деп нарядды столдун үстүнө таштап, салтанаттуу үн менен председателге айтты.—А сен мага: «Бу сенин ишиң эмес дейсиң!». Ишеним кат бер, цементти бүгүн эле алып келем.

— Макул. Эрдик кылып, ойсуратканын кара! — деп Юнусбай андан кутулгусу келип, ишеним кат жазып берди.

Хашим-Корвон кеткенден кийин Нурали парткабинетте түн ортосуна чейин отуруп, Юнусбай ыза кылып айткан сөздү кайра-кайра ойлой берди. Шодигүлдүн ата-энеси кызынын тандаганына макул болбосун ал мурун эле билген болучу, аларга Юнусбай менен убадасын бузуу оңой эмес экендигин да билген эле, ошондой болсо да Хажиумардын:—«Баратов баскан кадамын санай жүрсүн» дегени ындынын өчүрдү.

Мындай одоно «эскертүүнү» ачуусу келген киши гана айтуу мүмкүн эле. Шодигүлдүн ата-энеси менен сүйлөшкөнүнөн натыйжа чыкпаганын божомолдоого болот эле.

«Эгер биерде парторг болбосом!—деп ойлоду Нурали. —Анда бардыгы жөнөкөй бүтөт эле: Шодигүл экөөбүз үйлөнөт элек да, ошону менен баары бүтөт болучу. Жактырбаган киши күйгөнүнөн туз жаласын дейт элек! Бирок мен анте албайм; Юнусбай менен Хажиумар экөөнөн кол үзүшүүгө акым жок. Мен алар менен иштешим керек».

Кандай гана болбосун эртең Шодигүл менен жолугушмакчы болуп, парткабинетти жаап, үйүнө кетти.

Анын эшигин тукулдатканда түн ортосунан ооп калган эле.

Колуна кат кармап, Марзия кирди.

— Бая күндүз «Ситораи Сурхтан» сизге бир бала алып келди эле, жумуш менен алпурушуп жүрүп, унутуп коюпмун. Кечиресиз.

Жүрөгү алеп-желеп болуп, Нурали көк конвертти ачты. Конверттеги кол коюлбаган кичинекей катка:

— «Эртең кечки саат тогузда Тали-Газиянга келиңиз. Келбей койбоңуз»,— деп жазылган экен.

Шодигүлдөн кат алганына Нурали бир жагынан кубанса, бир жагынан сарсанаа болду.

Түндө ал көпкө чейин уктай алган жок, эртесинде ага күн жылбай, токтоп калгандай болду. Бирок акыры күн батып, кеч да кирди.

Нурали айтылган убактан алда канчалык эрте чыкты. Правлениенин жанында цемент жүктөлгөн эки машина турган эле, кубанычы койнуна батпай, жадырап-жайнаган Хашим-Корвон Нуралинин алдынан чыкты.

— Цементти алып келдим!—деп кубанганынан ал Нуралиге таарынганын унутуп койду.— Мына!— деп ал машиналарды көрсөттү.

— Билем. Абдан сонун кылыпсыз, Хашим-ака—деди Нурали, анан бир аз ийменгенсип: «Кече сизге көңүл кош жооп берген экемин, кечириңиз, теңир жалгагыр»,— деди.

— Болбогон кеп. Негизгиси цемент бул жерге келгени болду.

— Ооба. Демек, эртең ишке киришет экенбиз,—деди да, Нурали анын колун катуу кысып, Тали-Газиянды көздөй жөнөдү.

Жуйборунун сол жак өйүзүндөгү ээн талаанын ортосунда турган жалгыз дөбөнү Тали-Газиян деп аташа турган. Сүйрүрөөк, жапыз келген дөңсө, кечки иңирде чөптүн арасында жаткан килейген уйга окшой турган.

Нурали көп күткөн жок. Тез келаткан кишини көрө коюп, утурулай жүгүрдү.

— Мага кат жазганың абдан жакшы болуптур!
Шодигүлдүн колун эки колдоп кармап, бетинен өөп койду. Кечкисин салкын болгону менен, Шодигүлдүн бети ысып-күйүп турган экен.
— Мен буерде көп тура албайм. Энеме бир курбумду куна барып келейин деп айттым,— деди Шодигүл толкундакып.
Алар Жуйбору тараптан далдалап турган дөңдүн нары жагына өтүштү.
— Атамдын ачуусу жаман келди,— деп сөзүн улантты Шодигүл.
— Сен ага айттың беле?
— Ооба. Мен: «Турабга тийгим келбейт» дедим. Атам мени уруп коё жаздады. Той ишенби күнү болсун дешти.
— Алар абдан шашкан экен! Демек, сени кандай гана болбосун Турабга беришмек болушкан экен го?—Нуралинин сүйлөгөн кызы бир аз кекээрлегендей угулду. Нурали ага: «Сенин ата-энелериң апенде чалыш кишилер экен, ыраспы? Андай иш эч качан болбойт!» деп жаткандай туюлду.
Анысына Шодигүл кубанды. Нурали камырабаган соң, Шодигүлдү Турабга бердирбөө жолун Нурали биле тургандай көрүндү.
— Эми эмне кылабыз?— деп, Шодигүл чыдамсызданып сурады.
— Сен «жок» десең — бүткөнү. Сен макул болбосоң, эч ким эчтеке кылалбайт,— деди Нурали.
— Сага айтпадым беле, мени деги көздөрүнө илгиси келбейт,—дегенде Шодигүлдүн күйгөнү үнүнөн сезилип турду.—Мени бала катарында көрүшөт. Эгерде мен башкага чыксам, алар абийирибиз кетип, маскара болобуз деп ойлошот. Эгерде тилимди албасаң, баарын таштап кетем деп, атам коркутат. А сен: «эч ким эчтеке кылалбайт» дейсиң.
Нурали эмне кыларын билбей, унчукпай калды.
— Кош, үйгө кетейин,— деп шыбырады Шодигүл.
— Жок, мен сени жибербейм. Биз али эч нерсе чече элекпиз.
Нурали Шодигүлдү колунан кармады.
— Же, Хаджи ага менен Каримов сүйлөштүбү? Сенин атан аны менен жакшы...



— Жок,—деп Шодигүл муңкана күлүп, анын сөзүн бөлүп кетти.—Той болоруна үч күн калды. А сен эми сөз баштамакчы болосуң!
Ошол арада Шодигүлдүн бутунун жанынан бирдеме шуу этип жүгүрүп өтүп, караңгыда көрүнбөй калды. Күтпөгөн жерден чаңырып жиберип, Шодигүл Нуралинин колун кармай калды.
— Кескелдирик же чычкан болуш керек,— деп, Нурали анын көңүлүн жубатты.
Алар бир минутча унчукпай турушту.
— Демек, арга жок экен да, эми мага...
— Андай болбойт, болушу мүмкүн да эмес!— деп Нурали анын сөзүн бөлүп кетти.
— Мени үйүмөн ала качып кет! Эртең эле,— деп Шодигүл камырабай кесе айтты. Анан мындай деди:— Барып жазылабыз, ошону менен бүтөт. Эмне болсо, ошо болсун,— деди.
Нурали Шодигүлдү бооруна кысып, эч сөз айткан жок. Шодигүл ага карап койду. Нурали сурданып, эрдин тиштенип турду.
— Сен эмне, макул эмессиңби?—деген Шодигүлдүн дагдарып, корккондугун байкатты.
Нурали жан-дили менен «макулмун» деп айтар эле, бирок Юнусбай, Хаджиумар, сен ишеничтүү жоокерсин деген Боровиков, Хашим-Корвон, Зубайда жана өзүнө ишенген дагы толуп жаткан жолдоштору анын көз алдына келди. Ошондуктан, ал унчуккан жок. Анда бир-бирине бой бербеген эки сезим күрөшүп жатты.
— Шодигүл, жаным, азыр андай кылууга болбойт,— деп, ал акырында өкүнгөн кишиче айтты.
— Эмне үчүн?— деп, Шодигүл дүмөктөнгөн кишиче Нуралиге кайра карады.
— Антсек, көп кишилер бизден кечип кетер эле,—деди Нурали.
— Мейли, артта калган кишилер кечсе, кече берсин, алардын сага эмне кереги бар?— деп Шодигүл түшүнбөгөн кишиче сурады.
— Кандай кишилер болбосун алар биздин кишилер,— деди Нурали өзү менен өзү сүйлөшүп жаткансып.—Алар менен мени эң маанилүү нерсе, иш байланыштырат. Анча-мынча жагынан алар чын эле артта калган кишилер, анча-мынча нерсени түшүнүшпөйт, бирок... маселен, се-

нин атаңы алып көрөлү: анын кылганы туура эмес, эскиликке берилип жатат... Бирок, жалпысынан алганда, ак ниеттүү, жакшы киши!

Шодигүл жанаша өсүп турган куурайга колун сунуп, бир бутагын сындырып алды. Қанткени менен атасы жөнүндөгү жакшы сөздөр өзүн кубандыра тургандыгын биле койду.

— А киши эски үрп-адаттардан алигече толук кутула элек,—деп Нурали сөзүн улантты,—анын үстүнө Юнусбайга берген убадасы кыйнап жатат... Мына экөөбүз барып жазыла коёлук, анда эмне болот? Сенин атаң менен Юнусбай мени жек көрүп калышат. А мени биерде парторг кылып шайлап отурат...

Шодигүл ордунан турду.

— Демек, сенин сүйүүң чыныгы сүйүү эмес экен,— деди Шодигүл, наалыгансып.—Сүйгөн киши айныбайт.

Шарт бурулду да, Шодигүл кете баштады.

— Шодигүл! Мен али айтып бүтө элекмин!

— Жок, сиз баарын айтып бүттүңүз,—деди да, Шодигүл токтобой кете берди.

Нурали эмне кыларын билбей, бир аз турду да, анан Шодигүлдү кууп жетмекчи болуп жүгүрдү. Шодигүл караңгыда көрүнбөй узап кеткен эле, калыбы абдан ылдам жүгүргөн окшойт. Нурали өңгүл-дөңгүлгө мүдүрүлүп кетти. Шодигүлдү Жуйборунун жанынан кууп жеткенге чейин бир-эки жолу чуңкурга жыгылып да көрдү.

— Шодигүл,— деп ал жалынган үн менен чакырды,— токтой тур! Же экөөбүз бирге баралы, мен сага түшүндүрөйүн....

— Кереги жок, менин артымдан баспаңыз, сизден суранам,— деп Шодигүл анын жаагын жап кылды да, дагы ылдамдай басты.

Шодигүл көпүрө менен Жуйборунун наркы өйүзүнө өттү. Нурали да көпүрөдөн өттү, бирок дагы нарылап ээрчүүгө батынбай, токтоп калды: «Ситораи Сурх» колхозунун кыштагы дал ошерден баштала турган.

Қайгырып, капаланып, Нурали жалгыз аяк жол менен «Навободго» келатты.

Эмнегедир күтпөгөн жерден ага өзүнүн бала кези, энеси эсине түштү. Аны бирөө ыза кылып тийип койсо, ал энесине жүгүрүп бара турган. Мына эми да ал: энемин сүйкүмдүү, каржайган, бырыш баскан, татынакай колу



чекемен сыласа, көңүлдү жубаткан, акырын добушу кулагыма угулса экен деп эңседи.

Нуралинин оюу кайтадан Шодигүлгө кайрылды.

— «Чыныгы сүйүү эмес». Ушул сөзгө анын оозу кантип барды? Ушул эле Нурали Шодигүл үчүн жанын берүүгө даяр эмес беле, андай экенин Шодигүл өзү да билет! Бирок Нурали коммунист — ал үчүн да жанын берүүгө даяр. Қантип эле ал өзүнүн керт башынын таалайы үчүн, партия өзүнө тапшырган ишти таштап койсун? Баары бир анда таалай болбос эле. Эгерде бул иш башкаларга тиешелүү болсо, анда Нурали ойлонуп турбастан эле, мүдүрүлтүп жаткан, жексурун илгеркинин калдыктарына каршы күрөшөт болучу. Бирок буерде антүүгө анын укугу жок... Ырас, эч кандай укугу жок... Бирок Нурали Шодигүлдү эми көрбөймүн го деп оюна түшүргөндө, жүрөгү жаман зырпылдады. Шодигүлдүн берген белегин чепкенинен тапкандагы минута эсине түштү. Небак караңгы болуп калган эле, бирок Нурали үчүн бүткүл жер жүзү күндүн нуруна бөлөнүп жаткандай көрүндү. Эми ошол жер жүзүн бөлгөн нур ал үчүн түбөлүккө өчөт беле... Жок, мындай иш анын колунан келбейт. Эртең эле ал Боровиковго барып, эчтекесин калтырбай, ийне-жибине чейин айтып берет. Мейли аны «Навободдогу» иштен бошотуп жиберишсин, эң ыраакы тоо арасындагы кыштакка, эң кыйын жумушка жиберишсин. Ошерге барып жүз жыл туруута да кайыл, жанында Шодигүл болсо эле болгону.

Таң атты.

Нурали райкомго баруу үчүн Шабрангасын шашылашушула токуй баштады.

Кыштак советинин кароолчусу Тати Чинордон жүгүрүп келип, Нуралиге сизди Мурадова чакырып жатат дегенди айтты.

Түнү бою кирпик какпай кыйналган Нурали, ошол минутада советтин жаңы председателин көргүсү келген жок. Чакырууга башка убакыт табылбай калыптырбы!

Кыштак советинин председателинин талаадан келген кишилер кирчү, иштей турган кабинетине эмес, врачтын кабыл алчу бөлмөсүнө окшогон, абдан таза, акталган бөлмөдө Нуралини Мурадова кабыл алды.

Мурадова райкомдун бюросунун мүчөсү, акыркы күндөргө чейин «Авангард» колхозунун председатели болуп

иштеген. Мурадова жаш кезинде өзүнүн туулуп-өскөн Сарыкамыш кыштагында мугалим болуп иштеген, аны Боровиков тарбиялап, ишке көтөргөн экен деп жүрүштү.

Бою жапалдаш, тыгырчык келген, шыпылдап тез кыймылдаган Мурадова 35 жашта болсо да жашыраак көрүнчү. Ал кыска кыркылган чачын топусу менен бастыра кийип, эркектер кийүүчү кара чолок чапанын жазы кур менен курчанып алган экен.

— Саламатсызбы, жолдош Баратов! Отурунуз,— деп, ал ак боёк менен боёлгон табуретканы кичинекей колу менен көрсөттү.— Петр Николаевич сиз тууралу мага айткан эле. Жалалов да айткан болучу. Таанышып коёлу!—Жылмая күлүп, Нуралинин колун кысты.

Биринчи таанышкандагы шаан- шөкөттү ушуну менен бүтүрүүгө болот го дегенсип, Мурадова тике эле иш жөнүндөгү сөзгө киришти.

— Каналыңар кандай? Кыйын болуп атабы?— деп, ал иштин жөнүн билгенин көрсөткүсү келгенсип сурады.

— Ооба, азырынча иштин мазасы жок,— деп, Нурали көнүл кош кыяз менен жооп кайтарды. Нурали бу киши мени буерде көпкө кармабагай эле, бүгүн райкомдон Боровиковду табар бекенмин деп ойлоду.

— Колхоздун башчылары менен гана алек болуп жүрө берсек, ишибиз эч качан оңолбойт.— деди Мурадова; а өзү: «Жүүнү бош жигит экен! Петр Николаевич бу жөнүндө такыр башкача айтты эле»— деп ойлоду.

Жазуу куралдары тыкандык менен коюлган столдун арт жагынан туруп, Мурадова бөлмөдө аркы-терки баса баштады.

— Мага көнүл бурбай эле коюнуз, басып жүрүп сүйлөй турган өнөкөтүм бар.

Анан ал Нуралиден канал курулушундагы саясиймассалык иштер кандай уюштурулгандыгы жөнүндө сураштырды. Аерде иштегендер менен Нурали аңгеме өткөрдү беле? Жумушка коммунисттер кандайча коюлган?

— Ырас, иштин мазасы жок экен! — деп, ал Нуралинин сөзү бүткөндөн кийин кайталап айтты.— Бу жөнүнөн биринчи иретте мен сизди айыптайм. Юнусбай, дагы башка председателдер болсо — чарбачылар, а сиз партиялык жетекчисиз! Кишилер менен иштөө жөнүндө кандайча унутуп койдуңуз.



Нурали Боровиковдун «жемелеген сөздөрүн» нечен жолу уккан, бирок ал—Боровиков эле да. А биерде азырынча жакшы тааныша элек аял биринчи көргөндө эле, аны эчтеке билбеген кишиче кекете баштады! Бул аялдын сөзүндө чындык аз эместигин билип турса да, Нурали өзүн ыза болгон кишидей сезди.

— Бизди жемелеп, тилдеп... акыл үйрөткөндү гана билишет. Антүү оңой иш,— деди Нурали ыза болгон эмече.

— Уруша беришеби?— деп, Мурадова, Нурали күткөндөй ачуулануунун ордуна күлүмсүрөп койду.— А сиз башкалар урушпай, мактагандай кылып иштеңиз.

Столго отуруп, Мурадова олуттуу кыяз менен:

— Мен, жолдош Баратов, канал сиздин демилгеңиз экенин билем. Жакшы, туура демилге. Эми ушул ишти ийгиликтүү бүтүрүү жөнүндө ойлоп көрөлү,—деп кошумчалады.

Аңгыча болбой:

— Жүрүңүз, каналга баралы. Жумуш кандай жүрүп жатканын билип, кишилер менен сүйлөшөлү. Талааны пахта эгүүгө кандай даярдап жаткандарын жолду ката көрө кетели,—деди.

— Азыр мен сиз менен баралбайм—деди Нурали, ордунан туруп жатып,—райкомго барышым керек эле.

— Райкомго? Сизди эмне, чакырышты беле?

— Жок, аяка шашылыш баруум керек.

— Боровиковгобу?—

— Ооба.

— Боровиковду таппайсыз, ал күнү бою ремонт-механика заводунда болот.

— Аны кайдан билесиз?

— Билем да, — деп Мурадова мыйыгынан күлүп койду.—Каналга жүрүңүз. Райкомго кечинде барсаңыз, Петр Николаевичти сөзсүз табасыз.

Нурали макул болууга аргасыз болду. Бирок көнүлүндө дүмөк бар эле: Шодигүл менен Турабдын тою болгону жатса, Нурали кантип бир күн кечигиши мүмкүн.

— Мени короодо күтө туруңуз, азыр кийинип чыгайын!—деп, Мурадова кабинетинен шыпылдай басып, чыгып кетти.

Мурадова эркектердин булгаары костюмун кийип, бир нече минутадан кийин кыштак совети менен жанаша үйүнөн чыга келди. Шаардыктарча кийим кийген, көзү көк,

кичинекей орус кыз кол кармашып аны менен кошо чыкты.

— Эне! Сен качан келесиң? Тез келесиңби? Тезирээк келгин, сенсиз зеригем,—деп, кичинекей кыз жалынгансып, акырын сүйлөдү.

— Тез эле келем,—деп, Мурадова кичине кызды жубатты.—Мен келгенче Зарифа жеңеникине отура тур. Эвакуацияланган балдардан ушу кызды асырап алдым эле,—деп, Мурадова күтүп турган Нуралиге түшүндүрдү да, эки саамайынын учуна бантик кошо өрүлгөн кыздын ак саргыл чачын сылап койду.

Нурали өзүнүн кичинекей кызын эстеп, ичинен муңканды.

«Эне-атасы жок өсүп жатат! Жок, өзүм барып, алып келишим керек».

Кичинекей гараждан Мурадова килейген оор мотоциклди алып чыгып, минди да, педалин басып койду. Кара машина күрүлдөп, солкулдап кетти да, дөңгөлөгү айланып, артынан бензин жыттанган көк түтүндү буркуратып, жүгүрүп кетти.

Нурали атына минип, Мурадованын артынан бастырды.

### *Жыйырма төртүнчү глава*

Эртең менен бүркөлүп турган күн, түш ченде чайттай ачылып, асман көгүлтүр тартып жаркырап турду. Март айынын баш чени эле. Күн ысык тийгени менен, көлөкө жерде салкын. Тунук абада арсайган тоонун чокуларын ачык көрүүгө болот. Пахта айдалган талааларды каршытерши кесип өткөн арыктардын жээгиндеги жазгы чөптөр көгөрүп калган.

Кыштактын бактарындагы өрүк менен бадам жыгачтары гүлдөгөнү калган кез. Таги Чинор дөңүндөгү куураган жалгыз чынардын башынан мындан бир нече күн мурун эки илегилек көрүндү. Өзүнүн былтыркы уясына сыңар аяктап конуп, эки жагына карап отурушат. Жолдун боюндагы кичирээк тамдын жанына Мурадова машинасын токтотуп, мотоциклин жыгачка жөлөп койду да, айдалган талааны аралап, станды көздөй жөө басты. Атын жыгачка байлап коюп, Нурали анын артынан жөнөдү.



— Чалдардан баштайлы,—деди Мурадова, жанында от түтөп жаткан станды көздөй бет алып.

«Чалдардын» бригадасынын сакалы буурул болгон Хасан деген бригадири тосуп алды. Анын күнгө күйүп карайган көкүрөгү ачык, кара сатинден тигилген чапанынын этегин куруна кыстарып койгон.

— Саламатсызбы, Хасан-ака!—деп Мурадова чалдын каржайып, туурулган колун кысты. — Бу «чегирткенин бутунан» чоңураак болот ко, ыя?— деп бригаданын участогун көрсөтүп, Мурадова күлүп койду.

Хасан да, күлүп жиберди.

— Эсиңде экен го?

Өткөн жылы жазында Мурадова райкомдун тапшыруусу боюнча навободдуктар менен аңгеме өткөргөн болучу. ВКП(б) Борбордук Комитетинин согуштан кийин айыл чарбасын өрчүтүүгө арналган февраль Пленумунун тарыхый токтому жөнүндө сөз болгон эле. Мурадова докладдан кийин партиянын токтомун жакшы түшүндүңөрбү деп колхозчулардан сураган болучу. Ошондо Хасан чал ордунан туруп:—«Ооба түшүндүк» деп жооп кайтарган эле. — «Кандай түшүнгөнүңүздү айтып бериңизчи» — деп Мурадова сураган болучу.—«Токтомду Сталин жазган экен,—деген эле Хасан.—Сталин мени менен жашташ, ушул токтом аркылуу ал мага: «Эй, Хасан! Сен эски пахтачысың. Тууган, ордунан туруп, белиңи бекем байлап, талаага чыккын, өлкөгө пахта керек» дейт. Мына, мен ушундай түшүндүм!» Ошентип талаа жумушунан бошотулган бир топ чалды чогултуп алып, кичирээк бригада түзүп, Хасан башкармага барып, бизге участок бөлүп бергин деген болучу. Бул иш Мурадованын көзүнчө болгон. Чалдарды Мурадова: «Өмүр бою силер аз иштегениңер жок, эми ошол эмгегиңерге жараша эс алгыла», деп айнытмакчы болгондо, Хасан тамсилдеп: «Бир күнү бир кумурска Искандерге чегирткенин бир бутун алып келиптир. Анда Искандер: «Эмне үчүн сен мага мындай белек алып келдиң?» деп сураса, кумурска: «Алыбек алына жараша» деп жооп кайтарган экен. Анан Хасан дагы өзүнөн: «Кызым, азыр биз анчалык күчтүү кызматкер болбогонубуз менен, кумурскадан тыңыраакпыз го. Биз өзүбүздүн ардактуу ата мекенибизге чегирткенин бутунан чоңураак белек берүүгө жарайбыз» деген эле. Колхоздун правлениеси чалдардын бригадасы үчүн кичирээк жер бөлүүгө тамак бышыра тур-

ган меш, нан жаба турган тандыры бар талаа станын салып берүүгө аргасыз болгон.

— Көргөнү келдинерби? Жаман эмес, жаштардан артта калганыбыз жок!—деп, Хасан меймандарды станга чакырды.

Үстүндө чоң казан кайнап жаткан кемегенин жанында күйпөлөктөп жүргөн аял бригадирге кайрылды:

— Хасан-ака түшкү тамак даяр болду. Элди чакыралыбы? —деди.

— Чакыр, кызым. Тамак даяр болгондон кийин чакыра бер!

Бригаданын мүчөлөрү келип, арыкка колун жууй баштапты. Серенин астына бойро менен килем төшөлгөн экен, бирок чалдар кимдир-бирөөнү күткөнсүп тура беришти.

— Жүрүнүздөр, силерди күтүп турушат,—деди Хасан меймандарга.

— Меймандар серенин астына кирип, килемге отурганда, колхозчулар да отура кетишти. Жанагы аял чон дасторконду жайып, жаны эле тандырдан чыккан ысык токочторду коюп, чоң таргага куюлган сорпо алып келди.

Мурадова чалдардан:—быйыл канча түшүм алабыз деген оюнар бар деп сураштырды. Гектарынан 40 центнерден кем албайбыз деп, Хасан Мурадованы ишендире сүйлөдү.

— Колхоздорду бириктирүү жөнүндө кандай сөз бар? — деп сурады Гаиб. (Ал жакында эле «чалдардын» бригадасына өткөн болучу).—Сталинабадга арыз жиберилди дешти эле... Жооп келе элекпи?

— Азырынча жок, — деп Мурадова жооп кайтарды.— Менин оюмча, биригүүгө руксат беришет.

— Небак эле ошентиш керек эле!—деди Гаиб.—«Эл менен эл бириксе, ырыс» деген сөз бар эмеспи.

— Албетте, ырыс!—деп Хасан беркинин сөзүн ырастап кетти. Чоң иш иштөө үчүн, жер да көп болушу керек. Жемен натуура айтып жатамбы, Саадат? — деп, ал бошогон аякты алганы келген аялга кайрылды.

— Туура, Хасан-ака, небак эле биригишүү керек эле. Бириксек кандай жакшы болор эле! Мына «Маданият», «Рохи Ленин», «Пахта ширкат» колхоздорун алалы, алар биздин «Навобод» сыяктуу кичинекей болучу. Мурдагы жылы биригишип, байып кетишти: чоң ферма, ясли, прав-



ление үчүн жаңы имарат салышты. Балдар яслилеринде доктору да бар. Кичинекей колхоз ошондой имарат сала алат беле? Уу... Андай имарат салышканча, мен сиздин жашыңыздагы кемпир болом.

— Жаңы төрөлгөн бала кичине болот, анан чоңоёт,—деп, Гаиб аягына бир сындырым нанды матырып жатып кайра сүйлөдү.—Бизге да чоң боло турган убакты жетти. Уктуңуздарбы?—деп Мурадова менен Нуралиге кайрылды.—Эл балдар яслисин бергиле, доктор бергиле дешет. Эх, согуш болбогондо—согушуң менен сомураң кал!—Небак эле ошондой имараттар, дагы башкалары болмок! Ыраспы, Ашур?

— Баары болмок эле дейсинби? Ошол эле болмок беле? Азыр бизде кадимкидей шаар болмок,—деди Ашур чал.

— Эл менен эл кошулса, ырыс деп айтпадымбы,—деп, Гаиб дагы кайталады.

Саадат дагы токоч алып келип, тамак ичип жаткандарды сыйлаганча, аңгеме жай, кээде токтоло калып, созула берди.

Түшкү тамак убагындагы дем алыш бүттү. Мурадова менен Нурали чалдар менен коштошуп, нары кетишти.

Бир нече минутадан кийин алар Лябиджуй «тилкесине» барып жетти. Жазгы айдоо жүрүп жаткан мезгил. Тракторго чиркелген беш корпустуу соконун тиши күнгө чагылып, кара сур тарткан жумшак жерди беш катар толкун сыяктантып коңторуп жатты. Узун бойлуу, кара сакал эркек «Зигзаг» маланы сүйрөп келаткан аттардын узун тизгинин кармап, соконун артынан келатты. Ал улам-улам «чу-чу лап» коюп, жаңы эле айдалган жерди малалап жүрөт.

— Сен тууралу жаман сөз уктум Азам,—деди Мурадова колхозчу менен амандашып жатып.—«Навобод» менен участка алмашкың келбей, колхоздорду бириктирүүгө жолто кылып жатышат дейт ко?

— Участокту мен эч кимге берген эмесмин, бербейм да,—деп кабагын салып, жооп берди Азам.

Жер семирткич чачып жүргөн үч колхозчу алардын жанына келди да, беркилердин сөзүн уга баштады.

— Кош, сенин Лябиджуйоңу алмаштыргыбыз келсе кантесиң? — деп сурады Мурадова.

— Биз макул болбосок да алмаштырасызбы?—деди Азам.

— Ооба, силер макул болбосоңор да алмаштырабыз.
Азам чоочугаи кишиче Мурадовага карады.

— Биздин эмгегибиз текке өлөбү? Өлсө өлө берсинби? Жаздын ичинде гана ар бир гектар жерге 20 тоннадан семирткич ташып төккөм.

— Билем, көп эмгек сиңирдин, бирок алмаштыруу керек болсо, сен да ошондой эле жакшы иштетилген участок аласың.

Сөз кызып келгенде, жаш колхозчу кийлигише кетти.

— Андай боло турган болсо, биз коңшуларыбыз менен кошулганыбыз жакшыраак болот: эң болбогондо өзүбүздүн участогубуз өз бригадабызда калат,—деди ал.

Башка колхозчулар ушул сөзгө макул болгонсуп, баштарын ийкеди.

— Билбейм, балким, ошентсек жакшы болор, бирок биз алмаша албайбыз,—деп, Азам көктүк кылды.

— Эгерде «Навобод» менен «Ситораи Сурх» бириге турган болсо, четте калмак белек. Алар биригишип кетсе, каналды да, электростанцияны да энчисине басып алып, биз четте калабыз,—деп жаңы эле басып келген дагы бир колхозчу сөзгө киришти.

Мурадова Нуралиге таңыркагансып карады да, Азамга колун сунду.

— Макул Азам, иштегин, Лябиджуй сенде эле калсын.

«Навобод» колхозунун конторасынан алар Сайфиддиновду гана тапты. Председатель талаага кетип калган эле. Ат менен мотоциклди колхоздун конторасынын жанына калтырып, Нурали менен Мурадова Жуйборуну көздөй жөө жөнөштү.

Тактай төшөлгөн жерде Хашим-Қорвон менен дагы эки киши цементке таш аралаштырып жаткан эле. Дагы үч колхозчу жерге отуруп алып, балка менен ташты майдалап жатышат. Ошолордун жанында аскердин эски көйнөгүн, солдаттын өтүгүн кийген куйкул чачтуу Просветов турган эле. Нуралинин сөзү боюнча ал прораб болуу милдетин алган.

— Монда нашавед[1] — деди Мурадова аларга.

— Салоомат![2]—деп бир нече добуш катары менен жооп берди.

[1] Арыбаң!
[2] Саламатсызбы!



— Саламатсызбы, жолдош Мурадова!—деп көкүрөгүн керип, жайдары күлүңдөп, Хашим-Қорвон аны менен амандашты.

Курулушка жетекчилик кылган гидротехник Велейко баткак болуп, алардын жанына келди.

Баары Жуйборуну көздөй жөнөштү. Жуйборунун киргил-сары суусу дал ошол жерде жаны казылган убактылуу каналга агып кирген эле, канал ошерден саал бурулуп барып, 40 метрдей ылдыйраак жерден мурунку нукка кошула турган. Жуйборунун түбүнө, каналдын башталган жерине плотинанын фундаменти салынган болучу. Баткакка батып, жеңин түрүп, шымаланган бир нече колхозчу улам-улам толо калып жаткан сууну чака менен сузуп, ыргытып жатышкан эле.

— Жумуш оор. Үч смена болуп иштеп жатабыз!—деди Велейко.

— Плотинаны жакында бүтөсүңөрбү?—деп сурады Мурадова кызыгып.

— Таш жетишпей, кечигип жатабыз. Таш ташып келгидей транспорт жок.

— Жүргүлө жолдоштор, тетиги жерге барып отурууга болот экен,—деп Мурадова кыйылган эки тут жыгачын көрсөттү.—Силер да жүргүлө,—деп колхозчуларды чакырды.

Тигилер көп батынбай бири-бирине карап, Мурадованын артынан ээрчишти. Мындай баскандан кийин Мурадова Хашим-Қорвонду чакырды.

Дамбалынын багалегин тизесине чейин түрүп алган Хашим-Қорвон күрөгүн таштап, алардын артынан ээрчий басты.

Мурадова, Велейко, Нурали жана Просветов кыйылган тут жыгачынын дөңгөчүнө отурду. Қалгандары кураган чөптүн үстүнө отурду.

Велейко Мурадова менен башталган сөздү кайра баштады.

— Қаналдын курулушу июнь айына чейин созула турган,—деп ал даттана кетти.—Мына бу таш ташуу ишин жолго салсак, тезирек бүтүүгө болот эле.

— Сиз канал июнь айында даяр болот дейсизби? Эмне үчүн? Жаңы жерге пахтаны качан эгебиз? Июндабы? Июнда эч ким пахта экпейт. Қаналды андан мурун бүтүрүш керек!—деп, Хашим-Қорвон кызый сүйлөдү.

Алар тут жыгачы сейрек өскөн кичине токойдун четинде отурганда, комсорг Рахим менен башына селде чалынган, узун сакал бир чал көрүндү.

Ал Бобосаид эле. Нурали чалдын астынан утурлай басты.

Чалды сыйлагандыктан, колхозчулар менен Мурадова орундарынан турду. Чалды Нурали өзү менен жанаша отургузду. Рахим туруп турду.

Карап турган кишилердин кайрылганына жооп кайтаргансып, чал: жумушсуз отура берип, зеригип кеттим. Ошондуктан эски каадам боюнча колхоздорду кыдырып, эски досторумду көрөйүн деп чыктым деди.

— Балким, мен силерге жолто болуп жүрбөйүн?—деп сурады ал.

— Жок,—деп Мурадова жооп кайтарды.—Биз менен бирге отуруңуз. Сиздин пикириңизди уксак, бизге пайдадан башка зыян болбойт. Каналды канткенде эртерек казып бүтүрөбүз деп сүйлөшүп жатабыз,—Мурадова Нуралиге кайрылып:—менимче, Хашим-Корвон туура айтат, июнга чейин созууга болбойт. Сиз эмне дейсиз, жолдош Баратов?—деди.

Нурали да менин пикирим Хашим-Корвондукундай деди. Биринчи иретте таш ташып келүү ишин жолго салуу керек.

Таш жөнүндө Нурали эске түшүргөндө, менин сөзүмдү да кубаттаган киши бар экен го деп, кубанып кеткен Хашим-Корвон:

— Менин оюмча мындай, жолдош Мурадова: вагон алып, ташты Табакчыдан эмес, Даганакииктен ташып келиш керек. Анда таш абдан көп. Ошентсек, алда канчалык жакшыраак болот. Сиз вагон бере аласызбы?

Хашим-Корвондун сөзүн Рахим кызуу колдой кетти.

— Даганакииктен таш чогултуу, ташуу милдетин биз, комсомолецтер өз мойнубузга алабыз.

Колхозчулардан арык чырай, сөөгү чыйрак бирөө ордунан туруп, колун көтөрдү да:

— Менин бир суроом бар, жолдош Мурадова,—деди.

— Сураңыз.

Велейко менен Просветов түшүнсүн деп, колхозчу чала билген орус тилинде мукактанып сүйлөй баштады.

— Тажикче сүйлөңүз,—деп, Мурадова аны токтото койду.



Колхозчу мукактанбай, тажикче шыр сүйлөй баштады. Анын сөзүнүн мазмунун Велейко менен Просветовго Рахим которуп берди:

— Каналды тезирек бүтүрүү үчүн эмне кылуу керек?—дейт ал. Жаңы жерге биз быйыл пахта эккибиз келеби? Эгерде эккибиз келсе, экскаватордон тышкары, каналды кетмен менен казуу керек дейт.

— Колхозчулар макул болбойт,—деп Велейко каршы чыкты.—Жаз, эгүүнүн чечүүчү күндөрү келди дешет. Каналга киши бере албайбыз деп шылтоо табышат.

— А тетигинин пикири боюнча,—деп Рахим колхозчуну көрсөттү,— эгерде ар колхоз сегиз-он кишиден берсе, андан талаа жумушу аксабайт.

Талаш-тартыш башталды. Нурали колхозчунун сөзүн кубаттады. Просветов менен Рахим экөө анын сөзүнө кошулду. Талаа жумуштарынан азыр бир ай бою 50—60 кишини алууга болбойт деп, адегенде Нурали менен макул болбогон Хашим-Корвон экинчи экскаватор бергиле деди; азыр экскаватор станциясында бош турган бир да машина жок деп Велейко жооп кайтарды.

Бобосаид талашкандардын сөзүн кунт коюп укту. Кебез салынган чапанынын узун жеңине катып отурган колдорун тизесине коюп, ак кирген кашы астынан сүйлөгөндөрдүн ар бирине таңыркап карап отурду. Акырында, ал да сүйлөмөкчү болду.

— Биз да өзүбүздүн «Коммунизм» колхозубузда гидроэлектростанциясын курганбыз. Ошо кезде мен председатель элем. Жумуш эрте жазда башталып, жай бою жүрдү. Биздин колхозчулар талаа жумушун бүтүрүүгө үлгүргөн жок, бирок ошондой болсо да, күн сайын 40 чакты кишини канал казууга, плотина курулушуна жиберип туруу керек эле. Ошондо мен мындай сунуш киргизгем: курулушка ар бир бригаданын бир звеносун чыгарып, калган звенолор канал казууга барган звенонун участогундагы жумушту аткарсын деген. Акыры ошондой кылганбыз. Керек болгондо кишилер талаада көбүрөөк калып, канал казып жаткан кишилер үчүн иштешти. Биз пахтаны да жакшы эгип, багып, электр станциясын да курдук. Силер да ошондой кылсаңар, жакшы болор эле.

— Рахмат, аба! Сиздин бул айтканыңыз абдан жакшы акыл экен! Бул жөнүндө биз да ойлоп көрөлү,—деди Мурадова.

Үйүнө кеткени мотоциклине отуруп жатып, Мурадова Нуралиден сурады:

— Кош, бүгүнкүгө ыраазы болдуңузбу? Жаман болгон жокко дейм, ыраспы? Кыйналбай жакшы келдик, кишилер менен да ачык-айкын сүйлөштүк. Кабинетте чогулуш өткөрүп, ар түрдүү токтом жазгандан алда канчалык жакшы болду. Эгер артынан ишмер кишилер иштей турган болсо, токтом да жакшы. Эң негизгиси—кишилер менен байланышты үзбөй, алардын ой-пикирин, муктаждыгын билиш керек. Эми токтом жазып, колхоздордун правлениесине тапшырма берүүгө да болот... Саламат болуңуз!..

Райкомдун имаратынын жанына келип, Нурали атынан түшкөндө, түнкү саат ондон өтүп кеткен кез эле.

Кабыл алуучу оозгу бөлмөдө Шура тыкылдатып машина басып жаткан экен.

— Боровиков кабинетиндеби?

— Азыр эле келди, отура туруңуз.

Нурали диванга отурду. Телефон менен сүйлөшүп жаткан Боровиковдун үнү кабинеттин чала ачылган эшигинен даана угулуп турду.

— Галочка, мени көп күтүп калдыңбы? Кечирип кой, жаным, заводдо кечигип калдым, аерде машинаны сынадык. Бир сааттан кийин үйдө болом. Баса, Галочка, машиналар Ташкенттикинен кем калышпайт. Эми бу машина менен биз жалаң өзүбүздү гана эмес, коңшулаш райондорду да камсыз кыла алабыз... Рахмат, мени эмес, заводдун кызматкерлерин куттуктоо керек.

Машинаны тыкылдатканын токтотпой, иштеп жаткан Шура:

— Ой, акыр-аягы чыгарышкан экен!—деп кубанып кетти.

Нурали ага бул эмнеси дегенсип карады.

— Культиваторлорду чыгаруу ишин жөнгө салганча, Петр Николаевич күндүр-түндүр заводдон чыккан жок,—деп, Шура орунсуз болбойтко деген эмече түшүндүрө баштады.—Акыр-аягы чыгарышкан экен!

— Кандай культиваторлор?—деп Нурали таң калды.—А буга чейин культиваторлорду борбордон алып келишчү эмес беле?

— Ат менен жүрө турган культиваторлор. Семирткич себе турган машиналарды көрсөңүз. Ташкенттин «Сельмашы» биздин республикага ар дайым аз бере турган,—деп, Шура иштин баарын билем деген эмече, саал мактангансып, тактап айтты.

Нурали жанынын жайын таппады.

«Боровиковдун жумуштан колу бош эмес экен, — деп ойлоду,—а мен ага кандай маселе менен келип отурам? Бир кызга ашык болгонум жөнүндө «доклад» кылып беремби... А кишиге кандай болуп көрүнөм? «Мен сени: «Навободдо» иштесин, колхозду оңосун деп жиберсем, сен кыздарга ашык болуп, эл менен талашып-тартышып жүргөнүң кандай? »деп суроого акысы бар го!»

Бирок Нуралиге көп ойлонуп отурууга туура келген жок. Шура ал жөнүндө Боровиковго барып айтты да, Нуралини ошо замат эле кабыл алды.

Кабинетке кирип бара жатканда, «Боровиковго жашырбай баарын айтып берейин» деп, Нуралинин кайраттанганы жок боло баштады.

Боровиков кагаздарга үңүлө карап, кандайдыр-бир нерсе жөнүндө терең ойлонуп отургандай сыяктанды. Салам айтып кирген Нуралиге унчукпай башын ийкеди да, отургун дегендей ишарат кылды. Боровиковдун ирени азып, бети-башы жарылып кеткен эле.

— Кулагым сенде,—деп ал Нуралиге кайрылып, папкадагы кагаздарын жаап койду.—Түн катып келипсин, жакшы кабар менен келсең керек?

Ушул суроону укканда Нуралинин ындыны өчө түштү. «Шодигүл жөнүндө буга эчтеке айтпайын».

Жок!.. анчалык деле эмес...

Боровиков ага тигиле карады:

— Анчалык деле? Мурадова менен көрүштүңбү?

— Ооба, көрүштүм, ошо жөнүндө... сүйлөшөйүн дедим эле,—деп Нурали Боровиковдун айткан сөзүнө жабыша калды.—Бүгүн а киши экөөбүз талааны кыдырып чыктык. Акыл-эстүү аял көрүнөт, эл менен сүйлөшкөндү жакшы билет экен... А кишини Сарыкамышка жибергениңиз жакшы болуптур... Маселенин баарын бирден эле чечип койду: таш ташуу, каналды кетмендеп казуу... жана дагы ушул өңдүү маселелерди чечти...

Башка сөз айтууга Нуралинин чамасы келген жок. Өзүнүн үнү ага төгүндөй, дыңылдаган чымындын добушундай болуп сезилди.

— Чечүүн кайдан чечсин, кандай кылып чечсек, кандай кылсак, туура болот деп жоромол кылгандыр,—деди Боровиков, бардыгын небак билген эмече. Анан Нурали өзүнө бул маселе жөнүндө эмес, башка иш менен келгенин түшүнө коюп:— Сүйлө. Эмне ишиң бар?— деди

Нурали калтаарып калды.

— Мен жанагы... канал жөнүндө келдим эле, — деген сөз анын оозунан зорго чыкты.

Дал ошол арада Шура кирип келди.

— Сиздин докладыңыз,— деп ал машинкага басылган бир нече барак кагазды Боровиковдун алдындагы столдун үстүнө койду.

— Рахмат, Шурочка. Үйүңүзгө кете берсеңиз да болот.

Шура ийменген эмече Нуралиге көзүнүн кыры менен карады да, бир нерсе айта албай, кынжылгансып, эшикти көздөй жай басты. Боровиковго анын бирдеке айткысы келсе да, батынбаганы сезилип турду.

— Шура!— деп Боровиков аны токтото койду.— Сизге отпусканын акчасын бердиби?

— Ооба.

— Качан кетесиз?

— Мен...— деп ал дагы Нуралиге ийменгенсип карады.—Петр Николаевич!.. Кечиресиз...

— Эмне?

— Биз Гриша экөөбүз... макулдаштык эле... Ал Чимкенттеги ата-энемдин үйүндө болсун дейт. Бирок ага отпуск бербей жатышат. Мурун макул дешти эле, эми айнып калышыптыр, жазгы кош айдоо башталды, көп жүрүш керек дейт Жалалов... Ушундай суроо менен кайрылганымы айып көрбөңүз...

Шура кулагына чейин кызарып кетти. Боровиков ага:

— Макул, мен Жалалов менен сүйлөшөйүн,—деп кыскача жооп кайтарды.

— Рахмат, Петр Николаевич! Кечиресиз,—деп, кубанганынан жадырап-жайнап, кабинеттен жүгүрүп чыгып кетти.

Нурали эчтеме түшүнгөн жок. Боровиков телефондун трубкасын алып, райисполкомдун председатели Жалаловдун квартирасын сурады.

Кадыр, уктай элексиңби?— деди ал телефон менен. —Сен эмне, шофериңе отпуска бергиң келбей жатабы?— Эмне үчүн сурап жатасың дейсиңби?—деп Боровиков мыйыгынан күлүп койду.— Билесиңби, биз Шурага отпуск бердик эле, бирок ал кете албай жатат, Гришага отпусканы качан берет деп күтүп жүрөт. Ооба, ал экөө үйлөнүүгө тийиш эмес беле; тойду Чимкентте, анын ата-энесинин үйүндө өткөрөбүз деп сүйлөшкөн экен. Жаштардын тилегине каршы чыкпа! Сенден сураганым Кадыр: эгер мүмкүнчүлүгүң болсо, Гришага азыр отпуск бер... бересиңби? макул, жакшы болот.



Эмне жөнүндө сөз болуп жатканын эми түшүнгөн Нурали ордунан туруп, столго жакыныраак отурду. «Боровиков деле ушундай иштер менен убара болот турбайбы! А Шодигүл экөөбүздүн ишибиз мындан кем бекен!» Боровиков телефонун илип койгондон кийин, Нуралиге ишенбеген кишиче:

— Сен мага Мурадова жөнүндө сүйлөшкөнү келбесен керек. Эмне болгонун жашырбай, чынын айт,— деди.

Нурали жашырбай чынын айта баштады.

— Адегенде мен сизден ийменип айта алган жок элем, — деп, Нурали ийменип сүйлөй баштады.— Менде өзүнчө бир тарых болду... жаман окуя болду десем да болот. Чынын айтсам, мындан ары «Навободдо» иштей аламбы, жокпу билбейм... Мен... Хажиумардын Шодигүл деген кызы менен тааныштым. Аны менен «Навободго» келе электе эле таанышкам. Бири-бирибизди сүйүп калдык. Аны Юнусбайдын Мусаев деген кайнисине, мындайча айтканда, асыранды баласына куда түшүп коюшкан экен. Мындайча айтканда, Шодигүл наристе кезинде эле ата-энелери сөз алышып коюшкан көрүнөт. Мына эми... Юнусбай менен Хажиумар мага тарынып жүрүшөт. Мага... жок, тагыраак айтканда, кызды Мусаевге бермекчи болушат...

Нурали тайпалап, кызарып, акырында унчукпай калды. Нуралинин уялганын көрүп, Боровиков ага карабастан, канжасына тамеки толтуруп, аңгеменин уландысын чыдап укмакчы болду.

— Алар менен эсептешпестен, Шодигүлдү ала качып барып, жазылып койсом да болор эле,— деп Нурали жоолугу менен чекесиндеги, мойнундагы терин сүрттү,— бирок анте турган болсом, Юнусбай менен кантип иштеше алам?.. Кыздын тоюн ишенби күнгө дайындашты. Мен кыз менен... кол үзүшкүм келбейт. Эч качан!— деп үнүн катуу чыгарып жиберди.

Телефон шыңгырады да, Боровиков трубканы алды.

— Ыраспы?.. Ой, кечир жаным! Биерде шашылыш иш болуп калды, билесиңби? Мага Баратов келиптир. Сен, Галочка, жагып уктай бер, эртең менен сүйлөшөрбүз, макулбу... Тамакты өзүм эле ичем. Ачууланба, кудай жалгагыр.

Боровиковдун зайыбы экинчи күнү эртең менен Бурят-Монголиядагы жакында биринчи жолу төрөмөкчү болуп, келип кеткин деп энесин чакырган Лена деген кызына бир-эки айга кетмек эле. Галина Андреевна кетер алдынан эри менен сүйлөшүү керек; бирок эртең менен үйүнөн кеткен эри түн ортосуна чейин кайта келе элек.

Сүйлөшүп бүткөндөн кийин Боровиков ордунан туруп, канжасын тартып, кабинетинде аркы-терки баса баштады.

— Мына сизге келген маселем ушу,— деп Нурали кыйналып жатып сөзүн бүттү.— Ушул ишти жөнгө салууга жардам бериңиз. Мени «Навободдо» иштөөдөн бошотуңуз. Каалаган жагыңызга жибериңиз, мен а жерде кала албайм.

Боровиковдун өңү дагы сурдана түштү. Анын ыраазы болбогону көрүнүп турду. Бирок Нуралинин «тарыхынабы» же Юнусбай менен Хажиумардын кылык-жорукунабы?—билинген жок.

— Рас,—деди акырында Боровиков.—Болуптур, өзүң сүрүштүрүп көр... Чатакты өзүң баштаган экенсиң, эми өзүң жөнгө сал. Силерди мен эмне кылмак элем?

Өкүнүү, наалуу кыязы анын ушул сөздөрүнөн байкалып турду.

— Демек, жардам бергиңиз келбейт экен го, Петр Николаевич?— деди Нурали.

Боровиков жооп кайтарган жок.

Нурали ордунан турду.

— Медер кылып, ишенип келген кишим сиз элеңиз. Болуптур! «Навободдон» ушул иштин айынан кетүүгө туура келсе да, мен өзүм-өзүмө жардам берейин. Коммунисттин минтип сүйлөшө турган жөнү жок экенин билем. Мага партиянын жолу менен жаза беришсе да, мейли. Бирок кызды жанагыдай абалда калтыра албайм... Саламат болуңуз. Убара кылганым үчүн айып көрбөңүз.— Нурали эшикти көздөй басты.

— Сен байкап жүргүн! — деп Боровиков сүрдүү айтты.



— Той ишемби күнү болгону жатпайбы,—деп, Нурали чыкканы баратып, муңкана күлүмсүрөп койду.

— Мен сени дагы чакырам,— деп, Боровиков артынан кыйкырып калды.

Петр Николаевич үйүнө келгенде, саат он эки болоюн деп калган эле. Галина Андреевна али уктай элек болучу. Жолго даярданып, ал керели-кечке алпурушса да, бөлмөнүн ортосунда ачык турган чемодандын тең жарымына чейин гана буюм салынган. Боровиков ага жардамдашып жиберди да, тамак жегени отурду. Кетер алдынан кыргоолдун этин салып бышырган, эри жакшы көргөн самсаларды табакка салып, Галина Андреевна эринин алдына койду а, термостон кофе куюп берди. Эри тамактанып бүткөндөн кийин, Галина Андреевна жалаң аялдардын аты жазылган бир барак кагазды сунду.

— Мунуң эмне? Окуучуларыңдын тизмесиби? Мага эстелик кылып, берип кеткиң келип турабы?— деп, Боровиков мыйыгынан күлүп койду.

Галина Андреевна эрине тарынгандай карады.

— Унутуп калдыңбы?

— А-а,— деп Боровиков күлүп жиберди.— Түшүндүм. Али төрөлө элек небере кызың үчүн ат тандап жүргөн экенсиң го?

— Жээнибиз сөзсүз кыз болот,— деп толкунданып, Галина Андреевна колун эринин ийнине коюп, жанаша отурду. — Кандай сонун. Чынбы?

— Калыбы, жаман болбос, бирок жээниң эркек болуп калса, эмне кыласың?

— Эркек болсо, болуп калар, баары бир,— деди Галина Андреевна.

Анткени жээним кыз болот деп ал абдан ишенип жүргөн эле; себеби Лена ага кыз төрөйм деп жазган болучу.

Боровиков дагы:

— А эгерде эркек болуп калса, анда атын ким коёбуз? (жээним эркек болсо экен деген анын оюнда бар эле).

— Ким коёрубузду ойлогонум жок.

— Владимир коёбуз. Лена менен урматтуу күйөөмө таятасы жээнимдин аты Владимир болсун деп жүрөт дегин.

Боровиков бул сөздү чыны менен айтты, анысы аз келгенсип, үнүн да катуурак чыгарды. Фронттон, келген кабарда кыскача жазылгандай; «өзүнүн аскердик кызматын

орундатып жүрүп баатырларча өлгөн» жалгыз баласынын аты ал үчүн абдан кымбаттуу эле. Боровиков баласынын кандайча өлгөнүн сураштырып кийин билген: көрсө, Володя колуна граната алып, фашисттердин алдыда келаткан танкасынын астына жыгылып, танкты жарып, душмандын танка колоннасын бир кыйла убакытка токтотуп койгон экен.

Кайгылуу, оор эскерүү экөөнүн оюна түштү да, көпкө чейин унчугушпай отурушту.

— Ырас, Галочка, Владимир коёлу, — деп Боровиков сөз баштады. Баласынан ажыраган күйүтүн эстетип, зээнин кейиткени үчүн жубайынан кечирим сурагансып, ал зайыбынын ак кирген чачынан сылады.— Кыз болсо кандай ат коймокчусуң? Чындыгында экөөбүздүн кенеш айта турган гана укугубуз бар!— Жээнине ат коюу аны абдан кызыктыргандай болду.— Биз кеңеш бере турган гана акыбыз бар, чын эмеспи?

— Боровиков «сунуш кылынсын» деген сөздү көп колдоно турган.— Баланын атын биротоло тандап алуу атаэнесинин иши. Менин пикиримди сурап калышкандан кийин, келечектеги жээн кызымдын атын Светлана койсун деп кеңеш берем.

— Чынбы? А мага Надежда көбүрөөк жагат. Наденька, Надюша.

— А менимче, Светлана. Светин, Светочка — жакшыраак.

— Келечектеги таяата менен таене бир аз талашкандан кийин, Надежда болсун деп макулдашты да, ушул атты коюу сунуш кылынсын деген жыйынтыкка келишти.

Анан Боровиков жумшак креслого оңдонуп отурду да:

— Эми, кымбаттуу зайыбым, бир маселени чечүү керек, айтар акылың болсо айткын,— деди.

Нурали жөнүндө ал зайыбына айтып берди.

Галина Андреевна эринин сөзүн угуп, алаканын чаап таң калды.

— Ой тобо, дагы башталдыбы! Деги бу жорук качан бүтөт!

Боровиков айткандай, «байчыл-феодалдык калдыктарды кийинки айдын ичинде райкомдо кароого туура келгенин ал билчү эле. Бир кыштакта ата-энеси, бойго жете элек кызын эрге берүүгө аракет кылышкан; «Кызыл Аскер» колхозунун председатели эки зайыбынын үстүнө



үчүнчү зайып алган эле; «Пахта Ширкаттын» завхозу зайыбына зордоп паранжи кийгизген болучу; куду Шоди гүлдү азыр зордоп бергени жаткан сыяктуу», «Эркин Эмгекте» да, убадалашып койгондуктан гана, ата-энеси кызын сүйбөгөн кишисине зордоп беришкен.

— Жок, Петенька, акыр-аягы олуттуу чара көрүш керек,—деп Галина Андреевна кыжырлана баштады.— Биз эң алдыңкы маданияты бар өлкөдө турабыз. Ушундай иштерге кантип чыдоого болот? Алардын тоюн ишенби күнү болот дейсиңби? Албетте, мындай ишке жол бербей кийлигишесиң го?

— Албетте, кийлигишүүгө туура келет,— деп, Боровиков оюндагысын угуза айткандай сүйлөдү.— Айрым учурларда мындай иштерди жөнгө салуу анчалык кыйын эмес. Менин жүрөгүмдү өйкөгөн башка масele бар. Ушундай окуялар тез-тез кайталап баратат. Мындай учурлар жат кишилердин таасири менен бир аз баш көтөрүп отурат. Бул факт. Эмне үчүн андай? Себеби, эски калдыктарга каршы күрөшүү ишин начарлатып жибердик; агартуу ишин начар жүргүзүп жатабыз. Бул да факт. Чарба ишине берилип кетип, тарбия, саясий-агартуу ишин артка таштап койдук. Балаанын баары мына ушунда болуп жатат. Мисал үчүн, мына менин өзүмдү эле алып көрөлүк. Эки жума бою убактымы каякка кетирдим? Культиваторлорду чыгаруу ишин жөнгө салам деп жок кылдым! Ал керектүү иш, бирок ал иш менен, айталык, исполком алек болсо да болмок эле. Саясий жетекчи өзүнүн саясий жетекчи экендигин унутуп койгону жаман.

Боровиков чөнтөгүнөн канжасын алып чыгып, тамеки сала баштады. Тамекисин күйгүзүп чекти да:

— Жакында боло турган пленумда байчыл-феодалдык калдыктарга каршы күрөшүү жөнүндө атайын маселе талкулоо керек,— деп сөзүн улантты.

— Сенин өнөкөтүң ушундай. Дайыма адегенде өзүңдү урушасың,— деп Галина Андреевна күнөө коё баштады.— Билбейм жалаң эле сен күнөкөрсүңбү?

— Балким, жалгыз мен эместирмин, бирок баары бир күнөөлүмүн,— деп Боровиков жооп кайтарды. Бир аз унчукпай туруп, дагы:— негизги күнөкөр өзүммүн,— деди.

— Өзүң билесиң... кош, эми Хажиумарды, анан жанагы... ким эле? Юнусбай беле? Ошол экөөнү эмне кылам деген оюң бар? Калыбы, Юнусбай коммунист болсо ке-

рекко? Жок, жанагы кыз менен Баратовго сөзсүз жардам бериш керек,— деди Галина Андреевна, бирин-бири сүйгөн эки жаштын тагдырына күйүп.

— Ооба, албетте... Жатып уктагын Галочка, сага эртең менен саат алтыда туруш керек,— деп Боровиков форточканы ачып, жатар алдынан үйдү желдетмекчи болуп, терезенин түбүнө келди.

— Ал экөөнү чакырып сүйлөшөм.

— Сен, Петенька, жакшылап сүйлөш, — деди Галина Андреевна, төшөк салып жатып.— Сен аларга түшүндүрүп айт, бу кылгандары жаман экени алардын жүрөгүнө жеткендей болсун. Бирок райкомдун секретары буйрук берген үчүн гана убада сөзүбүздөн тандык дешсе, анда жаман болот.

Канжасынын күлүн пепельницага кагып, Боровиков ойго батkансып турду да:

— Ырас, бул айтканың чын. Алардын жүрөгүнө жеткендей болсун,— деди.

### *Жыйырма бешинчи глава*

Эртең менен Боровиков зайыбын узатып коюп, райкомго кирди да, адегенде эле Сарыкамыш сельсоветине телефон урду. Ал «Ситоран Сурхтун» председателин мага күндүз жибергиле: а «Навободдун» председателин кечинде жибергиле,— деди.

Хажиумар атка минип саат 4 ченде келди. Райкомдо ага Боровиков сени үйүндө күтүп отурат дешти.

Боровиковдун үйүнө келип, Хажиумар өзүнүн Рахмат деген шофери менен бирге тамак ичип отурган жеринен тапты. Куурулган кыргоолдун этинин жыты шилекей агызды. Тайган ордунан ыргып туруп, арсылдап үрө баштады.

— Бегун, өз кишибиз. Түшүндүңбү? Чоочун эмес, — деп, кожоюну итине мейманды көрсөтүп, жубата баштады.

Түшүнгөн немече Бегун жоошуй түштү, бирок Хажиумардын жанына келип, жыттап көрдү.

Чалды столго отургузуп, Боровиков ага арак куюп берди.



— Ичиңиз,— деп ал толтура куюлган стаканын көтөрдү. Алыс жолдон кийин бир аз ичип койгон пайдалуу болот.

Хажиумар теңин гана ичти.

— Кана алыңыз, өзүбүздүн Вахштын кыргоолу.

Боровиков сылык болгону менен сабыры суздай көрүндү. Анын эси-дарты башка жакта жүргөндөй сыяктанды. Кала берсе, Рахмат Хажиумарга стаканын көрсөтүп:

— Эмне ичпедиңиз, кудайдан коркуп жатасызбы? Баары бир күнөөлү болдуңуз, түгөтө ичиңиз дегенде, Боровиков күлүмсүрөгөн жок.

— Сен төрөлө электе эле, кудай менен ыркым келишпей калган,—деп Хажиумар мурутунан күлдү да, стаканды түгөтө тартып жиберди.

Боровиков анын айткан жообун укмаксан болду.

Кожоюндун сабыры суз болгону Хажиумарды таң калтырды. Демейде Боровиков шайыр отуруп, тамаша кылып, күлгөндү жакшы көрө турган. Кыргоолдун бутунан кармап, бир тиштеп алгандан кийин шектенген эмече чал райкомдун секретарына карады.

— Байбиче кайда?— деди ал, балким, Боровиковдун көңүлүнүн чөгүнкү болгону үй-бүлөдөгү иш менен байланыштуудур деп ойлоп.

— Жөнөп кетти,— деп Боровиков жооп кайтарды да, шоферге кайрылып:— Рахмат, сен эмне жебейсиң — деди. — Ыракмат, тойдум, — деди Рахмат.

— Андай болсо баргын да, жумуштарыңы бүтүр, кечинде совхозго барабыз.

— Хуп, жумуштарымды бүтүрөйүн, деп, таттуу тамактан, арактан кийин көңүлү шаттанган Рахмат жооп кайтарды.

Хажиумар менен жалгыз калган Боровиков:

— Байбиче кызыныкына кетти, — деп айтты да, канжасына тамеки толтура баштады. — Лена эсиңиздеби?

Ооба, анын кызын Хажиумар унута элек, анын кызын согуштан мурун МТСтен көргөн. Улактай секирген, кара көз кыз политотделдеги атасына жүгүрүп келчү эле.

— Эми ал чоңойду, — деп Боровиков кызынын боюн көрсөткөнсүп колун жогору көтөрдү. — Күйөөгө тийген. Жакында төрөйт.

— Демек, жолдош Боровиков жакында таята болот экен да? Жакшы? Кызыңызды кимге бердиңиз эле?

— Берген эмесмин, өзү чыккан.
— Өзүбү?
— Ооба. Мына бу жигитке.
Жанындагы тумбочкада турган кичирек альбомду алып чыгып, Боровнков столдун үстүнө жайды да, сүрөттү көрсөттү. Тармал чач кыз, өзү менен жашы тең катар сыяктанган, көз айнекчен, арык чырай жигитти колтуктап туруп түшкөн экен. Кыз күлүңдөп: «Менин тандаганым ушу жигит, мен эми таалайлуумун» дегенсип тургандай көрүндү.
— О-о, абдан чоңойгон турбайбы!—деп, Хажиумар эңкейип сүрөттү карады.— Жакшы кызыңыз бар экен... А бу жигит эмне көз айнек киеби?— Анын үнү Боровиковго боору ооруган эменикиндей чыкты.
— А сизге жакпай турабы?
— Ахмеджан да көз айнек киет,— деп Хажиумар жооп кайтарды,— мен аны жаман көрөм.
Боровиков күлүп жиберди.
— Кеп көз айнекте эмес, сыягы, менин күйөөм жакшы киши болуш керек.
— Эмне үчүн «сыягы» дейсиз? Сиз эмне аны билбейсизби?—деп, Хажиумар таң калды.
— Көрө элекмин. Москвада почтада иштеген экен, эми Бурят-Монголияга кеткенин билем.
— О-о, абдан алыс кеткен турбайбы?
— Аларга жетүү үчүн эки жума керек.
— Ой-ой, абдан алыс турбайбы. Жалгыз кызыңыз өзүңүздөн ушунчалык алыс жерде турабы? Жакшы эмес.
— Эмне кылмак элек.
— Кызыңызды ошо жакка алып кеткен кишини да билбейсизби? Өзүңүздүн күйөөңүздү билбейт экенсиз,— деп, Хажиумар, арак ичкендиктен болсо керек, көңүлдөнүп сүйлөдү.— Демек, күйөөнү кызыңыз өзү тандаган экен да?
— Өзү. Галина Андреевна экөөбүз аны бир жакшы кишиге бергибиз келди эле, бирок кызыбызга жаккан жок.
— Жаккан жокпу? Жакшы киши беле?—деп, Хажиумар бир аз алга умтулду. Калыбы, ушул сөз чалды кызыктыргандай болду.
— Ооба, мен аны фронттон билчү элем, партияга өзүм кабыл алгам. Ал Советтер Союзунун Баатыры, архитектор, Ташкентте иштейт. Аскерден бошогондон кийин мага келген. Ата-энеси жок. Эки жума чамасында бизде мейман болуп жатты. Дал ошол учурда Лена да Москвадан каникулга келген, аерде пландоо институтун бүткөн болучу. Кандай деп ойлойсуз, жаш жигит кызга ашык болуп калды, ашык болгондо да, башка эч нерсени каалаган жок. Мага тийгин деп Ленага жалынып, жалбарды. А Лена макул болгон жок. Ал Ленага жакпаптыр, ошону менен бүттү. Чынын айтсам, Галина Андреевна экөөбүз ошол жигитти күйөө кылып алгыбыз келди эле. Сулуу десең сулуу, баатыр десең баатыр, акылдуу десең акылдуу жигит эле, ошондой күйөө күтүүнү кандай ата-эне каалабасын? Бирок кызыбыз көнгөн жок. Башканы, мына бу көз айнекчен жигитти сүйдү.
— Ошентип, сиз «макул» дедиңизби?
— Ооба, «макул» дедик «Эрк сеники»... Андан башка эмне кылат элек? Зордомок белек? Ушу жигитке тий деп кыйнамак белек?
— Таңуунун кереги жок деңизчи, бирок жаш кызга түшүндүрүп, ынандырып, көндүрүш керек эле го... ошентүүгө болот эмеспи?
— Ынандырыппы? Башкача айтканда зордоппу? Антүү зордук болот. Кишиге зордук көрсөтүү — маскарачылык, кылмыш, аны сиз өзүңүз да жакшы билесиз.
Боровиков маектешип отурган кишисине тиктей карады; Хажиумардын ирени өзгөрүп, башын жерге салды.
— Кылмыш болот,— деп Боровиков дагы айтты.— Кишинин өмүрү майып болот. Андан да жаман болгон учурлар бар: «Эркин Эмгектеги» Захирди биле тургандырсыз.
— Ооба, уккам,—деп Хажиумар иймене жооп кайтарды.
— Анын кызы бир жигитти сүйгөн, а Захир башкага чыккын деп кыйнаганда, күйүтүнө чыдай албай, кыз сууга түшүп өлмөкчү болгон. Бактыга жараша, кызды аман алып чыгышкан... Ошо жөнүндө уктуңуз беле?
— Ооба — деп, Хажиумар акырын жооп кайтарды.
Боровиков ширенкесин чагып, өчүп калган канжасын кайра күйгүздү.
— Мени дагы кайсы иш менен чакырдыңыз эле,—деп сурады Хажиумар.
— Жалаң ушул маселе боюнча гана,— деди Боровиков. Хажиумар бурулуп, сүйлөшүп отурган кишисине

капталын салып отурду да, жер карап, көпкө чейин үн-чуккан жок. Андан кийин башын көтөрүп, күлүмсүрөмүш болуп:

Сиз абдан куу кишисиз: «Керегем саа айтам, келиним сен ук!» деген лакаптагыдай кылдыңыз,— деди.

Боровиков күлүмсүрөп койду.

— Келген мейман менен сылык болуш керек, бирок бул жолу мен ал эрежени бузуп койдум окшойт, айып көрбөңүз, — деп ал бир аз унчукпай туруп, кайра дагы: — Сиз акылдуу кишисиз, кызыңызды жакшы өстүрдүңүз, чынын айтсам, ушундай иш жөнүндө сиз менен сүйлөшүүгө туура келетко деп ойлогон жок элем,— деди.

Хажиумар столго чыканактап, жонуна оор жүк түшкөн эмече, бүкчүйө кетти. Анын каржайган, бырыш кирген мойну нымдана түштү.

— Убада бербесем, балким, мындай кылбас элем,— деп, Хажиумар көптөн кийин өзгөрө түшкөн үн менен жооп кайтарды. Юнуска сөз бергениме көп жыл болду. Шылдың болобузбу деп корком...

— Юнусбай менен сүйлөшүү милдетин мен өз мойнума алам,— деди Боровиков.— А жөнүндө кайгырбаңыз.

Мейманды ал оозгу үйдөн чыгарып койду. Хажиумар коштошордо унчукпай, анын колун кысты.

Боровиков Юнусбай менен башкача сүйлөштү.

Юнусбайды кабинетине чакырып кирип (Боровиков түшкү тамактан кийин райкомго келгенде, Юнусбай кабыл алчу бөлмөдө отурган эле), ага мостоюп:

— Кызы жөнүндө Хажиумар менен кандайча убадалаштың эле, айтчы?— деди. Коммунист болуп туруп, кыздын каалабаганына карабастан, маскарачылык убадаларды орундатам дегениң жарайбы?

Юнусбай графинден стаканга толтура суу куюп туруп, Боровиков стаканымды тартып албагай эле деп корккон эмече, шимирип жиберди. Ал ушул иш өзүнө эч кандай тиешеси жок эмече сүйлөдү. Ырас, Хажиумар менен ушундай убада болгону чын: Бул иш алда качан, Юнусбай партияга кире элек кезде, мындан беш жылдай мурун болгон. Эски дос болгондуктан, Хажиумар экөө сөөк болгусу келген, кыз менен жигит макул болушатко деп ойлогон. Шодигүл да жакында эле каршы болгон эмес, иши кылып, кыздын каршы болгону Юнусбайга белгисиз эле. Кийин гана Турабга чыкпайм деп айнып калган имиш. Болуптур, бул анын иши, каалабайт экен—кереги жок.

— Сенин оюң ушундайбы? Андай болсо эмне үчүн той өткөрмөксүңөр?

— Тойдубу? Тойду дайындаган Хажиумар, Шодигүл макул болду деп айткан да ошол.

— Хажиумар ошентип айтты беле? Балким, кызды кысташкан чыгар?

— Билбейм... андай эместир...

— Кыз макулбу, жокпу, сен өзүң билген жоксунбу?

— Мен кандайча билем? Кыз менен сүйлөшмөк белем? Ал кыздын атасынын иши.

— Жок, сенин да ишиң. Кана тергештирип көрөлүчү. Сен Хажиумарды убадасынан бошоткон эмес турбайсынбы? Демек, убадаңды орундаткын деп, сен андан талап кылгансың да. Сен да ушул жаман ишке катышып жаткан экенсиң. Өзүң коммунистсиң. Кыздын Турабга чыккысы келбегенин билип туруп, эмне үчүн кийлигишпейсиң? Сен кийлигишкен жоксун, чынбы? Жашырбай айт.

Юнусбай графинден стаканга дагы суу куюп алды, бирок бу жолу шашпай ичти.

— Туура, жолдош Боровиков,— деп ал мойнуна алды. — Деги... оюма келбептир... Жаман болгон экен.

— Билесиңби, эмне үчүн оюна келген жок? Аялдарга эскиче кароодон сен али кутула элексиң, ошол себептен оюна келген эмес. Сен албетте, аялдарды азаттыкка чыгаруу, тең укуктуу кылуу ишин жактайсың, бул сөздөрдү жакшы билесиң, бирок көңүлүңдө аялдарды эркек менен тең катар койбойсуң, аялдарды кем санайсың. Ошондой болгон соң, кызды зордоп күйөөгө берүү, окууга жибербөө, паранжы кийгизүү сыяктуу иштерге сен камырабай карайсың. А биз, коммунисттер, андай ишти эмне деп айтабыз? Байчыл-феодалдык калдыктар дейбиз. Мындай обу жок иштерди кылган кишиге: «Сенде байчыл-феодалдык калдыктар бар» деп айтсаң, ал: мен каяктагы баймын? Мен совет адамымын! Коммунистмин! Же партияда жок большевикмин, деп наараазы болот! Мына сен да ошондой болуп отурасың. Өзүңдүн кемчилигиңди көрсөткөн жолдошторуңдун тилин алсаң, балким, сен азыркыдай болбос элең, мактанчактык кылбас элең, өзүңөн жаш

кишилерден акыл үйрөнүүдөн коркпос элең. Чынын айтчы, ушу кийинки жылы жок дегенде бир китеп окудуңбу? Жок, албетте, окуган жоксуң. Байкап кой Юнусбай, эгерде бул өнөкөтүңдү .таштабасаң, сен жакында звеновойлукка да жарабай каласың.

— Мындайча айтканда, газетаны күн сайын окуйм,— деп, Юнусбай таарынганы бүтө элек кишиче сүйлөдү. —Хажиумардын кызы жөнүндө болсо... чын эле жакшы болгон эмес экен, бул иште мен да айыптуумун. Бирок жанагы байчыл-феодалдык калдыктар жөнүндө толук макул боло албайм.

— Макул, ойлоп көр, экөөбүз бу жөнүндө дагы сүйлөшөбүз. Демек, Хажиумар менен сүйлөшөсүңбү?

— Албетте, сүйлөшүш керек.

Боровиков анын үнүндө кандайдыр бир үзүл-кесил айткан кыяз жок экенин сезе койду.

— Сен дагы эмне айтмакчы элең?

— Жок... кош болуңуз.

Ордунан туруп, ал босогого жай басып келди да, токтоло калып, Боровиковго кыйналгандай кайрылды:

— Мен сага, жолдош Боровиков, бир нерсе жөнүндө айтканым жок. Мындайча айтканда, бардык балаанын баары менин зайыбыман болуп жатат. Сен «убада» дедиң; менин зайыбым ошол убада дегенге өлгөндөй бек... зайыбынын үстүнөн даттануу жакшы эмес, бирок ал, билесиңби, көшөргөн катуу, анын үстүнө... Тураб деген бир тууганын өлгөндөй жакшы көрөт, өзү тарбиялап чоңойткон. Ал үйлөнбөй калса, анда зайыбым: «маскарачылык» деп жаңжал салат. Анан кетип да калат.

— Кетип калабы? Каяка кетмек эле?—деп Боровиков таң калды.

— Биз өзүбүз туулуп-өскөн кыштагыбызга дейт. Бирдеке жакпай калса эле, ал: «кетем» деп тура калат. Жалынып жатып, калтырган учурум көп болгон. Эми кетет. Мага жаман болду!— деп Юнусбай башын чайкап койду.

Боровиков күлүмсүрөбөй коё алган жок. Ушундай килейген салабаттуу кишиге караганда, аялына мурдунан жетелетип жүрөт деп ойлоого мүмкүн эмес эле.

— Эчтеке эмес, Юнусбай,— деди Боровиков, күлүмсүрөгөнүн токтотпой.— Ага сен: «Кудай жалгасын, кете кой» дегин. Ошондо көрөрсүң, ал сенден эч кайда кетпейт.



Кечинде Хажиумар үйүндө отуруп, зайыбы менен сүйлөштү.

— Экөөбүз, Шарофат, жакшылап ойлогон эмес экенбиз. (Намыстанганынан чал райкомдун секретары менен жолугушканын айткан жок). Баягы түнү Шодигүлдүн айткан сөзү эми эсиме түшүп отурат: менимче анын айткан сөзүндө маани көп экен. Анда мен анча-мынча ачууланып коюпмун... Анын бүтүндөй башкача киши болуп өскөнүн экөөбүз байкабай калган турбайбызбы. Ата-энеси каалаган кишиге бере койчу кыздан эмес экен. Жок, биздин кызыбыз такыр башкача кыз экен! Экөөбүз берген убадабыз, ар-намыс жөнүндө ойлоппуз. Бирок анын сөзүнө кунт койгон эмес экенбиз. Жанагы күйөөсү, Турабдан эчтеке чыкпайтко.

Дал ушул учурда көчөдөн Юнусбайдын добушу угулду. Хажиумар эшикке чыкты.

— Сенсиңби? Саламатпы!— деп Хажиумар амандашты.

— Боровиков сени чакырдыбы?—деп сурады Юнусбай.

— Ооба.. А сеничи?

— Мени да чакырды.

Экөө бир аз унчукпай турду.

— Балким, үйгө киресиң?

— Жок, кеч кирип калды,— деди Юнусбай шылтоо таап:— Эми эмне кылабыз?— деп кыздын атасын ыза кылбайын деген эмече, Юнусбай тойдун болбой кала тургандыгы жөнүндө оозунуп айткысы келген жок.

— Биздин кылганыбыз чеки экен,— деп Хажиумар жооп кайтарды.—Калыбы, эч нерсе чыкпай турган окшойт.

— Ырас... Атаганат... Сенин үй-бүлөңө күйөө болгондон кийин Тураб кичине онолуп, акылдуураак болобу деп үмүт кылдым эле... Бирок Шодигүл каалабагандан кийин, айла барбы. Мен Турабга айтайын... Бирок ар түрдүү ушак сөздөр башталат: эмне үчүн тою болбой калды, дагы ошого окшогон сөздөр болот да. Ошондой сөздөр бүткөнчө Шодигүл бир жакка кете турса, жакшы болор эле. Иши кылып өзүң билесиң. Кош. Ырас эле, Шодигүл өзүнүн эжесине эмне үчүн барып келбейт?

Үйүнө кайра киргенден кийин, Хажиумар токтолуп калган сөзүн зайыбы менен кайра баштады:

— Көрдүңбү, Юнустун оюу да меникиндей экен.
Шарофатхола эрине көрүнөө каршы сүйлөөгө батынбай, муңканып:
— Тойго даярданып жаттык эле, бүткүл кыштак билет. Эл шылдың кыла баштайтко,— деди.
— Акмак күлсө күлө берсин, акылдуу киши күлбөйт,— деди Хажиумар.—Өз кызыңдын бактысыз болгонуна салыштырганда, акмак кишинин шылдыңдап күлгөнү эмнеге арзымак эле? Кызың өз турмушун өзү каалагандай кура берсин, мен кызыма ишенем... Чынын айтсам, жанагы Тураб деген эме мага да анчалык жакпайт. Кандайдыр ал... алаңгазар эме экен. Анын бир акылдуураак сөз айтканын уга элекмин. Шодигүлдү чакырып келчи,—деди ал аялына.
Ал Шодигүлдү кубандырганча шашты. Кызынын кыйналып жүргөнүн көрүп, чал кийинки күндөрдө абдан кабыргасы кайышып жүргөн эле.
Кызынын көзү шишип, көгөргөнүн көргөндө Хажиумардын жанына жаман бата турган.
— Шодигүл,—деди атасы үнүн акырын чыгарып.— Эрк өзүңдө. Турабга чыгууну каалабайт экенсиң, тим эле кой.
Шодигүл атасына жүгүрүп барып, мойнунан кучактады да, атасынын көкүрөгүнө башын коюп, ыйлап жиберди.
— Болду, ыйлаба. Эси жоктугун карасаң, ыйлабай эле кой!—деп, Хажиумар калп эле сестеп сүйлөдү.
Четте отурган Шарофатхола да жашый баштады. Шодигүл жүгүрүп барып, энесин кучактады. Энеси кызынын көзүн, мандайын, башын үстү-үстүнө өпкүлөп, жалына баштады:
— Садагаң кетейин, тегеренейин алтыным. Жанагынын... Турабдын кереги жок. Эл сөз кылса, кыла берсин...

Нуралинин тынчы кетип, уйкусу качты. Боровиков качан чакырар экен дегенде, эки көзү төрт болду. Бүгүн таңга жуук үргүлөп кетип, түш көрдү: кыштак советинин жанындагы жалгыз түп чынардагы илегилектин уясы өрттөнүп жатты, апаппак илегилек канаты күйүп калгандыктан, асманга калкып чыга албай, өрттүн ичинде кайсалап учуп жүрдү. Бирок ал илегилек эмес, Шодигүл экен. Аны өрттөн куткарып калайын деп, Нурали тырмалап жыгачтын башына чыга баштады, анда Шодигүл: «Сен бери чыкпагын, өрттөнүп өлөсүң, мен өзүм барам!» деп кыйкырат. Аңгыча болбой, ал калкып төмөн учуп түшөт. Шодигүлдү кучактайын деп жүгүрүп баратканда, Нурали ойгонуп кетет .



Ойгонор замат эле: эртең ишемби, Боровиков бүгүн мени чакырар бекен? Эгер чакырбай калсачы? Анда Нурали бүгүн кечинде Шодигүлдү издеп таап, өзүнүн үйүнө, «Коммунизм» колхозуна ала качып кетет. Боровиковго кече Юнусбайды чакырышты эле. Балким, ошол иш жөнүндө болуп жүрбөсүн?—деген ой кылт эсине түштү. Көңүлүм дагы суу сепкендей болбосун деп коркуп, Нурали андай болбоо керек деп өзүн ынандыра берди. Талаага кетер алдынан ал правлениеге кирди. Юнусбай аны менен кечегисиндей, мурда күнкүсүндөй, көңүл кош амандашты да, ошо замат счетоводду чакырды. Юнусбайдын эмне кыларын билбей, калтаарып турганын Нурали байкабай койгон жок. «Мындай болуу үчүн себеп аз дейсиңби»,—деп ойлоду да, Нурали бөлмөдөн чыгып кетти.
Талаага кетип баратып, ал Рахимден: эгер мени кыштак советине чакыртышса, токтоосуз мага киши жибергин деди (районго телефону бар совет аркылуу чакырыша турган).
Бүгүн Нуралинин звеносу арык тазалап жаткан. Арык тазалоо бир нече саатка созулду. Нурали минута сайын мени чакырганы келаткан киши жокпу деп, жолго карай берди. Жок, эч ким келген жок. Бүгүн ал эң жаман иштеген колхозчудан да жаман иштеди. Анын «ичи бышты». Звенодогу жолдоштору ага бирдеме болгонун байкап турушту. Бирок алардын берген суроосуна ал: «таң атканча китеп окудум эле» деп жооп берди.
Анын бул сөзүндө чындык бар эле—башка нерсе оюма келбесе экен деп, түнү бою окууга тырышкан болучу.
А кыштактан болсо, мурдагыдай эле эч ким келген жок.
Саат төрт ченде ал үйүнө келди. Жуунуп, кийинип, тамак ичпестен Таги Чинорду көздөй жөнөдү. Нурали Боровиковго телефон урмакчы болду. Эгерде Боровиковду райкомдон таппаса, же өзүнө керектүү жооп албаса, анда ал «Ситораи Сурхка» барат да, Шодигүлдү чакырып кой деп биреөгө айтат, эгерде Шодигүл талаада болсо, талаага барат.

Үйгө жанаша көчөдө сегиз-тогуз жашар эркек бала ага чуркап келди.

— Нурали-ака!—деди бала. Көрсө бала аны билет экен.—Мени биерге бир киши жиберди, ал: «Мектептен чыгарың менен мына бул катты «Навободго» алып барып, Баратовго тапшыргын» деди.

Чапталган катты бала Нуралиге берди.

— Сени ким жиберди?

— Берген киши ким жибергенин айтпагын деген,—деп, бала ийменип жооп берди.

Жүрөгү алеп-желеп болуп, колу калтыраган Нурали баланы башынан сылап:

— Рахмат, иним,—деди да катты ачты.

Шодигүл ага мындай деп жазган экен:

«Жаным! Бүгүн кечинде атам мага: «Кызым эрк өзүңдө!» деди. Менин атам абдан жакшы, мыкты ата, аны ушунчалык жакшы көргөнүм бекеринен эмес. Атам кээде гана ачуулуу, көк болуп кетет. Мына эми, жаным, экөөбүз бирге кубаналы.

Кайгырба, каалаганга капка ачылар,
Түн артынан, нурун төгүп, күн чыгар!

Ушинтип акын Пайров айтса керек эле.

Сени ушунчалык көргүм келет. Бирок көрүшүүгө мүмкүнчүлүгүм жок, эртең менен Сталинабаддагы эжемдикине он күнгө кеткен жатам, энем менен атам ушундай кылгын дейт. Менин такыр баргым келбейт, бирок ардактуу ата-энемдин жанагы сөздөрүнөн кийин, тил албай койгонум жакшы болбос. Жакында көрүшкөнгө чейин аман бол!

Сенин түбөлүк жарың Ш».

Мына, көптөн бери күтүп жүргөн таалай эми келди! Кусадар болуп, кыйналуу, акыры эмне болор экен деп сарсанаа болуу, дегдеп сагынуу, көз ачып-жумганча жок болду. Кубанганынан башы айлана түшүп, Нурали дубалдын жанында жаткан ташка отура калды. Көчөнү кесип өткөн, суу көп арыктын жанына келгенде, кичине бала жетелеген бир кемпир, эмне кыларын билбей, токтоп калды. Нурали ордунан ыргып туруп, кемпирдин жанына келип,



баланы алды да, арыктан өткөрүп, энесине берүүдөн мурун, баланы бетинен өөп алды.

Анан кийин Таги Чинорду көздөй чымын-куюн болуп жүгүрдү.

Караолчу менен шашыла-бушула амандашып, анын айткан суроосуна жооп кайтарбай, Нурали председателдин кабинетине кирди да, партиянын райондук комитетине телефон урду. Райкомдо Боровиков жок экен. Нурали анын үйүнө телефон урду. Телефондон тааныш дабыш угулду:

— Боровиков угуп жатат.

— Петр Николаевич, бул сүйлөп жаткан менмин, Баратов,—деп, жүрөгү алеп-желеп болуп, сүйлөй баштады.— Рахмат сизге, Петр Николаевич, баары жайында болду, эң эле сонун!

Анан ал көпкө чейин угуп турду, улам барган сайын анын өңү уялган кишиникиндей өзгөрө берди.

— Болуптур, сен үчүн абдан кубанычтуумун,— деди Боровиков.—Демек, сени жоопко тартууга туура келбейт экен да? Балким, сени жоопко тартыш керек эле, ыраспы? Эмне унчукпайсың? Макул, Ромео, бу жолу кечирип коё-лу. Ашык болгон кишиден эмне алууга болот? Бир кезде мен да сендей болгом. Бирок сөгүш алууга чейин барган эмесмин. Эми иш жөнүндө сүйлөшөлү. Сен мени тойго чакырбай, унутуп коюп жүрбө, сен үчүн көп эмгек кылдым го!

## *Жыйырма алтынчы глава*

Колхоздун башкармасы, партия уюмунун сунушу боюнча, бир нече колхозчунун устав белгилеген нормадан ашык короо-жай участокторун кесип алмакчы болгон эле.

Нуралинин звеносунун участогу менен участогу жанаша Зубайда, ошондон үч-төрт күн өткөндөн кийин, Нуралиге келди да:

— Иш жакшы эмес, жолдош Баратов. Бир нече киши колхоздон чыгып кеткени жатат,—деди.

— Ким?—деп сурады Нурали.

— Исмат, Атаходжа, Латифбай, дагы бирөө.

— Аны сиз кайдан билдиңиз?

— Исматтын зайбы айтты, кече кечинде мен аларды-кында болгом. Көрсө, көп кишилер наарazы экен: «Бүгүн

короо жанындагы участокторду кесип алып жатышат, а эртең калган жанагы жыйырма беш сотых жерлерди тартып алышат» дешет. Сизди да сөз кылып жүрүшөт. Исмат өзү: «Ушу күнгө чейин биз тынч эле оокат кылып келдик эле, жанагы көрдөн тура калган эмеге окшогон Нурали деген селсаяк бирөө келди да, бизди бөөдөй куура баштады» деди. А кишилердин ууган-тууганары абдан көп, сыягы, алардын артынан ошолор да кетет окшойт.

Нуралинин ирени өзгөрө түштү. Анын ирени куду андоостон бирөө шилиге койгон эменикиндей боло калды.

— Бир чара көрүш керек, Нурали-ака,—деди Зубайда.

— Сөзсүз. Бүгүн чарасын көрөбүз. Бүгүн кечинде конторага келиңиз, Хашимге да айтып коюңуз. Бардыгын былгытып жүргөн бирөө бар.

Кечинде Нурали правлениеге келсе, Юнусбай менен Хашим-Корвон Исмат менен кажылдашып жаткан экен.

— Сен, Атаходжа, Латифбай үчөөң: «Биз көчүп келген кишилерденбиз, короо жанындагы участогубуз элүү сотых болушка укугубуз бар!» дейсиңер,—деди Корвон, токтоолук кылууга тырышып, бирок өзүн зорго токтотуп тургандай болуп. Ойлоп көргүлөчү, силерди көчүп келгендер деп айтууга болобу? Баарыңар небак үйлүү-жайлуу, бак-дарактуу, бала-чакалуу болдуңар, а сен кызыңды күйөөгө эки жолу берүүгө да үлгүрдүң. Ошого карабай, дале жаңы көчүп келген киши болуп эсептелгиң келет? Деги силерде уят жок. Силер жаңы көчүп келген киши болуудан небак калгансыңар, короо-жай участогуңар, норма боюнча болууга тийиш.

Исмат эчтеке деген жок.

— Демек, кетет экенсиң да?—деп, Юнусбай ачуулана сурады.

Председателдин сөзүнүн кыязы Нуралиге жаккан жок.

— Айтпадымбы,—деп Исмат сүйлөй берип, уга берип жадаган кишиче жооп кайтарды.—Расчёт бергиле. Мен башка колхозго кетем.

— Сен анык колхозчу эмессиң!—деп, Юнусбай столду бир муштады.—Сен чала колхозчусуң, чала, жеке дыйкансың, арабөк калган кишисиң.

— Коюңуз, раис, антип эмне...

— Расчёт бербейм! Жогол... тозокко кетсең да мейлиң!—деп председатель кесе айтты.



— А-а, ушундайбы?—деп, Исмат ордунан турду.— Болуптур, жоголобуз. «Навободду» силерге бердик... Бышырып жесеңер да болот! Он төрт жылдан бери иштеп тапкан абийирибиз ушу турбайбы. «Жогололубу?» Макул. Бирок, билип койгула: силер, — деп Исмат Нуралиге карады,—бизге ыза көрсөткөнүңөр менен, Совет бийлиги ыза көрсөтпөйт.

Ушинтип айтып бөлмөдөн чыгып кетти.

— Көрдүңүзбү?, —деп Хашим-Корвон Нуралиге кайрылды.—Буга чейин Атаходжа менен Латифбай да арыз алып келишкен. Бир күндүн ичинде үч арыз түштү.

Нурали председателдин столунун үстүнөн үч арызды алып, унчукпай, көз жүгүртүп чыкты. Үч арыздын биринде да кай себептен кеткени жатканы көрсөтүлбөптүр. Ар түрдүү кол менен жазылса да, үч арыз тең бирдей экен: «Ушул арыз аркылуу артелдин правлениесинен сурагыным: өзүм жана менин үй-бүлөмө расчёт кылсанар экен, себеби—мен өзүмдүн мурунку кыштагыма кетмекчимин: ушул жөнүндө арыз берүүчү кол коёт...»

Нурали шектене баштады: ушул арызды бир киши жаздырып жүрбөсүн? Буларды айнытып жүргөн бир киши болуш керек! Бирок анткен киши ким жана кандай максаты бар?

Бир аздан кийин конторага комсорг Рахим менен Зубайда келди. Рахимдин эсине булар түштү:

— Мурдагы түнү бул үчөөн мен пахта кабыл алуучу пункттан көрдүм эле. Алар меймандa болдук дешкен,— деди.

— Кимдикинде болушуптур?—деп Нурали кулагын түрө калды.

— Кимдикинде болгонун билбейм,—деди Рахим.

— А сен билгин.

Экинчи күнү Рахим Нуралиге алар пахта кабыл алчу пункттын башчысыныкында меймандa болуптур деп айтты

Ал Мусаевдин аталаш тууганы экенин биле турган.

— А Мусаев жанагылар менен бирге болуптурбу?— деп сурады Нурали...

Мусаев бирге болбосо керек—деп жооп кайтарды Рахим. Бирок Нурали шек санап калды.

Нурали кечинде Исматтын үйүнүн жанына келип, аны көчөгө чакырып чыкты.

— Мусаев меймандa силер менен бирге болду беле?

— Жок, болгон эмес,—деди Исмат, анан бүшүркөй түшүп: кимдикинде мейман болуптур?—деди.
— Мусаевдин тууганыныкында. Мусаев сизге: «Навоболдун» мүчөлөрүнүн теңи колхоздон кетмейинче тынбайм» деп айтыптыр. Чынбы?
— Эмне? Жок-жок. Ал антип такыр айткан эмес,—деп Исмат күтпөгөн жерден шашып калды.
— Ошентпей тынбайм деп, ал силерге ант берген турбайбы?
— Жок, калп, ант берген эмес.
— Эмесе мындай, Исмат-ака Мусаев мейманда силер менен бирге болгондугун азыр эле мойнунузга алдыңыз. Демек, сиз калп айткан экенсиз. Эми чынын айтыңыз: Мусаев эмне деди эле?
— «Тузакка» түшкөн Исмат эмне кыларын билбей, калтаарып, унчукпай турду.
— Ал силерге «арыз жазгыла» деген турбайбы? Ушундайбы? Арызды мындай жазгыла деп үйрөтүптүр. Чынбы?
«Жаанын огу бутага дал тийген» окшойт: Исмат башын жерден көтөрбөй, унчукпай тура берди.
— Сиз мындай ушакка берилбеңиз, Исмат-ака,— деп Нурали досчосунан айтты.—Кетсеңиз, кийин өкүнөсүз. Бир жыл, эки жыл өтөр, биздин колхозубуз абдан бай, телегейи тегиз болот, ошондо баарыңын ичиң күйөт. Атаходжа менен Латифбайга да: кийин өкүнгөндөй болуп, калп сүйлөгөн кишилердин тилине кирбегиле деп айтыңыз. Макулбу?
Исмат унчукпай, башын ийкеди.

Экинчи күнү эртең менен Нурали Юнусбайдан: Исмат менен Мусаевге киши жибериңиз деп сурады.
Бир аздан кийин алар да келди.
— Юнус-ака, тигинден сурап көрүңүзчү,— деп Нурали бөлмөнүн эң алыскы бурчунда отурган Мусаевди көрсөттү,—колхоздон чыгып кеткиле деп элди эмне үчүн үгүттөдү экен, аларды каякка алып бармакчы экен?
Мусаев кумсара түшүп, Исматка шектенгендей карады. Исмат башын жерге салды.
— Кандай кишилерди?—деп Юнусбай түшүнгөн жок.
— Жанагы арыз берген кишилерди. Алардын бирөө мына бу,—деп, Нурали Исматты көрсөттү.



Исмат жөтөлүп, орундукка ары-бери сүйкөнө баштады.
— Эмне буларды Тураб азгырыптырбы?—деп Юнусбай ордунан тура калды.
— Исматтан сурап көрүңүз?
— Ушундайбы Исмат?
Исмат башын дагы төмөн салды. Бир аз унчукпай туруп, угулар-угулбас:
— Ушундай,—деди.
— Калп айтат, мунусу жала! Бу жөнүндө мен эчтеке билбейм!—деп, Мусаев чаңырып жиберди.
— Эчтеке билбейсизби? А тиги тууганыңыздыкында конокто болгонуңарды унутуп калдыңызбы?—деди Нурали.
— Кандай конок жөнүндө? Эч кандай конок жөнүндө билбейм.
Үч күн өтө элек жатып, унутуп калган экенсиз да,—деп Нурали мыскылдагансып мыйыгынан күлүп койду.—Мунуңуз жакшы эмес, агаңыз тарынып калышы мүмкүн.
Председателге кайрылып, Нурали мындай деп түшүндүрдү:
— Исматты, Атаходжа менен Латифбайды Мусаев тууганынын үйүнө чакырып, аларга сөз сүйлөптүр. Тезирек арыз жазгыла, бу колхоздон тезирек кеткиле, болбосо көрдөн тура калгансыган жанагы селсаяк Нурали силердин короо-жайыңардагы участогуңардан да, колуңардагы бардык дөөлөтүңөрдөн да ажыратат дептир.
— Зыянкеч!—деп чаңырды ошол учурда кабинетке кирип келген Рахим.—Колхоздон мунун көзүн тазалоо керек!
Мусаев купкуу болуп, эки жаагы дирилдей баштады. Хашим-Корвон: «буга сен эмне дейсиң? Тураб сенин асыранды балаң, сен тарбиялагансың!?»—дегенсип председателге карады.
Юнусбайдын ирени Мусаевге жакшылык кылчудай сыяктанбады.
— Жүзү кара! Жогол!—деп, Юнусбай оор пресспапье менен тап берди.
Үрөйү учкан Тураб кабинеттен чыга качты.
Жым-жырт болуп калышты. Юнусбай жоолугу менен мойнун сүртүп, кыжыры кайнап:
— Мына ушундай шумшукту мен дагы жактап жүрбөймбү!—деди.

Ал кандайдыр арыктай түшкөндөй көрүндү. А гана эмес, бою да кыскара түшкөндөй болду. Тураб менен болгон окуя ал үчүн текке өтпөй тургандыгы көрүнүп турат.

Нурали ордунан турду.

— Коммунисттер бүгүн саат 9 да чогулгула. Зубайдага өзүм айтам. Болгон окуяны талкуулайлы.

Парткабинетте Нурали өзүнүн кечинде сүйлөй турган сөзүнүн тезистерин кагазга жазып столго салды да, өзү небак баруучуга тийиш болгон каналды көздөй шашыла жөнөдү. Бүгүн аерде плотинанын фундаментин салууга тийиш эле.

Тизесине жеткен киргил сууну кечип, Нурали Жуйборунун нугунун түбүнөн чакалап сузуп, жээктен алыс ыргытып жатты. Ишке кызыгып кетип, боло турган чогулуш жөнүндө унутуп да калды: анан кайра дагы ошол маселеге көңүл жүгүрттү. Колхозго коркунуч туудурган иш жөнүндө Зубайда биринчи билген эле, ал—Нурали болсо. токтоосуз чара көрүп, күнөкөр кишини кылдаттык менен ылдам таап, балаанын тамырына балта чапты. Бул, эмне, партиянын уюмунун кыраакылыгы жөнүндө сүйлөбөйбү? Нурали бу жөнүндө моокуму кана ойлонду. Ал партия уюмунун чогулушунда сөзүмү мындай кылып баштайын деди: адегенде Зубайданы мактайм, анан Юнусбайды катырам. Анан (сууну чакалап төккөнүн токтотпой), эгерде Исматтын оозунан кокусунан чыгып кетпесе, күнөкөр киши табылбай калышы мүмкүн эле деп ойлоно баштады. Эгерде табылбай калса, эмне болот эле? Анда Исмат менен жанагы экөө колхоздон кетип, тарынган кишилердин баары алардын артынан кошо кетет эле. Ал гана эмес, башка кишилердин кетиши да мүмкүн. Колхоз он-он беш, жыйырма, балким, андан да көбүрөөк кишисинен айрылып калат болучу. Колхоздун иши ошентип, сөзсүз урамак. Каналдын эмне болору белгисиз болучу. «Мына ошондой, парторг болуп туруп өзүм деги баарыбыз, бардык коммунисттер кандай болот элек?» Ушул ой кылт эсине түшкөндө, колу калтырап, толтура чакасын сууга түшүрүп жиберди.

Турабдын кылык-жоругу, үч колхозчунун берген арызы анын көз алдына башкача элестеди. Бир топ колхозчулардын, анысы аз келгенсип «Навободдун» эски мүчөлөрүнүн башын жанагы жатып ичер жалкоо кантип айландырды экен? Этектей болгон жер үчүн өздөрүнүн он



эки-он беш жыл өткөргөн өмүрүн өчүрүп таштоого алар кантип даады экен! Алар жанагы шүмшүктүн сөзүн уккандан кийин, биз—коммунисттер алардын ишеничине ээ болгон эмес экенбиз да?

— Аңкоолук кылган экемин,— деп Нурали угуза айтып жиберди.—Кыраакылык эмес, каталык, саясий үзгүлтүк болгон турбайбы. Муну укса Боровиковдун айтары бышык: «Бул Нурали, сенин ишиндеги үзгүлтүк. Сен мыкты болом деп жүрүп, көрбөй калган экенсиң!»

Жумуштан кийин парткабинетке келип, Нурали столдун ящигинен тезиси жазылган кагазды алып, айрып салды.

Партиянын чогулушунда ал тезиссиз эле баягы каналда жүрүп, ойлогон оюнан баштады. Адегенде Зубайда менен Хашим-Корвон Турабдын бу жоругу үчүн Юнусбайдан көрө парторг өзүн көбүрөөк каралап жатканына таң калды. Бирок Хашим-Корвон менен Зубайда Юнусбайга катуу жармашты. Зубайда жашырып-жаппай эле аны беттен алды.

— Жанагы жатып ичер, иче турган ашына какырган, өзүнөн бөлөктү жакшы көрбөгөн, арам тамакты, раис, сиз багып, сиз чонойтконсуз!

— А мындай киши оной эле зыянкеч болуп кетет!—деди Хашим-Корвон, сөздү биринчи алса да, Зубайдадай сөздү жакшы сүйлөй албаганына өкүнүп.

Эң артында сүйлөгөн Юнусбай көп созуп отурган жок. Меники туура эмес экен деп, ал биринчи жолу мойнуна алды.

— Менин сүйлөй турган деле сөзүм жок,—деди ал кабагын салып.—Айтыла турган сөздүн баары айтылды.— Айтканыңар туура. Жанагы шүмшүк менен нечен жылдан бери бир үйдө туруп, анын жүзү кара экенин билбептирмин. Бул жоругумду эч качан кечирбейм!

Тураб ошол күнү эле жок болуп кетти.

Тураб өзүнүн мурунку Хисорак деген кыштагына кайта келип, колхоздун кампачысы болуп иштеп жүрүптүр деген кабар навободдуктарга эки жумадан кийин келип жетти. Бирок хисорактыктар анын Вахштан кандайча качып келгенин билип, иштен чыгарып жиберишиптир. Тураб өзү сатуучу болуп иштеген сельпонун магазининде уурулук кылганы үчүн, Чуст суду тарабынан үч жылга кесилгендиги жөнүндө бир айдан кийин угулду.

Мурадова каналга келгенден бир нече күн өткөндөн кийин, беш колхоздун председателдери кыштак советинин токтомун алышты. Ошол токтомдун пункттарынын биринде: каналды кетмендеп казууга да токтоосуз киришсин, ар бир колхоз канал казуу жумушуна күн сайын 10—15 тен киши жиберип турушсун деп айтылган эле.

Март айынын башында таң саарда Юнусбай, Нурали, Хашим-Қорвон бир топ колхозчулар менен Жуйборуну бойлоп келатышты. Председателден башкасынын баарында кетмен, күрөк, чукулук бар эле.

Жаныдан гүлдөгөн бадамдын жыты аңкыйт. Жаңы чыккан көк чөптү, былтыркы кууруган чөптөрдү салкын кыроо баскан. Чымчыктардын чыйрыттаганы бир минутага да токтобойт. Шамал, кар, жамгыр алардын былтыркы уясын бузуп кеткен, алар эми жаңы уя салуу менен алпурушуп жатат, кайдандыр далдайган талдын арасынан булбул: «Таң атты! Таң атты!» деп кабар бергенсип, миң кубултуп сайрайт. Кара жыгачтын бийик бутагына жалгыз конуп отурган жаш карга уча тургансып, улам-улам канатын күүлөйт. Ал ыраакы түндүккө, суук жакка учуп кетсемби, же бир аз токтой турсамбы деп эки ойлуу болгонсуйт.

Навободдуктар келечектеги каналдын трассасынын жээгине баратты. «Навобод» колхозу тараптан канал казып жаткан экскаваторду көздөй, каналды кол менен каза баштоо үчүн беш колхоздон келген колхозчулар ошо күнү эртең менен, дал ошо жерге чогулуп жатышкан эле.

Навободдуктар келип кеткенде, «Ситораи Сурхтун» бир топ колхозчуларын ээрчитип, Хажиумар ошерде эле. Ар бир колхоз үчүн участок белгилеп, трассага казык кагышкан болуучу.

Навободдуктар келери менен эле ишке киришкиси келди. Бирок Хажиумар бир аз токтой туралы деди: ал бардык колхоздордон келген кишилер бүт чогулгандан кийин жумушту салтанат менен баштагысы келди.

Жарым саат убакыт өттү. Тикесинен тургузуп койгон кетмендердин сабынын көлөкөсү узарып, куурай менен төө тикендин жалбырагындагы шүүдүрүм күндүн нурунан жылтылдап көрүндү. «Рохи-Нав», Қалинин атындагы,



Димитров атындагы колхоздордон келе турган жолдорго эл таңыркап улам-улам карай берди.

Акырында «Рохи-Нав» колхозу тараптан эки киши көрүндү. Алар кетмендерин ийиндерине салышып, шашпай жай келатышты. Алардын бири улгайган, бири жашыраак киши эле. Эмне үчүн экөөңөр гана келдиңер деген суроого улгайган киши мындай деп жооп кайтарды:

— Кечинде председатель алты кишини чакырып алып, эртең таң азанда буларды сен ээрчитип бар деп, мага тапшырган эле. Мен ошол айтылган кишилердин баарына бардым, бирок кай бирөө оору экен, кай бирөө жер семирткич алганы сельхозснабга кетиптир, кай бирөө тегирменде экен, кайсы бирөө фермага кеткени жатыптыр. Мына бул Шариф гана бош экен.

Нурали Юнусбайга, Юнусбай Хажиумарга карады. Хажиумардын кабагына кар жаай түштү. Велейко колун артына алып, Жуйборунун жээгинде ары-бери баса баштады. Просветов чылым ороп жатты. Ошондон бир аз мурда эле кобурап, сүйлөшүп турган колхозчулар унчукпай калды.

Дагы жарым саат өттү. Чапанчан ысык боло баштады. Куурай менен төө тикендеги шүүдүрүм кургады.

Бирок Қалинин атындагы колхоз менен Димитров атындагы колхоздон келүүчү жолдон дале эч ким көрүнгөн жок. Эч ким келбей турганы ачык болду.

Хашим-Қорвон кетменин алып, кыжырлана:

— Қачанкыга чейин иштебей отура беребиз? Баштоо керек,—деди.

Хажиумар башын көтөрүп, күнгө карады.

— Ырас, башташ керек,—деп ал, ордунан турду. Анын артынан башкалары да турду.

Қолхозчулардын бирөөнүн кетменин алып, чал биринчи казык кагылган жерге басып келди. Юнусбай да ошентти. Алардын артынан Нурали, Хашим-Қорвон жана бардык колхозчулар ээрчиди.

— Ийгиликтүү болсун!—деп Хажиумар биринчи болуп кетменди жерге матыра чапты.

Жумуш башталды.

Қаналдын экинчи жагында экскаватор күрүлдөйт. Болот сузгучу кычырап жерге кирип, абага бийик көтөрүлүп, каналдын бортуна топурак төгүп жатат. Қолхозчулар экскаваторго суктанып карашты.

— Анык балбан экен!—деди колхозчулардын бири кубанып.
— Буга тең келүү кайда!
— Жүз кишинин жумушун бүтүргөнү менен, тердебейт экен!
— А биз элди көбүрөк чогултуп алып, бул балбанды жарышка чакыралы. Кана, катуурак иштегиле!—деп күлүп, Хашим-Корвон нымдуу жерге кетменин уңгусуна жеткире чапты.

Экинчи күнү эртең менен Сарыкамыш кыштак советинин кабинетинде эки киши отурган эле: бири—узун бойлуу, муруттуу; экинчиси—эпейген, теке сакал, советтин секретары. Үчүнчүсү Мурадова болучу.
Муруттуу киши үнүн жоон чыгарып;
— «Рохи Нав» берсе, биз деле беребиз,— деди.
Секретарь чыйылдаган үнү менен мурутчан кишиге:
— А өзүңөрдүн мээңер жок окшойт. Ахмеджандын акылы менен иштейсиңер,—деди.
— Эчтеке эмес, биз да өз токтомубузду ага аткартпай тынбайбыз,—деди Мурадова, буулуккандай ары-бери басып.
Көчөдөн аттын дүбүртү угулду.
— Келди,—деди секретарь.
Кабинетке Ахмеджан келип кирди.
— Председатель, каналга эмне үчүн киши бербейсиз?—деп, Мурадова сурдүү сурады.
Сары көз айнек кийген Ахмеджан Мурадовага кенебеген кишиче карады.
— Менин өкмөт алдында орундата турган милдеттенмем бар — гектарынан 35 центнерден алуум керек. Бардыгыбыз үчүн жумуш жетишет. Менде колу бош отурган эч киши жок. Колу бош кишилерди жибергем.
— Баарыбыздын да милдеттенмебиз бар,— деп, Мурадова кесе айтты.—Каналга силерден эки гана киши келди. Эки киши! Уялсаңыз боло!
«Рохи Нав» колхозунун председатели кабагын бүркөдү. Сарыкамыштагылар аны менен минтип сүйлөшүп көргөн эмес.
— Мен сага айтсам, Мурадова, «Рохи Навдын» председатели азырынча менмин. Кишилеримди каякка жиберүүнү, каякка жибербөөнү сенден жакшыраак билем,—деди да, ордунан турду.—Биз менен кандай сүйлөшүүнү үйрөнгөндөн кийин, мени чакыргын.
Ушинтип айтары менен ал эшикти көздөй басты.
— Анык бек тура! Бирок Ахмеджан, бизде бектердин жок болгонуна көп болду,—деп Мурадова анын артынан кыйкырды. Советтин токтомун орундатууну мен сизге үйрөтөм.
Чыга бериште Ахмеджан Жалалов менен бетме-бет кезигишип калды.
— Саламатпы, Ахмеджан! Мурадова өзүндө бекен? Бери жүр, сенде жумушум бар!
Жалалов Ахмеджанды кабинетке кайра ээрчитип кирди.
— Сен мынча эмне кызарып кеткенсин?—деп, Жалалов Мурадова менен амандашып жатып сурады.—Кимге мынчалык ачууң келген?
— Тетигине,—деп Мурадова Ахмеджанды көрсөттү.—Бу бектен бетер мыктысынат. Кыштак советин дегеле тоотуп койбойт. Биздин чечимдерди көзүнө илбейт.
Жалалов бир кыйлага чейин үнчүкпай турду. Анын бетиндеги тырыгы акырындап кызара баштады. Бирок ал ачуусун тыйып жай баракат Мурадовага кайрылды:
— Көп мындай, Анзурат! Сен бүгүн саат төрткө «Навобод», «Ситораи Сурх», «Рохи Нав» колхоздорунун правление мүчөлөрүн мага чогултуп бер. Кош, турмушуң кандай?—деп, ал Ахмеджанга досчосунан кайрылды.—Исполкомго келбегениңе көп болду го. Балким сен мени да тооткуң келбей тургандыр?.. Бул экөөбүз эски доспуз!—деп Мурадовага түшүндүрдү.
Мага окшогон атактуу кишилер менен мына ушундай сүйлөшүү керек! А сиз кандай ойлодуңуз эле? дегенсип, Ахмеджан Мурадовага табасы кангандай карады.
Мурадова күлүмсүрөп койду. Ал Жалаловдун мүнөзүн биле турган. Жалалов уруша турган кишисин адегенде эркелетимиш болуп коючу. Анын ошенткени Мурадовага жакчу эмес.
Саат төрттөгү кеңешмеге чакырылган кишилердин баары бүт келди. Таги Чинорго жакын турган кишилер жөө келди, алысыраак тургандары атчан келди. Кыштак советинин имаратынан элүү кадам жердеги үч чынардын түбүнөн чыккан булак суу төмөн көздөй агат. Мамыга бай-

ланган аттар узун аштоодон муздак сууну шашпай ичип, жазгы ач чиркейден корунгандай ылаалашат.

Правлениенин мүчөлөрү кыштак советинин такта сересинин астына төшөлгөн бойрого отурушту.

— Мен силерди, жолдоштор, мындай себеп менен чакырдым,—деп Жалалов чогулгандарды карап, сүйлөй баштады.—Жакында Министрлер Советинде колхоздорду бириктирүү жөнүндөгү силердин ишинер каралды. «Навобод» колхозу сунуш кылгандай бириктирүү кубатталбагандыгын силерге айта кетейин.

Жалалов сүйлөбөй туруп калды. Угуп отургандардын арасынан ары-бери кыймылдап, кобураган добуш чыкты.

— Башкача болушу мүмкүн эмес эле да,—деп, жеңген эмече Ахмеджан мурутунан күлдү.—Биздин өкмөттө акыл бар, эмне кылууну өзү билет. Биздин өкмөт көргүнгөн фантазёрлордун тилин ала бермек беле? — деп, Ахмеджан шылдыңдагансып Нуралиге, анан Мурадовага карады.— Чыныңарды айткылачы, бизге дагы эмне жетишпейт? План аткарылып жатат, колхоздор баюуда. Бизде эч кандай муктаждык жок. Колхоздорду бириктирүүнүн бизге эмне кереги бар? Бекер түйшүк, курулай убаранын иши да. Мен адегенде эле каршы болгом...

— Кубанбай коё тур!—деп баятан бери чыдап, угуп отурган Жалалов анын сөзүн бөлүп кетти.—Эгерде «Навобод» колхозу менен «Ситораи Сурх» колхозун бириктирүү кубатталбаса,—деп исполкомдун председатели чогулуштагыларга кайрылды,—анда анын себеби андай бириктирүү максатка ылайык келбейт: колхоз чачкын болуп калат. Өкмөт эки колхозду эмес, үч колхозду— «Навободду», «Ситораи Сурхту», «Рохи Навды» бириктирүү керек деп сунуш кылат. Ырас, Ахмеджан, «Рохи Навды» да,— деп Жалалов дагы кайталады.—Мына ушундай кылганда чын эле колхоз бытыранды эмес, келки, ири болот. Ушундай кылганда «тилке» жөнүндөгү маселе да өзүнөн-өзү чечилип калат.

Эми Нурали менен Мурадова мыскылдагансып Ахмеджанга карады.

Ахмеджан жай баракат аарчып отурган көз айнегин, калтаарыганынан, жерге түшүрүп жиберди.

— Туурабы, жолдоштор?—деп Жалалов чогулгандарга кайрылды.



— Абдан туура,—деп кыйкырды Нурали. Кубаттаган дагы бир топ добуш чыкты.

— А силер, жолдош рохинавчылар,—деп, Жалалов сөзүн узартты,—эртең бардык колхозчуларды чогулткула. Менин оюмча, биригүү жөнүндөгү сунушту колхозчулар кубаттайт.

— Бу маселени биз талкуулаганбыз, жалпы чогулуш макул болгон жок!—деди Ахмеджан кежирленип.

— Ахмеджан-ака, бизди алдоого тырышпай эле коюңуз. Биз бала эмеспиз. Маселени кандай талкуулаганыңызды билебиз!—деп кыйкырды Нурали.

— Мен макул эмесмин,— деди Ахмеджан тескери карап.

— Андай болсо, сенсиз эле өткөрөбүз,—деп Жалалов ага камырабай жооп кайтарды.—Ушинтип, жолдош рохинавчылар, силерден тезирек жооп күтөбүз. Мен силерди үгүттөгүм келбейт. Силер акыл-эстүү кишисинер.

Жалалов кеңешмени жаап, жүрүп кетти.

Адеп сактап, Ахмеджан дөңдөн жай бастырып түштү, бирок бир аз узаары менен эле өзүнүн тор жоргосун камчылай баштады. Аты зымырап катуу жөнөдү. Эшик алдындагы тектирде Мурадова менен Нурали анын артынан карап турушту.

— Эчтеке эмес! Шамалга желдеп алсын!—деп Нурали күлүп койду.

***Жыйырма сегизинчи глава***

Таги Чинордогу чогулушта олдоксон сүйлөп койгонунан кийин Ахмеджан өзүнүн абалынын опурталдуу экендигин түшүндү: мындан ары каяша кылуу бекер эле. Ал «Рохи Навдын» колхозчуларынын өзүн ээрчиген көпчүлүгүнөн ажырап кала тургандыгы мындай турсун, исполкомдогу өзүнүн беделинен да ажырайт эле. Азыр болсо, сенсиз эле күн көрөбүз деп, Жалаловдун канкулаганы бутага жазбай тийди. Кабыргасы кайышып, Ахмеджан макул болмокчу болду. Эки күндөн кийин ал «Рохи Нав»— колхозунун макулдугун исполкомго алып келди. Мына ошентип, бириккен колхоз түзүү жөнүндөгү маселе чечилди.

«Ситораи Сурхтун» жаңы клубуна, баягы Шодигул тактай алып келген клубга, үч колхоздун коммунисттери чогулду. Клуб али бүтө элек эле: печтери, айнектери жетишпеи турган. Имараттан акиташтын, сырдын жыты буруксуп турду.

Эл жыгач скамейкаларга, табуреткаларга, жаңы эле кырылган терезелерге отурушту. Кичирек зал таза агартылып, президиум отурган столдун үстүндө, лампанын жарыгы түшкөн алдыңкы дубалда Сталиндин чоң портрети илинип турган эле.

— Мына ушинтип жолдоштор, колхоздор бириктирилет,— деп Боровиков сөзүн баштады.— Партия уюмдары да бириктирилет. Бул ишке силердин кубанганынарды мен ирeңиңерден көрүп турам. Силерди көрсөтүп, Жалалов мага азыр эле: Петр Николаевич, мына бул отурган кишилердин баары бирикке́нде кандай күчтүү уюм түзүлөрүн элестетип көрчү? Булар жөн эле тоону ала салышат деп айтты. Анын айтканы туура. Жаңы колхоздун алдында эң сонун мүмкүнчүлүктөр бар. Миң гектар жерге пахта эгилет, фермаларда эчен миңдеген кой, эчки, жылкы, уйлар болот, бөлүнбөс фондуга нечен миллиондогон акча топтолот! Жакын аранын ичинде колхозчулардын турмушу бай, маданияттуу болот. Бирок, жолдоштор, бул мүмкүнчүлүк гана. А жолдош Сталин бизге: мүмкүнчүлүк али турмушка ашкан чындык эмес деп үйрөтөт. Мүмкүнчүлүктү чындыкка айландыруу үчүн, партия уюму эмне кылуу керек? Баарынан мурда, партиялык ишти жогору көтөрүү зарыл. Эскертип коёюн, жолдоштор: эгерде биз партиялык ишти жогору көтөрүүгө жетишпесек, колхоздорду бириктирүү, ишти жакшыртпастан, начарлатып жибериши мүмкүн. А партиялык иш ушу күнгө чейин кандай болуп келди эле? Жакында мен Вахитов менен сүйлөштүм. Ал «Ситораи Сурхта» бардык иш жайында деп эсептейт. Ырас эле, колхоз пландарын аткарат, эч кандай чыр-чатак жок, бирине-бири ыраазы: парторгга председатель ыраазы, председателге парторг ыраазы, а колхозчулар экөөнө тең ыраазы. Эл айткандай, телегейи тегиз, бейпилчилик экен. Бирок иш жүзүндө чын эле ушундайбы? Мисал үчүн пахтанын түшүмүн алып көрөлү. «Ситораи Сурх» үч жыл катары менен бир деңгелде турат. Эмне үчүн андай? Себеби партия уюму мелдешти жаман уюштурган, колхоздо стахановчулар аз: эки-үч киши эле. Колхоздорду бириктирүү сыяктуу, өтө маанилүү иште партияда жок жалгыз председатель гана демилге көрсөттү, а коммунисттердин кабары да угулбайт...

Абдысамад жакшы тракторчу, бирок «Рохи Навдын» партиялык жетекчиси катарында ал колунан келген иштин баарын бүтүргөн жок. Рохинавчылар адегенде бириккиси келген жок, азыр да рохинавчылардын бир кыйласы биригүүгө мойнунан байлаган эмедей макул болушту. Партия уюмунун таасири аерде начар экендигин ушул далилдебейби?.. А сен, Баратов, мага бекер эле жеңип чыккан эмече карайсың, азыр сага да жетемин.

А баракелде!— деген Юнусбайдын үнү угула калды: Баары күлүп жиберди.

— Ырас, «Навободдун» коммунисттери, — деп Боровиков сөзүн улантты,— колхоздорду бириктирүүгө, канал курулушуна, дагы бир топ жакшы иштерге демилгечи болду. Бирок сен, Баратов, эртеңки күнгө берилип кетип, бүгүнкү күндүн иши жөнүндө аз камкордук кылып жатасын. Айыл чарба артелинин Уставын бузгандарга силер деле камырабай карадыңар, кийин эсиңерге келгенде, чоң жаңжал салып коё жаздадыңар. Эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын навободдуктар билет. Муну мен эмне үчүн айттым? Силерди дагы тилдейин, майрамыңарды бузайын деп айтып отурган жерим жок. Жаңыдан өзүңөр түзгөнү жаткан партия уюмунар өзүнө «мурас» болуп калган иштин жакшы жагын да, жаман жагын да билсин деп айтып жатам. А силердин жаңы колхоздогу партиялык ишиңер мына бүгүнтөн, азыртан эле башталды. Силер, коммунисттер, колхозго жетекчилик кыла турган кандидатураларды жакшылап талкуулап чыгууңар керек. Бул абдан жооптуу иш. Жетилүү аттестатына силердин бере турган биринчи экзамениңер: колхоздун жалпы чогулушуна сунуш киргизүү үчүн кандидатураларды туура көрсөтүп, ошол чогулушту ээрчитүүңөр тийиш. Бүгүн силерди мына ушул себептен чогултуп отурабыз.

Боровиков президиумдун столуна отурганда, Абдысамад сөз сурады. Ал — бою жапалдаш, чымыр жигит эле. Ар дайымкысындай, ал көйнөгүнүн жакасын топчуланбай, көйнөгүнүн астынан матрос көйнөгү көрүнүп турду, аскердик кызматын ал танкылуу бөлүктөрдө өткөнү менен, мурунку моряккa окшоду.

— Жолдош Боровиков бизди, бөтөнчө мени туура сынга алды,— деди ал сахнага чыгып баратып, суук тийип кырылдаган үнү менен.— Бул сын биз үчүн жаңы нерсе эмес. Бирок, жолдош Боровиков, сизден суроого руксат этиңиз: эмне үчүн биз адегенде жаңылышып алабыз да, анан сиз бизди урушасыз? Эмгекти бизде ушундай таң каларлык бөлүштүрүү пайда болду. Сиз билип урушасыз, сиздин урушканыңыз пайдалуу экенин айтпай эле коёюн. Бирок райкомдун биз жаңыла электе келип жардам берген учуру аз болот, алдан жардам берсеңиз, бизди жаңылыштыктан сактап калган болор элеңиз.

Абдусамад, жанына катуу баткан эмече, колун жаңдап сүйлөдү.

— Сен, көп жашагыр... деп, Жалалов анын сөзүн бөлүп кетти. Бирок Боровиков Жалаловду жеңинен тартып, кулагына бирдеме деп шыбырады эле, Жалалов колун шилтеп, унчукпай калды.

— «Челек сынгандан кийин» сындырган кишини экинчи жолу этият болсун деп, балким, тилдөө керектир,— деп Абдусамад сөзүн улантты.—Бирок челекти үйүнө этияттык менен алып келгендей кылып, күнөөлү кишини алдан үйрөтсө, жакшы болор эле. Ошентип, жолдош Боровиков, жолдош Жалалов, кээде силер өзүңөрдү да урушууңар керек эле... Сөзүм бүттү.

«Ситораи Сурхтун» парторгу Вахидов андан кийинки чеченге сөз берүүдөн мурда эскертмекчи болду:

— Биз башка маселеге өтүп кеттик. Биерде райкомдун ишин талкуулоо болуп жаткан жок. Бирок Абдусамад сүйлөгөндөн кийин мен да бир нече ооз сөз айткым келди. Ал өзүнүн кемчиликтери жөнүндө эчтеке айткан жок. Биздин жетекчилердин адресине анын айткан сынына мен макул боло албайм.

Абдусамад отурган ордунан:

— Сен, бай болгур, аларды жактабай эле кой, алар сен болушпасаң деле күн көрүшөт,— деп кыйкырды.

— Туура айтат, деп, Боровиков колдоп кетти.

Вахидов бир аз калтаарып калды, «макул болуптур» деди да, колхоздун правлениесинин мүчөлүгүнө көрсөтүлө турган кандидатураларды талкулоого өтөлү деп сунуш киргизди.

Биринен сала бири кандидатураларды көрсөтө баштады. Делебелери козголуп кетти. Жаңы правлениеге мүм-



күн кадары өз колхозунан кандидаттарды көбүрөк көрсөтүүгө тырышты, өзүнүн коңшуларынан көрө өз кишилерин жакшырак билгендиктен, ошентишкендей туюлду. Просветов менен Каримовду да көрсөтүштү.

— Просветов эмне колхоздун мүчөсүбү?— деп сурады Абдусамад.

Нурали сөз сурады:

— Просветов курулушчу. Бизде курулуш иштери көп болот. Просветов ошол иштерге жетекчилик кыла алат. Ал кайраттуу, өз ишин жакшы билген адам. Мен аны правлениенин мүчөсү болсун дейм.

— Бекитилсин!— деп отурган жеринен кыйкырды Зубайда.— Жакшы киши!

— А Каримов эмне үчүн?—деп кимдир-бирөө сурады.— Ал участковой агроном эмеспи?

— Ирилештирилген колхоздун өзүнчө агроному болушу керек,— деп түшүндүрдү Жалалов. Менин оюмча, жолдош Каримов ушул кызматты кабыл алуудан баш тартпас дейм.

— Мына ошонусу жакшы экен!— деп, Хашим-Корвон күпүлдөп койду.— Өзүбүздүн агроном болгонго эмне жетсин!

Эми эң негизгиси колхоздун председатели боло турган кандидатураны көрсөтүш керек. Колхоздун председатели боло турган кишилер Хажиумар, Юнусбай, Ахмеджан үчөө эле.

Адегенде Хажиумардын атын аташты.

Жалалов ордунан тура калды.

Исполкомдун председатели Хажиумардын кандидатурасын коё туралы деп сунуш кылды. Чал ден соолугум начар болгондуктан, мени «Ситораи Сурхтун» председателдигинен бошоткула деп, эки жолу арыз берген эле.

— Хажиумар айтат да,— деп күлүп койду Жалалов: —«Азыр менин сакалым агарып, бирин-серин гана калды. Бир кезде сакалым коюу, кара эле. Менин өмүрүм да ушундай — менин өмүрүмдө ак-ала болгон бир нече гана жыл калды. Атым жүк тартпай калса айыптуу эмес да» — дейт. Менин оюмча жолдоштор, чалдын суроосун канааттандыруу керек. Правлениеге мүчө болуп кирсин, ал, кеңешин айтып, жардам берет.

Андан кийин Ахмеджандын аты аталды.

— Мен Ахмеджанга каршымын,— деп, Зубайда кыйкырып жиберди.
— Эмне үчүн? Ал эмне жаман раис бекен?— деп рахиновдуктардын бирөө кыйкырды.
— Менимче, жаман раис. Ал керки сыңары, чапкан сайын улам өөдө тиет; өйдө чыкпаган, төмөн түшпөгөн араа сыяктуу таарый албайт.
Залда отургандар каткырып күлүп жиберди. Зубайда сөзүн токтотпой, дагы сүйлөдү:
— Партиябыз жана жолдош Сталин ынтымактуу иштегиле, бириңерге-бириңер жардам кылгыла дейт. Мен сурап жатам да: Ахмеджан биздин жалпы ишибизге, колхозду бириктирүүгө, каналды куруута эмне менен жардам берди? Эчтеке менен жардам берген жок. Өзүңөр билесиңер, ал каналдын курулушуна да каршы чыкпады беле, ишти бузууга тырышкан, кишилерин да жиберген эмес. Жакшы кишинин кыла турганы ушубу? Дагы бир маселе бар... Айтууга оозум барбай турат... Жакында билдим, Ахмеджан ушул күнгө чейин сабатсыз экен.
— О, ботом, анда кантип иштеп жүрүптүр?—деп, «Ситораи Сурхтун» шофери Халил таң калды.
— Өзүнүн фамилиясын жазганды билет экен, а калгандарынын баарын колхоздун секретары жазып берет экен,— деди Зубайда.
— Менин көзүм начар көрөт, ошондуктан жаза да, окуй да албайм деп жүрбөйбү,— деди Абдусамад өзү парторг болгонуктан актангысы келгенсип,
— Экөөбүз да келишкен экенбиз,— деп шыбырады Боровиков Жалаловго. Колхоздун сабатсыз председатели алдыбызда турса, экөөбүз ошону көргөн эмес экенбиз.
— Калп айткан кишинин сырын кайдан билмек элең! —деп, Жалалов томсоруп койду.
Акыркы кандидат калды. Юнусбай мени көрсөтүшөтко деп, үмүт кылган эмес эле: анын болом деген үмүтү өтө шектүү болучу.
Аны менен тайталашкан кишилер күтпөгөн жерден өтпөй калды. Ошону көрүп, ал кайраттана түштү. Андан башка шайлана турган киши калган жок! Нурали бирдеме болбосо... Бирок мен председатель болбойм деп, Нурали ага бир нече жолу айткан.
Мына ушунун баарын түшүнө коюп, Юнусбай салабаттанып, топусун желкесине жылдырып койду. Бирок



анын кубанганы көпкө созулган жок. Хашим-Корвон ага каршы чыкты. Лакыйган денеси менен оттун жарыгын далдалап, Хашим-Корвон бөлмөнүн теңине караңгы түшүрдү. Ал, өзү теңселе баскан сыяктуу, шашпай, жай, салмак менен сүйлөдү.
— Бул өтө олуттуу иш, ойлоо керек. Коомдук иш... Ырас, жаңылып калбасак эле болгону... Муну мен Юнусбай жөнүндө айтып жатам. Ал тырышчаак, ак ниеттүү киши. Бирок сен, Юнус-ака, мени кечирип койгун,— сен бизге жарагыдай киши эмессиң. Бул бизде бир жарым жыл председатель болду. Эмне кылып жүргөнүнүн баарын көрдүм. Жашылча, жемиш сатуу менен убара болду; өстүргөнү коон менен дарбыз. Акчаны оңой табуу жагын издеди. А бирок бизге өкмөт менен жолдош Сталин кандай тапшырма берди эле? Биринчи иретте пахта өстүрүү керек деген тапшырма берилген эле? Мамлекетке биз коон менен дарбыз эмес, пахта беришибиз керек! Туура айтып жатамбы?—деп ал чогулуштагылардан сурады да, өзү жооп кайтарды: — Туура, ушинтип соода кылам деп жүрүп, биздин колхозубузду район боюнча пахта жагынан эн артта калтырды. Туура айтып жатамбы, Юнусбай? Калп айтпаганымды сен өзүң да билесиң. Эми колхоздорду бириктирүү жөнүндөгү маселени алалы. Бул маселени Баратов козгогон болучу. А сен тоң моюндук кылып, тил алган жоксуң. Биерде сен жактап жүргөн Мусаев шумпай жөнүндө айтпай эле коёюн. А жөнүндө биз чогулушта да сүйлөгөнбүз, анда өзүң да туура айткансың. Эми досум, экөөбүз көп нерсени үйрөнүүбүз керек; билесиң го, бош кап жерге тикесинен турбай, жыгылып кетет дейт эмеспи.
Юнусбай эми ичинен жели чыга баштаган чаначка окшоду. Хашим акыркы сөзүнөн кийин ал башын жерге салып, үнүн зорго чыгарып:
— Эчтеке дей албайм. Хашим туура айтты. Мойнума алам. Бирок окууга чолобуз тийбегени, жашыбыздын өтүп кеткени жөнүндө да эске алыш керек го!— деди.
— Дагы кандай кандидаттарыңар бар? — деп сурады Вахидов.
Зубайда ордунан туруп, Баратовдун кандидатурасын көрсөттү. Нурали ага муштумун көрсөтүп зекип койду.
— Баратовбу?— деп, кайра сурады Боровиков.— Түзүк, ал кайратту киши. «Навобод» колхозунда ал өзүн жаман парторг кылып көрсөткөн жок. Колхоздорду кош-

кондон кийин, бизде партиянын чон уюму түзүлөт. Партиянын райондук комитети Баратовду бюронун секретары болсун деп сунуш кылат. Менин оюмча, колхоздун председатели болгондон көрө, бул кызматта болгону көбүрөөк пайда келтирет. Туурабы?

Нурали ыраазы болгонсуп, Боровиковго карады.

— Дагы кандай кандидаттарыңар бар?— деп сурады Вахидов.

Эч ким эч кандай башка кандидат көрсөткөн жок.

Баары бүшүркөгөнсүп, бирине-бири карады.

Боровиковдун сунушу боюнча эс алыш болсун деп жарыялашты. Чогулушка катышкандардын баары көчөгө чыкты. Караңгыдан жылтылдаган папиростун оту көрүндү. Ошердеги эл, болуп жаткан ал-абалды талкуулап, председатель боло турган кишини иргешти.

Боровиков Хашим-Корвонду чакырып алды.

— Кош, Хашим, окууң кандай жүрүп жатат?

— Хашим-Корвон дагдаарып, буйтап жооп кайтарды:

— Тырышып жатам, жолдош Боровиков.

— Азыр эмне окуп жүрөсүң?

— Зубайда экөөбүз азыр партиянын тарыхын үйрөнүп жатабыз.

— Баарын түшүнөсүңбү?

— Түшүнбөгөнүмдү Баратов түшүндүрүп берет.

— Түзүк, агротехника жөнүндө кандай?

— Ал мага анчалык кыйын эмес...Тааныш иш да.

— Муну жөн сурап жаткан жерим жок. Сени кай бир жолдоштор председатель болсун деп жатышат.

— Эмне? Кандай дедиң? Жок!— деп, Хашим-Корвон лакыйган колун шилтей баштады.— Менден кандай председатель болмок эле! Тажрыйбасы да, акылы да көбүрөк кишилер толуп жатат.

— Макул Хашим, жупунулук кылбай эле кой. Жалпы чогулуш бул ишти өзү тергештирип алаар.

Чогулгандардын баары залга киргенде, Жалалов ордунан турду. Ал чогулушка Хашим-Корвондун кандидатурсын сунуш кылды. Залдан чурулдаган дабыш чыкты:

— Туура!.. Абдан жарайт!..

— Кимдир-бирөө:

— Бүгүн анын сүйлөгөн сөзү эң жакшы болду!— деп кыйкырды.



— Сөз үчүн шайлашпайт! — деп Хашим корсулдап койду.

— Албетте, жалаң эле сөз жетишпейт,— деди Жалалов.—Хашим кажыбас кайраттуу, демилгелүү, иш үчүн жаны ачыгаң киши. Баягы цемент алып келгени эсиңердеби? — деп Жалалов күлүп койду. Жакшы председатель болотко деп ишенем. Бирок баарыбыз ага жардам берүүбүз керек.

Добушка салганда «Рохи Навдан» эки гана киши каршы көтөрдү.

Чогулуш жабылар алдынан Нурали сөз алды:

— Жолдоштор: Биздин колхоздорубуз «Навобод» («Гүлдөгөн жер») «Рохи Нав» («Жаңы жол»), «Ситораи Сурх» («Кызыл жылдыз») деп аталып келген. Бул наамдын баары жөн эле айтылбастан, биздин колхозчуларыбыздын ойлогон оюн, сезген сезимин, умтулган тилегин көрсөтүп келди эле: туулуп-өскөн жерибизди гүлдөтүп, социалисттик жолго түшүп, акырына чейин жаңы жол менен баратканыбызды революциячыл ыйык эмблемабызга — беш бурчтуу жылдызга берилгендигибизди көрсөткөн эле. Бирок бүткүл элибиздин эң ачык-айкын пикирин, тилегин, умтулушун көрсөткөн бир ысым бар —ал баарыбызга эң кымбаттуу, баарыбыз үчүн сүйкүмдүү ысым...— деп, Нурали сүйлөгөндө дүркүрөтүп кол чабуу анын сөзүн угузбай калды.

Кол чабуу токтолгончо күтүп туруп, Нурали сөзүн кайра баштады:

— Ушул ысым бизге кубаныч, таалай, жеңиш берип жатат, колубузга күч, жүрөгүбүзгө сезим, акылыбызга акыл кошуп жатат; сүйкүмдүү советтик өлкөбүздүн жыргалчылыгы үчүн бизди жан аябай эмгек кылууга чакырып жатат. Ушул ысымды жолдоштор, колхозчулардын жалпы чогулушуна сунуш кылып, улуу Сталиндин ысмын биздин ирилешкен колхозго коёлу дейли.

Баары ордунан турду, кызуу кол чабуулар бир нече минутага чейин созулду.

Нурали үйүнө жалгыз келатты. Чогулуштан кийин ал бир аз буйдалып калды да, навободдуктар аны күтпөстөн кете беришти. Чынын айтканда, эч ким ээрчитпей, өзү жалгыз бараткандына ал ыраазы болду. Турмушунда олуттуу окуя болгондо, мына ушинтип, шашпай жай басып ойлогуң, өзүңүн сезимиңи иретке келтиргиң келет, же

дагы кандай дечү эле? Жаңы чекке өтүү үчүн жыйынтык чыгарыш керек дечү эмес беле. Ырас, дал жаңы чекке өттүк. Деги ойлоп көргүлөчү: бир нече күн өткөндөн кийин «Навобод», «Ситораи Сурх», «Рохи Нав» колхоздору болбойт. Сталин атындагы гана бир колхоз болот! Колхозго жаңы наам коюу жөнүндө сунуш киргизгенде, кандайча жүрөгү алеп-желеп болгонуң Нурали эсине түшүрдү. Сыягы жаман болгон жок. Сөздөр да өзүнөн-өзү келип, издетип убара кылбады. «Элге эл кошулса—ырыскы». Ушинтип ким айтты эле? Баса, Гаиб абышка айтпады беле. Анан Нурали Гаиб менен бирге түнү бою парткабинетте болгонун эсине түшүрдү. Ошондо баары ордунан чыкпай урай тургандай сыяктанды эле. Баарын кайтадан баштоо керек эле. «Иши кылып тилегиме жеттим! Жок, жалгыз мен эмес, баарыбыз—Хашим-Корвон, Зубайда, Гаиб, Хасан, дагы нечендер». Ырас, кандай сонун чогулуш болду!.. Хашим-Корвондуку жакшы болду... Боровиков жаткан митаам! Анын кандидатурасын күн мурунтан белгилеп койгон экен. Чынын айтканда, ага Нуралиге, Хашимди көрсөтүш керек эле. «Акылың жетпедиби? Ооба, ооба элге кунт койбойсуң деп, Боровиков менен Мурадова күнөлөгөндө дагы тарынып коёсуң. Болуптур, муну да маңдайыбызга жазып коёлу». Эми жалаң гана жакшы нерсе жөнүндө ойлогуң келет. Нурали өзү жөнүндө Боровиковдун: «кайраттуу... жаман парторг эмес» деп айткан жылуу-жумшак сөздөрүн моокуму кана эсине түшүрдү. «Демек, иши кылып жакшы кылган экемин го? Петр Николаевич мактоого келгенде абдан сараң, оңбогондой сараң». Нурали ак жолтой болуп, Боровиков менен, өзү кичинесинен тартып жакшы көргөн кишиси менен, иштөөгө буюрган экен.

Ушинтип, жаңы чек башталды. Эми Шодигүл да аны менен бирге болот. Шодигүлдүн акыркы жазган катындагы: «Ардагым, мени менен бирге сүйүн... Түбөлүктүү жарың...» деген сөзү анын кулагына шаңкылдаган ырдай болуп угулду.

Жуйборунун көпүрөсү Нуралиге Шодигүл менен кийинки жолу жолугушканын эстетти. Нурали токтой калды. Так ушул жерден Шодигүл ага: «Жок, менин артыман ээрчибей эле коюңуз» деп айткан. А тигинде, Жуйборунун ары жагында, Тали-Газиян дөбөсү карарып турат — ошол күнү Шодигүл менен Нурали так ушул дөбөнүн түбүнө барып отурушкан. Нурали ошол жолку жолугу-



шууну, Шодигүлдүн сөздөрүн, анын жүрөк заада болушун жана сабырсызданышын, анын ызаланышын, жана өзүнүн эмне кылаарын билбей калганын эстеди. Нуралинин жүрөгү кайрадан тызылдай түштү да, Шодигүлдүн бул жерде жок экенин эстегенде, ого бетер ачышты. «Деги Шодигүлдүн эжесиникине мейманга кеткенине канча күн болду?»

Нурали, колхоздун кампасынын жанынан өтүп баратып анын алдынан бир жүк ташуучу машинаны көрдү. Машинанын жанында Юнусбай (аны Нурали үнүнөн тааныды) кимдир-бирөө менен сүйлөшүп туруптур, ал шофер көрүнөт. Нурали алардын жанына басып барды. Көрсө, бул машина Сталинабаддан, «Сортсемовощтун» республикалык конторасынан жашылчалардын сорттуу үрөндөрүн алууга келген экен (Сарыкамыштын кай бир колхоздору сыяктуу эле, «Навобод» колхозу да жашылчалардын үрөндөрүн берип турууга контора менен келишим түзгөн эле). Машина эбак жүктөлүп кетүүгө камданып жатыптыр.

Нуралиге: ушул машина менен Сталинабадга, Шодигүлгө барсам кантет?.. деген ой туулду. Эртең эле кайра келүүгө болот... Звенодо шашылыш иштер жок... Бүрсүгүнү жалпы чогулуш. Эчтеке эмес, үлгүрүүгө болот.

— Бир аз күтө турчу, бай болгур,— деп Нурали шоферга өтүнүч кылды да, председателге кайрылды:
— Мен муну менен Сталинабадга барайын, зарыл ишим бар. Эртең эле кайра келем... Сиз каршы эмессизби?

— Мейлиң, бирок бригадирден суранып коюш керек,— деп Юнусбай көңүл кош жооп берди да: «Чынында, азыр мен кожоюн эмесмин да» дегенсиди.

Шоферди күтө турууга көндүргөн соң, Нурали адегенде өзүнүн бригадири Мухамедниязга, андан кийин өз үйүнө чуркап барды.

Ончакты минутадан кийин Нурали чөнтөк фонары менен полевой сумкасын алып кайра келди.

### *Жыйырма тогузунчу глава*

Жолдош шофер дагы бир колхозго үрөн алууга кайрылды. Сталинабадга эртең мененки саат тогуздан өткөндө гана келишти.

Нурали Ленин көчөсү менен Путовская көчөсүнүн бурчунан түшүп калды. Универмагдын үстүндөгү саатты караса, тогуздан алты гана минута өтүптүр, а Нуралинин

чөнтөк сааты боюнча тогуздан он тогуз минута өтүп кеткен эле. Нурали өз оюнда: «Экөөбүз тең ашыгып калган экенбиз го»— деп, саатын Сталинабад убактысы боюнча тууралап алды да, мындан эки квартал аралыктагы, Комсомольская 21 деги автобус станциясын көздөй бет алды: кокустан Шодигүл бүгүн кайта турган болуп калса, аны Нурали так ошол жерден таап алмак.

Бирок станцияда Шодигүл жок экен.

Нурали эмки автобустун Вахшка саат экиде жөнөй турганын билди. Шодигүл мейманга келген Ленин атындагы колхоз Сталинабаддын так түбүндө, Комсомол көлүнүн ары жагында болучу; аякка машина бир нече гана минутада барат, жөө басса, Путовская көчөсүнөн шоссе менен жыйырма минутада жетүүгө болот. (Баягыда, Нурали кокусунан Шодигүл менен Вахшка чейин жолдош болуп барганда, Шодигүл ага так ушундай деген. Нурали анын жездесинин атын да — Эргашты, багбан Эргашты да эсине тутуп калган.) Сакал-мурутту кырдырып алып, түз эле ошону көздөй жөнөш керек эле.

Чач тарачтан сакал-мурутун кырдырганы үчүн акы төлөп жатып,өзүнүн капчыгында араң эле алтымыш эки сому бар экенин билген соң, Нурали капа боло түштү. Түндө жолго шашып чыгып, столдун үстүндө жаткан акчасын жанына салып алууну унутуп коюптур. Сакал-мурутун кырдыргандыгы үчүн үч сом төлөгөндөн кийин, анда араң эле элүү тогуз сому калган — бул акча автобуска түшкөн эки кишиге гана араң жетмек.

Акчаны үнөмдөш үчүн Нурали колхозго жөө жөнөдү. Ал тез-тез басып, колхоздун правлениеси менен жанаша турган чайханага чейрек сааттын ичинде жетип келди да, самоварчыдан Эргаш багбандын үйү кайда экенин сурады. Нуралиге кыштактын башка—шоссенин сол жагындагы бөлүгүн көрсөтүштү.

Бактар менен огороддорду аралап, арыктардан аттап жүрүп олтуруп, акыры ал издеген көчөсүнө түштү. Ылайдан согулган жапыс дубалдардын ичинде калың гүлдөгөн өрүктөр, бадамдар жана шабдалылар турат. Адеп эле кезиккен бир бала Нуралиге дөңсөдөгү чаканырак бир үйдү көрсөттү: ал үйдүн эки терезеси кичинекей жашыл жыбыт жакты карап турган эле.

Ылайдан согулган боз дубал ушул үй менен анын кең короо багын тегерете курчап турган, эки жакка ачылма



кичинекей дарча салынган. Нурали жыбыттап чуркап өтүп, дарчанын түбүнө жетип барды. Дарча саал ачык болуучу. Нурали короонун ичинен Шодигүлдү көрө койду. Шодигүл арыктын жээгине жүйүртө басып олтуруп, кочушу менен суудан сузуп алып, эки көзүн жумган бойдон бетин жууп жатыптыр. Туура жагындагы бир жыгачта ак сүлгү илинип турат. Дарчадан өткөн соң, Нурали кызды чочутуп жиберүүдөн коркуп, дымын чыгарбастан туруп калды. Шодигүл көпкө чейин жуунду, кызы серүүндөп жатса керек. Акыры кыз өйдө туруп, сүлгүгө колун сунду да, дал ушул учурда Нуралини көрө койду. Капилестен селт эте түшүп, качууга камданган жейренге окшоп туруп калды.

— Саламатсыңбы!—деп жылмайып, Нурали кызды көздөй бир кадам шилтеди.— Мен сага келдим.

Шодигүл жарк эте түштү да, бетин чала-була аарчып, Нуралинин жанына жүгүрүп келди.

Нурали аны кучактай калып, эрдине-эрдин тийгизди.

Кимдир бирөөнүн аярлуу басыгы кызды Нуралиден артка карай кетенчиктей калууга мажбур кылды. Улгайып калган кичинекей бир аял көрүндү. Нурали ага баш урунду. Шодигүл кыпкызыл болуп кетти.

— Эже, бул биздин колхоздун кишиси... Парторг Нурали Баратов... — Шодигүлгө эжеси күлүп жибергендей болду. «Нуралиге чуркап келгенимди көрүп койду го? Уят!» Бирок эжеси, эчтекени көрбөгөнсүп, Нуралиге кайрылды:

— Кош келипсиз, кириңиз,— деп эже бир колун көкүрөгүнө алды.

— Биз эртерек жөнөп кетишибиз керек. Сиз даярсызбы?—деди Нурали, Шодигүл менен үйгө кирип баратып.

— Мен бат эле даярданам,—деп жооп берди Шодигүл.

Үйдө башка эч ким жок экен. Эргаш өзүнүн күйөө баласы (алар чогуу турушчу) менен таң азандан колхоздун жумушуна кеткен. Эже Нуралини сүт ботко жана таттуу токоч менен сыйлады.

Тамак ичип жатканда, Шодигүл өзүн эжеси кезек-кезек карап коюп жатканын байкады, анын көз карашында саал шылдыңдагандыктын белгиси болгону менен, жактырбагандык жок эле. «Кыязы, Нурали буга жагып калды көрүнөт» — деди Шодигүл өз ичинде курсант болуп. Тамак ичип бүткөндөн кийин Шодигүл өзүнүн кара плющ

пальтосун кийип, эжеси камдап койгон түйүнчөктү колуна алды; Нурали ордунан турду да, экөө тең үй ээси менен коштошту.

Жанагы кырдан Комсомол көлү көрүнөт, бул көл кыштактан эки жүз метрче жерден башталат. Андан аркы адырдын үстүндө көздү уялтып Сталинабад турат. Бул жерлердин сырын жакшы билген Шодигүл Нуралини кыштактын түштүк жагынан агып өтүүчү Чоң Гиссар каналын бойлоп ээрчитип басты. Каналда суу аз экен анткени—сугат мезгили баштала элек болуучу. Анын сол өйүзүндөгү адырларды жана колотторду жаш чөп, кызгалдактар менен саймалап койгондой көрүнөт. Шодигүл менен Нурали келаткан жалгыз аяк жол бир пастан кийин аларды көлдүн бийик дамбасына уй мүйүздөнтүп тигилген аллеяга алып келди. Биздин тоолу Республиканын эң сонун жерлеринин бири көрүнду. Жашыл шибер менен капталган жайык, айдөшү адырлар бара-бара жогорулап, түндүктү карай созулуп, кайсы жерге барып бүткөнүнө көз жетпейт. Алардын даана көрүнгөн жашыл жээгинин ары жагында ак кар баскан тоо асман мелжийт. Ал тоолордун үстүндө булут жатат. Тоонун чокуларынын арасындагы жашылданып турган тунук көгүлжүм асман түпсүз сыяктанып көрүнөт. Өзөндүн аркы өйүзүндөгү зооканын үстү жагынан Сталинабад шаары, биздин баатырларыбыз менен жашташ дээрлик, бакка көмүлгөн шаар көздү уялтат. Нурали менен Шодигүл өзөндүн боюна келишти. Зоока менен адырлардын дал ортосунда Варзоб аттуу ийри-муйру кең капчыгай созулуп жатат. Капчыгайдын ичинде ээ-жа бербей, күркүрөгөн Дүйшөмбү көбүктөп, бууракандап, кең өрөөндү көздөй атырылат. Анын айнектей тунук көк-кашка суусунан муздак жел согуп турат: өзөндүн аркырап аккан жеринен өтүп, акырын агып айланпа болгон жерине келгенде, анын түбүндөгү таштарды бирден саноого болот эле. Кол менен курулган Комсомол көлүнүн тушуна жетер замат, бул өзөн гранит жээктердин ортосунда кысылат. Дал ушул жерден Чоң Гиссар каналы башталат. Каналдын темир бетон плотинасы сууну кемээчтеп калган. Дүйшөмбү — азоо ат сыяктуу, плотина—аны мипип алган олбурдуу чабендес, ал эми гранит жээктери — жүгөнгө окшойт. Атырылып аккан суу шлюздун эбегейсиз зор темир щиттерине келип урунат. Эгер ушул щиттер саал эле солк эте турган болсо, суу-



плотинаны алып кете турган. Бирок щиттер бек орнотулуп, плотина солк этпейт: ал Ата мекендик согуштун оор жылдарында ушул каналды курган тажик элинин болоттой кайратынын бир бөлүгү менен ширелген. Эл Дүйшөмбү суусун пахталуу Гиссар өрөөнүн сугарып турууга мажбур кылган.

Шодигүл эч качан өзүн мына ушул кереметтүү жазгы таңдагыдай бактылуу сезген эмес. Нурали келбедиби! Шодигүлгө келбедиби! Ушул күндөрдө, Нурали тууралу ойлогондо, ал: «Жанымда Нурали болсочу!» деп өз ичинен далай ирет кайталаган. Сарыкамыштагы жанылыктар жөнүндөгү Нуралинин сөзүн угуп баратып, Шодигүл анын ийнине ыктап:

— Сен мага келбедиңби, ыраспы?— деп кайта-кайта сурайт.

Ал анын жообун кайта- кайта уккусу келди.

Шодигүл анын ар бир кыймылын, жылмайышын, көз карашын байкап баратат. «Бул жер жакшы экен ээ, ыраспы? Же «Сен тоону жакшы көрөсүңбү?», «Сен өзөндү карап турганды жакшы көрөсүңбү?» деп сурайт да, Нурали «ооба» дегенде, Шодигүл: «Мен дагы» дейт. Шодигүл да Нурали сыяктуу көрүп, ал сыяктуу ойлоп ал сыяктуу сезгиси келет, анығын айтканда, Нурали менен бирге көрүп, бирге ойлоп, бирге сезгиси келет.

Али саат он бир гана болуучу, Вахшка автобус жөнөгүчө дагы үч саат бар эле. Нурали менен Шодигүл кайрадан көлгө келип, гипс менен шыбатылган бетон скамейкага отурушту. Көлдүн тегерегинде эч ким жок эле, анда-санда гана ары-бери өткөн бирин-серин кишилер көрүнө калат. Көлдүн жээгиндеги кайыктар зериккендей чайпалышат. Түндүктөн соккон салкын жел көлдүн күзгүдөй бетин чыбырчыктатып турат. Жазгы күндүн илебинен жылыган жана жаш чөптөр менен гүлдөрдүн таза жыты аңкыган тоо абасы бойду балкытат.

Шодигүл жакында Сталинабаддын театрынан «Евгений Онегин» операсын көргөндүгүн толкунданып айтып жатты. Аны эжесинин коңшусунун кызы, айыл чарба институтунун студенткасы Халима ээрчитип барган. Шодигүл аны менен мурунку келишинде эле эжесиникинен таанышкан. Театр ичи куду жомоктогудай кооз экен. Нуралини калтырып кеткендиги өзү үчүн оор болсо да, азыр Шодигүл эжесиникиңе келгенине өкүнбөйт. «Евгений Онегин»

жөнүндө Шодигүл мурда деле анча-мынча биле турган: мектепте мугалимден уккан, ал жөнүндө Вера менен да сүйлөшкөн, бирок өзү анын үзүндүлөрүн гана окуган. Ырас, тилекке каршы, театрда Шодигүл сөздөрүн жакшы ажырата албай койду, анда-санда гана бир сөзүн ажыратып жатты, кыязы, бул «башкача түр менен», «бизден башкача» ырдашканынан болуш керек. Шодигүл утур эле: «Бул эмне дейт?», «Тиги эмне дейт?» деп Халиманын тынчын ала берди, ошондо арт жакта жана алдыда отурган адамдар: «Акырын!, Акырын!» деп аларды тыйып жатышты. Ушуга карабастан, Шодигүл абдан, абдан кызыгып укту да, үйгө кайткандан кийин «Евгений Онегинди» сөзсүз окуп чыгууга өзүнө-өзү убада берди. Шодигүлдүн көңүлүнө өзгөчө жакканы — Татьянанын каты болду. Эмнеликтен экенин Шодигүл Нуралиге айтканы жок. Бирок муну Нурали ансыз деле түшүндү. Айыл чарба институтундагы студенттер кечесине да Шодигүлдү ошол эле Халима ээрчитип барды. Халима отличница, Сталиндик стипендияны алат экен, аны мугалимдер да, студенттер да кадырлашат.

— Көрдүңбү, Нурали, ал кандай сонун кыз! Ал үч тилде тең: орусча да, тажикче да, өзбекче да эркин сүйлөйт. Бардыгына жөнөкөй гана мамиле кылат!

Аны менен бирге жүрүү Шодигүл үчүн абдан жакшы болду.

Анан ошол кечеде Халиманын жанына бир киши басып келди; ал профессор экен, муну Шодигүлгө Халима кийин айтты. Ал киши Халимадан: «Бул ким, сиздин сиңдиңизби?» деп сурады. А Халима: «Менин таанышым, колхоздон келди» деп жооп берди.—«Окууга келдиби?»—«Жок, азырынча жөн келиптир, окуганы жатыптыр».—«О, окуганы жатса, жакшы экен! Келиңиз!»,—деди профессор Шодигүлгө. Анан кече башталды да, Пахтабад районунан келген бир жаш аял—агроном, алган билими кандай жардам берип жаткандыгы жөнүндө айтып берди,—ал аял мындан бир жыл мурда ушул институтту бүтүрүптүр. Андан кийин концерт болду. Жалпы бий башталды. Шодигүл жанагы агроном аялдан көзүн айырган жок, ал «бизче» да, орусча да баарынан сонун бийлейт экен...

Нурали Шодигүлдүн сөзүн тыңшап, анын колун кармап турду. Шодигүл менен ушинтип бирге отуруп, анын үнүн угуп, анын күлүшүн көрүп туруу—кандай бакыт!



— Шодигүлүм—шаттык гүлүм,—деди ага Нурали,— сени мен абдан сагындым... Ушул күндөрдүн ичинде сенин атыңды өз көңүлүмдө миң ирет кайталадым. Кече мен Тали-Газиянга барып, баягы—эсиңдеби? баягы сен экөөбүз акыркы жолу кезигишкен дөбөгө чыгып отургум келди...

Станцияга алар машинанын жөнөшүнө он гана минута калганда келишти. Машинадагы орундардын бардыгы сатылып, билет кассасы жабылып калыптыр. Нурали капалана түштү. Бүгүн ал кандай да болбосун «Навбоддо» болуш керек эле. Такси жалдоого мүмкүн эле, бирок анын акчасы жетпей жаткан. Анын оюн биле койгонсуп, Шодигүл:

— Такси менен баралы,—деп сунуш кылды.

— Менде акча жок,—деп Нурали сырын айтууга аргасыз болду.—Түндө шашып, жаныма салбай келиптирмин.

— Менде бар да!—деди Шодигүл.—Атам мага үч жүз сом берген.

Нурали башын чайкады. «Мен үчүн кыз өз акчасын короткону жарамак беле!»

— Ушу да кеппи, жаным?—деди Шодигүл ыза болгондой.—Мен сенин жатың белем?

«Таксинин акысын үйгө барганда деле төлөөгө болот да»,—деп Нурали өз көңүлүн өзү жубатты.

— Болуптур. Такси менен кетели.

Фрунзе атындагы парктын маңдайында бир машина туруптур.

Көкташ деген эң жакынкы райондук борбордон өткөндөн кийин Шодигүлгө Нурали: жакын арада сенин атаэнеңе энемди жиберемин,—деди.

Шодигүл ылдый карап калды да, өз бармактарын биринчи жолу көрүп жаткансып, көз айырбай карай берди.

— Жок, азыр эмес... күзүндө жибер...

— Эмне үчүн ушунчалык узартабыз?

Шодигүл уялгандай унчукпай калды.

— Кечиктирүүнүн кереги жок, Гүлүм, кагылып кетейиним,—деп жалынды Нурали.

Шодигүл Нуралиге карады.

— А окуучу?

— Сенин окууңбу? Бул окууга жолтоо болбойт... Мен,—деп жылмайды Нурали,—аялдарын окууга жолтоп жаткандардын жолун жолдобойм да.

— Аның чын, бирок... бул кээде адамдын колунан келбей калат да...

— Келет, адамдын колунан баары келет.

— Угуп турчу, жаным, менин сөзүмдү угуп турчу,—деди Шодигүл ойлуу жүз менен.— Өзүң билесиң, мен көптөн бери окусам деп жүргөнмүн. Бирок менин бул тилегим анчалык күчтүү эмес болучу. Өзүмө өзүм: «Мүмкүндүгүм болсо—окууга барармын, болбосо—барбай калармын» деп гана коюучумун. А эми мен бекем шерт кылдым... Ушул күндөрдүн ичинде, өзгөчө институттагы кечеден кийин мен көп ойлондум. Эми өзүмө: «Жолумду тоо тороп калса—андан да өтөм, өзүмдү чынжыр менен таңып койсо—аны да үзүп кетемин, айтор, окууга барбай койбоймун» деп айта турган болдум. Мен сени сүйөмүн, бирок мен ушул шертимден кайта турган болсом, өзүмдүн бактым анчалык толук болбоочудай жана сени сүйүүм өчө баштоочудай көрүнөт...

«Победа» ийрилип-буйрулган жол менен Көкташ ашуусуна чыгып баратты. Шодигүл айнекке бетин такады да, жаш чөп менен капталып, күн нуруна бөлөнгөн боорлорду, кызыл салаалуу тар капчыгайларды, дөбөлөрдүн арасында жаткан кичинекей бир кыштакты, жайык беттерде жайылып жүргөн эчкилерди карай баштады.

Шодигүл өзүнүн арка жагынан Нуралинин:

— Сенин айтканыңа макулмун,—деген кайраттуу үнүн укту.—Сенден ушундай сөздөрдү уккан соң, мен сени мурдагыдан да бекем сүйөмүн.

— Ушул күндөрдө мен эмнелерди ойлогондугумду билесиңби? — деп Шодигүл Нуралиге бурулду. — Балким, ага сенин күлкүң да келер. Мен мындай ойго келдим. Мына мен Шодигүл, колхозчумун, комсомолкамын, он жылдыкты бүтүрдүм, мени сезимдүү, алдыңкы кыз деп эсептешет. Бирок мен алдыңкы кыз катарында эмне жасадым? Ырас, талаада мен дурус иштеймин. Андан башкачы? Андан башка эчтекем жок. Элге да эч кандай билим берген жерим жок, кээде звенодогу кыздарга кай бир нерселерди кандай жасоону көрсөткөнүм. болбосо, эч кимге эч нерсени үйрөткөн жерим жок. Эл алдында сүйлөөнү, өз оюмду ачык айтып берүүнү, же бир саясий маселени, же бир башка маселени түшүндүргөндү да билбеймин. Он жылдыкты бүткөндө, бирдемени билүүчү



элем, андан кийин көбүн унутуп койдум, анткени — мен аз окуймун. Мындан бир ай мурда улгайып калган бир аял, менден паранжынын качан жана кантип пайда болгонун сурап калды. Мен жооп бере албай койдум. Өзүм пахтачы—звеновоймун,—сен эмне, мени пахтаны жакшы билет деп ойлойсуңбу? Жок, андай эмес. Кыйын болсо, арифметиканын төрт амалындай билермин, бирок анын «алгебрасы», ал түгүл «бөлчөктөрү» мага али белгисиз. Маселен, жанагы Пахтабаддан келген агроном аял ар түрдүү тажрыйбалар жөнүндө айтты, а мен көп нерселерди түшүнгөн эмесмин. Халима да мындан эки жыл мурда карапайым гана колхозчу болучу... Сага мен чынымды айтайын: канчалык ойлонгон сайын, мен өзүмдөн өзүм ошончолук уялдым. «Жок,—дедим мен өз ичимде,—билимсиздиктин уйкусунан ойгонуш керек, окуш керек». Биздин колхозчулар: «Шодигүл—алдыңкы кыз» деп калышат. Алегенде, мени өзүмдүн жинимдей көргөн Турабга күйөөгө беребиз дегенде кандай жорук жасадым эле? Вера мени туура уяткарган... Ушул күндөрдүн ичинде ойлоп-ойлоп олтуруп, ушундай тыянакка келдим: мага азыркы турган жериме токтоп калууга болбойт, таптакыр болбойт! Биздин өлкөдө, кайда барсаң да,— бардык жерде билим, маданият керек. Ошондуктан мен күзүндө айыл чарба институтуна барууга шерт кылдым.

Шодигүл бир паска унчукпай калды да, мындай деп кошумчалады:

— Бир кезде сен партиялык мектепке киргим келет деген элең. Эгерде сен айныбаган болсоң, анда...экөөбүз тең... шаарга барып...

Шодигүл сөзүн бүтүрбөй, кайрадан өз маңчаларын карап калды.

— Колуңду берчи мага, Гүл. Биздин тоюбуз күзүндө болобу, же жазында болобу, мен партиялык мектепке кирембиби, же кирбейминби,—иши кылып, сен институтка барбай койбойсуң,—деди да, Нурали анын башын өзүнүн көкүрөгүнө кысты.

### *Отузунчу глава*

Колхозчулардын жалпы чогулушунда партия уюму сунуш кылган кандидаттардын бардыгы дээрлик шайланды. Председатель ким боло тургандыгын көпкө талашышты,

Ахмеджанды жактагандар, анын өзүн председателдикке көтөрүү үмүтүнөн ажыраган соң, Хашим-Корвонду кулатып, Ахмеджандын жакыны Азамды шайлатууга жан-алынын бардыгынча аракет кылышты.

Бирок алардын аракети текке кетти. Чогулуш Хашим-Корвонду шайлады.

Биригүүнүн натыйжасында үч председатель, эки мал фермасынын башчысы, эки эсепчи, беш табельщик эки завхоз, эки атчы, эки малчы, эки кампачы, колхоздун райондук борбордогу дүкөндөрүнүн эки дүкөнчүсү,— бардыгы болуп жыйырма эки киши кызматтан бошоп калды.

Биригүүгө чейинки үч огород-бакча бригадасынын ордуна бир чоң бригада түзүлдү да, анын бригадирлигине Юнусбай бекитилди. Хажиумар председателдин мал чарба боюнча орун басары болуп дайындалды.

Ахмеджанды жаңыдан түзүлгөн пахта эгүүчү эки бригаданын бирөөнө бригадир кылып дайындашты да канал ачылгандан кийин, алар Жуйборунун ары жагындагы жаңыдан өздөштүрүлгөн жерде иштешмек болду. Бул бригадаларга ирилештирилгенден кийин бош калган жыйырма эки кишиден он тогузу жиберилди.

Жуйборунун ары жагындагы болочок пахта талаалары тракторлор менен айдалды. Эми аларды тазалап, тегиздеш керек эле. Бирок, күн артынан күндөр өтүп бараткаыына карабастан, «Рохи Навдын» мурунку председатели ишке киришкени жок. Ал талаада да, контордо да (мурунку «Рохи Нав» колхозунун правлениясына жайланышкан) көрүнбөдү.

Хашим-Корвон өзүнүн үстүнө Ахмеджанды чакыртып алды.

— Саламатсыңбы, Ахмеджан. Отур!—Хашим аны баштан-аяк карап өттү: Ахмеджандын кийгени жапжаңы жашыл жибек чапан, төшүндө «Ардак белгиси» ордени менен «1941—1945-инчи жылдардагы Ата Мекендик Улуу Согуштагы каармандык эмгеги үчүн» медалы жаркырап турат. Мизилдете кырдырылган башына татынакай чуст топусун кондуруп койгон. Жапжаңы хром өтүктөрү кычыр-кучур этет. Бул сыяктуу кооз кийим менен Хашим аны көрө элек болучу.



«Ким менен текөөрлөшкөнүңдү билип койгун дегенсип, атайы жасанып чыккан турбайбы», деди председатель өз оюнда.

— Сени мен эмнеге чакыртканымды билесиңби, Ахмеджан? Мен сенин бетиңе айтайын: сенин кылыгың—оппортунисттин кылыгындай,—деди Хашим.

Ахмеджан төш чөнтөгүнөн чакчасын сууруп чыкты.

— Оппортунисттердин партиялык билети болгон, а мен партияда жокмун. Саясий сабаттуу болуш керек.— Ахмеджан өзүнүн жука эриндерин текебердүүлүк менен кыйшайтып: «Сен мени сызга отургуза албайсың!» дегенсиди.

— Оппортунизм деген адамдын башы менен ишинде болот, партиялык билеттин буга эч кандай тиешеси жок; эгер оппортунистте партбилет болсо, аны алып коюшат,— деп Хашим сөз кайтара баштады.— Бардыгы тең жан аябастан иштеп жатат, а сенчи? Четке чыга бердиң да: «Мен-сиз булар жакында сызга олтуруп калышат эмеспи, так ошондо көрүшө жатармын» деп ойлоп жатасың. Эгер ушинтип ойлосоң, оюң талаага кетет. Сызга отурбайбыз. Ошондуктан, мен сага достук кылып айтып коёюн: сен тетири жолго түшүп баратасың, Ахмеджан.

— Сен мени коркутпагын. Мен коркоктордон эмесмин. Деги өзүңөр кимсиңер? Даяр нерсеге келип алып гана кожоюндук кылып жатасыңар! Сен менин тилимди кытыгылабагын.—Ахмеджан ордунан туруп бурчка барды да, наспайды түкүргүчкө түкүрүп салып, чыгып кетти.

Анткени менен, эртеси Ахмеджан председателге өзү келди.

— Иштөөгө макулмун, бирок жок бригадага бригадир болууну каалабаймын.

Ахмеджандын келгенине ыраазы болуп, Хашим-Корвон аны менен айтышып отурууну каалаган жок да, ага каналдагы жумушту башкарууну сунуш кылды.

Ахмеджан буга макул болду.

Колхоздор биригишкенден кийин, канал казууга керектүү жумушчулар жөнүндөгү маселе жеңил жана тез чечилди. Бобосаид карыя сунуш кылгандай, правление ар күнү, ар бир талаа бригадасынан бирден звенону каналга чыгаруучу болду. Калинин атындагы жана Димитров атындагы

колхоздор да отуз киши жиберишти. Ушунетип, каналды күнүгө токсон—жүз киши каза турган болду. Бул канал менен суу, гидроэлектростанциясынын турбинасына да, жаңы жерлерди сугарууга да барыш керек эле.

Жумуш бүт трасса боюнча жүрүүдө. Кишилер алты бригадага бөлүнүп, алты жерде иштеп жатышат. Ар бир эки бригада бир-бирин көздөй казып баратышат. Участоктордун ортосундагы киши бою бакандардын башында кызыл желекчелер кызарат.

Алыста экскаватор көрүнөт.

Хашим-Қорвон менен Ахмеджан үчүнчү бригадага келишти. Бул Нуралинин бригадасы эле. Қаналдагы кара жумуштун баарын аткаруу менен бирге, Нурали дагы бир бригадага жетекчилик кылуучу.

Нурали кетменин калтырып коюп, каналдан чыкты да, келатканда башындагы жоолугун сыйрып алды.

— Дем алыш жакында болобу?—деп сурады Хашим.

— Ооба, беш минутадан кийин—саат он экиде,— деп жооп берди Нурали, чөнтөгүнөн сууруп чыккан саатын карап алып.

Алар дөңгө отурушту.

— Сага өз звенонду кайтууга туура келет,— деди Хашим-Қорвон.—Жакында чигит эгилет, жакшылап даярданыш керек. А бул жерде сенин ордуңда Ахмеджан калат.

Нурали преседателге таңгалгандай карады, а председатель өзүнүн көз карашы менен ушундай кылуу керек экендигин туюндурду.

— Болуптур,—деди Нурали.

Ал кайрадан саатын карады да:

— Сарымсак! Желекчени алып койгула!—деп кыйкырды.

Үчүнчү жана төртүнчү бригадалардын ортосуна орнотулган желекче калгандарынан бийик болучу. Қолхозчу Сарымсак желекчени булгалады. Қишилер жумушту токтотуп, каналдан чыга башташты.

Эң биринчи үч бригада талаага сегиз-тогуз кишиден топ-топ болуп отурушту. Хашим-Қорвон менен Ахмеджан ушул топтордун бирине кошулду.

Ал аңгыча Рахим жаңы газеталарды көтөрүп келди. Жигиттердин бирин чакырып алды да, газеталарды берди:

— Элге окуп бер, Хакимжан.



Хакимжан чок ортого отуруп алып, газетаны угуза, ал түгүл өтө эле катуу окуй баштады. Бул баягы, Нурали «Навободгро» адеп келген күнү, колхоздун мүчөсү эмес болуп чыккан жигиттин өзү болучу. Хакимжан жакында комсомолго кабыл алынган эле жана эң биринчи комсомолдук тапшырманы өзгөчө берилгендик менен аткарып жаткан. Адегенде ал «Совет өлкөсүндө» деген кабарларды, андан кийин чет элдерден алынган кабарларды окуду; Хакимжанды утур токтотуп, суроо берип жатышты. Эң акырында ал Ленинабад областынын колхоздорунун биринде эмгектин уюштурулушу жөнүндөгү макаланы окуй баштады.

— «Бул колхоздордогу эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгү—жалаң гана мыкты уюштуруунун натыйжасы эмес. Ал күндөлүк нормаларын ар дайым орундаткан жана ашыгы менен орундаткан колхозчулардын жана колхозчу аялдардын патриоттук жогорулашынын, жогорку сезимдүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат...»—деп окуду Хакимжан.

Көсөө Сарымсак:

— Угуп тур, Исмат!—деп кыйкырды.

Жанаша топто отурган Исмат Сарымсакты карай бурулду. Ал таң эртеңден бери өзүнүн огородунда иштеп жүрүп, каналга бир жарым саат кечигип келген.

— «Алар тартипсиз, эмгекке салкын караган адамдар менен күрөшөт...» деп окуп жатты Хакимжан.

— Мындайча айтканда, Исмат сыяктуулар менен!— деп Сарымсак кайрадан туурадан чыкты.

Бир топ колхозчу күлүп калды.

— Сен мени шүк коёсуңбу же жокпу? Сен эмне мага асылып калдың, оңбогон көсөө?—деп кыжырланды Исмат.

— Кетмендей сакал болсо да, кишинин иши жалаң сакал менен бүтпөйт да,—деп жооп берди Сарымсак. Қайрадан көңүлдүү каткырык чыкты. Сарымсак дагы:—Мен сени киши болгонуңда гана шүк коём!—деди.

— А бул качан киши болот?—деп сурады колхозчулардын бирөө, жаңы шылдыңдарга түрткү берүү үчүн.

— Элден уялганды үйрөнгөндө.

— А бул азыр элден уялбайбы?

— Уяла турган болсо, жумушка кечигип келбейт эле да.

— Исмат кетменди кыйын чабат дешет го?

— Ооба, өз огородунда кыйын чабат.
Просветовдун келиши Исматтын жанын алып калды.
Куруучунун бети албырып кеткен, өтүктөрүнө баткак чачыраган, өзү энтиге дем алат.
— Председатель, мен түз эле станциядан келдим. Платформаларды алдым. Жалалов начальникке телефон уруп, колунан келишинче сүйлөшүп көрдүү. Бирок, Мурадова мени менен бир нече жолу барганына карабастан, станциянын начальниги кечиктирип жатты. Товардык поезд Сталинабаддан Даганакиикке эртең эртең менен саат он бирде келет.
— Отур, чай ич,—деди ага Нурали.
— Рахмат, убактым жок,—деп Просветов чай ичүүдөн баш тартты да, кайрадан Хашим-Корвонго кайрылды:— Ыкчамдаш керек, антпесе үлгүрө албайбыз.
Хашим-Корвон Нуралини карады:
— Кимдерди жиберебиз?
— Менимче, бизге комсомол жардам берет го,—деди да, Нурали ушул жерде отурган Рахимге көкүткөндөй карады.
Рахим күлүп, колун өзүнүн кызыл топчусунун астынан барпайып чыгып турган кара чачынын тушуна көтөрдү:
— Анын милдетин биз алабыз!
— Ишке кирише бер Рахимжан,—деди Нурали мээримдүү үн менен, анан:—Эй, Сарымсак, бүттү! Желекчени көтөргүлө!—деп кыйкырды да, колхозчуларга кайрылды:— Бүгүнкү күндөн тартып мында менин ордума Ахмеджан-ака иштейт.

### *Отуз биринчи глава*

Сталин атындагы колхоздун правлениесинин алдында кужураган бир топ балдар жана кыздар турду. Балдардын белиндеги курларына токоч оролгон, кыздардын колдорунда түйүнчөктөр бар. Рахим өзүнүн бригадасына бирдемени жан-алы калбай түшүндүрүп жатты. Шодигүл анын сөзүн укпастан, бир чоң мешокту кармап турду, кыздар ага өзүлөрүнүн түйүнчөктөрүн салып жатышты. Нурали анын жанына басып келди да,—Даганакиикте кыштаганы жаткансып, кыздар толгон азык алышкан экен го,—деп тамашалай баштады.



— Бул эмне биздин түйүнчөктөргө тийишет, кыздар? Санды биз колхоздун кампасынан алып жаткандай көрөт да,—деп Шодигүл шанкылдап күлүп калды.
— Сен ага күйөөгө чыкпагын, Шодигүл, ачкадан өлтүрөт,—деп кыйкырды Мунира.
Ушул учурда правлениенин үйүнөн Хашим-Корвон чыкты. Шылдың-күлкү тыйылып калды.
— Саламатсыңарбы!—деп председатель жаштарга кайрылды.— Силерди кайда жиберип жатканыбызды өзүңөр билесиңер. Таш эмне үчүн керек экендиги да силерге белгилүү. Силерге дагы эмнени айтайын? Байкагыла, кыздардын артында калбагыла!—деди да, Хашим-Корвон өзүнчө турган кыздарга кайрылды.
— Биз алардан эки эсе көп жыйноого убада беребиз!—деп кыйкырды алдыда турган Хакимжан.
Кыздар чурулдап калышты, балдар биринен бири куудулураак сүйлөөгө тырышты. Рахим: «Машиналарга түшкүлө!» деп катуу команда бергенде гана тынчтык кирди.
Комсомолецтер бир-биринин артында турган эки грузовикти карай чуркашты.
Нурали Шодигүлдү токтото калып, акырын гана:
— Чебердегин, Гүл. Сенин өкүмдүгүң мага белгилүү,— деди.
— Кам санаба,—деди Шодигүл, анан шыбыш менен:— Жаным!—деп койду.
Бир эки минутадан кийин машиналар чаңды уюлгуткан бойдон жөнөп кетишти: Алардын кузовдорунда, бир-бирин кармашып, балдар менен кыздар турушат.
Грузовиктер кууш колеялуу темир жолдун станциясына товардык поездин жөнөшүнө он минут калганда келишти. Комсомолецтер пахта жүктөлгөн эки платформага түшүштү.
Паровоздун бурулдаган боз түтүнүнүн арасынан батып бараткан күн күңүрт көрүнөт. Түштүк жактан соккон жел кечки салкынды күчөттү. Поезд Вахштын көпүрөсүнөн өткөндөн кийин, Хакимжан жаңы ырлардын бирин созо баштады; бул ырдын сөзү Сайфиддиновдун жыйнагынан, обону эски эл ырларынын биринен алынган эле.

Аткан таңдай кулпунуп,
Көркүнө чыкты жерибиз.
Эзүүнү билбей түбөлүк,
Куунады тажик элибиз.

Ойрон болуп душмандар,
Шуудурайт бактар жазында.
Жар кылып биздин женишти,
Жаңы ырлардан сен ырда!

Булбулдар таңшып туш-туштан,
Руооб[1] үнү жаңырат.
Рубобго көшуп ырдайын,
Ырымды, курбум, билгин жат!

Темир жолдун жанында шоссе бар болучу. Ат же эшек минип бараткан колхозчулар мына ушул платформалардын үстүндө ырдап бараткан чуулу жаштарга таңыркай карап жатышты.

Поезд комсомолецтерди Даганакиикке түшүрүп койду да, өзү андан ары, Сталинабадга кетти. Улгайып калган машинист кепкасын булгалады.

— Байкагыла, балдар! Эртең так ушул маалда бул жерде болом. Эгерде ташты жыйнап бүтпөсөңөр, силерди таштап кете берем.

— Кам санабаңыз, агай!—деп кыйкырды ага Мунира.- Дагы ушунча платформаны чиркештирип келсеңиз да болот!

Тоонун этектери менен боорлору бүт бойдон таштар менен капталган болучу. Бул таштарды жаратылыш миңдеген жылдар бою жонуп, кырып, тоолор менен капчыгайларга жайнатып салган эле.

Рахим кыздарды таш жыйноого койду. Алар таштарды топ-топ кылып үйүп жатышты, ал эми балдар ошол таштарды замбилдерге жана кол арабаларга салып, темир жолдун түбүнө ташып келип турушту.

Түн бою иштешти. Чегедектерден жагылган чоң от таштын уламдан-улам көбөйгөн үймөктөрүнө жарык берип турду.

Акыры Шодигүл таш чогултуудан жадап кетти да, кол араба менен темир жолго таш ташый баштады; Мунира жана дагы бир топ кыз анын жолун жолдошту. Адегенде Рахим буга каршылык кыла баштады, бирок тажагандан кийин аларды өз жайына койду. Кызыган бойдон Шодигүл кол арабага ташты уламдан-улам көбүрөөк үйө берди, акырында кол арабасы көңтөрүлүп кетти. Бир таш анын бутуна келип бир тийди. Бирөө көрүп койду бекен

[1] Рубоб — көп кылдуу музыкалык инструмент.



деп, Шодигүл эки жагын карай салды, бирок жакын ченде эч ким жок экенин көргөн соң, кол арабаны кайрадан сүйрөй берди. Таңга жуук Рахим Шодигүлдүн аксап жүргөнүн байкап калды. Шодигүл эмне болгонун айтууга мажбур болду. Рахим ага иштөөгө тыюу салды, бирок Шодигүл өзүн таш тергүгө калтырууну сурады.

Бир аздан кийин Сталинабадга бараткан поезд көрүндү. Поезд жакындап келгенде, комсомолецтер платформалардын биринен кызыл берет кийип, сумка асынган бир аялды көрүштү. Ал комсомолецтерге кол булгап жатты.

— Вера!—деп кыйкырды Шодигүл.—Вера келди!

Поезд жайыраак жүрүп калды. Дал ушул учурда Вера андан секирип түштү.

— Саламатсыңарбы, балдар!—деп кыйкырды ал алыстан эле.—Кана, жарадар болгон ким бар? Ооруган ким бар?

Кыздар аны тегеректеп калышты.

— Мынакей биздин жарадарыбыз,—деп Мунира Шодигүлдү көрсөттү.

— Муну госпиталга жеткириш керек! Операция жасатыш керек!—деп күлүштү жигиттер.

Вера Шодигүлдүн бир аз шишип калган бутун таңды да:

— Тойго чейин айыгат,—деп койду.

Теңтуш кыздар күлүп калышты эле, Шодигүл кызара түштү.

Андан башка медициналык жардамга муктаж болгон эч ким жок эле. Вера жумуш бүткөнчө ушунда калып, кыздар менен кошо таш чогултушту.

Кечинде Сталинабаддан товардык поезд келди. Картымак машинистти эски таанышындай күтүп алышты. Он үч платформага тең таш жүктөлдү.

Таш жыйнаган жаштарды Хашим-Корвон менен Нурали тосуп алды. Берилген тапшырманы жакшы орундатышкандыгына курсант болгон уландар менен кыздар өз кыштактарына шаттык менен, ыр ырдап таркай баштышты. Мунира, аны-муну дегенче болбой эле, Нуралиге болуп өткөн «авария» жөнүндө айта салды. Өзүнө сабырсыздык менен карап калган Нуралиге Шодигүл:

— Анчейин гана бир нерсе, каралдым. Кенедей гана жеримди чийип кетти,—деди да, күлүп:—Бул сенин күн мурунтан эскерткениңден болду. Көзүң тийген окшойт.

Хашим-Корвонду председателдикке шайлап жаткан кезде, ага кол көтөрбөй койгон кишилер да болгон: он бешче киши ага каршы кол көтөрүшкөн.

Ошолордун бири Исмат эле. Акыры, Хашим-Қорвон председателдикке шайланып калганда, Исмат абдан капа болгон. Исмат өз оюнда: баягы, эшектин куйругу менен болгон окуядан кийин, Хашим-Қорвон мага кек сактап калды, эми мени сөзсүз куугунтуктап, күн көргөзбөй коёт,— дей турган. Анын үстүнө, биринчи катарда отурган Исмат өзү үчүн кол көтөрбөй койгондугун Хашим-Корвон сөзсүз көргөн болуш керек.

Исмат колхоздон кетүү жөнүндөгү арызын кайтадан алгандыгына өкүнө да баштады. Балким, ал башка колхозго кирип кетсе, жакшыраак болот эле го.

Қолхоз ирилешкенден бери бир жума өттү, бирок ушул жуманын ичинде Исмат үчүн эч кандай деле жаңылык болгон жок.

Акырында, экинчи жуманын башында, аны правлениеге чакырып калышты. Правлениенин үйүнүн тышын татынакай кылып актатып коюшуптур, ичиндеги керегелеринин теңи майлуу сыр менен жашыл түскө, жогору жагы —ак саргыл түскө боёлуптур, столдордун үстүнө көк жана кызыл күрөң картондор жана кызыл сукнолор жабылыптыр.

Исмат түз эле председателдин кабинетин көздөй баратты, бирок оозгу бөлмөдөгү столдо отурган кыз:

— Мында отура туруңуз, председателдин колу бош эмес,—деди.

Правлениедеги бул тартип да жаңылык эле.

Бөлмөдөн Хашим-Қорвондун үнү угулуп жатты:

— ...жок, ар ким эле каалаган убагында келип, каалаган убагында кете бергени жарабайт. Эртең менен саат сегизде бардыгы тең өз ордунда болушу керек. Қонторада старший —Рахим Файзуллаев. Эгер бирөө бир жакка баргысы келсе, Рахимден руксат сурап алсын. Дем алыш саат бирден эки жарымга чейин болот. Кечинде силер да мында келип, тогуздан он бирге чейин иштөөгө тийишсиңер. Сен, Абдурасул, кампаны эртең менен саат алтыда ачып жүргүн: колхозчулар жумушка чыгуунун алында өзүнө керектүү нерселерди ала тургандай болсун.



Сен да, Гаибназар, дүкөнүңдү эртең менен саат алтыда ачып жүргүн. Силер, администрация, колхозчуларды тейлейсиңер. Силердин ишиңерде тыкандык, тартип болуш керек...

Председатель дагы бир топко ушул калыпта сүйлөп, карамагындагыларга белгиленген тартипти түшүндүрүп жатты.

Алардын коё бергенден кийин, Хашим-Корвон: эми Исмат кирсин,—деди.

Қабинетте, Хашим-Корвондон башка, Нурали да олтурган. Қабинет да жакшы жасалгаланыптыр: полго килем дорожкалар салынып, бөлмөнүн төр жагына председателдин столу коюлуп, жашыл сукно менен жабылган, керегелерди бойлото—стулдар тизилип турат. Хашим-Қорвон майрамдык габардин бешмантын кийип, төшүнө орденин тагынып алыптыр. Башына кийгени—жаңы топу, жаактары мизилдете кырылган. Анын кат столу чоң, эки ящиктүү эле, бирок Хашим-Қорвондун эбегейсиз зор боюна караганда, кенедей гана болуп көрүнөт.

Исмат, саал сүрдөп, стулга отурду.

— Қош, Исмат? Ал-жайың кандай?— деп сурады председатель мээримдүүлүк менен.

— Жаман эмес,—деп жооп берди да Исмат өз ичинен: «Қыязы, баары өз жайында го» деди.

— Биз сени звеновойлукка дайындаганы жатабыз. Қандай дейсиң?

— Звеновойлуккабы?—деди Исмат таң калгандай: мындай сунушту ал такыр күткөн эмес.— Қайсы звеного?

— Мен звеновой болуп жүргөн звеного,—деп жооп берди председатель.

Исмат, бир паска унчукпай туруп:

— Эгер силер туура тапсаңар, мейли...—деди.

— Биз ушуну туура таптык,—деди Хашим-Қорвон: — Иштегин да, жакшы колхозчу экениңди көрсөткүн.

Исмат үйүнө көңүлдүү кайтты. Ал жалаң гана звеновой боло тургандыгына сүйүнбөстөн, көбүнчө председатель өзү менен досторчо сүйлөшкөнүнө сүйүндү.

Ал Хашим-Корвонду кандайдыр бир нерсе менен,— талаада жакшы иштөө менен гана эмес, башка бир нерсе менен кубандырып, председателди ыраазы кылгысы келди.

Бир күнү кеч курун ал Хашим-Қорвондун үйүнө барды.

— Раис, сага менин бир сөзүм бар. Эгер силер менин сөзүмдү кабыл ала турган болсоңор, көп нерсени утаар элеңер,—деп баштады Исмат, килемдин четине олтуруп жатып. Бирде ал Хашим-Корвонго «сен» деп кайрылат, бирде, анын председателдигин сыйлап, «сиз» деп калат.

— Ал кандай сөз?—деп сурады Хашим-Корвон.

— Угушума караганда, быйыл пахтанын түшүмдүүлүгү жагынан колхоздун милдеттенмеси ар бир гектардан кырк центнерден болот экен,—деди Исмат.—Мындай зор милдеттенмени аткаруу, албетте оңой эмес. Бирок бул ишке жардам берүүгө болот.

— Кантип?

— Короо жанындагы участоктордон жыйырма гектарга жакын жер кесилип алынган. Ошонун баарына пахта эгиш керек.— Исмат эми шыбышка өттү.— Контрактациялык келишимде бул жерди көрсөтпөй эле коюуга болот. Андан терилип алган пахтаны сен жылдын аягында жалпы түшүмгө кошуп коёсуң. Аны эч ким текшербейт. Балким, күзүндө планды орундатууга он-жыйырма тонна пахта жетпей калар! Так ошондо ошол пахтанын пайдасы тиет!

Хашим-Корвон кабагын чытыды.

— Сенин мага айтайын деп келген сөзүң ушубу?

— Эмне, жаман бекен? Мен сага жакшылык кылуу үчүн айтып жатам да.

Хашим-Корвон Исматтын бүтүгүй көздөрүн, кетмендей болгон сакалын акырая карады.

— Бери карачы, Исмат. Эмне үчүн сенин ниетиң түз эмес? Эмне үчүн сенин ой-пикириң тетири жол менен жүрөт? Эмне үчүн сен башкача жашай албайсың? Сен мага кандай кенеш берип жатканыңды түшүнөсүңбү? Мамлекетти алдашым керек экен го? Алдамчылык менен атакка ээ болушум керек экен. Ай, ай! Мындай кеңешти дос эмес, душман берет. Же сен менин душманымсың, же досум болсоң да, акылсыз доссуң. А бул андан бетер жаман. анткени, эл айткандай,—акылдуу душман акылсыз достон артык. Ишенип кой: эгер сени бара-бара киши болот деп үмүт этпесем, ушул сөзүң үчүн сени мен колхоздон кууп чыгат элем!

Исмат уялып, шылкыйган бойдон бөлмөдөн чыгып кеткенде, Хашим-Корвон анын артынан:

— Келессо!—деп калды.



## *Отуз үчүнчү глава*

Пахтачылыктын алдыңкыларынын слётуна катышуучулар үчүн райондук борбордун дем алуу жана маданият паркында ашкана жана чайхана ачылган эле.

Тышта, жашыл дарактардын көлөкөсүндө, килем төшөлгөн чарпаяларда, же кичинекей столчолордун тегерегинде топ-топ болуп олтуруп алып, делегаттар тамак жеп, көк чай ичип жатышты. Райондук музыкалык драмалык театрдын эки артисти дутардын, тамбурдун жана чилдермандын аккомпанементи менен ыр ырдап, бий бийлеп жатышты.

Столчолордун бирин тегеректеп, Нурали, Хашим-Корвон, Каримов, Зубайда жана Шодигүл отурду. Хашим-Корвон кечки заседаниеде чыгып сүйлөп, түшүмдүүлүк боюнча өз колхозунун милдеттенмесин жарыялоого тийиш эле. Бригадалардын милдеттенмелерин эсептеп чыкканда, колхоздун милдеттенмеси орто эсеп менен ар бир гектардан 42,5 центнер экени аныкталды. Нурали менен Каримов милдеттенмедеги цифранын бөлчөксүз болушун каалап жаткан. Бирок, Хашим-Корвон ага макул болбой койду:

— Бөлчөктүү цифра да—цифра. Бул биздин анык орто көрсөткүчүбүз болгондон кийин, ушуну колдонушубуз керек. Милдеттенме дегенди трибунадан жарыялап, кол чаптыруу үчүн алышпайт, аткаруу үчүн алышат.

— Эгер жарым центнерге көбөйтүп койсок, андан эчтеме деле болбойт,—деп Шодигүл аны эпке көндүрүүгө аракет кылды.

— Жарым центнерден көбөйткөндө, алты жүз гектардыкы туура үч жүз центнер болот! Ушул үч жүз центнердин милдетин сен аласыңбы?

— Талашпай эле, кырк центнер кылып коёлу,—деди Зубайда.

— Жок,— деди Хашим-Корвон,— норманы төмөндөтүүгө да акыбыз жок.

Иши кылып, агроном менен партбюронун секретары көнүүгө мажбур болушту.

Нурали социалисттик мелдешке «Коммунизм» колхозун чакырууга сунуш кылды.

— Алар, албетте, таң калышат. Анткени, «Коммунизм» колхозу райондогу эң алдыңкы колхоз эмеспи,— деди Нурали.

Хашим-Корвон да Нуралинин сунушуна кошулду:

— Таң кала беришсин. Эгер «Коммунизм» кырк центнерден бере турган болсо, биз кырк эки жарым центнерден беребиз.

— А кокустан, ушул жарым центнердин кереги эмне, эмне үчүн кырк эки центнерден, же кырк үч центнерден албайсыңар деп сурап калышсачы?—деп Шодигүл мурунку талашты кайра баштады.

Бирок Хашим-Корвон кебелбеди:

— Эгер «Коммунизмге» ушул жарым центнер жакпаса, чакырыгыбызды кабыл албай эле койсун!

Шодигүл обочороок кичинекей столдордун бирин тегеректеп отурган аялдардын арасынан Хайринисону көрө салды да Зубайдага:

— Жүр, бир аз басып, тааныштар менен учурашалы, —деп сунуш кылды.

Анан, Шодигүл аны түз эле Хайринисо отурган жерди көздөй ээрчитип барды. Хайринисонун жанына келген соң, Шодигүл анын ийнине колун койду да:

— Саламатсыңбы, — деди.

Хайринисо Шодигүлдү карай кылчайып, шып өйдө турду да, аны кучактап калды. Зубайда бир аз күймөлө түштү, бирок Хайринисо, өзүлөрүнүн ортосунда эч кандай нерсе болбогонсуп, ага колун достук менен сунду да, бош турган стулду жылдырып, отурууга сунуш кылды.

Хайринисо жаңыдан келгендерди сыйлап, экөөнө тең бир чыныдан көк чай куюп берди. Зубайда өзүн онтойсузураак сезип турду. Ал кезек-кезек Шодигүлдү карап, көз карашы менен: «Сен эмне үчүн мени быякка ээрчитип келесиң?» деп жаткансыды. Хайринисо анын абалын байкады да:

— Сиз дагы эле мага таарынып жүрөсүзбү?—деди.

Зубайда жооп берген жок.

— Мен көптөн бери сиз менен кезигишип, таарынчыңызды жазайын деп жүрдүм эле,—деп Хайринисо сөзүн улантты.— Баягы кечте сиз жетимиш центнерден алууга милдеттенем дегениңизде, мен ишенбей койдум эле, бирок сиздин сөзүңүздө турганыңызды көргөн соң, мен куба-



нычта болдум. Эгер сиз айный элек болсоңуз, мен сиз менен мелдешүүгө даярмын.

Колундагы чыныны тиктеп туруп, Зубайда билинербилинбес күлүп койду. Шодигүл өйдө туруп, Зубайда менен Хайринисону колдон алып, бир-биринин колун кармаштырды да, шаңкылдап күлүп калды:

— Эми аныңарды койгула. Элдешкиле!

Берки экөө бир-биринин колун кысты. Анан үчөө тең мелдештин шарттары жөнүндө сүйлөшө баштады.

Слёттун кечки заседаниесинде биринчи сөз Хашим-Корвонго берилди. Зал жандана түштү. Үч колхоздун бириккендиги жөнүндөгү кабар районго эчак эле тараган, бирок слётко катышуучулардын көбү жаңы председателди көрө элек болучу. Ошондуктан, залдагы кишилер анын эмнени сүйлөп жатканына анчалык назар салбастан, кандай сүйлөп жатканына көбүрөөк көңүл бурушту. Хашим-Корвон сүйлөй баштаганда, анын жоон үнү бүткүл залды жаңыртты:

— Биздин партиябыздын Борбордук Комитетинин тарыхы февраль Пленумунун чечимдерине, биздин устатыбыз жана сүйүктүү атабыз улуу Сталиндин чакырыгына жооп кылып, Сталин атындагы ирилешкен колхоздун колхозчулары үстүбүздөгү жылы ар бир гектардан кырк эки жарым центнерден түшүм өстүрүп алууга милдеттенишет.

Залдагылар кол чаап калышты. Чыгып сүйлөгөн председателдердин бирөө да бул өңдүү жогорку түшүмдү өстүрүп алууга милдеттенме алган жок. Кол чабуулар басылгандан кийин, кандайдыр-бир тамашакөй неме залдан:

— А эмне үчүн кырк эки бүтүн төрттөн бир эмес?— деп калды.

Ошол замат күлкү чыкты, бирок Хашим-Корвон токтоолук менен жооп берди:

— Себеби, өзүбүздүн бригадалар менен звенолорубуздун алган милдеттенмелерин кошуп туруп, биздин алты жүз гектар пахта аянтыбызга бөлсөк,— кырк эки бүтүн төрттөн бир эмес, кырк эки жарым центнер чыкты.

Андан кийин Хашим-Корвон «Коммунизм» колхозунун председателине кайрылды:

— Силердин колхозунар, жолдош Аманов, райондогу эң алдыңкы колхоз, а биздин колхоз азырынча алдыңкы эмес, арттагы колхоз. Ошондуктан, милдеттенмени бизден аз алышыңар—силер үчүн уят болот го деп ойлойм. Мен силерди кырк эки жарым центнер түшүм алуу үчүн социалисттик мелдешке чакырам.

Хашим-Корвон сүйлөп бүткөндөн кийин, председателдик кылуучу:

— Сөз жолдош Амановго берилет,— деп жарыялады.

— Биздин милдеттенмебиз кырк центнер болуучу,—деп баштады Аманов, трибунага чыгып,— бирок азыр Хашим-Корвон бизди кырк эки центнерге чакырып олтурат...

— Кырк эки жарым! — деп Хашим-Корвон анын сөзүн оңдоду.

— Макул кырк эки жарым центнер болсун,—деди Аманов, күлүп.—Бирок, мында бир суроо туулуп олтурат, —деп ал президиумда отурган райкомдун секретарына кайрылды: — Хашим-ака мага таарынбасын. Биригишкен Сарыкамыш колхоздору былтыркы жылы ар бир гектардан араңдан зорго жыйырма-жыйырма эки центнерден алгандыгы баарыбызга белгилүү. Анан ушулар кантип быйыл кырк эки, же кырк эки жарым центнерден бере алышат?

— Артта калган алдыга чыгышы мүмкүн,—деп күлдү Боровиков.—Ал эми мактана турган болсо, алдыдагы артта калышы мүмкүн.

Буга зал кол чабуу менен жооп берди.

— Ушул сөздөрдү так чекене жазып ал, Аманов!—деп кыйкырды залдагылардын бирөө.

— Болуптур, биз силердин чакырыгыңарды кабыл алабыз. Кырк эки жарым десеңер, кырк эки жарым болсун! Мейли!—деп Аманов колун шилтеди да, трибунадан түштү.

### *Отуз төртүнчү глава*

Жаз маалында, чигит эгүүнүн алдында пахтачылардын кимиси жүрөк заада болуп, санааркабайт? Жер айдалып, семирткичтер—минералдык семирткичтер да, жергиликтүү семирткичтер да—талаага чачылып коюлган, чигит эбак тазаланган, талаадагы малалар ишке даппдаяр турат, формалин куюлган челектер да камдалган.



Эми иштин баары абанын ырайында: чигит эгүү башталгандан кийин күн жаабай тургандыгын билиш керек. Эгер ушул учурда жаан жааса, колхозчунун эмгеги текке кетет: топурактын үстүндө катуу кыртыш пайда болот да, бардыгын кайрадан башынан баштоого туура келет; эпаада ошол күндөрдө шамал жүрсө же күн өтө эле ысык тийсе,—анда топурактын нымы учуп, жер кургап, аны кайрадан сугарыш керек болуп калат да, топурак чигит эгүүгө даяр болмоюнча күтүүгө туура келет. Аңгыча кымбат баалуу бир топ күн текке кетет. Ошондуктан чигит эгүү үчүн эң ылайыктуу күндү тандап алыш керек. Мындай күндү тандоодо колхозчуларга метеорологдор жардамга келишет. Ак кардуу чокуларда аспаптарын алып олтуруп алып, алар шамалдардын, булуттардын, бороондордун, абанын муздак агымдарынын багытын аныктап, алардын күчүн жана ылдамдыгын ченеп турушат. Алар—аба ырайын чалгындоочулар, жаратылыштын зыяндуу күчтөрүнүн жаңыдан даярдалып жаткан чабуулдары жөнүндө элге кабар берип турган чалгынчылар.

Нурали менен Хашим-Корвон, өзгөчө агроном Каримов так ушундай санаа менен жүрөк заадалыктын кучагында турушкан. Массалык түрдө чигит эгүүнүн күнү район тарабынан көрсөтүлүүгө тийиш эле, ошол күндү күтүп, ал үчөө эртеден кечке чейин талааны кыдырып, участоктон участокко барып, эгүүгө карата даярдыкты кайта-кайта текшерип жүрүштү.

Акырында эгүү күнү белгиленди.

Анын алдыңкы күнү Каримов өзүнүн кендир костюму менен брезент өтүгүн кийип алып, таң азандан талаага чыкты. Мына бул—Шодигүлдүн участогу. Өстөндүн сол жагында алты гектар семиз, сонун тазаланган жер жатат. Карап турсаң, жер бетине калың, түктүү килем төшөлгөндөй көрүнөт.

Каримов Шодигүлдү чектен обочороок ээрчитип барып, токтоп калды да, эки көзүн жүлжүйтүп, талааны ынтаасы менен карай баштады. Шодигүлдүн жүзүндө маашыркангандыктын белгиси пайда болду: азыр агроном: «Жарайсың, Шодигүл, сенин жериң чигитти гана күтүп турган экен!» дейт эмеспи. Бирок Каримовдун сөзү таптакыр башкача болуп чыкты:

— Сенин жериң бир аз басырылып калыптыр... Ооба, басырылып калыптыр.

Шодигүл томсоро түштү. Ырас эле, анын жери, колдун алаканы сыяктанып, ортосун карай аз-аздан чуңкурайып кетиптир. Муну мындан эки күн мурда Шодигүлдүн өзү да байкаган, бирок: «Бул анчалык билинбейт»—деп өз көңүлүн өзү жубатып койгон. Эми мунун коркунучтуу деле эч нерсеси жок экенин мына бул, кылдан кыйкым тапкан адамга далилдеп көрсүнчү!

Каримов Азамды чакырып алды; биригишкенден кийин Шодигүлдүн звеносу ошонун бригадасына кирген эле.

— Тегиздеш керек,—деди ага Каримов.

— Ооба, ырас эле, тегиздеш керек экен,—деп Азам макул болду.

— Эртең эгүү башталат да. Тегиздөөгө качан үлгүрөбүз?—деп Шодигүл тырчый түштү.

— Эгүүгө болбойт, — деди Каримов каяшага жол бербес үн менен.—Сугарган кезде, суу ортосун карай ага баштайт.

Каримов бурулду да, башка участокторду карООго кетти.

Кечинде Шодигүл үйгө демейдегиден кечирээк, инир кирип калганда келди. Энеси кечки тамакты даярдоо менен алек эле, атасы килемдин үстүнө жамбаштап жатып алып, газета окуп жаткан. Шодигүл табышын билгизбей кирди да, өтүгү менен жумушка кийүүчү чапанын чечпестен, килемдин четине отура кетти.

Атасы газетаны мындай койду да:

— Бирдеме болдубу? — деп сурады.

— Менин участогума чигит эгүүгө руксат бербей коюшту, — деди Шодигүл ыйламсырап.

— Эмне үчүн?

Шодигүл айтып берди.

— Эчтеке эмес, бир-эки күн кийин эгерсиң.

«Кийин эгерсиң деп айтууга оңой» — деди Шодигүл өз ичинде. А Шодигүл менен анын курдаштары чигит эгүүгө даярдануу үчүн канча эмгекти зарп кылды дейсиңер! Эми: «Кийин эгерсиң!» дешет тура! Эгер бир эле күнгө кийин эге турган болсо, анда жылдын аягына чейин бир күнгө артта кала берет эмеспи!

— Тур, кызым, жуун, тамак даяр болуп калды,— деди энеси.

Шодигүл көңүл кош гана жуунуп, тамак ичүүгө олтурду. Даамдуу жаркөп тамагына түйүлө калып жатты. Бир



аз жегенден кийин, Шодигүл колун аарчыды да, килемден өйдө турду.

— Мен председателге барамын, — деди ал.

— Түн ичиндеби? Жалгызбы?—деп энеси чочуп кетти.

— Ачууңду тый да, уктагын,— деп кеңеш берди Хажиумар.— Түнкү акылдан эртеңкиси абзел.

Атасынын айтканы туура болучу. Чыны менен эле караңгыда талаада эмнени бүтүрүүгө болот?

Жаздын таптаза, сергүн таңы. Таман астындагы чөптөр шүүдүрүмдөн суу болуп турат. Арыктардын боюнда кызгалдактар кызарат.

Күндүн көзү али көрүнө элек, бирок талаада жумуш эбак эле башталган: колхозчулар семирткичтерди төгүп, жерди тегиздеп, малалап, сугарып, тракторлор жер айдап жүрүшөт, — бардык бригадалар эгүү алдындагы иштерди жүргүзүп жатышат.

Хашим-Корвон Шодигүлдүн участогуна бастырып келди. Звенонун мүчөлөрү арыктын кырындагы топурактан каптарга салып, эшектерге жүктөп өзүлөрүнүн участогуна ташып жатышкан.

— Амансыңбы, Шодигүл!

— Шүгүр, — деп Шодигүл суз гана жооп берди да, эшектин жонундагы каптын оозун чечип салып, топурагын жерге төктү.

Хашим-Корвон атынан ыргып түштү да, аны жетелеп алып, участокту бойлой басты.

— Каримовдуку туура, сенин жериң бир аз басырылып калыптыр. Сен бекер ачууланасың. Өз убактысында эскерткендиги үчүн, сен ага рахмат айтышың керек. Мында канча топурак ташып келейин деп ойлойсуң?

— Жүз тонна. Жетишет го.

— Аз! Ар гектарына эң кеминде элүү тоннадан ташып келиш керек. Ошондо гана сенин участогуң жакшы тегизделет.

— Үч жүз тонна топуракты ташып келиш үчүн, эң кеминде бир жума керек.

— Мен сага эки күн срок берем. Бүгүн жана эртең!

— Үч жүз тоннаны эки күндүн ичиндеби? Эшек мененби? — деп Шодигүл председателге таң калгандай карады.

Хашим-Корвон койнунан карындашы менен чөнтөк дептерчесин сууруп чыкты.

— Биреөнү чакырчы, мен шофер Халилге кат жазып берейин. Ал сага топуракты машина менен ташып берет.

— Чын элеби? Машина мененби? — деп Шодигүл колун көкүрөгүнө ала коюп, рахмат айткандыгын билгизди. Эми Шодигүл адегенде Хашим-Корвонго ороюраак мамиле кылгандыгына өкүнө баштады.

Шодигүл кыздардын бирин чакырды. Ал кыз басып келип, катты алды да, шыпылдаган бойдон кыштакты көздөй жөнөдү.

Ошол эле участканын чет жагында, Исмат алып келинген топурактарды чачып жүрөт. Ал жанын аябай иштеп жатат. Тер болгон көйнөгү далысына жабышып калган.

Шодигүлдүн участогунун жанында чапан кийип, белин эки кур менен бекем курчанган ак сакал карыя иштеп жатат. Килейген эки өгүзгө сүйрөтүлгөн төрт чарчы маланын үстүнө тикесинен туруп алып, ал карыя узун булдурсунун утур үйрүп, өгүздөрдү айдап жүрөт. Ал өгүздөргө бирде жалынып калат, бирде тилдей кетет:

— А, айланайындар! Тарткыла, тарткыла, айланайындар!.. Өш, кайда, кайда кеттинер? Ай, өлөт алгырлар!

Хашим-Корвон Исматтын жанына барды.

— Күүлү бол, Исмат!

— Эсен бол! — Мунусу: «Көрдүнбү, мен кандай кыйын иштеп жатам?» дегени эле.

— Сен биреөнүн участогуна кандайча келип калдын?

— Бригадир жардам берүүгө жиберди.

— Бир-биринерге жардам бергенинер жакшы, — деди Хашим-Корвон насаат айткандай.— Терүүдө силерге Шодигүл жардам берет, Шодигүл менен анын курдаштары — мыкты теримчилер эмеспи.

Хашим-Корвон атына минди да, Мухамеднияздын бригадасынын участогун көздөй бастырды, бүгүн ал биринчи болуп чигит эгүүнү баштоого тийиш эле.

Талаанын так ортосунда ылайдан согулган бир узун курулуш бар, анын алды жагында сере турат. Бригаданын талаа станы так ушул жерде.

Серенин астында, секиден буттарын салаңдатып, бригадир Мухамедниияз, анын звеновойлору Нурали жана Зубайда, агроном Каримов олтурат, алардын жанында бир топ колхозчу жана эки тракторист турат. Ошол эле жерде чигит салынган каптар менен формалин коюлган бактар



жатат, анын туура жагында, талаанын четинде эки трактор жана эки сеялка жүрөт.

Кендир фуражкасын чекесине баса кийип, папирос тиштеп турган Каримов чөнтөк дептерчесин колуна кармап алып, бригаданын мүчөлөрүнө бирдемени түшүндүрүп жатат.

Атын бир колхозчуга берип коюп, Хашим-Корвон чогулгандардын жанына басып келди.

— Саламатсыңарбы! Силер мында эмне кылып турасынар?

— Каримов ар бир гектарга канчадан чигит эгүү керек экенин санап жатат, — деди Нурали.

— Отурунуз, председатель. Чигитти коротпос үчүн, сеялканы жакшылап жөнгө салып алыш керек, — деди Каримов, папиросунун түбүн жерге ыргытып жиберип.

— Туура! Кирише бер, агроном! — деп кубаттады Хашим-Корвон. Анан, Каримовдун ийнинен алыс эңкейип, анын чөнтөк дептерине тигиле карап калды.

Каримов тракористтерге түшүнүк берди:

— Бир погонный метрге болжол менен алтымыш чигит түшөт. Сеялканын маркасы «СК» бы?— деп сурады алтрактордук бригаданын бригадири Абдусамаддан.

— Ооба, «СК» — деп жооп берди Абдусамад.

— Бул марканын дөңгөлөгүнүн айланасы үч метр; демек, анын толук айланып чыккан жерине бир жүз сексен чигит түшүш керек. Туурабы?

— Туура.

— Эмесе, барып, сеялканы себүүнүн ушул нормасына коёлу.

Бардыгы тең ордунан туруп, сеялканы көздөй жөнөштү. Каримовдун айтуусу боюнча сеялкага пахтанын чигитин салышты да, анын дөңгөлөктөрүн жерден өйдө көтөрүп туруп, аларды кол менен айланта башташты. Хашим-Корвон, ошол жердеги бир колхозчуну мындайрак тургузуп коюп, үрөн түшүүчү түтүккө өз топусун тосту. Суу чигиттер топуга түшүп жатты. Алтындын күкүмдөрүн сanагансып, Хашим-Корвон ошол чигиттерди ынтаасы менен санай баштады.

Ушул операцияны бир нече жолу жасап, сеялканы жөнгө салышкандан кийин, анын дөңгөлөктөрүн үч ирет айлантканда, керектүү гана сандагы чигит түштү.

— Эми сеялканы тракторго чиркештиргиле да, эге баштагыла! — деп буюрду Каримов.

— Мына илим деген!— деп Хашим-Корвон суктанган бойдон Нуралиге карады. — Кудай буюрса, биз сиздин жардамыңыз менен, — деп ал Каримовго кайрылды, — өзүбүздүн милдеттенмебизди толугу менен орундатабыз!

— Ар гектардан кырк эки жарым центнерденби? — деп күлдү агроном, пахтанын алдыңкыларынын слётунда болгон талашты эске салып.

— Бөлчөктүү цифра да — цифра! — деп Хашим-Корвон кош сырдуулук менен жооп берди да трактордук бригаданын бригадирине кайрылды:

— Кана, силердин ишиңер кандай?

— Мындан сураңыз, — деп Абдусамад жанындагы Мухамедниязды көрсөттү.

— Бир түндүн ичинде отуз гектар айдадык! — деди Мухамеднияз, маашыркана күлүп.

— А нормасы он төрт гектар болучу, — деп трактористтердин бири кошула калды.

— Рахмат, жолдоштор. — Председатель алардын колун кысты да, Мухамедниязга суроо берди:— А силер мен айтканды аткардыңарбы?

Сөз эмне тууралу болуп жатканын биле коюп, Мухамеднияз үчүн Абдусамад жооп берди:

— Ооба, раис, азыр эле эртең мененки тамакка сонун палоо жедик.

— А эми эс алгыла,— деди Хашим-Корвон.

Трактористтер кетүүгө камданышты, бирок аларды башка бир иш токтотуп калды. Атка чегилген мала айдалган жерди таң эртеңден бери малалап жаткан. Ал үч гектар жерди малалап бүткөн. Эртең менен өзүнүн «Универсалына» сеялканы чиркештирип келген, шыпылдаган кара сур тракторист наарazы болгондой:

— Малаланган участокко мен жарым гана саатта сээп бүтөмүн, а андан кийин эмне кылайын? Аттар дагы бир нече гектарды малалап бүткөнчө күтүп турайынбы? Рахмат, — деди. — Мен андай иштеп көнгөн эмесмин. Бир баштагандан кийин, тыным албастан иштөөгө тийишмин, менин көнүмүшүм ушундай.

Түнкү жумуштан чарчап, көздөрү кызарып турган Абдусамад:



— Маланы мага бергилечи,— деп Хашим-Корвонго кайрылды: — Аттар эс ала турсун, маланы мен өз тракторума чиркештирип алып, малалай баштайын.

— Аттар го эс алсын, а сенчи?— деп сурады Хашим-Корвон, анын сунушун кабыл алууга батына албай.

— Эчтеке эмес, эс алууга үлгүрөм, — деди Абдусамад, анан, жоопту күтүп турбастан, жакын жерде турган «Универсалга» минип, от алдырды да, аттуу малалар иштеп жаткан жакты көздөй айдап жөнөдү. Себе бер! Көрөйүнчү, сен мага жете алар бекенсиң!— деп кара сур трактористке кыйкырды.

## *Отуз бешинчи глава*

— Саламатсыңбы, Мунира. Күн минтип турса кайда барган жүрөсүң? — деди Рахим Файзуллаев, көчөдөн кызга кезигип. Рахим көктү көрсөттү. Асман бүркөлүп, майда жаан себелеп турган.

— Ооруканага — деп жооп берди кыз. — Зубайданы көрүп келейин деп баратам.

Мындан эки күн мурда Зубайда безгек менен ооруп калган, анын безгеги ар жылы кармоочу эле. Звеного Зубайда өзүнүн курдаштарынын эң камбылы—Мунираны калтырган.

Мунирага көптөн бери Рахимдин көзү түшүп жүрүүчү. Мунира менен кезиккенде, же ага газета тапшырып жатканда, Рахим:

— Мунира, мен сени сүйүп калдым,—деп далай ирет айткан.

Бирок Мунира күлүп калуучу, кээде ачуулана да кетип, кандайдыр бир күйгүлтүктүү сөздү айтып, андан качып жөнөөчү.

— Бүгүн мени менен районго баргың келеби? — деди ага Рахим.

— Мен райком комсомолго кеңешмеге баратам, андан кийин киного кирели.

Мунира бир паска арсарсып турду да, анан муюшкандай:

— Койчу, Рахим, ошо да болобу? — деди.

— Эмне үчүн болбосун? Бары бир бүгүн талаада иштөөгө болбойт. Жаанда түптөөгө мүмкүн эмес. «Куп» деп

койчу, Мунира. Мен сени ооруканадан машина менен ала кетейин.

Таги Чинорго жакындап калганда, Рахим кыя менен жолго түшүп келаткан Мунираны алыстан эле көрдү.

Мунира кабинага, шофер Халилдин жанына отурду, Рахим кузовго чыкты да, жөнөп кетишти.

Комсоргдордун кеңешмеси бүткөнчө, Мунира Рахимди Маданият үйүндө күтүп турууга макул болду.

Рахим эки сааттан кийин, кечке жуук гана кайтып келди. Мунира кандайдыр бир сүрөттүү журналды барактап, окуу үйүндө олтурган.

Рахимди ал суз тосуп алды.

— Мен сени көп күттүрүп койдум го? Кечирип кой! Кеңешме узакка созулуп калды. Азыр сен экөөбүз ашканага кирип, тамак ичебиз да, анан киного барабыз.

Мунира унчукпастан Рахим менен кошо чыкты.

Көчө караңгылай баштады. Жамгыр жаап турат. Мунира сокмо жоолугу менен оронуп алды да, сабыры суздук менен:

— Ашканага да, киного да баргым келбейт. Мени үйгө жөнөтүп жибер, — деди.

— Мунира, жаным,— деп Рахим ага жалбара баштады,— антпегин. Эң кызык картина дешет. Аны биздин колхозго жиберер-жибербеси али белгисиз. Макул, ашканага барбай эле, кинонун буфетинен бирдеме жеп алалы. Жүр!

— А сен абанын ырайын көрбөй турасыңбы?

— Абанын ырайынбы? Абанын ырайынын буга кандай тиешеси бар?

— Суук болот, мына ошондой «тиешеси» бар. Суук болорун сезип турам.

— Коркпо! Биз үшүбөйбүз, жолдон көп эле жабык машина өтөт.

— Эх, сени кара, — деди Мунира ичи күйгөн бойдон.— Мен эмне, өзүм тууралу айтып жатыптырмынбы? Пахтаны үшүк алат да!.. Биздикилер эмне дешет? Зубайда эмне дейт? «Пахтаны үшүк алып жатса, Мунира районго кино көрүүгө кетиптир» дешет эмеспи.

Рахим күлүп жиберди.

— Түн ичинде пахтага сен эмне кыла аласың? Эч-эчтеке кыла албайсың. Жүр!

Кинонун буфети жабык экен, сеанстын башталышына



беш минута калыптыр. Рахим менен Мунира залга киришти.

Жарык өчүп, музыка ойной баштады. Экранга жарык берилди. Көрүүчүлөрдү карай самолёттор учуп, атчандар тосмолордон алыс секиртип өтүп жатышты, бир киши күрөк менен топкага шыпылдатып көмүр салып жатат... Кишиси көп жаркыраган көчөлөрдөн кыйкырып автомобилдер өттү... Тоодон бир койчу таягы менен карышкырды өлтүрдү... Кара мурутчан, сулуу тоолук карагер аты менен өзүнүн сүйгөн жарына чаап барды. Алтын чач кыз киймин кийип, аны тосуп чыкты...

Рахимге ачууланганын унутуп коюп, Мунира анын бешмантынын жеңин утур тарткылап, кайта-кайта эле: «Карачы! Карачы!» — дей берди.

Алар кинодон көчөгө чыкса, караңгыда алардын бетине муздак шамал келип тийди. Рахим бешмантын топчулап, жакасын өйдө көтөрдү, а Мунира чочулап:

— Ой-ой, мен өлдүм! Суукту сезип жатасыңбы? Пахтаны үшүк алат. Тезирээк бир машинаны токтотчу, — деди.

Алар шоссе менен Сарыкамышка баруучу машиналар өтө турган жолдун кесилишкен жерине келишти. Рахим, көчөнүн так ортосуна туруп алып, өткөн машиналардын ар бирине өзүнүн сыңар колун көтөрө берди. Машиналардын көпчүлүгү алардын жанынан токтобостон өтүп кетти. Акыры кузовунда калдырап-шаракталган металл буюмдары бар бир жабык грузовик келди. Грузовик Кагановичабадга бараткан экен, анын шофери, жигит менен кызды Сарыкамышка чейин салып барууга макул болду.

Рахим менен Мунира кузовго чыгышты да, караңгыда, брезенттин астына кирип, шинанын үстүнө отурушту.

Бочка, ящиктер жана бидондор калдырап, шалдырап баратты. Мунира менен Рахим бир бияккa, бир тыякка ыргышты.

— Пахта эмне болор экен! Пахта эмне болор экен! — дей берди Мунира, жолдун үңкүр-чуңкулдарында утур ыргып, Рахимди кармай калып бара жатып.

— Менимче, андагылар да эмгиче бирдеме кылып жаткандыр, — деп Рахим аны менен өзүн сооротууга тырышты.

— Орто жолго жеткенде, шоссенин тыяк-быягынан алда кандай бир оттор жылтылдай баштады. Бул кандай

оттор экенин адегенде түшүнө алышкан жок. Бир пастан кийин Мунира биле койду:

— Пахтаны үшүктөн аман алып калуунун аракетин кылып жатышкан тура!

«Навобод» кыштагына баруучу кара жолго буруларда, Рахим шофердин кабинесин түкүлдөттү. Машина токтоп калды. Мунира менен Рахим машинадан секирип түшүп, өзүлөрүнүн колхозу жакты карай басышты да, талаадан жыйырма чакты жерге жагылган отту көрүштү.

Бирде мүдүрүлүп, бирде бактан тайгаланып, Рахим менен Мунира талааны көздөй жүгүрүштү. Зубайданын звеносунун участогу жолдун сол жагында эле. Экөө аякка жеткенче, талаадагы оттор андан да көбөйдү.

— Бүткүл звено талаага чыгыптыр, а мен жокмун! Бул сенин кесепетиң, сенин кесепетин! — дей берди ыйламсыраган үн менен Мунира, баткакты чалпылдатып, оттордун күңүрт жарыгында күйкөлөктөп жүргөн адамдардын караандарынан көз айырбай баратып.— Зубайда мени өз ордуна калтырып кеткен. Эми ал эмне дейт? Курдаштарым эмне дейт?

Жолдон талааны карай бурулуп, Мунира оттордун бирин көздөй чуркады, ал от өз звеносунун участогунда күйүп жаткан, анын жанында бирдеме деп кыйкырып, күйкөлөктөп бир топ аялдын караанды жүргөн. Рахим Мунаранын артынан жөнөдү.

— Сен эмне мени ээрчийсиң! — деп Мунира ага бир тийди.

Рахим ага жооп кайтарбастан, артынан жүрө берди.

— Бул ким?.. Мунира, сенсиңби? — бул Хасияттын үнү эле.

Аялдар Мунира менен Рахимди тегеректеп калышты. Оттун жалыны, түштүктү карай узун тилдей созулуп, алардын суу болгон, саруулаган жүздөрүнө жарык кылып турду. Муздак шамалдын эпкиндери алардын көйнөктөрүнүн этектерин булкуп жатты.

— Сен кайда жүрдүң, Мунира? — деп Хасият Рахимге шекший карады.

— Биз иш боюнча районго барганбыз, — деп кесе айтты Рахим.

— Оттон дагы жагыш керек! — деп Мунира коншулаш талаалардын ар кайсы жеринен жылтылдаган отторду сабырсыздык менен карады.



— Эмнени жагалы? Же өз көйнөктөрүбүздү жагалыбы? Көйнөктөрүбүз суу, күйбөйт, — деди кер какшык менен урушчаак Амонби.

— Председатель да жок, Баратов менен Каримов да жок, араба жетишпей жатат, куурай ташып келүүгө эч нерсебиз жок. Биздин бригаданын аттарын башка звенолор эбак талап кетиптир. Бир аз куурайды көтөрүп келдик. Ыраак да! — деди Хасият кейигендей.

— Хашим-Корвон, Нурали жана Каримов ошонун алдыңкы күнү Курган-Төбөгө кеңешмеге кетишкен.

— А бригадир кайда? — деп сурады Мунира.

— Кыштакта, отун, саман, гозо-пая — иши кылып, күйө турган нерселердин баарын чогултуп жүрөт.

— Азыр анчалык коркунучтуу эмес, бирок таңга жуук анык суук түшөт го,— деп чочулады звенонун мүчөлөрүнүн бири.

Мунира оттон окчунурак чыга берди да, айланага карады. Түнөргөн асмандын астында карарган пахта талаалары жатат. Алардын үстүнөн нымдуу, ызгардуу шамал ызылдап, азыр эле кардуу бороонго айлангысы келгендей. Тегеректе бир тал жыгач да, бир түп караган да, айтор, жагууга жарай турган эч нерсе жок. Оттун жалбырттаган жалыны жандуу немедей калтыраган жаш пахтаны жарык кылды.

Айласын таба албай калган Мунира түз эле суу жерге отура кетти да ыйлап жиберди.

— Тур! Бала болбо! — деп кыйкырды ага Хасият. — Сен эмне, жаш баладай эчкиресиң!

— Эгер мен бул жерде болсом, арабаны да, керектүүнүн баарын алат элем! — деп шолоктоду Мунира.

Ушунчалык кыйындык менен өстүрүлгөн пахта эми өлүп калууга мүмкүн экенин ойлогондо, Мунiранын сайсөөгү сыздады да, буга капысынан түшкөн суук күнөлүү болбостон, өзүнүн Рахим менен районго баргандыгы күнөлүүдөй көрүндү. Ушул учурда ал Рахимди чын дити менен жек көрдү.

— Ыйлабагын, Мунира, чара колдонуш керек, — деди Рахим токтоолук менен.

— Сенсиз деле билемин, үйрөтпөй эле кой, — деди Мунира кайраттуулук менен, ыргып тура калып. — Мен барып, Манияз агайды табамын. Ал бизге биринчи иретте

жардам берүүгө тийиш, биздин звено — жогорку түшүмдүн звеносу да.

— Токто,— деди Рахим. Анан, бардыгына кайрылып, мындай деди: — Мен силерге жардам уюштурууга тырышайын, а силер мында күйө турган нерселердин баарын ташып келе бергиле да, жок дегенде дагы бир эки-үч жерге от жаккыла. Кайдагы бир «агайды» издебестен, аракет кылыш керек, Мунира.

Ушинтип, Рахим «Рохи Навды» көздөй чуркады.

Жолдо арабалар, ийиндеринде тангак курайы бар энтендеген адамдар келе жатты. Талаада улам жаны оттор пайда болду. Алардын түтүнүн шамалдын эпкини жердин так үстү менен өрдөттү.

«Рохи Навдан» Рахим комсомол комитетинин орун басарын таап алып, андан жаштардын бардыгы талаага чыкканын билген соң, бир аз жай ала түштү да, Мунирага кантип жардам берүү керек экендиги жөнүндө ойлой баштады. Зубайданын звеносунун участогу кыштактан эң алыс турган участоктордун бири болуучу, аякка куурай менен гозо-паяны кол менен ташып баруу үчүн өтө көп убакыт керек эле, анын үстүнө, натыйжасы деле анчалык болмок эмес.

Правлениенин мүчөлөрүнөн Рахим эч кимисин тапканы жок. Бардыгы тең талаада болучу. Ал атканага, сарайга кирсе,— бир да ат, бир да араба калбаптыр.

Конторадан элүү кадамча аралыкта эки терезеси көчөнү караган бир үй турган. Жакында бул үйгө Нурали өзүнүн энеси жана кызы менен келип кирген.

Ушул үйдүн жанынан өтүп баратып, Рахим анын жапыз дубалынын ары жагынан колуна фонарь кармап турган бир аялды жана арабанын жанында күйпөлөктөп жүргөн бир эркекти көрдү. Ал айран-таң калды: бул эмне адамдар? Нурали кенешмеге кетпеди беле, үйдө андан башка эркек жок эле го? А тиги араба кимдики? Рахим муну билгиси келди да, ачык турган дарбазадан:

— Кирүүгө мүмкүнбү? — деп кыйкырды.

— Кириңиз! Бул ким? — деп жооп берди Рахимге тааныш өңдөнүп көрүнгөн аял үнү.

Рахим жакыныраак басып барганда аял фонарды өйдө көтөрдү. Ал Хайринисо экен.



— Саламатсызбы, Хайринисо-апа! Бул менмин, Рахим Файзуллаевмин.

— Шүгүр, Рахимжан.

Сакалчан эркек арабаны чегип жатыптыр. Бул Нуралинин агасы болуш керек, — деп жоруй салды Рахим.

— Силер кеткени жатасыңарбы?—деп сурады Рахим.

— Кеткени жатабыз, — деп жооп берди Хайринисо.— Түнөйлүк дедик эле, иш болбоду: кетиш керек — пахтаны сактап калыш керек. Сезип жатасыңбы, катуу суук болуп кетти го?

— Аны айтпай эле коюңуз. Анан калса, капысынан болбодубу.

— Чу-чу! — деп Мирзо-Хамдам кыйыктанган атты жүгөндөн тарткылап жатты.

Хайринисо менен дагы бир паска болор-болбос нерселерди сүйлөшүп туруп, Рахим чыгып кетти.

Бирок көчөдөн ага бир ой түшө калды: буларды мында калууга көндүрүп көрсө болор эле? Баары бир булар таңга жуук гана жетишет. Эгер көнүшсө, анда булардын арабасын сурап алууга болор эле.

Караңгы көчөнүн ортосунда бир минутача дендароо болуп туруп, Рахим кайта келди.

— Хайринисо-апа! Мен силерге азыр кетпөөгө кеңеш кылам. Караңызчы, көзгө сайса көрүнгүс! Беш эле кадам жерден киши көрүнбөйт. Силер кыйналып каласыңар. Ушундай түндө жыйырма беш километр жол жүрүү оңой эмес да!

— Эчтеке эмес, жетебиз,— деди Мирзо-Хамдам, арабаны чегип жатып.

— Ойлонузчу, ака. Мен азыр эле райондон келдим, жолдун кандай экенин да көрдүм. Мага ишениң коюңуз, сиздер кыйналып каласыздар. Баары бир сиздер бул түнү эч нерсе кыла албайсыздар, сиздер таңга маал гана араң жетесиздер.

Арабадагы чөптү жая баштаган Мирзо-Хамдам аялына жооп күткөндөй карады. Хайринисо ага:

— Балким, чыны менен эле азыр кетүүнүн кереги жоктур, Мирзо? — деди.

— А кокустан тыякта сен экөөбүздү күтүп жатышсачы? — деди Мирзо-Хамдам.

— А сиз телефон уруңуз, бизде телефон бар эмеспи! — деп сунуш кылды Рахим.

Мирзо-Хамдам аялынын колунан фонарды алды да, унчукпастан, Рахим менен кошо колхоздун конторасын көздөй басты. «Коммунизм» менен телефон аркылуу байланышуу оңой эмес эле: линия бошогончо бир топ күтүүгө туура келди. Телефонго Амановдун өзү келди. Мирзо-Хамдам менен сүйлөшүп алып, Аманов ага бир түнгө кала берүүгө руксат этти, анткени, анын бригадасындагылар пахтаны сактап калуу боюнча тиешелүү чараларды ишке ашырып коюшкан экен.

— Мына, мен сиздерге айтпадым беле? — деди ага Рахим жагалданган бойдон.

Эми Рахим алардын ат-арабасын сурап алууга тийиш эле. Хайринисо менен Мирзо-Хамдам: бул бизди амал менен эле кетүүдөн айныткан экен, — деп ойлобос үчүн, эмне кылыш керек?

Көп ойлонууга убакыт жок эле, тыякта Мунира жардам күтүп жатат, а Мирзо-Хамдам азыр атын чечкени барат. Ошондуктан Рахим тобокелге салды. Сөздү ал алыстан, эки колхоздун ортосундагы социалисттик мелдештен баштады. Мелдешке чыккан тараптар бир-бирине жардам берүүгө тийиш экенин Мирзо-Хамдам аканын өзү да эң сонун билет...

— Кош, андан эмне чыгат экен? — деп Мирзо-Хамдам анын сөзүн бөлө салды.

— Кыскасы ушунда бир звеного тезинен жардам бериш керек болуп жатат... Баса, алар Хайринисо апанын звеносу менен мелдешкен. Ал — Зубайданын звеносу; Зубайда өзү азыр ооруканада жатат, ооруп калыптыр, анан калса, ыгы жок, жайсыз учурда ооруп калыптыр...

— Ооруп калганы өкүнүчтүү экен, сакайышын тилейм. Бирок сиздин менден самаганыңыз эмне? — деп Мирзо-Хамдам кайрадан анын сөзүн бөлдү.

— Мен бир-эки саатка сиздин ат-арабаңызды сурайын дедим эле: талаага саман, гозо-пая жеткириш керек,—деди акырында Рахим, кысталып-кыйналып жатып.

— Ушул элеби? Ушул үчүн чейрек саатча сүйлөп турдуңузбу? Алыңыз, ат-арабаны маа салмактан төрт саатка алсаңыз да мейли.

Хайринисо күлүп:

— Сиз бизди кетүүдөн айныта баштаганда эле, мен сиздин бир максатыңыз бар го деп ойлогом... деди.

— Арабаны сиз өзүңүз айдайсызбы? Сиздин .. —



Мирзо-Хамдам «бир колуңуз жок турбайбы» деп айтмакчы болду эле, бирок анын ордуна: — Силердин самандар менен гозо-паялар кайда?— деп сурады.

Саман менен гозо-паяны али издеш керек экен.

— Ой, катыгүндөр-ой! — деди Хайринисо. — Жүргүлө, мен силерге отун ала турган жерди көрсөтүп берейин.

Хайринисо фонарды колуна алып, сарайды көздөй басты, күйөөсү менен Рахим анын артынан ээрчип жөнөштү. Чыны менен эле анда «Рохи Навда» эсепчи болуп иштеген мурунку кожоюнунан калган көң менен гозо-пая үйүлүп туруптур.

— Кел, Мирзо, ушунун баарын арабага жүктөйлү, — деди күйөөсүнө Хайринисо анан, фонарды Рахимге карматып коюп, көңдөрдү так ушул жерде жаткан сокмо замбилге айры менен сала баштады.

Ушул учурда ал Рахимге дүйнөдөгү эң сонун аялдай көрүндү.

Хайринисо менен күйөөсү экөө сарайдагы көңдөн, андан кийин самандан, анан бооланган гозо-паядан бир нече жолу замбилге салып чыгышты да, баарын тең арабага жүктөштү. Рахим, можуну сол колуна кармап, ошону менен аттарды соорууга чапкылап, отун жүктөлгөн арабаны талааны карай айдап жөнөдү.

Участокко жеткен соң, арабанын үстүнөн:

— Эй, звеновой! — деп кыйкырды.

Бул кыйкырыкка Мунира чуркап келди.

— Керектүү жагыңа ташыта бер, — деди Рахим көтөрүлө сүйлөп.

— Азыр, Рахимжан!

Чуркап келген колхозчу аялдар Рахим ташып келген отунду участокко ташый башташты, анын кайдан алып келгенин сурап да коюшкан жок.

Бир аздан кийин участоктун түндүк жагынан оттор жана баштады.

Рахим дагы эки рейс жасады. Экинчи рейсте аны менен Амонби, үчүнчүсүндө — Мунираның өзү барды. Таң агарып келатат. Мунира аны менен жанаша арабанын кырында олтурат. Кылчайып карашса, пахта талаасынын үстүндө калкылдаган коюу түтүн төшөлүп турганы көрүндү. Мына ушул жылуу «түтүн чүмбөтү» назик жаш пахтаны сууктун зыяндуу илебинен сактап турат.

Мунира эми Рахимге таарынбай калды, ал тургай, ага жаракөрдөнүп, ыраазы болгондой күлүндөп жатты. Ыш менен түтүндөн Мунiранын бети-колу капкара болуп кеткен. Рахимди караганда, анын кара көздөрү алда кандай мээримдүү балбылдайт. Рахим өзүн дүйнө жүзүндөгү эң бактылуу кишидей сезип жатты.

Эртең менен муздак жаан басылып калды. Аба жылуулады. Алыскы тоолордун аркасынан күн чыгып келе жатты.

Мирзо-Хамдамга арабасын кайтарып берип, ага кызуу алкыш айткандан кийин, Мунирадан калып калбас үчүн, Рахим «Навободду» карай ашыкты. Колхозчулар менен колхозчу аялдар жанындан гана талаадан кайта баштакшан. Мунира ага жароокер жылмайып койду. Түштөн кийин Таги Чинорго, Зубайдага барууга убадалашты.

Мунира, палатага кирер замат, койкада жаткан Зубайдага чуркап барып, аны кучактай калды да, оорудан бир аз саргара түшкөн жоодураган көздөрү нур берип турган шимилинки, чаар бетин өпкүлөй баштады.

— Зубайда-апа, түндө суук болду. Биз участокко от жактык. Рахим бизге жардам берди, — деп жобурады Мунира, артында турган Рахимге утур кылчайып.— Бүт түн бою талаадан бир да бирөө кеткени жок. Өтмө катарыбызга чейин суу болдук. Жаан менен суук бети курганда болду! Бирок биз бир түбүн да үшүккө алдырган жокпуз...

— Рахмат, каралдым, — деди Зубайда үлдүрөгөн үн менен. — Сизге да рахмат, Рахимжан.

— Андан көрө өзүңүз менен мөрөйлөшкөн Хайринисого рахмат айтыныз,— ушинтти да, Рахим түндө өзүнүн башынан өткөргөн окуяларды айтып берди.

Зубайда кыткылыктап күлүп жатты. Ал өзүн биротоло сакая түшкөндөй сезип, койкадан башын көтөрдү да, өйдө отурду. Анан, бирдемени эстей коюп, Зубайда чочулаган үн менен:

— Эмне үчүн экөөңөр тең мага канал жөнүндө эчтеме айтпайсынар? Биринчи майга аз калбадыбы, — деди. Безгеги кармаардын алдында Зубайда конторага барса, инженер-гидротехник Велейко ачууланып: эгер Ахмеджан оңолбой турган болсо, каналды Биринчи майга чейин бүтүрүүгө убада бере албайм, — деп Хашим-Корвон менен Нуралиге айтып жаткан. Көрсө, Ахмеджан кетменчилердин бригадасында графиктин аткарылышы жөнүндө кам көрбөйт экен жана өзү да көп убактарда каналга кечигип келет экен.



— Ахмеджан анчалык ийге келе элек болучу, — деп Рахим Зубайдага кош маанилүү жооп берди.

— А эмичи?

— Азыр түзүк өңдөнөт. Аны бир нече жолу правлениеге чакыртышкан. Баратов өзү каналда керээли кечке чейин болот. Биз аякка он беш комсомолецти жибергенбиз. Комсомолдук бригада азыр өтмө кызыл тууну ээлеп турат, — деп Рахим мактана да кетти.

— Демек, сууну Биринчи майда коё берет экенбиз да? — деп Зубайда кубанган бойдон Мунираны кучактады.

— Күчүбүздүн бардыгы ошого жумшалып жатат, — деди да, Рахим өйдө турду. Ал Мунираны тезирээк ээрчитип кетүүнү эңсеп жаткан, анткени—лакапта айтылгандай: «сүйгөндүн сабыры—электеги суудай».

Мунира менен үйгө кайтып келе жатып, Рахим «Новободдун» өтө эле жакын экенине өкүндү.

Рахим ага:

— Менин сөзүмдү жок дегенде бир жолу угуп кой Мен сени көптөн бери сүйөмүн, — деди.

Ал Мунiранын оң колун өзүнүн сол колуна алды. Мунира колун тартып алган жок.

## *Отуз алтынчы глава*

Жуйборуда улгайып калган эки кернейчи узун жез кернейлерин бирде өйдө көтөрүп, бирде ылдый эңкейтип, бирде туура жакка буруп, жан-алы калбай тартып жатышты. Келбеттүү бир жигит барабан чалып турду. Тегеректе майрамдагыдай кийинген балдар чуулдап жүрүштү.

Бир аздан кийин «Навобод» жактан чилдермендин дүңкүлдөгөн табышы менен баш аламан ырдаган ыр угулду. Балдардын арасынан «Келатышат! Келатышат!» деген кыйкырыктар чыкты. Туу менен плакаттарды көтөргөн колхозчулардын колоннасы көрүндү. Колоннанын ири алдында дойранын күүсүнө кошулуп, Сарымсак ме-

нен дагы бир эркек бийлеп жүрүшөт, калгандары алаканын чапкылап, бий ырын ырдап келатышат.

Навободдуктар Жуйборуга жеткенде, «Ситораи Сурх» жактан да туу менен плакаттарды көтөргөн экинчи колонна көрүндү. Ири алдыда Хажиумар шыпылдай басып келатат. Нурали менен Хашим-Корвон каналды ачууга бардыгы даяр болгон-болбогондугун текшере баштады.

Сталиндиктер менен каналды бирге курушкан коншулаш колхоздордон — Калинин атындагы жана Димитров атындагы колхоздордон да кишилер келишти. Тут багы менен өзөндүн боюндагы көлөкөлүү жерлердин баарына кишилер толуп кетти: Ала чапандар, кооз топулар, кыз-келиндердин тыйындан тизилген мончоктору, желбиреген түү сөйкөлөрү, шурулары күн нуруна чагылышып жалтжулт этет.

Кыштак жактагы жолдон чубалжыган боз чаң оргуп чыкты. Брезенттери түшүрүлгөн жеңил «газиктер» тут багынын четине келип токтошту. Биринчи машинадан Боровиков чыкты, анын кийгени жапжаңы кендир костюм. Төшүндө ордендер менен медалдардын узун калкасы бар. Экинчи машинадан эткээл Жалалов чыкты, ал дагы көлбөөрүгөн ак көйнөгүнө ордендерин тагып койгон; анын артынан Наби-Зода чыкты. Наби-Зода кооз галстук тагынып, зыңкыйта тапталган боз костюм кийип алган.

Жашыл талдардын арасынан кечээ гана бүткөн жапысыраак плотина бозорот. Шлюздун үстү жагында кызыл лента байланган шатычасы бар көпүрөчө турат.

Кернейлер басылып калды. Жалалов кыскача сөз сүйлөп, колхозчулар менен колхозчу аялдарды Биринчи май майрамы жана колхоз аралык каналдын курулушунун аякташы менен куттуктады.

Андан кийин ал кайчы менен лентаны кести. Күркүрөгөн кернейлердин жана бир калыпта дүңгүрөгөн барабандардын үнү астында меймандар менен колхоздун жетекчилери көпүрөчөгө чыгышты. Гидро-техник Велейко шлюздун щитин дагы бир сыйра карап чыкты да, башынан фуражкасын алып, аныcы менен колхоздун председателине белги берди. Лебедканын туткасын кармап турган Хашим-Корвон менен Просветов тутканы тез-тез бурай баштады эле, — оор темир щит кычыр-кучур этип, акырындык менен төмөн карай жылды. Мына эми



щиттин төмөнкү кырына суугa жетип, аны жиреп кирди. Аркырагаи боз чаңгыл суу, щитке урунган соң, жолун тороп жатышканына ачуусу келгенсип, буркан-шаркан түшүп, көбүктөй баштады. Акыры щит, шлюздун бетон босогосуна жетип, токтоп калды. Суу, оргуштаганын коюп, ийриле түштү да, өзү кабылган кептемеден жол издегенсип, тездик менен көтөрүлүп келип, каналга шар этти. Чогулган элдин катуу кол чабуулары менен «Офарин!» деген кыйкырыктар абаны жаңыртты. Көбү топуларын көктү көздөй ыргыта баштады. Бир кызыл топу каналга түшүп кетти да, ылайлуу суу аны өзүнүн шары менен төмөн карай агызып кетти. Жаштардын арасынан жыйырма чакты киши каналдын нугуна секирип түшүштү да, суудан утур озуп, бийлеп жөнөштү.

Ушундан жүз метрче жерден келечектеги гидростанциянын турбинасы үчүн эңкейиши бар экинчи шлюз турган: Андан да өткөндөн кийин, суу канал менен илгери карай жыла берди.

Каналдын эки жагынан тең сууну узаткансып, кишилер басып баратышты. Алдыда райондон келген меймандар менен Хашим-Корвон, Нурали жана Просветов баратты. А суу, өңгүл-дөңгүл жерлерди шыпырып, каналдын боорлорунан топуракты жууп, өзү менен кошо чамындыларды, чөп-чарды, саманды, жанагы жалгыз кызыл топуну агызып, өзүнүн муздак тили менен кашаныраак бийчилердин аяктарын аймалап, чаңкап жаткан какырларга тезирээк жетүүгө ашыккансыйт.

Топунун ээси, Хакимжан өтүгүн чечип жиберип, каналга түшүп топусун кармап алды, бирок каналдан чыгып келатып, тайгаланып кетти да, суугa жыгылды, кыраан-каткы күлкү чыкты. Акыры жигит башынан аягына чейин шөлбүрөп, суудан чыкканда, ага:

— Ушунуңа сүйүнгүн! Каналдын суусун баарынан мурда сен татпадыңбы!—деп кыйкырышты.

Мына эми суу какырларга жетти да, арыктар менен жакында эле айдалган дыңдарга жайылды. Колдоруна кетмен алып, шымдарын тизесине чейин түрүнгөн сугатчылар арык бойлоп басып, алардын майда жарыктарын топурак менен бүтөп, керектүү жерлерден суугa жол тазалап, сууну талаанын бороздоруна жибере башташты.

Участокторду каптаган соң суу аңгектерди карай жылжыды.

Боровиков менен Жалалов, бир арыкты да калтырбай, сугат тармактарын кунт коюп карап баратышты да, кезек-кезек Хашим-Корвонго, же Просветовго суроо берип жатышты.

— Кандай Корвон, каналга кубанып жатасыңбы? — деп сурады Боровиков, дөбөчөгө отуруп жатып.

— Албетте, абдан кубанып жатам.

— А Баратов кубанбагансып турат,—деди Жалалов, өзү Боровиковдун жанына отуруп жатып. — Эмнегедир бүгүн анын сабыры суз. Же колуктусу менен чатакташканбы?

— Ага али эрте. Эмне үчүн сабыры суз экенин мен билип турам, — деп Боровиков көздөрүн жымыңдатты.— Мында келип отурчу Нурали, мен сенин жүрөгүңдө эмне болуп жатканын билейин.

Нурали көңүлсүз гана келип отурду.

— Сен: баары бир бул жерден быйыл түшүм ала албагандан кийин, сууну эмнеге жибердик деп турасың. Таптымбы?—деп Боровиков Нуралини далыга чапты. — Эмне унчукпайсың? Демек, меники туура экен. Эгүүгө үлгүрбөйбүз деп, коркуп жатасың го. Бул ишти азыр биз жөнгө салабыз. Каримовду бери чакырып койчу.

Просветов, Нуралиден озуп, ордунан тура калды да, саал обочороок жерде сугатчыларга бирдемени түшүндүрүп жаткан Каримовго кол булгады. Бир аздан кийин Каримов келди. Анын резина өтүктөрү балчык болуп калыптыр.

— Кана, бизге түшүндүрчү, агроном, — деп Боровиков ага кайрылды. — Мына бул жер чигитти өз кучагына алууга макул болсун үчүн, сен муну менен дагы канча күнү алпурушканы турасың?

— Үч жума, — деди Каримов, бир аз ойлонуп туруп.

— Ушунтериңди билгенмин. Сенин оюңа койсо, бул жер менен сен күзгө чейин илээшип жүрмөксүң, — деп Боровиков агрономдун кычыгына тийди.

— Кыскарт, срогуңду кыскарт, Каримов, — деди Жалалов. — Пахта күтүп тура албайт, бул сага диссертация эмес.

— Мен да ошентип айткамын, а бул илимге үч жума керек дейт да турат!— деп Хашим-Корвон кошула калды да, Каримовго тамашалагандай карады.

Каримов күлүп жиберди.



— Хашим-ака председатель болгондон бери бир чапан да жырта элек, бирок эмитен эле илимге тап берип калды! — деп агроном сөзгө сөз кайтарды.

— Мына сага график, Каримов, — деди Боровиков.— Илим да зыян тартпайт, түшүм да өз убагында жетилет. Жердин шорун чайкоого беш күн беребиз, — деп ал манчасын бүгө баштады. — Жетишеби? Албетте жетишет: суу көп, МТСка айтып койсок, тракторлор менен экинчи жолу айдоону бир эле күндө бүтүрөт. Жерди чөп-чардан тазалоого дагы бир күн чыгарып коёлу. Дагы эмне бар? Баса, топурак ташуу керек эмеспи. Аны силер кайдан ташып келебиз деп ойлойсуңар?

— Мынакей, — деп Хашим-Корвон дөбөнү көрсөттү. —Муну так ушуга жараткан турбайбы.

— Туура, — деди Боровиков. — Бүткүл колхозуңар менен иштесеңер — силерге бул бир күндүк жумуш, — деп ал дагы бир манчасын бүктү. — Ал эми калганына дагы бир күн кетсин. Ушинтип, менин манчаларым менен гана бирдей күн кетет экен, — деди манчаларын бүккөн бойдон эки колун өйдө көтөрдү. — Аңгыча сен чигитти он күнү жылытып, тезирээк өнүп чыккандай кылгын. Ушул графикке макулсуңбу Каримов?

— Аз убакыт берсеңер да, аракет кылып көрөлү. Бирок бул ишке правление да чындап киришсин,—деп жооп берди Каримов, маңдайына түшүп келген чачын артына силкип таштап.

— Кандай, Баратов, дагы эле көңүлүң ачыла элекпи? — деп Боровиков күлмүңдөп турган Нуралиге бурулду.

— Аткарабыз, раис? — деп кыйкырды Нурали, ордунан ыргып тура калып. График Хашим-Корвондун көңүлүнө жагып турганын билген соң: — Аткарабыз, Петр Николаевич!— деп райкомдун секретарына колун сунду.

— Хуп, хуп, бирок токтоолук менен иштеш керек,— деп Боровиков Нуралинин колун кысты да, саатын карады. — Менимче, концерт башталып калды го? Силер эмне, урматтуу кожоюндар, меймандарды чакырбайсыңар?

Бир-бири менен тамашалашып, тез-тез басып, баары тең «Рохи Навды» карай жөнөштү.

Райондук музыкалык-драмалык театрдын артисттеринин бир тобу колхоздо концерт берип жатты. Алар

үчүн чарпаяларды бир-бирине биригиштирип, сахна куруп беришти. Концерт түнгө чейин созулду, анткени — көрүүчүлөр колдорун жапа тырмак шапалактагып, көнүлдөрүнө жагып калган ырчылар менен бийчилерди өз номерлерин бир нече жолу кайталоого мажбур кылышты.

### *Отуз жетинчи глава*

Ахмеджан, дарчадан чыгып, аны ачуулана жапты да, иңирде бары бир жаман көрүнүп турганына карабастан, кол жоолугу менен саргыч көз айнегин сүртүп койду. Андан кийин ал өзүнүн «капак» чакчасынан эрдине наспайды демейдегиден эки эсе көбүрөөк салды. Ачуусу келип турганда, Ахмеджан ар дайым ушундай кылар эле. А бүгүн анын ачуулана турган жөнү бар болучу. Өзүнүн бригадасынын баягы балакет баскан какырда (Жуйборунун сол өйүзүндөгү жанындан өздөштүрүлгөн жерлерди Ахмеджан дагы эле ушинтип атачу) түзүлгөн участогунда пахта жапжашыл болуп өнүп чыккан. Эми аны суюлтуп, түптөш керек, бирок анын бригадасы алигиче түзүлө элек. Анда азыр кур дегенде элүү киши да жок болучу, чынында анда эң кеминде жүз отуз-жүз элүү болуш керек эле. «Куу чирен Хашим менен кызыл кекиртек Баратовдун башкарганы ушу».

Балким, Ахмеджан ушундай башкарууга анчалык деле кейибес эле: чынында иш канчалык начар жүрсө, башкарманын асыл таш эмес — анчейин гана бир шагыл экенин колхозчулар ошончолук тез түшүнүшөт эмеспи. Ушул «буканы» председателдикке шайлашкандыгына колхозчулар өкүнөрүнө Ахмеджандын көзү жетип турган. Бирок ал кытмырлар Ахмеджанды кол-буттан байлап, бригадирликке дайындап коюшпадыбы. Кокустан пахта зыянга учураса, алар: «Ахмеджан — жөндөмсүз неме» дешет эмеспи.

Правлениенин терезелери караңгы болучу, председателдин кабинетинде гана жарык күйүп турган. Наспайын жерге түкүрүп салып, Ахмеджан бек-бек басып, ушул үйгө кирди.

Председателдин кабинетинин маңдайындагы бөлмөнү партиялык бюро ээлеп туруучу. Аяктан Хашим-Корвондун үнү угулуп жатты. Председатель менен анын өз кабинетинде сүйлөшпөй турганына көзү жеткен соң, Ахмеджан сүйүнүп да кетти: мындан бир аз гана мурда так өзү — Ахмеджан отурган столдо эми Хашим-Корвон отурганын көргөндө, анын көңүлү айный турган.

— Бизге мында кирүүгө мүмкүн бекен? — деп сурады Ахмеджан кер какшык менен, «бизге» деген сөздү өзгөчө кыраат менен айтып.

— Кириңиз, Ахмеджан-ака. Отуруңуз,— деп Нурали отургучту көрсөттү.

Ахмеджандын көңүлү өз жайында эмес экенин билбей, председатель агедилдик менен ага суроо берип калды.

— Ахмеджан, айтчы, сен фермадан кой сатып көрдүн беле?

— А сен муну менден эмне үчүн сурап калдың?

— Билесиңби, электр станциясы боюнча чыгымдарды толуктоо үчүн, бизге үч жүз миң сом жетпей жатат. Эки жүз-үч жүз кой сатсакпы деген ой бар.

— Акмактык ой — деп күңк этти Ахмеджан.

Хашим-Корвон кызара түштү.

— Сен, бай болгур, мындай сөзүңдү кой, ал менин оюм, аны район да жактырды. Ал койлорду өзүлөрүнүн фермаларын толукташ үчүн өзүбүздүн эле райондун «Авангард» жана «Коммунизм» колхоздору сатып алышат.

— Сен мага суроо бердиң, а мен сага жооп кайтардым, — деп Ахмеджан чорт айтты. — Менин жообум жакпаса, өз көөнүң. Маа салмактан бүт ферманы сатып жибергиле,— деп Ахмеджан бир китепти барактап отурган Нуралини карап өттү. — Азыр менин ишим жок. Жыйнаган мен элем, саткан силер болгула. Мен базардан алып келүүчү элем, силер базарга алып баргыла! Эң сонун болот. — Ахмеджан эми өзүнүн ачуусун жашырууга да аракет кылган жок.

— Сиз эмес, колхозчулар өз эмгеги менен жыйнашкан, Ахмеджан ака: так ошолор башкарышат, — деп мостоё сүйлөп, Нурали китепти туура жакка жылдырып койду. — Жалпы чогулуштун макулдугун сураш керек.— Анан кайрадан Ахмеджанга кайрылды: — Сиз мага келдиңизби же председателгеби?

— Экөөңөргө тең, — деди Ахмеджан. — Мен силерге акыркы жолу кайрылып олтурам. Мага киши керек...

— Жалгыз гана сенин бригадана киши жетишпей жаткан жери жок. Баратовдуку да ошондой, — деди Хашим-Корвон ачуусу менен.

— Балким, Баратов пахтаны үгүт-насыят менен, саясий түшүнүк менен өстүрөмүн деп жаткан чыгар, а мен анте албаймын, мага кызматкерлер керек, — деп Ахмеджан чукуп өттү да, ордунан турду. — Эгер ушул жуманын аягына чейин киши бербесенер, анда мен бригадир болбоймун.

Ушул сөздөрдү айтаары менен, ал жооп күтпөстөн, бөлмөдөн чыгып кетти.

Өз үйүнө жеткени калганда, Ахмеджан токтоп, ойлонуп турду да, кайра тартты. Ал Азамдыкына бармак болду. Азамдын үйү правлениенин жанында болучу.

Бир топко ийгиликсиз түрсүлдөтүп туруп, Ахмеджан дарчаны ачты. Короодо байлануу турган ит каргылдана абалап, үйдөн кулактын кужурун алган бир табыш угулду.

— Койсоңчу! — деп Азамдын аялынын кажылдаганы Ахмеджандын кулагына шак дей түштү. — Балдарды уктатпай жатасын. Тышка чыгып карачы, ит үрүп жатат, балким киши келгендир.

— Киши келсе кирер, — деди ага Азам, демедейги камарабастыгы менен.

— Бул менмин, — деди Ахмеджан, бөлмөнүн эшигин ачып.

Азамдын үйүнө ал өз үйүнө киргендей кирүүчү. Анткени, Азамга анын пайдасы көп тийген эле. Чынында Азамды, карапайым гана кетменчини бригадир кылган Ахмеджан эмес беле? Аны жаны үйгө киргизип, анын «Ардак белгиси» орденин алышы үчүн далалат кылган Ахмеджан эмес беле? Бирок Азам дагы жакшылыкты унута турган адамдардан эмес болучу. Ал Ахмеджанга чындап берилген эле жана Ахмеджандан артык раис болууга мүмкүн эмес деп эсептөөчү. Кызматкерди Ахмеджандай сыйлай билген ким бар эле? Так ошондуктан, Ахмеджандын ордуна Хашим-Корвонду шайлашканда, Азам айраң-тан калып, капа болгон. Эби жок, түнт Азам, үйүнө өзүнүн колдоочусу келгенде ага сыйкордукту көрсөтө алуучу эмес, бирок Азамдын аялы Бахри анын алдында тим эле эбелек болуп кетүүчү. Эми Бахри аны мына мындай сөздөр менен тосуп алды:



— Кош келипсиз, ракым этиңиз, раис. — Ахмеджандын зээнин кейитип, Бахри аны эмдигиче «Раис» деп атоочу. — Сизди биз өз үйүбүздөн көрбөгөндүгүбүзгө көп болду го. Мындан бир эле саат мурда сизди дасторкон үстүндө эстеп отурганбыз. «Биздин кымбаттуу раисибиз эмне үчүн биздин үйгө кирбей калган?» дедим эле.

Азам: «Эмнеге калп айтасың?» дегенсип, өз аялына акырая карады.

— Түн ичинде да бекер отура албайт экенсин го! — деди Ахмеджан өгөө менен кетмен курчутканын азыр эле таштаган Азамга.

Бахри дароо дасторкон салды. Ахмеджан бир сындырым нанды табактагы каймакка малып жеди да, Азамга бир сыры бардай карады. Ахмеджан өзү менен жекеме-жеке сүйлөшкүсү келип жатканын Азам түшүнө койду.

— Сен балдарга барчы, — деп жумшады аялын Азам.

Аялы чыгып кетти, бирок бир пастан кийин чылапчын көтөрүп келип, аны Ахмеджандын жанына койду да (каадасынча ал наспайын килемдин астына түкүрбөсүн деген), кайрадан чыгып кетип, ошол бойдон көрүнгөн жок.

— Азыр эле мен правлениеде болдум... — деп Ахмеджан сөз баштады.

Ал жай-баракат, правлениеден уккан «жаман жаңылыктардын» өзүнө эч кандай тиешеси жок сыяктуу жана өзү башкалардын гана камын ойлоп жаткан сыяктуу сүйлөдү. Баягы «куу чирендер» фермадан кой сатканы жатышканын Азам укту бекен? Ал эми койлордун теңи биздин, «рахинавдык» койлор эмеспи. «Куу чирендер» өзүлөрүнүн электростанциясы, каналы менен туюкка кептелген соң, эми рахинавдыктардын эсебинен кутулмакчы болуп жатышат. Деги буга чыдоого мүмкүнбү? Жакында жалпы чогулуш болот...

Ахмеджандын сөзүн Азам унчукпастан угуп олтурду. Ахмеджан сөзүн бүткөндө, ал:

— Жалкоолор! — деген гана жалгыз сөздү айтты.

Мунусу: Азам Ахмеджандын айтканынын баарына кошулат жана күрөшөт — дегени эле.

«Рохи Навдын» багына ушунчалык эл мындан мурда эч качан чогулган эмес. Бирөөлөрү жашыл чөптүн үстүндө отурушса, бирөөлөрү жыгачтарга жөлөнүп турушту.

Фермадан эки жүз элүү койду сатыш керекпи же жокпу — деген талаш уламдан-улам кызыды. Навободдуктар менен ситораиликтер «сатылсын» десе, рохинавдыктар «сатылбасын» дешет. Эл чуулдап, кай бирлери ордунан тура калып жатышты, ошондуктан мындай чогулушту башкаруу бечара Хаджиумар үчүн өтө кыйын болду.

Бир оокумда бирөө алаканы менен столду койгулап калды, ошондо эл жым-жырт боло түшүп, алды жагын карашса,— Ахмеджан турган экен. Ал эки колун аркасына алып, эриндерин кыйшайтып туруптур. Ал сүйлөй баштады.

— Катуураак! Угулбайт! — деп кыйкырышты ага арттагылар.

— Менимче, — деп Ахмеджан үнүн көтөрдү, — сатыш керек. Рохинавдыктар, маңдай терин агызып, фермадагы койлорду көбөйтүп келишкен. Эмичи? Эми алар өз мал-мүлкүн сүйүнгөн бойдон бөлүшөт. Биригишкенден кийин, аштын баарын жалпы дасторконго салыш керек! Мындайынча айтканда, менде палоо, сенде жарма, же менде буудай нан, сенде загара болсо, — эчтеке эмес. Мен көбүрөөк эмгек кылып, ашым көбүрөөк болгонунан эмне чыкмак эле? Иши кылып, баары тең ток болсо эле болгону. Койлорду сатыш керек.

Отургандардын арасынан кыжы-кужу үндөр, күбүршыбыр, кай бир жерден күлкү чыкты. Ахмеджандын кош маанилүү сөзү бирөөлөрүн таң калтырса, экинчилеринин кулактарын түрдүртүп, башкаларынын күлкүсүн келтирди.

— Сен «тилиңди чайнаганыңды» кой, Ахмеджан!— деп кыйкырды кимдир-бирөө.

— Көз айнегиңди алып ташта Ахмеджан, ошондо биз сенин чүйрүңдөгөнүңө күлүп, боорубуз катып жатканын көрөсүң! — деди куудул Сарымсак.

Катуу каткырык чыкты.

Президиумдун столунун ары жагына Хашим-Корвондун зор фигурасы туруп калды. Ал ылдый эңкейип, жанында олтурган Нуралиге бирдеме деп шыбырады да, президиумдун столундагы ордуна жай-баракат гана басып бараткан Ахмеджанга акырая карады.

— Сөзүңдү бекер эле коротуп жатасың, Ахмеджан! Мындай сөздөрдү бир кезде кедейлерге кулактар айткан. Менин Бутабай деген кожоюнум да бир кезде: «Сенин



шыбагаң — жарма менен загара!» деп айтуучу. Бирок сенден андай сөздөрдү уккум келбейт! Сен менин эски жарамды козгобо! Биз сенин «жармаңды» эмес, ак эмгегибиз менен колхоз нанын жеп отурабыз. Түшүндүңбү? «Мен каршымын» деп айтууга сенин эрдигиң жетишпей жатат, ушинтип айтсаң — ак ниеттүүрөөк болор эле: сен жойпуланып жатасың. Бирок сен бизди алдай албайсың, акмактарды башка жерден издегин.

— Сүйлөй бер, Хашим. Кезегибиз келгенде, биз дагы айта турган сөздү табабыз! — деп Ахмеджан туурадан чыкты.

— Таба албайсың, сенин айтар эч нерсең жок! — деп Хашим-Корвон кагуу берди да, сөзүн улантты: — Мында бирөөлөр башка бирөөлөрдүн эсебинен пайда көргөнү жатат деп ойлосоң, — жаңылышасың. Бизде андай кишилер жок. Биз өз ыктыярыбыз менен бириккенбиз да, өзүбүздүн коомдук колхоздук байлыгыбызды өз ыктыярыбыз менен кошконбуз. Анан ушул жалпы байлыгыбыздын бир бөлүгүн эмнеге жумшаганы турабыз? Электр станциясына, жаңы жерлерди өздөштүрүүгө... Балким сен, жаңы жерлердин кереги жок деп айтарсың, Ахмеджан?..

— Ал жерлерде ким иштейт? — деп Ахмеджан кайрадан Хашимдин сөзүн бөлдү. — Кишилер кайда? Жок. Балким, сен пахтаны сөз менен гана өстүргөнү жүргөндүрсүң?

Кимдир бирөө күлүп калды.

Кишилерди табабыз! — деп Хашим-Корвон ишенимдүүлүк менен жооп берди да, кайрадан сөзүн улантты: — Электр станциясы менен канал кимге пайда келтирет? Бүткүл колхозго, анын бардык мүчөлөрүнө. Ушундайбы же жокпу, жолдоштор? — деп Хашим-Корвон бүткүл чогулушка кайрылды.

— Ушундай! — бир нече үн ынтымактуу жооп берди.

— Бирок Ахмеджан канал мурунку навободдуктар менен ситораиликтерге гана пайда берет деп ойлосо керек. Же сен, Ахмеджан, электростанциясынын кереги жок деп ойлойсуңбу? Же сенинче, мурунку рахинавдыктар курулушка катышууга тийиш эмеспи, чыгымдарды башкалар менен тең төлөшүүгө тийиш эмеспи?

Хашим-Корвондун жебелеринен Ахмеджан анда-санда текебердүү күлкүнүн калканы менен гана кор-

тонуп, колхозчуларга: «Сендей мергендерди көргөнмүн, бирок алар мага тийгизе алышпайт!» деп жаткансыды.

Хашим-Корвон отургандан кийин, тикесинен турган колхозчулардын арасынан Азам алдыга чыкты да, колун өйдө көтөрдү.

— Сүйлө!— деп Хажиумар ага сөз берди.

— Юнусбай! — деп Азам саал обочороок отурган «Навободдун» мурунку председателине кайрылды. — Сенин колхозуңдун фермасында канча кой бар эле?

— Төрт жүз алтымыш, — деди Юнусбай.

— А силерде канча эле, Хажиумар? — деп Азам чогулуштун төр агасынан сурады.

— Бизде алты жүздөн ашык болуучу.

— Төрт жүз алтымыш менен алты жүз — бир миң алтымыш болот, -- деп Азам эсептей баштады. — Орто эсеп менен ар бир колхозуңарга беш жүздөн келет экен. Ал эми биздин «Рохи Навдын» фермасында сегиз жүз кой бар болучу. Мен ушунун айырмасын — эки жүз койду — чыгарып таштап, мурунку «Рохи Нав» колхозунун мүчөлөрүнө таратып берип, калган санынан керегинче сата берүүгө сунуш кылам.

Азам чын ниети менен эле ушундай кылган туура болот го деп ойлогон. Бирок өзүнүн сунушу кандай чуулгандуу сунуш экенин ал билген да эмес. Чогулуш кайрадан дүүлүгө баштады.

— Туура!

— Таратылсын!— деген катуу, баш-аламан кыйкырыктар чыга баштады.

— Туура эмес! Андай жобо жок! — деп кимдир бирөө каршы чыкты.

— Азам бүт ферманы жойгону жатат! — деп ага бир ситораилик кошулду.

— А силер биздин байлыгыбыз менен өзүңөрдүн айыбыңарды жапканы жатасыңар! — деп аларга бир рохинавдык жооп берди.

— Кол көтөрүүгө салынсын!

— Мурунку рохинавдыктар гана кол көтөрүүгө акылуу!

Иңир кирип баратты, бирок чогулуштун башындагындай эле, кандайдыр-бир чечимге келүүдөн алыс болушчу.



— Жолдоштор! — деп кыйкырды Нурали, президиумдун столунан өйдө туруп. Чогулуш жым-жырт боло түштү.—Кай бир убакта,—деп Нурали үнүн бир аз басайтып, жай-баракат сүйлөй баштады,—кичи терезеси жок туюк бөлмөдө уктап жатып, эртең менен көзүн ачса,— бөлмөнүн ичи караңгы болуп турганын көрөт да, уктай берет. Бирок анын ойгоно турган убагы эчак келген. Кай бирөөлөр ошо кишиге окшоп жатат. Эски көндүмүшү боюнча алар биздин адамдарды «Навободдун», «Рохи Навдын», «Ситораи Сурхтун» мүчөлөрүнө бөлүп келатышат, бирок азыр андай колхоздор жок, бирдиктүү гана Сталин атындагы колхоз бар. «Таң эбак аткан», ошондуктан ал жолдоштор да ойгонууга тийиш. Кимде-ким биздин колхоздун өсүп-өркүндөшүн кааласа, ал ушинтип бөлүүнү биротоло коюшу керек. Минтип бөлүү жакшылыкка алып барбайт. Азамдай жакшы колхозчудан жаман сөздөрдү угуп отуруу мен үчүн өкүнүчтүү болду. Анын сөзүнүн мааниси эмнеде? Сөзүнүн мааниси: коомдук мүлктү үйгө таркатып кетүү керек дегенде. Колхоз ушуга бара алабы? Эч убакта бара албайт. Азамдын өзү да жана аны менен бир пикирдеги адамдар да бир аздан кийин өз каталарын түшүнө тургандыгына көзүм жетип турат. Эми эмне кылыш керек? Койлорду сатуу жөнүндөгү маселени кол көтөрүүгө салууга болор эле. Менимче, көпчүлүгү «сатылсын» деп кол көтөрүшөр эле. Бирок, менин башка бир сунушум бар...

— Башкабы? Кандай? — деп Хашим-Корвон чыдай албай кетти. Ал тургай анын көзүнөн коркуунун белгиси да көрүндү.

— Ооба, башка,— деп кайталады Нурали.— Азырынча бул маселени чечпей коё турууга сунуш киргизем. Азам жана аны жактап жаткан адамдар ойлонуп көрсүн, андан кийин дагы бир жолу чогулуу кыйын эмес.

Биринчи жолу бул жыйында толук тынчтык өкүм сүрө калды. Андан кийин кол чабуулар: «Туура!» деген кыйкырыктар чыкты.

Ар бир кыштактын адамдарынын өзүнчө бир бөтөнчөлүгү бар. Рохинавдыктарды текебердүү, шылдыңчыл деп эсептешчү. Алар жаңы кишини, ал иштиктүү киши болсо да, оңой менен жактыра коюшпайт. Эгер ал киши кенедей эле бир олдоксондук кылып койсо аны дароо шылдыңга

алышат. Нурали алар үчүн чынында жаңы киши болучу. Ал алеп Сарыкамышка келгенде, андан шекшип, ага келгин киши иретинде карашчу. Биринчи жолу аны көкбөрүдөн көрүштү. Ошондо алар: «Алыбеттүү жигит экен» деп калышты. Экинчи жолу биригүү боюнча чогулушта анын сүйлөгөнүн угушту. Ошондо Нурали толкунданып, Ленинабаддык колхоздор жөнүндө жана жакынкы келечекте Сталин атындагы колхоздо турмуш кандай боло тургандыгы жөнүндө айткан. Ошондон кийин рохинавдыктар: «Акылы бар жигит окшойт» деп калышты. Нуралинин бүгүнкү чогулуштагы сөзүнүн аягы да алардын көңүлүнө туура келди. Чогулуштан таркап бара жатып: «Ал агедил бала экен» деп коюшту да, ошону менен бирге: «бул аяктын астында чөйчөк болбосо болгону» деп кошо кетишти.

Чогулуш бүткөндөн кийин, партиялык бюронун мүчөлөрү парткабинетке киришти. Хашим-Корвон жаны ачыгандай:

— Сиз Баратов, менимче, сөзүңүздүн аягында оппортунистче сүйлөдүңүз: Эмнеден корккондугуңузду түшүнбөйм! Жанагы көз айнектүү курттан корктуңузбу? Же Азам жуткучтанбы? Эми мен үч жүз миң сомду кайдан алам?

«Ситораи Сурхтун» мурунку парторгу, демейде оор басыктуу Вахидов да Хашим-Корвонду жактады.

— Хашим-ака оппортунизм жөнүндө, албетте, аша чаап кетти, бирок добушка салыш керек эле.

— Туура чынында рохинавдыктардын бардыгы эле каршы чыга берген жок да, — деп «Рохи Навдын» мурунку парторгу, тракторист Абдусамат да кошула калды. Ал Ахмеджанды жакшы көрүүчү эмес жана өзү байкагандай, Ахмеджандын чогулуштан жеңип чыккан немече чыкканына нааразы болуп турган.

Зубайда унчукпай турду. Бирок, анын Хашим-Корвонго жактырбагандай карап турганын көргөндө, Зубайданын ким тарабында экенин билүүгө болор эле.

— Жок, жолдоштор, — деди Зубайда, чыдай албай, — Баратов акылдуулук кылды. Биз чогулушту начар даярдаптырбыз? Бир жолу биз огород маселеси боюнча чактырып алгандыгыбыз эсиңдеби, Хашим-ака? Ошондо да даярдыгыбыз начар болгон, биз балаага дуу-



шар болууга аз жерден калганбыз. Бул жөнүндө Боровиков коммунисттердин чогулушунда эскертпеди беле.

Нурали өзүнө ачык-айкын өндөнүп көрүнгөн маселени түшүнбөгөн жолдошторуна бир тийгиси келди. Бирок ал өзүн өзү токтотуп, баарынын сөзүн укту да, ошондон кийин сөз алды.

— Жакында мен бир ыр окудум, кимдики экени эсимде жок, бирок абдан туура ыр:

Көптү көрүп, көп жашап, акылына кирбесе,

Барып турган мыкты устат, үйрөтө албас эч нерсе. Зубайданын огород жөнүндөгү маселени эске салганы — абдан туура. Кой сатуу маселеси боюнча да биз бир нерсени билбей калган көрүнөбүз. Түшүнүңүздөр, жолдоштор: мындай ишти ашыгып, формалдык көпчүлүк менен чечүүгө болбойт — бул жоон топ адамды четке кагып, алар менен калгандардын ортосуна жик салуу дегендикке жатат. Буга жол берүүгө биздин акыбыз барбы? Жок. Биздин түшүндүрүү иштерибиз начар экен, — чогулуштун көрсөткөнү ушу.

Зубайда менен «Навободго» кайтып келатып, Хашим-Корвон жолду ката шыпшыйып, кезек-кезек башын чайкап коюп жатты.

— Хуп, — деди ал Зубайдага. — Бирок мен ишембиге чейин үч жүз миң сомду кайдан алам? А?.. Жок, менимче Боровиков Баратовдун кылыгын жактырбайт.

### *Отуз сегизинчи глава*

«Рохи Навдан» чыккан жалгыз аяк жол Жуйборуга кетет. Ушул жерде, Жуйбору менен мурунку рохинавдык «тилкенин» ортосунда Шодигүлдүн звеносунун участогу бар болуучу. Жумушка баратканда, Нурали ар дайым ушул жерге токтоп, Шодигүл менен жок дегенде бир-эки ооз сөз сүйлөшүп кетүүчү. Бирок бүгүн эртең менен Шодигүл мындан көрүнбөдү: сугат жүрүп жатат, талаада кетмен көтөргөн беш сугатчы жүрөт.

А бүгүн Нурали анын достук аңгемесине бөтөнчө муктаж болуп жаткан. Кечээки чогулуштан кийин ал жүрөк заада болуп турган, ишембиге чейин алты гана күн калган. Ушул убактынын ичинде жаңы чогулушту чакырыша алар бекен? А рохинавдыктар көшөрө башташса-

чы? Добушка салыш керек, — деп Хашим-Корвон туура айткан чыгар?

Жуйборудагы көпүрөдөн өткөндөн кийин, Нурали өз бригадасынын участогуна көз жүгүрттү. Биринчи түптөө жүрүп жаткан. Май айында эгилсе да, пахта тез жана текши өнүп чыккан; айдоо алдында топурак менен чигиттин жакшылап иштелип чыгышы текке кеткен эмес. Учукыйры жок сыяктанып көрүнгөн көк жашыл талаанын ар кайсы жеринде кишилердин кичине-кичине топтору иштеп жүргөн. Утур өйдө көтөрүлгөн кетмендер эртең мененки күндүн нуруна чагылышат. Жерден жаңыдан гана чыккансыган назик өсүмдүктөр бири-бирине ыргалышат. Кече эртең менен эле жапжашыл болуп турган немелер бүгүн билинер-билинбес каралжын тартып калган: суу керек! Нуралинин жүрөгү тыызылдады: сугарыш керек болуп турса да, чабык алигиче бүтө элек жана жакында бүтө койбойт—кол жетишпейт. Ар бир кызматкерге беш гектардан дээрлик, нормадан төрт эседен ашык келип жатат.

Ушинтип, Нуралинин оюу кайрадан кече күнкү чогулушка кайрылды. Ал Ахмеджандын: «Кишилер кайда? Кишилер жок!» деген кекээрдүү кыйкырыгын, Азамдын койлорду таратып берүү жөнүндөгү талабын, эгер ишембиге чейин үч жүз миң сомду которбосонор, монтаждык жасалгаларды башка районго беребиз деп, «Сельэлектронун» коркутканын эстеди. Ушунун баары үйүлүп келип, жүрөгүнө таштай түйүлдү.

Итетайы тутулган бойдон Нурали пахтаны олдоксонураак түптөп жаткан бир колхозчунун колунан кетменин жулуп алды. Бул колхозчу мурда кампачы болучу, көнбөгөндүктөн өсүмдүктөрдү жулуп алып жаткан.

— Адегенде өсүмдүктүн бир эле жагындагы топуракты жумшартып алгын. — Нурали токтоолук менен сүйлөөгө тырышты, бирок өзүн кыйындык менен тыйып жатты. — Шашкалактаба. Кетменди кайда киргизгениңди байкагын. Ашык кыймыл жасаба; адегенде бир түптү бүтүргүн да, андан кийин башкасына өткүн.

Нурали өзүнүн звенолорунун бардыгын кыдырып чыкты, ага бардыгы начар, жай иштеп жаткандай жана ушул каргыш тийген чабык таптакыр бүтпөөчүдөй көрүндү. Звеновойлор менен сугатчыларга ал: талаанын



түптөлүп бүткөн бөлүктөрүнө сууну бүгүндөн калбай коё бергиле, — деди.

Хашим—Корвон менен районго баруу үчүн, саат он эки ченде Нурали кыштакты көздөй жөнөдү.

Жуйборунун ары жагынан Нуралини карай бат-бат басып, Шодигүл келатты. Нурали анын түрүнөн чочуп кетти.

— Бирдеме болдубу, Гүл?

— Отуралычы, — деди Шодигүл.

Алар талдын түбүндөгү шиберге барып отурушту.

— Деги эмне болду? — деп Нурали өз суроосун кайталап, Шодигүлдүн башындагы топуну оңдоду.

— Эчтеке болгон жок. Участогума баратсам, сенин кетип баратканыңды көрдүм.

— Сен экөөбүз көптөн бери көрүшө элекпиз го!

— Көптөн бериби? — деп Шодигүл күлүп жиберди.— А кече күнкү чогулуштанчы?

— Чогулуштан көрүшкөн эсепке кошулбайт.

— Андан мурун биз эки күнү гана көрүшпөй калганбыз.

Нурали ага таарынгандай карады.

— Мен тамаша кылып жатпаймынбы жаным, сагынган үчүн келип олтурам да.

Нурали анын колун өзүнүн жаагына кысты.

— Бирдеме болгон го. Сен аны менден жашыра албайсың.

— Бүгүн мен бир болбогон сөздөрдү уктум, — деп баштады Шодигүл көңүлсүз гана. — Билбейм, аны сага айтыш керекпи же жокпу?

— Гүл, сен менден эч нерсени жашырууга тийиш эмессиң. Убадабыз эсиңдеби?

Шодигүл улутунуп жиберди.

— Бирок сен муну оюна албагын... Баратов менен Хашим-Корвон жаман болушат дешет...— ушул жерден Шодигүл бышактай баштады — ... алар канал, төрт жүз гектар жаңы жер деп жүрүшүп, кишилер жөнүндө ойлошкон эмес дешет... Тыяктагы пахта,— деп ал Жуйборунун сол өйүзүн көрсөттү,— сөзсүз өлөт имиш... Суд болот имиш. — Шодигүл ыйлап жиберди.

Нуралинин жүрөгү ордуна келди.

— Ушул элеби? Сен эмнеге ыйлайсың? Чыны менен эле сен ошол калжыраган ушактарга ишендиңби? — Ну-

рали Шодигүлдүн колунан жүз аарчысын алды да, анын жашын аарчый баштады.—Мунун баары келжиреген сөз. Сен мага: «оюна албагын» дебедиң беле, а өзүңчү?

Шодигүлдү сооротуп жатып, Нурали да өз көңүлүн өзү жубатты. Мындан жарым эле саат мурда ал: Хашим экөөбүз туюкка кептелдик, — деп айтып жаткан, а эми ага эчтеме деле болбогондой, Хашим экөө ачык жолго чыгып кетүүчүдөй көрүндү.

Шодигүлдүн жүзү жарк эте түштү.

— Сен андай нерсеге жол бербейсиң да, ыраспы?

— Албетте, жаным! Азыр бизге кыйындык келип жатат, бул чын, — деди Нурали ойлуу жүз менен, — бирок пахта өлбөйт.

— Чынынды айтчы: кече сен... корктуңбу?

Нурали күлүп жиберди.

— Кимден? Ахмеджанданбы? Азамданбы?

— Анда сен эмне үчүн добушка салбоого сунуш киргиздиң?

— Эмне үчүн экенин мен түшүндүрдүм го.

— Бирок кишилер башкача түшүнүшүптүр, биздин комсомолецтер да өкүнүп калышты... Сага көрүнүктүүрөөк, бирок менимче, баарын эле кече күнү чечүүгө мүмкүн болучу, ансыз деле сага кыйындык келип жатпайбы. Өңүңөн азып кеткениңди карачы,— деп Шодигүл колу менен Нуралинин бетин сылады.

Нурали анын колун колуна алып, өөп калды. Шодигүл уялгандан колун тартып алды да, Нуралинин көйнөгүнүн топчусун кармалай баштады.

— Капа болбо, Гүл, азыр Хашим экөөбүз райкомго барабыз, анда сүйлөшүп көрөбүз. Эртең мен сага бардыгын айтып беремин.

Шодигүл менен коштошор замат эле, Нуралинин жүрөгү кайрадан өйүй баштады. Утур эле Шодигүлдүн: «комсомолецтер да өкүнүп калышты» деген сөздөрүн эстей берди. Демек, анын достору да: Нурали коркту,—деп ойлошот турбайбы. Нурали чогулушта болгон нерселердин бардыгын бирден эстеп чыкты.

Балким, чыны менен эле добушка салуу керектир? Балаа болуп, электростанциясынан ажырап калып жүрбөйлү? Деги ошол чогулуш.... Андай шашылыш чакырыш керек эмес эле. Бул анын, Нуралинин ишиндеги зор ку-



лаш. Ооба, кулаш... Ал чогулуш колхозчулардын арасына ого бетер гана жик салды.

Правлениеге кирип, капа болуп турган Хашимди көргөндө, Нурали кече күнкү окуя үчүн өзүн ого бетер жемелей баштады.

Нурали менен Хашимдин сөзүн Боровиков каадасынча тынч гана угуп олтурду.

Бирок, райкомдун секретарын билген киши кай бир белгилерге карай, бул тынчтык анчейин гана сырткы тынчтык экенин сезер эле. Нурали менен Хашим сөзүн бүткөндөн кийин, ал бир топко үнчүкпай турду. Нурали өкүмдү күткөн айыпкердей болуп отурду. Мына эми азыр Боровиков ага: «Хашим-Корвондуку туура а сен натуура кылгансың...» деп айтат. Ошондо Хашим-Корвон Нуралиге боору ооругандай карайт да, жолдон аны менен өйдөсүнүп сүйлөшөт. Бул кандай кордук! Андан кийин председатель да, партбюронун мүчөлөрү да Нуралинин сунуштарына ишене бербей калышат...

Бирок, Хашим-Корвон Нурали менен кантип сүйлөшө тургандыгы жөнүндө таптакыр ойлогон эмес. Анын эс-дарты башкада болучу: эгер Боровиков макулдугун берсе, анда ал бүгүн эле жалпы чогулушту чакырмакчы да, ишембиге чейин «Сельэлектрого» үч жүз миң сомду которо коймокчу. Хашим-Корвон, чыдай албай кетти да, тынчтыкты биринчи болуп бузду:

— Өзүңүз айтыңызчы, үч жүз миң сомду мен кайдан алам? Электростанция талаага кетет. Чатак болот. Баратов иштин бир жагын гана көрүп, экинчи жагына карап да койгон жок.

— Жок, Корвон, — деди акырында Боровиков,—Баратов туура кылган.

Нуралиге Боровиков мындан мурда эч качан азыркыдай акылдуу, сонун киши болуп көрүнгөн эмес.

Ал эми Хашим-Корвон өзүн колунда кармап турган үч жүз миң сомун жулдуруп жибергендей сезди.

— Сен, Баратов, чогулуш тетири роль ойноду деп бекер ойлойсуң. Сага эмнеси жакпай калды? Же чогулуш силердин колхозуңардагы дартты ачканы жаккан жокпу? Анысы кайра жакшы эмеспи! Эми силерге ал дартты айыктырууга жеңил болот да. Жолдош Сталиндин: карама-каршылыктарды жашырууга болбойт, кайра аларды

ачып, түйүнүн чечиш керек,— деген сөздөрү эсиңде барбы? Силерде так ушул иш башталган турбайбы. Ал эми Баратов убактынча маселени калтыртып койгон болсо, туура кылган, — деп Боровиков Хашимге кайрылды. — Силердин ирилешкен колхозуңар — жаңыдан гана туулган, телчиге элек нерсе. Ага жакшылап көз салбаса, ар кандай дарттар жуга берет жана аны майып кылып коюшу да мүмкүн. Ошондуктан аны бапестеп, торолтуш керек. Анан ал кемелине келгенде, так өзүндөй дөө болот, — деп Боровиков күлүп койду. — Ал дөөнүн өмүрү менен саламаттыгы үч жүз миңден кымбатыраак турат. Ушундай, Корвон...

Хашимдин астындагы отургуч кычырай түштү.

— Эмесе, макул, биз «дартты» тапкан экенбиз, бирок ишембиге чейинки бересени эмне кылабыз? Дөөнү өстүрүү үчүн, электростанция да керек да!

Боровиков менен Нурали күлүп жиберишти.

— Анын амалын өзүң тап. Ошону үчүн председателсиң да, — деп күлдү Боровиков. — Силердин колхозуңар гана — балтыр бешик нерсе, а председатели болсо — кудай кут кылсын!

Хашим Боровиков менен Нуралиге күймөлгөндөй карады. Анан, өзү менен өзү акылдашкансып, мындай деди:

— «Авангард» менен «Коммунизм» акча берип турар бекен?.. Биз анчейин бир жеке чарба эмес, колхозбуз да. Эгерде азырынча аларда болуп, бизде жок болсо, алар жардамдашууга тийиш да. Жолдош Сталин: жолдоштук кол кабыш, социалисттик өз ара жардам керек — деп жатпайбы. Ушундайбы?

— Ку-уп, андай жол да болууга мүмкүн, — деп Боровиков жооп берди да, анан:—Жарайсың, Корвон. Кыязы «Ленинизм маселелерин» окуйт окшойсуң,— деп койду.

— Мурда Зубайда окуганда гана угуп отуруучумун, эми өзүм окуй баштадым, — деди корстон болгон Хашим. Анан кайра: — Балким, Аманов жана Кудрат менен сиз сүйлөшүп көрөрсүз, Петр Николаевич? — деп сурады.

— Жок, Корвон, — деди Боровиков мостоюп,—андай кылууга болбойт. Алар өз фонддоруна өзүлөрү кожоюндук кылышат, ага менин кийлигише турган жөнүм жок. Өзүн сүйлөшүп көр.



— Балким, экөөбүз бирге барарбыз?— деп Хашим-Корвон Нуралиге кайрылды.

— Жакшы болот, — деп жооп берди Нурали. — Бирок, качан дейсиң? Чогулуштан кийин баралы. Биз аларга токтомду көрсөтөлү. А чогулушту биз үч күндөн кийин, жума күнү гана өткөрө алабыз.

Хашим-Корвон макул болду.

Нурали райкомдун секретарына переселенецтер жөнүндө эстетти. Областтан Жалаловго алардын колхозу үчүн переселенецтерди бербей коюптур. Ал түгүл кызматкерлерге кыжалат болгон колхоздор менен совхоздордун өткөн жылкы арыздары да канааттандырыла элек экен.

— Абал кыйын, Петр Николаевич, — деди Нурали.

— Аны билем,— деди Боровиков.— Бул жөнүндө биз Жалалов менен сүйлөшкөнбүз. Мурадова да телефон менен бир нече жолу айткан... Эртең мен областка жөнөймүн. Кайтып келгенден кийин, силерди чакыртамын... — деп Боровиков өйдө турду.— Бүттүбү? Менде андан башка эчтекенер жокпу? Эмесе, эл айткандай, ишиңер илгери болсун. Бардыгы тең силердин чогулушту кандай даярдаганыңарга жараша болот. Азам жөнүндө сеники туура, Нурали. Ал түзүк киши. Сенин ордуңда болсом, мен аны менен жакшылап сырдашып көрөт элем.

Райкомдон кайтып келгенден кийин, Нурали правлениеде «Навободдун», «Рохи Навдын», «Ситораи Сурхтун» мал-мүлкүн кабыл алуу жөнүндө акт сакталып турганын эстеди.

Түн ичинде ал ушул документти эки саатча карап отурду. Бул документтин керектүүлүгү канча болсо, көңүлсүздүгү да ошончо эле. Анда фермалардагы койлордун санынан тартып, чек китепчесинин беттерине чейин — ирилешкен колхоздун менчигине эмнелер өткөнү аябаган бышыктык менен жазылган эле.

Нурали ушул актыдан керектүү маалыматтарды жазып алды да, үйүн көздөй жөнөдү.

Эртең ушул цифраларды колхозчулар менен өткөрүлүүчү аңгемелерде пайдалануу үчүн, аларды партиялык бюронун мүчөлөрүнө айтып берет. Эртең ал үчүн кыйын күн болот. Азамга ал, балким, күүгүмдө гана бара алар.

Ахмеджан түшкү дем алышта Азамдын талаа станына барып жүргөнүн Нуралинин бригадасындагы колхозчулар көп көрүшчү. «Өзүнүн досу менен армандарын айтышканы баратат», — деп колхозчулар күлүп калышар эле.

Нуралинин башына Азам менен талаадан эле сүйлөшүү жөнүндө ой келди. Ахмеджандын көзүнчө болсо да мейли. Ого бетер жакшы!

Азамдын бригадасынын мүчөлөрүнүн бардыгы,—Шодигүлдүн звеносунан башкасы, — мурунку рохинавдыктар эле; Нурали келгенде бардыгы тен талаа станына чогулган. Килейген самовар барк-барк этип турган. Түшкү тамакты күтүп, бирөөлөрү бойролордун же чөптүн үстүндө отурушса, башка бирөөлөрү арыктан жуунуп жүрүшкөн. Азам менен Ахмеджан дүкүйгөн бир тыт жыгачынын түбүнө отуруп алып, бирдеме жөнүндө акырындан күбүрөшүп жатышкан. Бир топ жигиттер менен кыздар узун столго жайылган газеталарды жана журналдарды карап отурушкан. Жаштардын арасында Шодигүл менен Каромат да бар болучу. Нуралини көргөндө, Каромат чыканагы менен Шодигүлдү түртүп койду да, кулагына бирдеме деп шыбырады — муну Нурали да байкады. Шодигүл Нуралини бир карап алып, уялып кетти. «Бала эле бойдон» — деди Нурали өз оюнда, жароокердик менен. Нурали анын кечеки бышакташы менен бүгүнкү кубанышын эстеди. Бүгүн эртең менен Шодигүлгө Нурали өзүнүн Боровиков менен болгон аңгемесин айтканда, ал жарк этс түшүп, колу менен көкүрөгүн басып, толкундаган бойдон: «Ыраспы? Ой, кандай жакшы!» — деп айткан. Нурали бардыгына тең:

— Саламалейкум! — деп кыйкырды.

Азам анын жанына келди да, дасторконго чакырды. Ахмеджан ордунан туруп, кетмекчи болду.

— Отуруңуз Ахмеджан аке, анан чогуу барабыз, — деди ага Нурали.

— Болуптур, — деп Ахмеджан күңк этти да, Нуралинин артынан басты. Анын аргасыздан эле калганы көрүнүп турду.

Түшкү тамакты алып келишти. Баары дароо жымжырт боло түштү. Кашыктардын гана калдыр-шалдыр эткени угулат. Шодигүл менен иш үстүндө көрүшүүгө ашыгып, бүгүн эртең менен тамак ичпей чыкканын Нурали азыр эле эстеди, ошондуктан ага күрүч сорпо укмуштай сонун болуп көрүндү.



Чайды алып келишкенде, колхозчулардын бири:

— Бүрсүгүнү чогулуш болот дейби? Дагы эле баягы ферма жөнүндө го? — деп сурады.

— Ооба, — деп күлүмсүрөдү Нурали. — Силердин бригадирдин талабын талкуулайбыз. Али сиз, Азам-аке, андан баш тарта элексиз го?

— Жок, андан баш тартпаймын, — деди Азам, саал кабагын чытып.— Эгер саткысы келишсе, адегенде артыкбаштарын таратып берүүгө тийиш. Ошенткен адилеттүүрөк болот.

Нурали, колхозчулардын жүзүнө карай, алар өзүлөрүнүн бригадиринин жообуна ыраазы болгонун түшүндү.

— Биз бирөөнүкүн эмес, так өзүбүздүкүн талап кылып жатабыз да! — деди Азам бекемирээк, бардыгы тең уккандай кылып.

Кебелбестен чай ичип отурган Ахмеджан эми жандана түштү да, колун чапанына аарчып алып, чакчадан алаканына наспайдан салып туруп, тилинин астын карай көңтөрдү.

— Буга Ахмеджан-аке кандай карайт болду экен? — деп сурады Нурали, анан өз ичинен: «Азыр мен сенин бетиңди ачат эмесминби, ошондо сен наспайыңды да унутуп коёрсуң!» — деген ойго кетти.

— Бул сөздү тим коёлу. Эски саманды аңтаруунун эмне кереги бар? — деди Ахмеджан жактырбагандай.

— Э, жок,— деди Нурали,— бул жапжаңы «саман».

— Андай болсо, эл айтсын, — деп Ахмеджан отургандарды көрсөттү. — А мен угуп турайын.

— Кана эмесе, жолдоштор, бөлө тургандан кийин бөлүш керек. Адегенде койлордон баштайлы... — деп Нурали бир паска унчукпай калды.

Кимдир бирөө:

— Ошол эле, андан башка бөлө турган эч нерсе жок! — деди.

Нурали өзүнүн жан сумкасынан мал-мүлктү кабыл алуу актысынан жазып алган маалыматтары бар баракты сууруп чыкты.

— Силер антип бекер ойлойсуңар. Маселен, «Рохи Нав» менен «Навобод» экөөнүкүнө караганда, «Ситораи Сурхтун» кампасында кетмендер, орок менен чалгылар, күрөк менен чукулдуктар, замбил менен кол арабалар жана кайчылар жалпы жонунан үч жүз токсон эки даанага көбүрөөк болгон. Муну ситораиликтерге таратып бериш керек. Ырaспы?

— Бак кайчыларын дагыбы?! — деп кимдир бирөө күлүп калды. — Балким мыктардыf да кошорсуз?

— Анан навободдуктар келишет да: жашылчаларды да бөлүш керек дешет! — Туура жактан айтылган сөздөрдү укмаксан болуп, Нурали өз сөзүн уланта берди: — Чынында эле, берки эки колхоздукуна караганда, «Навободдун» кампасында сабиз, пияз, турп, кызылча, калемпир, картошка, капусталар жана алардын уруктары жүз отуз центнерге көбүрөөк болгон.

Эл кулагын түрө баштады. Нуралинин сөзүн жыра талашкан да киши болбой калды.

— Анда биз навободдуктарга эмне деп жооп беребиз? Бөлө турган болгондон кийин, бөлүш керек. Ырaспы? — деп Нурали Азамдын түнөрө түшкөн жүзүнө карады. — Бирок алардыкы ушуну менен эле түгөнбөйт. Навободдуктардын үй канаттуулары эки жүз алтымыш жетиге көбүрөөк болучу. Аны менен да бүтпөйт. «Ситораи Сурхтун», — деп Нурали кагазды окуй баштады, — жылкылары, эшектери жана өгүздөрү кырк жети башка көбүрөөк болучу. Ал эми бир жылкы же өгүз канча койго татыйт, Азам?

Азам түшүнүксүз бирдемени күңк этти.

— Жакшы жылкы он-он беш койго татыйт, — деди жанагы бак кайчыларына күлгөн колхозчу.

— Мында дагы бир топ нерселер бар, — деп Нурали жанагы маалыматтар жазылган баракты көрсөттү,— бирок, менимче, азыркылар деле жетет го... Кана эмесе, жолдоштор, бөлүштүрөбүзбү?

Эч ким жооп берген жок.

— Демек, ар кимиси өзүнүн көтөрүшүнчө ташып кетиш керек экен да?— деди мурунку «Ситораи Сурхтун» мүчөсү Каромат, чыдай албай кетип. — Анда бүткүл колхозду бир гана күндө талап кетүүгө болот!

— Бададан мурда чаңдатпа! — деп кыйкырды ага



Азам.— Мында сөз артыкбаштары жөнүндө болуп жатат, келесоо!

— Адегенде артыкбаштарына кирсеңер, анан бара-бара башкаларына да кол салат эмессиңерби! — деп Каромат жаны ачыган бойдон ордунан тура калды.

Каромат кайрадан отургучка отурганда, Шодигүл аны кучактап калды да, Нурали менен тиктеше түшүп, ага демөөрүн кылгандай, жылмайып койду.

— Кароматтын сөзүндө чындык бар. Ойлонгула жолдоштор, — деп Нурали Азамды карады. — Өзүңөр көрүп турасыңар: биригүүгө колхоздор куру кол келген эмес. Мурдагы күнү сиз жарма менен загара жөнүндө бекер айттыңыз, Ахмеджан-аке. Жалпы дасторконго ар кимиси далай ашын койгон.

Бир нече киши жактыргандай баш ийкеди.

Ахмеджан чөнтөгүнөн саатын сууруп чыкты да, аны Азамга көрсөтүп, ага бирдеме деди. Нуралинин кулагына «эс алыш» деген гана сөз чалынды.

— Ал эми, — деп Нурали үнүн көтөрдү, — жалпы дасторкондун алдында коңшуну корсунткан жарабай турганын Ахмеджан-аке да жакшы билет... Биз өз ыктыярыбыз менен бириккенбиз. Демек, азыр рохинавдыктар, навободдуктар, ситораиликтер деген жок. Баарыбыз тең — сталиндиктербиз. Бир гана ынтымактуу үй-бүлөбүз. Биздин колхозго коюлган кымбаттуу атка татыктуу бололу.

Бир минуталык жым-жырттыктан кийин колхозчулардын бири колун көтөрдү.

— Суроо берүүгө болобу?

— Бериниз, Рустам-аке, руксат суроонун да кереги жок, — деди Нурали.

— Азыр биз баарыбыз бир үй-бүлөбүз дединиз, — деп баштады Рустам.— Макул. А атканада кандай? Жанагы Мавлян деген неме—раис аны биздин Музаффардын ордуна ошол жерге коюптур — өзүнүн навободдуктарына атты сурай электе эле берет, а биз ага кайта-кайта баш урунууга тийишпиз. Бир жолу менин аялым ооруп калды, доктор: ооруканага алып бар — деди. Раистин кагазы менен мен ошол Мавлян деген жосон моюнга таң азандан бардым, бирок ал мени кечке чейин кыйнады...

— Туура айтып жатасын! Сен эми жер семирткичтер жөнүндө да айта кет, — деди бригаданын жаш арабакечи.

— Сенде да тил бар, — деди да, Рустам ордуна отурду.

— Кампада ситораиликтерге жер семирткичтерди баарынан мурда беришет, а мени күттүрүп салып, бербей коюшту, — деп быдылдады арабакеч.

Анан Рустам кайрадан өйдө турду:

— Мына Ханифа кино жөнүндө айтканы жатат. Айт, Ханифа, же болбосо, партиянын секретары бизге кайра качан келери белгисиз. Үч айдан бери биринчи жолу келгени ушул эмеспи. Айт.

Нурали кулагынын учуна чейин кызарды. Ахмеджан жеңишке ээ болгон немедей керсейип, чакчасын суура баштады.

— Бизге кино келсе, аны «Ситораи Сурхка» жибердиңер — эмне үчүн ушундай? Кыязы, бирөөнөргө ситораиликтер жакын, а биз өгөйбүз го—деди Ханифа, Нуралиге карабастан.

Каромат ордунан ыргып тура калды.

— Демек, сен, Ханифа... — деп Каромат сүйлөгөнү баратканда, Нурали анын сөзүн бөлүп кетти:

— Отуруңуз, Каромат. Суроо мага берилди. Дагы ким сүйлөйт? — деп ал бригаданын мүчөлөрүнө кайрылды.

— Жетишет, эс алыш бүтүп калды, — деп Азам колун шилтеди.

— Сүйлөөчүлөр жокпу? — деп Нурали дагы бир жолу сурады. — Силерди билбеймин, бирок мен биздин азыркы аңгемебизге абдан ыраазы болдум. — Нурали колхозчуларга көз жүгүртүп өттү. — Мавляндын жоругу жаман жорук. Айтканыңыз жакшы болду, Рустам-аке. Мен бул жөнүндө раис менен бүгүн сүйлөшөм. Жер семирткичтер жөнүндө да сурайм. Ал эми силердин бригаданарда бир жолу да болбогондугум—менин чоң күнөөм. Мен сиздерге көбүрөөк мейман болууга убада беремин. Балким, жадатып да жиберермин. Менин көңүлүмө... силердин сөрпоңор өтө жагып калды, — деп Нурали күлүп койду.

— А закускачы? — деди кимдир бирөө жагалданып.

— Закуска да жаман болгон жок, — деди Нурали олуттуулук менен. — Мындан да көбүрөөк боло алар эле... Бизде ал бейбараттык көп. Эми биз мындай деп убадалашып алалы, жолдоштор: эгер бирөөнүн көңүлүнө



кандайдыр бир нерсебиз жакпай турса, ал ошону ичине сактабастан, мага же раиске айтсын. Таарынычын ичке жыюунун кереги эмне? Бул таарынган гана киши үчүн эмес, бүткүл колхоз үчүн жаман. Эми ишке киришкиле! Калгандары жөнүндө чогулушта сүйлөшөбүз.

Чогулуш узакка созулган жок. Хажиумар менен Зубайда жарыш сөзгө чыккандан кийин, Рустам турду:

— Качанкыга чейин чайнай берүүгө болот? Эми жутуш керек да! — деди да, кайра отурду.

Чогулушту башкарып жаткан Юнусбай:

— А сен сүйлөбөйсүңбү? — деп Азамга кайрылды.

— Добушка сал, баары түшүнүктүү, — деди Азам.

Кой сатууга төрт жүз кишиден он сегиз гана киши каршы кол көтөрдү.

Ошонун эртеси Хашим-Корвон менен Нурали жалпы чогулуштун токтомун алып, «Авангард» менен «Коммунизмге» жөнөп кетишти.

Сүйүнүчтүү Хашим-Корвон дүйшөмбү күнү «Сельэлектронун» текущий счётуна үч жүз миң сомду которууга чекке кол койду.

Ал эми шейшемби күнү аны Боровиков өзүнүн үстүнө чакыртты.

— Кандай, председатель, переселенецтерди кабыл алууга даярсыңбы?

— Эмне, переселенецтер бар бекен? — деп Хашим сүйүнүп кетти.

— Али жок, бирок болуп калышы мүмкүн... Сен аларды күтүп алууга даярсыңбы?

— Даярмын... толук даяр эмесмин, бирок даяр боломун. Курулуш материалдарын даярдап койдум, кичинерээк жыйырма үйгө жетишет. Дагы даярдайбыз. Демек, переселенецтер бар экен го?

— Бүгүндөн калбай Коргон-Төбөгө, областтык переселенецтер башкармасына баргын, ошол жерден билесиң...

Переселенецтер башкармасында Хашим-Корвонго: өзүңдүн колхозуңан жооптуу эки кишини бөлүп бергин; переселенецтер башкармасы аларга күбөлүк берет жана көчө турганда аванс берүү үчүн акча тапшырат; анан алар

переселенецтер башкармасынын өкүлдөрү катарында тоого барышат, — дешти.

Хашим, тамак ичүүнү да унутуп, ошол замат кайра жөнөдү. Колхозго ал кечке жуук жетти да, үйүнө кирбестен түз эле «Рохи Навга», Нуралиге барды.

Ал экөө тоого кимди жиберүү керек экендиги жөнүндө акылдаша башташты. Хашим Юнусбайды сунуш кылды. Нурали аны туура тапты. Экинчи киши жөнүндө алар көпкө чейин талашышты. Хашим-Корвон Зубайданы сунуш кылды эле, Нурали Ахмеджанды айтты.

— Сен эмне деп турасын? — Хашим ачуулана да кетти. — Ал төрт көз жылаан эптеп эле чагып алсам деп турат. Өзүн көрдүң го: чогулушта ал көздөрүн гана чакырандатып, ышкырганын да коюп, оозуна кулпу салып албадыбы.

— Ал жалгыз өзү барбайт да, — деди Нурали. — Ошондуктан ал зыян келтире албайт. Бирок, ким билсин, балким, так ушул сапар Ахмеджанга пайда берер. Ал намыскөй киши эмеспи. Ошондуктан ушул учурда, ал жеңилип калган кезде, ага жардам бериш керек, правлениенин аны жетекчиликтен четтетейин деген ниети жок экенин көрсөтүш керек. Эгер ал биротоло бузулган киши болбосо, таарынычын коёр. Анын үстүнө, ал: иштей албайм — кишилер жок, — деп кыйкырып жүрбөйбү. Эми барып, өзү таап келсин. Жок, менимче, ушунткенибиз туура болот.

Хашим кыңырылып, кыңырылып турду да, акырында макул болду.

Жөнөөрдүн алдында Юнусбайга Нурали:

— Бул сизге партиялык тапшырма, Юнус-аке. Иштин ийгилиги үчүн партиялык бюронун алдында сиз жооп бересиз, — деди.

### *Кыркынчы глава*

Тоо кыялары, бирде өргө чыгып, бирде тик ылдый түшүп, кыштактарга барышат. Кээде алар, чукулунан туура жакка бурулуп, терең жарлардын кыры менен акырындап жүрүп олтурушат, анан жыландай ийрилип, дөбөлөрдөн тегеренип өтөт да, капчыгайдын таштарынын арасынан сойлоп кетишет. Анан алар майда өзөндөрдүн



кумдак түптөрүнө житип кетишет да, алардан кайра чыгып, өйдө карай жөнөшөт.

Ушундай кыялардын бири менен каз катар тизилип, салт атчан үч киши: Сангдара кыштак советинин председатели, келбеттүү толук Анвар, анын артынан Юнусбай менен Ахмеджан баратат.

Күн жаркырап тийип, тоонун жели жайык беттерде жайнаган кызыл жооказындарды теңселтип турат. Кезеккезек алда кайдагы бир кекиликтин: «Ка-кра, ка-кра, ка-кра!» деген кыйкырыгы угулат.

Кээде тоонун боорунан таштан курулган кичинекей боз кыштак көрүнөт.

Ошондо Юнусбай:

— Сангдара ушубу? — деп сурап калат.

— Жок, али көрүнө элек, — деп, өзүнүн жээрде атынын үстүндө зыңкыйып отурган Анвар жооп берет.

Тоодо жүрүүгө көнбөгөн өкүлдөрүбүз мына ушул түгөнбөгөн өрлөр менен эңкейиштерден тажап кетишти. Түз өрөөндөр менен бактардын арасында өскөн немелер, эми ушул бир-биринин үстүнө чокмороктошкон тоолордун, азыр эле төбөгө түшүп кетчүдөй болгон зоолордун арасында өзүлөрүн бир алсыз туткундай сезип баратышты. Башынын айланышынан коркуп, Ахмеджан төмөн жакка карабоого тырышат; жарларга келгенде, ал атынын куйругунан кармап, жөө басып өтүү үчүн, аргасыздан атынан түшө калат, бирок Анвар ага:

— Коркпоңуз, ат өзү эле өтүп кетет, сизди да алып өтөт. Тизгинин бош коюңуз! — дейт.

— Ой-бой, мында ар бир кадам сайын ажал күтүп турат! — деп Ахмеджан өз ичинен күңкүлдөйт.

А Юнусбай болсо, бийиктикти да, жарды да көрбөгөнсүп баратат. Ал Ахмеджанга тонураак мамиле кылып, өзү, Юнусбай, башкы өкүл экенин, Ахмеджан болсо — тек гана жардамчы экенин көрсөтүүгө аракет кылат.

Тураб менен болгон окуядан кийин өзүн колхоздун председателдигинe шайламак гана тургай, өзүнүн кандидатурасын да талкуулоодон алып таштагандан кийин, Юнусбайдын ындыны саал өчө түшкөн. Бирок ал, Ахмеджанга караганда, башкача мүнөздөгү киши болучу. Огороддук бригадада ал ак ниети менен иштөөчү жана кимдир-бирөө менен күрөшүү жөнүндө ойлоп да койгон эмес. Переселенецтерди вербовкалоо сыяктуу жооп-

туу ишти тапшыруу ага кайра дем берди. Быякка жөнөөрдүн алдында ал өзүнүн аялына: «Көрдүңбү, Хадича, менсиз иштери болбойт экен го. Акыры Юнусбай — Юнусбай экенин түшүнүшкөн турбайбы» — деди да, аркандай болгон жоон мурутун менменсинип чыйратып-чыйратып койду.

Түндүк жактан ак жана сур булуттар көрүндү. Бир пастан кийин алар тоолордун чокусун жаап калышты да, калдайган-калдайган үзүк болуп, түштүктү карай калкып жөнөштү. Жылгалар менен аскалардын үстүнөн чиркелишкен кара кочкул көлөкөлөр бир-бирин кууп өтө баштады. Булуттардын четтери жаркыраган күмүш менен жалатылгандай көз уялтат. Бир оокумда тоолордун арка жагынан күн күркүрөй баштады да, уламдан-улам улгайып олтуруп, кулак тундурган жаңырыктарга айланды. Асмандын батыш этегинен чагылган жарк этти. Аттар чочуп, баштарын көтөрө калышты. Шамал согуп, чаба жааган жамгыр шатырап кирди. Юнусбай менен Ахмеджан өзүлөрүнүн астынан чепкендерин сууруп чыгып, баштарына чүмкөштү. Анвар атынан түшүп, асканын урунчугуна барып калкаланды; ал жаандан бир аз сактап турду. Юнусбай менен Ахмеджан да анын жолун жолдошту. Бирок чаба жааган жаан аларды каптал жактан ургулады. Шамалдын катуу эпкини бир нече жолу ызылдап өттү да, жогору жактан майда таштар түшө баштады; тоодон кыян акты. Бир аздан кийин суу жолоочулардын тизесинен келип калды. Аттар титиреп кетти. Асканын урунчугу алардын баштарын калкалап турганы менен, сооруларын жаан чапкылап турду.

— Ой-бой, бул алланын каарындай го!—деди Ахмеджан.— Э, досум, бул бороон бизди тозокко айдап кетпесин?

— Аякка күнөөсү барларды гана айдап барат, — деп тамашалады, бууракандаган бороонду байкабагансыган Анвар.

— Деги биз кайда турабыз? — деди Юнусбай жасалма токтоолук менен.

— Хожамастон тоосунда,— деди Анвар.— Бул тоонун ары жагында Вахш бар,— деп ал күн чыгышты көрсөттү. — Силер түндүк жак менен жүз чакырымдан ашык жерди моментип айланып өгтүңөр,—деп ал колу менен



абага жаа чийди.—А мындай түз барса, Вахш суусуна чейин он чакырым да болбойт.

Жарым сааттан кийин шамал басылып, асманды калың туман каптап калды. Нөшөрдүн ордуна майда жааи себелей баштады.

— Эми бастыра берүүгө болот, биздин кыштак мына бул ашуунун ары жагында,— деди Анвар, алды жактагы чокусун туман чалган тоону көрсөтүп.

Жолоочулар ийрилип-буйрулган кыя менен ашууга чыга баштады.

Тоонун чокусу өзүнчө бир кууш, узун түзөң эле. Анын бозомтук бети менен боолорунун ар кайсы жерлеринде, жашыл жамаачы сыяктуу, кичинекей-кичинекей буудай жана арпа аянттары бар болучу; алардын тегерегинде додо-додо таштар жаткан. Ушул эле жерде жалгыз түп жашыл каражыгач дүкүйүп турган. Анын түбүнө бир жер кепе казылып коюлган эле.

— Бригаданын талаа станы ушу, — деп Анвар жер кепени көрсөттү. — Талаа иштеринин убагында кишилер жаан-чачындан, шамалдан ушул жерге корголошот.

Өрөөн жактан караганда, мында буудай талаалары жашылданып турганына ишенүү кыйын.

Тоонун чокусунан жолоочуларга бүт бойдон сүттөй аппак туман менен капталган эбегейсиз зор капчыгай көрүндү. Алардын асты жагында түпсүз туңгуюк жаткансыды.

— Деги Сангдара кайда? — деди Ахмеджан сабырсыздык менен.

— Тыякта, ылдый жакта. Азыр биз түшө баштайбыз.

— Тыяктабы? Тумандын астындабы?—деп Ахмеджан кубара түштү. Юнусбайдын жүрөгү да болк этти.

— Биздин колхозчулар быякка ар күнү чыгып келип, түшүп кетишет! — деп Анвар күлүп жиберди.

Өргө чыгуудан да төмөн түшүү кыйын болду. Баткактан аттардын буттары сыйгаланып жатты. Тигирээк эңкейиштерге келгенде, аттарды жөө жетелеп өтүүгө туура келди. Туман өтө калың болгондуктан, он-он беш эле кадам жерден эч-эчтеке көрүнбөйт. Бир аздан кийин биздин жолоочулар тумандан чыгышты. Капчыгайдын таманы көрүнүп, андагы бир нече үйдү жана суу тегирменин ажыратууга мүмкүн болду. Тоонун бооруна салынган

жепирейген боз үйлөрдүн арасынан чатырчасы кызыл бир ак үй бөлүнүп турат.

— Мектеп! — деди Анвар сыймыктангандай. — Согуш жылдарында курганбыз,— деди да, жолдошторунун суроосун биле койгонсуп: — Устундарын колхозчулар писте жыгачтарынан даярдашкан, кирпичтерин да, акиташты да өзүлөрү бышырып алышкан. Тунуке менен айнекти гана Явандан эшектерге жүктөп келишкен.

Бейтааныш атчандарды алыстан эле көрүшүп, эркектер менен балдар кыштактын алдындагы аянтчага, бир түп быжыгыр тыт жыгачы өсүп турган жерге чыгышты. Кыштак ээн өңдөнүп көрүнөт. Туман жана жаан аны ого бетер ээнсиреткенсийт. Асман мелжиген аскалардан корккон өңдөнүп, кыштак ушул аскалардын бирине корголоп калган. «Булар ушул жерде кантип жашап турушат?» — деди Юнусбай өз оюнда.

Анвар меймандарды өз үйүнө ээрчитип барды. Тоолуктун мейманканасын коноктор таныркап карап жатышты. Мейманкана кичине, текчесиз болучу. Одонороок шыбалган керегелери кир өңдөнүп көрүнөт. Шыптагы сыйдаланбаган одуракай устундарды ыш басып калган, короону караган жападан-жалгыз терезенин айнеги газета кагазы менен чапталып коюлган. Полдо ар кайсы жери айрылган боз кийиз жатат, анын үстүнө жука-жука төшөктөр салынган.

Бир аздан кийин мейманканага дасторкондорун колтугуна кыскан сангдаралыктар келе башташты. Тоолуктардын салты боюнча мейман келген үйгө ар кимиси тамак-ашын көтөрүп келүүгө тийиш. Дасторкондордо жука токочтор, жипке тизилген пистелер, кургатылган тыт, кай бирлеринде кууруп, кайнатып бышырылган кекиликтер бар эле. Анвар өзүнүн меймандарын колхоздун председатели Давлят менен тааныштырды. Давлят — саал үтүрөйүп шекшингендей караган улгайып калган киши болучу. Инир кирип калгандыктан, Анвар керосин лампаны жандырды. Ламна эски чапандарга, бозомтук селделерге жана селде кийип отургандардын сакал-муруттуу, кара сур жүздөрүнө күңүрт гана жарык берди. Отургандар он бешче бар эле.

Меймандардын Вахш жөнүндөгү жана ошол жакка көчүү жөнүндөгү сөздөрүн сангдаралыктар ынтаасы ме-



нен угуп гана тым болушту. Бирөө дагы бир ооз жооп айтканы жок.

— Көчкүсү келбей жатышат го? — деди супсуну суугандай Ахмеджан Юнусбайга, өзүлөрү жалгыз калганда.

— Көрөбүз... Эртең чогулушта да аларды үгүттөп көрөбүз, — деди Юнусбай санааркагандай.

Өзүнүн жердештерин узатууга чыккан Анвар кайрадан мейманканага кирди.

— Эмне үчүн бирөө дагы ооз ачкан жок? Эмне үчүн колхоздун председатели эчтеке дегени жок? Эмне, көчүүнү каалагандар жокпу? — деп Юнусбай Анварга суроолорду жаадырды.

— Давлят өз колхозчуларынын көчүп кетишин каалабайт,— деди Анвар.— Эч кимдин сүйлөбөгөнүнүн себеби ошо... Биздин Давлят ушундай: өзүнүн карамагында кишинин көбүрөөк болушун жакшы көрөт. Доюр неме... Жайлуу жаткыла. Эртең биз жыйналыш чакырабыз, ошондо баары ачык болот.

Таджикстандын тоолорундагы кыштактардын ондон тогузу куду Сангдара сыяктуу.

Кээде, ушундай кыштакка келгенде, аргасыздан өзүнө-өзүң: быякка кишилер кантип келген?— деген суроону бересиң. Кары тоолуктар: «Хандар менен бектерден, алык-салык жыйноочулардан канчалык алыс болсоң, ошончолук жакшы боло турган. Ошондуктан биздин ата-бабаларыбыз алардан оолагыраак тоолорго качууга тырышкан» дешет.

Тоолук бийик жерде турат, бирок өзүнө азык-түлүк табуу үчүн, ал жонуна топурак же үрөн салган кабын артынып, колунда болсо, өгүзү менен буурсунун алдына салып алып, андан да бийигирээк чыгууга аргасыз болгон. Тоолордун чокулары менен боорлорундагы таштардан алакандай-алакандай гана жерлерди жеңип алып, айдоого айланткан. Бирок ал өзүнүн оор эмгегинин акысына бир нече гана мерка буудай же арпа алуучу.

Жүздөгөн жылдар бою тоолуктар ушинтип жашап келишкен.

Зордук-зомбулук менен доолордон баш паана издеймин деп убараланып, тоолук уламдан-улам бийигирээк чыга берген.

Акыры жаңы заман туулду. Хандар менен бектер, алык-салык жыйноочулар куулуп чыгарылды. Жер менен

суугa эл өзү кожоюн болуп калды. Жаңы сугат каналдары суусуз жаткан кең өрөөндөрдү тирилтип, жан берди; эми ошол турмуш бардыгына өзүн көздөй чакырып жаткан. Кишилер кайрадан тоодон көчө башташкан. Тоолуктар Вахштын бойлоруна, Гиссар жерлерине кымбат баалуу пахтаны өстүрүүнү, тракторлорду башкарууну, Ильичтин шамы жарык берген жаңы кыштактарды курууну үйрөнүшкөн.

Тоолук кыштактар да өзгөргөн. Алардын көбүнө машиналар келип, агрономдор, мугалимдер, врачтар пайда болгон. Совет мамлекети тоолук дыйкандарга үрөндүн эң жакшыларын берген.

Бирок тоодо жер аз болуучу, анын үстүнө, түшүмдү да начар берүүчү. Ал эми пахта эккен өрөөндөргө кишилер керек эле. Тоодон түшүүнү каалагандарга совет бийлиги жаңы жерлерге жайланышууга жардам берип жаткан.

Башка кыштактагылардай эле, Сангдаранын адамдары үчүн да өзүлөрүнүн таш капчыгайы тардык кыла турган, ошондуктан сангдаралыктардын кур дегенде жарымы Вахшка көчсө болор эле. Бирок, кишилер андан дитинип жатышкан.

Эртең менен райкомдун секретары Сангинов келди. Ал жапалдаш бойлуу, москоол киши эле.

Сангинов мейманканага кужулдөп кирип, өкүлдөр менен жайдары саламдашты да:

— Силердин эмне сабырыңар суз? Иш начар жүрүп жатабы? А силер оңой дедиңер беле! Кишилерди ордунан козгогон оңой эмес! Бул алардын туулуп-өскөн кыштагы эмеспи. Алардын ата-бабасы ушул жерге көмүлгөн, алардын бүткүл өмүрү — сүйүнүчү да, күйүнүчү да ушул жерде өткөн. Бирок ал эчтеке эмес, эптеп бир аракет кылып көрөбүз, — деди.

Активисттер менен сүйлөшпөгөндүгү үчүн Анварды Сангинов бир топ жемеледи да, аларды тезинен чакырып келүүгө буюрду.

— Носирге да бирөөнү жибергин; айтып кой: кечинде анын чогулушка келишин өтүнөм, — деди Сангинов.

Кечинде колхоздун конторасынын — киши бөюнан аз гана бийигирээк кичинекей тамдын короосуна жүзгө жакын эркек-аялдар чогулду. Кишилер түз эле жерге отурушту. Эркектердин көбү селдечен эле, аялдар баштары



на кисея жоолуктарын же чапандарын жамынып, беттеринин теңин жаап алышкан. Үйдүн керегелеринде ондогон ар түрдүү плакаттар илинип турат. Андан ары, алигиче күн жаркырап тийип турган дөбөчөдө уйлар менен эчкилер оттоп жүрүшөт. Дөбөнүн ары жагында бозомтук жана кызгылт тоо кыркалары заңкаят да, алардын арасынан алда кайдагы бир алыскы тоонун мөңгүлүү чокусу көрүнөт.

Меймандарды жерге салынган балаздын үстүнө отургузушту. Аңгемени Сангинов баштады. Андан кийин активисттерден бир тобу чыгып сүйлөштү.

Меймандардан биринчи сөздү Ахмеджан алды. Ал өзүнүн карамагындагыларды жемелеп жаткан кожоюн сыяктуу сүйлөдү.

Силер мына бул тоолордо, мына бул тар капчыгайларда эмне кыласыңар? Мындай жерде адам эч качан жарыбайт. Силер эмне үчүн Вахшка барууну каалабайсыңар? Аяк жакшы, кең. Биздин советтик мамлекетибиз жана колхоздор көчүп баргандарга бардык жардамды берет. Пахта эккен адам бай турат. Адам өзүнүн пайдасын билиш керек. А силер билбейт экенсиңер.

Сангдаралыктар унчугушкан жок. Өкүлдүн сөзү көңүлдөрүнө жакпай калганы өңдөрүнөн көрүнүп турду. Ахмеджан сүйлөп жатканда, Сангинов да жактырбагандай кабагын чытып отурду.

Юнусбай да угуучуларды дароо эле уюта алган жок.

Адегенде ал өзүнүн Вахшка көчүп баргандыгы жөнүндө сүйлөдү. Өзүнүн туулуп-өскөн кыштагын таштап кетүү ал үчүн оңой болгон эмес. Ошентсе да, ал көчүп кеткен да, кийин ошондой кылганына ыраазы болгон. Юнусбай биригишкен үч колхоз жөнүндө, Вахштагы колхозчулардын бай тургандыгы жөнүндө сүйлөй баштаганда, сангдаралыктар анын сөзүн муюшкандык менен угуп олтурушту.

— Мисалга биздин «Навободду» алып көрөлү; анын председатели мен болучумун. Менин колхозум Сарыкамыштагы эң жарды колхоз деп эсептелүүчү. Бирок, биз өткөн жылы эмгек күнгө канчадан бергенибизди билесиңерби? Он сомдон акча, эки жарым килограммдан эгин жана жарым килограммдан күрүч бердик.

Тоолуктар, бир-бирине эңкейишип, жан-алы калбай шыбыраша башташты.

— Баракелде! А сен бизге канчадан бердиң, Давлят? Туруп, айтып берчи!— деп кимдир-бирөө жайдары кыйкырды.

— Эгер биздин жерибиз менен пахтабыз ошончо болсо, мен, балким, андан көбүрөөк берер элем! — деди Давлят.

Юнусбай эми сангдаралыктарга аларды Сталин атындагы колхоздо күтүп турган жыргал жөнүндө жан-дили менен сүйлөй баштады. Сангдаралыктар белен гана оокатка барышат, Юнусбайдын өзү көчүп баргандагыдай болуп, аларга жаңы каналдарды курууга, жерди камыштан тазалоого туура келбейт. Анын үстүнө, алар жалданууга барбастан, колхоздун тең укуктуу кожоюндары катарында барышат, колхоздун тең укуктуу кожоюндары болуудан да артык: жаңы жерге жайланышуу үчүн, мал күтүп алуу үчүн мамлекет аларга узак мөөнөттүү кредит берет, а колхоз турак үйлөрдү, мал короо-жайларын куруга жардам көрсөтүп, малды тоют менен камсыз кылат. Көчүп баргандардан бир гана нерсе — баары менен тең катар, ак ниети менен эмгек кылуу гана талап кылынат.

— Суроо бар! — деп бети бултугуюраак бир колхозчу колун өйдө көтөрдү. Азыр эле уктап турган сыяктанып, анын көзү уйкулуу болучу. Тегеректегилердин бардыгы күлүп калышты. — Силер жакта, Вахшта, кишилер бүт жыл бою талаадан кетишпейт дейт го?

— Кантип кетишпесин; сенин үйдө отурганыңа караганда, алар талаада азыраак болушат, — деди Анвар такмазалап.

— Туура!.. Туура... Сага бутуңду да жаздыра албайсың, — деген үндөр чыкты.

Дал ушул учурда кыштактын көчөсүнүн бурчунан ак эшек минген бир карыя көрүндү.

— О-о, Носир баба! Бери келиңиз! — деп Сангинов ордунан тура калды.

Карыя эшектен түштү. Анын кийгени узун чапан, кичинекей боз селде эле. Карыя өзүлөрүнүн жанынан өтүп баратканда, бир топ киши изаат кылып өйдө тура калышты. Сангинов, абышканы өзүнүн жанына отургузуп, Юнусбай жана Ахмеджан экөө менен тааныштырды.

Вахшка көчүү жөнүндө сөз болуп жатканын билген соң, Носир мындай деди:



— Жакшы иш... Аякта суу көп, жер көп, аякта машиналар жүрүп, жаңы жарык жанып турат... Өзүбүздүн өкмөтүбүз чакырып жатканда, жашырагыңар менен алдуураагыңар бара бергиле!

Сангдаралыктар айран-таң калышты: алар Носирдин мындан эки жыл мурда айткан сөзүн унута элек болучу. Анда Носир карыя: «Биздин ата-бабаларыбыз ушул жерде жашап, ушул жерде өлүшкөн. Алардын мүрзөлөрүн таштап кетүү биз үчүн күнөө болот. Мурда кандай жашасак, азыр да ошондой жашайбыз. Жаш кезимде мен да өз кыштагымды таштап, таалай издеп кеткенмин, бирок он беш жылдан кийин жалгыз гана таягым менен келгенмин. Эми мен эч жакка барбаймын жана башка жердештериме да барууга кеңеш бербеймин!» — деген.

Кимдир бирөө чайнек, жука токоч, чыныларды көтөрүп келди. Анвар чай куя баштады. Носирден Сангинов:

— Чамбулга[1] барганыңызды меймандарга айтып бериңизчи, — деп сурады.

— Менин аңгемем узак, кишилерди зарыктырып коём го — деди Носир, чайдан ууртап, отургандарды бир сыйра карап алып.

— Эчтеке эмес, баары тең угушат. Шашып жаткан жерибиз жок,— деди Сангинов.

Карыя чай куюлган чынысын дасторкондун четине коюп, тамагын кырып алды да, аңгемесин баштады. Сүйлөп жатканда, башы да кошо чайкалды.

— Кымбаттуу меймандар меникин кечирип коюшсун, адегенде мен өзүм тууралу, кандай жашап, эмнелерди көргөндүгүм тууралу бир аз айтып берейин... Мен адеп кыштактан кеткенде, жыйырма жашта болучумун. Анда турмуш абдан начар эле. Гиссарга бардым, Дүйшөмбүгө, Янги-Базарга бардым. Койчу болуп, ошол жактын байларынын койлорун он беш жылы кайтардым...

... Анан Кызыл Армия келген жылы, Бухаранын эмири куйругун бакандай сырайтып, Ооганстанга кача бергенде, анын артынан байлар менен төрөлөр да качып жөнөштү. Менин кожоюнум, дүйшөмбүлүк бай мага: «Носир, койлорду Аму-Дарыяга айдап жөнө. Сенин акыңды суудан өткөндөн кийин төлөймүн»—деп буюрду. Тогуз жылдан бери ал мага такыр эчтеке төлөй элек бо-

[1] Чамбул — жомоктогу шаар.

лучу, ал мага элүү пуд буудай жана жетимиш пуд арпа берүүгө тийиш эле, — ал мага: «Аркы өйүзгө өткөндө, баарынын ордуна мен сага он беш кой берейин» деди. Мен «куп» дедим да, койлорду айдап жөнөдүм. Бардыгы үч миңге жакын кой эле—суудан чанач менен өткөрө баштадык. Мен суунун жээгинде төрт күн, төрт түн күзөтүп, кирпик какканы жокмун. Эң акыркы койду чаначка чыгарганыбызда, кожоюнум мага: «Сен мени ушул жерде күтө тургун, кечке жуук кайта келемин, анан сен экөөбүз Кабадианга барабыз, анда менин жумушум бар» деди. Мен «куп» дедим да, эки көзүмдү суудан албай, күтө баштадым. Бир күн күттүм, эки күн күттүм, үч күн күттүм,—кожоюнум келген жок. Өз ичимде: «кыязы, бирдемеге буйдалып калса керек, канча кылганы менен, чоочун жер эмеспи!» дедим. Төртүнчү күнү камыштардын арасынан бир узун сакалдуу кишини жолуктурдум. Ал менден: «Сен кимсиң? Бул жерде эмне жүрөсүң?» деп сурады. Мен ага: «Тиги өйүздөн паландай деген кожоюнумду күтүп жатам» дедим. Узун сакалдуу киши күлүп жиберди да: «Сен маныроо турбайсыңбы. Кожоюнуң сени алдап кетиптир!» деди. Мен ага «Мусулманды бекер ушактаба!» Менин кожоюнум—молдо, ал беш ирет намазды жазбай окуйт, ак ниеттүү адамды алдабайт!»-дедим, Узун сакалдуу кайрадан күлүп жиберди да: «Мен да койчумун, менин кожоюнум да сеникинен калышпаган мусулман, бирок мени алдап кетти»—деди. Анан да: «Үйүңө бар, тууганым!» деп койду.

Менин жүрөгүм ачуу менен ызага толду. Мен ыйлап жибердим, анан өзүмдүн таягымды ийниме алдым да, кайра жөнөдүм. Арка жагыман ыпысык «ооган» шамалы согуп, шамал озондогондо, мен да озондодум. Жолдордун чаңы көздөрүмдү өйкөдү, Кафирнигандын ширин суусу мага ачуу болуп көрүндү... Акыры мен өзүмдүн Ширин-Чашма кыштагыма келдим. Аялым менен карыган энем: «Кайдан келдиң?» деп сураштьі. А мен: «Бөлөк жерден» дедим. «Эмне алып келдиң?» деп сураштьі. «Саргарган өңдү» дедим... Бир аздан кийин энем дүйнөдөн кайтты, анан аялым да каза болду. Менин кичинекей эки уулум таенесинин колунда калышты... Андан бери жыйырма беш жыл өттү, мен кыштактан эч жакка чыккан жокмун, жада калса Яванда да болгон жокмун.

Носир сууган чайдан бир ууртап алып, калганын жерге төгүп, чыныны Анварга берди да, жайлуураак отуруп алып, сөзүн уланта баштады:



— Эми мен силерге мындан бир жума мурда эмне болгонумду айтып берейин... Биздин Ширин-Чашмага менин кичи уулум Ахаддан телеграмма келип калды, ал фронтто фашисттер менен үч жылы согушкан. Кыязы, жакшы согушкан окшойт, анткени, аны Советтер Союзунун Баатыры кылып коюшту. Ал Берлин шаарынан кайтып келатып, Ташкентке жеткенде, мага телеграмма жибериптир. Дал ошол учурда менин улуу уулум ооруп жаткан. Өзүмө-өзүм: «Уулумду тосуп алуу үчүн Сталинабадга так өзүм барамын, кур дегенде карыганда жер көрүп келейин» дедим.

Эшегиме миндим да, жөнөп кеттим... О, достор, ошондо мен эмнелерди көрдү дейсиңер, эмнелерди көрдү дейсиңер! Ушул күнгө чейин айран-таңмын, ушул күнгө чейин эсимди жыя элекмин... Менин таң калышым Явандан эле башталды. Мен билгенден Яван кышында баткакка батып, жайында чаңга бөлөнүп жатуучу. Адегенде мен аны тааный албай койдум! Үйлөрү апаппак! Көчөлөрү— түптүз, жапжашыл! Жаркыраган арабалары локай аттарынан да тез чуркайт! Көрсө, ал арабалар автомобилдин так өзү экен, — аны мен кийин түшүндүм. Ошентсе да бизге келген кай бир явандыктар: Яван райондордун бардыгынан начар курулуп жатат, анткени, ал четирээк жерде турат, анын үстүндө, анда пахта да эгилбейт, — деп калышат.

Эгер Яван ушундай болсо, анда Сталинабад кандай? Яванга караганда, ал эки—үч эсе чонураак го? Анан мен Сталинабадды карай жөнөдүм. Андай жолдор менен мен эч качан жүргөн эмесмин. Тептегиз, таштан төшөп, үстүнө кум себелеп койгон, ал эми ашуудан өткөндөн кийин — каралжын, мом сыяктуу жалтырак. Мурда ал жерлерде карышкыр менен чөөлөр гана жашоочу, аякка баруудан каракчылар да коркуучу, а эми мен аяктан бактарды көрдүм. Ал эми жашылданган пахта талааларычы! Алардын учу-кыйырына менин көзүм жетпей койду. А машиналарчы! Машиналар опсуз көп! Машиналарды менин Ахадымдай эле жаш тажиктер айдап жүрүшөт. Көкташка жеткенде, мен таңгалгандан оозумду ачып калдым. Көкташ Явандан да жакшы экен. Ал эми Кафирнигандагы көпүрөгө жеткенде, мен таңгалгандан

бармагымды тиштеп алдым, ал түгүл менин эшегим да: «Адам баласы кандай көпүрөлөрдү кура аларын жакшылап карап алгын, кожоюнум» дегенсип, токтоп калды. Ушундай зор мамылар менен тирөөчтөрдү аякка кантип ташып келишти экен? Аларды кандай алптын колу өйдө көтөрүп, бир-бирине бириктирди экен? «Хы! — дедим мен өз эшегиме.—Хы! Сенин кожоюнуң жыйырма беш жылы уктап, бүгүн гана ойгонуп олтурат».

Кимдир бирөө күлүп жиберди да:

— Вахштын көпүрөсүн көрсөңүз болот эле! — деди.

— Көрдүм, кийин баарын көрдүм, азыр айтып берем. Мен даңгыраган көрктүү жол менен бараттым. Көпүрөдөн өткөндөн кийин жол катар-катар тизилген дарактардын арасынан өтөт экен, дарактары — жапжашыл, калың, арыктардан айнектей тунук суу агып турат. Бир оокумда ушундай бир катуу чыңырыкты угуп, коркуп кеттим да: «Азыр мен керең болом» деп ойлодум. Менин эшегим да үркүп кетип, мени жыгып коё жаздады. Карасам, — сол жагымдан, Дүйшөмбү суусу тараптан карарган эле бир тоодой зор нерсе шарак-шурак этип, түтүнүн буркуратып, мени көздөй келатат, артында — алдакайда созулган үйлөрү бар. Мен эшектен түшүп, ылдый эңкейип анын далдасына жашындым да, келме келтире баштадым. Арт жагыман бир шапкечен келип: «Сен эмне поездди көрө элек белең, ата? Коркуп кеттиңби?» деп күлүп жиберди. Анын күлкүсү мени эсиме келтирди. Ал поезд экенин түшүндүм. Көңүлүм бир аз жайлана түштү. Поезд өтүп кеткенден кийин, жым-жырт болуп калды.

Андан ары бастырсам, чайкана көрүндү, ал жолдун оң жагында туруптур. Анда он чакты киши чарпаяга отуруп алып, чай ичип жатышыптыр. Мен алардын жанына бастырып барып, салам айттым, эшегимден түшүп, бир чарпаянын четине отура кеттим да, чай чакырттым. Эшегимди тизгинден кармап отурдум. Менин теке маңдайымда бир киши отурган, ал абдан шылдыңкор неме экен, чайканачыга ал: «Карыяга эки чыны алып кел, эшегине да чайканадан чай ичиргени келген турбайбы!» деди. Чайканачы күлүп калды, мен да күлдүм. Анан ошол киши мени менен сүйлөшө баштады. Мен ага кайдан келгенимди, эмне үчүн келгенимди айтып бердим. Ал киши ордунан туруп, чайканачынын жанына басып барды да,



аны менен шыбырашып, мени утур көрсөтүп жатты, анан менин жаныма кайра келип: «Чайканачы сенин эшегиңди ушул жерге жайлаштырып, көз салып турат, сен шаарга жөө баргын да, вокзалга кантип жетүү керек экенин сурагын» деди.

Эшегимди чайканачы көрүп тургандай кылып, чайкананын жанына байлап койдум да, өзүм жөө шаарга жөнөдүм. Мага: шаар так эле чайканадан башталат — деп айтышты. Басып баратам да, улам бир жагымды карайм: ар бир кадам сайын биринен-бири көрктүү заңкайган ак үйлөр, үйлөрдүн ары жагында — бактар. Туш-туштун баарына кең, таза, көлөкөлүү көчөлөр созулуп кеткен. А көчөлөрдө кишилер, машиналар быкылдайт. Мен чекемди бастым да, эски Дүйшөмбүдөн эмне калганын билүүгө тырыштым, анткени, эски убакта мен аны абдан жакшы билүүчүмүн да. Бирок, эч нерсесин көрө албадым. Бир дүкөндүн жанында чачы кыздыкындай упузун, сулуу жигит, анын жанында дагы бир кыз туруптур, ал кыз ушунчалык сулуу экен — тим эле эки тамчы суу менен гана жутуп жибере тургандайсың. «Балам, вокзалга кантип барууга болот? Мен алыстан келдим, шаарда биринчи жолу болушум. Менин уулум Берлин калаасынан келатат, мен аны тосуп алууга келгенмин» — деп сурадым. Жигит мага: «Вокзал алыс, карыя, аякка бирдемеге түшүп барыш керек. Жүрүңүз, мен сизди машинага түшүрүп коёюн, ал сизди түз эле вокзалга жеткирип коёт. Акчаңыз барбы?» деп сурады. А мен: «Бар, уулум. Мына»— дедим да, колумду койнума салдым, бирок ал жигит: «Чыгарбай эле коюңуз, карыя, жол акысын машинадан төлөйсүз. Жүрүңүз» деди. Кыз менен жигит менин артыман жөнөштү, анан ал жигит арыктан аттап өтүп, колун көтөрдү. Ошондо бир жабык машина келди да, токтоп калды. Жигит «арабакечке» бир—эки сөз айтып, мени көрсөттү, анан мени чакырды да: «Келиңиз, мында келип отуруңуз» деди. Өзү машинанын эшигин ачып, мени отургузду да, эшикти кайрадан жапты. Отургучу жупжумшак, рахаттуу экен, а машина жүрө бергенде, андан да рахаттуу болду. Мени бир жумшак төшөктүн үстүнө отургузуп, колго көтөрүп кеткенсиди. Бир оокумда машина токтоп калды да, «арабакечи»: «Түшүңүз, карыя, жеттик» деди.

Вокзалдан да мага жанагы сулуу жигиттей боорукер

адамдар жардам көрсөтүштү да, Ташкенттен поезд эртеси келерин билдим.

А вокзал өзү чоң, бийиктиги эки теректикиндей бар экен; ага Сангдара менен Ширин-Чашма батып кетер эле: мен эми жөө кайтайын дедим, анткени — шаарды дагы бир жолу көрүп өткүм келди, бирок бир чоң үйдүн жанынан кимдир бирөө:

«Эй, баба! Сиз кайра шаарга барасызбы?» деп кыйкырды. Карасам, көчөнүн четинде жанагы мени салып келген машинанын так өзү туруптур. Мени машинанын «арабакечи» чакырып жатыптыр. Мен басып бардым. «Отур, жеткирип коёюн» деди. А мен: «Мени бир ашканага алып барчы, уулум. Ачка болдум» дедим. Ал мени бир ашканага алып барды, андан мен палоо жеп, чай ичтим. Анан шаарды көрүүгө чыктым. Эзелки чынарларды, алардын теке маңдайынан, көчөнүн ары жагынан чоң бакты көрдүм. Ошол чынарларды көрдүм да, мурунку убакта, эски Дүйшөмбүдө бул жерде эмне болгонун аздан эстей баштадым. Бул чынарлар Хажи Якуб кварталына кире берište турчу. А тиги теке маңдайдагы бактын орду мурда ээн такыр болучу. Базар күндөрүндө мында төөлөр, аттар, эшектер туруучу, чок ортодо бир сасык көлчүк бар эле, чымын-чиркей көз ачыруучу эмес. Киши бир чыны чай ичкенден узак тура алуучу эмес.

Мен шаарды көрүүгө жөнөдүм, адашып кетем деп да корккон жокмун, анткени — чынарлар көрүнүп турган. Бир аздан кийин шаарда миң-миңдеген шамдар күйдү. Убакыт улам кеч болгон сайын, шаар уламдан-улам жарык боло берди, жүз миң пуд алтынды майдалап туруп, шаарга чачып жибергенсип, шаар кандайдыр алтын сыяктуу жаркырап калды.

Эшегим да эсимен чыгып кетти, мен жүрө бердим да, керемет шаарга суктана бердим, анын сулуулугунан эстен тандым. Көчөнүн эки жагы тең башынан аягына чейин жыгачтардын бутактары менен жабылып тургандыктан, мен жашыл чатырдын астында жүргөндөй болдум. Туш-туштун баарынан музыка ойноп, ыр ырдап турушат, алар ушунчалык катуу чыккандыктан, бир жерде жүз музыкант танбур, чанга, найда[1] чогуу ойноп, жүз хафиз ырдап жатабы деп ойлодум.

---

[1] Элдик музыкалык инструменттер.



Мына Сталинабад! Эски Дүйшөмбүнүн ээн какырлары кайда? Көрүстөн кайда?—Тар, балит көчөлөр кайда? Жапыз, сойлогон жылаан сыяктанып, ийри-буйру болуп турган дубалдар кана? Аларды мен эч жерден көрө албадым. Эски Дүйшөмбүдөгү жанагы үч чынардан башка эчтеке калбаптыр. Кээде ушунун баары түш болуп жүрбөсүн, деген ойго кетемин да, ойгонуудан коркомун. Анан да: «Чыны менен эле бул дүйнөдө ушундай шаарды куруп, ушундай сонун жашоого болобу?» деп ойлоном. А элдин көптүгүчү! Миңдеген кишилер, эркектер, бейиштеги перилердей сулуу аялдар... Мен шаардын көчөлөрүн көпкө дейре кыдырып жүрдүм. Башым айланып, эки көзүм жайнады. Бир оокумда чынарларды жоготуп, адашып калдым да, кайда барарымды билбей дал болдум.

Кишилерден Хажи Якуб кварталына же Назар-Афган кварталына кантип жетүү керек экенин сураш керек дегён ойго келдим. Эски Дүйшөмбүнүн кварталдары ошентип аталуучу. Өтүп бараткандардын экөөнөн сурадым. Алар токтоп, айраң-таң болуп калышты да, анан каткырып жиберишти. Бирөө: «Сталинабадда андай кварталдар жок» деди. Бирок, андай суроо менен жыйырма беш жылга артта калганымды өзүм да түшүндүм. Уялып кеттим да, Көкташ жолу тараптан шаарга кире бериштеги, пахта тазалоочу заводдун жанындагы чайханага кантип жетүү керек экенин сурадым. Кишилер мага жол көрсөтүп беришти. Мен барып, чайханага түнөп калдым.

Эртеси Ахад келди, мен аны тосуп алдым.

Менин аңгемем узак болуп кетти, кечирип коюңуздар, кымбаттуу меймандар. Кыскасын айтканда, Сталинабадда Ахадды биздин жетекчилер кабыл алып, белек беришти, Баатыр болуп кайткандыктан, аны коммунисттер менен комсомолецтер куттукташып, сый көрсөтүштү. Мен аны менен кошо жүрүп, кошо отурдум. Баатырдын атасы болгондуктан, мага да бир топ жакшы сөздөрдү айтышты, кудай аларга узак өмүр берсин. Анан: эл Баатырды көрсүн, а Баатыр кантип согушканын, кантип Баатыр болгонун айтып берсин, — дешип, Ахадга райондорду, Вахшты кыдыртып жүрүштү. Мен да уулум менен кошо жүрүп, түшүмдө да көрбөгөндөрдү көрдүм. Жашыл бактар менен жашыл талааларга бөлөнгөн Вахшты көрдүм — көрктүү жер экен! Бардык жерден мен

жаңы жарыкты, жаңы турмушту көрүп, жаңы ырларды уктум. Карып барып, жашарып кайттым, менин жүрөгүм шаң менен шаттыкка толду.

Ахад менен өзүбүздүн кыштакка келдим, туугануруктарыбыз менен жолдош-жоролор биздикине келип, Ахадды куттуктап, аны менен кошо мени да куттукташты. Коншулаш кыштактан менин эзелки досум Искандер — хафиз келди; ал Гуруглы тууралу ырдайт, абдан жакшы ырдайт, мен ар дайым кызыгып угамын. Мен ага: «О, Искандер! Менин кайда болгонумду билесиңби? Мен Чамбулда болдум!» дедим. Өзүңөр билесиңер го, Чамбул деген — жомоктогу бир кереметтүү өлкө, аны Гуруглы курган экен — жомокто ушундай айтылат, Искандер да ошол жөнүндө ырдайт. Искандер менин сөзүмө айраңтаң болду, бирок мен ага: «Сен ырдаган Чамбулда эмес, кымбаттуу досум, өзүбүздүн тажиктердин советтик Чамбулунда болдум! Ал сенин ырыңдагы Чамбулдан алда канча жакшы экен. Ал Чамбул эски Дүйшөмбүнүн, эски Гиссардын, эски Вахштын ордуна пайда болуптур. Мен аны билген да эмесмин. Бүткүл биздин Тажикстан совет Чамбулу болуп калыптыр, а мен аны билбей жүрүптүрмүн. Эми сен, Искандер, ал жөнүндө, биздин совет Чамбулу жөнүндө ыр чыгаргын» — дедим. Ушундай, эгер мен жашыраак болсом, Вахшка барып турар элем.

Сангдаралыктардын көбү карыянын аңгемесин уккан. Ал тургай, Носирдин барган жерлерин да билген, анын айткандарын да өз көздөрү менен көргөндөрү бар болучу, ошондой болсо да, анын аңгемесин кайта-кайта угуудан качышпас эле. Сангинов бул карыяны эмне үчүн чакырткандыгы Юнусбайга түшүнүктүү болду.

— Кандай, Носир-баба жакшы сүйлөйт бекен? Кеңешин кабыл аласыңарбы?—деп Сангинов угуп отургандарга кайрылды. — Ким жазылат?

Эркек-аялдардын алтымышы жазылды.

— Камданууга жети күн беребиз, — деди райкомдун секретары. — Иштеп тапкан эмгек күндөрүңөр сакталып кала берет. Переселенцтер аванс алышат. Явангa чейин колхоз силерге эшектерин жана аттарын берет, андан ары жүк ташуучу машиналар менен барасыңар. Малыңарды атайын бөлүнгөн кишилер айдап барышат.

Чогулуш да аяктады. Күндүн калган бөлүгүн Ахмед-



жан менен Юнусбай көчүп баруучуларга переселенецтик китепчесин жана аванс берүү менен бүтүрүштү.

Эртеси алар башка кыштактарга жөнөп кетишти.

Бир жумадан кийин, районго чогулган переселенецтердин үй-бүлөлөрүн Вахшка, Сталин атындагы колхозго жөнөтүп жиберүү үчүн Юнусбай Явангa жалгыз келди.

Аңгыча колхоздо он төрт үй курулуп, ар бир үй үчүн огороддор кесилип коюлган. Бул үйлөргө үй-бүлөлүү переселенецтер киришти. Калгандары убактынча, жаңы үйлөр курулганча, турууга ылайыктатылып коюлган ар түрдүү имараттарга, кай бирлери — алачыктарга жайланышты.

Переселенецтердин көпчүлүгү Ахмеджан менен Нуралинин бригадаларына бөлүндү. Калгандары электр станциясынын курулушунда иштеп калышты.

Тоолуктарды ийгиликтүү көчүрүп келгендиги үчүн правление өзүнүн өкүлдөрүнө алкыш жарыялады да, бирден кой берүүгө токтом чыгарды.

Хожамастан тоолоруна кантип барышкандыгы жөнүндө Юнусбай менен Ахмеджан көпкө дейре ар кимиси ар кандай айтып жүрдү. Андай учурларда Ахмеджан:

— Эгер мен болбосом, Юнусбай бир да тоолукту алып келе албайт эле, — деп калуучу.

Юнусбай аны билгенде, ыза болду да, Ахмеджанды тилдеди, бирок Ахмеджан өз билгенин айта берди.

## *Кырк биринчи глава*

Хажиумар колхоздун кой фермасы турган Тавакчи тоосунан кайтып келатты.

Сегизинчи километрде тоо өзөнүнөн өтүш керек эле. Өзөндүн ортосунан аты, суу астындагы ташка мүдүрүлүп, жыгылып кетти. Хажиумар муздак сууга түшүп калды. Суунун шары аны бир нече метрге агызып кетти. Хажиумар жээкке чыкканда, үшүгөндөн тиштери калчылдады. Аңгыча аты, жээкке кожоюнунан мурда чыгып алып, бир топ жерге узап кетти. Хажиумар атынын артынан чуркады. Кийиминен аккан суусу жалгыз аяк таштуу жолго из болуп кала берди. Хажиумар атына жете берейин дегенде эле, — анысы арышын арбыта баштайт. Хажиумар алда нечен амалды колдонду: аттын көзүн кызыктуучу

21—2406

жембаштыкты кармап тургансып, эки колу менен чапанынын этегин көтөрүп алып: «По! По!» деп кыйкырып да көрдү. Кээде ат: токтосомбу же токтобой эле койсомбу?— деп деңдароо болгонсуп, кылчайып калат да, Хажиумар жуп жете берейин дегенде, кайрадан андан качып жөнөйт. Таалайга жараша, дөбөдөн бир салт атчан киши көрүндү. Ал аттын жолун тороп калды да, аны тизгинден кармап, жетип барган Хажиумара тапшырды.

Атчан киши коштошуп, өз жолуна түштү. А Хажиумар, аты качып кетпес үчүн, тизгинди буту менен жерге басып туруп, чечине баштады. Чапаны менен көйнөгүн чечип, суусун сыкты. Батып бараткан күндүн илеби начар болгондуктан, Хажиумар кийингенче чыйрыгып кетти. Ал суу көйнөгү менен чапанын кайрадан кийип, биринчи эле кезиккен кыштактан жылынып алармын деген үмүт менен, атына минип, жолго түштү.

Эки километрден кийин кырдан бир кыштак көрүндү. Ал өзү кичинекей, ончакты гана үйү бар кыштак эле. Хажиумар жардын кырында турган четки үйдүн жанына барып атын токтотту да, үйдүн кожоюнун чакырды. Элүү чамасындагы арыкчырай колхозчу чыкты.

— Сиздикинен кийимимди кургатып алууга руксат этиңиз. Атым сууга жыгылып кетти.

— Ой-бой, сиз башыңыздан аягыңызга чейин суусуз го! Тезирээк түшүңүз.

Бөлмөнүн чок ортосунда таштан жасалган очок турган, кожоюн очокко от жакты. Хажиумар ага өзүнүн кийимин кургата баштады. Кожоюн анын астына өзүнүн жупуну тамагын—жука токочтор тууралган жылуу быштакты берди. Кайрадан жолго чыгууга кеч болуп калгандыктан, Хажиумар түнөөгө калды.

Түн ортосунда Хажиумардын эти ысый баштады. Жээк сала баштаган таңдын шооласы бөлмөгө кирери менен, ал төшөктөн турду. Анткени, абышка бирөөнүн үйүндө ооруп калгандан корккон, анын үстүнө, жолдон оолуп калам го деп ойлогон. Кожоюндун жардамы менен атын токуп минди да, жолго түштү.

Эрте таң. Түндө жаап өткөн жамгырдан аба салкын тартып турат. Хажиумар оңоло албады. Башы айланып, көңүлү караңгылады, денеси ысып-күйүп, аркасы муздады. Ал белиндеги жоолуктардын бирин чечти да, аны менен башын катуу таңды.



Ушинтип, ал он километрче жол жүрдү. Бүт денеси талмоорсуп, буттарынын алсырап калганын сезди; анын кускусу келип, деми уламдан-улам кысталды. Кыштактардын бирине кирип, ал адеп эле кезиккен кишиден бир үйгө ээрчитип барууну сурады. Ал колхозчу Хажиумарды бир карап алды да:

— Мен сизди билемин. Хажиумар эмессизби?— деди.

Абышканын бети албырып, көзү кызарып кетти. Колхозчу менен анын аялы ооруп калган Хажиумарды эки жагынан жөлөп, бир чоң бөлмөгө киргизишти да, кроватка жаткызышты. Үйдүн кожоюну колхоздун председателин чакырды, ал дагы Хажиумарды тааный турган. Врачты чакырмак болушту, бирок Хажиумар врачты күткүсү келбей, тезирээк үйгө жеткирип коюуну сурады.

Хажиумарды грузовиктин кузовуна, жумшак төшөктөрдүн үстүнө жаткырышты. Аны колхоздун председатели узатып коймок болду. Машина Сарыкамышты карай жөнөдү. Хажиумардын атын үйдүн кожоюну минип бармак болду.

Эки чоочун киши өзүнүн күйөөсүн төшөккө салып, үйгө алып келатканын көргөндө, Шарофатхоланын эси оop кете жаздады. Хажиумар көздөрүн жумуп, эс-учун билбей жаткан.

Сангин талаага, Шодигүлдү чакырып келүүгө чуркап кетти.

Шодигүл келгенде, атасы киркиреп, кыйындык менен дем алып жаткан, өңү кара көк болуп кеткен. Ал эч кимди көрбөгөнсүйт. Атасынын эмне болгондугу жөнүндө жана аны үйгө төшөккө салып киргизишкендиги жөнүндө энесинин сөзүн толук укпай туруп эле, Шодигүл текчеге барып, мектеп дептеринен бир барак кагазды айрып алып, ага бирдеме деп жазып, катты Сангинге берди да, аны Таги-Чинорго, Верага жиберди.

Кырк минутадан кийин бала кайра келди. Медпункттан Вераны таба албай, ал катты Лобановага берип-тир, а Лобанова: сыркоолорду карап бүтөөрүм менен эле барамын, — дептир. Лобанова бир сааттан кийин келди. Хажиумар кабыргасынан сезгениптир, аны менен кошо безгеги да кармаптыр. Безгектен аны Лобанова мурда да далай дарылаган. Лобанова дароо медпунктка кайра чуркап, дары жана банкаларды алып келүүгө кетти.

Керээли кечке Шодигүл алда кандай бир тумандын арасында жүргөндөй болду. Хашим-Қорвон, Қаримов жана да бир топ кишилер келди. Лобанова банка коюп, дары берди. Бардыгы тең кандайдыр-бир көңүл улаган сөздөрдү айтып жатышты, бирок алардын эмне үчүн айтып жатышканын Шодигүл түшүнө албады. Қечинде Нурали Шодигүл менен анын энесине: силер чырм этип алгыла, сыркоонун жанына мен отурайын, керек болсо, дароо ойготоюн, — десе, алар болбой коюшту.

Түн ичинде Хажиумардын температурасы көтөрүлө баштады. Бир нече минутага Нурали менен жалгыз калган соң, ал Нуралиге:

— Юнусту чакырып койгулачы. Мен... тирүү калбаймын... Қоштошуу керек!— деп шыбырады (Юнусбай ушунун алдыңкы күнү бир нече күнгө Сталинабадга, жашылчалардын үрөндөрүн берип туруу үчүн «Сортсемовощ» конторасы менен келишимди жаңыртууга кеткен).

Нурали: сиз антип ойлоого тийиш эмессиз, сиз сөзсүз айыгасыз, бат эле айыгасыз,— деп, Хажиумарды тынчтандыра баштады. Бирок, Хажиумар бул сөздөрдү укпагансып, утур эле:

— Юнусту чакырып койгулачы,—дей берди.

Нурали правлениеге чуркап барды да, телефон аркылуу Юнусбайга, Сталинабадга: «Хажиумар ооруп калды, тезинен келиңиз»— деген телеграмманы берди.

Аңгыча Лобанова менен Вера да келди. Ашканадан Шодигүлдүн кулагына алардын айрым сөздөрү чалынып калды:

— Сезгеги прогрессировать этип баратат... Жүрөгү начар... Эгер убактысында жардам берилген болсо...»

Шодигүл бир гана «прогрессировать» деген сөздү түшүнгөн жок, бирок калгандарынын баарын түшүндү. Ал коркуп кетти. Жыгылып кетпес үчүн, керегеге жөлөнүп калды.

Эртең менен сыркоо бир аз тынчыгансып калды. Кирпик какпагандыктан, көзүн кызарткан бойдон Нурали жумушка кетти. Лобанова менен Вера Шодигүлгө: эгер сыркоо өзүн начар сезе баштай турган болсо, тезинен бизге киши жибергин,—деп буйрушту.

Эки саат өттү; Хажиумар уктагансып, былк этпестен жата берди. Шодигүл анын төшөгүнүн түбүндө отурду, энеси башка бөлмөдө балдарга тамак берип жатты. Атасынын өңү сапсары эле.

Ал кыбырап, көздөрүн ачты.

Шодигүл аны көздөй эңкейип:

— Жакшы болуп калдыңызбы, атаке?—деп сурады.

— Жакшы,— деди ал үлдүрөгөн үн менен, анан, башын саал буруп, жалдыраган көзү менен кызына карады да:— Жаздыктан мага дагы койчу,—деди.

Шодигүл чоң текчеден жаздыкты алды. Хажиумар саал өйдө көтөрүлдү да, башы менен аркасын бийик коюлган жаздыктарга сүйөп, чалкалап отуруп алып, үргүлөгөнсүп кетти.

Атасынын жакшы болуп калгандыгы жөнүндөгү сүйүнүчтүү кабарды үйдөгүлөргө айтуу үчүн, Шодигүл табышын билгизбестен экинчи бөлмөгө чыгып кетти.

Бир нече минутадан кийин алар атасынын үстүнө киришти. Хажиумар көздөрүн чала ачкан бойдон сундуюп калган, бир колу көкүрөгүндө жатат. Шарофатхола күйөөсүнө чуркап барып, колу менен анын чекесин басып, колун кармалап көрдү. Анан анын көздөрүн жаап койду.

— Ата! Атаке!—деп Шодигүл бакырып жиберди да, «О, журт кармап калгыла, кайтарып бергиле!» деп кыйкырмакчы болгонсуду.

Балдар чыңырган бойдон тиги жерде бакырып жаткан энесин көздөй чуркашты. Ал чачын жулуп, тырмагы менен бетин тыта баштады.

Чыңырыкка коңшулары жүгүрүп келишти. Бир аздан кийин үй менен короого эл толуп кетти.

Керээли кечке Юнусбайды күтүп жатышты. Бирок ал келгени жок. Акыры сөөктү ансыз эле алып чыгышмак болду. Хажиумарды акыркы сапарга узатууга коңшулаш кыштактардын кишилери да келишти.

Табытты, улам бирин-бири алмаштырып, көп кишилер алып баратышты. Жалгыз гана Нурали алмашкан жок.

Көпчүлүк кыштактан чыга бергенде, арка жактан бир эркектин катуу бакырыгы угулду.

Колунда узун таягы бар жапалдаш бойлуу киши:

— Бир боорум! Бир боорум!— деп ыйлап келатыптыр. Ал Юнусбай экен.

Юнусбай кимдир бирөөнөн табыттын туткасын алып, ийнине койду да, тынбай боздоп баратты.

Мурадова өзүнүн жанына Зубайданы чакырып алды да:

— Камданыңыз, эртең сиз менен Пянжга барабыз,— деди.

Зубайда, колу менен түшкү ысык күндөн көздөрүн калкалап турду да, ага таң калгандай карады.

— Эмне үчүн мен барам?

— А эмне үчүн сиз барбайсыз?— деп жылмайды Мурадова.— Сизди правление чектеди, азыр мен ошондон келдим.

Район пахтанын түшүмдүүлүгү боюнча Пянждагы түштүк чек аралык райондордун бири менен мелдешип жаткан.

— Башка бирөөнү жиберсеңер жакшы болор эле. Мен экинчи сугатты баштап калдым. Көрдүңүзбү?— деп Зубайда суу жүрүп жаткан арыкты көрсөттү.

Калың кагаздан жасалган түтүктөр аркылуу суу, акырындан шылдырап, бороздорго агып жаткан (бул түтүктөрдү жасоо үчүн, колхозчулар семирткич салынуучу кагаз мешокторду пайдаланышкан болучу). Бийиктиги тизеге жеткен пахта кызуу гүлдөп жаткан. Анын жашыл жалбырактарынын арасынан жибектей үлпүлдөгөн саргыч гүлдөр кылтайып турган.

— Сугаттан кийин төртүнчү чабык, культивация башталат. Бүткүл жума бою колум бошобойт,—деди Зубайда.

— Менимче, сиздики туура. Эмне үчүн правление бул жөнүндө ойлободу экен?

— Билесизби? Шодигүлдү жибериш керек,—деди Зубайда.—Ал жок дегенде кайгысын бир аз унуткарып келсин... Анын үстүнө анын звеносунда үчүнчү чабык жаңыдан эле бүттү, төртүнчүсүн он чакты күндөн кийин баштайт, аңгыча ал Пянжга барып келүүгө үлгүрөт.

Зубайда Шодигүлдү жиберүү жөнүндөгү сунушун Хашим-Корвонго айтканда, ал бир аз ойлонуп калды:

— Менимче, макул болбойт го, «Азыр мен ушундай кайгым менен саякат жасап жүрө албайм» дейт го.

— Макул болот, раис. Мен аны көндүрөм.

Кечке жуук Зубайда «Ситораи Сурхка» барды.

Шодигүл менен энеси короодогу дүкүйгөн эски талдын түбүндөгү супада олтурушкан. Шарофатхола ичке тактайдын үстүнө үбөлүк менен камыр жайып жаткан, Шодигүл болсо, чарчылап кесилген камырдан манту түйүп отурган. Сангин менен Нихол ушул эле жерде агып жаткан арыктын ылайынан алып, андан алда кандай бир нерселерди жасап, супанын жанында отурушкан.

Зубайда арыкка колун жууп алып, Шодигүлдүн жанына келип отурду да, манту түйүшө баштады.

— Убагында келгенмин го. Мантуну мен абдан жакшы көрөмүн. Көбүрөөк жасасаңар, айланып кетейиндер! — деп Зубайда эне менен кыздын көңүлүн ачкысы келди.

Анан ал Шодигүлдү кучактады:

— Мен сага жакшы кабар менен келдим. Сен Мурадова менен Пянжга барасың. Ал милдеттенмелердин орундалышын текшерүү боюнча бригаданын жетекчиси болду.

Шодигүл бул кабарды көңүл кош гана тосуп алды, «барам» деп да, «барбайм» деп да айткан жок. Шарофатхола дароо каршы чыкты:

— Кой, садагаң кетейин! Шодигүл азыр эч жакка бара албайт!

Ушул учурда дарча ачылып кетти да, короого санитардык сумкасын көтөргөн Вера кирди. Чий калпагынын кең курбусу анын бетин бүт дээрлик жаап калган.

— Саламатсыздарбы?

— Шүгүр, жаным, отур,—деди Шарофатхола жароокердик менен.

Нурали өзүнүн кызына күйөөлөй баштагандан кийин, ал Верага да башкача карап калды. «Доктур-аялга» ишенбестиги эми такыр жок болду. Хажиумар ооруп жатканда, Веранын аны багышканын көргөн соң, Шарофатхола Веранны ого бетер жактырып калды.

Вера супанын четине келип отурду.

— Ох, ысык!— деп ал өзүнүн чолок жеңдүү ак кофтасынын жакасын чечип, калпагын алды да, аны менен желпине баштады.—Бул жер кандай жакшы, салкын! Буттарым ысып кетти,—деди да, тотуккан буттарынан чаң баскан туфлилерин чечти:—Арыкка жуусам болобу?

— Болбогондочу. Өзүң түшсөң да мейли,—деди Шодигүл.

— Жок, мен суугa үйдөн түшөм. — Вера ордунан туруп, боз юбкасынын этегин өйдө көтөрүп алып,

арыкка түштү да, өзүнүн тизесинен келгөн суудa туруп, бир буту менен экинчи бутун сүртүп, буттарын жууй баштады.

Дал ушул учурда дарчадан Мастура кирди; ал дасторконго оролгон кандайдыр-бир тегерек нерсени жамбашына такап алып көтөрүп келатат; кыязына караганда, анысы патнус болуш керек. Мастуранын артынан колуна Зебини көтөргөн Нурали көрүндү.

— Ой, эне!— деп Шодигүл Мастуранын маңдайына чуркап барып, андан дасторконду ала койду.

Мастура аны кучактап, чекеден өптү. Шодигүл Нуралиден кызды алды.

— Сенин биздикине келгениң жакшы болбодубу, Зебижан! Нихол сени сагынып калды,—деп Шодигүл кызды өптү да, жерге түшүрүп койду.

Мастура Шарофатхола менен учурашып, аялдардын салты боюнча анын ийнине ийнин тийгизди, а Вера менен кол кармашып учурашты; Сангин менен Нихолду чекеден өптү, анан жапжаны маасысынан кепичин чечти да (ысыкка карабастан, ал маасы кийип алган), супага чыгып, Шодигүл салган көрпөчөнүн үстүнө отурду.

Хажиумардын сөөгүн койгон күнү Мастура Шарофатхолага келип, аны менен кошо ыйлашкан, ошондон бери бул эки кемпир бир-бири менен ынаак болуп, бир-бирине катташа баштаган.

Мындай учурларда Мастура демейдеги көңүл улаган сөздөрдү айтуучу эмес. Мастура колуна иш алып, Шарофатхоланын жанында отуруучу да, анын Хажиумар жөнүндөгү, Хажиумардын акылдуулугу, сарамжалдуулугу жөнүндөгү аңгемелерин кейишкендик менен угуучу. Аны менен бирге отурганда, Шарофатхола жалгызсыроочу эмес, күйөөсү өлгөндөн кийин өзүн ээлеген күдүк коркунучту да сезүүчү эмес. Өзүнүн жанында бир кезде так ушундай күйүттү башынан өткөргөн, узак турмушту бирге өткөрүшкөн жакын адамдан айрылуунун кыйындыгын түшүнгөн аял отурганын билүүчү.

Зеби менен Нихол да бир-бири менен достошуп кетишти. Эгер алар бир-бири менен эки—үч күнү көрүшпөй калса, анда Нихол энесине же эжесине:

— Зебиге баргым келип жатат,— деп калуучу. А Зеби өзүнүн атасына же чоң энесине:

— Нихолго баралычы,— деп калар эле.



Нурали көрпөчөгө отуруудан баш тартып, супанын четинен орун алды.

— Айтчы, күйөөң кандай?—деп ал Верага кайрылды.

— Аны өзүңүздөн сураш керек,—деп жооп берди Вера, —мага караганда, аны силер көбүрөөк көрөсүңөр. Ал үйгө түнөөгө гана келет.

Просветов курулуштар менен алек эле. Ал өзүнүн уламдан-улам кеңейип бараткан чарбасын — электростанциясын, Жуйбор менен каналдардын үстүнөн өтүүчү көпүрөлөрдү, тоодон көчүп келгендер үчүн курулуп жаткан жаңы үйлөрдү кереэли-кечке араң кыдырып чыгуучу. Ал Сарыкамыштагы эң чолоосуз кишилердин бири болучу.

Шодигүл табакка пияздан, сабизден, помидордон жана баклажандан жасалган буркураган чыгы бар мантудан салып келди.

— Сиз, Баратов, Шодигүлдү Пянжга барууга көндүрүп бериңизчи,— деди Зубайда, ысык мантуну үйлөгүлөп.

Ашканадан кайрадан манту алып келүүгө барганы жаткан Шодигүл эми олтура кетти.

— Барыш керек, Гүл,—деп Нурали аны башка кишилердин көзүнчө биринчи жолу ушинтип атады. Шодигүл уялып кетти.

— Эгер сиз барсын дей турган болсоңуз, анда барыш керек,— деди Шарофатхола күтпөгөн жерден.— Баргын, кызым.

Шарофатхола үчүн Нурали азыр дүйнөдөгү эң акылдуу киши болучу жана анын айткандарынын баарына көнүүчү.

Шодигүл энесин кучактай калып, эки беттен өптү да, ашманканага чуркап кетти. Анан ал табакка мантудан дагы салып келди да, арага отурду. Пянжга баруу жөнүндөгү сөз кайрадан башталды.

Вера Шодигүлгө:

— Ал бригада менен кандай да болбосун баргын,—деди.— Далай кызык, жаңы нерселерди көрөсүң! Тилими алсаң, көргөнүңдүн баарын жазып алгын. Мен ар дайым ошондой кылам. Менде жыйырмадан ашык чөнтөк дептер жыйналды.

— Мен андай кыла албайм го, мен башка жактарга аз бардым жана эч качан жазып көргөн эмесмин,—деди Шодигүл.

— А сен жазып көр. Кийин аларды кайрадан окусаң, өзүңө да кызык болот. Сөзсүз жазгын, Веранықы туура,— деп Нурали арага кире калды.—Сөзсүз жазгын,—деп ал кайра кайталды.— Биз сенден көргөнүңдүн бардыгы жөнүндө толук баян кылууну талап кылабыз. Жалаң пахта эмес, бардыгы жөнүндө. Андыктан фронтто айтылгандай, эки көзүң менен тең кара,— деп Нурали сөзүн жайдары гана аяктады, бирок өзүнүн көңүлү анчалык шат эмес болучу. Анткени, алар эң кеминде он күнгө ажырашууга тийиш эле. Андан кийин окуу башталат...

Эртеси Шодигүл жөнөп кетти.

## *Кырк үчүнчү глава*

11-инчи и ю л ь.

Биз Вахшты бойлоп, машина менен көпкө дейре жүрүп олтурдук. Биринчи машинада — Мурадова, «Тажикстан Сурх» колхозунун председатели Кумри Шарипова, областтык газетанын кызматкери Азизова жана мен, экинчи машинада — эркектер: райкомдон Низамов, «Коммунизм» колхозунун председатели Аманов жана «Октябрь» колхозунун бригадири Курбан-Ата.

Азизова Вахшты көз айырбай карап, утур эле:

— Кандай суу! Кандай сонун суу!— деп баратты.

Ырас эле, ал абдан сулуу, катуу аккан өзөн экен, кай бир жерлерде тарам-тарам болуп кетип, кайра кошулат экен.

Анын жашыл аралчалары бар экен, аларда камыш жана күмүш түстүү жийде өсүп турат.

Азизова ыр окуп берди, ал тажикче, өзбекче жана орусча ырларды көп билет экен. Ал билимдүү кыз экен, мен дагы ошондой болгум келер эле.

Азизова менден:

— Вахш жөнүндө ыр билесиңби?—деп сурады.

— Мен «Вахштын көпүрөсүн» окуп бердим.

Ошондо ал:

— Бул натуура ыр, биздин сүйүктүү өзөнүбүздү кемсинткен ыр,—деди.

— Андай болсо, эмне үчүн окуу китебине басып чыгарышат,— деп сурадым.



— Жаңылыш басылган,—деп жооп берди.

Мен бул ырды өз ичимден дагы бир сыйра окуп чыктым да, Азизованын айтканы туура экенин түшүндүм. Вахшты «жан кечти ууру», «каардуу сыйкырчы» деп кантип атоого болот? Бул жөнүндө мен эмне үчүн мурда ойлонбодум экен!

13-үнчү и ю л ь.

«Биринчи май» колхозунун пахтасынын өсүшү биздикинен сегиз—он күнгө кечигип калыптыр. Колхоздун председателинин сөзүнө караганда, буга «ооган» шамалы күнөлүү экен. Шамал үч күнү, үч түнү тынбай согуп, пахтаны «жегенелеп», жалбырактарын үзүп кетиптир да, пахта бүрүшүп, солуй түшүптүр.

Председателди сынамакка мен:

— «Ооган» силерде биринчи эле жолу соктубу?— деп сурадым.

Председатель менин суроомду түшүнбөй калды да:

— Анын жылыга согорун билбейсизби?— деди.

А мен:

— Аны билем, бирок ал ар жылы согуп тургандан кийин, эмне үчүн силер ага каршы эч кандай чара көрбөй жатканыңарды билбейм,—дедим.

Коңшулаш колхоздор өзүлөрүнүн участокторунун түштүк жана түштүк-чыгыш жээгине эки-үч төрт катардан тыт жыгачын тигишип, «оогандын» жолун тороп салышыптыр, ошондуктан ал каардуу шамал алардын пахтасына зыян келтире албаптыр, ал эми Биринчи майлыктар аны жасашкан эмес экен. Колхоздун председателинин тапкан шылтоосу менен эсептешпестен, биз аны сынга алдык. Ал уялып кетти, бардыгын тамашага шооткусу келип, Аму-Дарыяны көрсөттү да:

— Биздин коңшубуз жак—жаман жак, аяктан бизге же чегирткелер, же шпион-басмачылар, же «ооган» келип турат,— деди.

Ага Мурадова жооп берди.

— Чегиртке менен биздин илимпоздор күрөш жүргүзүп жатышат, эми биз андан коркпойбуз, шпион-басмачыларга каршы биздин баатыр чек арачылар күрөшүп жатышат; а силер «ооган» менен күрөшүүгө тийишсиңер. Совет кишиси бардык балакеттерди жеңе алат.

Мурадова жакшы жооп берди.

Курбан-Ата мындай деди:

— Тилекке каршы, биз социалисттик мелдештин келишимине «ооган» жөнүндөгү пунктту киргизбей калган экенбиз. Бирок, баары бир бул силерден жоопкерчиликти алып таштабайт. Мүмкүн болушунча пахтаны тезирээк «айыктырып» алгыла, бай болгурлар.

Биздин пахтанын устаттары Аманов, Шарипова жана Курбан-Ата пахтаны көбүрөөк азыктандырып, аз-аздан сугарууга кеңеш беришти.

Биринчи майлыктар бул кеңешти кабыл алышты да, быйыл «ооганга» каршы көчөт тигүүгө убада беришти.

15-инчи и ю л ь.

«Кызыл чек арачы» колхозунун пахтасы жакшы экен, гүлдөй баштаптыр.

Колхоз джут да эгет экен, траншеяларда апельсин менен лимондорду өстүрүшөт экен. Деги биздин Вахш өрөөнү кандай сонун жер! Анда бардыгы өсөт. Джуттан аркан эшилет, апельсин менен лимондор адамдын саламаттыгы үчүн абдан пайдалуу. Мындан мурда мен бул жемиштердин кандай өсөөрүн көргөн эмесмин. Аманов: келерки жылдан тартып мен да өз колхозумда ушуларды өстүрө баштайм,—дейт. Үйгө кайтсам, раис менен Нуралиге ушунун баарын айтамын. Бизге да апельсин менен лимондорду өстүрүш керек.

Колхоз менен Аму-Дарыянын арасы бир нече гана километр экен. Суунун кылда жээгинде биздин чек аралык застава бар экен. Биз колхозго келгенде, чек арачы командир колхоздун активисттерине лекция окуп жатыптыр.

Ал бизге:

— Сиздер бизге мейманга барууга тийишсиздер,— деди.

Биздин көзүбүзчө колхозго эки чек арачы келди. Алар өзүлөрүнүн жүк ташуучу машинасы менен колхоз үчүн минералдык жер семирткичтерди ташып келип беришти. Бизге: бул семирткичтер пароход менен ташылып келди,— деп айтышты.

Колхозчулар менен чек арачылар ынтымакта жашап, бир-бирине жардам берип турушат экен; мунусу бизге абдан жагып калды, бул жөнүндө биз көпкө сүйлөштүк.

Кечинде чек арачы командир машина менен бизге келди да:



— Чек арага келген соң, чек арачылардыкына барбай коюшуңар болбойт,— деди.

Биз тез камдандык. Бизди заставадагылар жакшы тосуп алышты. Начальник өзүн Шариповага аскерчесинен тааныштырды, анткени ал, Республиканын Жогорку Советинин депутаты эмеспи. Застава—өзүнчө бир кичинекей крепость. Чек арачылар анда таптаза гана казармаларда турушат. Күндүз тышта ысык, казармада салкын болот. Буларда саясий-агартуу иштери үчүн атайын бөлмөсү, китепканасы, ашканасы бар. Командирлер өзүлөрүнүн үй-бүлөлөрү менен өзүнчө үйлөрдө турушат. Бизди коноктошуп, жакшы кече жасап, кызыктуу аңгеме өткөрүштү. Командир бизге Түндүк, Ыраакы Чыгыш, Кавказ жөнүндө айтып берди. Ал ошол жерлерде аскер кызматын аткарыптыр да, аларды жакшы билет экен. Менин да ошол жерлерде болгум келди. Кезеги келгенде, мен Нуралиге: мага биздин ата мекенибиздин ошол жактарын көрсөтүп келгин — деп айтамын, бирок баарыдан мурда аны менен биздин кымбаттуу, сүйүктүү Москвага баргым келет.

Чек арачылар кыяк тартып, ыр ырдашты, командирлердин аялдары орусча бийлеп беришти. Өз өмүрүмдө мен чек арачылардыкында, айтор, аскер адамдардыкында биринчи жолу болуп олтурам. Булар кандай жакшы кишилер! Мен бул кечени көпкө чейин унутпайм.

Биз алтүндө алыскы Ленин атындагы колхозго барууга тийиш элек. Командир бизге:

— Биз силерди аякка катер менен алып барабыз,— деди.

Бизди Аму-Дарыяга ээрчитип барышты. Толгон ай дарыяга нурун төгүп туруптур. Ал өтө чоң өзөн экен, андай өзөндөрдү мен эч качан көргөн эмесмин. Бизге: өзөндүн аркы өйүзүнө чейин бир километр бар,— деп айтышты. Аякта өзөндү бойлото карарган тоолор созулуп жатат. Биз катерге отурдук. Аны эки жаш чек арачы—матрос айдап баратты, экөөнүн бири—орус, экинчиси—тажик. Жанга жагымдуу салкын жел согуп турду.

Бир оокумда карасак,—афган жээгине жетип калыптырбыз! Ал жапжакын эле турат. Көрсө, дарыянын эң терең жери сол жээк менен өтөт экен, ошондуктан катер да ошол жак менен жүрөт экен. Бизге өзүбүздүн жээктен көрүнгөн тоолор,—тоо эмес эле, калың жийделер болуп чык-

ты. Ушул жерден бир чоң арык башталып, Афганистанды карай кетиптир.

— Бул канал. Афгандыктар жакында казып бүтүрүштү,— деди командир.

Биз айраң-таң калдык. Ушу да каналбы? Плотинасы да, шлюзу да жок. Адеп суу киргенде эле, мунун баарын кыйратып кетпейби!

Анан да командир:

— Плотина куруу үчүн, техника керек. Афгандыктарда техникасы жок да, алар өзүлөрүнүн ушул каналын туура бир жыл казышты, ар күн сайын үч жүз—төрт жүз киши казып жатты, ал эми алардын каналынын узундугу араң эле үч километр,—деди.

Биздин Сарыкамыштагы каналыбыз Афган каналынан алда канча чоңдук кылат, бирок биз аны эки жарым гана айда кургалбыз. Бизде техника бар да!

Биз кандайдыр-бир жарым аралга жеттик; ал узун, кууш экен. Ушул жерден Вахш менен Пянж кошулуп, Аму-Дарыяга айланып кетет экен. Вахш ушул жарым аралдын түндүк жагынан, Пянж түштүк жагынан келип кошулушуптур.

— Мынакей, эзилген чыгыштын дарбазасынын алдында жанып турган Ильичтин шамдары!—деди командир:— Афгандыктар көп убактарда кеч курун өзүлөрүнүн кыштактарынан суунун жээгине келишип, ушул жарыктарды карап отурушат.

Биз жээкке чыктык. Анда, камыштардын ары жагында башка застава бар экен.

Заставанын командири:

— Бизге мейман болгула, эртең менен силерди колхозго жеткирип коёбуз,—деди.

Биз калып калдык. Бизди куурулган даамдуу балыктар менен сыйлашты, аларды Пянждан кармашыптыр.

Анан бизге эки бөлмө: эркектер үчүн бирди, аялдар үчүн бирди бөлүп беришти. Аялдар жатаары менен уйкуга киришти, а мен столго отурдум да ушул беттерди жазып койдум.

16-нчы **и ю л ь** (эртең менен).

Түшүмө Нихол кирди. Бул сапарда ал мени менен кошо жүргөн болот да: «Эже, жүр, үйгө кетели» дейт. Сада-



гаң болоюн, берекем, мени сагынып, эстеп жүргөн көрүнөсүң.

Түшүмдө мен жаркынымды көрүүгө тырыштым, бирок аны көрө албадым...

Азыр командирлер бизди жээкке ээрчитип барышат, анан биз турнабай менен аркы өйүздү карайбыз.

16-нчы **и ю л ь** (түн).

Биз Ленин атындагы колхоздун мейманканасында турабыз.

Кече биз турнабай менен башка өйүздү карадык. Аякта бир чөп туруптур. Андан афгандыктар бир токулган атты жетелеп чыгышты.

Бир афгандык төрт аяктап тура калды, экинчиси, погон тагынганы (начальниги окшойт), анын аркасына чыгып туруп, атына минди. Мен таң калгандан жакамды кармандым. Өз көзүм менен көрбөгөн болсом, ишенбейт элем. Мурадова мага мындай деди:

— Шодигүл, чоочун жээкти сен биринчи жолу караганда эле, феодализмдин бир четин көрдүң. Пянж — анчейин гана өзөн эмес, эки дүйнөнүн чек арасы. Муну эсиңе түйүп ал!

Ушул учурда биздин катарыбыздагы калың камыштардын арасынан улгайып калган бир колхозчу чыга калып, командирге чуркап келди да, ага бир үч бурчтуу тумарды берген соң—малды сугарууга айдап баратып камыштын арасынан таап алдым,— деди.

Анан дагы:

— Биздин колхозчулардын тумар тагынбай калганына көп болду. Муну бир чек араны бузган неме түшүргөн окшойт,— деди.

Командир биздин жаныбызга жардамчысын калтырды да, өзү заставага кетти. Бир нече минутадан кийин жанагы колхозчу чыккан жакка чек арачылар иттери менен чуркап кетишти.

Биз кайрадан заставага бардык. Саясий-агартуу иштеринин бөлмөсүндө болдук. Анда чек арачы баатырлардын портреттери илинип туруптур. Бирөө чек арадан өтмөкчү болуп, өзүнө кол салган он басмачыны жок кылыптыр; экинчиси бир шпионду кууп баратып, ок менен үч жолу жараланса да, аны кармап алыптыр, үчүнчүсү эки басмачыны кармап алыптыр, алар түн ичинде биздин чек

арадан өтүп келишиптир да, бизде өрт чыгарып колхоздун малын уукту руп өлтүрмөкчү болушуптур. Алар камыштын арасынан биздин чек арачыга канжар менен кол салышыптыр, бирок биздин чек арачы калтаарып калбастан, аларды өзүнүн мылтыгы менен бир коюп, сазга жыгып салыптыр.

Андан башка да биз өлгөн жолборсту көрдүк. Аны арабага салып келишти. Бул коркунучтуу айбанга бир чек арачы эртең менен камыштардын арасынан дуушар болуп, мылтыгындагы огунун баарын чыгарат, жолборс жыгылып кетет. Чек арачы ал жырткычты өлдү деп ойлойт, бирок ал жарадар гана болгон экен. Чек арачы аны көздөй эки кадам жасаганда, жырткыч ыргып тура калып, каарданган бойдон чек арачыны карай секирет. Анын мылтыгында бир да патрон калбайт, кайра дүрмөттөөгө чолосу тийбейт. Ал жээкке чуркап барып, боорго түшөт. Жолборс да боорго түшөт, бирок эр жүрөк чек арачы аны мылтыктын найзасы менен сайып калат.

Биз жанагы тумарын түшүрүп койгон чек араны бузуучуну кармашканын же кармай албай калышканын билсек болот эле, бирок убакыт жок болгондуктан, колхозго кеттик.

Колхоздон биз эң кызык нерселерди көрдүк, алар жөнүндө мен эртең жазамын.

17-нчи и ю л ь.

Бүгүн мен «Эркин эмгек» колхозунан атактуу теримчи Гавхар Назырова менен тааныштым. Ал менден эки жаш кичүү экен. Былтыркы сезондун ичинде ал ичке булалуу пахтадан он алты миң килограммды териптир, а мен он миң килограмм гана тердим. Ал мага: «Бул аз эмес, бирок быйылкы сезондо көбүрөөк терүүгө тийишсиз» деди. Быйыл биз жакшы түшүм өстүрөбүз, анан, буюрса, мен он беш миң килограмм терип аламын. Биздин колхоздо он беш миңчи стахановчу теримчилердин бригадасы уюштурулса, жакшы болор эле. Кайра барганда, мен бул жөнүндө комсомол комитети жана Нурали менен сүйлөшөмүн.

Мен Гавхардан: «Сиз пахтаны кантип тересиз?» деп сурадым. Ал мага: «Убактыны эсептеп, бир секунддун ичинде эки косектин пахтасын аламын» деди. Ушуну үйрөнүш керек.



Бул колхоздун ар бир бригадасында электри, окуу үйү, ашканасы жана эс алып, уктоо үчүн бөлүнгөн бөлмөсү бар чоң талаа стандары бар экен. Гавхар менен анын курбулары былтыркы сезондун аягына чейин талаа станында турушуптур да, үйгө келип-кетүүгө убактты коротушбаптыр, ошондуктан алар он экион беш миң килограммдан теришиптир. Биздин колхоздо да ушундай талаа стандарынын болушуна жетишүү керек.

Бул колхоздон бизге чоң жалбырактуу тыт жыгачтары жагып калды. Бизге: бул башка жактан алынып келген япон тыты, жибек курту үчүн эң жакшы тыт,—деп айтышты. Аны биздин жергиликтүү тытка да жалгаштырууга болот экен. Бул жөнүндө да раиске айтамын, ушул тыттын көчөттөрүн таап келсин.

Эми мен кече күнү Ленин атындагы колхоздон эмнелерди көргөнүбүздү жазайын. Пахтаны алар жакшы багышат экен, пахтасы биздикиндей экен. Бул—абдан бай, маданияттуу колхоз экен, мындай колхозду мен көрө элекмин. Булардын өз электростанциясы, алты фермасы: мүйүздүү малы (1500 баш), кой-эчкилери (8000 баш), жылкылары (370 баш), төөлөрү (21 баш), эшектери (45 баш), канаттуулары (1300 баш) бар экен. Бир нече жүз точкалуу радиотүйүнү бар. Радиотүйүндүн жасалгасы 13.800 гана сом турат экен, анчалык кымбат эмес. Биздин правление айтыш керек: күзүндө, бизде электр станциясы болгондо, радиотүйүндүн жасалгасын сатып алышсын. Бул колхоздо көп сандаган ар түрдүү машиналар электр кубатынын жардамы менен иштейт экен, алардын электр тегирмени бир сааттын ичинде төрт жүз килограмм эгинди тартат экен. Машиналардын бардыгы: соколор, сеялкалар, малалар, чеп чапкычтар атайын имараттарда абдан таза сакталып турат, ошондуктан бир да чаң көрө албайсын. Кайра кайтканда, ушунун баарын айтамын. Ырас, биздин колхоз да жакында ушундай болот, балким, андан да жакшы болор. Бирок ушуларды менин атам көрбөй калганына гана өкүнөм. Ал электричество жөнүндө жана электричество менен иштей турган ар түрдүү машиналар жөнүндө көп ойлор эле. Атаке сен эмне үчүн бизден кетип калдың? Сенсиз мен окууга кантип барам? Ушул колхозду көргөндө, мен окуп, машиналар боюнча бир адис, же агроном болууну эңсеп калдым.

Бүгүн мен кыялга батып кеттим го! Туура үч бет жазып жибериптирмин. Эртең кайра жөнөйбүз. Үйгө кетиш керек.

## *Кырк төртүнчү глава*

Эки терезе тең анырая ачылган. Көчөдөн көлмөлөр менен арыктардагы бакалардын кулактын кужурун ала чардаганы угулат, кезек-кезек терезенин жанынан, кычыр-кучур этип, шарактап, арабалар өтүп турат. Балбылдап күйгөн керосин лампасынын тегерегинде чиркейлер бызырайт, а лампанын так түбүндө отурган Рахим, оолагыраак барып отуруунун ордуна, колун утур сермеп, чиркейди айдамыш болот.

Шодигүл өзүнүн Пянжга баргандыгы жөнүндө сүйлөп турду. Анын алды жагында, столдун үстүндө чөнтөк дептерчеси жатты. Адегенде Шодигүл мукактанып, үнүн акырын чыгарып сүйлөдү: ушундай чогулушта, бардык бригадалардын алдында биринчи гана жолу сүйлөп турган. Бирок бир пастан кийин ал өзүндө ишенимдүүлүк пайда болгонун сезди да, үнү кайраттуу чыга баштады. Отургандар Шодигүлдүн сөзүн суроо менен да, сүрөө менен да бөлүшкөн жок.

Хашим-Корвон өзүнүн блокнотуна төмөнкүлөрдү жазды:

«Апельсин менен лимондорду өстүрүш керек».

«Талаа стандарынын ар биринде бир нече бөлмө болуш керек».

«Чоң жалбырактуу тыт жыгачтары. Таап келиш керек».

«Радиотүйүнүн орнотуш керек. 13.800 сом».

Шодигүл сөзүн бүттү. Кабинетте тынчтык өкүм сүрө баштады. Тыштагы бакалар мурдагыдан да катуу, кулак тундура чардагансып, арыктагы суунун чалпылдаганы угулуп калды. Алыстан эшектин чаңырганы угулду.

Шодигүл Нурали менен тиктеше түшкөндө, Нурали сөөмөйү менен колундагы газетаны көрсөттү да, өйдө көтөрүлүп, Шодигүлгө сунду. Анын четине көк карындаш менен: «Кулактандыруусун окугун» деп жазылган болучу. Шодигүл газетаны жайып, төртүнчү бетиндеги кулактандырууларды карай баштады.



Кимдир бирөө:

— Чоң талаа стандарын куруу — жакшы ой!— деп кыйкырды.

— Мен да ошондой ойлоймун — деди бригадир Мухамеднияз.

— Стан эмес эле, ак сарайлар турбайбы! Талаадагы ак сарайлар турбайбы!— деди Ахмеджан, какшыктагандай күлүп.

Жаңы талаа стандары — алдыдагы пахта терүү иштерине түздөн-түз тиешеси бар нерселер. Пахта жыйноо— эң оболу убакыт үчүн болгон кызуу күрөш. Талаа стандарында теримчилер түнөп калышар эле да, үйгө барууга убакытты коротушпайт болучу. Бригадирлер ушул стандарды кантип куруу керек экендиги жөнүндө талкуулаша баштады. Пахта терүү башталганча, аларды бүтүрө алышабы? Буга правление акча, материал берер бекен? Бул жумушчу колдорду бөлүндү кылып жүрбөсүн?

Аңгыча Шодигүл газетадагы кулактандырууларды баарын окуп бүттү. Курулуш трестине каменщиктер, жыгач усталары, шоферлер, техниктер керек экен. Бир мекеме машыккан машинистканы, экинчиси—жоголгон тегерек печатын издеп жатыптыр. Жаңы ресторан ачылыптыр. Сталинабаддын дем алуу жана маданият паркында жакында карнавал болот экен. Булардын Шодигүлгө кандай тиешеси бар? А! Мында айыл чарба институтуна кабыл алуу жөнүндө кулактандыруу бар турбайбы... Кабыл алуунун шарттары... Шодигүлгө газетаны берип жаткан-да, Нурали, албетте ушуну ойлогон да. Шодигүл Нуралиге түшүнгөндөй карады, а Нуралинин көздөрү: «Кандайсың? Окууга баруудан айныган жоксуңбу?» деп сурагансыды. Жок, Шодигүл айныган эмес. Бирок азыр ал окууга кетип кала алабы? Шодигүлдүн көз алдынан жибектей үлпүлдөгөн саргыч гүлдөр менен капталган пахтанын текши, калың, жашыл катарлары элестеп өттү. Бир аздан кийин ал коректин салмагынан ийиле баштайт.

— Пахта жыйноого камдангыла!— деп жатты Хашим-Корвон ушул учурда бригадирлерге.— Мүмкүн болгондордун баарын жасаш керек. Бизде эң сонун түшүм—миңдеген тонна ак алтын бышып жатпайбы!

«Пахта терүү башталаары менен эле, мага кетүүгө туура келет!»—деди Шодигүл өз оюнда:—«Үйдү эмне кылыш керек? Энем жалгыз, жаш балдары бар. Алар менин

кетип калышыма эч качан макул болушпайт... А Нуралачи? Мен кетсем, ал мында калабы?»

Председателдин суроосу анын оюнун тизмегин бузуп кетти:

— Ушунтип сен, Шодигүл, он беш миң килограмм пахта термекчи болуп жатасыңбы?

— Ооба, раис,—деди ал ишенимдүүлүк менен. Анан:— «жалгыз гүл—жаз эмес». Он беш миңчи термимчилерден кур дегенде отуз, кыркы болсун,—деп кошумчалады.

— Андай болсо, аларды чогултуп, үйрөткүн,— деди Хашим-Корвон.

— Оболу өзүм үйрөнүшүм керек. Өткөн жылы мен он миң гана килограмм тергем... Бирок—эчтеке эмес! Үйрөнөбүз. Гавхар Назырова биздей эле киши. Биздин пахта да алардыкынан кем эмес.

«Демек, Шодигүл окууга барбай калган го?»—деди Нурали өз оюнда. Анан, өзүнүн сүйүнө түшкөнүн абайлай калды. Бирок, ошол эле замат Шодигүл менен жазында, таксиде сүйлөшкөн сөзүн, Шодигүл менен убактынча ажырашууга туура келсе да, ага окууга барууга жардам берем—деп өзүнө-өзү убада кылганын эстей койду.

Председатель бригадирлерге:

— Рахимдики туура. Талаа стандарын кургула. Күчүнөр жетишет. Бирок материалды өзүңөр тапкыла. Акчадан да үмүт этпегиле, артык акча жок,— деди.

— Жакшы кеп!— деп Ахмеджан күлүп койду да, өйдө туруп, оозундагы наспайын терезеден алыс түкүрдү.—Кура бергиле, бирок менден эчтеке сурабагыла! Жок, Хашим, андай болбойт. Өз эсебимен талаа станын кургандай, менин атамдан калган акчам жок! Бул жерде сүрөткөнүнө караганда, талаа станы эмес эле, ак сарай куруш керек турбайбы!— деп Ахмеджан кытмырлана күлдү да, көзүнүн кыйыгы менен Шодигүлдү карап өттү.— Сен, —деп ал кайрадан председателге кайрылды:— адегенде бизге акча бергин да, анан талап кыл.

— Бизде акча жок, биз электр станциясын куруп жатабыз,— деди Хашим-Корвон үзүл-кесил.— Сенин бригадаңда жүз элүү киши бар, эгер ошолордун ар бирөө бирден тактай алып келсе — жүз элүү тактай болот. Баарыдан мурда «дит коюш керек»—деп Хашим-Корвон «дит коюш керек» деген сөздү бөтөнчө кыраат менен айтты да, Ахмеджанды акырая карап өттү. Анан үнүн бир аз басайтып:— Правление силерге айнек, бир аз фанера гана бере алат, андан башка нерсе бере албайт,—деди.

Аңгеме аяктап, кишилер үйлөрүнө кайта башташты.

Шодигүл председатель менен сүйлөшүп жаткан Нуралини күтүп турду.

— Окудуңбу?—деди Нурали, Шодигүлгө кайрылып.

— Эмнени, эмнени?—деп Хашим-Корвон да кызыга калды.

— Айыл чарба институтуна кабыл алуу жөнүндө кулактандырууну,—деп түшүндүрдү Нурали.

— Эмне?—деп Хашим-Корвон таң калды.—Демек муну дагыбы?

— «Муну дагыбы» дегениңиз кандай, раис?

— Бул тим эле вербовщик болуп кетти!—деди Хашим-Корвон.— Туура үчөөнү үндөп алды, эми сени, өзүнүн колуктусун көздөп калган турбайбы!

Шодигүл кызарып кетип, эч жооп айткан жок.

— Деги силер качан үйлөнөсүңөр?— деп Хашим-Корвон күлүп жиберди.— Качанкыга чейин силер Фархад менен Ширин болуп жүрөсүңөр?

— Шашпаңыз, Хашим-аке, бардыгы план боюнча барат,—деп Нурали уялыңкы күлдү.— Жүр, Шодигүл.

Кийинки күнү кечинде Нурали Шодигүлгө келди.

Шодигүл мамы менен талдын ортосуна тартылган кермеден кургаган кирлерди алып жаткан.

Нурали өтүктөрүнүн чаңын күбүп, арыктын кырынан жулуп алган бир тутам жашыл чөп менен арчыды, арыкка колун жууп, Шарофатхола берген сүлгү менен аарчыды да, супага барып отурду.

Шарофатхола үйгө кирди. Шодигүл бир топ кирди супанын четине коюп, кермени чечти да, Нуралинин жанына келди.

— Кандай, энең менен сүйлөштүңбү?— деп сурады Нурали.

— Сүйлөштүм. Бирок өз атымдан гана сүйлөштүм. Сени айткан жокмун.

— Энең каршы болуп жатабы?

Шодигүл башын ийкеди да, супанын четине отурду.

— А энең кайда? Айтып койчу, бай болгур, мага эч кандай тамактын кереги жок, азыр эле тамак ичип чыктым.

Бирок эми кеч болуп калган: Шарофатхола үйдөн дасторкон көтөрүп келаткан.

Көчөдөн Сангин менен Нихол чуркап кириштн. Кыз ыйлаган бойдон агасынын артынан жүгүрүп жүрөт, а тиги андан дыр берип калат. Шодигүл супадан түшүп, алардын жанына барды.

— Сангин, сен кайрадан мунун жангактарын тартып алдыңбы?

— Бул уттуруп жиберди!

— Уттурган жокмун, өзү алып койду. Бер! Бергин!— дей берди Нихол, агасынын көйнөгүнө жармашып.

Шодигүл кызды колуна алды.

— Бер азыр,— деди Шодигүл балага сурданып.—Карындашыңды ыйлатkандан уялбайсыңбы?

— Мен ыйлаткан жокмун,— деп Нуралини көзүнүн кыйыгы менен карап, Сангин актана баштады.— Мен: «Үйдөн берем дедим, а бул дароо эле ыйлай кетти. Ме!»— деп Сангин койнунан бир ууч жаңгакты алып чыкты да, Нихолго сунду.

Шодигүл кол жоолугу менен Нихолдун көзүн, мурдун аарчып, жерге түшүрдү да, балдарды үйгө алып кетти.

— Эне, бу Нурали да мага окууга барыш керек деп жатат,— деп Шодигүл кайра келгенден кийин сөз баштады.

Шарофатхола улутунуп койду да, Нуралини карады.

— Ырас, эне, Шодигүл окууга тийиш,— деди Нурали олуттуулук менен.— Сиз кам санабаңыз, сиз менен балдарыңыздын камын колхоз көрөт. Шодигүл экөөбүз да сизге жардам берип турабыз.

Шарофатхола ага жалдырап караган бойдон кала берди. Эми гана Нурали анын оюн биле койду да, үнсүз сурсосуна жооп берип:

— Мен да Сталинабадга окууга барам да... кийинчерээк, биз дагы анда... бирге болобуз,—деди.

Эне башын төмөн салды. Анын көздөрүнөн жаш иргилди.

— Шодигүлдүн окушуна менин эч кандай каршылыгым жок,— деди Шарофатхола,— бирок Шодигүл кетсе, мен жаш балдар менен жалгыз кантип калам? Эгер атасы тирүү болсо... Азыр менин жалгыз жөлөгүм—Шодигүл эмеспи...



Нурали анын көңүлүн жайкай баштады. Ырас, кызы менен ажырашуу ал үчүн кыйын экенин Нурали, албетте, түшүнөт. Бирок ал Шодигүлдүн келечеги жөнүндө ойлошу керек. Шодигүл агроном болот. Бул энеси үчүн кандай кубаныч болор эле!

Нуралинин сөздөрү Шарофатхоланын сезимине жеткени жок. Анда: Шодигүл кетсе, менин жанымда жакын киши жок болот,—деген гана бир ой бар эле. Бирок ал эми эч нерсени өзгөртүүгө мүмкүн эмес экенин да түшүнүп турган.

— Болуптур, жаным,— деди ал кызына.— Эгер сен кааласаң жана жакшы кишилер ошондой кенеш берип жатышса, мен эчтеме дебеймин. Барып, окугун.

— Ага дагы бир топ бар,— деди Шодигүл, энесин кучактап,— адегенде арыз жибериш керек. Андан кийин, эгер аяктагылар мени институтка кабыл алууга болот деп чечишсе, чакыруу жиберишет.

Бир нече күндөн кийин Шодигүл институтка өзүнүн документтерин жиберип ийди.

Ал эми августтун экинчи жарымында институттан чакыруу келди да, Шодигүл жөнөп кетти.

## *Кырк бешинчи глава*

Августтун жыйырманчы числолорунда, эртең менен Нурали баягы Явандан көчүп келген адамдарга пахтанын түптөрүн бир-биринен кантип ажыратуу керек экенин көрсөтүп жатты.

— Мына мындай кылыш керек... Көрдүңөрбү? Көсектердин көбүн мүмкүн болушунча сыртына чыгарыш керек, ошондо алар тез бышат да терүүгө да жеңил болот.

Ал колунун шамдагай кыймылы менен чырмалышып калган пахтаны бир-биринен ажыратып, жерге ийилген сабактарды бекемирээк бутакка же пахтанын сөңгөгүнө кыстарып жатты.

Ушинтип, эртең күндө теримчи өтүшү үчүн, катар аралыктардан жол ачылып турду.

— Түшүндүңбү эми, Гуреэ?—деп явандыктар өзүлөрүнүн жердештеринин бирин шылдыңга алышты. Бул баягы: деги вахштык колхозчулар талаадан үйлөрүнө барышабы,

— деп Сангдарадан сарсанаа болгон ыкшоо колхозчунун так өзү эле. Пахтанын сабактарын ажыратканда, Гурез аларды кандайдыр-бир кызык бурап, сыртына чыгып турган косектерди да ичине киргизип алып жаткан.

— Күн баары бир буларды табат,— дейт Гурез камырабастык менен, бирок бригадирдин түшүнүгүнөн кийин пахтаны ынтаасы менен ажырата баштады.

Эртен ачылган косектерди тандап терүү башталмак болду. Бирок, андай косектер али аз — бир түптө бирэкиден гана эле.

Он жактан самолёттордун күрүлдөгөнү угулду. Кишилер, команда берилгендей, какая калышып, ошол жакты карашты. Жуйбордун боюндагы калын дарактардын далдасынан «П-2» аттуу эки самолёт чыга калды. Алар абдан жапыз учуп келатышты. Жерден кабинада отурган булгаары шлёмчон учкучтар даана көрүндү. Алардын бирөө колхозчуларга кол булгады; колхозчулар да аларга жооп кайтарып, кол булгап, куттуктоолорду кыйкыра баштады. Самолёттор, участоктун чегине жеткенден кийин, кайра кайрылып, кайта учуп кетишти. Алардын бирөөнөн сары чаң себилди. Ал чаң, эки тилке болуп созулуп, коңшулаш Ахмеджандын бригадасынын пахта талааларынын үстүнө жайыла баштады.

Самолёттор пахтага порошок сээп жүрүшөт. Ошондон кийин пахтадан косекти күн нурунан калкалаган жалбырактары түшүп калат.

Мындай нерсени биринчи жолу көрүп отурган яван дыктар самолётторго суктанып карап турушту.

Кай бирлери толкунданып, кыйкырып жатышты:

— Пай! Пай!

— Карагылачы!

— Биздин аэропландар!

— Ур-ра!

— Булар биздин чакыруубуз боюнча учуп келишти,— деп түшүндүрдү Нурали.

Самолёттор учуп кетишти, сары чаң пахтага синип жок болду.

Талаанын четинен, бригаданын хирманынан Каримов көрүндү.

Нурали, пахтанын арасын утур ачып, Каримовду карай басты. Жолдон ал бир бутакты жашыл жалбыракталы жана ачылган косектери менен үзүп алды.



Хирманда бир топ колхозчу кетмен, кол күрөктөрү менен төрт бурчтуу кен аянтчанын четтерин тегиздеп жатышат. Андан ары Жуйбордун көпүрөсүн ондоп жаткан кишилер көрүнөт, эртенден тартып, анын үстүнөн пахта жүктөлгөн машиналар менен арабалар өтө баштайт.

— Саламатсыңбы! Сенин бригадаңдын иши кандай?— деп сурады Каримов.

— Пахта терүүгө даярданып жатабыз.

Каримовду бир колу менен аркадан кучактап, Нурали аны хирмандын четине алып барды.

Алардын алдында сөңгөктөрү күрөң тартып калган, али көк же ачыла баштаган ондогон косектердин салмагынан бутактары ийилген пахталар буралып турат.

— Кандай түшүм өстүргөнүбүздү карачы, Ариф. Мына, биздин эмгегибиздин жемиштери! Жакында эле сен экөөбүз ушул жерде көкбөрү тартыштык эле го?

— Бирок, көкбөрүнү сен тартkансын, а мен сени айнытууга гана аракет кылганмын,—деди Каримов күлүп.

— Ырас, ошондо мен токтоно албай кетпедимби... Бирок ал иш жакында эле, жарым гана жыл мурда болду эле го. Бул жерде куурай, уйгак өсчү эмес беле. А эми биз бул жерден тонналаган, жүз тонналаган пахтаны жыйнаганы отурабыз.

— Сыймыктанууга акың бар,— деди Каримов.— Сен буга далай эмгек синирдиң.

— Баарыбыз тең эмгек кылдык, сен да, Ариф, көп эмгек синирдиң. Ырас, сыймыктанууга акыбыз бар, анын туура. Сени менен мендей жөнөкөй совет адамынын сыймыгы мына ушунда эмеспи? Менимче, так ошондуктан ал: «Бул каналды, бул дворецти, бул заводду мен да курушкам, бул какырды айдоого айлантууда мен да катышкам, мында менин эмгегим да бар! Мен да коммунизмди куруп жатам!» деп айтууга акысы бар.

Каримов азыр Азамдын бригадасына барганы жаткан, анда бүгүн массалык түрдө пахта терүү башталмак. Каримов аякка Нуралини да чакырды.

Жуйбордун он өйүзүнө өткөндөн кийин, алар «Навободго» баруучу жалгыз аяк жолго түшүштү.

Орто жолдон аларды кандайдыр-бир аялдын үнү чакырды:

— Эй, жолдоштор!

Артына кылчайып, алар өзүлөрүнөн жүз кадамча жер-

ден кооз топу кийген, чачын башына ороп алган бир кызды көрүштү. Анын ийнинде тарткычтары салаңдаган көк алжапкыч илинип турган. Шодигүл экен. Ал жайдары күлүп, тез-тез басып келатты.

— Күткөн жок беленер?— деди ал айраң-таң болгон Нурали менен Каримовго.—Саламатсыңарбы?

Нурали аны көздөй умтулду.

— Гул, жан биргем!.. Эмне болду.

— Эчтеме деле болгон жок, мен пахта тереүүгө келдим. Азыр мен баарын айтып берем. Жүргүлө, мен ансыз деле кечигип калдым!

Кайрадан жолго түшүштү. Ири алдыда Шодигүл баратты. Ага жете жүрүү үчүн, Нурали менен Каримов арышын арбытышты. Сүйлөп баратып, Шодигүл утур эле аларга кылчайып жатты.

— Мени институтка алышты. Мен абдан жүрөк заада болгонмун:.. Эми жакшы кыздар менен жатаканада турамын. Окуу биринчи сентябрда башталат, а бирине чейин дагы он күн бар. Мен зериге баштадым. Колхоздо пахта терүү башталып жатса, мен бул жерде эмнеге олтурам?— деп ойлодум. Директорго бардым да, мени бир жумага үйгө коё бериңиз, пахта тергим келип жатат,— деп сурандым. Директор уруксат этпей койду, бирок мен эртеси ага кайра бардым да: «Эгер жибербесеңиз, мен куса болуп өлөмүн» дедим. Директор мага: «Мен сиздин барышыңызга каршы эмесмин, бирок сиз пахта терүүгө кызыгып кетип, окуунун башталышында келбей каласыз го деп коркомун» деди. Мен кечикпеймин деп айттым. Ал ойлонуп турду да, акырында уруксат берди.

— Келгениң жакшы болду, жаркыным.—Нурали аны колтуктап алды.

Алар Азамдын бригадасынын участогуна келишти. Жакынырак жерде пахта терип жүргөн Каромат сүйүнгөн бойдон Шодигүлгө чуркап келди да, кучактап калды. Калган теримчи эркек-аялдар турган орундарынан баш ийкешти.

Батыш жактан Таги Чинорго чейин, түштүк батыштан «Рохи Навга» чейин, түштүктөн «Ситораи Сурхка» чейин жана түндүктөн «Навободдун», өзүнө чейин бышып келе жаткан пахталардын ак чекиттери менен капталган кара көк талаа созулуп жатат. Алардын арасынан чабылган беденин жашыл, бирок саал ачыгыраак, тик бурчтуу тил-



келери көрүнөт. Шодигүл өзүнүн звеносу өстүргөн пахтага суктанып карап турду. Калың пахтанын арасына кирип, Шодигүл анын арасын ачты да, ачылган косектерди санады.

Эки түптөн ал пахтанын калдыгын тапты: косектеги пахта чала алынып, ак була калыптыр. Шодигүл кабагын чытыды.

— Каромат, бул жерден ким терди эле?

— Зулайха терген,—деди Каромат,—мен ага: «Косекте була калтырба» дегенмин, бирок ал менин сөзүмдү укпай койду.

— Өсүмдүктө бир грамм да калбасын деп, бардыгына айтыш керек!

Шодигүл, пахта терүүгө киришүү үчүн, көк алжапкычты кие баштады.

— Жүрү хирманга. Бригадирге көрүнүшүң керек да,— деди ага Нурали.

— Үлгүрөм,—күн узун,—деди Шодигүл иштиктүүлүк менен, алжапкычтын арткы боолорун байлаштырып жатып. Анан, кең жеңдерин чыканагына чейин түрүп, участоктун четине, пахтанын эки катарынын ортосуна барып турду да, Нурали менен Каримовго бурулуп, жайдарылык менен:

— Мага батаңарды бергиле, бүгүн мен жүз элүү килограмм термекчимин!— деди.

Ушинтти да, биринчи эки катардагы косектердин пахтасын эки колу менен шыпылдатып тере баштады.

Августтун аптаптуу күндөрү. Миллиондогон косектердин ачылышынан пахта талаалары уламдан-улам агарууда. Мындай түшүмдүү жыл мындан мурда эч качан болбогон сыяктанат. Зубайда менен Шодигүлдүн жогорку түшүмдүү участокторунда косектердин салмагынан өсүмдүктөр жерге ийилет. Өсүмдүктөр ошол оордуктан сынып калбас үчүн, эң түшүмдүү түптөргө кичинекей тирөөчтөрдү коюуга туура келди. Теримчилер бир жагынан кубанса, бир жагынан: ушундай сансыз түшүмдү коромжусуз бүт жыйнап ала алар бекенбиз?—жүрөк заада болушат.

Отузунчу август келип, Шодигүлдүн институтка жөнөп кетерине бир күн калды. Нурали менен Рахимге Шодигүл: мен телеграф аркылуу институттун директоруна мага бир айга отпуска берүүнү суранам,—деди.

— Ойлочу,—деди ал Нуралиге,—мен азыр кантип ке-

те алам? Мындай түшүмдү мен таштап кетүү үчүн өстүргөн эмесмин да. Бизде жумушчу колдор жетпей жатпайбы. Баары бир азыр менин башыма эч кандай окуу кирбейт.

— Болуптур, телеграмма бер,— деди Нурали.— Эгер сен бизде дагы бир аз турсаң, мен кубанычта гана болом.

Кечинде Шодигүл өзүнө келген Каромат менен бирге айыл чарба институтунун директоруна телеграмма жазууга отурушту. Жарты сааттай талашып жатып, акырында төмөнкүдөй текстти түзүштү:

«Биздин колхоз зпт менин звеном эң мол түшүм өстүрүштү тчк Терүүгө кол жетишпейт зпт терүүгө жардам көрсөтүп родинабыздын пайдасы үчүн иштеп берүүнү өзүмдүн милдетим деп эсептейм тчк Мага бир айга отпуск бериишиңизди көптөн-көп суранам зпт кийин окуудан кууп жетүүгө убадамды берем тчк Руксат берерсиз деп үмүт этем тчк Саламым менен Умарова».

Жоопту эки күнү күтүштү. Үчүнчү күнү почточу: дирекция Шодигүлгө отузунчу сентябрга чейин отпуск берет, —деген телеграмманы алып келди.

Шодигүл эми иштөө үчүн «белин бекемирээк буунду».

Сентябрдын экинчи жарымында айрым бригадаларда пахта терүү жагынан коркунучтуу абал пайда болду. «Карталарда» (колхоздо жер участоктору ушинтип аталуучу) пахта мөртөй-шөртөй эле: кай бир «карталарда» —тезирээк, башкаларында—жайыраак бышып жатты. Анын үстүнө, түшүмдүүлүгү ар кандай болучу. Кай бир участоктордон бригаданын мүчөлөрү пахтаны өз убактысында жыйнаган болсо, башкаларында — мол түшүмдүү участоктордо бригадалар пахта терүүнү кечиктирип жатты, ошондуктан пахта күбүлө баштады.

Дал ошондо Шодигүл «он беш миңчилердин» стахановдук тобун уюштурууга киришти.

Мында айтылып жаткан жылда Тажикстандын пахта талааларында «СХМ» дер—пахта терүүчү советтик жаңы машиналар колдонула элек болучу. Андай машиналардын ар бири жакшы даярдалган аянттардан бир күндүн ичинде сегиз-он тоннадан пахта терет. Бирок ал кезде колхоздордо жана совхоздордо бардык пахтаны кол менен терүүгө туура келүүчү.

Партиялык бюронун чечими боюнча, теримчилердин стахановдук тобу же бригадасы пахта терүү бүткөнчө бригадалардын карамагында эмес, правлениенин карамагында туруп, анын өзүнчө бир резерви болууга тийиш эле. Нурали аны тамашалап: «Башкы командованиенин резерви»—деп атады. Колхоздун правлениеси ал бригаданы өзүнүн ыктыяры боюнча «коркунучтуу участокторго» жиберип турууга тийиш эле.

Шодигүл кишилерди тандай баштады. Ал «он беш миңчилердин» тизмесин түздү да, правлениеге бекитүүгө берди.

Бригада ишке киришти.

Ал бир участоктон экинчи участокко барып, аларды бышкан пахтадан эбегейсиз ылдамдык менен тазалап турду. Ушундай иши үчүн Хашим-Корвон теримчилерди жароокердик менен «чегирткелерим» деп атоочу. Бул топто отуз алты киши жедеп машыккан теримчи келин-кыздар бар эле. Бригаданын отуз жетинчи мүчөсү Зубайда болду. Аны партиялык бюро он беш миңчилерге бекитип койду.

Зубайда бул партиялык тапшырманы жан-дили менен кабыл алды.

Акыркы убактарда Зубайда Шодигүлгө жакындай баштады. Бул Шодигүлдүн Нуралиге кымбат экендигиненби, же Шодигүлдүн өзү Зубайданы карай умтулуп жаткандыгынанбы,—айтуу кыйын. Балким, Зубайда өзү муну түшүндүрө да албас эле. Өзүнүн керт башынын турмушундагы ийгиликсиздиктер кай бир кишилерди кара мүртөз кылат, экинчилерин, тескерисинче, мурдагыдан да адамкерчиликтүү, боорукер кылат. Зубайда так ушул экинчи кишилерден болучу. Ал ар дайым кимдир бирөө жөнүндө кам көрүүнү энсээр эле. Ар бир аялда боло турган энелик сезимин Зубайда өзүнүн кенже курбуларына буруучу. Бир кезде Зубайданын андай курбусу Мунира эле, эми Мунираның жанына Шодигүл кошулду. Ал эми Мунирага Зубайда өзүнө бир аз салкыныраак болуп калгандай көрүнө баштады, бирок Рахим менен чатакташып жүрүп күн өткөргөн Мунира бул жөнүндө анчалык ойлоуучу эмес.

Зубайда адегенде эле бригаданын бардык мүчөлөрүнүн көңүлүнө жакты. Нурали тамашалап, Шодигүлдү — «командир», Зубайданы —«комиссар» деп атоочу.

Зубайда саясий аңгемелерди жүргүзүүчү; хирмандарда топтун мүчөлөрү менен таразачылардын ортосундагы чырчатакты жөнгө салуучу; теримчилердин мелдешин уюштуруучу; керек болгон учурларда врачты же фельдшерди

чакырып, ооруп калгандарды Таги Чинорго жөнөтүп туруучу; ар күн сайын «күжүрмөн баракчанын» чыгышына жетекчилик кылуучу. Шодигүл кишилерди жумушка бөлүштүрүп, пахтанын ар түрдүү сортторуна аралаштырып жибербестен, «таза теришине», тажрыйбасыз теримчилерди жакшылап үйрөтүшүнө көз салып туруучу.

### *Кырк алтынчы глава*

Шодигүлдүн отпускасы аяктап калды. Ал жыйырма тогузунчу сентябрда жөнөп кетүүгө тийиш эле, бирок кеткени жок. Ушул күндөрдө электр станциясы ачылганы жаткан. Кыштактарга, талаа стандарына жана Таги Чинорго зым өткөрүлүп, көчөлөргө, көпүрөгө, Жуйборго, бригадалардын хирмандарына лампочкалары бар мамылар орнотулуп коюлган.

Колхоздун турмушундагы ушундай маанилүү, чындыгында, тарыхый учурду күтпөй, кантип кетип калууга болот?

— Эртең «он беш минчилер» Нурали жетекчилик кылган тогузунчу бригададагы участокто иштөөгө тийиш болучу. Жаңыдан эле «карталардын» биринде пахта терүүнү бүтүргөн «он беш миңчилер», кужурашып, алжапкычтарын ийиндерине көтөрүп бүгүн кечинде үйрү-тобу менен тогузунчу бригаданын талаа станына келишти. Кай бир кыздар косектери булайып ачылган ак пахтанын бутактарын кулактарына кыстарып же жоолуктарынын бир жак четине кыпчытып алган эле.

Бир кабаттуу узун ак үй дем алуу үчүн эки бөлмөдөн, окуу залынан, ашканадан жана ашманканадан туруучу. Үйдүн террасасынын алдында, жерден чатырчага чейин тартылган жиптерде кызгылтчөк жана малакызыл чырмооктор гүлдөп турган. Анын кыйгачында талаалык балдар яслиси жайланышкан үй бар болучу. Жапыз камыш кашаа менен курчалган короонун ортосуна жазында эле төрт чарчы гүлзар жасалган. Анда алоолонгон кызыл баштары бар канналар шыңкыйып, ак жана мала-кызыл пиондор, флокстор, астрасалар, ар түрдүү баркыт гүлдөр жана күрөн жашыл жалбыздар гүлдөп турган.

Ушул эле короонун ичинде балаз менен жабылган үч чарпая, алардын ортосунда электр лампочкасы илинген



жаңы мамы бар эле. Короонун төркү бурчунда бойро менен эч жылчыксыз капталган душ бар болучу, душтун жанында жыгач стойкага орнотулган, толгон крандары бар узун темир умывальник турган. Кашаанын түптөрүндө жана үйлөрдүн тегерегинде катары менен тигилген жаш дарактар жашылданып турат. Талаа станынын түндүк жагынан, андан бир жарым километрче жерден, жыгачтардын арасынан электр станциясынын үйү көрүнөт. Короодо бир абышка лейка менен гүлдөрдү сугарып жүрөт. Балдар яслисинин жанында балдарына келген аялдар топтолуп турушат.

Шодигүлдүн бригадасынан бир топ кыз адегенде эле гүлдөрдү көздөй чуркашты. Ошондо күзөтчү — чокчо ак сакалы бар арык абышка:

— Эй, эчкилер, үзбөгүлө!—деп кыйкырды.

Бирок, Мунира жалбыздын бир кичинекей бутагын үзүп ала койду да, аны курбуларына сунуп:

— Жыттап көргүлөчү! Жыты кандай жакшы!—деди.

Кыздар, умывальникти тегеректеп алып, чыйылдашып, каткырышып, бир-бирине суу чачышып жатышты. Күзөтчү кейигендей башын чайкап:

— Ой-бой, эчкилер, бул кейпиңер менен силер баарыч бузасыңар!—дейт.

— Бул жерде кандай жакшы! Кыздар, мен ушул бригадага которулам!—деди Мунира.

— Сен төртүнчү бригада менен алтынчы бригададан ушул сөздү айткансың!—деп Шодигүл аны эликтеп өттү.

— Кандай, командир, уруш майданын көрдүңбү? —деди Нурали, Шодигүлдүн жанына басып келип.

— Ооба, Зубайда экөөбүз аны күндүз эле көргөнбүз,—деп жооп берди Шодигүл.

— Кандай экен?

— Жаман эмес, бир жарым «ууччан»,—деп Шодигүл жылмайып койду. Бул сөздү анын тобу жаңыдан чыгарган. «Ууч» дегени эки-үч косектен алынган пахта эле. Аны бир жолу алууга мүмкүн болуучу. Бир жарым «ууч» болсо—жакшы, демек, ар бир түптөн беш-алтыдан ачылган косек бар. Андай участоктон бир «он беш миңчи» бир күндүн ичинде эки жүз-эки жүз элүү килограмм пахта тере алат.

— Демек, эки жүз килограммдан экен го?—деп сурады Нурали.

— Эки жүз элүү килограммдан деп убада берүүгө болот,— деп жооп берди Шодигүл.

— Отуз жети теримчи эки жүз элүүдөн берсе, демек тогуз тоннадан ашык пахта болот экен! Жаман эмес!— деп Нурали кубанды.—Кана эмесе, Гүл, сөзүңдө тур. Институтту уят кылба. Эми өзүңдүн «чегирткелериңди» чакыр. Кечки тамак даяр.

Алыскы тоолордун аркасындагы асман жаныдан гана саргара баштаган, бирок «чегирткелер» узундугу элүү метр келген жазы пахта тилкесин эбак эле мойсоп салышкан, анткени, алар бул жерге таң заарынан келишкен.

Кыздар, жипке тизилгендей болуп, тегиз бир катарда баратышты; артта калгандар же алдыга кеткендер болгон жок, оң жактан биринчи болуп — Шодигүл, экинчи болуп Кароматт, үчүнчү болуп Мунира баратты... Зубайда ортосунда жүрдү.

Теримчилердин бири көк-жашыл талаага акырындап чөгүп кеткенде, экинчилери акырындап анын үстүнө калкып чыгат. Көк, сары, ак, жашыл жоолуктар бирде жоголуп, бирде кайра көрүнө калат. Кыздар бир эле мезгилде эки катардын пахтасын терип жатышты. Бул кыздарды карап турган кишиге алардын колдору бирде ажырап, бирде кайта биригип жаткандай көрүнөт. Теримчилердин кыймылы каалгыган жай бийге окшош эле. Алардын арт жагында он-он беш метр аралыкта, кичинекей-кичинекей күрткүлөр сыяктанып, пахтага толгон этектер калып жатты. Ташыгычтар этектердеги пахтаны бош каптарга салышып, кургатуу үчүн хирмандарга алып кетип турушту.

Каримов катар аралык менен баратты. Ал түнкү шүүдүрүмү али кургай элек калың өсүмдүктөрдү бир аз өйдө көтөрөт да: пахтасы чала алынган косектер калбасын?— деп аларды тыяк-быягынан карайт. Жок, эчтеке калган эмес. «Чегирткелер» таза иштеп жатышкан.

— Амансыңарбы! Күүлү болгула!— деп ал Шодигүл менен анын жанындагы Кароматко салам берди.

Шодигүл, ишин токтотпостон, бул саламга жооп кайтарды. Каримов анын иштешине унчукпастан карап турду. Анын ичке бармактары эки-үч косектин пахтасын бир эле алат. Колу шып этип, кандайдыр-бир байкалбаган кыймылды жасайт да, уучуна пахта толуп калат. Анын күнгө



тотуккан ийкемдүү колдору пахтаны сортуна карата—алжапкычтын бул же тиги чөнтөгүнө шыпылдатып сала коёт да, ошол замат башка косектерге созулат. Эгер Шодигүл бир түптүн пахтасын жогортодон ылдый карай терсе, экинчисиникин ылдыйтадан жогору карай терет, ушунтип, ал бир түптөн экинчилерине өтүүдө артык кыймыл жасабайт.

Теримчилердин машташкандай иштешине кызыгып, Каримов байкабастан алардын артынан ээрчип баратты. Ал ушул теримчилер менен коштошуп, башка участокко кетүү үчүн, өзүн-өзү зордоого мажбур болду.

Ушул талаага бир жоон топ аял келди. Алар тоолук аялдар—явандыктар эле. Алар Шодигүлгө: бригадир бизди сенин тобуңда пахта терүүгө жиберди,—дешти.

— Сол аттап тур,—деди Шодигүл өзүнүн коңшусу Кароматка.

Каромат да өзүнүн сол жагындагы коңшусу Мунирага «сол аттап тур» деди да, анын ордуна өттү, Мунира да өзүнүн коңшусуна ушул сөздөрдү кайталап, анын борозунан аттап, үчүнчүсүнө өттү. Бир пастан кийин «он беш миңчилердин» бригадасы талаанын туурасынан мурдагыдан эки эсе жерге созулуп кетти. Эки теримчинин ортосунда бирден бош сол калды, ага бирден үйрөнчүк түштү.

— Мендей жаса! Артта калба! Таза тер! Чала калтырба!— деп «он беш миңчилер» өз окуучуларын үйрөтүп жатышты да, кезек-кезек алардын иштерин текшерип турушту.

Талаада «ак алтындын» мол түшүмү жатты. Сталин атындагы колхоздун бир жарым миң кишиси — эркектери менен аялдары, уландар менен кыздары, айтор, пахта терүүгө жарактууларынын бардыгы — тоолордун аркасынан чыккан күндү пахта плантацияларынан тосуп алышты. Пахта талааларынын көк жашыл деңизи чыгышка да, түндүккө да, түштүккө да, батышка да — шоссеге чейин созулуп жатат. Анда жүздөгөн кызыл-тазыл жоолуктар жана топулар быжырайт. Пахтанын агарган дөбөлөрү уламдан-улам көбөйдү. Толтура-толтура каптарды көтөргөн пахта ташыгычтар хирманды карай чубап жатышты. Хирмандардын жанында арабалар менен машиналар быкылдады. Бирөөлөрү терилген пахтаны даярдоо пункттарын көздөй ташыса, экинчилери бош кайтып, жолдун чаңын уюлгутушту.

Бригаданын хирманында терилген пахтаны өлчөп жатышты.

Хирмандын четинде пахтага толгон каптар бир-биринин үстүнө үйүлүп турат. Таразалардын тегерегинде колхозчу эрекек-аялдар котолошуп жүрүшөт. Күүгүм кирип баратты. Нурали таразалардын жанында туруп, бүгүнкү күндүн жыйынтыктарын жарыялап жатты.

Ал «он миңчилерден» баштады.

— Зубайда — үч жүз килограмма, Қаромат — эки жүз токсон бир, Мунира — эки жүз сексен жети...

Эң акырында ал Шодигүлдүкүн айтты, аныкы үч жүз он эки килограмм экен.

Куттуктоолор, кол чабуулар чыкты. Шодигүл, колун көкүрөгүнө алып, өзү жана курбулары үчүн билинер-билинбес жүгүнүп койду да, уялган бойдон арткы катарларга барып жашынды. Қаримов анын жанына барып, колун кысты.

Қыздар Жуйбордогу көпүрөгө жеткенде, караңгы кирип калган.

Бир оокумда кимдир бирөө:

— Жарык! Жарык!—деп кыйкырды.

Электр станциясынын төбөсүндө электр шамы жаркырап, үстү жагында желбиреген кызыл желекке жарык берип турган. Бул электр станциясынын сынап иштеши эле. Анын салтанаттуу ачылышы эртең болмок.

Қыздар, бир-бирине ыгырылышып, караңгы көпүрөдө дал болгонсуп турушту.

Бир оокумда алар жаңыдан таштап келишкен хирман жарык болду; үйүлгөн каптар, кишилердин кыймылдаганы көрүндү. Анан көпүрөдө жарык күйдү. Қыздардын жүздөрү, жоолуктары жарк этe түштү. Көпүрөнүн үстүнө анын перилаларынын көлөкөсү түштү. Жуйбордун тилкеси күмүштөй жылтылдап, суу бирде караңгылыктан чыга калып, бирде кайта караңгылыкка житип жатты. Жээктен дарактардын караандары даана көрүндү.

Бара-бара «Ситораи Сурх» аркылуу Таги Чинорго баруучу жолдун боюндагы мамылардагы лампочкалар да күйө баштады. Алардын оттору улам алыстаган сайын бир-бирине жакындап, өзүнчө бир от теспесин түзүп калды.

Электр жарыгы кишилердин жүздөрүн гана нурлантпастан, жүрөктөрүнө да нур берди. Адамдарды кубаныч



—достук менен эмгектик ийгиликтин кубанычы, ушул талаалар менен өз үйлөрүнүн жаңы жарыкка бөлөнгөнүн көрүүнүн кубанычы, ушунун баары келечек жана азыркы турмуш үчүн өзүлөрүнүн эмгеги, өзүлөрүнүн эрки менен ишке ашырылгандыгын сезүүнүн кубанычы ээледи.

Көпүрөгө катуу кобурашып, талаадан кайтып келаткан колхозчулар менен колхозчу аялдар келе башташты. Алар токтоп, кыздарга кошулуп жатышты. Толгон эл чогулду. Ар кимиси жарыктын кантип күйгөнүн жана аны баары көрсө да, өзү кантип көргөнүн жан-алы калбай айтып жатты. Қыздар бир көңүлдүү ырды баштап, бийлегенге киришти. Алардын артынан дагы бир топ эркек кирди. Тегерек тартып тура калышты. Қарап тургандар бийге жараша алакандарын чапкылап турушту. Сарымсак колу жана ийни менен алда кандай бир кызык кыймылдарды жасап, баарынын көңүлүн өзүнө бурду.

Бул импровизацияланган концерт көпкө дейре созулду. Акырында, үйгө кетүү керек экенин эстешти.

Радиодон колхозчулардын сүйгөн «Офарин» деген ыры жаңырып жатты. Аны «Ситораи Сурхка» бараткан колхозчулар менен колхозчу аялдар да андан бөлөк чоң-кичине жолдор менен үйлөрүнө таркап бараткандар да ырдай башташты.

Ушинтип, алар жаңы жарык жандырылган кыштактарына ыр менен киришти.

...Электр станциясынын официалдык ачылышынан эки күндөн кийин Шарофатхола, балдар, Нурали, Мунира жана Қаромат болуп, Шодигүлдү шаарга узатышты.

### *Кырк жетинчи глава*

«Кымбаттуу Гүл!

Азыр эле райкомдон келсем, үйдө мени сенин катың күтүп туруптур! Акыры жазган экенсиң! Сенин мага кат жазбаганыңа бир жумадан ашып кетти! Эч күнөөсү жок кишини ушунчалык кыйнаганың уят эмеспи! Ал түгүл мен: жоголуп кеткен Гүлүмдү издегени барсам кантет?— деп ойлоп жатканмын.

Демек, менин катым сени бир аз тарынткан экен го? Билсең, жаным, ал кат менин өзүмө да жакпайт, эртеси мен ошол катты жибергениме өкүнүп калдым, сен

кийинки катты алгандырсың. Чынын айтсам, мага Сталинабад сенин жүрөгүңдү бүт ээлеп алып, мага орун калтырбай койгондой көрүндү. Анан сени узатканыбыз эсиме түштү: ошондо, автобустун жанынан сен мени менен бардыгы менен эле бирдей коштоштуң. Мен узатып чыккандардын эле бириндей болуп калдым (иши кылып, мен ушундай ойго кеттим). Ошондуктан мен, өзүң айткандай, ошол «нотаны» жибердим. Менин мүнөзүм — ошондой жаман мүнөз, андан көбүнчө өзүм жапа тартам. Кечирип кой, экинчи жолу андай кылбайм.

Сенден дал бүгүнкү күнү кабар алганым кандай жакшы! Ушул күн эсиңде барбы? Мындан туура бир жыл мурда так ушул күнү мен сени менен биринчи жолу жолугушканмын. Колуңда чемоданы бар, сайма топучан, уялчаак, элтендеген бир татынакай кыз араң-араң батынып: «Билесизби, Вахшка автобус жакында жөнөйбү?» деп сураган. Кээде бакыт адамга ушинтип өзү келип, суроо берет турбайбы! Сени билбеймин, Гүл, бирок мен өзүмдүн ушул күнүмдү ар бир жылы салтанат менен, «керней-сурнай» менен белгилейм. Ал окуя жакында гана болду эле го, бирок мен сени өмүр бою сүйүп жүргөн сыяктанам.

Бир катыңдан сен Сановбар маркум жөнүндө сурап тырсың. Жок, мен аны унуткан жокмун. Мен аны, жаштык кезимдеги жакшы курбум катарында, кызымдын энеси катарында ар дайым эсимде тутамын. Бирок менин ошондо сүйгөнүм да Шодигүл өңдөнүп көрүнөт.

Сени мен абдан сагындым, студенткам! Ал тургай, мен чыдай албай, Боровиковго бардым да: «Эми мени окууга жибергилечи, Петр Николаевич!» дедим. Боровиков мага кыйдылана карады да (ал менин эмне үчүн чыдай албай жатканымды билет): «Колхозду сен кантип орто жолдо калтырасың?» деди. Мен ыза болуп кеттим да: «Орто жолдо дегениңиз кандай? Биз ар бир гектардан кырк центнерден ашык бербедикпи, колхоз абдан оңолбодубу!» дедим. Ал мага: «Ойлонуп көр, ойлонгун да, кайра кел» деди. Ал ошондой. Кээде табышмактуу сүйлөгөндү жакшы көрөт.

Анан мен «ойлонууга» кириштим. Эсиңде бар чыгар, мен сага: рохинавдыктардын талаасындагы гозо-пая жыйнала элек жатат,—деп жазбадым беле. Көрсө, рохинавдыктар эмгек күнгө эмне акы ала турганын билишиптир (ал эми эмгек күндүн акысы мурунку «Рохи Навдагыдан» бир аз төмөнүрөк: каналга, электр станциясына, тоолук-



тарды көчүрүп келүүгө жана ушул сыяктууларга көп каражат кетпедиби). Анан алар: «Колхозду ирилештирүүдөн коншуларыбыз гана утту, а биз уттуруп жибердик» деп жатышыптыр. Эми дайыма ошондой болот имиш. (Билбестик! Эмдиги жылы эле эмгек күндүн акысы шексиз эки эсе көбөйөт!). Кыязы, мында ишти Ахмеджан бузуп жаткан көрүнөт: эми эмгек күндөн кыйкым тапмакчы болгон окшойт... Эмдигиче тирүү жүргөндүгү үчүн Ахмеджан мага рахмат айтышы керек. Сен Хашимди билесиң го, ал өзүнүн чоң муштумун түйүп, ошол «төрт көздүү куртту» жок кылам деп жүрөт. Бирок, бул тамаша болгону менен, алдыда катуу күрөш турат: ал кой сатуудан алда канча татаалыраак, жума күнү — жалпы чогулуш.

Биздеги окуялар ушундай, Гүл. Уруш жүрүп жатат. Мен жарым саатка гана «передовойдон» чыгып, ушул катты жаздым.

А менин жоругумду кара: ушундай убакта окууга барууга сураныптырмын. Бүгүн Боровиков мага: «Эмдиги жылы күзүндө сенин партиялык мектепке киришиң үчүн мен өзүм далалат кыламын. Бирок сен өзүңдүн ордуңа киши даярда, Зубайданы көздөгүн» деди.

Ушинтип, дагы бир жыл бар.

Мейли! Турмуш кандай десе, ошону менен болуш керек. Биз үчүн жол жабык эмес, бир аз гана узарып калды. А Гүл болсо, менден анчалык алыс эмес, анын үстүнө, ал кышкы каникулга келет... Ыраспы?

Айтчы, жаным, сен биздин райондук бир «акылдуу, маданияттуу студент» аркылуу кат берип жибермекчи болгон экенсиң, ал ким? Сен ал тууралу эки жолу айттың! Ал жигит, кааласа, үйүнө, Вахшка ар күнү келсин, бирок өзүнө почточунун милдетин албасын. Ага мен андай болууга кеңеш бербейм.

Билесиңби, бул жердеги кай бир жолдошторум тамашага шоотуп: «Өз колуктуңду кантип шаарга жибердиң?» дешет (а балким, алар өз көңүлүндө чындап айтып жатышкан чыгар). А мен аларга: «Эгер силер ойлогон балаага аялдын же колуктунун өзү каршы тура албаса, анда күйөөсү же жигити аны менен бирге турган күндө да, ал баладан кутула албайт» деп жооп бердим. Меники туурабы, Гүл?

Сенин энең, сиңдиң менен иниң аман-эсен турушат, мен кече эле силердикинде болдум. Алардан кам санаба.

Баса, Рахим менен Мунира, чырдашкандан жадап, эми ишти жылуу-жумшак бүтүрүшмөк болду. Мунира сага той боло турган күнүн жазып жиберет. Алар тойдо сенин сөзсүз болушунду каалашат.

Катты бүтүп, партбюрого чуркаганы жатам. Жекшемби күнү мени күтүп ал, мен сага сөзсүз барамын; барып, сага бардыгын айтып беремин.

Өзүндүн Нуралин».

1949—1951.

## МАЗМУНУ

*Бети*


Биринчи глава . . . 5
Экинчи глава . . . 11
Үчүнчү глава . . . 18
Төртүнчү глава . . . 24
Бешинчи глава . . . 31
Алтынчы глава . . . 40
Жетинчн глава . . . 49
Сегизинчи глава . . . 56
Тогузунчу глава . . . 63
Онунчу глава . . . 79
Он биринчи глава . . . 90
Он экинчи глава . . . 96
Он үчүнчү глава . . . 106
Он төртүнчү глава . . . 114
Он бешинчи глава . . . 118
Он алтынчы глава . . . 126
Он жетинчи глава . . . 130
Он сегизинчи глава . . . 135
Он тогузунчу глава . . . 138
Жыйырманчы глава . . . 142
Жыйырма биринчи глава . . . 152
Жыйырма экинчи глава . . . 163
Жыйырма үчүнчү глава . . . 173
Жыйырма төртүнчү глава . . . 188
Жыйырма бешинчи глава . . . 204
Жыйырма алтынчы глава . . . 215
Жыйырма жетинчи глава . . . 222
Жыйырма сегизинчи глава . . . 227
Жыйырма тогузунчу глава . . . 237
Отузунчу глава . . . 245
Отуз биринчн глава . . . 250
Отуз экинчи глава . . . 254
Отуз үчүнчү глава . . . 257
Отуз төртүнчү глава . . . 260
Отуз бешинчи глава . . . 267
Отуз алтынчы глава . . . 277
Отуз жетинчи глава . . . 282
Отуз сегизинчи глава . . . 291
Отуз тогузунчу глава . . . 298
Кыркынчы глава . . . 304
Кырк биринчи глава . . . 321
Кырк экинчи глава . . . 326
Кырк үчүнчү глава . . . 330
Кырк төртүнчү глава . . . 338
Кырк бешинчи глава . . . 343
Кырк алтынчы глава . . . 350
Кырк жетинчи глава . . . 355